Сакрг
О-74

ЖАПАРАЛИ
ОСМОНКУЛОВ



ТООЛОР ЧАКЫРЫГЫ

Формуляр книги

Скорг.	473647
О-74.	Осмонкулов Ж.
	Поэзия
	чокорпо 21с

ОЛБ Сакорр.
О-74

ЖАПАРАЛИ ОСМОНКУЛОВ

ТООЛОР ЧАКЫРЫГЫ

Роман

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 473647

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Бишкек - 2013

УДК 821.51
ББК 84 Ки7-4
О - 74

О - 74 Осмонкулов Жапарали
Тоолор чакырыгы Роман. – Б.: 2013. – 344 б.

ISBN 978-9967-457-18-8

"Тоолор чакырыгы" – жазуучу ЖАПАРАЛИ ОСМОНКУЛОВДУН биринчи романы. Романда 1941-1945–жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуш учуру, оорук, жеңиш жана 70–жылдардагы мезгил чагылдырылган.

Жазуучунун калемине таандык өзгөчөлүк – романдагы адам фактору катышкан ар кандай окуялардагы ички жана тышкы кагылыштарды жогорку нравалык жана терең философиялык ойго кандыргандыгында, көркөм деңгээлин кадимки турмушта болуп өткөндөй сүрөттөгөндүгүндө, эстетикалык табитинин бийиктигинде.

Китеп окурман журттун кеңири чөйрөсүнө багытталган.

О 4702300100-13

ISBN 978-9967-457-18-8

УДК 821.51
ББК 84 Ки7-4

© Осмонкулов Ж., 2013

БИРИНЧИ БӨЛҮК

I

Эзелтеден бери адыр-түз, капчыгай-төрдөгү, тоо-талаадагы бакшактын, чөп-чардын жалбырагын өзөртө сабап көнүп калган дейди шамал негедир бүгүн күчөнө албай кысталып, чүчкүрүп ийсе аркыраган добул башталчудай тунжураган жымжырттыкта, теребелди дем кыстыктырган кара көлөкө каптап келатты. Теңиримдин жараткан жарыгы көктө боюн жашыра албай шолоктоп, тээ кол жеткис мунарыктын кырында асылып тургандай сезилди да, анан анын алоолонгон нуру шаңкайган ак элечек тоолордун чокусуна от жагып, көз тайгылта берди.

Тоонун сыдырым жели беттен аймайт. Теребел салкындап, кулак-мурун кескендей жымжырт. Кылымдар бою доошу өчпөгөн күрпүлдөгөн тоо дайрасынын шоокуму бир шумдуктай күү чалат. Аркайган кыл чокулуу тоолордун өз ээсиндей сес берип, үстүнө чылк аң терисинен кийим кийген бүркүт кабак, өткүр көз, тоонун карандай суугу өңүн кубарта каарыган, бел курчоосунда узун канжары саландаган, кең далылуу, узун бойлуу адам бүт турпаты, өңү-түсү, заманына жараша кийинген кийими, жасаган мамилесине чейин өзгөчөлөнүп турган өзүнө түспөлдөш, сөөк-саактуу, чың денелүү иниси Сапарбай менен шыр коштошо албай ичи ойдолоп, кусага батып турду.

Кичинесинен жан бирге иниси Сапарбай жалынгандай телмирет. Тоо арасында канча жылдардан бери эли – жеринен безип жапайы өмүр кечип жүргөнүнө карабай, оожалып өз алдынча болуп калган иниси аны туу тутат. Абасынын таасири менен кадрдык аскер кесибин тандаган. Орто Азия аскер округундагы мотоаткычтар полкунун офицери, рота командири. Аскер наамы капитан. Көптөн бери көкүрөгүндө уюп жүргөн сырын тышка чыгарып тууганы менен коштошкону келип-

тир. Сырдана кептин төркүнү Ооган темасы. Анткени ошо учурда бөтөн эл, бөтөн жер болгон Ооган жергесинде интернационалдык милдет өтөө – өзгөчө сыймык, бөтөнчө эрдик көрүнгөн. Арийне, анысы да ар бир эле эр жигиттин шыбагасына түшө бербеген. Адамдын үшүн алган Ооган согушунан жарадар болуп кайтканы, ажал тооруганы, дайынсыз жоголгону канча?! Ошондо да "Мен барам, мени жөнөткүлө!" деп арыз жазгандар, эл оозуна алынып баатыр болгулары келгендер көп болду. Бирок баарын эле кыдырата ала беришкен эмес. Тандап алышкан, кылдап жөнөтүшкөн. Сыр алышып, сыр чечишкенге не жетсин! Атайын алыстан ат арытып агасы менен сүйлөшкөнү, кеп-кеңешин укканы келгени да чын. Ал агасы деп бул жерге биринчи жолу келген жок. Көп жолу келди. Келгенде да кудум майдан тилкесиндеги чалгынчыдай жайып, жылда бир жолу эл жүрбөгөн жолдор менен жалгыз келип жүрдү. Артынган куржунунда болгону – адамга керектүү туз-чай, ун-ширенке, дары-дармек, жылуу кийим-кечек, китеп-гезит, ок-дары. Ал агасын эч качан күнөөлөгөн эмес, ал коом алдында абийири таза адам экендигин жан дүйнөсү менен туюп келет. Ошондуктан андан кабар алып туруу кечирүүсүн өз доорунун катаал сыноосунун курмандыгы катары санын пенделик парзы бойдон калган, болгону ал агасынын бу турмуш жылды, бирок адам өткөн өз доорунун катаал элегинин туткунунда калды, коомдон тыш жашады. Коомдун өзгөргөнүн өз көзү менен көрүп, ошо жашоо менен жашап, даамын татып көрбөгөндөн кийин ага бир топ эле кыйын болорун билет. Ошон үчүн агасынын алдында ииниси боор толгоп, не десе да ыгына көнгүсү келип турду.

– Абаке, айланайын абаке, уксаңыз мени... Суранам, шагымды сындыра көрбөңүз. Бу көйгөйлүү турмушта дайыма коркуп, жалгыз жашоодон өткөн жаман нерсе жоктур. Азыр мурдагыдай кимдин ким экенин териштирген заман жок. Ар ким өз көйү менен алек, – деди терең ойго баткан ииниси колдорун кайчылаштыра. – Кантсе да биз акыры адамбыз го! Көпчүлүк түшүнөр, жанталпаска бир айла табылар... Мени менен жүрүңүз... айылга кеттик! Кана кеттикби, аба?!

Адамдын кулк-мүнөзү курчап турган айлана-чөйрөгө жараша өзгөрүп кетеби же жөнөле пенделик каадасын кылдыбы, айтор, мурда "Ооба, же жок",– деп шыр жооп бербечү абакеси, бүгүн тоодой токтоо. Үн катпады. Не демек?! Мына эмесе деп жөнөп берсе абат болобу? Анда өзүн да, өзгөнү да ондурбайт. Аны да тескей турган адам чыгат. Мыйзам катуу. Кеминде он жыл берээр. Ошондо күндүн көзү көрүнбөгөн ыраак аймактын аппак кар, көк музунда аюуга чээндеш болуп калабы? Андале өлгөнү. Балким, заман оошуп башкача түр алышы менен адамзаттын тунган зан-закүнү, көз карашы, коомдук жүзү шартка, чөйрөгө жараша

өзгөрүлө түшөр, жолунан адашкан бечараны тобокел деп кечирип жиберишээр. Жок, жоо-ок, кайдаа-ан?! Өлгөндө да кечирбейт. Мезгил катаал, талап күчтүү экенин, айтылган сөз аткан октой тез, өз мөөнөтүндө аткарыларын жүрөк кургур туюп турат. Ошон үчүн соо койбойт, тынч жаткырбайт. Элге бети кара тоо безери, журт качкыны кандай казанда кайнарын көкүрөгү менен сезет. Атаңгөрү эй, өкмөтүң "Мына, мен келдим!"– десе эле башынан сылап, колуна токоч кармата койбостур. Анан калса, эл алдында, журт алдында шерменде өлүмү менен өлүп, жашоо абийирин, эр намысын жеңил баа адамдарга тебелеткиси келбеди. Ошон үчүн өлбөстүн күнүн көрүп, өчпөстүн отун жакты. Жашоо үмүтү чыйралып көр тирлигин жөндөп кетти. Миң чокулуу күмүш тоолор анын башбаанек кылган, өмүр кечирген жайы болуп калды.

Тээ, баягы селт эткенде шекшиме, шырп эткен дабышка өпкө-жүрөгү дүкүлдөп, жалгыздык жанга батып, өлүм менен өмүрдүн челиндеги калкыма жылдары: "Айланайын акебайлар, жаздым-тайдым, жолунан адашкан байкушту кечире көргүлө!" – деп күнөөсүн моюнга алып келсе бир жөн. Эмдигиче пешенесине жазганын өтөп, эл ичинде жүрөр беле, ким билет? Жок, төбөдө кулагы уганак, көзү көрөнөк жараткандын өзү турганда жалган айткан жарабайт. Жараткан андайларды жактыра бербейт, жалган айтуу жарабаган жорук. Кудай үчүн айтып коюу парз, Мундуз бир сапар ошондой чечкиндүү кадамга барган. Ошондо алтын башы, куу тагдыры тобокел ишке кириптер болгону да чын. Бирок ошол тобокел аракетинен майнап чыкпай, мына-мына айыл көрүнөт деп турган чакта артка кайтууга аргасыз болгон. Ошондогу ишке ашпаган жоругу эске түшсө бети чымырап, тулку бою ысып кетет. Ал жорук ошо кездеги Мундуздун чалагайым иштелип чыккан айылга болгон моюнга алуу, адилеттикти издөө жүрүшү эле. Ошол айыл жүрүшү ишке ашканда бир жөнеле, бирок теңирден тескери кетип, ал жүрүшү максатына жетпей калбадыбы. Ошондон улам эми кеч болуп калды деп ойлойт. Аны кайдан түшүнсүн, чунак бала! Ага ынабай дүрт эткен оттой жалбырттайт, журт безерин бал тилге салып баш ийдиргиси, көндүргүсү келет. А жан бирге абакеси кайра кара түндөй мелтиреп, баланын кызуу сезимине ондуу жооп кайтарбай чапчаң кыймылдап, күчтүү мал азыгы болгон көдөө бурдап, бир аптача тыныгып калган бедөө аттын туйлаганына карабастан тизгинин кагып жоошутуп, басмайылын бек тартты. Жолго деп камдаган кийиктин этин салыштырып, куржунду жеңил гана ээрге таштап койду.

– Кана, иним, кудайым тилеген тилегиңди берсин! Көптүн бири болуп интернационалдык милдетиңди өтөгөнү Ооган жерине жөнөтүү боюнча рапорт жазыпсың. Эми ошол жерге сенин насибиң буюрабы же жокпу, ал башка иш. Иши кылып, кай жерде жүрбөгүн аман-эсен кызмат өтө. Анан бир кеп болор. Киндик кан тамган үйдүн жарыгы азып

-тозуп ырааkта элге-журтка кошулбай жүргөндөр үчүн гана ыйык эмес. Ал баарыбызга тең. Сапарбай иним, асти, сен ушуну эсиңден чыгара көрбө!

– Куп болот, эсимден чыгарбайм, Мекен үчүн баарына даярмын. – Экөө барабар какая калышты. – А бирок абаке, мени Ооган согушуна жөнөтөбү, жөнөтпөйбү азырынча мага белгисиз. Себеби канча ирет суранбадым баары бир "барасың, же барбайсың" деп айтпай, жообун сездуктуруп эле келатышат, – деди жигит чын пейилинен. – Ошондуктан жообун чыдамсыздык менен күтүп жатам.

– Күткөнүң жакшы, күтө бер. Мекен кайда жумшаса, ошол жакка барбаска айла жок, иним. Себеби мекен – биздин жан дүйнөбүз менен бирге бүткөн ыйык туубуз.

Жапайы күн кечирген тоо кишисинин муун-жүүнү бошоп, титиреп кетти. Терең ойго чөмүлгөн жаш жигит: "Эмгек өргүүм бүткөндөн кийин эмне болор экен? Иш ордунан жылар бекен, же дагы жоопсуз калабы?" деген тейде шылкыйып турган кезде, ичинен күңгүрөнгөн куданын пендеси ак батасын тилеп жая берген шадылуу колдору менен тоодон тоголоно кызарып батып бараткан күндү кармап турду.

– О, кудай, ак пейил жолоочуңа шыдыр жол, жыйнактуу өмүр бер, оомийин! – деп бата бергенде баятан тыбырчылап, жер чапчып турган жылкы ачуу кишенеп ийди. Абасы атты жетелеп келип, туура тартты. Камчыны астейдил ээрдин кашына илди.

– Жаныбарым, күндүн батып баратканын... – Тоо киши өз ою менен болуп, кызыкча күнкүлдөп алды. – Күндүн кызарып батышы жолго жакшы. Аттын үстүндө үргүлөп кетпе, башын бош кой. Караңгыда жолду өзү табат. Таң жарганда Апактын белинде болосуң. Ошол жерде өзүңдү да, атты да тыныктырып ал. Жолдон бирөө жарымы учурачу болсо эмне деп айтарыңды билесиң да,– деди көкүрөгүндөгү жат болуп калган сөздөрүн айтып.

– Абаке, бул жагынан кам санабаңыз, билем го, эмне деп айтарымды. Биринчи сапар келип жатыпмынбы? – деген жайдары жоопту укту агасы. – А көрөкчө, өзүңүз ден соолугуңузду жакшы асыраңыз, өзүңүзгө бек болуңуз. Азык-түлүк, отун-суу келерки көктөмгө чейин кеңири жетет. Четинен оюп жей бериңиз. Буюрса, биз эми сизден кийинки жылы күз алды кабар алабыз. Ага чейин сак-саламатта болуңуз, жөнү жок кайгыра бербеңиз. Биз сизди жалгыз калтырбайбыз, эч качан унутпайбыз, ушинтип болсо да кабар алып турабыз. Биздин үй-бүлө ар дайым сиздин өмүрүңүздүн узак, бакубат болушун каалайт, кудаадан да ушуну суранабыз. Абаке, эмесе, көрүшкөнчө жакшы калыңыз... – Иниси кучагын жайды.

Көзүнө жаш алган инисин абасы сыга кучактады.

– Сапарбай, ата-энеңе, менден ысык дубай салам. Менин силерден бөлөк эч кимим жок. Андыктан силердин өмүрүңөр узак, көңүлүңөр куунак, ар дайым сак-саламат болушуңарды кудаадан тилейм. Ата-энеңе мени кудая шүгүр жүрөт де.

Мундуздун каңырыгы түтөп кетти, бирок анысын тууганына билдирген жок. Кургаган оозун нымдап, көмөкөйүндөгү кургак шилекейди кыйнала жутуп, тамагын жасады. "Мындай учурда агалык милдетимди аткарып, жылуу сөз айтпасам болбостур. Канткен менен ал тойго суранган жок. Ооган жергесинде интернационалдык милдетин өтөп, согушканы баратат. Анын каалоосун Орто Азия аскер округунун башкы командачысы кабыл алабы, албайбы али табышмак. Анткени Ооган жергесине жөнөтүү, жөнөтпөө ошолордун буйругунан" деген кабатыр ойдон улам кебин улады.

– Сапаш иним, Ата журттун алдында аскердик өз милдетиңди ойдогудай өтө. Сен командирсиң. Андыктан сени жүздөгөн көздөр карап турат. Ошон үчүн аларга жакындан кам көрүп, өзүң биринчи үлгү көрсөт, командирлик жоопкерчилигиңди сезе бил, адилет бол! Кайда болбо, ким болбо, абийириңди таза сактоого далалаттан! Дайыма алсызды чүлүктөп алчу шайтан сезимдерге азгырылбай, ар дайым катарда бол, ар дайым адамдык касиетиңди баркта, андан ажыраба,– деди терең ойго чөмүлгөн абасы. – Мындай карасаң баары эле киши кейиптенет. Бирок бу жалган жашоонун оош-кыйыш тагдыры капыстан кежигеңден ныгыра басканда, ар ким эле адам бойдон калуу вазийпасын ойдогудай өтөй бербейт. Адам болуп туулдуңбу, демек акыр аягына чейин адам бойдон калуу парз. Бирөөгө эч качан жамандык ойлобо, жамандыкты алыстан издеп убара чекпе, ал дайыма сенин таман алдыңда. Анткени бир жолу куйтулукка, айбанчылыкка, алсыздыкка алдырган пенденин жүзү кайра оң жолго бурулуусу кыйын. Себеби адам кейпинен жаңылган неме, качан да болсо көнгөн ыплас кылыгын өмүрүнүн акырына чейин кыла берет. Анткени өткөн өмүр качкан куштай, канча үндөбө кайра артына кайрылып келбейт. Андыктан жашоо абийириң дайыма таза болсун, иним,– деди агалык насаат менен. – Анан элибизде ата баласы болбосоң болбо, эл баласы бол деген сөз бар. Ошо сыңарындай, эл уулу болууга тырыш! Мен сенден ушуну суранам!

– Мен сизге түшүндүм абаке, адам болуу – азыркы замандын көйгөйү. Сиздин басып өткөн өмүрүңүз бизге үлгү! – деп агасынын сөзүн иниси улай кетти, алыска серепчилей карап. – Караңызчы, тээ тескей беттеги топ карагайлардын алдындагы көк жайыкка, дарыянын аркы-берки өйүзүнө өзүңүз бир убакта отургузган карагай менен талдын, жапайы алма менен жаңгактын, карагат менен чычырканактын, кайың менен жылгындын көчөттөрү көк-жашыл тартып, бой ке-

рип калды. Сиздин ал мээнетиңизге таң калбай коюуга мүмкүн эмес. Сиз отургузган даректар тамыр алып, жер кыртышын бекемдеп жатканы кандай сонун. Бекер жатканча, бекер иштеп тапкан мээнетиңиздеди, мен табиятты сактоо, коргоо, байытуу эрдигине тете карайм. Көк жайыктагы көчөттөр адам колу менен жасалса да, сиз аны табияттан өнүп чыккан токой өңдүү каршы-терши жайгаштырган акылыңызга айраңмын. Демек, ар дайым адам бойдон калуу – адамдын коомдон алган ордуна, мансабына, карманган динине, көз карашына жана жашоосуна көз каранды эмес экен. Адам деген атты бийик тутуп, ким болбойлу, кайда жүрбөйлү кыйынчылыкка моюн сунбай өзүбүздүн гана эмес, адамзаттын жыргалчылыгы үчүн керемет жаратууга, жеризди асыроого, ага ак мээнетибизди жумшоого милдеттүү экенбиз. Эх! Адам деген атты алып жүрүү кандай сыймык! Шамал дүйнөнү кыдырып, күн айланып көргөндөй, адам дүйнөнү акыл-эси менен тааныйт тура! – деди Сапарбай көкүрөгүн керип.

– Кагылайын иним, сен туура баамдагандай, жер да акыл эстүү мамилеге муктаж. Жаралгандан тирүү жанды тоюндуруп, кийиндирип келип, неге сыртта калууга тийиш. Анын да бир күнү саан уйдай сүтү байыйт. Ошондо кантээр экенбиз?!

– Сиз айткандай, – оюн жыйнай албай колдорун жайды иниси, – адам деген пенде чен-өлчөмү жок табияттан ала берип аалам жайдак кала турган өңдөнүп калдык. Аны токтотууга адамзаттын күчү жетеби, абаке?

– Жетет, иним. Адам алкымын, ачкөздүгүн, кыйраткыч күчүн токтотуп, акыл калчап иш кылса, көп нерсеге дабаасы ошо. Пенде туулгандан алпурушуп жер тырмап, тирилик кылам деп жүрүп, бир күнү өзү ошо жерге азык болуп барарын билет бекен? Билбесе билип, көкүрөгүнө түйүп алсын. Алгандын бермеги бар, иним. Айырмасы биз турган турпатыбыз менен кетебиз, жер-эне калат. Анткени табигаттын дени таза, жашоосу бакубат болсо, адамзаттын дени-карды таза, жашоосу бакубат болот. Бу жашоодо экөө эне-баладай. Аны билбей көптөрү кор тутат. Кор тутканың энөнди, жеринди кор тутканың, сыйлаганың энөнди, жеринди сыйлаганың. Кам көрсөң жер-эне ийип берет. Андыктан жер-эненин касиетин сактоо, мээнетин актоо, келечегин тактоо сен экөөбүзгө окшогондордун милдети. Себеби табигат менен эриш-аркак жашоо алмуздактан берки келе жаткан адамзаттын ыйык парзы эмеспи, Сапаш.

– Айтканыңызда калет жок, сиз айткандай жыргал асманда асылып турбайт экен. Ал ыйык жерге байланыштуу тура. Андан тапкан мээнетибизге каныгып, насип буюрганын ичип, жегенибиз жакшы. Жер-эненин жакшылыгын эстен чыгарбай, аны көздүн карегиндей асырап, кудайыбыздай сыйлоо ар бирибиздин парзыбыз. Анткени

жер-эне бу дүйнөдө жалгыз. Башкасын тапканча качан?! Мен ушуну түшүндүм, абаке!

– Ырахмат иним! Жакшы түшүнүпсүң. Ким кандай экенин кудай өзү таразалайт. Ал кайсы кудай эле деп издебе! Табат элем деп убара чекпе! Ал сага керек учурда өзү келет. Түндүктөн түшөт. Себеби, ал дайыма сени менен, ал бардык жерде. Болгону бардык учурда жан дүйнөң ага көрүнүп тургандай болсун! Эми аттан. Күн да кечтеп баратат. Күндүн көзү барда ашуудан өтүп ал. Эмесе, жакшы бар, иним!

– Жакшы калыңыз, абаке! Эми сизден иним Урмат кабар алат. Жолун айтып берем, быйыл тогузунчу классты бүтүп жатпайбы, таап келет. Сиз андан камтама болбонуз.

– Ошент айланайын, кол үзө көрбөгүлө,– карыя кубарган жүзүн жалдыратып,– чү, жаныбарым!– деп атты соруга чапты. – Көрүшкөнчө иним... – Абакеси кол булгалады.

Күн нурунан көк тиреген тоо чокуларынын учу алоолонуп, кечки салкында керемет кооздукту жаратты. Көптөн бери тыныгып калган ат тизгинин коё бергенин туйганда ордунан атып кетти. Ага удаа эле үстүндөгү кожоюну демите үзөңгү какканда тоодон түшкөн ойноок жел менен жарышкандай желип жөнөдү. Аттын текирең-таскак жүрүшү ансыз деле аялуу кишинин үшүн алып, көзү жашылдана түштү. Мундуз иниси Сапарбай менен узакка коштошуп, кусага баткысы, адам деген немеге жытыгып, өтө эле көнө түшкүсү, дүйнөдөгү бирден-бир жакын адамы ай талаа, аска зоонун чеңгээлине жалгыз таштап баратканын сезгиси келбеди. Ортодо убакыт закымдап, көздөрүнөн мөлт-мөлт сызылган ысык жаш жаак ылдый тоголонду. Дайыма ушундай. Жанынан жакын адамы кетти дегиче, токтоно албай көзүнө жаш тегерене түшөт.

Ошондо каңырыгы түтөп, өпкө-жүрөгү лакылдаган мусапыр пенде, тээ көлөкөлүү бетте сызып бараткан атчандын соңунан буркурап -боздоп кууп жеткиси келди. Чунак бала тоо безеринин каада күткөнүн, кичине кыстоо жетишпей жатканын кайдан туйсун?! Бүгүнчө түнөп эртеңден аттанганда, балким, көңүл кургур жибий түшөт беле? Аттиң десең!.. Аны аңдабай албуут толкунду жиреген кеме сымал карагайлуу черде бирде көрүнүп, бирде көрүнбөй сызып бараткан чунагың түк эчтеме болбогондой, бу дүйнө менен иши жоктой шыр аттана жөнөбөдүбү. Мурда мынчалык болчу эмес. Ою алда кайда алып учту.

– Алдан кетип, күчтөн тайып баратамбы? Же ичээр суумдун бүткөнү ушубу? Балким, өз ырыскы насибимди жеп түгөтүп, жарыкчылык менен кош айтышар күнүм жакындап келаткандыр. А кокус, сөөгүм жер астына жашырылбай карга-кузгунга таланып, мага жаратканын жаназасы буюрбай калсачы? Ай, кудайым ай! Камылгамды каран күн түшкүчөктү даярдап койбогон мени шайтандын шапалагы урсун! Баарынан качып кутулууга болот, асти, ажалдан качып кутуу

ла албайсың да. Ээ, жараткан, сенден өтүнөрүм жаным жаннатта болуп, ак узасын десең кудайы момунунду ар кандай кырсыктан сакта. Уктуңбу?! Кудай ай, жүрүп-жүрүп үлүшүмө тийген жазыгым ушул беле? Бу куу тагдырда жакшылыкты ойлогондон башка не жазыгым бар? Оо-о, Сапарбай, ток-тоо-о!– деп тоо жаңырта кыйкырганын кайдан уксун.

Ошо тапта кыймылсыз турган Мундузду кандайдыр сыйкырдуу күч алга жетелеп жөнөгөнүн, ал шумпай бала кайдан сезсин да, кайдан билсин?! Же жубарымбек иниси, артына бир кылчайып койсочу?!

– Ой-ой, кайда баратам, эмне деп жибердим!

Кудаанын мусапыр пендеси капысынан чыккан өз үнүнөн, шырп алдырбай басып бараткан өз кадамынан селт чочуду. Бирок тезеле түзөлдү, ой калчады. Кайра жылдыз курттай жыйрылган тулку боюн токтото албай алдыга безип жөнөдү. Буту-бутуна тийбей чимирилди. Жыландай буралып өскөн арчадан өтө бергенде дүмүргө чалынып, оңкосунан сайылды. Күбүнө тура калган тоо берени белиндеги курун, карышкыр ичигин оң келди ыргытты. Бет маңдайдан урган суук шамалдын каарына карабай алка-шалка тер басты. Таманына чейин кызыган карыянын кийик чокою жерге жумшак тийип, ээсин алып учуп баратты. Көп узабай шаңкайган тоолордун кесепет түтөгү көтөрүп урганда таноосунан кан атып кетти. Мындай көрүнүш биринчи жолу болуп жатпагандан кийин анысына деле кайыл. Эптеп боору менен болсо да жылып, бул жерден кеткиси, абийири чыдабаса да тобокел ишке салып, эл алдында ак узагысы келди, тоо кишисинин. Илкип барып, кайра карыгат. Мүдүрүлүп барып, кайра оңолот. Бар кубатын үрөп, карыган төөдөй желип жөнөгөн пендесин кудай аябастан жер сүздүрө берди. Бирок өлөрман адам өжөрдөнө жер тырмалап, алыстап барат-кан атчандан кол үзгүсү келбеди. Алгач бети-баштан аймалап, анан өчөшкөндөй аркырап күчөп кеткен күздүн суук шамалы бирде унулдап, бирде зуңулдап өлгүдөй өжөрдөнгөн ынагын катуу мүңкүрөтүп, карыш жылдырбай матап таштады. Ошого карабай, алсыз көрүнгүсү келбеген тоо кишиси, ашууга жете барган бала кылчайып карай калабы деп, тоолуктарча тиккен суур тебетейин өөдө-ылдый булгалап, курулай аракеттин азабын чекти. Ошого тете чунак иниси кылчайып койсо не? Кылчайбады. Качан жытыга түшкөн адам пендеси ашуудан көчкөн көчкүдөй ылдый шумгуп кеткенде жалгыздыктан буулуккан көр пенде бөлтүрүгү өлгөн бөрүдөй улуп, жер сабаган калыбын жазбай, ушундай заманга туш келтирген күндү кудайдын каарына коюп, ушундай шордуу дүйнөдө жаралып калгандыгы үчүн өзүн-өзү жек көрүп жатты...

... Оо бир оокумда, тиши-тишине тийбей чыйрыктырган суук-тан колу-бутун ушалады. Жөнөле өлүп калгысы келбеди. Чыйралды,

башка келген коркунучтан өөдө турду. Үройдү учурган өлүм опсуз коркутканы менен жашоого кумары артылган үмүт оту, анын кайратын курчутту. Бир убакта ордунан турду да, жүрөгүн кыжалат кылган жаман ойлордон арылган пенде "Бул жерде эмне жатам. Үңкүр да болсо үйүм бар эмеспи. Кой, басайын",– деп, өзү бир убакта "Кан ордо" атаган жатак ордун көздөй илкип жөнөдү. Кечки үрүлдө үйлөгөн чаначтай тултуюп, шамал жалап-жуктаган тоо боорундагы жалама бетте буту араң шилтенет. Аргасы не байкуштун, чымындай жаны чыркырап көккө учуп кеткиче, кыймылдаганы кыймылдаган. Бир келгуроосу кагылганча жашаганы жашаган. Ошон үчүн дене бою калгеп жашоосуна кантип чыккынчылык кылат. Өмүрдүн акыркы коңчылдап, кыйналганына карабай жолду арбыта берди. Жетсе эле көпко жатып каларын жүрөк кургур сезип барат...

Чындап эле ошо күндүн эртеси жанында жандуудан жан бирге-си жок, жапайы тирилик өткөрген тоо качкыны, ойго келбеген жерден төшөккө жатып калды. Саресеп салса, бала болуп башына түк чыкканы төшөккө жатып калганы ушу экен. Көкүрөк санаасы Мундузду муунтуп, көз жашы көлдөп, маңдайынан муздак тер чыпылдап ооруп калганын, же жөн эле жатып калганын билбей кararган үңкүрдүн төбөсүн карап жата берди. Бу жазмыштын буйругуна акылы жетпей, ою тып турса да, оозуна нып нааp албай жатканына, мына бүгүн эки онго, санаасы санга бөлүндү. Ичи курулдап эртели-кеч өзөгү үзө таркүн болду.

Кез-кез оодарылган сайын үстүндөгү жамынчу төшөгү жылбышып отуруп жерге түшүп калган. Байкуш киши аны сезбеди. Аска -тоонун тынчын алып уйгу-туйгу көр жемелеген добул жерди астын -үстүн кылып, сөөк какшатып турганына карабастан, ага үңкүрдүн ичи ашкере ысып чыккандай туюлду. Кудаанын момуну ооруп калдыбы же жөнеле көгөрүп жатабы билип болбойт.

Ар качандан бир качан жүрөк мыжыгып санааркатып келген кусалыгы, адам затына болгон тартылуусу, жанга баткан жалгыздык турмуш акыры адамды басыгынан көтөрүп урганын аңдабаган шекилдүү. Болбосо жеңил ойго жеңилген байкуш мынчалык ооналактап жатпас. Канткен менен ага кыйын болду. Сырттагы чаң сапырган, кум учурган алай-дүлөй бороон менен ичтеги адамдын уйгу-туйгу сезими үн алышып, бири-биринен калышпай атаандаша жол талашып адыр -тоолорго, талаа-түзгө көчүп-конуп жүрдү. Күүгүмдөгү кусалык жан дүйнөсүн эзгилеп, тагдыр азабы мээнетке чырмаган, кара чүмбөттүү дагы бир жапайы кечти тоо кишиси жүрөгү канап өткөрдү. Бу да анын жадеп көнүп бүткөн адаттагы кусалуу, көп азаптуу көнүмүш кечтеринен эле...

* * *

Асман тиреген күмүш мөңгүлүү тоолордун улуу деми менен жапайы тирилик өткөргөн, бөтөн көздөн бөдөнөдөй бөк түшүп, жер менен жер, дарак менен дарак болуп жашынган, буту шамал сындуу зуулдап, ою күлүк аттай сызган, учу-кыйыры көз жетпеген аска-зоонун, жылга-жыбыттын жападан жалгыз пири өндүү сүр күткөн безери качкын кишинин аты – Мундуз болчу. Ооба Мундуз. Керек болсо кайберенди үйүрү менен камап, илбирсти куйруктап, аюуну кулактаган, карагайдын кылда учундагы тыйын чычканды жазбай шилтеген киши кийик, бир учурда бир айылдын түйшүгүн көтөргөн көкжал азамат эле. Азыр минтип адамдын же жапайылардын катарында эмес, эл душманы аталган качкынга айланып, коомдон тыш жерде турмуш кечирүүдө.

Ал айылдагы согуштан алты саны аман кайткан жетөөнүн бири болгон. Кайтканда да көкүрөгү толо орден-медалдар менен кайткан. Гвардиячы, 01158–аткычтар полкунун чалгындоо ротасынын командири, капитан Мундуз Элебесов согуш талаасында ажал менен жекеме-жеке тоорушкан мезгилде да калтаарып, эрки бошоп калбаган. Тескерисинче, согушка баргандан келгенге чейин үлгүлүү жоокер, мыкты командир, жолдуу чалгынчы катары майдандаштарынын арасында чоң кадыр-баркка ээ болуп жүргөн. Анын аткаруучулук сапатын, чалгынчылык алгырлыгын, жоокерлер менен болгон жолдоштук мамилесин, уюштуруучулук чарбачылдыгын, камкордугун полктун, дивизиянын командачылыгы жогору баалаган. Дивизиянын майдан гезити бүркүтүй алгыр, илбирстей шамдагай кыргыз жоокери тууралуу эки-үч курдай "Гвардиячы чалгынчы Мундуз Элебесовго тенелгиле" деген рубриканын алдында сүрөтү менен материал жарыялаган. Анын согуш майданындагы баатырлыгы кеңири баяндалган. Командачылык тараптан эки курдай агасына ыраазычылык кат жөнөтүлгөн.

Эми минтип болор ишти болтуруп, боёсун кандырган кудаанын буйругубу, же тагдырдын жазмышыбы, айтор, ат унаа менен бир жарым күндүк жолдо түккө арзыбай, адам буту баспаган тоо-ташты жапайы түнөк кылып, карангы үңкүрдө денеси от менен жалын болуп чабылактап жатат. Аны менен эч кимдин иши болбой, бирде аркыраган суук шамал боорго тепсе, бирде көкүрөк эзген кусалыгы ордунан тургуза койбой көңүлүн чөктүрүп, биротоло мүңкүрөтүп, жанын көзүнө көргөзүүдө.

* * *

Ошо Мундуз качкындын бороон-чапкындан, ачуу тийген күндүн ысыгынан калкаланып башпаанек кылган, жапайы тирилигин өткөргөн үч үңкүр-жатагы боло турган. Анын качкын өмүрү ошо үңкүрлөрдө өттү.

Биринчи үңкүрү, эртели-кеч кийиктер жайылып оттоочу беттин түндүк капшытындагы шамалдуу бетте. Саратан айында тоо этектеген өрөөндөгү чөптөр небак кууран, жыйылып кеткенде бул жердин ышкын, кымыздыгы жаңы гана боорун жерден алып, боткогун түйгөн маал болот. Үңкүр бадам, чычырканак, шилби, кийик от осчу беттеги туташкан жалама аскада. Капыстан токкон ношор ысып турган ташгарды чарт-чарт жарып, жаратылыштын каардуу окуму кылымдар бою жаан менен кошо эзип келген. Ошол себептенби, агарып корүнгөн ташдүн кире бериш жагына жатакчы-мергенчилердин текенин аркайган тар алыстан ажайып корүнөт, үңкүргө озгочо түс берип турат. Үңкүрмүйүзүн илип койгон жоругу жарашып да, жарашпай да тургансыйт. Бул үңкүрлөрдүн эң чону болгондуктанбы же таш короосунун кенендигиненби, бул жерде жайында чымындаган кийиктер көп жууначу. Алар бөтөн жандын жытын сезээр замат үңкүрдүн төрүндөгү коңул аркылуу жалама зоокага жабышып кутулун кетишчү. Тоо безеринин бир короо кийиктен тартып алган жатак орду коңулдун тобосүндөгү оңой менен байкалбас секичеде. Ал келип байырлагандан кийин кийиктер жайытын ооштурууга мажбур болушкан. Бирок бул жердин кышы аркырап суук болгондуктан, жаз, жай айларында гана турчу. Айылдан качып келген жылы ушул жерде аюуну олжологон, ушул жерде кыштап чыккан. Үңкүр үргүлжү ак ташгардан агарып корүнгөндуктонбу, же токой сырттаны аюуну олжолоп, улуу тоолордун ээси болдум деген ниеттен уламбы, иши кылып ак жолтой болду деп "Ак үй" атаган. Кээде өзү менен өзү сүйлөшүп калчуда: "Ак-Таш тоосундагы "Ак үйго" кеттим",– деп күңүрөнүп алганы өзүнө кызык туюлчу. Кээде тоо арасында пайда боло калган жатакчы-мергенчилердин жапайы жортуулу башталган учурда башка тарапка из жашырууга мажбур болчу. Чыныгы айтканда мергенчилер деле сейрек келчү. Себеби жол азабына карап, бул тарапка көп каттабаган болуу керек. Келип калса бийик тоолордун кичинекей чокусуна окшоп, алыстан көз салып турчу.

Ал эми тээтиги жаанын жебесиндей түз өскөн жапжашыл топ карагайдын таманындагы бодур таштын үстүнө чыгып алып, учу кыйыры жоктой созулган өрөөнгө, чокусу шиш тоолорго, ийри-буйру жылтыраган дарыя өзөнүнө, мунарык каптаган айыл тарапка канча ирет кусалыгы таркаганча көз чаптырып олтурду дейсиң. Ошо күнгөй-тескейди бириктирген жүрөкчөдөгү Кароол чоку – экинчи үңкүрү. Адам баткыдай бир гана тешиги бар, бирок ичи боз үйдүн ордундай кеңири.

Илгери бул жер жуп карышкырдын ийини болгон. Бир жерде эки тоо сырттаны уу кыла албоосу белгилүү нерсе. Ошондуктан бу тоолуу чөлкөмдүн бир гана кожоюну болууга тийиш эле. Ошондонбу, тагдыр өктөмү адам пендесине жол берип, абал көк жалын, кийин канчыгын окко тостуруп, терисин тескери сыйрыткан.

Мундуз бул жерде чанда гана конуп калбаса, кеч да болсо ылдый түшүп келчү. Боз мунарык чалган тээ алыстагы жылтыраган дарыянын ийри-буйру жээктерине, төөнүн өркөчүндөй дөбөлөнгөн мойнок-белестерге, андагы тоонун төрүнө алып келчү жалгыз аяк жолдорго кызарып батып бараткан күн нурунан көздөрүн алаканы менен тосо серепчилей карап алчу да: "Кароол чокудан" келдим. Бөтөн жан көрүнбөйт. Бейбир күндү жайына берди. Үңкүр да болсо үйүм бар, мен "Кан ордого" мараал тирилигинди өткөрө бер, кийик киши. Ушинтип, кудайым дагы жөнөдүм", – деп сүйлөнүп алчу да, негизги түнөк – үңкүрүн көздөй сызып жөнөчү.

Негизги үчүнчү үңкүр – жатагын чар тарабын карагай, арча каптаган саландаган асканын боорунан тапкан. Ал дагы кокусунан болбогон чыгар. Кудайым бергенге берет дегени чын шекилдүү. Бир сапар жарадар кийиктин изи менен акмалап олтуруп, аскадан сызылып чыккан дары булакка кез келген. Эмнеге эле аба ырайынын ар кайсы учурунда бул жерге аксак-тексек кайберендер көп түшөт десе, көрсө, сыркоологон байкуштар бодур таштын боорунан агып түшкөн карамтыл түстөгү мумиёдон жалап, дары булактан шимирип, сакайып кетишет тура. Алыстан бар жогу билинбеген үңкүрдүн ичи жылдын төрт мезгилинде кургак, кенен, анан калса шыбы да бийик. Абасы таза, жагымдуу. Үңкүрдүн байкалбаган себеби, жайкы ачуу тийген күндүн көзүн өткөрбөгөн тоо даректары курчап тургандыктан, көзүнө калдайып, туташ саланган аскадан башка эчтеме урунбайт.

Бу үңкүр – өзгөчө үңкүр. Ал чоң үч бөлүктөн турат. Үңкүр күнгөй бетте болгондуктан кеч күздөн баштап жааган кардын изин калтырбай, суук шамал заматта ызгытып, жерге-сууга тийгизбей жалап турат. Жаан тийбейт, ызгаар кирбейт. Ошон үчүн бул жердин жайы салкын, кышы жылуу. Кол менен жасап койгондой, биринен экинчисине өтүп кете турган өтмөгү бар. Үңкүрдүн кире беришинде жайы соолубаган, кышы тоңбогон тиш какшаткан тунук булак агат. Ушундай ыңгайлуулуктарын эске алып, жашоого кумарын арттырган Мундуз, бу жатагын "Кан ордо" атаган. Бул жер ага айрыкча жагат, кудайдын ушу үңкүргө түш келтиргенине мин мертебе шүгүрчүлүк кылат. Анткени үңкүр көп жылдардан бери анын өз үй, өлөң төшөгүнө айланган.

Арийне, ошо "Кан ордо" аталган жерге жетиштин өзү тозок. Коркус кырдагы көз жазгырган топ арчага азгырылып, абайлабай жалама аскадан куюлган эшилме кумду жаза басып алчу болсоң, сөөгүңдү кармага-кузгун таппай калат. Кайсы бир жылы карс сүзүшкөн эки текечердин бирөөсү капталы менен сүрүлүп барып, жалама зоокадан аласалып кеткен. Бу үңкүргө алып барчу алдама, сөзсүз кырсык тооручу жол. Ал жолду Мундуз мыкты өздөштүргөн. Андыктан андан он-он беш кадам өөдөрөктө асканы бойлой өскөн көк тиреген арча аркылуу бөкчөңдөп

жүрүп олтуруп, аскага такалган шиш урчукка чейин баруу керек. Урчуктан оңго бурулуп арчанын жайылган бутагын көтөрсөң адам баткыдай кууш өткөөлгө, өткөөлдөн жогору карай жүрсөң, биринчи чоң үңкүргө туш келесиң. Үңкүрдүн так төбөсүнөн сайылган күндүн нурунан кире бериште шыбына чейин тирелип, кыраатын келтире жыйылган кургак отунду, бурчта тоодой үйүлгөн таш көмүрдүн кесек-кесек бөлүктөрүн, бурч-бурчта бир тутамдан илинген кийик от чөбүн көрүүгө болот. Узун түндүү кыш чыгып, көктөм тартуулаган жаз келгенче алардан эчтеме калбай түгөнөт. Андан экинчи үңкүргө өтөт. Ал жерде да отундар додо жыйылган. Бир тоокко да жем керек, анын сыңарындай эрте күздөн, кийинки жазга жете турган тамак-аш кампасы ушул жерде. Азыкты мол камдап аларын, бир учунан экинчи учуна чейин керилген ала баканда капкан-тузак менен кошо алты-жети бүтүн кийик, кулжанын семиз сүр эттери илинип турганынан байкоого болот. Арыраактагы адам боюнан бийик эки арча баканда улар, кыргоол, аркар-кулжанын чүйгүн этинен жасалган чучуктар, бышырылып сүрсүтүлгөн устукан эттер баш-аягына жете жыш, кыдырата тизилген. Андан ары бассаң жыпар жыт чыгарчу арча бутактардын, дары чөптөрдүн кеңири түрүн учуратасың. Сай талдын ийилчээк бутактарынан токулуп жасалган, түркүн өлчөмдөгү чабыралар кургатылган жапайы алма, өрүк, алча, карагат, жаңгакка толгон. Шыптагы өзүнчө бооланып таңылган тоо пиязы жапайы табитинди козгоп өтөт. Кире бериштеги кийик каптардагы тирелген көмүрдү байкабай коюуга таптакыр мүмкүн эмес. Ырысын бөлүшкөн тоодон айланса болот, себеби анда кандай жей турган нерсе болсо, ошонун баары үңкүрдө бар. Өлкөнүн түштүк аймагындагы тоолордун бир өзгөчөлүгү ушунда. Ошон үчүн камдуу киши кур калбайт. Жашоо тиричилигине керектүү нерсенин баарын өзүнө керегинчелик топтоп алса, сактап койсо, эч качан кор болбойт.

Кыскасы, бу үңкүрдө жеп-ичкенге, жашоого, мергенчиликке керектүү отун-азыктын баарын даярдаган чарбачыл адамдын аракети көрүнүп турат. Себеби жапайы өмүр кечирген кишинин темир-тезек, тамак-аш, идиш-аяк сактаган бирден-бир ишенген кампасы ушул жер. Кампадан жайлуу түнөккө өтөсүң. Ал үчүн оозго керилген карышкыр жабуунун бучкагын өөдө көтөрүү жетиштүү. Конок түнөктүн чоңдугу он эки канат боз үйдүн ордундай эле бар. Кай жагынан карабагын жашоого ыңгайлуу. Үңкүрдүн боору шыпка чейин тегерете жыгач менен жылчыксыз кынапталган, таманына арча, кайың төшөлгөн. Ичкери киргенде эле кургатылган тоо чөптөрүнүн жыпар жыты буруксуп, ороопарадагы таш очок көзүнө биринчи урунат. Таш очок кеч күздөн эрте жазга дейре күйгөнү күйгөн, кесек-кесек таш көмүр күнү бою кызарып турганы турган. Ошон үчүн үңкүрдүн ичи кышы бою алоолонуп ысып турат. Түтүн төбөдөгү тешик аркылуу көтөрүлүп, аска таштардын жыл-

чыгына сиңип жоголот. Очоктун боюнда чебердик менен кооздолуп жасалган, өзү "Хан таажы" атаган жыгач отургуч кайкаят. Ага куйругу эки кулач илбирстин кеби кийгизилген. Дайыма оң ийининен көрүнгөн оттой жанган илбирстин эки көзүнүн как ортосуна, үч көз алмаз чөгөрүлүп жасалган, аялдар тагынчу аземдүү алтын төөнөгүч кадалган. Оң ыптасындагы сыйда кереге ташта китеп, саргайган гезит-журналдар биринин үстүнө, бири тыкан жыйылган. Төрдөгү таш секиге курсоюлуп желденген кийик жаздыкты, ичи-тышы кызыл суурдун териге арча, куурай төшөлүп, аюу талпак салынган. Анын үстүнөн туюк синен кураштырылган төшөктү көрүүгө болот. Секинин бооруна көк жал карышкырдын териси керилип, ага текенин мүйүзүнөн сомдолгон жаанын саадагы менен беш атар мылтыктын илинип турушу, азгырык албарсты-шайтандын сүрүн алып, үнкүргө өзгөчө керемет көрүнүштү тартуулап тургансыйт.

Бул жер – Мундуз мергенчинин жан оту, жүлүн чучугу менен бирге бүткөн сүйүктүү жайы. Анткени күз айынын карандай суугунда, узакка созулган кыштын ызгаар бороонунда чартылдап күйгөн тараншаны ичкертип коюп, өткөн-кеткенди эстеп олтурганды жакшы көрчү. Кудайым сактанганды сактайт дегендей, күтүүсүз келген балээден кутулуу үчүн, үнкүрдүн экинчи жашыруун тешигине таш көмкөрүп, үстүнө отун үйүп койгон жоругу, аскерден үйрөнгөн тартибин али унутпагандыгынын далили. Ошон үчүн бул үнкүр артынан сая түшкөндөргө гана эмес, айрым убактарда пайда боло калчу жатак-мергенчилерге да белгисиз эле. Бул үнкүрдү "Кан ордо" атаган кожоюнунан башка жан билбейт. Анын тоо арасындагы оош-кыйыштуу жашоо өмүрү ушул жерде өткөндүктөнбү, же жеген азыгы ушул жерде сакталгандыктанбы, ал бу жайды бөтөн көздөн өзгөчө жашырып, өзгөчө катуу коргоого алган.

Мундуз так ушул үнкүрдө соолуп жатты. Жата берип каны уюду-бу, же оюнда жөнеле өлбөгөн жанга жашоо керек дедиби, айтор, жаткынына эки күн болду дегенде буюкканга жылдыз от болуп, жылуусу эбак качкан үнкүрдө ичиркене капкачан үстүнөн жылбышып түшүп калган ысык төшөгүнө алсыз эңилди. Үч бүктөлө калтырап титиреген, үшүтүп чыйрыктырган денесин кымтыланган болду. Аска-зоо, капчыгай төргө эрте жайылган көлөкө жандуунун демин думуктура кысканда: "Ушинтип, бу жалган дүйнөдөн бир көргөн түштөй эле өтүп кетемби?!" деген ойдон туталанып кетет. Көңүлү чөгүп, коркунуч бийлейт. Анткени, сынаа саргайтарын, убайым картайтарын жадыбалдай жат билет. Ошон үчүнбү батар күндүн – атар таңы бар дегендей, көп ойлонбой Мундуз үйрөнгөн адаты боюнча ыргып турду. Бирок тулку-боюн калчылдап жыгылып кетчүдөй калдандап, өзүн алсыз сезип турганына карабастан, илкий басып таш чырактын жанына басып келди. Үнкүрдү биротоло

карангылык каптап, көзгө эчтеме урунбай калган. Ошондуктан качан өчүп калганы белгисиз таш чыракка кайрадан чакмак урду. Алы куруп, өзөгү үзө тартканына карабай суу ичкиси келип, оозуна алып барган кара чөгүндүн чоргосунан чорт-чорт жарылган эриндери сыздап ооруду. Ага деле кайыл. Эптеп үмүтүн жандырып, жан-жанынан кол салып кожойтуп бараткан күзгү сууктан арылгысы келип чакмак издеди. Отту алоолонто жагып, боюнда көөшүлүп отургусу келди.

Көөдөй карангылык канчалык коюуланган сайын, төргө өтө качкан ойноок желге ийрелендеген таш чырактын бүлбүл оту ошончолук алсызданып, ансыз деле тоо-таштын унулдаган добулунан көңүлү көк таштай калган мусапыр пенде ачык калган үнкүрдүн оозундагы карышкыр бучкакты силкип ийгенде, жылчыксыз жабылган ажайып үнкүр тунжурай түштү. Чыйрыккан денеси жылуу оттун табын күсөп, очоктун боюна отурду. Тутамдай кармаган куу чырпыктарга тамызгы таштады. Кара чөгүн отко түштү. Куу чырпык-бутактын жалыны корго түшкөн таш көмүрдүн кытыгысын келтирип, каршы-терши таштанган куу отундун жаагын жанып ийди. Үшүгөнгө от жактырба дегендей, өтө эле алоолонуп күйгөн отту ийри бутакты көсөө кылып ичкертти. Көп жылдар бою жасап келген адатын кылып, арча түтөтүп жатак үйүн, азык-түлүк кампасын аластады. Арча жытынан түнөргөн көңүлү ачылып, очоктун жанына кайра келип жалынга алаканын тосту. Эх, кандай сонун! Чыйрыккан денеси жибип, көңүлү ачылды. Соймондогон оттун илеби жанды кызыткан сайын, көп жылдар бою эзип келген кусалыгы артып, үшкүрүгү таш жарып, минтип азап чегип турганда жанында көнүл улар бирөө болбосо, бу орду түбү өлчөнбөгөн көр дүйнөдө ачуу-таттуусу аралашкан куу тагдырдын кимге кереги бар да, кимге кереги жок. Ойлогон ою ишке ашып, көкүрөк эзген кусалыктын чери жазылар бекен деп жарыкчылыктан үмүтүн үзбөй жылдан жыл тогоштуруп отуруп, жарым кылымдан аша жашап калганын эми гана сезип олтурбайбы, жарыктык киши. Ошондо да багы жокко, дагы жок дегендей, бу түбүн түшкүр пешене тагдыр бир сыр берип койсо не? Бербеди. Үлп эткен желден баш оту жарылчуудай дирилдеген кылчалык көрбөдү го пендесин. Аябады. Көрсө, бу жарыкчылыкта таң кылайгандан, күн отурганча өлбө жаным өлбө деп, көр тирилигин өткөргөн ысык жандын көргөн турмушу, жашаган өмүрү көктөгү туругу жок булуттай үзүлүп, акыры барып боз чалган мунарыкка сиңип кеткендей эле нерсе тура. Анан ким ушундай көр турмушка туталанбай тура алат?

Ушунун баарын көкүрөгү менен туйган Мундуз түк баскан жаагын сылап, таш күзгүгө кадалды. Аз эле күндө бакубат кишинин бет сөөгү оркоюп, байкаган жанга бир кыйла шалдырай түшкөндөй. Ысыган суугa жүзүн чайып, үнсүз сакалын жибитти. Дайыма ушундай, аскерден үйрөнгөн көнүмүш адатынан жазбайт. Качан да болсо сакал-му-

ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 473647

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

рутун таза кырынып, өзүн тыкан алып жүрүүнү өзгөчө жактыра турган. Сакал-мурутун кырып, ич кийимин алмаштырып кийди. Тамак ичкиси келип кампадан чучук, эт, чычырканактын ашын, жарты көмөч алып келди. Дасторкон жайып, чай демдеди. Илбирстин кеби кийгизилген "Хан таажыга" шашпай көчүк басып, кудайга тобо кылды. Немис канжар кындан суурулганда, жыгач кесеге чай куюлду. Чүйгүн эттен асталып кесип, оозуна салды. Көптөн бери наар албай ичтейи ачылып калыптыр. Ошондонбу, бирин коюп, бирин жеп, чекеси нымшыганча чай ичти. Качан гана курсагы кампайып, көзү тойгондо бата кылды, дасторкон жыйды. Көк түтүнүн сагынып калган белем, көкүрөгүнөн мүштөгүн алып чыкты. Шашпай күлүн какты. Махорканы ныктай күпшөп, чычала күйгүздү. "Хан таажыга" чалкалай отуруп, тамеки мүштөгүн дембе-дем тартып, түтүнүн ырахаттана үйлөдү. Сарсанаа ой куюндан күлүк эмеспи, мүштөгү колуна тийип, көчүк басты дегенче, каңырыгы өткүн жаандай толкуп-түтөй баштайт, бирок анча өтпөй кайра көңүлү бир башкача кубанычка бөлөнөт. Ошондо өткөн өмүрү, куу тагдыры көз алдына тартылып, биринин артынан бири чуурула берет. Ошондогу жыргаганычы, капкачан өткөн окуя ага кечээ эле өткөндөй кубаныч тартуулап, биротоло жайланып отурууга шарт түзүлөт. Дагы ошондой болду...

II

1941-жылдын 22-июнь күнү таңкы саат үчтөн өткөндө совет жергесин душмандын бомбалары жүн сабагандай сабай баштады. Тынч жаткан СССРге капылеттен жүзү каралык менен кол салган фашисттик Германия совет элин кара кайгынын сазына батырды. Ач бөрүдөй улугандардын ойго келбеген улутчул саясаты, экинчи дүйнөлүк согуштун күчөшүнө алып келди. Ата Мекен чоң коркунучта калды. "Бардыгы майдан үчүн" деген ураан пайда болду.

Ошол каргашалуу жылдын ноябрь айынын жетисинде, Кызыл аянттагы майданга жөнөтүү салтанатында И. Сталиндин совет жоокерлерине кайрылуусундагы:

– Немецтик баскынчылардын талоончул аскерлерин жок кылууга жарамдуу күч катары бүткүл дүйнө силерди карап турат. Немецтик баскынчылардын эзүүсүнө учураган Европанын кул болгон элдери биздин эркиндикке чыгаруучулар ушулар деген ишеними чоң. Эркиндикке чыгаруучу улуу миссия силердин энчиңерге тийди. Ушул миссияны эң мыкты орундагыла! Силердин жүргүзүп жаткан күрөш – бүштондукка чыгаруучу күрөш, адилет күрөш! Ошондуктан силерди ата-бабалардын улуу деми шыктандырсын! Силерге Улуу Лениндин жеңиштүү туусу

дем берсин!– деген сөзү үндөө катары кабылданды. Коргоо Эл комиссары Сталиндин бу сөзү мейли майданда, мейли тылда болсун, ар бир советтик адамдын жүрөгүнөн терең орун тапты.

Үндөө бир эле убакта Украина менен Беларусиянын кең талааларына, тоолору көк тиреген кыргыз элине, ширелүү жүзүм бактары менен даңкы чыккан Кавказ менен Молдавияга, карагайлуу кең Сибирге тарады. Ата-бабалардын баатырдык салттарын эскеришти, аларды улуу жеңишке, тайманбас эрдикке шыктандырышты. Согуш күн сайын совет элине коркунуч туудуруп, Германия баскынчылары ээлеген ар бир жерде миңдеген советтик адамдардын курмандыгы башталды. Тирүүлөй көмүлгөн, өрттөлгөн адамдар, көкөлөп штыкка сайылган наристелер, дарга асылгандардын муңайым элестери, танктын тепсендисинде калгандар, көз жашын көлдөткөн ак чач энелердин кайгы-муңу фашисттик жырткычтар кылган бетпактыктын белгисине айланды. Улутчул Германия бирөөнүн көз жашы менен эсептешпеди. Ал бүткүл жер жүзүнө өз эркин, өз саясатын таңуулап, алардын үстүнөн кожоюн болгусу, немис калкынын жашоо аймактарын кеңейткиси келгенин жашырбады. Ошондуктан адамзатты коркутуунун, жок кылуунун бардык айла-амалдарын колдонуп, бир өлкөнүн артынан, экинчи өлкөнү кулчулукка айлантып бараткан.

Совет элинин башына зор кыйынчылык түштү, арийне кайгыга алдырып, мүңкүрөп калбады. Ал бир даректын тамырындай бек турду. Ал – улуу биримдиктин тарыхы, болоттой ширелишкен достуктун, ынтымак-ырашкерликтин, Ата Мекенди сүйүүнүн ыйык дарагы эле. Ушинтип Улуу Ата Мекендик согуш "дүрт" от алып кетти. Ал канча убакытка созуларын эч ким билбеди. Бирок бу дүйнөдөгү жашоонун бар болуу, же жок болуу ташпиши, тараптардын туруктуулугу менен адилеттүүлүгүнө, саясаты менен даярдыгына жараша чечилчү нерсе экендигин баары түшүндү. Ошон үчүн жан аябастан кыл чайнашты. Бири кол салса, экинчиси коргонуп, ажал бүркөн ак ниет менен кара ниет күчтөрдүн тирешүүсү көп жылдарга созулуп кетти.

Адамзаттын тынч жашоосуна суук тумшугун салган жексурлар менен кара ниет күчтөрдүн ана башы болгон Гитлер тез аранын ичинде совет элинин тиреги – Москва шаарын алууну, аны жер үстүнөн тыптыйпыл кылып талкалоону, өз баш кесерлеринен талап кылды. Ал адаттагысындай, тумшугун көккө көтөрүп, адам канына чыканагына чейин малынган арбайган колдорун силкилдете мындай деп чаңырды:

– Менин жоокерлерим, бет алдыңарда Москва. Эки жылдан бери силер Европанын көптөгөн өлкөлөрүн каратып, ондогон керемет шаарларын басып өттүңөр. Биз басып алган жерлер Германиянын колониясына айланышы зарыл, андыктан немис эли канча кааласа, ошончо өлкөнү кул кылат жана басып алган жерлерин кылымдар бою пайда-

лана алат. Дүйнө эли биздин бут алдыбызда тепселениши жана өмүр бою бизге кызмат кылышы шарт. Мындай миссияга бир гана улуу немис эли татыктуу жана укуктуу. Эми бир гана советтердин Москва шаары калды. Ошондуктан менин кайраттуу жоокерлерим, СССРдин борборун тизе бүгүүгө мажбур кылгыла! Москва – бу согуштун бүтүшү, Москва– бу эс алуу! Москва – бу дүйнө жүзүнүн кыйрашы! Анын кыйрашы менен улуу немис элинин дүйнөгө болгон үстөмдүгү артат, кожоюндугу башталат! Ошондуктан алга! Силерди кудай колдосун! Жакында Кызыл аянттан параддан өтүүгө камдана бергиле. Анткени дүйнө жүзү бүт бойдон немис жоокерлеринин таман алдында болуусу керек! Жашасын Германия! Алга!

Мына ушул билдирүүдөн анча өтпөй, Гитлердин тапшырмасы боюнча үйүгүшкөн ач бөрүлөрдүн уюгу болгон Берлин шаарында, Москвада өтө турган парадга алдын ала кызуу даярдык көрүлө башталды. Жер-жерден мыкты делген барабанчы-сурнайчылар тандалды. Ал тургай кадырлуу коноктор менен элчилер үчүн мейманканалар даярдалды, басмаканалардан атайын чакыруу кагаздары күн мурунтан басылып чыкты. Ага ар бир чакырылуучу коноктун аты, фамилиясы, дареги, аскер наамы жана иштеген кызматына чейин такталып жазылды. Азия, Африка, Европа жана батыш өлкөлөрүнөн келе турган бийик даражалуу коноктордун тизмеси такталды, а түгүл конокторго бериле турган тамак-аштын тизмесине чейин так түзүлдү. Жек көрүндү бас-кынчы Гитлердин айкели чегиле турган болду. Баалуу кызыл гранит даттардын Африкадан алынып келинди. Москвага германиялык солташ атайын кирүү аземин көркөм тасмага тартуу үчүн, бүткүл жер жүзүнөн атактуу делген оператор-режиссёрлорду чакыруу буйругу берилди. Улутчул Германия өткөзө турган дүйнөлүк иш чаранын башында башкы идеолог Гиммлер турду. Албетте бири-биринен эч кандай айырмаланбаган Гитлер андан тынымсыз кабар алып, иштин жүрүшүн сурап-билип турду. Фашисттер Москвага жакындап калганда ийгиликтен башы айланган эки жексурдун тумшуктары көктү карап калган. Убакыт зымырык куш эмеспи, "Ким кимди алып жыгат?!" деген жоромол кокодон алганда, макоо Гитлер Москванын алдына болуп көрбөгөндөй сансыз армиясы менен алдыңкы техникасын топтоду. Самсаалаган кузгундарын тим жаткырбай чабуулдан чабуулга үндөдү, кара ниет баскынчылыгын көрсөтүп, жаралгандан кыла келген айбандык кылыгын арттыра берди.

Кыскасы, Берлинде баардыгына "көрөгөчтүк" кылышты. "Ушундай кылууга биз милдеттүүбүз, дүйнө эли биз менен эсептешүүсү керек! Себеби немис жоокери – адамзаттын куткаруучусу, жер үстүндөгү кызыл коммунисттердин башына тийүүчү көк союлу!"– деген Гитлердин сасык саясаты менен сандырак философиясын фашисттик Герма-

ниянын улутчул атуулдары жер шарынын баардык булун-бурчтарына тарата беришти.

Арийне, бир нерсени гана эстерине алышпаптыр. Алар канчалык совет жергесине сүңгүп кирген сайын, ошончолук каршылыкка туштуга беришти. Совет элинин бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарган биримдиги, кандай гана баскынчы желмогуз болбосун каармандык менен акыр аягына чейин кармашууга дилгирлиги, адамзатты таң калтыра баштаган. Согуштун биринчи күндөрүнөн эле жан аябай күрөшүп, мактанчаак баскынчы душмандын көксөөсүн суутушту. Так Москванын алдында жеңилбес немис армиясынын шермендеси чыкты, ойлогон ойлору ойрондолду, тилеген тилектери таш капты.

Ошо кыйын кезеңде Москванын босогосунда душмандын мизин кайтарган кыргызстандык 28 каарман баатырдын эрдиги бүт совет элине даңаза болду. Алар тайманбай согушуп, жеңишке бүт диттери менен ишенишкендиктерин иш жүзүндө көрсөтүштү. "Биз душмандан коркпойбуз, чегинбейбиз да! Анткени артыбызда Москва! Андыктан кашык каныбыз калганча кармашабыз!"– деген 28 баатырдын сүрү душмандын мизин кайтарды, чоң ишеним жаратты. Ошентип СССРдин борбору болгон Москваны коргоодо ишеним болбосо жеңишке жетүүгө такыр мүмкүн эместигин далилдешти. Мекенди сүйүү, коргоо өндүү улуу ишенимдин туу чокусунда журт атасы Сталиндин турушу да, совет элин баардык кыйын кезеңдерде улуу жеңиштерге шыктандырып турду.

Ошол учурда "Мекен үчүн!", "Баардыгы майдан үчүн!", "Эл менен Кызыл Армия бир", "Жеңиш үчүн!" деген ураандар дембе дем жазылып, учу-кыйыры жоктой созулган кең мекенибиздин, эл байма-бай каттаган бардык мерчемдүү жерлерине илине баштады.

* * *

Жаз айы күрпүлдөп киргенде талааны аң, тоону жар кылып кемирген, башаты Алайкуу жергесинен башталган Тар дарыясын жаратканы кудуреттүү кудай, анын жолуна уюган кызыл ташын кошо жараткынына шүгүр. Ошон үчүн ал жер Кызыл-Жар, үстү жагы алыстан чөккөн төөнүн өркөчүндөй көрүнгөн эки дөбөнүн көрүнүшүнөн улам Төө-Моюн аталган. Ошо Кызыл-Жардан ылдый дарыя жээктеп өйүз-бүйүз отурукташкан жепирейген жер тамдардан Сары-Камыш айылы куралат. Эгерде кудурети күчтүү кудай Кызыл-Жарды жаратпаганда жаралгандан азуусун көрсөтүп көнүп калган тилсиз жоо, бир күнү айылды какыраган сайга айлантмак, Кырк-Күнгөйдү этектеп агып калмак. Анда айылдыктардын шору кайнамак. Айдоо жерлерин кум-шагыл басып,

Сары-Камыш айылы орду түбү менен жоголмок. Ансыз деле жыл сайын жээкти келемиштей кемире берип, дайра жээктеп жашагандарды үстүнкү Ак-Талаага көчүрүүгө аргасыз кылган.

Тар дарыясынын өйүз-бүйүзүнө отурукташкан сарыкамыштыктар илгертен күрүч айдашкан. Күрүч башка аймактагы жерлерде эгилген күрүчтөргө караганда даны чоң келип, аш болумдуулугу менен даңазасы далайга тараган. Ал күзүндө ак жубазга салынып, таберик менен Өзгөн шаарында пулдангандыгы үчүн гана өзгөн күрүчү аталып калган. Теңиз-бай журту өстүргөн сарыкамыш күрүчү Төө-Моюндан Учук, андан баиыркы шаарга дейре созулган шалы паяларда өстүрүлүп-акталып, Кырк-Күнгөйдү кыялай кеткен Улуу Жибек жолу аркылуу Кытайга, аяктан Чыгыш өлкөлөрүнө даңкы тараган. Ошондуктан далайларды тамшантсөзсүз тан бербей койбойт. Ошон үчүнбү, дыйканчылыкты туу туткан, аны өтө кастарлаган ата-бабалардын мандай терлери төгүлгөн касиеттүү жерде өстүрүлгөн күрүчтү жеген сайын, жараткандын өз колунан жеп жаткандай каруу-кубат ала түшкөндөй боло түшөсүң. Ата Журттун деми менен бүткөн сарыкамыш күрүчүнүн касиети ушунда. Арийне, даңазасы таш жарып, даңкы Мисирге дейре жеткен сарыкамыш күрүчү бирде болуп, бирде болбой жатканы, эртең менен аркы, түштөн кийин берки өйүзгө нугун өзгөрткөн Тар дарыясынын тентектигинен.

Ойлонгон кишиге табигатта ашык баш жаралган эчтеме жоктой. Бири жаратып, экинчисин талкалоочу күчкө эгедир кылган, ашып кетсе өөнөп, жетпей баратса теңдеп, толуктап турган рухтун күчүн, Кызыл-Жардын тилсиз жоого чыдамкайлыгын, киндик кан тамган жердин улуулугун аздектебей коё албайсың. Кызыл-Жар – чыт курсак кезден балык уулап, көгүчкөн кармаган, мал жайып, балалык күндөр өткөн үчүн гана ыйык эмес. Анын касиети тилсиз жоого түктүү төшүн тосуп, сарыкамыштык урпактардын тукумун кырсыктатпай, өмүрүнө өмүр улап келатканында. Ошон үчүн Сары-Камыш айылынын тургундары Төө-Моюндан түшүп, Кызыл-Жардын жанынан өтүп бараткан кезде, ага таазим этип өтүшөт, себеби ал ошого татыктуу. Жараткандын ушунусуна шүгүр!

Илгери өткөн заманда Төө-Моюндан башталган азыркы Сары-Камыш, Калматай, Тоготой, Чымбай айылдары жана Өзгөн шаарына чейинки аралыкты баш-аягы көрүнбөгөн калың камыштуу токой каптап турчу экен. Анда кыргоол, коёндон баштап элик, жапайы доңуз, жолборс өндүү жаныбарлар байыр алган дешет. Анжыян, байыркы Ош, Өзгөн тараптан Кытай мамлекетин көздөй жылда кыйма-чийме каттаган кербенчилер мына ошо камыштуу өрөөн аркылуу өткөн. Аны этектей кеткен Кырк-Күнгөй адырынын кооз жаратылышына суктанып түнөк алган. Алардын төө, атына жолборс тиш салып, олжосунан

каалашынча тое жеп, калганын калың камышка сүйрөп кетүүгө далалат кылганы, адамдарга коркунуч туудурганы жөнүндөгү кулактын кычуусун кандырган кызык окуялуу кептердин чындыгы бар. Кийин бул жер, төөчөн араласаң көрүнбөгөн, асман челген шуудураган камышына байланыштуу "Сары-Камыш" деген атка конот.

Ал эми Кырк-Күнгөй адырынын этегиндеги жалпак таштарга чегилген эстеликтерге сан жетпейт. Жөнеле жерден чыгып турган таштарга ай, күн, тегерек, алкак сындуу жана жапайы жаныбарлардын түрдүү сүрөттөрү чегилген. Кайсы бир таш сүрөттө аалам алкагын билдиргендей элес түшүрүлүп, ортосуна чоң чекит коюлган. Жанында тоо текени жаа менен атып жаткан адам кешпиринин элеси. Бул жер жөнеле жер эмес. Байыркы кылымдарда өнүккөн журт ээлери жашагандыгын, там салып жатканда же кош айдоодо табылган түркүн формадагы чоң-кичине карапалардын, кумгандардын, таш чырактар менен темир эритчү, карапа идиштерин бышырчу очоктун ордуларынын чыгышы, Улуу Жибек жолунун бир бүртүмү ушу Чымбай, Тоготой, Сары-Камыш айылдары аркылуу Кырк-Күнгөй бөксө тоолору менен өткөнүн айгинелеп турат. Ушулар тууралуу канча мертебе сөз болсо да, бир жолу да окумуштуу-археологдордун кызыгуусун туудурбаганы өкүнүчтүү. Ал табылгалар күн алмашкан сайын, жыл өткөн сайын өз мааниси менен шаанисин, сапаты менен баалуулугун жоготуп жаткандыгы, белинен сороюп чыгып турган таштагы эстеликтер бара-бара жерге чөгүп жок болуу коркунучунда тургандыгы тууралуу эч бир жандын башын оорутпагандыгы да чындык. Согуш жөнүндөгү алгачкы кабар мына ошо күрүчү, тарыхы менен атагы чыккан "Сары-Камыш" деп аталган айылга жай айынын саратан күндөрүндө чарба жумуштары кызуу жүрүп жаткан учурда жетти. Тоют даярдоодо зор күч болгон жаштар тобу түшкүлүктөн кийин дарыя боюнда чөмүлүп жүргөн жеринен шашылыш чакырылды. Райондон келген өкүл каргылданган үнү менен Германия СССРге жүзү каралык менен кол салганын, жакында айылдын жаштары аскерге чакырыларын, эми "Баардык эмгек – майдан үчүн!" деген ураандын алдында гана иш алып барарын айтып келип, жеңишке үндөдү. Суук кабар көпчүлүктүн үшүн алып, не дээрин билишпей, оор үшкүрүп турушту. Көздөрүнө жаш алгандар болду. Райондун өкүлү колхозчуларды жакшы иштөөгө милдеттендирип, көп өтпөй коңшу чарбаны көздөй аттанып кетти.

Күндөр жылбышып, айлар алмашкан сайын башка айыл-кыштактардан топ-тобу менен фронтко кетип жаткандыгы сарыкамыштыктарды ойлонтпой койгон жок. Эл ичинде айылдан кимди биринчи алып кетет экен деген түпөйүл ой турду. Өткөн жумада Мундузду районго чакырганда айыл бир дүргүп алган. Бирок ал райондон тезеле кайра келип калды. Анткени өткөн аптада Ажике жайлоосунда жайлаган чабан

агасына аштык жеткирем деп барып аксап келген. "Айыкканда келе-
болуп, намыс талашкан Мундузду чалмалыктар менен каманчылыктар
туш-тарабынан ат салып жыгышкан. Жыгылганына карабай улакты
айткан жерге таштап мөрөй алган. Ат үстүндөбү же жер үстүндөбү,
кайда болбосун мөрөйүн талашканга бербеген Мундузга каманчылык-
тардын өчүгүшүп калышына көк бөрү оюнундагы мөрөй талашуу эле
себеп болбостон, ортого кыздын аралашканы да кошумча болду сыягы.
Себеби илгертеден сарыкамыштык кыздар баркталып келген. Ким эле
айылдын сулуу, барктуу, ыймандуу кыздарын бөлөк-бөтөн айылдын
жигиттерине тарттырып ийгиси келсин. Келбети келишкен, ай чырай-
луу Сайкал аттуу сарыкамыштык кыз өзүнүн ыймандуу жүрүм-туруму
менен көп жигиттердин жүрөгүнө чок салып, талашка түшкөнү да чын.
Сарыкамыштык кыздын аты намыс талашкан жигиттердин оозунан
түшпөй, эки тарап болуп топурай башташканы да ошондонбу деген ой
кетет.

Арийне, көп жигиттердин көзүн кызарткан, бирок алардын ал-
дында өзүнүн баркын баалаган сулуу Сайкалдын эч кимге бой бербей
келаткан жоругу кимди болбосун жинди кылары бышык. Кыз жүрөгү
эмдигиче көп жигиттердин ичинен бирөөсүн тандаса, качантан бери
келаткан эрегишүү токтоп калат беле. Тилекке каршы, антпей жатат.
Анын бирөө жарымын тандабай келатышын эчтеме менен түшүндүрө
албайсың. Көңүлү каалабагандын себеби көп дегендей, талашка түш-
көн алмончоктой кызы көпчүлүктүн көңүл борборунда турганда каны
кызуу жаш жигиттердин эрегишүүсү күчөп кетеби деген сарсанаа ой
атасы Ыдырыс менен апасы Шааргүлдүн көкүрөгүн мыжыга эзип кел-
ди. Ансыз деле "Салт боюнча сөйкө салып коёлу",– деп келген жуучу-
ларга, "Кызым билет, кызымдан сурагыла",– деген жоопту берип уза-
сурашканда, "Ал деген жаңы салт",– деп жооп беришет. Ошол себеп-
тенби, ат тезегин кургатпай үстөкө-бостоктан карыянын үйүнө келе берген
тып жатышкан. "Кызың билгендей, ал кандай салт экен?"– деп таң кала
жуучулар менен үйүгүшкөн балдардан намыстанган үй ээси, мурдагы-
дай кенен-кесири айыл аралап баса албай калды.

Ошондой кечтердин биринде Сайкал чырагына май куюп, шише-
син тазалап койду. Атасы Ыдырыс менен апасы Шааргүл ширин күрүч-
түү жакшы көргөндүктөн уй саап, күрүчтүн акшагын тазалады. Иниси
Кадыр отун-очогун беленден, тызылдап чуркап, тамакка урунган эже-
сине от жагып берди. Казанга түшкөн күрүч тегиз жарылып боркулдап
кайнай баштаганда, үстүнө сарала уйдун сүтү куюлду. Кадыр чартыл-
дап күйгөн агынды тарашаны ичкертип, отту жайлатты. Эжесин жа-
нындай көрөт, эркелеп турат. Ошон үчүн эжеси инисинин анча-мынча
сөздөрүнө терикпегени ошондон. Анан калса атасынын ат токуур эрке

баласы. Ортодон бир синдиси менен ининси ооруга чалдыгып оо дүйнө салышкан. Ошондонбу ата туягынын эркелиги, тапандыгы бөтөнгө билинсе да өзгө билинбейт. Көбүнчө көз жаздымда калат.

Кечки салкында Тар дарыясынын шоокуму күч алып, айыл үстүн кара чүмбөт каптаган маалда бүлкүлдөп жай кайнаган ширин күрүч даяр болду. Дасторкон салынып, тамак ортого келгенде сырт жактан балдардын кобур-собуру угулду. Кадырды чакыргандай үн салышты. Бирок үй тараптан эч кандай жооп болбогондон кийин бакылдаша кетишти. Айыл кечтеринин ташпиши ушинтип чымын-чиркейдин ызылдагы, дарыя шоокуму менен тең башталарын, бу үйдөгүлөр жакшы билет.

– Кадыр, сыртка чыкчы балам, сени бирөөлөр чакыргандай болдубу? – деди тынсыздана унчуккан атасы Ыдырыс.

– Ыкы, ата, алар мени эмес, Сайкал эжекеми чакырып жатышат. Чакыргандар кошуна Каманчы айылынан келишкен балдар. Мен аларга эжекеми чакырып бербейм,– деди көкбеттене тултуюп. – Кыйкыра беришсин, бир аздан кийин көргүлүгүн көрүшөт, – деп мыйыгынан кытмыр жылмайып койду.

– Жубарымбек бала, келген балдар каманчылыктар экенин сен каяктан билесиң?

– Билем да апа. Каманчылыктар келгенде ушинтип топтошуп-топурашып келишет. Эгерде үйгө эжекемин курбусу Айжан эже кирип келген болсо, сөзсүз Анарбай аке кошо келген болот. Бирок менин алтын эжекем көңүлү тартпаса тигинисине да, мунусуна да чыкпай кыйнайт. Туурабы, эжеке?! – Иниси сөзүнүн тууралыгын далилдөөчү эжесине ишеним арта карады.

– Кадыр, сен эмне деп жатасың? Оюна келгенди оттобой шүк отур,– деп тыйган болду, бети-башы кызарып кеткен эжеси Сайкал. – Андан көрө алдыңдагы тамагыңды же, болбосо шайтан жеп кетет, баарынан кур жалак каласың.

– Эже, тамак тоого качып кеткидей карышкыр эмес. Шайтанга да бербейм, аны сөз жок өзүм гана жейм. Ким эле таттуу тамакты шайтанга тарттырып ийгиси келсин. Анан калса, ширин күрүчүңүз адаттагыдай, абдан таттуу болуптур. Таттуу болушуна сарала уйдун майлуу сүтү менен отту дайыма бир калыпта, жай жаккан кара чечекей иниңиздин салымы зор. Эгерде отту улуулатып же быкшытып ийсем тамак түбүнө тартып кетмек да, ыш же күйүндү жыттанып калмак. Ошондо сиз экөөбүз тең апам менен атамдын алдында уят болмокбуз. Ушундайбы, апаке?!

– Ошондой, ошондой кагылайын берекем менин! Албетте сенин жардамың чон. Эжеңе жардам бербей, анан кимге жардам бермек элең. Көп сүйлөбөй тамагыңды жечи,– деди апасы да тыйган болуп.

Атасы эчтемени билбеген-укпаган немедей мелтиреп тамакка алаксып отура берди. Нан кошуп, ширин күрүчтү аптыга жеди. Ушул

учурда алыстан күрпүлдөп аккан Тар дарыясынын күүсүнө сырттагы балдардын ызы-чуусу кошулуп тополоң түшүп калды. Балдар өз ара мушташып жаткандай топурашып, ооруган денелерин аяшкандай кыңкысташты. Тилекке каршы, үйдө отуруп алардын бири-бири менен чындап урушканын же ойноп алышканын билүү кыйын. Бирок ортодон чыккан аялуу үндөр короодоң угулуп, бир аздан кийин басандай түштү. Топурашкандар тынчып, айлана бир башкача тунжурады. Мындайда атасынын эрке тапаны, апасынын билерман уулу жөн турабы, учурду колдон суурултпай безилдеп ийди.

– Урматтуу ата, кымбаттуу апа, муну Камбар тебиш дейт. Ал – байыртадан бери келаткан, биздин ата-бабаларыбыздан калган эр уруш өнөрү. Үйүгүшүп келген каманчылыктардын тобун кууган ошо Камбар тебиш өнөрүн мыкты билген адам. Ал өнөрдү биздин айылдан бир гана адам билет. Азырынча анын ким экендигин силерге айтпай турайын, себеби бир аз чыдасаңар өзү эле ачыкка чыгат. Кунт коюп угуп тургула! Сиздер таң калбаңыздар, мынакей азыр сырттагы бактан тоо бүркүтүнүн "кылак-кылак" үнү шаңшыйт. Бир эмес үч-төрт жолу шаңшыйт. Менин алтын эжекем, мына ошо шаңшыган үнгө гана жооп берет. Себеби бүркүт болуп шаңшыган жигиттин аты – Мундуз. Ал Камбар тебиш өнөрүнүн чебери. Эгер Мундуз агама мандайы жазы, кең далылуу, алибеттүү узун бою менен сүрдүү жүзү көптөрдү сүрдөткөн кабарчы жана мугалим Адашкан агам кошулса, аларга эч кандай топ каршы чыга албайт. Баарын талкалап чыгып кетишет. Сары-Камыш айылындагы жаштардын алчы конор сакалары ошол жигиттер. Алар барда айылда гана эмес, райондун мурдагы борбору Ылай-Талаада бирөө кынк дей албайт, алардын сөздөрүн угушат, алардын айтканы менен болушат.

– Кадыр, шүк отурчу. Эмне олуя болуп кеттиңби?! – деди апасы баласын тартипке чакырып. – А көрөкчө атаңа "Манас" эпосунан үзүндү окуп берсең, көптөн бери окуй элексиң го, каралдым,– деп апасы оюна келгенди айта салды.

– Окуп берем. Эми бизге "Манастан" үзүндү окуу гана калды. Тамакты ичип болуп, жайланып отурабыз да, мен силерге түн бир оокумга дейре "Манас" эпосунун айрым-айрым чыккан "Манастын бала чагы", "Көкөтөйдүн ашы", "Манас менен Коңурбайдын сайышы", "Чоң казат" китептеринен окуп берем. А мени менен эч кимиңердин ишиңер жок,– деп ичи күйгөндөй безилдеди.

Аңгыча баланын айтканы төп келип, сырттан бүркүттүн шаңшыганы угулду. Кулак түрүп отургандар селт чочушту. Тапан бала салган сайын корсойду, эмне кыларын билбей калган Сайкалдын тулку боюбир өзгөчө дуулдады. Уялгандан жоолугун кымтыланган болду.

– Айтпадым беле, апакеси. Биздин бакта бүркүт бар деп. Анын пайда болгонуна көп болду. Ал биздин бүркүт. Апа Сайкал эжем эртеден бери сизге Айжан эжекем менен бирге тиги Турдубай абамын аялы Айсулуу жеңемкине барып сайма сайып келем деп кулак кагыш кылып жатпады беле. Эми камтама болбой бара берсин, бүркүтү келди. Дасторконду өзүм жыйнаштырып коём,– дегенде эжесинин ата-энесинин көзүнчө күйбөгөн жери күл болуп, жети өмүрү жерге кирип кеткенсиди.

Ошо себептенби жанында отурган иниси Кадырдын санын оёо чымчыды. Анысы охолоп-ухулап дасторкондон тура качты. Соңунан апасы, анан эжеси удаа чыкты.

– Апа, бара берейинби?– деп суранды Сайкал короого чыкканда.

– Ининди кошо ээрчитип албайсыңбы, жаныңа караан болот,– демиш болду апасы.

– Койчу апа, бу тапан уулуңуз ал жерде эмне иш кылат? Жакшысы үйдө калып сиздерге китеп окуп берсин, өзүнө да пайда, силерге да эрмек болот.

– Эже, эмне мага чындап таарынып калдыңызбы? Өткөндө тоого чыкканда да ээрчитпей койгонсуз. Ошондо убада бердим беле, кимдер менен жүргөнүңүздү айтам деп. Мен убадама турдум, а сиз дагы эле сөзүңүздөн тайып жатасыз.

– Мээнетке бүткөн Кадыш иним, барасың дебедимби. Эмки сапар сөзсүз барасың. Макул деп койчу,– эжекеси эркелеткендей көкүлүнөн сылады.

– Эмкиде, эмкиде деп дагы албай кетсеңизчи. Ошондо өлө озондоймун. Болбосо кимге кол жоолук менен бет аарчыны саймалап жаткаңыңызды айтып коём.

– Ой, болду эми, таптакыр эле жаш бала болуп кеттиң. Алып барам дедимби, алып барам. Кичине чыдай тур ээ, иним?! Сенин көчөңдө да майрам болот. Алтыным, бөбөгүм менин... – Эжеси бетинен чоп-чоп өптү.

– Кадыш, эжендин айтканын ук. Алып барам деп убада бербедиби. Эми тартышпай үйгө кир балам, атаң жалгыз калды,– деди апасы да беймазаланган баласына.

– Апа, эжем санымды оорута чымчыбадыбы. Чымчыган жери эмдигиче оорутуп жатат. Эжекем мынча оорута чымчыйт, ыя! – деди ыйламсырагандай киңкилдеп.

– Оорутса басылат, чымчыса ошончо себеби бар да. Экинчи атаңдын көзүнчө андай-мындай деп айтпай жүр, балам. Уят болот. Ооруса ме, сага ак момпосуй берейин, шимип тур,– деп чыптамасынын чөнтөгүнөн момпосуй алып чыгып, эрке баласын үйдү көздөй жетеледи. Кайра кайрылып келип: – Түндөн кечикпей кел кызым, мени сарсанаа

кылбай. Айжан курбуң дагы барабы? – деп билип туруп анткорлоно сурады апасы.

– Барат, ансыз болобу, – деп шашкалактады кызы. – Апа, эми үйгө кирип кетиңиз, болуңуз эми, – деди жүрөгү туйлаган кыз, тосмонун ары жагынан Мундуздун караанын байкай коюп.

Сайкал короодон чыкканда аны Мундуз, Адашкан, Анарбай, Мукан, Айжандар тосуп алды. Жолду ката каманчылык балдарды Адашкан менен Мундуз сабап кетиргенин, уруштун баары сен үчүн болду деп Айжан кулагын кызарта шыбырап келди. Алар ойноочу дөбөгө балдар-кыздар арбын чогулуптур. Адегенде эле жоолук таштамай ойной башташты. Оюндун кызуу жеринде Сайкал чуркап келип Мундуздун алдына тура калды. Арттагы Адашкан качты. Бети албырган кыз күйүккөн демин басты. Ийиндери тийишкен экөө бири-биринен тартынып, сөз баштай албай турушту. Аңгыча Сайкал чап бурулуп, Мундуздун колуна көптөн бери аздектеп сактап жүргөн, түркүн түс жибек жип менен саймалап гүл түшүргөн кештелүү кол жоолугу менен бет аарчысын кармата койду. Бет аарчыда "Сайкалдан Мундуз агама эстелик. Мен сизди жакшы көрөм!" деген жазуу менен эки тоонун чокусу түшүрүлгөн оймо. Кыз белегине алаксып, бети-башы дуулдап чыккан Мундуз оюнду унутуп койгондой. Эндейген немени ким аясын? Өчү бардай өзүнүн эле жандай көргөн теңтушу, маалим Адашкан айда токмоктоп алды. Сайкалдын алдына келип турган Айжандын:

– Ой, Мундуз, сен эмне качпайсың?!– деген кыйкырыгынан кийин ыргытып жиберген кол жоолукту жерден илип алып, Адашканды кууп жөнөдү.

– Курбум, акыры аздектеген белегинди берип үлгүрүп калдыңбы?– деп сурады Айжан.

– Үлгүрүп калдым, мээнетке айланган белегимди бердим,– деди Сайкал да дуулдаган бетин басып. – Карачы, дуулдап ысып кеттим.

– Ысыганың жакшы көргөнүң. Арзыган белегинди берип, оюнду билдирип эң жакшы кылдың. Бирок ушу балдар жакында майданга кетээрин ойлосом жүрөгүм зырпылдайт, курбум. Ошондо айылда балабакыра, кемпир-чалдарды кошпогондо темселеп үргүлжү аялдар калабызбы деп корком.

– Биз дагы зор күчпүз, ага ыйлактагандын зарылдыгы жок. "Башка келсе байтал байге алат" деген лакапты билесиңби?

– Билем дечи, кантип билбей калайын.

– Билсең ошо, азырынча буюрганын көрүп туралы, кийин бирдеме болор.

– Анын дагы ырас, курбум. Бирок сен бүгүн тоодой иш кылдың. Жүрөгүң ким деп согорун акыры сүйгөнүңө туйгуздуң. Карачы, Мундузуң бүгүн болуп көрбөгөндөй алгыр, келишимдүү, айбаттуу да.

– Туура айтасың курбутайым, ошон үчүн акыры өз оюмду билдирдим да. Мага деле оной болгон жок. Карачы, ушу азыркыга дейре муундарым титиреп жатат.

– Титиреген кубанычтан, курбутай. Буюрса, эми эки айылдын балдарынын тирешүүсү токтолот. Себеби Айчүрөк сулуу айланып келип түгөйүн тапты. Чынбы?!

Бу кепти Айжан курбусу экөө сөз бекитсе Сайкалдын артынан кара көлөкөдөй эрчип, шайтан үмүтүн үзбөгөн Анарбайдын көөнү мага бурулуп калабы деген мааниде айтты. Анткени Айжан чындап Анарбайды жактыра турган. Ал эмне дебесин анын ыгы менен болуп, чакыр десе чакырып, тияка-бияка баралы десе барып, жигиттин көөнүнөн чыкпай келет. Ушигтип баары ачыкка чыкканда Анарбайдын көңүл кушу мага жана түшөбү деген кыз үмүтү, кайрадан алоолоп жүрөгүн уйгу-туйгу ойго салды.

– Чын!– деди курбусу Сайкал да өз сөзүн ырастагандай жаркылдап. – Эрегиштин токтогону жакшы, андан эмне пайда? Ата-энемден уялып деле бүттүм. Канткен менен Мундуз агам жакшы жигит ээ, курбум!

– Ай, Сайкал курбум, ай! Мундуз ага жакшы гана эмес, мыкты жигит! Элде жок өжөрдүгүн айт! Бир айылды бага турган мыктылыгын сураба! А жигиттигичи! – деп Айжан баш бармагын чычайтты. – Мундай! Сен эми өз теңиңди таптың десем болот.

– Ошондой дечи, курбум. Негизи жаман эмес,– деди жүрөгү элептенген Сайкал оюнду кызытып, бүркүттөй шаңшыган Мундуздан көзүн албай.

– Адашкан агамдын сүйлөшкөн кызы бар бекен?– деп сурады Айжан күтүүсүздөн.

– Анысын билбейм, бирок кайсы бир күнү Мундуз агам анду-луулук кыз менен сүйлөшүп жүрөт деп айтканы бар. Канчасы чын, канчасы калп анысын биле албадым. Ага эмне кызыгып калдың? Эмне билгениң бар, айтчы,– деп кытыгылай кетти.

– Ой, жөнеле сурап койсо болбойбу? Адашкан ага биздейди кайдан жактырсын, сүйлөшкөнү борбордун адамдары, жазгандары республикадагы аттуу-баштуу гезиттерге чыгып жатса бизди теңине алабы?

– Биздин айылдан дагы Адашкан агайдай билимдүү адамдар чыкса жакшы эмеспи. Бирок агай айылда көп болбойт го, болбосо сырын тартып көрөт элек,– деди Сайкал.

– Билесиңби курбум, Адашкан ага мектепте зээндүү окуучулардын катарында окуптур. 1938-жылы "Кара-Кулжа" жети жылдык мектебин бүтүрүп эле Тельман атындагы жатак-мектебине маалим болуп орношот. Ошол эле жылы жаш өспүрүмдөрдүн республикалык өздүк көркөм чыгармачылык олимпиадасына катышат. Анда кыргыз акында-

ры менен кошо өзүнүн "Бүлөлүү" деген ырын көркөм окуп берип, сыйлыкка татыктуу болот,– деди Айжан кысыла, бирок көз карашы жайдары. – Анткени, кээде өзүм да бирдемелерди чиймелей коюп жүрөм. Ошолорду бир окутуп көрөйүн дегем.

– Окутуп көр, балким сенден да акын чыгып калгысы бардыр,– деп Сайкал качып жөнөдү, себеби алардын алдына Омор келип тура калган.

Ошо кечтин эртеси "Сайкал сулуу Мундузга кол жоолугу менен бет аарчысын арнаптыр" деген жакшы кабар уккандын кулагын, айткандын оозун кызытты. Андан көп өтпөй "Мундуз Ыдырыстын кызы Сайкалга сөйкө салыптыр" деген каңшаар кеп айылды жөө тумандай каптады. Аны эл арасына жел жеткирип бардыбы же жер тыңшаар Мамыт айттыбы, айтор каңшаар кептин калпы төгүндөлүп, чыны таптай калды. Бирок натыйжасы эл ойлогондон ашып түштү. Анткени Ыдырыс карыянын короосун күзөтүшкөн топ балдардын карааны солгундап барып, кан буугандай токтоду. Ошондо кадырман айылдаштары бир ооздон:

– Кыз түгөйүн, жигит арзыганын тапты. Экөө бири-бирине ылайык,– дешти. Ошентип, ошо кечтен кийин кичинекей Кадырдын багында шаңшыган бир гана бүркүт калды. Азырынча тапан балага ошол эле жетиштүү. Анткени күндө беймаалда карыган ата-энесин беймаза кылышкан топ балдардын доошу өчүп, айлана тынчый баштаган.

* * *

Кырк биринчи жылдын август айында Мундуздун майданга кетээр күнү такталды. Инисинин жолдугун кылып агасы Турдубай кара улагын союп, айыл-апа, тууган-уругун чакырып кудайы өткөрдү. Түн бир оокумга дейре ыр ырдашып, жаштар түнү бою ойноп чыгышты. Таң жарганда Анан карылар кетип, жаштар Турдубайдын короосуна беш-алты токулуу атты байлады. Жаш-кары кайрадан Турдубайдын үйүнүн жанына топтолушуп, Садык атканачы Мундуздун майданга узатуу аземине чогулуштү.

– Бүркүттүн канаты бийикте, темир жалында чыңалат, иним. Аман барып, эсен кайт! – деди агасы Турдубай өзүнө имере мойнунан сыга кучактап.

– Уулум Мундуз, теңизбай журтун уят кылбай душманды жеңип кел,– деди айыл кеңештин төрагасы Орозов Акыбай кучагын жайып. – Ак жол сага!

– Ак жолуң ачылсын! Жеңиш менен кел! Сени ар дайым ийгилик коштоп жүрсүн!

– Ата Журттун намысын бербе! Жолуң шыдыр, жолдошуң кыдыр болсун!

– Ата-бабалардын, айкол атабыз Манастын арбагы колдосун! Мөрөйүңдү талашканга бербе!– дешти көпчүлүк күжүлдөп.

– Биз сени чыдамсыздык менен күтөбүз. Жексур душмандын тумшугун буза ур, ага сенин күчүң да, акылың да жетишет. Бүгүнчө күтө туралы, эртеңден биз дагы согушка аттанабыз! Балким, майдан тилкесинен жолугушуп каларбыз, ага чейин аман бол! Ак жолуң ачылсын,– деди Адашкан досу балдардын атынан.

– Болду эми, баланы көп кармабагыла. Районго Турдубай, теңтуш-жоролору: Адашкан, Сайкал, Анарбай, Мукан, Айжандар узатып барышсын. Атканачы Садыкка дагы Ыракмат. Таң заардан туруп, аттарды жолго ырастап үлгүрүп келгенине,– деп бакылдады Акыбай төрага кайрадан. – Кана, бисмиллда,– деп Мундузду өзү аткарды, тору кашка күлүккө. Үйдөн "кичине бала" деп тергөөчү жеңеси Айсулуу чебелектеп чуркап келди.

– Кичине бала жакшы бар. Унутпай маал-маалы менен кат жазып тур. Эми биздин көргөн күнүбүз не болот. Бардык тирилик сенин колунда эмес беле,– деп ыйламсырап, жоолугу менен жашын аарчыды.

– Ыя, Айсулуу, болду эми жашыңды тый. Жол баратканда көздөн жаш чыгарган болбойт,– деди ары жактан күйөөсү Турдубай дарылдап.

– Ай, кудайым, ай! Ыйлабай кантип тура аласың! Же кичине бала жөнөлө жайлоого кетип баратабы?! Ал атасы көрбөгөн, укпаган жерге баратат, майданга душман менен алышканы, жеribизди талашканы баратат. Ошондуктан жеңиш менен кайт. Иэ, кокуй, таптакыр унуткан турбаймбы. Ээ, кичине бала, мобу айыл жыттанган, Ата Журт өстүргөн буудай нанды чоң тиште. Сен келгенче үйдүн төрүнө илип коёбуз. Аман-эсен келсең өзүң жейсиң!– деп ат үстүндөгү кайнисине сунду, колундагы бөртө кызартып, майлап бышырган ай тегерек нанын. Мундуз каадасын кылып нандан чоң тиштеп, кайра жеңесине узатты.

– Аттиң ай, уулу кан-жаны менен бүткөн Ала Тоосун таштап, кан майданга аттанганын, желмогуз германдарды жеribизден сүрүп чыкканы баратканын же энем, же атам көрсөчү. Алар болгондо, балким башкача узатмак. Башка түшкөнү ушу болсо, айлабыз не! Мезгилсиз кеткен ата-энеңдин, ата-бабалардын арбактары сени дайым жөлөп-таяп жүрсүн, кичине бала!... Ак жолуң ачылсын! Оомийин!– деп бата тилегенде Мундуздун каңырыгы түтөп кетти.

Ата-энесин ойлоп көзүнөн сызылган мөлтүр жашты көргөндөр аргасыз көздөрүн жашылдантып, оор үшкүрүштү.

– Өткөн жылы жер көчкүнүн алдында калбады беле.

– Жакшы кишилер болчу, баласы да атасын тартып элге жакын өстү,– дешти көпчүлүк.

– Кана, баарыңар аттандыңарбы?!– деп кайрылды төрага тегерегиндегилерге.

– Аттандык!– дешти жаштар бир ооздон.

– Анда жөнөй бергиле. Эртерээк жетип баргыла!– деди Акыбай камкор унчуга. – Мага карабагыла, бир аздан соң артыңардан жете барам.

Атчандар текирен-таскак атып узун кыядан чыгып кеткенче, эл ордунан козголгон жок. Ак-Талаанын түзөңүнө чыкканда аттардын оозун бош коё беришти. Жылкы жаныбарлар атыраңдап чуркап кетпей, бир калыпта желип жөнөштү. Мундуз Сайкалды шынаарлап, жанаша бастырып келатты. Жигит ойноктогон көздөрүн эки бети эндиктей кызарган, ууртуна күлкү жайыла берсе шурудай тизилген аппак тиштери көрүнгөн, басса ак маралдай керилген, атка отурса ак куудай күүлөнгөн кыздан албайт. Үзөңгүлөр кагыша түшөт.

– Сайкал кат жазасыңбы?– деп сурады Мундуз бир маалда.

– Сиз жазсаңыз жооп берип турам,– деди кыз наздана.

– Мен желмогуз фашисттердин бир-экөөсүнүн тумшугун кандатмайын эч кимге кат жазбай турууну чечтим. Бу сага кызыктай угулар.

– Неге кызыктай, жакшы эле угулат. Анда сизди качан эрдик жасайт экен деп күтөт турбайбызбы, – деди кыз да сырдуу жылмайып.

– Сайкал, мен бат эле... сен үчүн аракет кылам, – деди жигит өзүн олдоксон сезип.

– Тигилериң деле оозун ачып карап турбастыр.

– Алар баскынчылар, биз өз үйүбүздөбүз. Өз үй, өлөң төшөктүн, мекендин сүрү оңой эмес, кудай бизди колдойт, жардам берет.

– Ылайым тилеген тилегиңизди берсин! Кудайым деле иши актарды колдойт тура.

– Кудай деген кур калбайт, кудайлап бара берсек, сөз жок, оң жыйынтык чыгат. Сайкал, кел андан көрө жарышалы. Кандай дейсиң?

– Мен сиз тараптамын. Тигилерге айтып көрүңүз.

– Тигилерге сенин мен тараптуу болгонуң эле жетиштүү. Адашкан, Анарбай, Айжан, Мукан силер колдойсуңарбы жарышалы, – деди көздөрү жайнаган Мундуз.

– Эмнеге колдобойт экенбиз, колдойбуз! – деди Адашкан тигилердин атынан, жарышты эле күтүп тургандай атын алкынтып.

– Анда кеттик, чү дегиле!– Сайкалды сүрөй атына камчы салды Мундуз.

Агасы Турдубай колун серендетип токтотмокчу болгондо, артынан куйрук улаш жете келген Акыбай төрага камчысын бүктөй карматып:

– Турдубай, жаштарды тим кой. Жарышып кумарларын жазып алышсын. Мындай сонун учур дагы качан келээрин бир гана кудай билбесе, башка эч ким билбейт,– деди оор улутуна. – Андыктан аларга тоскоол болгон жарабайт,– деп атына камчы урду.

Атчандар кыядан топурашып Кара-Кулжа районунун борбору Бешкепе айылына кирип келгенде ийри-буйру кочо жээктерине байланган аттар үзөңгү кагышып калган экен. Мундузду узатабыз деп келген сарыкамыштыктар да аттарын кийинки чолок кочого жайгаштырышып, эл агылган тарапка бет алышты. Райкомдун имаратынын алдына топтолгон эл сүрүнөнбү, же секидеги кол ойноткон комузчу-чоорчулар менен добулбас үнүнөн уламбы айланага топтолгон узатуучулардын муңайым жүздөрү билинбей, жаңы келип кошулгандардын маанайы майрамдагыдай шаңдуу туюлду.

Башталганы калган аскерге узатуу салтанат-митингдин шаңы жүрөк толкутту. Жаңы форма кийген кер мурут офицер айылдан чакырылган жаштарды тизмеден жоктоп, келген-келбегенин каттап жүрөт. Аңгыча сакал-муруту таза кырылган, көк көз, сары чийкил, эткээл келген райондун аскер комиссары, майор К. Тарантов таянган таягын тыкылдата секиге көтөрүлдү. Уюштуруу иш-чаралары өз нугунда жана өз мөөнөтүндө баратканына көзү жеткендей жылмайып койду. Көп күттүрбөй бир топ жоопту кызматкерлерин баштап, узун бойлуу, бет сөөктөрү аркайган, ак кителчен кадамжайлык орус, кыргыз тилин суудай билген райкомдун биринчи катчысы Б. Фришин секиге чыкканда жоктолгондорду чакырып катарга тизишти. Эл кымгуут түшүп калды. Аскер комиссары райкомдун катчысына сөз берди. Катчы Фришин кыргызча так, кыска сүйлөдү.

– Кымбаттуу калайык калк! Мына бүгүн биздин жигиттер, Ала Тоонун бүркүттөрү совет өлкөсүн тургус кылып талкалайбыз деген германдык фашисттердин өзүн тыптыйпыл талкалап келүүгө аттанып жатышат. Биз аларды ыйык майданга узатып жатып, алардын душманга багышталган ар бир огу жеңиш күнүн, намыс күчүн, эл биримдигин сездиргендей таамай тийишин каалайбыз! Ошондуктан урматтуу алатоолуктар, өзү катылган адам жексурларын жергебизден ары сүрүп чыккыла! Силерди кан майданда курама жыйнап журт кылган, кулаалы таптап куш кылган айкөл Манас атабыздын арбагы колдосун! Силерге чачылганды бириктирген, үзүлгөндү улаган Бакай менен Кошой карыя аксакалдардын батасы тийсин! Биздин ишибиз ак, биз сөзсүз жеңишке жетишебиз! Жигиттер эсен барып, аман кайткыла! Биз силердин жеңиш менен кайтышыңарды каалайбыз! Ак жол силерге! – дегенде добулбас карса-күрс кагылды.

Сыбызгып чыккан чопо чоордун мукам үнү ободо жаңырды. Комузчулар тыпырата кол ойнотушту. Музыка күүлөнүп барып, кай-

ра жайлай баштаганда секиде малдаш токунуп олтурган, шуңшугуй ак калпак, жээктери кештеленген кара манат чапан кийген, олбурлуу тоголок киши күпүлдөп Манас айтып кирди. Зым карагайга илинген калпактай кара радио манасчынын үнүн алда-кайда жаңыртты. Кара тоголок манасчы күүлөнүп отуруп Манас айта баштаганда колдору сербендеп, бирде жайлап, бирде катуулап, буркан-шаркан түштү. Айкөл Манас баатырга Аккула атын миндирип, Аколпогун кийдирди, Аккелте мылтыгын асынтып, Ачалбарс кылычын белине тактырды, Сырнайзасын колго карматты. Кырк чоросун, кыркалекей тизилген калың колун ээрчитти, добулбасын кактырды. Жер дүңгүрөтүп келаткан шер Манасты ойдон жерге, жерден элге аралатып жибергенде, эми эле ылдый көч, өөдө көч болуп ызы-чуу түшкөн кымгуут элдин кыймылы басаңдап, дымый түштү. Бардык көңүл манасчыга бурулду.

Буркан-шаркан түшкөн манасчынын же ата-бабалардын касиети арбадыбы Манасты өңүндө көрүп жатышкандай бериле уккан кемпир-чал, ак калпакчан бала-бакыра, эр азаматтар бир заматта айкөл Манас, Бакай, Алмамбет баатырлар, кырк чоролор менен аралашып, үзөңгү кагыштырып, төбөдөн зуу-зуу кайыган жоонун жебелеринен коргонуп, жата калып, тура калып, найза ыргытып, жебе тартчуудай бирде оңго, бирде солго толкуп турду.

Аны көрүп эр Манас
Аккула камчы салганы,
Айкырып жетип барганы,
Ат үстүнөн Нуукерди
Ай далыдан алганы,
Астында Көкчө калганы,
Алган бойдон арбайып,
Эр Манастын колуна
Экөө бирдей барганы.
Берки турган сексен төрт,
Бет алган жагы болсун өрт.
Найза, кылыч алганы,
Баабедин деп бакырып,
Желектүү найза жапырып,
"Манастан" ураан чакырып,
Аралашып калганы.
Айбалта башка шака-шак,
Найза төшкө така-так,
Башка кылыч жарка-жарк.
Карсылдашты кошулуп,
Кара кан баштан жошулуп.
Тон тозулуп электей,
Тебетейдин астында
Томуктай болгон курган баш
Жошологон челектей.
Кабылан Манас айкырып,
Каарданып бакырып.
Айдаркан уулу эр Көкчө,
Алактатып кытайды,
Бир четинен жапырды,
Асманга канын сапырды.
Алыскы, жсуук айнытбас,
Ыраакы, жакын ылгабас
Аккелте үнү жаңырды.
"Манас", "Манас", "Манас" деп,
Арстан эрди карасаң
Ач кыйкырык чаңырды.

"Манас" эпосунун ушул жерине келгенде ыйлагандар басылды. Олку-солку тургандар, кайгыга ыза болгондор чыйралды. Чоң казатка аттанып жаткандар бойлорун түзөштү. Каны кызыган манасчы ансайын күпүлдөп, оозу жалын чачып, өткөн тарыхтын, ата-бабалардын, айкөл Манастын касиет-күчүн уккандардын көкүрөгүнө кыттай куя берди, добулбасчы жер жаңырта добулбасын ура берди. Мындай шумдук бул өрөөндө көптөн бери боло элек болчу. Эл кадимкидей толкунданып, кирген суудай толкуду.

– Майданда кан кечип жүргөндөрдү атабыз Манас колдой көр!

– Чоң казатка аттангандарды айкөл Манас сактай көр!

– Оорукта калган кемпир-чал, бала-бакыраны колдо!

– Айкөл Манас өзүң сакта!

– Атабыз Манас өзүң колдо!– деп ата-бабалардын шердиги менен эрдигине шыктаныша кыйкырышкан күжүрмөн элдин уу-чуусунан Кара-Кулжа өрөөнү шаңга бөлөнүп турду.

Кымгуут түшкөн эл көзүн секиден алган жок. А секиде касиет жараткан манасчы аларды арбап алгандай, буркан-шаркан түшө кайнады. Обо жарган кыл кыяк менен комуз кылы, чоор менен добулбас үнү жүрөк титиретип, уккандын жан дүйнөсүн аңтар-теңтер кылды. Манасчынын коңур доошу элди ары толкутту, бери толкутту.

– Турдубай, тигинтип Манас баатырыбыз өзү душман менен алышып жатканда, мен куруюн! Азыр эле арыз жазам, майданга кетем. Мен да эр азаматтардын катарында жоо сүрүшөйүн, жеңишти жакындатайын! – деди өзүнчө толкунданган Акыбай.

– Акыбай аке, бу не дегениңиз?! Ушинтип эле кетип каласызбы? Айыл-апа, тууган-урук эмне деп ойлойт? Жок дегенде бала-чакаңызга кабар айттырайын, ошондо бир айласын кылыңыз,– деп шашып калды Турдубай.

– Айтканда, айтпаганда не! Баары бир кетем!– деди кайрадан күчөнүп.

– Акыбай курдаш, мен да сени менен кетем, сени колдойм! Эр Манастын алдында уят болбойлу, сени менен жоо сүрүшкөнү аттанам! Учуру келип турат, сураналыбы?! – деди арык чырай, узун бойлуу бийМырзалык Рыскул.

Аңгыча аскер комиссары Тарантов катарда тургандарга:

– Эр азаматтар, Ала тоонун берендери, силерге он мүнөт убакыт. Коштошуп алгыла, убакыт тар!– деп толкундана жар салды.

Катардагыларды эл каптап кетти. Карыган ата-эне, бала-чака, ага-тууган, ак калпакчан эр азаматтар шыр коштошо албай бири-бирин кучакташты, ыйлап-сыктап кымгуут түшүп калды. Бири-бирин издешкендер, атынан чакыргандар канча? Ошончо элдин кымгуутунан карбаластап калган Мундуз көздөрү менен Сайкалды издеди. Ал элден

обочо мойнуна арта салынган шайы жоолугунун учун тиштегилеп топ теректин жанында туруптур. Көрүп ордунан атып жөнөдү. Чуркап келген Мундуз тамагына бирдеме тыгылып калгансып кызга эчтеме дей албады. Кыз да жашын кылгыртып оозун ачпады. Телмире тиктешип тура бериштн. Кечээ-бүгүн эле жай турмушта көрүшкөн кыз менен жигит минтип капылеттен ажыраша турганын туюшса да, иш жүзүндө оор мененби мандай-тескей телмиришкен экөөнүн бири майданга аттанып, бири оорукта калып жаткан көрүнүш кимди болбосун жанын кейитпей болорун билишкен эмес. Тагдырдын жазмышы же кудаанын буйругу койбойт эле. Комиссар Тарантов жарыялаган он мүнөт бир көз ирмемдей өтүп кетти. Кычашкансып бийик трибунадан кайрадан күчөнө кыйкырды:

– Жигиттер катарга! Тез-тез катарга тургула! Жөнөдүк!

– Балдар абал кайда барат?– деп сурады эл ичинен тынчсызданган бирөө.

– Эч кабатыр болбогула! Оболу Кара-Суу темир жол станциясына барышат. Ал жерден поезд менен батышка жол тартышат,– деген жооп угулду.

– Сайкал, мени күт! Күтөсүңбү? Мен сөзсүз аман-эсен жоону жеңип келем,– деди Мундуз кызды акыркы жолу үзүлө карап.

Коштошконум ушу болсун деп кызды кучактап ууртунан өптү. Кыз да ага жооп кылып колун жигиттин мойнуна артты. Канча болсо да ушу абалда күн бою тура бергиси келди, бирок утуру эле аскер комиссар Тарантовдун шаштырган кыйкырыгы жанын жай алдыра койбоду. "Эх, арзыганың менен кучакташып туруу кандай сонун! Мурда неге мындай жыргалды башыман өткөрбөдүм экен. Мындай бактылуу күн эми дагы качан болот?!" деп ойлоп, кучагын ачты. Бирок кыз Сайкал жигитти коё бербей бек кучактап тургандыктан кайра боюн урду.

– Алтыным, күт мени! Мен сөзсүз кайтып келем, эми мен барайын,– деп кызды сыга кучактады, ууртунан назик өптү.

– Мундуз ага, тез барыңыз. Чакырып жатышат. Мен сизди күтөм, мен сизге өзүм биринчи кат жазам, – деди Сайкал, каңырыгы түтөй колун сунуп жатып.

Жигит кыздын колун кычырата кысты да, кылчак-кылчак мойнун созо чуркап кетти. Каракулжалык жигиттер тизилген катар ордунан козголгондо, арасына барып кошулду. Ойноктогон кара көздөрү котолошкон калың элдин ичинен жакындарын издегендей бал-бал жанды.

– Турдубай аке, Акыбай аба, Сайкал, Адашкан, жигиттер кошкула! Биз жеңиш менен кайтабыз! Анткени бизди ата-бабалардын арбагы, атабыз айкөл Манас өзү колдойт! – деп көпчүлүккө кыйкырган Мундуз кол булгалап баратты...

Карбаластап калган эл күн чыгыштан, күн батышты көздөй бирининин артынан, бири сап-сап тизилип, кадам шилтеп бараткан балдардын артынан сүрүлүп бара беришти...

III

Мундуз аздектеген тамеки мүштөктүн тарыхы да кызык. Кичинесинен райондун борборундагы жатак-мектептен окуду. Жайкы каникулда жайлоого барганда атасы үйрөткөн. Атасынан калган эстелик ушу болуптур. Ата-энесин ойлогон сайын каңырыгы түтөп кетет. Жанын коёрго жер таппай калганда өзүн алаксытыш үчүн колуна тийгенин кичинекей бычагы менен жонуп жүрүп жасаган мүштөгү ушул. Бу дагы согуш башталган жылы аскерге чакырылып, резервдеги полкто кызмат өтөп жүргөндө башталган. Жасалган мүштөгү тез эле бир кесим майга же бир чакмак кантка айырбашталып кетчү. Андай кылайын деген деле ой болбоду. Бир сапар жоокердин үлүшүнө тийген махоркасын четке жылдырып койсо, сибирдик Бурков деген неме: "Бу мүштөк, бу махорка үчүн",– деп асынма мүшөгүнөн кант алып чыгып жатпайбы. Мундуз анда чекчү эмес. Кийин мүштөгү менен махоркасын майга алмашты, аныгы "сен мага, мен сага" алакасын кылды. Ушинтип уланып кетти. Анан калса ошончо орустун ичинде жалгыз кыргыз болсо өзүнчө да куса болуп жүргөн чыгар.

Алгачкы айларда кызмат оор өтүп жатты. Эртеден кечке чуркамай, жер казмай, мылтык атмай, аскер оюнуна машыкмай. Кечинде "тырп" этпей жатып калышат. Кайра эле көздөрүн ачса таң аткан болуп калат. Бара-бара буга деле көнүп бүтүштү, сыягы. Айрыкча кат алган күн майрам. Мундуз үч адамдан кат күтөт. Бири агасынан, экинчиси сүйлөшүп жүргөн кызынан, үчүнчүсү досу Адашкандан. Айылдык кыздын аты Сайкал. Аскер тартибине көнө түшкөндө майданга качан жөнөйбүз дегендер чыга баштады. Ошентип жүрүп полктун командири эки орун басары менен суранып жүрүп көздөгөн жагына кетишти. Полкко финдер менен болгон согушта өзүн көрсөткөн, ок-дарынын жытына небак каныгып бүткөн, орден, медалын такай тагынып жүрчү Березовский деген подполковник келгенде жондон асынма мүшөк, колдон курал түшпөй калды. Чечинип уктамай жок. Аз күндө майданга жөнөтүшөт экен деген каңшаар ансайын курстагылардын кулагын кызытты. Бу каңшаар баарына майдай жакты шекилдүү, майданга жөнөсө эле душманды чекеден кыйратчудай адырандап жогортон буйрук күтүп калышты. Ушундай апаат күндөрдүн биринде шатыдай коркоюп узун, айбаттуу көрүнгөн Березовский үчүнчү взводдун саясий окуусуна катышып калды. Кезегинде Мундузга да айрым суроолорго жооп берүүгө

туура келди. Айрыкча карта менен иштөөдө башкалардан айырмалана алды. Сабак аяктап калганда Мундуз чечкиндүү кол көтөрдү.

– Жолдош подполковник, суроо берүүгө уруксатбы? – деди боюбашын түзөп.

Суроо берет деп күтпөгөн подполковник курсантка тан кала кашын серпти. Жүзү кубарып аскер тартибине көнүшө албай жүргөн кыргыз баласы эмне дээр экен деген кыязда ичинен жакшы көрүп да, жаман көрүп да турду, майор. Бет алдындагы ууга чыкчу тайгандай суутулган, тоголок бет, кең далылуу, кара көз, узун бойлуу, тили жатык жоокердин төрт тарабы келишип тургандыктанбы подполковник Березевский жоошуй түшүп, кайрадан чечкиндүү, чыйрак неме экен деген тейде сурданып:

– Уруксат, суроо бере бериңиз,– деди.

– Жолдош подполковник, жакында майданга жөнөтөт деген сөз чынбы? Эгерде чын болбосо майданга кетүү арызы менен сизге кайрылса болобу? – деди тике карап.

– Биринчиден, майданга жөнөтүү жөнүндө азырынча буйрук келе элек. Экинчиден, баарыбыздын барар жерибиз ошол жер болгондон кийин ашыкпай турунуз. "Ашыккан жигит жоого жетпейт" дегенди билесизби, – деди подполковник, анча коркоктордон эмес экен деген кыязда бети башы дуулдап ысып чыккан Мундузду сынай карап. – Жоого аттанардан абал өзүбүз катуу даярдыктан өтүүбүз керек. Антпесек душман бизди аяп коймок беле. Аябайт. Жолдош жоокер, фамилияңыз Элебесов беле? Отура бериңиз, – деди колу менен ишарат кылып. – Ошондуктан кандай гана шартта болбосун душманды жеңе билүү, бутага таамай тийгизүү, негизи аман калуу биздин бирден бир негизги милдетибиз. Кээ бир стратегдердин турмуш үйрөтөт, согуш көндүрөт дегени болбогон нерсе. Убакыт деген карап турбайт. Туурабы?! Туура. Анан ошо турмушка, ошо согуш тилкесине жеткенге чейин да жашоо керек эмеспи. Сенин жашооң машыгуу талаасында кандай болсо, согуш майданында так ошондой болорун өмүр бою эсиңерден чыгарбагыла. Анткени, силер майданда жөн эле катардагы жоокер боюнча жүрөбербестен, командир да болосунар. Балким, силердин карамагыңарда рөөнүн тагдыры менен ойноого эч кандай акысы жок. Мекенди көздүн ондогон, жүздөгөн адамдардын тагдыры болот. Командирлердин бикарегиндей гана сактоо керек. Себеби тагдыр деген бул – сен, сенин урук тууганын, дос жарын, ата конушун, калайык калк, күжүрмөн элсалуу баарыбыздын милдетибиз. Түшүнүктүүбү?!

Андыктан өзү катылган жексур фашистти жергебизден тезинен кууп

Чоюндай чоң муштум аба жирегенде төшүндөгү орден, медалдар шагырай түштү.

– Түшүнүктүү жолдош подполковник!

Бөлмө дуу жарылганда коңгуроо кагылды.

– Жолдош капитан, жоокерлерди танаписке чыгарыңыз. Экөө калсын,– деди курс начальниги саясий жетекчиге кайрылып.

– Куп болот, жолдош подполковник. Катардагы Элебесов менен Бурков калгыла. Башкаларга уруксат,– деп капитан чаңкылдаганда, Мундуз майданга бүгүн эле жөнөтөт сыягы деп жүрөгү элеп-желеп болуп Бурковго тигилди.

"Бурковго эмне бар? Ал суранган жок го. Бул жерде бир мандем бар. Сибирдин аюусундай зоңкойгон кызталак, дагы эмненин үстүнөн чыкты экен" деп ой жүгүрткөн Мундуз терезеден шаракташкан жоокерлерге көз артты. Калдайган Бурков майор Березовский мандайына келгенде да эчтемени сездирбей тултуюп турду. Березовский экөөнү алмак-салмак карап, Мундузга кайрылды.

– Жолдош жоокер, ата-энеңизден кат алып турасызбы,

– Алып турам, жолдош подполковник, бирок ата-энемден эмес... – мукактанды.

– Анан кимден?!

– Агамдан, жолдош балдардан, анан...

– Кызыман дечи...

– Ошондой сыягы, бирок кызымдан али кат келе элек,– тартынгандай жер карады.

– Эмне үчүн, билсе болобу?

– Себеби өзүм кат жаза элекмин.

– Эмнеге жазбайсыз, жазыңыз.

– Буюрса, эми жазам.

– Ошентиңиз, а ата-энеңиз эмне үчүн кат жазышпайт?

– Ата-энем жок, жолдош подполковник. Өткөн жылы тоодон жер көчкү жүрүп набыт болушкан, – деди Мундуз бутунун учун тиктеп.

– Кечиресиз, билбепмин. Эмне, алар малчы беле?

– Ооба, биздин уругубуз башынан малчы болуп келишкен,– деди оор улутуна.

Жоокер Элебесовду мүштөк, махоркасы үчүн акесин таанытып коёюн деген тейде жини мурдунан көрүнүп, алапайын таппай турган Березовскийдин чекеси тырышып барып жазылды. Балким, Элебесовдун бүтүнкү чыйрак жоопторуна көңүлү жибидиби, же өзү айткан тагдырдын назик кылына кара так түшүргүсү келбедиби, сөздү узактан баштап, жумшак бүтүргүсү келгени да ошондон.

Көрсө окуя мындай болот.

Березовский эрте менен бешинчи ротага кирсе күзөтчү жоокер ордунда жок экен. Бетинин түгү чыкканча айкырып издеп жүрсө, күзөтчү жоокер мүштөгүн түтөтүп даарагканада отурат дейт. Ох, ошондо подполковниктин жини кайнаганын айтпа! Жоокерге кошуп, команди-

рин ата-жотосуна чейин боктоп сөгөт. Шымын көтөрө албай, же актанарга айла таппай куйкасы курушкан жоокерди турган эле жеринде беш сутка камакка буюрат. Тезинен ротаны тизип, узун-туурасы бирметр кылып аң каздырат.

– Жоокерди мүштөк-пүштөгү менен көөмп салгыла!– деп буюрат, жаак эти диртилдей.

Кызуу кандуулукка алдырып, эмне деп жибергенин андабаган подполковник тунжураган жымжырттыкта жоокерлер алайган көз караштары менен шашылыш күзөтчү жоокерди носилкага отургузуп, колуна мүштөгүн карматып анды көздөй жөнөшкөндө түшүнөт, эмне деп тантыганын. Кайрадан:

– Күзөттөгү жоокерди камакка, мүштөктү аңга!– деп чаңырат.

Рота будуң-чаң түшүп, жоокерлер топурай түшкөндө, кара басып, колунан жылбышкан күрөгүн ала коём деп эңкейген Бурковдун көкүрөк чөнтөгүнөн кара мүштөк "топ" этип жерге түшөт.

– Жолдош жоокер, бул эмне?! – дейт көзүнөн каар учкан подполковник Березовский.

Дүйнөнү топон суу каптаса да кенебегендей түр көрсөткөн сибирдик жоокер мүштөктү биринчи жолу көрүп тургандай:

– Мүштөк, – дейт камырабай.

– Мүштөк экенин көрүп турам. Кайдан алдың деп жатам?!

– Кайдан болсун, ушул жерден эле.

– Ушул жерден дегени эмнеси. Тегеректе дүкөн жок болсо, атандын башынан аласыңбы?!

– Элебесовдон айырбаштап алгам.

– Эмне?! – Подполковниктин жаны чыгып кете жаздады.

Энөө Бурков эмнеге, кимден айырбаштап алганын сурап жаткандай ойлонбостон:

– Бир чакмак кантка,– деди суз гана.

– Кимден?!.

– Элебесовдон, жолдош подполковник.

– Шайтан алгырдыкы, бул жер аскер бөлүгүбү, же атаңардын базарыбы? Соодегердигин кара булардын, мүштөктүн баарын чогултчу.

– Шайтан алгырдыкы, бул жер аскер бөлүгүбү, же атаңардын базарыбы? Соодегердигин кара булардын, мүштөктүн баарын чогултчу.

Ошондо бири-бирине коёндой окшош үч-төрт тамеки мүштөк ортого ыргытылат. Подполковниктин ротага келген себеби ушул болчу.

– А сиз айтыңызчы, жолдош Элебесов, сиздин курсагыңыз тойбой жүрөбү? Эмне аскерде начар багышат бекен?

Аягы эмне менен бүтөр экен деп күдүктөнгөн Мундуз кандай жооп кайтарарын билбей кызара күңкүлдөдү.

– Жакшы эле, жолдош подполковник.

– Жакшы болсо жолдошторуңдан кант, май, сураганың жаман жорук. Бул жерди аскер бөлүгү дейт, жолдош курсант. Сен ойлогондой чыгыштын базары эмес, түшүнүктүүбү?

Мынчалыкка барат деп түк ойлобогон Мундуздун жаагынан мончок-мончок тер кулады.

– Эгер курсагыңыз тойбой жатса туура эле мага кайрылыңыз,– деди подполковник сөзүн улай. – Эгер бу жоругуңузду койбосоңуз, эртең күжүрмөн майдандаштарыңызга ок-дары сатуудан дагы кайра тартпайсыз.

"Мен эч кимге мүштөк саткан, же бирөөдөн бирдеме сураган эмесмин. Болгону өз ара алака болгон" деп айтайын деп барып кайра айныды. Баары бир далилдей алмак эмес.

– Кантип эле, жолдош подполковник. Антпей калайын, кечириңиз, – деди жети өмүрү жерге кирген жоокер.

– Макул, экинчи кайталанбасын,– деди майор сөөмөй кезеп.

– Кайталанбайт!– деди жоокер жерден башын албай.

Мундуз ошо күнү түшкүлүктү чарба взводунан ичти. Подполковниктин жазасы ушу болду. Кылган жумушу кечке чочкокана тазаламай, эки маал жууп шыпырмай. Көнбөгөн жытка окшуган сайын кандай да болсо үңкүйгөн сибирдик жолдошунан өч алууну ойлоду. "Күрөк менен бет талаштыра соксом оңбой калса. Алыстан таш менен уруп жыксам эркекчиликке жатпай калат. Андан көрө, өлсөм да кармашып өлөйүн!" деп ойлоп башын көтөрсө короонун так ортосунда бүлдүркөндөн бети-башы көк ала болуп, оозун жалжайткан Бурков турат.

– Салам, күжүрмөн жоокерге. Ме, бүлдүркөн жейсиңби? – Бурков талтая бут керди. Анан бүлдүркөнгө толгон пилоткасын көрсөтүп "Досум, бери кел" дегендей көз ымдады. Көктөн издегени жерден табылып, Мундуздун Бурковду көрүп турган көзүнөн каар учту. Гимнастёркасынын бүчүлүгүн чечти. Кулагын ушалап, алаканына түкүрдү.

– Күрсүйгөн акмак, сени элеби?! Эмне ырсаясың? Келдиңби?! Келсең мына! – Көкүрөгүн жалжайтты. – Коргон аюубаш, азыр менден бирди көрөсүң! Адамга ишарат жетиштүү болсо, айбанга келтек аздык кылат!

Мундуз күүлөнүп келип ичке сүзгөндө Бурков аласалып барып чалкасынан түштү. Күтүүсүз урулган соккудан эсин жыйганча, бир-эки тээп жиберди.

– Ой, сага жин тийдиби?! Кой дейм. Эй, эй токтот акмакчылыгынды!

– Аа, мен акмак, сен акылдуу дечи! Ме, тоюп жат!

Күрс! Күүлөнгөн муштумдан көзүнөн от чагылышып кетти. Машасы десе өнөктүгүнүн аракети чынга окшошо баштаганда чекеси томуйган Бурковдун жини чындап кайнады белем, оозунан көк түтүн

буркурады. Билегин түрүндү, муштумун түйдү.

– Аа...аа, ушундайбы?!... Азыр акеңди тааныттпасам элеби, көркоо басмачы?! Ме! Кайда барба Мамайдын көрү! Мени сүйлөштүрө койбогон күнөө өзүндө.

Бурков аюудай качырып муштумун ишке киргизди.

– Ошондой де... Сенден токмок жечү мен эмес, сибирдин күлтүйгөн аюусу! Өлбөгөн жерден калам!

Экөө карса-күрс, дүпа-дүп эте беттеше түшөт. Олбурлуусу кичинесин алып ыргытат. Анысы тигинин бойлуу экендигине карабастан буйдалтпай каруудан алып жер сүздүрөт. Бири урса, экинчиси коргонгон болот. Ит жыгылыш болсо, беттен алышат. Бири чапчаңдыгы, экинчиси күчү менен үстөмдүк кылгысы келет. Көп мушташтыбы, аз мушташтыбы, анча өтпөй уруштан майнап чыкпасын сезишкен экөө суй жыгылышты. Кышылдап-бышылдап келип экөө эки жерде отуруп калды. Чылада оонаган чочкодон бетер ботала болушкан курбулар саңдаган кирпиктерин тарталбай жатышып, бири-бирине тиштерин ырсайтышты.

– Сибирдин аюусу, баары бир сеники туура эмес. Сен мени жок жерден жаманатты кылдың! Сен ушуну түшүнөсүңбү?!

– Мундуз, мага жакшы эле түшүндүрүштү, өзүм да түшүндүм. Ошол туура эмес кылгандыгым үчүн бул жакка жөнөтүшпөдүбү. Подполковник Березовский келесоо эмес экен, мени да жазалады. Сени жок жерден каралаганым үчүн чочко кайтарганга жөнөттү. Мени кечирип койчу, Мундуз досум! Иттик менден кетти, майпаң аюунду кечирип кой, эми. Сен түшүндүргөнчө эле сүзгүлөп кирбединби! Кечиресиңби?!

– Кечирбей турган иш жок, кечирдим. Бирок кийин бирдеме дешеп тен абал ойлонуп сүйлөп жүр, макулбу? Мага деле жеңил болгон жок,– деди Мундуз шыр эле, сөөмөй кезей. – Эгер "Камбар тебиштин" ыкмаларын көрсөтсөм, небак эненди Үчкоргондон көрмөксүң. Дагы аядым байкуш!

– Ээ кокуй, "Камбар тебиш" дегени эмнеси? Дагы кандай баалээнин башын кылтайтып жатасың? Түшүндүрчү, бай болгур!

– Ал деген кыргыздардын байыркы улуттук эр таймаш өнөрүАны мага жатак-мектепте дене тарбия сабагынан берчү Эсентай деген карыя үйрөткөн. Ал мындай...

Мундуз "Камбар тебиш" деп аталган эр таймаш өнөрүнөн биреки кыймыл көрсөттү. Секирип тепти, айлантып урду. Муштуму, колунун кыры, чыканагы менен душманын сокту. Албетте Мундуз жасаган ыкмалар Бурков үчүн таптакыр тааныш эмес болчу.

– Ии, эми кичине түшүнгөнсүп баратам. Бу чыгыш өнөрү турбайбы. Мундуз, адамдын үрөйүн учурчу сонун өнөрүң бар экен.

– Так үстүнөн чыктын. Саша, бу кыргыздын эр таймаш өнөрү тууралуу азырынча эч кимге оозуңду ачпа! Эңоолүгүңдү токтот. "Бизде ойноп сүйлөсөң да ойлоп сүйлө" деген накыл кеп бар. Анын сыңарындай, бирдеме айтардан же жасардан абал акыл калча, анан айт, же ишке кириш. Андыктан оозуңа келгенди эле оттой бербе! Түшүндүңбү?!

– Түшүндүм, түшүндүм, экинчи кайталанбайт. Күнөө менде досум, кечир. Кээде ушинтип, кучунашым кармай калат. Эми тим турбай, элдешели, келе колунду! Тынчтыкбы?!– Ушундай чечимге келген Бурков Мундузга карылуу колун сунду.

– Тынчтык... – деди Мундуз да колун сунуп.

– Кел кучакташып коёлу...

– Кел...

Бек кучакташкан эки дос капыстан тайгаланып кара колчүккө жыгылганда кашкайып көрүнгөн тиштери кошо баткак болду. Тобөсүнөн ылдый кара баткак сарыгып, кирпиктерине чейин булганган экөө аргасыз бири-бирине бет бага карашты. Бири бозорсо, экинчиси ырсайып, бири-бирин шылдыңдашкан эки жоокер, акыры күчөнүп отуруп короо жаңырта каткырышты.

IV

"Ассалоому алейкум, аке!

Бу катты алыскы Белорусь фронтунда кызмат өтөп жаткан ининиз Мундуздан деп билиниз. Кандай аке, мал жаныңыз аман, тууган уруктар сак саламат турушабы? Айсулуу жеңем, Сапаштар жакшы жүрүшөбү? Согуштун кесепети сиздерге дагы тийип жатса керек. Тамак-ашыңар түзүкбү? Бизде кадыресе билинип калды, тартыштыгы. Согушка али кире элекпиз. Резервде турабыз. Курал жетишпейт, эки кишиге бир мылтык. Эки күндө бир мылтык атуудан машыгуу өтөт. Танкага каршы күрөшүүгө үйрөнөбүз. Саясий окуулар болот. Иши кылып кечке кылган ишибиз: марш тепмей, окоп казмай, куралды сүртмөй, майламай. Мылтык атуудагы менин көрсөткүчүм жакшы. Азырынча бутаны жаза кетире элекмин. Ротанын командири мени "басмачы" деп эркелетип коёт. Ага анча деле терикпейм. Кайра компоюп калам. Анткени башкалардан өздөсүнтүп бөлүп айтып жатпайбы. Токою канаттуу кушка бай. Кулпунай, кара бүлдүркөн терип жейбиз. Өткөндөгү машыгууда тузакка эки кыргоолдун корозун алдым. Балдардын көбү тузакты билбейт экен. Тамак-аш тарткан тору аттын кылынан тузак эшсем шылдыңдашкан, бирок отко кактаган кыргоолдун шишкебегин тамшана жешти. Эртели-кеч чиркейи мазеңи алат. Саздан чиринди жыт уруп турат. Бирок баарына көнөт экенсиң.

Кечээ Адашкандан кат алдым. Республикадагы жаңылыктар, өзү эмне кылып, эмне жазып жатканы жөнүндө жазыптыр. Ал "Сарыбулак" мектебине мугалим болуп которулган турбайбы. Адашкандын жазган жаңылыктарын окуп, өзүмдү Кыргызстанда жүргөндөй элестетип, жыргап калдым. Буюрса, андан чоң маалим чыгат. "Мен дагы майданга кетүү үчүн арыз жаздым",– дейт. Мындай тоо арасындагы бирин-экин билимдүү азаматтарды майданга жөнөтүүнүн эч зарылдыгы жок деп ойлойм. Анткени алар келечектеги жаш муундарды тарбиялап жатбайбы. Алардын жараткан эрдиги ошондо. Бирок Адашкан башынан айтканынан кайтпаган, өжөр го. Ал баары бир майданга кетип калат деп ойлойм.

Кийинки кездерде атамы көп эстечү болдум. Билесизби, баягы мен Суу-Башына барган жылы жаңгак дарагынан мүштөк жасап бизге көрсөтпөдү беле. "Жолдош Сталин мүштөгүн минтип кармайт, анан минтип чегет",– деп туураган го. Мүштөктү мен кандай кыйынчылык менен жасаганымды билесиз да. Ошону ушул жерде да жасадым. Жасайын деген деле оюм жок болчу. Кайсы бир машыгууда аз-аздан кармалай коюп жүрүп, биротоло бүтүрүүгө туура келди. Анан балдарга жасап бердим. Ошентип уланып кетти. Кийин мүштөктүн айынан Бурков деген сибирдик бала менен чатакташып калдым. Сиз ойлобоңуз сибирдик балага жемин жедирген экен деп. Такыр андай эмес. Бурков жакшы жигит, куйтулугу жок, ак жүрөк неме. Күнөө кимибизден кетти билбейм. Балким, күнөө менин түркөйлүгүмдө, Бурковдун маңыроолугунда, же үчүнчү бирөөнүн өтө эле аракетчилдигинен болуп жүрбөсүн. Иши кылып азыр экөөбүз жакшыбыз. Экөөбүздү чалгынчылар мектебине жөнөтүшкөн. Мен ошол жактан жазып жатам. Бул жерден куралдан, бычактан коргонуу, аларды пайдалана билүү, жашынуу жана күрөшүү өнөрүнө үйрөнүп жатабыз. Бул ыкмалар мен үчүн жаңылык деле эмес, себеби "Камбар тебиш" өнөрү тигилерден алда кайда өөдө экен. Бурков экөөбүз дайыма биргебиз. Тапканыбызды ортого коебуз. Ушу жигит мага чылым чеккенди үйрөттү. Үйрөнгөнгө ошончо негиз бар. Анын баарын айтып түгөтө албайсын.

Аке, мени чакырып жатышат. Бүгүн токойго кезектеги машыгууга бармакбыз. Тууган-уруктарга, балдарга менден ысык салам. Эмесе, көрүшкөнчө аман болуңуз.

Иниңиз Мундуз. 1941-жылдын жайы".

* * *

"Саламатсыңбы кымбаттуу иним, Мундуз?!

Сенин катыңды алып сүйүнүп калдык. Ушинтип ара чолодо кабарыңды билдирип тур. Биз болсо сак-саламат турабыз. Катты Абди почточу мал догдурлардан берип жибериптир. Сельподо иштеген Жээнбек бизге төрага болгонуна бир ай болду. Ошо ирик баккандарды Атала төктү жайлоосуна чыгарган. Жеңең демдүү жүрөт. Кичинекей иниң Сапарбай кол арага жарап калды. Буюрса, быйыл алтыга чыгат эмеспи. Ошентсе да бээ саадырат. Отун теримиш болот. Тору тайдын жанын койбойт. Кой тосом менен кечке өөдө-төмөн чапкылаганы чапкылаган. Кыскасы, анда тыным жок. Күзгө таяп быйыл ириктерди этке айдайм. Азыр ылайдай семирген маалы. Орто эсеп менен тирүүлөй салмагын 65-70 кг берем деп турам. Бу менин жеңишке кошкон үлүшүм болот.

Жээнкүл белимчи абышкасы менен Шилбиде. Жайлоого көчүп келгендин эртеси суурдун майы керек дегенинен суур кармап бергем. Байкуштун абышкасы ооруп жүрөт. Ооруган бутуна сүйкөйт го, сыягы. Келгенден айран, сүттөн каралаша коюп жүрөм. Кээде ойлоп кетем, эгер Жээнкүл бакшы болбогондо элчилеп майданда жүрмөкмүн, Турдубай майрык атанбай. Балким, ага өзүм дагы күнөөлүүдүрмүн. Кичинекейимде Сапарбай иниңе окшоп өтөнөөк болсом керек, көчүгүм жер жыттабаган. Апам деле айтып калчу эмес беле, аябай тентек элең деп. Ошо тентектигимден улам беш жашымда эшектен жыгылып, Жээнкүл бакшынын колуна түшүп жатпаймбы. Бутуму кармап озондоп үч ай ыйлаганымды элес-булас билем. Сынбаган бутту сынып кетти деп шакшак коюп таңып, ийри бүткөн экен. Ошондо атам жакага алып түшүп киши догдурга салса, тоодо кыйналган ошо үч айдын ичинде дыр чуркап кетмек экем. Андай болбой майрык болдум. Эми өкүнгөндөн не, убакытты кармай албайсың өттү-кетти.

Улуу, кичүү майданга кетип жатканда менин милдетим майданга эт, жүн тапшыруу. Жараткандын ушунусуна кудая шүгүр!

Бизде андан башка да жаңылыктар көп. Адашкан досуңдун райондук "Коммунизм үчүн" гезитинин бир бетине апаат согушта көрсөткөн Зоя Космодемянская деген кыздын баатырдыгы жөнүндө жазган "Таня" деген ыры чыгыптыр. Эл ошо ырды ыйлап отуруп окушту. Ошо ыры чыккандан кийин эле өз ыктыяры менен фашисттик баскынчыларга каршы согушка аттанып кетти. Адашканды бүт айыл узатты. Узатуу аземинде өзүнүн "Танка" деген ырын көркөм окуп берип, көбүбүздү жашытты.

Ошентип, айылдын мыкты жигиттери майданга кетип, элдин катары суюлуп бараткансыйт.

Мундуз, мүштөк жасап жолдошторуна бергениң жакшы. Жаш кезиңден эле колуң сындуу болчу. Мүштөк жасаганды атам үйрөткөн

деп айттыңбы, теңтуштарыңа. Айтпасаң, айтып кой. Ата дегендин жакшы жагын эскере жүрүш парз. Анан орустар менен уруша бербе. Алар уюшкан эл болот. Бөөдө майып кылып койбосун. Чылым тартканды үйрөнгөнүн ошондон. Орус тилден кыйналбай жүрсөң керек. Себеби, сен жатак-мектепте орусча окубадыңбы. Жоро абандан дубай салам. Азыр жанымда отурат. Кулун көлгө барып аркар уулап келбейлиби деп. Сага анча-мынча белек салса болобу? Ошону жазып жибер.

Сени сагынып, агаң Турдубай. 1942-жылдын күзү".

* * *

"Ассалоом алейкум, аке!

Демдүү турасыздарбы? Жеңем оорубай эле жүробу? Айыл-апа тынчпы? Азыр кайсы жерде кыштап жатасыздар, Сары-Таштабы, же Кырк-Күнгөйдөбү? Ал жакта күн жылуубу? Бизде кычыроон суук. Мени ойлоп көп камтама боло бербеңиз. Турмушка бышып калбадымбы. Ар кандай фашисттин катыгын берүүгө жарап калдым. Кулун көлгө бардыңыздарбы? Аркар, кулжа бар бекен? Абаке, мен сизден суранам, кеңири жазып жибериңиз. Анткени аң уулаган жерди, аң уулоону сагындым. Кичинекей иним Сапарбайды сагындым. Аны ээрчитип алып кекилик, кыргоолу жайнаган Кырк-Күнгөйдөгү тузак койгон жерлерди сагындым. Сапаштын ден соолугу жакшыбы?

Белек салса болобу деп сурапсыз. Болот, бирок бу салгыла деген кеп эмес. Мага кереги жок. Андан көрө тууган-уруктарга каралашыңыз. Сапарбайдын көкүлүнөн сылап коюңуз. Өткөндө Анарбайдан кат алгам. НКВДнын аттарын багып жаткан турбайбы. Атам мени сотко окутат деп жүргөн. Эмне аны аскерге чакырыша элекби? Мукан өз ыктыяры менен майданга кетем деп арызданып жаткан турбайбы. Айылда дагы кандай жаңылыктар бар?

Мен болсо жүрөм. Уруш майданы бизден алыс болгону менен диверсант дегени жанды жеп бүттү. Кудаанын куттуу күнү ок-дары кампаларын, маанилүү завод-фабрикаларды жардырган, белгилүү коммунисттерге кол салгандар, бирин-бирине тукурган да ошолор экен. Алэми немецтик учкуч-кузгундар биз турган шаарга чейин келип бомбалап кетип жатышат. Ошондуктан кызматым ойдогудай өтүп жатат деп айта албайм, анткени майдан деген майдан. Бардык нерсеге даяр турушуң керек.

Кечээ зенитчиктер атып түшүргөн эки немистин учкучун издөөгө катыштым. Чарба взводунда жүргөндө токой менен жакшы тааныш болуп калгам. Андыктан мен аларды тез эле таптым. Чөө бөрүдөй ызылдаган желмогуздар түбүнөн омкорулган карагайдын ордуна жашынган

экен. Мени көргөндө тапанчадан ок чыгарышты. Окко ок менен жооп бердим. Капыстан бироосу көрүнө калганда мылтыкты суна бердим. Ошонусуна ок жаңылды көрүнөт, онкочок атып кетти. Аңды туштап эки-үч жолу ок чыгардым. "Фашист багынып бер! Колуңду көтөрүп чык, баары бир менден кутула албайсың!"– деп кыйкырдым. Мени ал түшүндүбү же жокпу билбейм, жана аттым. Ошондо экинчиси коркконунан тапанчасын ыргытып, колдорун бийик көтөрдү. Жарадарын көтөртүп, алдыма салып айдап алдым. Тирүү немисти биринчи көрүшүм. Алар деле кадимки биз сыяктуу адамдардай көрүндү. Болгону өңдөрү ак саргыл, көздөрү көк, мурдулары кырдач, бойлуу эл келишет экен. Коркконунан колу-буттары калтыраган фашисттерди көрүп кыжырым кайнады. Аңгыча биздикилер жетип келишти. Жоокерлердин кечки жыйынында полктун командири мага алкыш жарыялады. "Алатоолук жигиттен үлгү алгыла! Мекенге Элебесовго окшогон жоокерлер керек, андан үлгү алгыла!"– деди. Албетте, мен этим териме батбай компоюп калдым. Себеби бул менин биринчи эрдигим эмеспи.

Ротадан Бурков экөөбүздү бир полкко жөнөтмөк болушту. Буюрса жакында жөнөйбүз. Азырынча мендеги жаңылык ушул. Кат жазып тургула. Досум Адашкандын майдандагы дарегин сурап бериңизчи. Мени сурагандарга салам айтыңыз.

Сиздерди сагынып, иниңиз Мундуз. 1942-жылдын кышы".

* * *

"Мундуз иним, саламатсыңбы?!

Сенин 20-февралда жазган катыңды бүт айыл окуду. Чоң эрдик кылыпсың. Ыракмат. Биз кубанып калдык. Жексур фашистке теңизбай уруусунун ай тамга белгисин басып койсоң жакшы болмок. Мунусуна болбосо эмкисине эн тамганы басууну унутпа! Ошо эн тамганы Гитлер деген жексурдун көкүлүнүн алдындагы пешенесине бас, бүт дүйнөгө шермендеси чыксын. Бу бүткүл дүйнөлүк жек көрүмчүгө энесинин курсагында жүргөндө эле кудайдын каргышы тийиптир. Өмүрү жакшылык көрчү адам эмес тура. Мурутун шайтан өрттөп, өзү тозоктун отунда күйгүсү бардыр. Ылайым ошондой болсун! Элдин каргышына калган адам абат болобу?! Ошондуктан аларды бизге келтирбей ары сүрө бер!

Иним, мал-жан аманбы деп сурапсың. Кудая шүгүр, элден калбай жамандык- жакшылыкты бир көрүп келатабыз. Өлбөгөн оокат бардыгыбызда бар. Айыл кеңештин төрагасы Акыбай абаң арызданып жүрүп согушка кеткен. Ошентип абаңды да узаттык. Майданга жөнөгөндөр үчүн Манас айттырып, комуз черттирип, узатуу биздин өрөөндө салтка айланып баратат. Манастын таасири чоң экендигин биз ооруктагы-

лар жон терибиз менен сезип жатабыз. Сени узаткандагы уккан Манас баатырдын баяны күнү бүгүнкүдөй кулагымда жаңырып турат. Айкөл Манас атабыздын касиет-күчү бизди жакшы иштөөгө дем берип келет. Айыл-ападан келгендер узатуу салтанатына жакыны согушка жөнөп жаткандыгы үчүн гана барбастан, Манас укканы да барганы ошондон.

Ал эми Акыбай абандын ордуна төрага Жээнбек аке болгонун жазсам керек. Анын чоң уулунан кара кагаз келди. Тентушун Анарбай ат багар болуп иштегени чын. Ат багар болуп бир-эки ай эле иштеди, сыягы. "Ана аскерге кетет, мына аскерге кетет" деп турганда атасы чоңдор менен жакшы эмеспи, ат бактырып койду. Өткөн жумада районго аскер комиссариатына барып келген. "Боюң бир метр кырк сегиз сантиметр экен, кичине экенсиң", – деп армияга албай коюптур. Тартайып боюбулутка жеткен, олбурлуу кара тору Анарбайдын боюкантип бир метр кырк сегиз сантиметр болуп калганына ушу кезге чейин таңбыз. Азыр ал аттарын тапшырып, НКВДга кызматкер болуп кирип алган. Бирок НКВДга боюузундарды гана алышат дегенди да укканбыз. Ал жакка барып боюузарып калса керек. Айтор, амалдуудан айла качып кутулбайт экен, бул жерде кимдир бирөөнүн киришкени билинип эле турат. Оштон бир начальник келип тоту куштай эле мактады. Канткен менен бир эл, бир журт эмеспизби жетине албай сүйүндүк. Колхоздун жоголгон он жылкысынын сары изине түшүп, аларды Өзгөндүн Куршабынан таап, ууру-каракчылардан ажыратып калыптыр. Бирок кашынын үстү бычакка тилинип жараланат. Ошондо окуянын чын-төгүнүнө чычалаган Садык атканачы: "Койгулачы, Анарбай, ал жаратты кык чыгарып жатып тайгаланып кетип, куурайга тилдирип алганда алган"– деп бирөөгө шыбырай коём деп төрага Жээнбектин каарына калды. Төрага Садык акени атбагарлыгынан алып койду. Ошондон көп өтпөй Анарбай форма кийип калды. Өкмөт медаль берейин десе атасы болбой койгон имиш. "НКВДда иштесе аскерден калтырганга бронь берилет экен" деп укканбыз. Ошентип тентушун ишке көчүгү батпай жатып, баатыр атыкты. Кызыгы "Жакында НКВДнын окуусуна жөнөтөт экен. Аяктан чоң болуп келет" деген имиштер тарады. Иши кылып имиштер көп. Түшүнбөгөн нерсеге башымды оорутуп эмне кылайын, өзүң сурап билерсин.

Семиз кайберендин этинен чучук даярдап койдук, женең экөөбүз. Тамактын кереги жок депсиң. Биз болсо үйдүн тамагын сагынгандыр деп ойлодук. Аштык жетет. Эптеп кыштан аман чыксак болду, кийинкисин көрө жатарбыз. Почточудан сурасам, болот деди. Азыр кыш эмеспи, бузула койбостур, чучук, курут, жаңгак кылып салып жиберсе.

Ириктерди этке төктүм. Өзүм болжогондой болду. Тирүүлөй салмагын орто эсеп менен 70 кг дан тапшырдым. Колхоз сыйлыкка деп он беш метр бөз берди. Кайра эркек козу бөлдүрүп алдым. Азыр Сары-Ташта кыштап жатабыз. Сапашың бизге эрмек болуп жүрөт. Кой тосо албай кээде ыйлап келет, кээде адыраңдап кубанып келет.

Мундуз, Кулун көлгө баргандагыны айтпасам ичиң жарылып кетээр. Кыскача болсо да айтайын. Өзүң билесиң, Кулун – кооз жер эмеспи. Барганда бир күн жакшылап эс алдык. Өтмөккө байкоо салдык. Кекилик, кыргоолун тузакка куп эле түшүрдүк. Кудаанын кайберени жер жайнайт. Өзүң билесиң, кийик көп экен деп эле четинен кыра берүү биздин ой-максатыбыз эмес экендигин. Бирок аркар-кулжадан кур келген жокпуз. Өзүбүзгө жетерлик алдык. Мен эликтин бир чаарчыгын карман алдым. Ага Сапарбай иниң сүт берип жүрөт. Чаарчык бизге үйүр алып калды. Тоодон таш тийген го. Алдыңкы буту тизеден ылдый сынган экен, шакшак коюп таңып койдум. Алгач сынган бутун жерге кое алчу эмес. Азыр диңкилдеп чуркап жүрөт. Ииндин эрмеги эми чаарчык болуп калды. Менин оюмча шакшакты жакында алабыз. Буту меникине окшоп майрык болуп бүтпөстүр, ха, ха. Тамаша. Бу иш канча жылдан бери бизге көнүк болуп калбадыбы. Ушуну менен катымды аяктайм. Жениш менен кайт.

Ии, айткандай, эсиме жара чыккыр десе, женең кабатырланып атат, Сайкал кат жазып жатабы деп. Мүмкүн болсо эмки катта жообун жазып жибер. Макулбу?".

* * *

"Саламдашуу кат.

Досум Анарбай, сенден кат күтө берип көзүм тешилди. Бир жолу жазып коюп алакандай кагазды менден аядыңбы. Же убактың болбой жатабы? Иши кылып эл ичинде аман жүрсөң болду. Ордуң майлуусүттүү болсун! НКВДнын бакыйган кызматкери болгон турбайсыңбы. Аганданкара кагаз алыпсыңар, кайрат кыл, досум! Биздин көчөдө дагы майрам болот. Согуш ошонусу менен жек көрүмдүү. Катты аларың менен жообун тез жазып жибер. Жашооң кандай, өз оозуңдан угайын. Сени аскерге чакырбайт бекен. Райондо иштеп жатсаң керек. Ишиң кандай? Көнүшүп калдыңбы? Аксакалдын ден соолугу жакшыбы? Өзүңбүзгө төрага болгон турбайбы. Куттуктайм!

Менден билгиң келсе жаңылык көп. Келгенден дегеле бизге командирлер токтобой койду. Экинчи командирибизди аскер трибуналына беришти. Фин согушунан бери урушуп келаткан неме болчу, Березовский деген. Айрыкча Березовский келгенден суунун бетин көрбөй калганбыз. Полкко темирдей тартип орноткону менен чарба,

ички, тышкы ишке жок экен. Ал келгенден баарын чуркап жүрүп кылууга көңүп калганбыз. Мончо деген түшкө кирбейт. Бут чечмей жок. Шинел менен жатып, шинел менен турабыз. Же майданга жөнөтпөйт. Көпчүлүк убакытты окоп казуу менен өткөрөбүз. Сойломой, атышмай, токойду аралап чуркамай көнүмүш иш. Саясий окуу токтогон. Кээде катарда баратып уктап кетесиң. Керели кечке жер тырмалайбыз. Жөн эле кыйнап жаткандай сезилет бизге. Кыйналсаң үзүрүн көрөсүң дегени турасың го. Мунун да туура. Бирок ушундай тозоктон көрө фашисттер менен жекеме-жеке кармашкан жакшы дей турган болдук. Анткени, ошого тете күндөрдү өткөрүпбүз. Ич кийимибиз, чулгоолорубуз терге чыланып, небак түсүн жоготуптур. Таштап койсоң кожоюп катып калган акыбалга жетиппиз. "Буйрук ана келет, мына келет. Эртең жөнөйт экенбиз" деген сөздүн кунары өчтү. Балким, подполковник Березовскийдин күнөөсү дал ушундадыр. Ал буйрукту күтө берип, полктун ички ишине көп көңүл буралбай калдыбы деп ойлойм.

Ошентип жүрүп арадан кантип жүз күн өтүп кеткенин аңдабай калыппыз. Ушу күндөрдүн ичинде өтө жүдөп кеттик. Тырмагыбыз өркоюп, чачыбыз желкебизге жетти. Денебизди кир басып, мокочого айландык. Бизди көргөн душман чочуй тургандай түргө келдик. Тырмана берип котур болуп кетиптирбиз. Дүйнөдө баарынан да тырманган жаман экен. Көрсө, бизди алда качан эле бит басып кеткен тура. Жер күйүп, фашисттер төбөбүздөн бомбалап турганда резервдеги полкту кантип унутсун. Айраңмын. Мен эле биттеп кеттимби десем, полкту түгөл бит баскан экен. Күнү-түнү тырмангандан жададык. Жаткандан кийин айрымдарыбыз даарatканага барып биттенип келебиз, бири-бирибизден жашынып. Кара күчкө уялган болобуз. Айрыкча нарядга турганда жыргай түшөсүң, биттенип. Кийин ачык эле биттенип калдык. Анан ич өткөк дегени жанды кашайтып бүттү. Колубуз ычкырыбыздан түшпөй калды.

Ушундай күндөрдүн биринде полкко армиянын аскер кеңешинин мүчөсү, генерал-майор Л. Соколов келип калбаспы. Бу генерал биздин бактыбызга кудай жиберген куткаруучу болду. Же арыз боюнча текшерүүгө келдиби разводдо жоокерлер мындай турсун командирлердин шинелинен, тумагынан, желкесинен семирген бөкөчөлөрдү сайып көрсөтүп, биздин көзүбүзчө кенже командирден баштап полктун командирине чейин ит шермендесин чыгара сөктү. Байкуш Березовскийдин өзүнөн бит тапты генерал. Көзүнөн каар учкан генерал командирди жекире карады. "Подполковник, полкту бит басып кеткенин билдиңиз беле?!"– десе, "Билгем",– дейт. "Анда неге чара көрбөдүңүз?". Бетин түк баскан жүдөмүш байкуш мындай дебеспи: "Согуш чыгым кылат дегем". Генерал Соколовдун жаны чыгып кетти. Тикирейген немеге "Мен

озүңдү чыгым кылам! Аскер тартибинде жоокерлердин жүрүм-туруму, даярдыгы, тазалыгы, саясий окуусу, машыгуусу, мекенди сүйүү жана коргоо түшүнүгү, кыскасы – баары шай келип туруш керек. Ушуну сен кантип билбей калдың экен. Арабаны кыйшайтып бир тарапка эле тартса болобу? Болбойт да! Подполковникти аскер трибуналына! Тез!"– деп бакырды. Подполковник Березовскийге кошуп, саясий жетекчини, штабдын начальнигин армиянын өзгөчө бөлүмүнүн зыңкыйган жигиттери чүмбөттөлгөн машинага салып кетти. Аларды алып кеткенден кийин кычыраган суукта генералдын оозуна ак ит кирип, кара ит чыккан насаатына жарым саатта жык тойдук. Аңгыча күркүрөп, үстүнөн буу атырылган он-он беш машина маңдайыбызга келип токтоду. Биринчи батальонду жыпжылаңач чечингиле деп буюрду. Биз олку-солку болуп, аңгүдүк ойдо турганда "Энеден туума чечингиле!"– деп тапанчадан ок чыгарганда жетти генералдын буйругу. Өзүң элестетип көрчү! Биринчи батальон түгөл чечинип, санинструкторлор ишке киришип, полктун үч-төрт айдан берки иштебеген мончосунан кара түтүн буркурады. Энеден туума жыпжылаңач жоокерлер мончого кирип жыргады го! Жеңилдеңип, кычыштырган кирден арылып, биттен кутулуп! Мончодон чыгар замат жаңы ич кийим, телогрейка берип казармага чуркатты. Тазаланып-түүктөлгөн шинелдерибизди кийин алдык. Ушунун баары 1942-жылдын кышы казармага замбиректин үнү угулуп, душмандын истребителдери шаарды тынымсыз бомбалап турган чакта болуп өттү. Адам көгөрсө, ойго келбеген нерсени да жасап койчудай. Казарманы күн-түн жуудук, санинсрукторлор дезинфекциялашты. Чачыбызды мончодо эле такырайта алышкан. Жаңы келген жоокерлерге окшоп кайрадан баарыбыз бир кишинин баласындай болуп калдык. Майдан тилкесинде туруп резервдеги полк аталганыбызга айраң таңмын. Бул жерде канча болобуз али белгисиз. Ошон үчүн жообун тез жаз. Айылдаштарга менден жоокердик ысык салам.

Көрүшкөнчө саламатта бололу деп, досуң Мундуз".

* * *

"Ардактуу агам Мундузга ысык салам!

Бул катты алыскы кыргыз жергесинин атыр жыттуу Кара-Кулжа өрөөнүнүн Сары-Камыш айылында жашап жаткан карындашыңыз Сайкалдан деп билиңиз. Ардактуу агатай, аскер кызматыңыз ийгиликтүү өтүп жатабы? Кыйналган жоксузбу? Ал жакта аба ырайы кандай?

Мен болсо эл катары жүрөм. Сизге берген убада боюнча эмдигиче көп кат жазышым керек болчу. Тилекке каршы, андай болбой, эми гана чыгынып отурам. Ал үчүн мени кечирип коюңуз. Абал, биринчи катты мен сизден күткөм. Бирок сиздин колуңуз бошобой жаткандыр

деп өзүм эле кат жазууну чечтим. Көп жолу калем сапты колго алып, баракты шуудуратып убакыт өткөргөнүм да чын. Арийне, кыз баланын эркек адамга биринчи кат жазышы, аял кишинин жүрүм-турумуна туура келбей калат деген негизден улам, кийинкиге калтырылып жаткан. Бирок мен сизге биринчи өзүм кат жазам дебедим беле. Ошо убадага туруп, жазып жаткан кербезим. Эми кечиктирбей, бат-баттан кат жазып турам деп ойлойм.

Сиздин эки душманды туткундап алгандыгыңыз жөнүндө жазган катыңызды айыл-апа жакшы кабыл алды. Турдубай ага менен Айсулуу жеңем күүлүү-күчтүү жүрүшөт. Сиздин эрдигиңиз кыздар арасында да кызуу талкууланды. Атыңызды айтып кыздар мага тийишсе бети-башым дуулдап кетчү болду.

Мундуз ага, чынын айтсам сиз "туткундаганга" абдан уста экенсиз. Эсиңиздеби, сиз жатак-мектепте жүргөндө каникулга келгенсиз. Ошондо кыздар-балдар эки тарап болуп ойногон кызыл желек оюнунда мени "туткундап" алганыңыз. Мага эч кимди жолотпой көбүн кууп жүрүп оюндан күйдүргөнсүз. Мен тараптагы Анарбай тенттушуңуз мени "туткундан" бошотуп алалбай канчалык амалданса да катуу тургансыз. Акыры тенттушуңуздун өзүн "туткундап", биздин кызыл желекти ала качкансыз. Ошондо Анарбай ага мени канчалык "туткундан" бошотууга далбастаган сайын, негедир, ошончолук сиздин туткунуңузда болуну самагам. Балким, ошо күн биздин ортобуздагы ысык мамиленин тутанышына себеп болгондур. Кийин кайсы жерде болбосун көзүбүз чагылыша түшүп, көңүлдөгү сырды көз билдирет дегендей сиз менден, мен сизден көздөрүбүздү тарталбай калган учурлар көп эле болду, сыягы. Ошо кызыл желек оюну балалыгыбыздын акыркы баёо күндөрүнөн болгон экен. Кийин чоноюп калдыкбы, ойнобой калдык.

Эми биздин кызыл желегибизди колубуздан чындап талашып, бейиштин төрүндөй болгон жерибизди тартып алууну көздөп, сугун артып, совет элин тыптыйпыл жок кылууну көздөгөн фашисттик Германиянын тилеги таш капсын! От күйгөн майданда көптөгөн совет адамдарынын катарында сиз дагы жеңиш үчүн өз үлүшүңүздү кошуп жатканыңызга мен сыймыктанам жана сизге терең ишенем.

Анарбай ага бизден кабар алып турат. Аскер кийими куп жарашып калыптыр. Күлдүрүп, секетбайлардан ырдап черибизди жазып кетет. Курбум Айжан андан көзүн албай күлсө күлүп, ырдаса кошулуп ырдайт. "Мундуз агага кат жаздыңызбы",– десем, "Бир сапар жазгам, ошондон бери чолом тийбей жатат",– дейт. "Сиз жазбасаңыз мен жазайын",– дедим. Ошентип, бу жагдай да сизге биринчи кат жазууга түрткү болду. Бизден сурасаңыз, кудая шүгүр жүрөбүз. Өзүңүзгө белгилүү Сары-Камышта кыш жылуу болот. Биз болсо чарбага көмөктөшүп талаага кык төгүүгө чыгып жатабыз. Болгон жаңылык ушул.

Баса, быйыл мектепти аяктасам, Ош шаарындагы педтехникумга тапшырайын деген ниеттемин. Адашкан агамдай мен дагы мектепте жаш муундарды тарбияласам деген оюм бар. Анткени Адашкан аганын билимдүүлүгү, мыкты журналисттиги мени катуу таасирлентти. Ал азыр майданда, кан күйгөн жерде, өз ыктыяры менен суранып жүрүп кеткен. Ал эми Адашкан агайдай мугалим болуу тилегим – менин башкалардан жашырган сырым. Аны да сизге биринчи айттым. Кат жазып туруңуз. Көрүшкөнчө саламатта болуңуз деп, карындашыңыз Сайкал. 1942-жылдын жазы".

* * *

"Ардактуу карындашым Сайкалга майдандан ысык салам!

Сайкал аман-эсен турасыңарбы? Ата-энең, ага-туугандарың күүлүү-күчтүүбү?! Кадырдын окуусу кандай? Дагы эле китепти көп окуйбу? Окусун, кийин кереги тийбей койбойт. Жөндөмдүү бала, менден салам айтып кой.

Сенин катыңды алып абдан кубандым. Кызыл желек оюнун эскерипсиң, ойнобой калганыбызды дагы жазыпсың. Сен айткандай ошо күндөр биздин балалык күндөрүбүздүн таттуу да, эсте калаарлык да окуяларынан болгонун танууга болбойт. Ошондо сени өтө катуу кайтаргам, жөн эле бирөөгө бергим келбегени да чын. Кызыл желек оюну биздин ууз сезимибиздин байчечекейи болгону да ырас. Кызыл желек оюнунда мен баштаган топ такай утчу эмес белек. Анткени, ар дайым сени "туткундап" алууну күсөчүмүн. "Туткундап" алгандан кийин желегинди жула качууну самачумун, себеби ага сен шык берип турчусуң. Ошентип самаган жеңишке бат эле жетчүбүз. Бизде чоң шык бар. Биз сөзсүз утабыз, сен андан шек санабай деле койсоң болот. Себеби бизди жеңиштерге шыктандырган улуу партия, жол башчыбыз Сталин бар. Кудайым ошолорго күч-кубат берсин. Биз алар турганда сөзсүз жеңишке жетебиз. Сен ага бөркүңдөй эле ишене бер. Үмүт үзбө, ишениминди чыңа, сөзсүз жеңиш биз тарапта болот.

Сайкал карындашым, сенин Оштон билим алам, Адашкан агамдай мугалим болгум келет дегениң мени абдан кубандырды. Сен окушуң керек, анткени сенде тубаса жөндөм, алга умтулуу бар. Адашкан агайындай эле мугалим болсоң жаман болбойсуң. Анткени, ал өз заманынын алдыңкы, билимдүү адамы. А билимдүү адам ар дайым өз өлкөсүнө кереги тиерин менден жакшы билесиң да. Ошондуктан мен сени кош колдоп колдойм. Оку, билим ал, Ата журттун алдыңкы кыздарынан болуп өс!

Айжан курбуңа менден ысык салам. Анарбайга кат жазгам, эмдигиче жообу жок. Катта чоң калпыстык кетирип коюпмун. Кийин айланып

келип өзүмдүн башыма тийбесе болду. Аны сенден кат алгандан кийин сезип отурбаймбы. Иш өтүп кеткенден кийин не демекмин, бармагымды тиштеп отуруп калдым. Ала Тоо, ага-тууган, дос-жарды сагынып, душман кокодон алып кыйналып турганда, шайтан азгырып кандайча жеңил сезимдерге алдырып койгонумду өзүм да түшүнбөй калдым. Ал үчүн мен жооп берчү күндөр келет, бирок качан, кайсы мезгилде, али белгисиз. Сен менден азырынча "Ал кандай жаман кабар эле" деп сурабай тур. Сенден суранарым ушу. Мен тирүү турсам кийин өзү эле калкып чыгат. Ошондо боолголоп каларсың. Сурагандарга менден ысык салам де.

Бул жердин суугу чучуктан өтөт, айла жок ага да көндүк. Сайкал, сенин катынды окуп, дароо жооп жазууга кириштим. Сенин катың мага күч-кубат берди. Суукту тоготпой, душманга кыргыйдай тийиш үчүн Ала Тоонун ысык саламын жолдогон, Ата Журт жыттанган катынды көкүрөк чөнтөгүмө салып алдым.

Сүйүктүү карындашым саламатта бол, ушуну менен катымды аяктайм деп, аган Мундуз. 1942-жылдын жазы".

* * *

"Майдандан ысык салам!

Мундуз, ошентип мен майдандамын. Тилеген тилегим кабыл болуп, өз ыктыярым менен согушка да келдим. "Сендей карылуу жоокер, артиллерияда гана кызмат кылыш керек",– деп мени какылдаган майор минометчиктер курсуна жөнөтүп жиберди. Аяктан минометтун наводчиги деген аскер кесибине ээ болдум. Көнүмүш болбогондон кийин майдан тилкесиндеги тарсылдак согуш, алгачкы согушуп жаткандар үчүн өтө эле оордой, өтө эле коркунучтуудай сезилген. Азыр кадимкидей согушуу ыкмасына үйрөнүп, фашисттерди оң да, сол да жагынан согууга даярдык күчүбүз жетишип калды жана согуп да жатабыз. Кайсы бир кыштакты бошотууда көрсөткөн эрдигим үчүн мени "Эрдиги үчүн" медалы менен сыйлашты. Куттуктап койсоң болот. Бул менин биринчи эрдигим. Агам Исмаил да кайсы бир майданда согушуп жатат. Ошентип теңизбай журтуна белгилүү жамакчы, айтылуу дыйкан Осу абандын балдары фашисттердин мээсине чай кайнатып жатканы кубандырат. Мүмкүнчүлүктөн пайдаланып мен кыргыз тилинде чыккан гезиттерге жазылгам. Кыргызстандан гезитер келгенде окуп жыргап калам.

Өзүң кандайсың? Сен согушуп жаткан майданда кандай жаңылыктар болуп жатат? Иши кылып аман бол, достум. Кат жазып тур. Бизде болсо кат жазууга мүмкүндүк бербей нөшөрлөп жамгыр жаап жатат. Окопторду четинен суу каптай баштады. Ошого карабай катты жазып бүттүм.

Эмесе көрүшкөнчө саламатта бол деп, досуң Адашкан"

* * *

"Майдандан майданга ысык салам!

Ардактуу досум Адашкан!

Катынды алып абдан кубандым. Чынын айтсам, бизде деле көз ачырбай жааган жамгырдан эмне кылар айлабызды таппай отурабыз. Буюрса, мына-мына войскага жөнөгөнү жатабыз. Мага сержант деген наам беришти. Ден соолугум болсо кудая шүгүр, эл катары жүрөм. Кыйынчылык жок. Мени да эки учкуч немисти туткундаганым үчүн сыйлыкка көрсөтүшкөн, бирок ал сыйлыгын ала элекмин. Мага караганда сен менден мурда эрдик көрсөтүпсүң. Биринчи согуштук сыйлыгың кут болсун, досум! Минометуң тарсылдап душманга таамай тийе берсин. Канчалык көп тийсе, ошончолук жакшы.

Өзүң күүлүү-күчтүү жүрөсүңбү? Кыйынчылыктар жокпу? Майдан жакынбы? Исмаил аяш аке кайсы жерде кызмат өтөп жатат? Анын ден соолугу кандай? Кат жазсаң менден ысык дубай салам айтып кой. Досум Адашкан, мен сени менен көп-көп маселелер боюнча кат жазышкым келет. Бирок ойлогон ойду, кыстаган турмуш жеңет дегендей, кийинки айларда майдандан майданга жазылган каттар өзгөчө текшерүүгө алынып жатканын сен эң жакшы түшүнөсүң да. Ошон үчүн бөөдө күнөөлүү болуп калбайлы. Ушинтип эле эсендикти сурашып турганыбыздын өзү чоң керемет.

Адашкан, чынын айтсам айылды абдан сагындым. Ойноп-күлгөн жерлер түшкө кирет. Согуш дагы көпкө созулчудай болуп кетти. Аягы көрүнчүдөй эмес. А сен айылды сагындыңбы? Эмесе, ушуну менен катымды аяктайм деп, досуң Мундуз"

V

Мундуз Элебесов чалгынчылар мектебин ийгиликтүү аяктап, катардагы жоокер Алексей Бурков экөө 7-аткычтар дивизиясынын подполковник М. Радченко командалык кылган полкуна жолдомо алышты. Полктун командиринин буйругу менен "Эки иштен бир иш, комендатурадагы иштерди жайгаштыргандан кийин, бизге бөлүнгөн жаш чалгынчыларды ала кел",– деп лейтенант Михаил Воробьёв деген күжүрмөн чалгынчыга тапшырган. А лейтенант түз эле бул жакка келиптир. "Фронттон келип бизди алып кетишет экен. Андыктан өзүбүздүн тартиптүү экенибизди көрсөтүп коёлу",– деп какая колдорун чекесине алышкан экөөнү алыстан эле байкаган. Көз сынынан өткөргөн карт бөрү, тигилердин какайганын анча деле таназарына алган жок. "Мени көпкө күтүп калса керек, кумсарган өңдөрүнөн көрүнүп турат. Зоңкоюшканы менен ооздорунан эне сүтү кете элек сары ооз балапан-

дар да. Согуш эмне экенин ушу мадырабаштар кайдан билсин?" деген ойго кетти. Ошондуктан кайдыгер гана:

– Салам балакайлар, мага жолдош лейтенант, же жөнеле Миша байке деп кайрылсаңар болот. Мен өтө эле коркунучтуу эмесмин. Колуңарды түшүргүлө. Эмне мелтирейсиңер? Кана, даярсыңарбы?! – деди жүрөккө кол салып.

– Даярбыз, жолдош лейтанант. Мен сержант Мундуз Элебесов!

– Саламатсызбы, жолдош лейтенант. Мен катардагы Алексей Бурков!

– Мына, ушинтип таанышып да алдык. Түзеле силерге келдим. Ошондуктан азыр комендатурага барып, иштерди бүтүрөбүз да, ал жактан дайындалган бөлүккө сапар тартабыз. Ырайымдуу шопурлар жолугуп калса бүгүн кечинде, болбосо эртең таң жарганда полкто болобуз. Кана, басалыбы?– деди өзү биринчи кадам шилтеп.

– Жолдош лейтенант, же жөнеле Миша байке, сиз көптөн бери согушуп жүрөсүзбү? Өзүңүз тууралуу айтып бербейсизби?– деп сурап калды, Алексей Бурков, лейтенанттын суз кабыл алганына тырчыйып калгандай.

Сержант Элебесов көзүн алайтып Бурковду бөйрөккө нукуду. Бирок башынан далай шумдукту өткөргөн, асман түспөлдөшкөн көздөрүнүн айланасын жөргөмүштүн желесиндей бырыш баскан, чап жаак, кырдач мурун, сороюп узун көрүнгөн, жашы элүүлөргө барып калган, чыгынган аттай жоош кейиптенген лейтенант Михаил Воробьёв жоокердин тапандыгына кол шилтеп койду. Болбосо мындай аңкоо кайрылуусу үчүн ата-жотосун калтырбай сөкмөк.

– Көптөн бери, жоокер, көптөн бери. Эмне шекшип турасыңбы?

– Жолдош лейтенант, Бурков төрөлгөндөн ушундай жаралып калса керек. Оюна келгенди оттой бермей адаты бар. Көңүлүңүзгө албаңыз?– деди сержант Элебесов.

– Эмнеге көңүлүмө алмак элем. Албайм. Бирок жолдош жоокерге, же туурасы аңкоо жоокердин кулагына күмүш сырга. Мен бир жолу айтам, а сен аны өмүр бою көкүрөгүңө түйүп ал. Качан сурасам, ошондо жатка айта тургандай бол! Түшүндүңбү, жоокер!– деди чычайган муруттарын чычайтып.

– Түшүндүм, жөнеле Миша байке! Жок, жолдош лейтенант,– деди Бурков жүрөгү чанагынан чыгып кетчүдөй алардап.

– Түшүнгөнүң жакшы болду. Болбосо энеңдин эмчегин эмизмекмин!– деди жиндене. – Ал эми жолдош сержант, сага айтарым, экинчи куюшканга кыпчылбай жүр!

– Биздин элде эр чекишмейин бекишбейт деп коёт, мага жетиштүү болду, жолдош лейтенант,– деди Элебесов чылым ороп жаткан Воробьёвду мостоё карап.

– Сержант, сиздин эл туура айтыптыр, баракелде сага! Эми,– чылымын кере-кере тартты,– убакыт көп эмеспи, өзүм тууралуу айтса, айтып берейин. Анан калса бүгүн эмнегедир эле өзүмдүн да сүйлөгүм келип калыптыр. Аңгеме угууга жолдуу экенсиңер. Андыктан аскер турмушундагы өз башыман өткөн кескин бурулуш тагдырым жөнүндөгү окуя тууралуу кыскача кеп уруп берейин.

... Мен өзүм кадрдык офицермин. Монголиянын Халхин-Холундa кызмат өтөдүм. Япондук миллитаристтерге каршы согушта майор чинине жетип, батальонго командалык кылгам. Фронттун алдыңкы чегинде турганбыз. Япондор тактикалык жактан маанилүү делген дөбөнү ээлеп алышкан. Качантан бери ошо дөбөнү алалбай, канча чабуулубуздун мизи майтарылды. Кара басып, кайсы бир күнү бир нече азезилдей машыккан жан кечти япон жоокерлери биз жайгашкан чекке түнү өтүп келип, он чакты жоокерибизди мууздап кетишет. Он жоокердин жоокерчилиги оңойбу?! Каным кайнады, уятым тим жаткырбады. Өч алмак болдум да он жоокердин кегин куун, ошол эле түнү батальонду согушка алып кирдим. Бизди кол салат деп күтпөгөн экен. Аябагандай кырылыштык. Ошентип, көптөн бери алалбай, көзүбүздү кызарткан маанилүү дөбөнү ээледик, жеңишке жетиштик. Япондуктардын жандуудан жанын койбой кырдык. Бу менин биринчи жеңишим болчу. "Жеңилбес" аталган япон жоокерлерин жеңип, тирүү калгандар бир башкача дердейип калдык. Тилекке каршы, бизден да чыгым болду. Арийне, согушту, айрыкча кыйынчылык менен келген жеңишти, таптакыр чыгымсыз элестетүү мүмкүн эмес. Себеби чыгымы жок жеңиш болбошун, ошо согушка катышкан адам жакшы билет. Ошондой болгон күндө да жаман оюмда канча айдан бери алалбаган дөбөнү бир түндө алгандыгым үчүн, жок дегенде мага орден беришет го дегем. Тилекке каршы, андай болбоду. Кайра баары теңирден тескери болду. "Жоокерлери көп чыгым болуптур" деп терими тескери сыйрышты. Жеңиш тууралуу сөз да болгон жок. Менин болгон айыбым чабуул жөнүндө полктун командирине ошо маалда кабарлабай жоокерлерди согушка салганым жана алардын чыгымы болду.

Арадан апта өтпөй кызматтык териштирүү башталды, комиссия түзүлдү. Жыйынтыгы албетте, жогорку тепкичтегилерди канааттандырса керек, эртеси разводдо бөлүгүбүзгө башкы командачы Г. Жуков келди да: "Өзүнөн жогорку жетекчиликке маалымдабай өзү билип, өтүгүн төргө илген майор Воробьёвдун аскер наамы капитанга төмөндөсүн",– деп буюра айтканда аңкайып калдым. Анткени, мен командачынын, комиссиянын чечимине каршы элем. Ошондуктан уруксат сурап ортого чыктым да: "Жолдош командачы, өч алуу адамзаттын сөөгүндө бар. Мен болгону бөөдө курман болгон советтик жоокерлердин өчүн алдым. Эртеби-кечби япондор ээлеген дөбөнү алмакбыз да. Советтик

жоокерлерге ким каршы тура алат! Чыгымсыз жеңишти ким камсыз кыла алат?"– дедим күйбөгөн жерим күл болуп.

Мен айтып бүтө электе эле кызарып-татарып кеткен командачынын көздөрү чанагынан чыга алайды: "Жолдош капитан, жок лей-тенант, командачыга тил кайрыгандыгыңыз үчүн сизге беш күн камак!"– деп ачуулуу кыйкырды. Мен дендароо болуп туруп калдым. "Жолдош лейтенант, сизге түшүнбөй калдым!"– деп кайрадан бакырганда "Жарайт, беш күн камак!"– дедим, ызамы ичиме жутуп. Албетте, командачы ушуну менен эле туруп калган жок. Көктүгүнө таяндыбы, же жеке амбициясына берилип кеттиби кайрадан сөөмөй кезеди. "Эгерде, бу да аздык кылса Воробьёвдун ишин трибуналга өткөргүлө! Жолдош лейтенант, көктүгүңүздү үйүңүздө кылыңыз. Бул жерди армия дейт. Мен айтканда гана чабуулга көтөрүлөсүз, жат десем жатасыз. Уктуңузбу? Көрүнгөн эле офицер ушинтип тоң моюндук кыла берсе армияда тартип болобу?! Жолдош полктун командири, бардыгы мен айткандай болсун! Аткарыңыз! Иштин жыйынтыгын менин жеке өзүмө билдиресиз. Мен айткандай болбосо, кийин мага таарынбаңыз!"– деди буюра силкинип, каары кайнаган командачы Жуков.

Кийин түшүндүм, батальондун жеңишине караганда командачынын бир ооз сөзү артык экенине. Ошентип, ушу күнгө дейре лейтенант майданда. Чоң уулумдун аты Гриша, кичүүсүнүкү меникиндей Микаил. Балдардын апасы бейиши болгур Светлана Игнатьевна мектепте математика сабагынан берчү. Кенжебиз жетиге чыкканда автокырсыктан каза болуп калды. Ошондон балдарымды өзүм очойтуп-чочойттум, билим бердим, элге коштум. Өзүм биринчи күндөн согуштамын. Азыр чалгынчылар ротасынын командири лейтенант Савченконун орун басарымын. Аны менен барганда таанышасыңар,– деп сөзүн аяктады, бир көргөндө эле чечиле сүйлөгөн лейтенант.

– Жолдош лейтенант, чынында эстен чыккыс турмуш чындыгын башыңыздан кечирипсиз. Бир заматта эле аскер наамыңыздын майордон лейтенант наамына түшүүсү абдан эле кыйын болсо керек?– деп суроолуу карады Мундуз.

– Абдан эле кыйын болду,– деди сержанттын суроосуна тырчыйган лейтенант. – Бирок көнүп калдым, лейтенант наамында деле согушса болот экен.

– Аскер наамыңызды калыбына келтирүү боюнча кайрылган жоксузбу?

– Сержант, сен да кызык экенсин,– деди азиаттын суроосу качан түгөнөт деген кыязда, алдыртан көз жүгүртүп. – Кайрылбай койду дейсинби, кайрылдым, бирок башкы командачы генерал Жуковго ким каршы чыгат? Эч ким. Ушинтип өмүр кезип келе жатабыз,– деп алдыга жүткүнө басты.

– Мундуз, сен байкадыңбы? Жолдош лейтенант бизди жашсынтып жактырбай жатат көрүнөт. Өнөрүбүздү көрсөтүп коёлубу, ыя?! – деди шыбырай сүйлөгөн Бурков.

– Эгер сен ынасаң, мен макулмун. Бирок баары ченеми менен болсун.

– Мен макулмун, бирок сен көп эле тырышып кетпе. Бир көгөрсөң катуу көгөросүң.

– Сенин бакзандай оор муштумуңду тумшугумда ойнотуп, эки саат эсим ооп жаткым жок, акеси,– деди Мундуз да шыбырай сүйлөп.

– Ооба, сен эле болсоң ойното коёсуң.

– Ошондой болсо да айтып койдум да.

– Миша байке, кейиштүү иш болгон экен. Ага көп эле кайгыра бербеңиз,– деди Бурков капыстан артынан жете келип. – Андай нерселер кимдердин башынан өтпөгөн.

– Жолдош жоокер, сага ким айтты кайгырып жатат деп, же дагы кимдердин башынан өтүптүр!– деди көзүнөн заар учкан лейтенант.

– Аңкоо жоокерди күнөөгө жыкпаңыз, жөнеле Миша байке,– деди аңкоолоно түшкөн Бурков. – Жок, жолдош лейтенант, мени кечирип коюңуз. Мен кээде ушинтип кучунашым кармай калганда сержант Элебесов жиними кагып койчу. Бүгүнкү бөйрөгүмдөн түрткүлөгөнүн мен чымын чакканчалык да көргөн жокмун,– деди тамаша чынын аралаштыра сүйлөп.

– Ах, шүмшүк! Мени чымын чакканчалык көргөн жоксуңбу?– деп Мундуз көз илештирбей тумшукка берип калганда Бурков аласалып кетти.

– Бу эмнеси?! Эмне болуп кетти? Сержант Элебесов акылыңызга келиңиз! – деди коркуп кеткенден көзү аландай түшкөн лейтенант Воробьёв, алапайын таппай.

– Жолдош лейтенант, мен өз акылымда элемин. Мобу жоокерге кичине жел тийип калганбы, макоолонуп-сакоолонуп жатканын өз көзүңүз менен көрдүңүз. Бурков, келе колуңду, тур өйдө!– деп колун сунду, теңтушу эсине келгенде.

– Миша байке, сиз туура белгилединиз, "Өч алуу – адамзаттын сөөгүндө бар!" деп. Ошонун сынарындай, Мундуз, менде дагы өч албаган эмнең калды? – деп табышмактуу күңкүлдөдү Бурков. – Дагы Камбар тебишинди баштадыңбы?– деди этек-жеңин кагына. – Муну Камбар тебиш дебейт. Муну жолу улууну сыйлабаган алакөөдөндүн мурдунан эшек курутун түшүрүү дейт, жолдош жоокер,– деп кулагына эңкейе айтты. – Көк мээ, лейтенанттын алдында уят кылдың. Тур эми. Тигинден кечирим сура. – Бүгүн эмне тамашалаша турган күнбү?! Мындай тамашаларды койгула, бүркүттөр. Тамашанын арты жаман болот,– деди лейтенант Воробьёв акыл айтып.

– Жолдош лейтенант, бүгүнкү тамаша үчүн кечирип коюңуз,– деди Бурков.

– Мени да... жолдош лейтенант.

– Бүркүттөр, башталышы жаман эмес. Мындай ылдамдык менен жүрүп отурсак буюрса, бат эле Берлинге жетип барабыз. Анан сен Сибирдин аюусундай күрүлдөгөн Бурков, Элебесовго караганда бойлуу, сөөк-саактуудай көрүнөт экенсиң. Бирок неге анын муштумун өз тумшугунда ойнотууга жол бердиң? – деди Воробьёв кызыга суроо узатып.

– Ал ошондой чилтен, кимдин болсо да тумшугуна муштумун ойното алат. Өзү көк иримдей көгөргөн неме. "Камбар тебиш" деген өнөрү бар. Мен бир муштум шилтегенче, ал колу-бутун тең иштетип, он жолудан сокку уруп ийет. Андыктан он жолу токмок жеген жакшыбы, же бир жолубу?! – деп тамашалаганын койбоду.

– Саша, сен да кечир. Өзүмдү кармай албай калдым, үйрөнүп калыпмын. – Элебесов көздөрүн ойноктото ууртун жалжайтты.

– Сен "Кармана албай калдым, үйрөнүп калыпмын" деп антпорлонгонуңду ташта!– деп Бурков муштумун күүлөнтүп келип эки көздүн ортосуна туштай согуп калды. Элебесов өз учурунда эңкейе калды. Өз боюн кармай албай термелип калган Бурковду оң колунан алып, башынан ашыра чапты. Ушунун баары бир көз ирмемде болуп өттү. Лейтенант Воробьёв эмне болуп кеткенин да сезбей калды.

– Өх, ий! Такай ушундай! Алат да чабат, же шок муштумун тумшугуңа кадайт да турат. Тургуз эми, эндейип туруп калбай. Жолдош деген ушундай болобу?!

Элебесов колун суна бергенде Бурков белине чап жармашып көтөрүп урайын дегенде, өнөктөшүнүн сол тизеси чурайына тушталганда көзү алая түштү.

– Муся, жок Мундуз курдашым, болду эми, жетишет! Бул жерди талуу жер дейт. Менин келечегим ушул жерде эмеспи! Мөрөй сеники, сен уттуң! – деп бакырып ийди, өнөктөшүнүн башынан сылап.

– Болсо болду. Көнүгүү оор болсо, урушта жеңил болот, жолдош лейтенант,– деди Элебесов колдорун чапкылап.

– Даа-а, силердин көнүгүүңөрдө чындап эле үлгү алчу нерсе көп экен. Ал тууралуу кийин сүйлөшөбүз. Талашыңар бүттүбү?! – деди көздөрү жайнай түшкөн лейтенант.

– Бүттүк! – дешти эки дос жарыша кыйкырып.

– Анда жолоочунун жолдо болгону жакшы, кеттик!– деди Воробьёв буюра сүйлөп.

Үчөө комендатурага кирип чыккандан кийин шаарчанын базарынан Воробьёвдун асынма мүшөгүнөн чыккан аскер кителдери менен шейшептерге консерва, чочконун сүрсүтүлгөн этин, ашкабактын

куурулган данегин айырбаштап алганда экөө ооздорун ачып калышты.

– Мундуз, бу эмнеси, ыя? Аскер буюмдарын чак түштө эле алмаштырып жатат да.

– Болгону ошо да, аны лейтенанттын өзүнөн сура,– деди Мундуз башын жаңсай.

– Сурап башым онбу? Эмне кылмактан ошо кылбайбы, менин ишим эмне?

– Ии, балакай, эми өзүңө келдиң. Бирөөнүн ишине кириш-кениң жарабаган жорук.

– Аның да туура. Балким бу да туурадыр,– деп өзүнчө күңкүлдөп алды Бурков.

Ашкабактын данегин ошол эле жерден тарсылдата чагып киришти. Чоң жолго чыгып, машина тосушту. Бирок бир да машина токтобогондуктан шаардын чыга беришине жөнөштү. Ал жерде да кармалып калышты. Урушта туруш жок деп токой аралап жөө жөнөй бермекчи болгондо, көптөн бери байкап турганбы, аңгыча каяктандыр шыңга бойлуу, сапсары майор чуркап келип:

– Лейтенант, кайда баратасыңар? Барановичти көздөй жол тартсаңар ала кетейин,– деп сунуш кылып калды.

– Жарайт, жолдош майор. Жакшы болбодубу, канча убара тарттык. Жолдош майор, биз кыштакка жетпей түшүп калабыз,– деди Воробьёв кубанганынан шашкалактап.

– Андай болсо эң жакшы, батыраак машинага чыккыла! Эмне ымтырайсыңар! Тез-тез, кыймылдагыла, азыр жөнөйбүз,– деп демите кыйкырды сапсары майор.

Үчөө машинанын үстүндөгү үч офицерге салам айтышып жайланып отурушту. Үчөөнүн бири кабагы кар жаадырчуудай үңкүйгөн капитан, калган экөө зыңкыйган жаш офицерлерден экен.

– Жолубуз болду, эми буюрса, түн киргенче кирип барабыз,– деди Воробьёв Элебесовго жайдарылана шыбырап.

Машина бир сааттан кийин шосседен чыгып, токой тилкесин аралап жөнөдү. Үч жолоочуга үчөөбүз кошулуп, жолубузду шайыр-шатман улайбыз деген Воробьёвдун оюн өңгүл-дөңгүл жолдор бузуп кетти. Эки жаш офицер гана анча-мынча кепке аралашканы болбосо, капитан наамындагы офицер кысылып эчтемеге түшүнбөгөндөй олтурду. Бурковдун күлкүлүү анекдотуна баары боорун тырмап, кыраан-каткы күлүштү, бирок капитандын жаак булчуңу тартылып да койгон жок. Машина үнүлдап жолду кыскарта берди. Ооздоруна толтура кум толтуруп алышкансып дүңкүйгөн үчөө бирдемени күтүп келатышкандай, берки үчөөнү тик карай албай көздөрүн ала качышканы кызык туюлду.

– Булар биздин жоокерлерге окшошпойт. Балким, диверсанттар болуп жүрбөсүн?– деди Элебесов Воробьёвдун кулагына эңкее күбүрөп.

– Аны мен кайдан билейин?– деди лейтенант көңүл кош ээк кагып.

Айлана күүгүмдөнүп калганда машина токой ээндигине келип токтоду.

– Жолдоштор, буту-колубузду жазып, бошонуп алалы,– деп бакылдады саамал тааныш майор кабинадан ыргып түшүп. Өзү папирос күйгүзүп, жасалма сылыктана башкаларга сунду. – Тартынбагыла, кана, алгыла, тарткыла! – дегенде сүйлөшүп алгандай берки үчөөнө жабыла кол салышты, баятан зыңкыйып келатышкан үчөө.

– Диверсанттар экен, коргонгула! – деп кыйкырды Воробьёв.

Элебесов өзүнө мээленген майордун тапанчасын кагып түшүрүп, тизеси менен ичке өзөртө берип калды. Шашкалактап калган шопур автоматынан ок чыгарганча, тапанчаны жерден илбирстей эңип алып, өзүнө кезегенге үлгүрдү. Тапанча "тарс" эткенде шофердун тизелери бүгүлө түшүп, жерге "күп" эте кулады. Элебесов экинчи окту жаш офицердин бирине багыттады. Анысы сол ийнин апчый жыгылды. Карбаластап калган капитандын колун толгой кайрып, боорына тапанча такады. Анткени жаш офицердин бирөөсү тапанчасын Бурковдун желкесине такап калган эле.

– Куралыңды ташта, болбосо капитанды жайлап салам!– деп бакырды Элебесов.

– Сен ташта, болбосо жоокеринден айрыласың!– деди ал да бош келбей айкырып.

Экөө экөөнү барымтага алып тирешип турушту.

– Тапанчанды ташта! Үчкө чейин санайм. Таштабасаң командириндин өмүрү сенин мойнуңда кетет. Санай баштадым, бир...эки...үч... "Тарс!". Ок капитандын кулак түбүнөн жаңырды.

– Жакши, жакши! Ываноф, куралыңды ташта! – деп чаңырды капитан немисче акцент менен булдурай.

Ошондо Иванов деп атаганы тапанчасын ыргытып колун көтөрдү. Өмүрү кыл учунда турган Бурковдун өңүнө кызыл жүгүрүп, чоюндай муштуму менен келиштире соккондо жаш офицер бир кулач жерге учуп барып "күп" дей түштү. Бул убакта башына автоматтын кундагы тийген лейтенант Воробьёв эси кетип эңгиреп, жерден боюн көтөрдү.

– Жакшы диверсент, чала өлүк диверсант,– деп өзүнчө күңкүлдгөн Элебесов тапанчанын арты менен капитанды кежигеге коюп сулатты.

Заматта Бурков экөөлөп үчөөнүн колдорун таңып ийишти. Экөөнү жөнеле машинага ыргытып салышты. Эмне болуп кеткенине түшүнбөй эси эңиреген Воробьёв өзүнчө сөгүнүп алды да:

– Эненди урайын иттер! Диверсант дегениң жайнап кетти. Фашисттерден айырмасы жок немелер экен, тынчтык бербеген. Кана, кимиң машина айдай аласың?– деп бакырды.

– Эч кимибиз!– дешти берки экөө.

– Эч кимибиз, эч кимибиз, чалгынчы деген бардыгын билиш керек. Силер билбесеңер мен айдайм. Менсиз көргөн күнүңөр курусун силердин. Үстүнө чыккыла! Тиги айбандардан көзүңөрдү албагыла!– деди кабинага отуруп жатып. – Кичине эле шек чыгара кыймылдаса жайлап салгыла! – деп машинаны кыйкылдатып жатып араң от алдырды. Артка-алдыга жүткүнтүп атып, рулду эптеп түздөп кетти.

Жатар конокко келген толуктоону полк жакшы тосуп алды. Алардын келиши ийгиликтин жышаяны катары бааланды. Лейтенант Воробьёвдун билдирүүсү, "баалуу" туткундар шумдуктай таң калууну жаратты. Машинадан көптөгөн адамдардын документтери, эки рация, немец командачылыгынын үндөө баракчалары, мина жана ок-курал-дар, аскер кийимдери, таңгак-таңгак акчалар, азык-түлүктүн түрлөрү олжо катары алынды. Полктун командири, ак жүздүү, сулууча келген, узун бойлуу, көкүрөгүнө орден-медалын тагынган подполковник П. Радченко токтоосуз дивизияга кабарлады. Кийинки күнү дивизиянын штабынан келген офицерлерге толуктоону баштап кирген чалгынчылар ротасынын командири ага лейтенант Савченко менен орун басары лейтенант Воробьёв какая колдорун чекесине алышты.

– Сержант Мундуз Элебесов, Кыргызстандан чакырылган.

– Катардагы жоокер Алексей Бурков, сибирдик,– деп таанышты Савченко.

– Азаматтар, силер кимди колго түшүргөнүңөрдү билесиңерби?! Билбесеңер анда айтып коёюн, кармалбас зөөкүр диверсанттар майор Виктор Ющенко менен капитан наамында жүргөн диверсанттык топтун башчысы, немецтик агентуранын мыкты тыңчысы Крист Шнайдердин өзүн колго түшүргөнсүңөр. Бу чоң эрдик! Биздин көктөн издегенибизди жерден таап келген силерге дивизиянын атынан алкыш жарыялайм! – деди дивизия штабынын начальниги И. Гришин.

– Советтер Союзуна кызмат кылабыз! – деп жарыша жооп бериште экөө.

– Азаматтар десе, бул силердин согушка биринчи аралашып жатышынар болсо керек?– деп кызыга суроо узатты, дивизия штабынын начальниги жолдош Гришин.

– Такыр андай эмес, жолдош полковник! Сержант Мундуз Элебесов буга чейин немецтик эки учкучту туткундап сыйлыкка көрсөтүлгөн,– деди дарылдаган жоон үнү менен Бурков. – Ал бизде чалгынчылар мектебинин эң үлгүлүү жоокери болгон,– деп кайра кошумчалап койду.

"Кээ бир учурда ушинтип уйдун момун музоосундай болуп ишке жарап калат. Азаматсың Бурков!" деп ой жүгүрттү, өзү жөнүндө жылуу сөз уккан Элебесов.

– Ушундай дегилечи. Кандай сыйлыкка көрсөтүлгөн?

– Кандай экенин билбейм, бирок полктун жыйынында көрсөттүк деп айтышкан.

– Көрсөтүлгөн эле болсо, сыйлыкты табыш оңой. Биз аны табабыз. Ошо сыйлыкка дагы бир сыйлык кошуп беребиз. Сиз кандай дейсиз, жолдош подполковник,– деп И. Гришин полктун командири П. Радченкого жоодурай кайрылды.

– Кандай демек элем, жолдош полковник, мен колдойм,– деди ойлонгондой столго таяна туруп. – "Кызыл жылдыз" орденине көрсөтсөк кандай дейсиз?

– Дагы жогорураак алыңыз?– деди полковник суроолуу көз караш менен.

– Мага уруксатбы, жолдош полковник,– деп ордунан козголду, дивизиянын өзгөчө бөлүмүнүн начальниги, подполковник Д. Медведев.

– Уруксат, эмне кошумча сунушуңуз барбы?

– Бар. Менимче, немецтик диверсанттардын "баалуулугун", акарасын калчап көргөндө сержант Элебесовду күжүрмөн "Кызыл Туу" орденине, а калган экөөнү полктун командиринин сунушу боюнча калтырсак жакшы болгону турат,– деди подполковник Д.Медведев шыр эле. – Ошондо адилет болобу дейм.

– Чечилди, мен дагы ошондой деп ойлойм. Документтерин батырак дайындагыла. Айткандай, жакында армиядан биздин дивизияга диверсия боюнча машыгып-каныккан инструкторлор келип эки күндүк көнүгүү-окууларды өткөрөт. Ошондо Элебесов менен Бурков да болсун. Тажрыйбаларын арттырып келишсин,– деди полковник камкор унчуга.

– Жарайт, сөзсүз болот,– деп жооп узатты Радченко.

– Анда жоокерлерге уруксат, бара беришсин. Биз өз ишибизди уланта берели,– деди полковник. – Подполковник Радченко, жагдайды түшүндүрүңүз, кулак сизде,–деди.

Ошентип, арадан жарым ай өтпөй, чалгынчылар мектебинде оор көрүнгөн кызмат майдан тилкесинде кадимкидей эле күндөргө барабар экендигин, кайра бул жерде күндө ажал менен тоорушуп, өмүрүндү оозуна тиштеген опурталдуу күндөрдүн күнү туып тургандыгын Элебесов менен Бурков өз жон терилери менен баштан кечирүүгө туура келди. Полктун чалгынчылары жайгашкан жертөлөлөр башкаларды кына караганда кенен, ыңгайлуу. Күн куру эмес немис учкучтарынын абадан кол салуусуна, күндө кулактын кужурун алган бомбалардын жарылуусуна, пулемет-миномёттордун тарсылдагына, автоматтардын чуулдагына көнүгө башташты.

Бирок кечээтен бери замбиректердин жаагы басылбай күүлөнүп келип жарылган снаряддар тийген жердин быт-чытын чыгарып жатка-

нына таң кала карашты. Душмандын чалгыны жакшы иштен жаткандай. Болбосо жарылган үч снаряддын бирөө созсүз мележеген жерге жарылбайт эле. Алдында ким турбасын баарына сиз деп кайрылган полктун командири подполковник Радченко: "Кандай да болбосун душмандын алдыңкы коргонуу позициясын чалгындан, "тил" карман келгиле!"– деп буюрду. Дасыккан чалгынчы лейтенант Михаил Воробьев шашылыш армиянын аскер кеңешинин мүчөсү, генерал-майор Л.Соколовду коштоп кетип, али полкко кайтып келе элек болчу. Ошондуктан, бу иш Элебесов менен Бурковго тапшырылды. Топтун жетекчиси болуп сержант Элебесов дайындалды.

– Негизгиси "тил". Кайтарда "тил" кармай келгиле. Ал бизге мындай керек. Тапшырма түшүнүктүүбү, жолдош сержант.

– Түшүнүктүү, жолдош подполковник!

– Андай болсо силерге ак жол! Бара берсеңер болот.

– Жарайт! – Какая колдорун чыкыйына алып барышкан экөө сыртка ашыгышты.

Кире бериштен штабдын начальниги майор Малышевге бет келишти.

– Документиңерди тапшырдыңарбы? – деди майор көндүм суроосун берип.

– Тапшырдык, жолдош майор,– дешти экөө жарыша.

– Чалгынчы суутулган тайгандай жеңил чуркап, көрөгөч, сак болуусу зарыл. Силер ушуну билесиңерби?– деди суроолуу карай.

– Билебиз, жолдош майор.

– Кана, билсең айтчы, жолдош сержант.

Майор Мундузга үлүрөйө тигилди.

– Тоого чыккан чалгынчы кийиктей, сууга түшсө балыктай, тойго кирсе аюудай болуусу шарт. Ошондо көздөгөн максатына жетет,– деди Мундуз, көңүлүндөгү жоопту айтып.

– Бали, түзүк жооп кайтардың, жолдош сержант,– деп кунт коё карады. – Кана, секирип көргүлөчү. – Экөө секире баштады. – Болду, болду. Башталышы жаман эмес. Бу силер үчүн өзгөчө тапшырма. Анткени, силер душмандын чегине биринчи жолу бара жатасыңар. Чалгынды кандай баштасаңар, аягы ошондой бүтөт. Сержант Элебесов, катардагы Бурков, мен силерге ишенем, анткени силерге полктун командачылыгы чоң ишеним көрсөтүп жатат. Силер ал ишенимди актайсыңар деп ойлойм.

– Актоого аракет кылабыз, – деди сержант Элебесов ишенимдүү такылдап.

– Биринчи маршрут менен барасыңар. Бу өтө кооптуу маршрут, бирок кудайым жол берсе олжолуу да, бат да келесиңер. Силерди үчүнчү ротанын балдары өздөрүнүн чегине чейин узатып барат. Андан кийинкиси сенин колунда сержант.

– Түшүндүм жолдош майор. Кетүүгө уруксат этиңиз.

– Баргыла, жолуңар ачылсын.

Күүгүм киргенде эки чалгынчы окоптон ыргып чыкты. Жайдак жерден бөкчөндөп күндүзү боолгологон төрт түп кайыңга да жетишти. Андан ары душмандын чеги. Душмандын чегине өткөндө экөөнү коркунуч бийледи. Шырп эткен шыбырттан сестеништи. Дагы кудай жалгап алдынан душман чыкпады. Чыкса тапшырма ойрон болмок. Биринчи чалгын ойдогудай болсо, кийинкисин көрө жатышар. Аз жүрүштүбү, көп жүрүштүбү, лакылдаган жүрөктөрүн басып, душмандын коруна тереңдеп кирген сайын көнүшө баштагандай болушту. Душман тараптан тынымсыз жарык берүүчү ракета удаама-удаа атылып турду. Коюу түндүн ызгы шамалында жер менен жер болуп боортоктоп отурушуп фрицтердин окобуна сойлоп түшкөндө артынан пулемет тыты-рады. Түнкү карангылыктан дүпүйгөн кара дөңдөгү жигин чыгарбай жашырган замбиректерди, танкаларды, блиндажды көрүштү.

– Саша, сен ушул жерде кал. Мен тиги жакты байкаштырып келейин – деп шыбырады Мундуз. – Себеби теребелди чалгындап келбесем болбойт.

– Куп болот, жолдош сержант.

– Бирдеме болсо белги бер.

– Жарайт. Өзүңө этият бол.

Мундуз блиндажга жакын бара албай каршы-терши баскан каароолчуларды карап турду. Аңгыча андан бирөө чыгып пулеметчулар тарапка жөнөдү. "Кудайым бергенге ушинтип эле берип коёт", – деп ичинен күңүрөнүп, эчтемеден бейкапар келаткан фриц теңеле түшкөндө шашып кеттиби, же кыйкырып чуу салбасын дедиби автоматтын оозуна тыгын тыгылды. Окопко сүйрөп түшүп, ийинге арта салды. Болжогон жерге келип куш үнүн салганда Бурков ага жооп кылып, үн чыккан жакка тарталандап сойлоп жөнөдү.

– Барбы? – Бурков саксына акырын сурады.

– Ооба. Шашпагын. Абайла, айлана тынчбы?

– Азырынча эч ким шекший элек.

– Абдан жакшы, анда кеттик.

Экөө фрицти алмак-салмак көтөрүп жолун улашты. Качан гана өздөрү ээлеген алдынкы чектен өткөндө эс алышты. Айраң таң калган үчүнчү ротанын балдары кызыга чалгынчыларды тегеректеп алышты.

– Силерге эмне фрицти карагайга таңып коюшуптурбу, келип алып кетсин деп. Барганынардан келгенинер бат болду,– деди пулеметчу жоокер.

– Ыймандуу жигитке ажалдуу кийик жолугат деген ушу, тууганда! Ага мынча кызыгып калдынар. Бардык, алдык, кайттык,– деди Мундуз пилоткасы менен мандай терин ааршып.

– Кызыкпай турган ишпи. Душмандын чегине барып, камырдан кыл сууругандай эле бирөөсүн бөктөрө баса бергениңер, анча-мынча жоокердин ичин күйгүзүп жатса керек,– деди көкүрөгү орденге толгон старшина Жугашвили.

– Ичи күйгөндөр туз жаласын. Жумушубуз ушу болсо не кылалы,– деп Мундуз фрицтин оозуна тыгылган тыгынды алганда туткун колдорун алдыга жүткүнтө аптыга дем алды да кайра кулады.

– Мына, көрүп алгыла. Эми таң атканча тарсылдатып чыгышат. Фрицти эми жоктоп жатышат окшойт. Анысы мында жатат, тирүү өлүктөй сулкуюп. Хи, хи, хи... – деди пулеметчу жоокер "чуп-чуп" кумга сиңген октун үнүнө кулак түрө.

– Жугашвили, силерге толуктоо келдиби.

– Ооба, пулеметчу жигит келди, өзү ростовдук экен. Чалгынчы болсом арманым жок эле деп эки көзү төрт болуп жүрөт. Фамилиясы Озолин.

– Азырынча пулемету эле буюрсун. Анан көрө жатарбыз. Бурков туралы. Фрицти ийинге,– деп командирдик үн менен борсулдады Элебесов жүрөгү кубана.

Жарык берүүчү ракеталар айлананы жапжарык кылып, артынан бейпайда октурду чакыра берди. Бу убакта сержант Мундуз Элебесов менен Алексей Бурков полктун командиринин алдында турду, мурдулары шенейип.

– Жолдош подполковник, тапшырма аткарылды. Душмандын коргонуу позициясынын чиймеси мына. А бул болсо биздин "тил", жыпжылуу бойдон.

– Жарайсың Элебесов! Кана көрөлүчү, кандай бөкөчөнү алып келдиң экен.

"Күп" этип ийинден кулап түшкөн фриц бутун серппей, же көзүн сүзбөй сулк жатты. Полктун командири фрицтин аягына бир өтүп, биягына бир өтүп күрөө тамырын кармалады. Жүрөктүн согушун тыңшап, андан эч кандай тирүүлүктүн жышааны сезилбегенин сезгенде жаак эттеринин булчуңу диртилдеп, жини менен:

– "Тил" момундай керек болуп турганда эч кимге кереги жок өлүмтүктү ошончо жерден эмне сүйрөп келдиңер! – деп бакырды полктун командири.

Элебесов менен Бурков эми эле тирүү эмес беле дегендей дел-дейишти. Командирдин каарынан купкуу болгон өңдөрүн сыйпалап, бири-бирин карашты.

– Кандайча, жолдош подполковник. Каргыш тийгир фриц азыр эле тирүү эмес беле. Тур! Ээ, эненди урайын! – Элебесов фрицти май куйрукка тарсылдата тээп жиберди.

– Эми пайдасыз. Желкеге тийген оор соккудан өлгөн. Жакында эле үзүлүптүр,– деди ортого кыпчыла түшкөн полктун врачы.

– Кайра жөнөгүлө! Түнкү саат үчкө чейин полкту тил менен камсыз кылбасаңар өзүңөрдүн шорунар өзүңөргө! Кийин укпадым дебегиле. Түшүндүнөрбү!

– Түшүндүк! – дешип эки чалгынчы тең коркконунан жарыша кыйкырышты.

– Түшүндүк деп кылган жоругунар ушубу?! Мен силерге көрсөтөм! Пайдасыздар! Түздөнгүлө!– деп ачулуу кыйкырды полктун командири капыстан, ансыз деле кирерге тешик таппай турган чалгынчыларга. – Кайдан келсеңер ошол жакка шыр жөнөгүлө! – "Тилсиз" кайрылып келчү болбогула! – деп кайрадан кыйкырып сала берди. – Бурков менен Элебесов тызылдап безип кеткенде артынан. – "Тилсиз" келсенер түз эле трибуналга кетесиңер!– деди каарын төгө.

Командирдин акыркы кебин тигилер уктубу, укпадыбы жылт коюшкан экөө дароо көздөн кайым жоголушуп, дөбөдөн ылдыйлап желип-жортуп баратышкан. Караңгыда алдыңкы чектен өтүп даңгыр жолго түшкөндө Мундуз шеригин жеңден алып токтотту.

– Бурков токто! Токто дейм. Кайда барасың шашып. Ойлонушуп алалык.

– Фуу-у, аз жерден өлүп кала жаздадык ээ! Өх, жаным! Анан сен дагы алактап жакшы караган эмес экенсиң да,– деди анысы түрсүлдөп соккон жүрөгүн кармалап.

– Аны бир айтасыңбы, эки айтасыңбы өттү, кетти. Эми биягын көрөлү. Биринчи багыт менен барсак болбойт. Опурталдуу.

– Опурталдуу болгону менен оңтоюн келтирип алсак бат, жакшы да бүтөт. Бирок мени ойлондурганы башка. Ошо жанымды кашайтып жатпайбы,– деди Бурков ойлонгондой.

– Сен эмнени ойлоп жатасың, эмнеге жаның кашаят? Ошону айтчы маалкатпай.

– Эгер биз биринчи багытты тандап алсак, сөз жок үчүнчү ротанын чегинен өтөбүз. Ал жерден өтсөк бизди көрүп көчүгү менен күлбөйбү, фрициңерди өлтүрүп алдыңарбы деп. Аларга азырынча жакшы көрүнүп туралы. Экинчи маршрут биринчиге коңшу. Тыңшачы, дагы эле тынчый албай туш келди ок жаадырып жатышат. Үчүнчү багытчы? Үчүнчү ротаны айланып өтсөк кандай болот?

– Эң эле сонун болот. Биз ошо үчүнчү багыттын жолунда турбайбызбы.

– Туура. Биз ошо жолдо турабыз. Демек бизге үчүнчү буюрган экен.

– Үчүнчү болсо үчүнчү. Кантсе дагы бизди күтпөгөн жерге баралык. Бирок, бу багыт тигилерге караганда эки эсе алыс. Үлгүрө алар бекенбиз.

– Алыс деп кам санаба. Колго эле түшүп калчу болсо Сибирге чейин көтөрүп бар десең, мен даяр. Эптеп эле командирдин каарынан кутулсак болгону.

– Эптеп дегениңе мен макул эмесмин. Ал да бирдеме деп "сайрап" бериш керек.

– "Сайрайт". Майдан тилкесинде туруп кайдан "сайрабай" коет. Штабдагылардын колуна түшсө ушундай "сайратат" дейсиң, керек болсо ата жотосуна чейин тизмелетип чыгышат. Сен ага бөркүндөй ишене бер. Же ишенбей турасыңбы?

– Ишенем дечи. Бирок жаманда болсо офицер алсак жакшы болот эле.

– Ордунан жылбай туруп офицер алсак жакшы болот дейт тура. Билсең душмандын окобуна барып "тил" алып келгенибизге ишенбей турам. Биринчи чалгында эле тигилер айтмакчы карагайга байлап койгонсуп оң келе түшкөнүн кара, иттики! – Бурков атайылап сержанттын кычыгына тийе сүйлөдү.

– Ишенбесең фрицтин өлүгү асмандан түштү дейсиңби?!

– Асмандан түштүбү, жерден чыктыбы аны сен билбесең, мен кайдан билем.

– Билбесең сүйлөбө, мен аны көрдөн казып алгансып.

– Мм, көрдөн болбосо, мүштөккө айырбаштап алгандырсың. Ким билет? А балким, туура эле офицер мырзадан карызга сурап алып жүрбө, ыя! Ушундайбы!

– Жетишет, сасыган аюу! Менден азыр бирди көрөсүң. Коргон! – Автоматын жерге коё койду. Муштумун түйүп, салмагын арткы бутуна салды.

– Болду, болду! Сөзүмдү кайра алдым. Тамашага түшүнбөгөн басмачы. Бирдеме болсо эле күчү муштумуна чыгат. Же уруп коркута албайсың, бу көгөргөн кашкулакты. "Камбар тебиш" деген өнөрүң болбогондо шорунду шорподой эле кайнатат элем. Туткунду абайлап урбайсыңбы? Ага деген сылык мамиле кылып, сылап-сыйпоо керек. Туткун өз буту менен басып, көздөрү жайнап, тили сайрап турганда гана өткөрүп берүү керек штабга. Дагы "тил сайраш" керек деп коёт.

– Анан сеники жакшыбы. Кычап турганда адамдын жанын кашайтып.

– Болду дебедимби. Куралды мындай таштабай жүр. Жоготосуң десем дагы жиниң келет. Чын, майдан талаасында куралды таштап болобу,– шакабасынан жазбады Бурков.

– Токтотосуңбу, же...

Кечиксе эле тарамыш муштуму көз ирметпей айланып келип, баары бир тумшугуна ойноорун, же темирдей катуу буту кабыргасын кайыштыра тебээрин күн мурунтан сезген Бурков кечирим сурап ийди.

– Кечирип койчу, майпан аюуну. Билесин да кээде ушинтип ку-
чунашым кармай түшөт. Достум, түнөрбөчү! Кечирдиңби? Анда ме,
автоматынды. Мойнуна илип ал, жоготуп ийесиң. Же мен эле көтөрүп
алайынбы? Ошентейинчи досум!

– Көтөрбөй эле кой, кеп жебеген акмак! Качан болсо тийишесин
да турасың.

Ачуусун жуткан Мундуз түйүлгөн муштумун жазып автоматын
кармалады.

– Ой, тогуз жолдун тоомунда эмне турабыз тартышып. Талашы-
быз не? Токтой турчу. Добуш чыгабы? Бирөөлөр келатат, жашындык.
Экөө тайганды көргөн түлкүдөй мант берип токойго шумгуп
кеткенде ылдыйдан көрүнгөн арабага кош ат чеккен адамдар саксына
полкту көздөй өтүп кетишти.

– Жолдош сержант, кыштактын адамдары го. Ушинтип отура бе-
ребизби. Буйругунду бер, жолго чыгалык,– деди Бурков жаагын жана.

– Буйрук ушу,– деди ачуусу тарабай тамашага териккен Мундуз.–
"Тил" өз буту менен басып келгендей болсун. Эгер бирөө жарымы он
келбесе атышууга туура келет. Бардыгына даяр бололу. Калганын көрө
жатарбыз, балким, дагы оң келип калар. Келбесе келтиришибиз керек,
жолдош чалгынчы. Ал – биздин милдет.

– Түшүндүм, жолдош командир. Кана, кеттикби?

– Кеттик! – деди каны бетине тепкен Мундуз тиштене.

Чалгынчылар жол бойлой чуркап жөнөштү. Качан гана жондо-
рунан кара тер чыкканда кыштактын четиндеги үйгө келип токтошту.
Демдерин басканча бирөө жарымы сыртка чыга калабы деп күтүштү.
Бирок үйдөн эч ким чыкпады да кирбеди. Элебесов үйдү чалгындап кел
деп Бурковду жөнөттү. Ал тез эле кайтып келди. Кыштакта немистер
күндүзү гана болот экен. Жакында бир чоң нерсе башталчудай өндө-
нөт.

"Кечээтен бери Анисимов дегендин үйүндө саперлор турушат",–
деген маалымат менен жабдыган бир чал кошо ээрчип келиптир. Эле-
бесов учурашкандан соң чалдан:

– Анисимовдордун үйү кайда экенин айтып бересизби?– деп су-
ранды.

Бу сунушка өзүн Гриша атаган чал жан дили менен макул болду.
Шаша сүйлөгөн абышка кол жаңсап арыраактагы топ үйлөрдү көрсөттү.

– Ыракмат Гриша аба, мындан ары өзүбүз эле табабыз. Сиз бара
бериңиз,– деп ыраазычылыгын айтып, артынан узата карап калды.
Абышка көрсөткөндөй Анисимовдун үйүн токойдун чет жагына түш-
көн топ үйлөрдүн катарынан табышты. Үйдөн жарык чыгып турган.

– Болду болбоду саперлор ушул жерде болуш керек, – деди Мун-
дуз автоматын кезей.

– Сен короо тарабынан кир. Кароол койбогон болсо сен тетиги
бурчка өтүп күтүп турасың. А мен болсо сени көргөндө эшикти көздөй
жылам: Жөнө!

Көп күттүрбөй Бурковдун карааны бурчтан далдайып көрүн-
гөндө Мундуз шек алдырбай күңүрт жарык чачкан терезенин түбүнө
басып келди. Терезеге жабышканда эле бөлмөдө алты-жети немис ба-
кылдап карта ойноп отурганын көрдү. Босогодо үчөө автоматчан турат.
Калгандары автоматтарын дубалга салаңдатып илип коюптур. Майдан
тилкесинен өтүп тылдан сокку урат деп он уктаса түштөрүнө кирбесе
керек. Беймараал оюн уланып, чылым түтөп жатты.

"Биринчиден үч автоматчанды жок кылуу керек. Ага бир граната
гана жетиштүү" деп ойлоду Мундуз. Урушта туруш жок дегендей гра-
натанын шакегин тиштей жулуп, үңүрөйгөн каалганы көздөй ыргытты.
Тарс жарылган гранатадан каалганын быт-чыты чыгып жарадар бол-
гондордун онтогону угулду. Мундуз сапырылган чаң тарай электе шарт
кирип барып:

– Колуңарды көтөргүлө!– деп бакырды.

Көрдөн чыга калгандай ачуу чаңырган Мундуздун сүрү тополоң
түшүрүп эки-үчөө кол көтөрө баштаганда эсине келгени терезеден бой
урганда чыдап туралбай автоматынан ок бүрктү. Сырттагысын Бурков
жайлады. Парабеллумдун таамай мелженген огу Мундуздун башынан
пилотканы кагып түшүргөндө автоматын суна берди. Бирөө оңкосунан
сайылып, ок оң каруусун көзөп өткөн унтер офицер диванга отуруп
калды. Ачуусу менен баш көтөргөнүнө ажал бүркөн автомат кезеген
Элебесов бөлмөдө эч ким калбай калганда, көзү алаңдаган унтер-офи-
церди желкеден алып эшикке түрттү.

– Ушунча убакыт диванга көчүгүндү сүрткөнүң деле жетишет
Алдыга түш! Бас, тез, тез,– деди ой-боюна койбой шаштырып.

Ангыча сырттан:

– Мундуз, тирүүсүңбү? – деген жагымдуу үн чыкты.

– Тирүү болбой, өлдү дейсиңби. Кудай деген кур калбайт. Олжо
колдо. Тез токойго,– деди буюра кубанычын жашыра албай.

– А мунучу? – аң тең сурады.

– Кайраным, акыры бирөөсүн кулактаган экенсиң да.

– Кулактабай анан, хи, хи. Эмнесин аямак элем.

– Төртөөбүз майдан тилкесинен өтүп кете алабызбы. Ошону ой-
лодуңбу.

– Аны менен эмне дегени турасың.

– Ашыкча жүк. Чыгымга! – деди сержант түнөрүп.

– Кантип?! Мен буну чаң жугузбай желкелеп отурсам.

– Мунусу деле жетишет. Канткен менен офицер эмеспи.

– А Мундуз, балким өтүп кетербиз.

– Катардагы Бурков буйрукту аткарыңыз,– деди сержант чечкиндүү.

– Каап, бая эле жайлап салбай кызуусунда. Эми болору болду, кач,– деп бакырды карангылыкты көргөзүп.

Үрөйү учуп, түк эчтемеге түшүнбөй олку-солку болуп турган фриц бирде кубарып, бирде кызарып көздөрү чанагынан чыккан Бурковду карап тура берди.

– Кач! Тиякка чурка! Чурка деп жатам, түшүнбөгөн мал!– эки манжасы менен момундай чурка деп талааны жансады.

Көзү алардаган фриц май куйругуна кадала түшкөн соккудан аласалып барып оңолду. Артын жалт карай, алдыга бет келди чуркады. Эки аттаса эле ажалдан кутулуп карангылыкка сиңип кетчүдөн бетер жанталашты. Анчыча сонунан жете келген ажалдын огу өпкө-жүрөгүн бир укмуштай каарып өттү. Эки колу тарбая жыгылган фрицтин манжалары бошошуп, ууртунан шүүшүндөп кан кетип, дөңгөчкө жөлөнгөн башы шылк дей түшкөнүн көргөн Бурков тири укмуштай сөгүнүп алды да, экөөнүн артынан салпактап жөнөдү. Артынан жете келген жоокерге сержант Элебесов күнк этти.

– Саша, жарадар болгон жерин карап койчу. Мунусу да кансырап жолдо өлүп калбасын. Кан агып жаткан болсо таңып кой.

– Сөөгү таза. Ок этин гана тешип өтүптүр. Денеси чың экен. Чыдайт. Ошентсе дагы таңып коёюн,– деди астейдил жарадарды караган Бурков.

– Ошент достум. Сактаганды кудайым сактайт.

– Канча убакыт калды. Саатынды карап койчу.

– Бизге берилген убакытка бир саат он жети мүнөт калыптыр. Үлгүрөбүзбү?

– Немистерге кабылып эле калбасак, сойлосок да үлгүрөбүз. Таңып бүттүм.

– Бүтсө жөнөйлүк, убакыттан уттурбайлы.

Беш чакырымдай жолду басып өткөндө күзөттөн келаткан немистин солдаттарын көрүп жата калышты. Жакындап келгенде жендерин түрүнүп алган фашисттерди даана көрүштү. Кыраакы чалгынчылар күтүлбөгөн жолугушууга даяр турушту. Байкап калса жан талашкан атышуу болушу да мүмкүн. Тилекке каршы, немистер аларды байкашкан жок. Көп өтпөй душмандын карааны көрүнбөй калды, демек, бу жол ачылды деген белги. Эми чамдоо гана керек экендигин, алар жакшы түшүнүштү. Ошентип кайрадан жолго чыгышты.

– Буюрса, үлгүрүп барабыз, – деп күңкүлдөдү Мундуз.

– Мен да ошондой ойлойм, – деди өнөктөшү Бурков.

* * *

Өңү кersары тарткан, ууртуна бирдеме толтуруп алгансып ылдый саландаган, тиштери, оң колунун эки манжасы тамекиден сарга-йып чыккан, өңү серт, дайыма бирөөлөрдү суз караган муз көздүү полк штабынын начальниги, майор П. Малышев дивизияга баштап келген чалгынчылар тобу түшкө чейин саясий окууда болуп, түштөн кийин боло турган чалгынчылардын мелдешине даярдыгын текшерип жаткан. Чалгынчылардын арасында боло турган бу мелдеш, абдан катуу болорун ага лейтенант Савченко менен лейтенант Воробьёв жакшы түшүндү. Бирок биринчи айлампада эле экөө тең мелдештен чыгып калды. Элебесов менен Бурковду Малышев "сары ооз балапандар" деп койгон. Натыйжада Радченконун полку эч кандай орунга жетпей калды.

– Жоокерлер, азыр силерге кол менен урушуунун чеберлери капитан-инструктор Кашкин менен майор-инструктор Зимоглядь өнөктөштөрү менен кантип иштөө керек экендигин жана бычак ыргытуу, тапанча колдонуу ыкмаларын көрсөтүп беришет,– деп кулактандырды дивизия штабынын начальниги, полковник И. Гришин. – Эгер аранарда каалоочулар чыгып, намыс талашчулар болсо, кимиси менен болсо да кармашууга руксат,– деди жоокерлердин бүйрүн кызытып.

Албетте, армияга аты чыккан кол урушу өнөрүнүн атактуу чеберлери, кызыл диверсанттар капитан Кашкин менен майор Зимоглядга каршы ким чыкмак? Ошондуктан өз ыктыяры менен ортого чыккандар болбоду. Бирок мелдеште байгелүү орунду ээлеген полктун өкүлдөрү командирлеринин буйругу менен ортого чыгышты. Тилекке каршы, үч-төрт чалгынчыны капитан Кашкин майорго жеткирбей эле багындырды. Канткен менен офицер инструкторлордун кармашуу деңгээли жоокер-чалгынчылардан бир кыйла жогору экендиктери байкалды жана өздөрүнүн мыктылыгын далилдей алышты. Полковник кайтадан көпчүлүктүн бүйрүн кызытып:

– Кымбаттуу жоокерлер, силер ойлобогула, бу жөнеле кармаш деп. Кимде–ким капитандын далысын жерге тийгизсе бир патефон, майорду утса бир баян берилет. Кана, мен күчтүүмүн дегендер ортого чыккыла,– деди кадыресе күпүлдөп.

Элебесов чыдамы кетип Воробьёвду түрттү. Анысы "Шашпай тур" дегендей көз ымдады. Катардагылар бири-бирин карашты. Бардык ой-тилек ортого кадалды.

– Чалгынчылар, кана убакытты созбогула! Киминер даярсынар, ортого чыккыла! Аранарда каалоочулар барбы?! Акыркы жолу айтып жатам, бактынарды сынап көргүлө! – деди полковник каз катар тизилгендерди сыдыра карап.

– Эми чыкса болот. Жолдош майор, кайрылууга руксат этиниз,– деди лейтенант Воробьёв Малышевге кайрылып.

Майор Малышев Воробьёв менен бир полкто кызмат өтөбөсө да Монголияда бир дивизияда болгондугу үчүн абдан сыйлоочу. Атын дагы угуп жүрчү. Командачы Жуков менен кайым айтышканын да уккан. Кийин тагдыр буюруп, минтип бир полкто кызмат өтөөгө туура келип калды. Ошондуктан Малышев расмий эмес шарттарда атасынын атынан атап кайрылчу. Бу сапар да ошондой болду.

– Уруксат, Михаил Ксенофонтофич,– деди жумшак гана.

– Жолдош майор, сиз сержант Элебесовду жөнөле мадырабаштардын катарына кошуп жатасыз. Албетте, мындай караганда, ал али сары ооз балапан дечи. Бирок анда табиятынан бери келаткан кандайдыр бир өжөрдүк, намысчылдык бар. Ал бирөөгө оңойлук менен намысын алдыра койбойт. Урушуу ыкмасы да башкача. Бир жараса намыска ушу Элебесов жарайт! Андыктан бир сынап көрбөйлүбү?! Балким, жоготкон намысыбызды кайра кайрып алып жүрбөйлү?!

– Михаил Ксенофонтофич, Элебесов жакшы чалгынчы катары өзүн көрсөтө алды. Демек, бу көп жылдар машыккан инструкторлор менен кармаша алат дегендик эмес. Анан калса тигилер ашынган кол уруш өнөрүнүн чеберлери болсо, сержантты майып кылып албайбызбы? Утуу жөнүндө кеп салбай эле коёюн, ал тигилер менен тең ата кармаша алабы?! Маселе ушунда турат. Утулуп калса шермендебиз ошондо чыгат.

– Жолдош майор, мен кепилдик берем. Элебесов тең ата беттеше алат. Утуу, же утулуу кийинки кеп. Уруксат берип коюңуз, жолдош майор.

– Михаил Ксенофонтович, макул дейин, эне таранчыдай эле чырылдап калдыңыз, бир билгениниз бар окшойт. Уруксат берейин, бирок өз макулдугу менен болсун.

– Мен макулмун, жолдош майор. Алар мени уруп жерге кийире койбос, же көккө учура теппес. Менде да намыс бар! Мен даярмын!– деди сержант Элебесов.

Анан ичинен “Ата бабамдын, Манас атамдын арбагы колдосун!”– деп күбүрөп колдорун бетине жая берди.

Бул убакта полковник ортодогу капитан менен майорго “Орду ңарга бара бергиле!” деп буюруп, өзү жыйынтыктоочу сөзгө киришип калган. Анчыча:

– Жолдош полковник, кечиресиз, кайрылууга уруксатбы?!– деди Малышев сурданган көздөрүн сустайта, колун көтөрүп.

– Майор, сизге эмне болду? Уруксат, кайрылыңыз,– деди полковник Гришин тандана.

– Жолдош полковник, сержант Элебесов өзүн сынап көрөйүн дейт. Уруксат берсеңиз ортого чыксын,– деп өтүндү Малышев уурттарын чулчуйтуп.

– Сержант Элебесовбу? Мен аны эстедим. Жаңы толуктоо, жаңы күч деңизчи, жолдош майор. Эгер Элебесов өзүн сынап көргүсү келсе макулмун,– деди полковник кичине ойлоно калып. – Жолдош жоокерлер, капитан менен кармашууга акыры ыктыярдуу бирөө табылды. Ал мыкты чалгынчылардын катарындагы сержант Элебесов. Кана, ортого чыккыла. Күчтүүсүн сүрөгүлө, күчтүүсү утсун!– деди полковник өктөм бакылдап.

Капитан менен сержант ортого чыкты. Бой-салмагы бирдей болгону менен ойлору экөөнүкү эки жерде чабагандап жүрдү. Капитан колдорун кырсылдатып, ортодо камырабай турду. Жоокерлер капитан-инструкторду сүрөгөндөй кол чаап ийишти. Демине дем кошулуп көпчүлүктүн колдоосуна ээ боло түшкөн капитанга канат бүткөнсүп, ортодо өзүн өтө эле ишенимдүү сезди. Ал эми сержант Элебесовду аягандар, ачык эле шылдыңга алгандар болду.

– Эй, сержант, бирди көрө элегиңде эки колуңду көтөрүп багынып бер. Ошондо жаның калат! Ха, ха!

– Сага не жок, батырак куюшканга кыпчылбай кетип кал!

– Мунун командири барбы, кудай жалгагырлар, уят кылбай алып кеткилечи! – деп чурулдады, кызыга караган жоокер-чалгынчылар.

Жоокерлердин көр шылдыңын кулагынын сыртынан кетирген Элебесов дегеле эчтемеге көңүл бөлбөгөндөй түр көрсөттү. Көпчүлүктөн тартынбай дене-боюн кызытып, керилип-чоюлду. Ошенткен сайын күбүр-шыбыр көбөйүп, шылдың күлкүлөр кулактын кужурун ала баштады. Воробьёв менен Бурков гана ага ишеним артып, башкаларга окшоп бат эле багынып бербей, тең ата кармашат деген ойдо сүрөп турушту.

– Мундуз, “Камбар тебиш” өнөрүндү эми көрсөт! Намыска бек тур! – деп жан-алы калбай кыйкырды Бурков.

– Сержант Элебесов, тоолуктун тоодой күчү бар, намысынды тебелетпе! Сенден намыс талашканды чаап түш! Аянба, артында биз барбыз!– деп кыйкырды лейтенант Воробьёв.

– Кана, даярсыңарбы?! – деп сурады инструктор Зимоглядь.

– Мен даярмын! – деди сержант Элебесов.

– Мен даярмын! – деди капитан Кашкин.

– Эрежени экөөң тең жакшы билесиң. Бардык ыкманы колдонууга уруксат. Багындым деп бирөөңөр белги бермейин кармаша берсиңер. Эмесе урушта туруш жок, баштагыла!– деди майор Зимоглядь калыстык сөзүн айтып.

Элебесов команда берилгенде салмагын оң бутуна салып, каршылашынын шамдагай кыймылын бир сыйра көз алдынан чубатып өттү.

Алдуу жагынан коргонуп, алсыз жагын издеди, кай жагынан чабуулга өтүү керектигин акмалады. Шашпады. Ыңгайын келтирип, бир сокку менен намыс алып келчү кармашты бүтүргүсү келди. Баятан өз ыкмасына салып, ыкчам утууга кыныга түшкөн капитан капыстан аюудай аркырап, качырып сала берди. Сержант ушул эле өңүттү күтүп турган-сып салмагын сол бутуна салган капитанды, сол буту менен торой чалды. Жыгылып бараткан жеринен оң буту менен башка берип калганда капитан чалкасынан түштү. Ыкма көз ачып-жумганча болуп өткөндүктөн, жоокерлер эмне болуп кеткенин аңдабай делдейе калышты.

– Сержант, аягына чейин кармаш! Сок, аянба! Колун кайры!

– Капитан, догурунба, тур! Душман артында! – деп кыйкырышты.

"Абалы, капитан турсун. Ага бир аз жеңилдик берейин. Анан тебээк аттын ыкмасын ишке кийирейин, анан көрө жатарбыз. Мен капитанга окшоп өтө эле орой зөөкүрлөрдөн эмесмин!" деген ой келди Элебесовдун башына. Ортодогу майор да экөөнө калыс эмеспи, утукту эч кимге бербей күтүп калды. Капитан темтеңдей туруп келатып, көктүгүнө салып бут шилтегенде, сержант Элебесов ыкчам буйтап, айланып туруп көкүрөк тушка тепкенде капитан алда кайда аласалып кетти. Турам деп барып, кайра жыгылды. Таптакыр турбай калганда төрт жоокер келип көтөрүп кетишти. Ортодогу жымжырттык көбүн сүрдөттү. Штабдын начальниги полковник Гришин желкесин кашып, не кылар айласын таппай карбаластады. Мындай болуп кетет деп ойлогон да эмес, сыягы. Таптакыр ойго келбеген нерсе болуп өткөнүн аңдагандай:

– Мына тамаша, мына күтүлбөгөн жеңиш! Ай, Элебесов, ай да Элебесов!– деп таң кала башын чайкады, кубанганын же кайгырганын билгизбей. – Ушундай да болот экен ээ! Мындай болуп кетет деп ким ойлоптур?

Аны:

– Бали Элебесов!

– Сержант намыска жарады! – деген үндөр коштоду.

Кызык тамашага баткан жоокерлер катуу сокку жеген капитан Кашкиндин ахыбалына карап, полковник Гришин кармашты токтотуп коёт деп ойлошту. Бирок, ал анткен жок. Тескерисинче, ал капитандын өчүн эми майор алсын дегендей майорду тигиле карады. Ошо саатта майор Зимоглядь курун чыгарып, гимнастёркасынын үстүнкү бүчүлүгүн чечип кармашка даяр болуп калган. Кабагынан кар жаап, жаак түктөрү үксүйүп, сержантты бүкүлү жутуп ийчүүдөй кокосун коркулдата түкүрүгүн жутуп атты. Жоокерлердин арасында күбүр-шыбыр көбөйө баштаганда полковник аргасыз кармашты улантууга жол берди.

– Даярсыңарбы?! Эгер даяр болсоңор баштагыла! – деп колун көтөрүп түшүрдү.

Элебесов кармашты созгусу келбеди. Чимирилип бир тиягына, бир биягына өтүп оңтоюн келтире албай кыйналды. Себеби өз учурун-

да урулбаган чокмор өз башына тийерин билет. Анан калса уят – өлүмдөн катуу. Ошондуктан жонеле эр намысын колдон кетирип жоокерлер алдында кичирейгиси келбеди. "Учкаштыңбы, түшөм дебе, өзүң баштаган иште өзүң аягына чыгар" деп ичинен катуу толгонду. Коркподу, тайманбай сокту. Баш айрылса – бөрк ичинде, кол сынса – жең ичинде. Бир убакта ителги сымал канатын түйүп, түз качырды. Бир жарым кадам артка чегинип секирип келип, майордун ээгинен ары тээп калды. Ээкке жеген майор чалкасынан кетип, олтуруп калды. Каршылашы кайра өөдө тура калганда ичке согуп, колун кайрыды. Сержант колун катуу толгондуктан сынып кете жаздады, бирок өнөктөшү майор Зимоглядь өз учурунда жер чапкылап жиберди. Бу майордун толук багынганы эле.

– Азаматсың сержант, азаматсың!

– Бу кайдан чыккан машаяктын баласы? Мурда кайда жүргөн?!

– Элебесов утту! Айтпадым беле, ал намыска жарайт деп. Ураа!

– Өнөрлүү өлбөйт! Мундуз, "Камбар тебишиң" намысты алып берди. Биз уттук, ураа!

– Эр болсоңор ортого чыккыла! Биздин баатыр менен кармашкыла!– деген кыйкырык-сүрөөн менен келип полктоштору Элебесовду көтөрүп кетишти.

– Муну "Камбар тебиш" дейт, "Камбар тебиш!" Бул менин досум сержант Мундуз Элебесов!– деп кыйкырып баратты, Элебесовду ийнинне отургузган Бурков.

Гришин менен Малышев аргасыздан баш чайкашты. Кайра чакырып дивизия штабынын начальниги, полковник Гришин патефон менен баянды салтанаттуу түрдө Элебесовго тапшырды. Кечки тамактын алдында майор Малышев сержант Элебесовго бир фляга спирт сунду.

– Жолдош Элебесов, бу менден... полкко барганда бирдеме кылап сыңар. Ал эми патефон менен баян эми сенин менчигинде,– деп койду.

– Эмне кылсаң өзүң билесиң.

– Бу башка маселе. Сержант, кудай буюрса, полкко жетсек бир жыргайт турбайбызбы! – деди лейтенант Воробьёв алаканын шак уруп.

– Ушинтип рота баян менен патефондуу болду.

– Жыргабаганда, эң эле сонун жыргайбыз, ээ, Мундуз? Сенин жеңишинди майлайбыз. Отурабыз, ырдайбыз, анткени сен ага татыктуусуң!– деди Бурков Элебесовду кучактап.

– Оболу полкко баралы, анан бир кеп болор. Ага чейин, бу фляга жолдош лейтенантта боло турсун,– деди Элебесов жай гана.

Ушу саатта ашкананын алдына көп жоокерлер чогулду. Отургычтан турганы көп. Ашкана тарапка полковник Гришин баштаган бир топ офицерлер бурулушту. Гришин алыстан эле Малышевдин тобун байкап басып келди. Жоокерлер тура калышты.

– Жоокерлер отура бергиле. Буюрса, эки күндүк көнүгүү-окуу семинары жакшы өттү. Эми кечки тамактан кийин баарыңар өз жайыңарга жөнөйсүнөр. Андыктан сержант Элебесовдон "Камбар тебиш" деген кандай өнөр экенин сурап калбасак болбойт. Ал өнөр баарыбыз үчүн абдан кызык, анткени анын күчүн өзүнөр көрбөдүнөрбү. Кандай дейсиңер, жолдош жоокерлер?– деп тегерегин сыдыра карады.

– Айтсын, угалы!

– Чындыгында мындай өнөр жөнүндө эчтеме билбейт экенбиз.

– "Камбар тебиш" деген эмне! Ал кандай өнөр, көпчүлүккө айтып берсин! –дешип жоокерлер Элебесовду тегеректей жардап калышты.

– Макул, айтса айтайын,– дегенде жанындагылар Элебесовго ыктай отурушту. – Бу легенда элибизде көп кылымдардан бери айтылып келе жатат. "Камбар тебиш" деген кыргыз элинин улуттук эр уруш өнөрү. Өкүнүчтүүсү, бу өнөрдү карманып-тутунгандар азыр жергебизде аз калды. Анан калса советтик ченемге туура келбейт деп бир убакта тыйып да салышкан. Анан биз жашыруун машыгуу өткөрө баштадык. Менин устатым Эсентай карыянын жашы азыр жетимиштен ашты. Мен ошо кишиден жатак-мектепте окуп жүргөндө үйрөндүм. Кийин мектепти бүтүп айылга кеттим, ошол жактан ат менен келип машыгууну улантып жүрдүм. Себеби менин айылым райондун борборунан жети чакырымдай алыс турат. Эмесе, кунт коюп тындагыла!

...Байыркы бир өткөн заманда, тоолору асман челген, токой-черлүү капчыгайдын чатында кыргыздын бир уруу эли жашайт. Адамдары бойлуу, шар жүрүп, шар сүйлөгөн, шайыр болушат. Кокту-колоттон кошулган булак суулары күпүлдөп дарыя болуп агат. Элдин саны көбөйүп, дүнүйөсү түгөл болуп, малдын көптүгүнөн өрөөн титиреп туруптур.

Бир күнү күтүлбөгөн жерден жер силкинет. Тоо жылып, өзөн тосулат. Мал жайылган ойдун жер көл болот. Анда балыктын түрлөрү, канаттуу куштар, кайберендер байырлайт. Кабылан, жолборс мекендейт. Сары-Челек деген атка конот.

Жер силкингенде тамтуң баскан бала Камбар эр жетип уруу башкарат. Көп жыл жамандык көрбөй, тынч жашашат. Баласы жетилет, алды карыйт. Камбардын сакал-чачы куудай агарат. Жаа-жебелер кегеден алынбай, найзанын учун дат басат. Кой-эчкиси кайберен менен аралашып жайылат.

Ушундай кой үстүнө торгой жумурткалаган заманда капылеттен айылды жоо басты. Душмандын көптүгүнөн жер дүңгүрөдү. Кыз-келиндер туткундалып, эр азаматтын каны суудай акты. Малы түрө сүрүлдү. Сакалдары сүйрөлгөн карыяларды, бели бүкчүйгөн байбиче-лерди, бала-бакыраны ылгабай кылыч чабышты, жебе атышты, найза сайышты. Күүгүм талаш туткундалган тоолуктарды айдап жөнөмөкчү

болгондо Камбар карыя "Даяр тургула!"– дегендей белги берди. Кабар итабар чубалган элдин учуна жеткенде желкесинен ныгыра басып турган душмандын олчойгон эки желдетин эки жакка тоголото тепти. Бет мандайынан чыккандарды муштум менен уруп жыкты. Олчойгондордун жоо жарагы чачылды. Көз ачып жумганча кыргын болуп кетти. Ызы-чуу түштү. Бири качты, бири кууду, күчтүүсү утту. Камбар карыя бир маалда:

– Кутулганың тоого, тоону өрдөй житкиле! Тоого жашынгыла!– деп кыйкырды.

Кутулганы тоо таянды, тутулганы канга боелду.

Тоо таянганы карагайлуу жердин бооруна түндүк көтөрдү. Күч топтошту. Темир согушту. Жоо жарак камдашты. Күндүзү от ичкерткен жок. Баары түнү жасалат, даярданат. Мандемдүү чокуларга кароол коюп, согуш өнөрүнө машыгуу жүрдү. Таң куланөөк атпай күзөтчү:

– Камбар тебиш! Камбар тебиш! – деп жар салат.

Эл бир кишидей ачык бетке чогулат. Анан жаш курагы боюнча топ-топко бөлүнөт. Ар топтун өз башчысы болот. Ортого салабаттуу, чымыр денелүү Камбар карыя чыгат.

– Оо, эл журт! Тоо көргөн, тоо баккан элибиздин ырыскысы – тоодон. Кыргыздын тоосуз жашоосу кыйын. Анткени тоо анын сөөгү менен бирге бүтөт. Мейли, ал жер шарынын төрт тарабында болобу – баары бир, калпагын кырлантып кийген кыргызын кан-жаны менен бүткөн тоолору чакыра берет. Көк тиреген тоолордун чыныгы ээси – кыргыз! Кыргыздын тоосуз жашаганын, тоонун кыргызсыз болгонун көргөнүң барбы? Жок. Ал акылга сыйбаган көрүнүш. Ошондуктан кыргызды чакырган тоолору болсун, тоолорду тирек кылган кыргызы болсун! Кыйын кезеңде бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгаралы, күчүбүздү бир муштумга топтойлу. Бир бололу, бар бололу. Эчтемеден аянбайлы. Душмандын жеринде кул болуп жүргөн мекендештерибизди куткарып калуу – тирүүлөрдүн парзы! Андыктан күндө аскер өнөрүнө, согуш ыгына үйрөнүү – ыйык милдет! Ансыз жоону жеңүү, мекенди коргоо кыйын! Буга не дейсиздер?!– дейт карыя.

– Не демек элек, кан-жаныбыз менен бирге бүткөн тоолорубуз, мекенибиз үчүн, жоого тоодой тик турабыз! Колдун беш салаасындай бир муштумга биригебиз, бир атанын баласындай баш кошобуз. Ошондо бизге эч кандай душман туруштук бере албайт! – дешет каарман чоролор бир ооздон дуулдашып.

– Эң эле туура! Бүгүн баш кошпосок, качан баш кошобуз! – деди күжүрмөн эл.

– Адам мекени менен барктуу! Мекен үчүн жаныбызды аябайбыз! – дешти чоролору бир ооздон.

– Анда көнүгүүгө кириштик,– дейт Камбар карыя.

Машыгуу башталат. Шамдагайы кабыланды кулактайт. Күлүгү кийик шыйрактайт. Күчтүүсү ташты быркырата тебет. Билерманы кум-ташты камырдай ийлейт. Адамзаттын духу, жаратылыштын күчү бири-бирине шай келип, табият менен акыл-эстин биримдиги бир канда жуурулушат. Ак мөңгүлүү тоолордун, шар аккан тунук суулардын касиети, ынак абанын таасири, мекендин сүрү чоролордун духун көтөрүп, мокогонду бүлөйт, үзүлгөндү улап, жеңишке шыктандырат, чарчоосун кандырып, алга үндөйт. Таң аткандан, күн отурганга чейин машыгышат. Жебелер бутага сызат, найзалар абада учат. Бутак-шак сынат, таштар талкаланат, азоо жылкылар үйрөтүлөт. Үйрөнгөн амалдары жекеме-жеке таймашта, топтук машыгууда сыналат.

Камбар карыя чыгыш өнөрүн Бежинге барганда атасынын кытай досунан үйрөнгөн. Көп жылдар кыл чайнаган. Кийин ошо үйрөнгөн өнөрүн тоонун шартына жараша иштеп чыккан, ыкмаларын байыткан, таасирин күчөткөн. Чыгыш өнөрүнүн көп ыкмалары кыргызчаланган түр алгандыктан эл ичине сиңип кетет. Ошондуктан башаты бар өнөр. Ал чыгыш жоокерлерине таандык болгону менен салты, ыкмасы тоолуктарча. Анткени кайберен мекендеген тоолордо өмүр кечирген тоолук кыргыздар жапайы айбанаттардын, канаттуу куштардын урушуу жана коргонуу ыкмаларын, жашынуу сырларын терең үйрөнүшүп, жоокер өнөрүнүн ар дайым бөксөсүн толуктап, жаңылап турушкан. Кам-бар карыя мерчемдүү жерине тепкенде толуп турган бука бүк түшкөн, жер сүзүп жыгылган. Бир ургандан турбаган. Ошондон бу согуш өнөрү "Камбар тебиш" деген атка конгон. Ал уруп-согууну гана үйрөтпөстөн, душманга жашырынып кол салууну, чагылгандай тез чабуулду камсыз кылууну, көздөгөн мүдөө максатка тез жетүүнү үйрөткөн. Ошол үчүн күндө машыккан күжүрмөн кол жашыруун жерден капылеттен чыга калып сокку уруп, жеңишке жетүүгө, талаа-түздө, токой-черде билинбей, дарак менен дарак, чөп менен чөп, жер менен жер болуп жашырынып, жоону жеңгенге тете тарбия алышат.

Ошентип тоолуктар согуш өнөрүн толук өздөштүргөндө жоого аттанышты.

Аз жүрүштүбү, көп жүрүштүбү, бир күнү душмандын чегине киришти. Шырп эткен түнкү добушка тура чуркаган күзөтчү кабарип келгени болбоду. Таңкы үрүлдө айылда бир да ит калбады. Жоону жоо чабат дегендей, ширин уйкудагы жоону алыстан ат арытып, адилеттүүлүк издеп келген жоо чапты. Артында боо-боо өлүк калды. Далай кыйынчылыктарда, сыноолордо такшалган тоолук кыргыздар тайманбай качырды. Алдынан чыкканына найза сунду, жебе атты, уруп жыкты. Заматта ийгилик башын ачып, элин туткундан түгөл бошотту. Жеңишке мардайышып, жерине олжолуу кайтты.

Түндү түн, күндү күн дебей чабагандаган колду душман Ала-Тоонун койнунда, черүүдө турган жеринде кууп жетти. Камбар карыя элинин коопсуздугун карап, алсызы менен жарадарын алдыга жөнөттү. Өзү жүз башылар Күнжүрүш менен Элемандын чоролору менен гана жоо тоскону калды. Тийип-качып кууган жоонун шаштысын алышты. Көптүгүнөн чалгын чалбай адырындап из кууп келаткан душмандын аланғазар берендеринин көбү буктурмада тал менен тал, жер менен жер, таш менен таш болуп жашынган айлакер кыргыз чоролорунун күтүүсүз соккусунан мертине беришти. Каршылаш тарап акылына келгенче көздөн кайым болушкан чоролордун карааны душманды жинди кылды. Же көрдөн, же көктөн түшкөнүн түшүнүшпөй туш келди жебе тартышты, найза ыргытышты. Бирок найза, жебеден өздөрү жапа четкачан сууган кезде ыргытылган найза, атылган жебе өздөрүнө ажал болуп сайылды. Душман көптүгүнөн гана чыдады.

Алатоолуктардын бир жебеси, найзасы же чокмору сая кеткен жок. Куугун салган душмандын айласы куруду. Минтип жүрүп отурса аскеринен түгөл ажырап каларын ойлогон жоо тарап куугунду токтотуп, Камбар карыяга элчи жөнөттү. Элчи байыркы салттарга ылайык жекеме-жеке эр таймашка чакырды. Ошо доордун салты боюнча эр уруштан баш тартууга эч кимдин акысы жок болчу. Баш тарткан тарап жеңилди деп эсептелчү да жеңилген тарап эр таймаштын эреже-шартына ылайык иш кылууга мажбур болчу. Ошондуктан Камбар карыя эч олку-солку болбостон чакырыкты шыр кабыл алды. Себеби, чакырык ал үчүн бир топ ыңгайлуу жана пайдалуу сунуштай өндөндү. Муну менен ал убакыттан утуп, бала-бакыра, кемпир-чал, жарадар жоокерлеринин өмүрүн сактап калмак. Жоону алаксытып кичине болсо да токтотуп турса, анын эли тоого сиңип кетмек да аман калмак. Куйрук улаш кууй берсе тыптыйпыл болорун Камбар карыя эң жакшы түшүндү. Жекеме-жеке эр таймаштын эрежеси боюнча уруп-тебүүгө, күрөшүүгө гана уруксат берилип, кандай гана курал болбосун колдонууга тыюу салынган.

Кыргыздар жеңилсе эли кул, жери жоого өтөт, алар жеңилсе, душман атынын башын артка тартат, экинчи кайрылып келбейт. Бүтүм ушундай чыкты. Себеби, тили буруу душмандын койгон шарты ушундай болчу. Ал шартты кабыл албаска Камбар карыянын чамасы чарк. Салт боюнча жекеме-жеке эр таймашка хандар же аскер башчылары гана чыгууга акылуу. Ошондуктан ортого душман тараптан күчү–ашып ташыган, беттешкенин жеңбей койбогон жаш хан, кыргыз тараптан сакал-муруту куудай аппак, бирок "Бөрү карыса да бир койлук алы бар" деп айтканды жакшы көргөн журт башчысы Камбар карыя чыкмак болду. Бүтүм бекиди.

Жер тандалды. Камбар чоролорун жыйнап бир кырда, аскерлерин арты көрүнбөгөн жоо экинчи кырда өрүү алды. Ортодо экөө – куу сакалчан Камбар менен мойну-башы эпсиз чоң, башы булутту челген, алибеттүү жаш хан. Добулбас кагылды. Эр уруштун эрежеси, шарты жар салынды. Атаандашкан тараптардын жер дүңгүрөтө кагылган добулбастарынан жер силкинди. Ошентип жекме-жек эр урушу башталып кетти. Бири жаштыгына салып эр таймашты бат эле аяктагысы келип, соккунун үстүнө сокку урду, экинчиси көптү көргөн билермандай сак коргонду.

Тараптар демдерин ичтерине катышып, өз балбан-баатырын сүрөштү. Алар ортодо букадай челишкен, өөдө-ылдый силкишкен, бура бастырбай чалышкан, уруп-тебишкен эки баатырдан көздөрүн алышпай тигилишти. Бир гана эки тараптын жер силкинткен добулбастары өз тилдеринде тынбай үн катты, жеңишке чакырды, алга үндөдү. Көз ирмемде арка мойнун сындыра бүктөйм деген жаш хандын тилеги таш каап, кармаш узакка созулуп кетти.

– Элиң кул, башың шарап ичкен чөйчөк болот. Мен сенден күчтүүмүн. Сакалынды искектеп жулуп, тоолорунду ан, талааларыңды чөл кылам! Жолума бөгөт болбо, сасыган чал! Жетишет! Азыр арка-белиңди сындырып, биротоло тындым кылам! – деп арстандай айкырды, кара күчүнө ишенген дөөдөй зоңкойгон жаш хан.

– Дымагың чоң болгону менен өзүң ала көөдөң немесиң го, сыягы. Мен өз жеримде, өз мекенимдемин. Мени бул жерден эч ким күчтөп чыгара албайт. Менин касиет-күчүм ушу тоолордо, алардан эч качан айрылбайм, сага да жол бербейм! Анткени, тоолор – менин Ата Журтум, баккан дөөлөтүм! Ата Журт мен үчүн ыйык. Жоодон күчтүү жоо, баатырдан артык баатыр бар! Биз сенин жер жайнаган аскериңден коркпойбуз. Сен бизден корк! Сен Ала-Тоо жеримден чыгып кет! Болбосо бөөдө каның ушул жерде төгүлөт! – деди Камбар да бош келбей.

"Өзүңдү эр ойлосоң, бирөөнү шер ойло" деген лакап ошондо жаралыптыр.

Камбар карыядан өлүк өөдө көрүнгөн хан ала көөдөндүктүн, тажрыйбасыздыктын, ашкере өзүн акылдуу, күчтүү санагандыктын айынан күтүүсүз сокку жеп, арка мойну "карс" сынды. Жоо дүргүп барып басылды. Чоор-добулбастын кайгылуу үнү жоо аскерлеринин көздөрүнөн кан агызды. Алатоолуктардын зоболосу көтөрүлдү. Куралдарын көккө силкишти, туулары бийик желбиреди.

– Бар бол, Кыргыз! Уучуң узарсын Камбар! – деп ураан чакырышты.

Жоонун мизи майтарылды, алатоолуктар жеңди. Арадан көп убакыт өтпөй жекме-жек эр таймаштын шартына ылайык, сайдын ташынтынан койчо чубап, келген жагына салпактай жөнөштү.

– Ошондо чоор-добулбастын, ханын жоктогон котологон колдун кайгылуу үнүнөн тоолор дүңгүрөп турду. А кан-жаны менен бирге бүткөн ыйык мекенинин кереметине таазим этип, жеңиш мөрөйүн алган Камбар карыя эли-журтун, чоролорун баштап, аттын башын кылымдар бою жердеп келген Сары-Челегин көздөй бурду. Мекендүү болуу кандай сонун! – дешет ушу кезге дейре ооздон оозго көчкөн окуянын жөнүн айткан иш билги карыялар.

* * *

Кыш өз өкүмүн сүрүп, жандууну жан оту, жүлүн чучугуна жеткире какшаткан сууктун мизи тартылбай жан кашайтты. Түнөргөн асман жыртыгынан суурулган айдын жүзү кыжырды кайнатып, бүт теребелди жарык кылып отурду. Биротоло асманда асылып калгансып же ары кетпей, же бери жылбай төбөдөн урган айды каргап-шилеген чалгынчылар качан гана токой аралаганда басышты жаактарын. Анткени, токойдон ары чалгынчылардан түзүлгөн эки топ, эки багыт боюнча иш алып барыш керек болчу. "Майдан тилкесинен өтүп, кайдан да болсо "тил" алып келгиле. Полктун, дивизиянын тагдыры силердин колуңарда. Аттангыла, бүркүттөр!"– деген подполковник Радченко чалгынга аткарып жатып. Ошон үчүн жолго жолтоо болуп, чалгынчыларга каргаша болуп турду, асманда көрүнгөн ай.

Эки топ эки тарапка бөлүндү. Ага лейтенант Савченко башкарган топ саздагы кыштакты көздөй жылды. Кыштак карарып көзгө урунганда ага лейтенант өзү менен кошо Бурковду алып күзөткө Элебесовду калтырган. Ошондон бери бир саат өттү, тигилерден дайын жок. Ызгаар боор этиңи толгоп жаш кылгыртып, тээ эзелтеден кубарта таарыган көк тиреген карагай, арчалар чорт-чорт жарылып, өзөккө кубат бере турган, көздөн учкан бир күрүшкө ысык чай кыялында тунарат. Минтип карандай сууктан тоңуп өлүп каларыңды ойлосоң заманаң куурула түшөт. Калдайып какайган өтүк карды эзмелеп, турган жериң чычкандын супрасындай кургак жер, калганы үстүн буламык кар баскан саз болсо бардыгына кол шилтеп кыштакка жөнөп бергиси келди Мундуздун. Анткени, энчиңе өлүм менен өмүр көйгөйү таразаланып турганда чалгынга кеткен жолдоштору менен башка түшкөн ырыскыны тепетең бөлүшкүсү келип кетти. Бирок согуш деген согуш, бири кетсе, бири кайтарып калат. Майдан тилкесинде өзгөчө тапшырма менен жүргөндө оюңа келгенди оттой бербей, кор чыгаанынын буйрук-чени менен болбосоң, сенин жапайы азгырыгыңды кийиз китепте жазылган аскер тартибинин жол-жобосу ооздуктап коет. Бу мыйзам ар бир аскер адамына бирдей. Анан калса чалгынчылардын шарты бар, учуру келмейин күтүү керек. Же "тилден" жок, же жоодон жок күтө-күтө жадаган байкуш ан-

да-санда түн уйкусунан чочуган иттер авалап үрсө, көзү талыганча бет алдынан караан издейт. Болжошкон убакыттан туура он мүнөт өткөндө чындап чыдамы кете баштады. Дагы беш мүнөт өтсө шарт боюнча полкко кайтуу керек. Кайтканда дагы жалгыз өзү, куру кол кайтат. Балким жолдоштору небак туткундалып кыйноо тартып жаткан болуу керек. Башка божомол болуусу мүмкүн эмес. "Туулдуң өлдүң. Баары бир башта бир өлүм. Тобокел, бара көрөрмүн" деп ойлоду Мундуз кожойгон денесин эпке келтирип.

Бул убакта фашисттер суукка чыдабай кыштактын жака белиндеги буктурманы алып, жазалоочу топтун штабы жайгашкан старостанын үйүндөгү бир гана күзөттү калтырышкан. Анан калса кечээтен бери замбиректин жаагы сынып, теребел ын-жыңсыз тымтырс. Түнкү күзөттөн кайткан фрицтердин сууктан ысыкка кирген кыштактагы старостанын үйү гана жарык чачып турду. Анан дагы капыстан ач арстандай качырып будуң-чаң түшүрчү партизандык кыймыл бул жерге келе электей. Андыктан, гитлердик ставканын алгачкы ийгиликтери баш айлантып, бөтөн эл, бөтөн жерде өздөрүн эркин кожоюн сезген фашистер айрыкча бүгүн беймарал.

Стол үстү тамакка додо. Торопойдун сүр этине али эч ким кол сала элек. Патефон бирде шандуу ойносо, бирде жай чимирилет. Бөлмөдөгүлөр кыйла кызуу. Колго тийген чөйчөктөр алмак-салмак бошойт. Мундуздун божомолу туура келди. Мештин жанында бети башы канжалап, кийимдери айрылган Савченко менен Бурков азап үстүндө. Алардан көзүн албай көкүрөгүнө калдайган темир асынып алган тосток көз немис карап турат. Үнүрөйгөн автоматтын оозу туткундарга кадалган. Колуна немис свастикасын байланган тарбайган орус улутундагы староста үч офицерди шыйпандап тейлеп жүрөт. Көзү кутурган иттин көзүндөй канталаган кара кителчен офицер туткундардын чыкыйына тапанчасын такап, өлүм менен өмүрдүн кылын кылдыратып жүргөндө Мундуз боортоктой жылып, сарайга жетип калган. Жандарынан үмүт үзүп коюшкан Савченко менен Бурков кандай да болсо кармашып жатып өлүү керек деген тейде көз ымдашып, кол салууга даярданган денелери түзөлө түшкөндө офицер столдун жанына барып калган. Тапанча столго "тарс" этип түшкөндө колу чөйчөккө узады. Жыйрылган дене кайра жазылды. Колдон суурулган мүмкүнчүлүктү пайдалана алышпай жаак эттери дирилдеп, ичтеринен мин өлүп, миң тирилген чалгынчылар чынын айтса алты-жети кадам ыраакта турган столдогуларга даай алышпады. Кантсе да ысык жан эмеспи, тигилер столго жеткенче киргиче ирмелбеген тосток көз немистин автоматынын шылый чабатынан коркушту. Ыңгайы келсе биз дагы бирдемеге жарарбыз деген кыязда кабак астынан онтоюн издешти. Карыя староста чөйчөктөрдү кайрадан толтура баштаганда, сырттан угулган кырылдаган добуш буулугуп ба-

рып тып басылды. Бөтөн добушка көзү алая түшкөн офицер чаңк эткенде тосток көз немис сыртка атып чыкты. Артынан кайч-куйч жабылган эшикке удаа эле "күп" этип астанага бирөө кулап түшкөндөй болду. Аңгыча эшик шарт ачылып Элебесов кирип келип:

– Кыймылдабагыла, колуңарды көтөргүлө! – деп кыйкырды.

Офицер алдастап тапанчага колун созгондо Мундуз автоматтын кундагы менен желкесин шылый чапты. Савченко тапанча каптын бүчүлүгүнө асылган чини чоң офицерди басып жыгылды. Бурковдун муштумунан староста тоголонуп кеткенде, үчүнчү жаш офицер калтырап, колун көтөрүүгө аргасыз болду.

– Азаматсың, Элебесов. Өз маалында келдиң. Болбосо биздин өлүгүбүздү жүктөп кетмексиң, – деп бакылдады Савченко. – Сен коорого көз сал, а биз буларды...

– Айланайын акебайлар, мени кечире көргүлө. Мен ит болдум, ит, ит! Жаным кашайып, бу жер жуткурларды үйүмө киргизе койбодумбу. Мен оңолом, сөзсүз башкача адам болом. Силер кечирсеңер, эртең эле партизандарга кошулам. – Эсине келген айылдын старостасы башы көзүн туш келди ургулады. – Кыйноодон көзүм тунарып, сасыган иттердин бал тилине азгырыла түшпөдүмбү. Мен келесоо, мен келесоо!

– Жаагыңды бас, иттин баласы! Сеники эмес, биздин көзүбүз тунарып калган экен. "Сиздин меймандостугуңуздун" айынан аз жерден алтын башыбыздан айрылып кала жаздадык. Түшүндүңбү, сасыган арам саткын десе. Билип туруп эмнеге кандектерче шыйпандайсың. Бизди эмне өлүп калат дединби?

– Жаздым-тайдым, жаңылбаган ким бар? Күнөөм тоодой, ал үчүн жооп берейин. Жок дегенде балдарымдын жүзү үчүн ырайым кылгыла, айланайын акебайлар... Өмүр бою курулуш бригадасында иштедим. Жашаялметмин, балдарым жаш. Ошондуктан күнөөмдү кечип койгула, мен силерден суранып калайын.

– Күнөөң үчүн башка жерден жооп бересиң. А балдарды ортого салба, куураган кызыл кулак. Атасы үчүн баласы жооп бербейт, – деди Савченко мештин үстүндөгү мотурайган балдарга карап.

– Айланайын акебайлар, балдарым үчүн ырайым кылгыла! Мен оңолом, сөз жок оңолом! – деп буркурап жаш төгүп ийди.

– Бурков, алдагынын жаагын жап кылчы!

– Түшүндүм, жолдош ага лейтенант.

– Урбагыла, кыйноого чыдай албайм. Айланайын акебайлар, суранам. Асти, мени ура көрбөгүлө. Ур-токмокко чыдай албайм! – Староста колдору менен башын корголоду.

Бурков желкеден аткый чапчып курсакка эки коюп, тумшугуна муш ойнотконду староста столго артыла түшүп полго шарак кулады.

– Убакыт тар, бачым кыймылдагыла,– деди Элебесов сырттан шаштырып.

– Азыр, бүтүп калдык. Тур, иттин баласы, өлүмтүгүндү артпай! – Савченко алка-жакадан булкуп тургузса кайра жыгылды. – Түү, эненди урайын докчуланган доңуз! Тур, бат тур дейм!

Туш келди тепкилеп ийди жанын арачылап калгысы келген чыкынчы старостаны.

– Сава, аны тим койчу. Мештин үстүндөгү суурдун баласындай болуп жууркандан башын чыгарган балдарды аячы.

Савченко мен сезгенди Бурков дагы сездиби дегенчилик кылып боор толгоду.

– Канчоо экен? – деди старостанын жоопкерчилиги экөөбүзгө тең болсун дегендей.

– Төртөө....бир жаштан сыягы...

– Бизди фашисттерге салып берип тапкан олжосу не мунун?!

– Ичер суусун, жашар күнүн балдары сурап алды.

– Ошондой де. Андай болсо буйдалбай жөнөй берелик. Бас шүмшүк! – Автоматы менен жонго түрттү, калтыраган туткунду.

– Деги мунун аты, жөнү ким болду экен? Билип койсок ашык болбос,– деп Бурков кызыга сурады, астанага жеткенде бурк эте.

– Николай Гунко, – деди меш тараптан үн каткан эркек бала чыйылдап.

– Николай... түү, кадимки эле орустун ысмы, иттики десе!... – чыйт түкүрдү.

– Тез, тез чыккыла! Сарайдан ары токойго кирип кетсек кутулдук дей бергиле. Болгула эми,– деди алдастаган Элебесов астанада жаткан өлүктөргө чалынгандарды шаштырып.

Чалгынчылар сарайды айланып өтүп келген издерине салышты. Шашпаса болбойт. Анткени, немистер тигилерди айдын жарыгында алда кайдан дароо эле байкап коюшу мүмкүн. Ошондуктан токойго тез жетип, айланып отурбастан жолду кыскартуу максатында тобокел кылышып, туура эле сазды аралай чабышты. Ага лейтенант Савелий Савченко топ баштап калгандары каз катар соңунан келатышты. Чалгынчылар бу жолду көп жолу басып өткөнүнө карабастан сактыкка кордук жок дегендей, айрым көңүлгө жат болуп калган даректарды, белгилерди кылдат көздөн өткөрүп жолду арбыта беришти. Жаның кашайып жолдон адашсаң, кимсиң деп кызыгып койбой далайын көз ачып жумганча оп тартып көнүп калган саздын сүрү чалгынчылардын үшүн алып, пешенесинен тер чыгарды. Түшүнүксүз коркунуч муундан алып, ар бир кадам жерди абайлап басууга мажбурлады. Аңгыча ойдогу жок жерден саксына ар ким өз көйү менен алектенип келаткан учурдан пайдаланып, соңунан сүрөгөн Саша Бурковду тоголото түртүп, бүркүттөн

качкан түлкүдөй мант берди, жаш офицер. Үстүн кыламык кар баскан алдамчы тонголоктон чуркап өтүп, топ бадамга жетсем кутулуп кетем деген кыязда далбактап баратты качкын. Жер сүзгөн Сашаны тургузуп жатып Мундуз аянычтуу тамашаны күткөндөй күнк этти.

– Командир, мындай эрдиктин кимге кереги бар эле дейм да.

– Мен дагы ошону ойлоп турам. Саша, тирүүсүңбү?

– Тирүүмүн. Шайтан алгыр офицер өлө албай жүргөн го,– деди шашпай күбүнүп.

Артынан куугун түшпөй, же тытыратып ок атылбай, дегеле эчтеме болбогондой беймараал турган чалгынчыларга түшүнбөй турду, эки офицер туткун. Чалгынчылар билгенди ал шүмшүк офицерлер кайдан билишсин? Жаман ойлорунда жаш офицердин чечкиндүүлүгүнө, тайманбастыгына тан берип турушкандай сыймыктуу көз салып турушту. Өздөрү тигинин ордунда болбогонуна өкүнгөндөй ушу кордуктан көрө өлүп калсакчы дегендей бири-бирин уурдана карашты. Күтүлбөгөн жерден кыламык тоңгон муз чарт жарылып, тумшугу менен тийген жаш офицер сазга белчесинен бата түштү. Коюн колтугуна суу толуп, өтүгү оорлошо түшкөндө жанталпаска колдору серендеди. Чыгып кетем менен он-солго чабылган сайын саздын сасык суусу ылдый тартты, кекиртегин аймалап жиберди. Бир убакта эзелтеден бери келаткан жолунан жазбай кылтагына илинген жандуунун өмүрүн алып, кыныгын алган сасыган саз офицер туткундун оорлошкон денесин “оп” тартып, кыймылдаган сайын төмөнгө тартып баратканын, ажал менен кармашып алаксып калган офицер сезген жок. Ошондуктан “лам” деп ооз ачалбай буркулдап суу бүркүп, заматта көздөн кайым болду. Көргөн көздөрүнө ишенишпей, эмеле чалгынчыларды мыш кылып качып кеткен эрдигине сыймыктанып, жүздөрүнөн кубаныктын жышааны тарай электе саз соруп кеткен жаш офицерди көргөн эки туткундун төбө чачы тик туруп, таңдайлары кургап кетти. Ошондо гана советтик чалгынчылар офицердин артынан куугун салбаганын, неге ок атпаганын түшүнүшкөндөй баштарын уурдана шылкыйтышты.

– Өзү бирөө ашыкчадай көрүнгөн. Ит эле болду.

– Кудая тобо-о, ит болдубу, куш болдубу, Мундуз, мынчалык тез, саздын түбүндө ажыдаар отургандай оп тартканын кара! Көрдүңбү?!– дегендей сөөмөйү менен сайып ийгенде бир офицер чочуп кетип кайра өзүнө ыктай түштү. – Жүрөгүң кичине эле экен го, шүмшүк! Дагы офицер имиш, сасыган күлтүк!

– Бурков, оозунду жап. Биринчи жолу көрүп отурасыңбы? – деди ага лейтенант өктөм.

– Ошентсе да көргөн сайын көргүң келет экен, жарыктык десе! – шылдыңдай тикчийди.

– Жоругунду кайра баштадыңбы?

– Буларды жер менен жексен кылмайын жоругум али бери бүтпөйт, жолдош командир. Саз өз энчисин алды, Эми жолубуз буюрса, ачык болот.

– Сага корогон кайран сөз. Кана жоокерлер, эмесе жылдык. – Көз алдында өткөн окуяга жүрөктөрү үшүгөн эки офицерди шаштырып, абайлай жол баштап баратып күнкүлдөдү Савченко. – Бу саз эч качан жаңылганды коё берген эмес. Силер дагы этият болгула! Анткени муз али толук ката элек. Тунжурап эч коркунуч жоктой мелтиреген менен бутуңар тайып кыламык муз жарылчу болсо атыңарды таппай калабаскыла,– деп этияттанды.

Чалгынчылар качан гана кечигип атылган автомат, пулеметтун чуулдагы угулбай калганда көпүрөдөн өтүп барып өңүт алышты. Кууту жерди сезген буттары эркин сунулду. Негизги коркунуч артта калды. Немистердин түнү сазды аралай чаап, чалгынчылардын артынан куугун салбашы бештен белгилүү болуп калды. Ошондуктан түнкү тобир чымырканса полкко жетип барарын ойлошту.

– Өзөк жалгап алсак жакшы болот эле, – деди Мундуз да капыстан түкүрүгүн жутуп.

– Мундуз, бу сенсиңби?! – деди ага лейтенант караңгылыктан кубаттагандай.

– Ооба, менмин, жолдош командир.

– Сөз жок. Бурков дасторкон жай. Алып чык тигилерди, – буюра айтылды.

– Жарайт, жолдош ага лейтенант,– бурк эткен Бурков асынма баштыгын оодарып, чү дегенде эле торопойдун сүр этин плащпалаткан үстүнө койду. Анан жарты көмөч, картошка, туз, бир бөтөлкө немис ичимдигин алып чыкты.

– Жолдош ага лейтенант, мобу кайдан түшүп калган? – Анкоо үн катты.

– Асмандан, жолдош катардагы жоокер.

– Асмандан... кызык. Асмандан түшкөндү эмне кылат, а жолдош ага лейтенант.

– Асмандан түшкөн ырыскыны жакшы жоокер айттырбай бөлүштүрүп ийет.

– Ооба десең. Айрыкча карандай суукта жанга жагымдуу дешет. түшүнбөй жатпайбы.

– Ошону айтсаң Мундуз, аны тиги күлтүйгөн сибирдин аюусу гон Бурков.

– А тигилерчи? – деди айттырбай билер болсоңчу деп обон соз-

– Тигилерди кудай албайт. Алардын жанын мен алам. Кыймылдаса эле "пух", "пух" оо дүйнөгө узайт. – Автоматтын затворун шарак тартты. – Болбосо айлананын баары быкылдаган саз. Буту тайыса эле энчисин эзели куткарбаган саз "бүл-бүл", "бүл-бүл" ылдый тартып кетет.– Савченко колдорун сербеңдетип чөгүп бараткандай түр көрсөткөндө туткундар бири-бирине жабыша түшүштү. – Көрдүңбү иттерди, үрпөйө калышты. Жан ширин да. Бүгүнкү кыйнагандары үчүн мобу колдорум менен экөөнү эки жерге мууntуп салсам кумардан чыгар элем.

– Анда эле бизди подполковник Радченко менен майор Малышев мууздабай каныбызды сорбойбу. Балээге ошондо калабыз. Өзүбүздү ойлобой, биринчиден ушу туткундардын амандыгын тилейли, жолдош ага лейтенант.

– Анысы да туура, Мундуз. Кел, андан көрө колдогуну суутпай, сен үчүн тартып ийели. Анткени, сен чыныгы чалгынчылык сапатыңды көрсөттүң. Бизди куткарып калдың. Аныңа миң мертебе ыракмат! Анан бизде бөрү азыгы жолдон деп коёт эмеспи. Анын сыңарындай, жолдуу эженбиз, жолубуз болду. Туурабы, Саша? Үнкүйбөй сен дагы бирдеме дебейсиңби.

– Мобуну устукандап ийейин деп калбадымбы. Туура айтасыз. Туура айтылган сөздө тууган жок. Биз карызбыз сага, урматтуу старшина Мундуз Элебесович! Сага чексиз ыраазычылыгыбызды билдиребиз. Эгер сен болбогондо бизди эмдигиче карагайга асып салышмак. Досу бардын ырысы бар деген ушу. Сен үчүн, анан Сталин үчүн!

– Жигиттер, койгулачы, эсептешпей. Жамандык, жакшылык ар кимде бар. Бири-бирибизди башка кыйынчылык түшкөндө колдобосок жоокерчилигибиз не! Андан көрө мобуну тартып ийели. Андан кийин дагы айтканы болор.

– Тартса тарталы. Сен үчүн, Мундуз!

– Сен үчүн.

– Ыракмат, жигиттер, баарыбыз үчүн, жеңиш үчүн алалы!

– Бурков, курсактын камын ойлоп торопойдун сүр этин кымтый чыкканың жакшы болуптур. Эпчилдигинде айла жок,– деп Савченко мурдун чүйрүп, этти апылдата чайнады.

– Сиз деле кур чыкпапсыз, жолдош командир.

– Чалгынчынын олжосу ошол эмеспи: "тил", документтер, куралжарак жана ушу сыяктуу майда-чүйдөлөр. Бирок негизгиси – "тил", ушуну эсинден чыгарба, Бурков.

– Кысталышта бири-биринди апендидей мактап... тимеле жараша түштү.

Мундуз тамашалай кеп таштады.

– Антпесек бизди ким мактайт. Туурабы, жолдош командир?

– Туура сөздө тууган жок.

– Эми өзүңүзгө келдиңиз. Аягына чейинби?

– Аягына чейин болсо, аягына чейин… алдык.

Бөтөлкө кайра колго тийгенде Бурков дароо бөлүштүрүп ийди. Экинчисин унчукпай алышты. Ичке кирген ичимдик карандай суук ичиркенткен бойду жибитип, чалгынчылардын аңытын ачты. Алмак-салмак сугунуп, торопойдун сүр этинен тое жешти. Убакыт шаштырып нандын күкүмүн чогултуп оозуна салган Мундуз:

– Жигиттер, ырыскы-насибибиз өзүбүзгө буюруп, ичкен тамагыбыз аш болсун! Жолубуз ар дайым ачык болсун, оомийин! – деп бата кылды.

– Иэ, Мундуз, оомийин дей берип, ушу сен бизди мусулман кыла турган болдуң,– деди Бурков тийише сүйлөп.

– Мусулман болсоңор жаманбы. Силер деле мени мобуга үйрөтпөдүңөрбү.

– Динибиз башка болгону менен баарыбыз бир кудайдын балдарыбыз. Анын эмнесин талашасыңар. Мундуз Элебесовдун "омийини" менен "батасы" биздин, чалгынчылардын ийгилигинин ишенимине айланып бараткандай. Анан калса анын "батасына" биздин чалгынчылар көнүп деле калды окшойт. Ал тургай бир сапар полктун командири Радченко, саясий жетекчи Суслов менен штабдын жетекчиси Малышевге: "Мундуз Элебесовдун ийгилик жылоолосун деп колдорун бетине тарткан батасы – бу чалгынчылардын тапшырмага чыгар алдындагы айтылган сыйкырдуу сөзү, көкүрөк ишеними, ата-бабаларынын арбагына кайрылуусу. Мына ошондуктан аларды ата-бабалардын арбагы жашайт, андан саясий күнөө издөөнүн эч кандай зарылдыгы жок",– деп колдоп, дайыма жолдуу кайтышат. Андыктан ар ким өз ишеними менен генин биз өз кулагыбыз менен укканбыз. Ушундайбы, Мундуз?!– деп командир Савченко кубаттагандай үн катты.

– Ошондой экенин сибирдик балбанга түшүндүрүп койсоңуз, жолдош командир.

– Так ошондой болгон, жолдош сибирдик балбан! Мындан эч кандай диндик же саясий ката издей бербөө керек. Түшүндүңбү?! Түшүнсөңөр, анда жөнөдүк, жигиттер!– деди Савченко ордунан козголуп.

– Жөнөсө жөнөйлүк. Эй, офицер мырзалар тургула! – деди Мундуз туткундарды шаштырып.

Туткундар арамза кыймылдашып, өөдө болгондо Савченко өктөм унчукту:

– Эми силерге да, бизге да тыным жок. Менин артымдан марш, кеттик!

Чалгынчылар ошо бойдон тынбай жүрүп отуруп полкко таң сүргөндө келишти. Штабдагылар чалгынчыларды чыдамсыздык ме-

нен күтүп жатышкан экен. Савченконун тобун көргөндө кубанганнан дарын жашыра албай "тилди" кабыл алып, аларга эс алууга уруксат бериштти.

Өлгүдөй чарчаган немелер кызуу уйкуда жатканда майор Малышев полктун командири подполковник Радченкого маанилүү маалыматтарды берип бүтүп калган. Маалыматтарга ыраазы болгон подполковник жайдары бакылдады.

– Чалгынчылар бу сапар да жолдуу кайтышыптыр. Дивизиянын штабы менен байланышып, ССтин эки офицерин аларга токтоосуз жөнөтүңүз. Алар дагы сурап көрүшсүн. Эгер биздин жоромол алардыкы менен дал келсе, утуш биздики. А чалгынчылар тобун, анын жетекчиси Савченкону сыйлыкка көрсөтүңүз. Ал орденге татыктуу.

– Татыктуу жолдош подполковник.

– Старшина Элебесовду бизге бергиле деп көптөн бери дивизиядан сурап жатканын өзүңүз жакшы билесиз. Ошондуктан анын ордуна ага лейтенант Савченкону жөнөтсөк кандай дейсиз? А анын ордуна командир кылып майданда такшалып калган жолдош Элебесовду дайындасак уттурбайбызбы?!

– Уттурбайбыз, утушубуз мүмкүн жолдош подполковник, мен дагы Элебесовдун талапкерлигин колдор элем,– деди штабдын начальниги Малышев кубанычын жашырбай. – Бирок дивизиядагылар Савченкого ынашат бекен? – деди кайрадан тынчсыздана командирин суроолуу карап.

– Ынашат. Полковник Гришинди араң көндүрдүм. Менин оюмча, жолдош Элебесов командирликке татыктуу, жоокерлердин арасында кадыр-баркка ээ, ротаны тартып кетет. Ошондуктан кенже лейтенант наамына өтүнүчтү жана чалгынчыларды сыйлыкка көрсөтүү документтерин бирге даярдаңыз. Мен полковник Гришинге чалып коём. Документтерди Савченко эртең өзү ала барат. "Даракты которсо өлөт, адамды көтөрсө өсөт" деген жакшы сөз бар чыгыш элинде, жолдош Малышев. Ушуну көңүлүңүзгө түйүп алыңыз. Элебесовго мен ишенем, ал биздин ишенимди сөзсүз актайт,– деди полктун командири ишенимдүү жоокер, тапшырмага ар дайым жоопкерчиликтүү мамиле кылат.

– Анда эле эң жакшы, иш чечилди. Кете берсеңиз болот.

– Жарайт, жолдош подполковник.

– Жакшы чалгын – жоокерлердин ырысы, операция ийгилиги. Буюрса, жакында чоң уруш болорун жүрөгүм сезип турат. Ал албетте, биздин пайдабызга чечилет,– деп өзүнчө күңкүлдөп алды, картаны үнү-

лө караган полктун командири штабдын начальниги чыгып кеткенден кийин керилип-чоюла.

... Ошо күнү, анын эртеси да экинчи топ чалгындан кайтпай калды.

VI

"Ардактуу курдашым Мундуз!

Бул катты гүлдөрү жайнаган алыскы атыр-жыттуу Сары-Камыш айылында жашап жаткан курдашың Мукандан деп бил. Майданда абал кандай? Өзүңдүн дени-кардың сообу? Муке, албетте сенин алдында күнөөм тоодой. Билсең баягы сени узаткан күн менин дүйнөмдүн чалекейин түшүрдү. Манас бабабыздын касиети катуу таасир эттиби: "Мени качан аскерге алат? Тентуштарымдын баары майданга кетип жатса, мен кантип айылда калып калайын"?– деп эле күтүп калдым. Ошондо сага майдандан кат жазсам күтүлбөгөн жаңылык болобу деп ойлогом. Бирок мен ойлогондой болгон жок. Акыбай абам, Адашкан үчөөбүз районго барып аскер комиссары Тарантовдун эшигин аябай эле жырттык. Көп убара болдук. Акыры аскер комиссарынын урукаты менен медициналык кароодон өттүк. Акыбай абамы, Адашканды жаратты. Мени кулагың катуу экен деп жаратпай коюшту. Колумдагы "Аскерге жараксыз" деген врачтардын бүтүмүнө карабай "Мени майданга жөнөткүлө!"– деп бара бердим. Аскер комиссары менден тажаганда райондон бир милицияны кошуп берди. Ал үйгө алып келип айыл кеңештин төрагасы болуп калган Жээнбек аганын колуна тапшырып кетти.

Ошентип, айыл менен Бешкепенин ортосунда жүрө берип убакыт кандай өткөнүн билбей калыпмын. Ортодо Адашканды, Акыбай абаны фронтко узаттык. Алатоолук уулдарды күн батыш майданга узаткан манасчынын үнү ушу азыр да кулагымда жаңырып турат. Ушунча таасирленген экем, касиетинден айланайын ата-бабаларым кудаанын кутуу күнү түшүмө кирип жүрдү. Ошондо айылга келдим да башкармадан жыйырма бээ бөлдүрүп алдым. Колхозго кымыз тапшырып, кулун төлдөтүп өзүмдүн атымды чыгарайын дедим. Ошо жылкы бөлдүрүп алгандан бери Турдубай аяш акеме кошунамын. Жайлообуз, кыштообуз да жакын.

Эми мендеги жаңылыктардан айтайын. Жан бирге курдашым, өткөн аптада "Эми сен жылкычы болдуң. Ошондуктан үйлөнүп ал. Антпесең мал баккан кишиге кыйын болот", – деп атам өзүнүн алайкуулук досунун кызына куда түшүп келген. Мен да жок дебедим, үйлөнүп алдым. Азырынча бири-бирибизге көнүшө албай жатабыз. Бирок тоонун кызы эмеспи, кыймылына караганда мал-жанга чыйрак. Мендеги чон

жаңылык ушул. Ушинтип, мен теңтуш балдардын ичинен биринчи болуп үйлөндүм окшойт. Ыдырыс абамын уулу Кадыр мага ылым санап келип турат. Кара күлүктү сайдан сугарып кел десем кубанып чаап жөнөйт. "Мундуз агам мага "Камбар тебиш" деген эр уруш өнөрүн үйрөтөм деген. Ал тургай бир-эки жолу "Чабандес" деген ыкмасын бизге көрсөткөндө үйрөнүп алгам",– деп көрсөтө баштаганда жыргап калат.

Сайкал болсо күн өткөн сайын чырайына чыгып баратат. Быйыл шаардан айылга мугалимдер келген, педтехникумга шыктуу балдарды алабыз деп сынак өткөргөн. Ошо сынактан өткөндөрдүн тизмесинде Сайкал да бар экен. "Окуу сентябрь айынын биринен башталат" деген Ошко узаттык. Өткөндө келип кетти, кулпунуп укмуштай сулуу болуп кетиптир. Буга чейин деле сулуу болчу дечи, бирок, бу жолкусу айрыкча жомоктогудай татына. Мени менен учураша электе эле "Мундуз агамдан кат барбы? Кандай жүрөт?"– деп сураса Анарбай өзүнчө кызганат. Мага Анарбай Айжан экөө сүйлөшүп жүргөндөй болгон. Бирок менин оюм теңирден тескери чыгып, Айжанды пайдаланып жүргөндөй өңдөндү. "Кыздын жигити майданда жүрсө, бу кылыгың жакшы эмес", – десем, "Чымчыкка окшоп чырылдабачы!" – дейт. Угуп алып күйбөгөн жерим күл болду. Мен чымчык, ал бүркүт кебетеленди. Бүркүттүн чабытын чымчык билеби дегендей, анын чабытын мен кайдан билдим? Анын ойлогон, күсөгөн чабыты Сайкал экендиги жөнүндө Айжан чечилип айтканда, Анарбайга кайра ачуум келди. "Бу жоругуң жолдо калсын. Мундуздун алдында уят болобуз. Сайкалдын башын айлантпа! Аны жөн кой",– дедим. "Ар ким өз насибин көрөт",– дейт кызарбай. "Кыздын насиби сен эмес, Мундуз экенин билесиң да. Эгерде ал өзү болгондо минтип айтмак турсун, тике карап сүйлөй албайт болчусуң. Себеби сенин жүрөгүң жок шүмшүксүн, куйтусуң, өзүмчүлсүң! Сайкалдан айланып кет, аны алдамчы торуна түшүрүп эле албасаң, ал сени карап да койбойт. Жакшысы сүйбөгөнгө сүйкөнбө!"– деп кер-мур айтышып калдым. Анарбайга айткан кайран сөз, ага айтканча селсаяк итке айтсам бирдемени түшүнөт, кет десем кетип калат. Асти, ал түшүнбөйт. Намыс дегенден айланып кетсин ал. "Мен НКВДда иштейм, менде бийлик бар. Каалаганымды жасайм",– деп эле корсоёт, бирок ичи бок экенин туйгусу жок.

Ушундай курдаш! Кайдагы балакеттерди айтып башыңды айландым окшойт. Маң баш теңтушунду кечирип кой. Сайкал акылдуу жан эмеспи, сүйбөгөнгө сүйкөнбө деген ниетин билдиргенде "бүркүт" байкуш не дээр экен?! Ушуну менен катымды аяктайм.

Ии, баса, Мундуз, майданда болгон бир күнүң жөнүндө кеңири жазып жибер. Мен сенден аябай суранам. Мен да башкаларга окуп берип, бир мактанайын. Макулбу? Аяшыңдан салам. Кат күтөм деп, теңтушуң Мукан".

* * *

"Кадырлуу иним Мундуз!

Бул катты намыстуу тенизбай элинде күн кечирип жаткан акең Турдубайдан деп бил. Мундуз оору-сыркоодон тышкары аман-эсен жүрөсүңбү? Аякта аба ырайы кандай? Майданда кандай жаңылык? Жоокердик милдетинде кыйынчылык жокпу? Биз салган посылканы алдыңбы? Жаңгак, курут, чучук салганбыз. Чучукта Мукан досундун үлүшү зор. Өткөн жааңда Мукандын бир бээси тоодон учуп, эки алдыңкы бутун сындырып алыптыр. Өзүң билесиң сынган жылкынын буту бүтбөшүн. Ошондуктан чондор менен кеңешсек сойгонго уруксат берди. Бээ аябай семиз экен, этин колхозго төктүк. Артып калган чучук майы менен жалынан кайберендин этин кошуп чучук жасаганбыз. Сапарбайдын чаарчыгы кадимкидей чоңоюп калганда айыл кеңештин төрагасы Жээнбектин көзү түшүп калганбы, ат тезегин кургатпай келе берип алып кеткен. Райондун чондоруна тартуу кылат имиш. Кийин уксам эликтин баласы райондун жетекчисине деле кетептир. Менин угушума караганда, ал теңтушуң Анарбайдын чоңу Капаров дегенге кетиптир. Ошо төрага Жээнбек алып кеткенден бери Сапаш иниң жалгызсырап, төраганы көрө турган көзү жок. Али кичине эмеспи, төраганын чабдар жоргосун көргөндө эле таш атып, күн өткөн сайын өжөр болуп баратат, инин.

Ыдырыс акенин кызы Сайкал Ошто окуп жатат. Буюрса, андан жакшы адам чыгат. Жолукканда саламдашып калат. Кечээ угуп калдым, Анарбай өткөн жумада жарым жылга дейби, же бир жылга дейби, милиция окуусуна Ошко кетиптир. Женең Айсулуу күүлүү-күчтүү жүрөт. Мукандын келинчеги чыйрак чыкты. Бүлдүркөн, чычырканактын ашын терип Николай орустун балына алмаштырып алыптыр. Калганын балга кошуп азык даярдап алды. Ошонусунан бизге дагы берген.

Мундуз, Майра эжени билесиң го. Ошонун агасы Ысмандан кара кагаз келди. Бу согуш башталгандан берки биздин айылдагы экинчи кайгы. Кара кагаз келди дегенде айыл түгөл өкүрдү. Өлгөндүн өз шору, артында калганга кыйын болот экен. Ар кандай кабардан улам согуш узакка созулчудай кейиптенет. Иши кылып, эл арасында аман жүрсөн эле болду.

Биз элге окшоп машак тербесек дагы мал багып, ошонун шарапаты менен тирилигибизди өткөрүп жатабыз. Жайында кымыз, майдан өксүбөйбүз. Кышында көңүн жагабыз. Жүнүн ийрип кийим киебиз. Турмуш ушинтип өп-чап өтүп жатат. Элдин көзү күн батышта, кеткендер качан кайтат деп. Мундуз аман-эсен жоону сүрүп кел. Баса, сени мактаган командириндин "Мактоо баракчасын" алып аябай сүйүндүк. Айылдаштардын бардыгына көрсөттүм.

Жолукканча аман бол, сени сагынып акең Турдубай. 1943-жыл.

Ии, айткандай, Мундуз, сен салган самынды, чытты алдык. Чытты ошондо эле женең жакшы экен деп көйнөк тиктирип алган. Мындай сонун чытты биздин айылдан эч ким көрбөптүр. Ал эми самын бул жерде таңкыс экенин өзүң деле билесиң да, оңуп эле калдык, самындуу болуп. Албетте, андан Мукандын үй-бүлөсү менен да бөлүштүк. Алар дагы ыраазычылыктарын билдиришти. Иши кылып көптүн бири болуп аман жүрсөң эле болду. Мундуз, эгер мүмкүн болсо сүрөтүңдү салып жибер. Макулбу! Унута көрбө."

* * *

"Кадырлуу Турдубай аке, Айсулуу жеңе, иним Сапаш!

Мал-жаныңар аманбы? Оорубай-сыркабай эл катарында жүрөсүңөрбү? Тууган-урук, айыл-апа сак-саламат турабы? Сапашты аябай сагындым, көкүлүнөн сылап, эки бетинен эки өөп коюңуздар! Аке, менин оюмча, бала жаштайынан өжөр болуп өскөнү жакшы. Чоңойгондо бышык, намыстуу болот. Бирок улуу кишилерди көздөй таш атканы жаман. Албетте, анын чаарчыгы менен болгон окуя да жакшы болбоптур. Төрага да кызык экен, баланын чаарчыгын тартууга деп тартып алганы. Эми өткөн ишке өкүнбөйлү. Кудай буюрса, аман-эсен барсам, Сапашка кекиликтин балапандарын кармап берем. Капаска салып багып жыргап калсын. Сиз айткандай сүрөтүмдү, анан мен тууралуу бир орус кабарчынын гезитке жазган материалын салып ийдим.

Аке, азыр жыргап кеткен эл жок. Фронтто деле ошондой. Бирок адилеттүүлүк үчүн айтып коюшум керек, чалгынчы деген такай жанын оозуна тиштеп, өмүрү бычактын мизинде болгону менен, жай турмушагы жашоосу башкалардыкынан төөлүк өөдө. Курсагыбыз ток, кийибиз бүтүн. Канчалык көп эс алсак, ошончолук эмгек кылабыз. Бир сөз менен айтканда, өз өмүрүбүздү кепилдикке коюп, кайра келгенде өзүбүз сурап алгандай эле болобуз.

Турдубай аке, мага салган посылкаңыз үчүн сизге чоң ырахмат! Сизден суранып калайын, мындан ары посылка салып эч убара болбоңуздар. Чалгынчылардын жашоосу жакшы дебедимби. Чучук тилиңи тиштеп алчудай даамдуу болуптур. Балдар болуп жедик. Командирлерге да ооз тийгиздим. Ошол чучуктан мурдагы командирим подполковник Березовский да ооз тийип калды. Ал мындай болду.

...Кийинки мезгилде биз коргонуп эле турбастан чабуулга да өтө баштадык. Биздин полктун алдында стратегиялык мааниси чоң кыштакты фашисттерден бошотуп, шаарга кетчү жолго көзөмөл жүргүзүү тапшырмасы коюлду. Чалгынчылар чалгындан келгенден кийин качан чабуулга өтөрүбүз дайын болду.

Таңкы бештерде артиллериялык аткылоо башталды. "Кимди ким көрдү, Быржыбайды там басты" дегендей, зуулдап учкан снаряддар жер сабап эле жатып калды. Белгилүү мөөнөттөн кийин олжосун аңдыган илбирстей биз чабуулга өттүк. Зуулдап асманда каршы-тершиучкан октордон башынды көтөрө албайсын. "Ураалап!" барып жата калабыз. Башыбызды чөпкө катабыз. Кайра турабыз. Немистер да көрдөн чыга калгандай катуу эрегишип, каршылык көрсөтө башташты. Кыштакка жетпей чабуулубуз токтоду. Желмогуз немистер окопторун терең казышкан экен, баштары көрүнбөйт. Ажал сураган октор жерден чыгып жаткан жаланкычтай чуулдайт. Биз коколой башыбызды катууга далбастап колубузга эмне тийсе ошону менен жер чукуйбуз. Дагы жакшы бул жер кумдуу болот экен, башыбызды катып көбүбүз аман калдык.

Полктун командири Радченко дивизия менен байланышып, жагдайдын оор экендигин билдирди. Тез арада сол канатка жардам жөнөтпөсө кыштак колдон чыгарын түшүндүрдү. Байланыштын аркы тарабындагылар көп өтпөй унчукпай калышты. Убакыт токтоп турабы душмандын пайдасына зымырай берди. Подполковник Радченко кайрадан байланышып, кыштакты аларын, бирок бөөдө ашыкча чыгымга кабыларын түшүндүрдү. Сол канаттан жок дегенде бир батальон кысмакка өтсө душмандын күчү экиге бөлүнүп, чыгым аз болор эле деди. Акыры Радченконун сунушун туура табыштыбы жарым сааттын ичинде сол канатка бир батальон жөнөтүлөрүн кабарлады, полковник Гришин. Радченко сол канатка Малышевди чаптырды. Көмөк келээри менен чабуулга өтөрүн буюрду. Биз кармашка даяр турдук.

Белгиленген мөөнөттө асманга кызыл ракета атылды. Кайрадан "Сталин үчүн!" деп ураалап чабуулга көтөрүлдүк. Беш жүз метрдей өткөндө кичинекей өзөнчөнүн жээгине келип такалдык. Жар башынан душмандын пулемёттору баш көтөртпөй сого баштады. Кайрадан жер тырмалап калдык. Арадан анча убакыт өтпөй сол канатка көмөккө келген батальон чабуулга көтөрүлдү. Ажалдан коркуп койсо не? Тытыраган октордон буйтап "Сталин үчүн!", "Мекен үчүн!"– деп кыйкырып душманга аткан октой атырыла чуркашты. Ал тургай алдыңкы катардагы жоокерлер фашисттер менен алышып да кетишти. Немистерге тыным бербей кыштакты камалоого өтүштү. Айрыкча коржойгон узун командири жоокерлерди тындырбай кайра-кайра чабуулга чакырып, ажалга төшүн тосо берди. Ошондо немистер ок өтпөгөндөрдөн, ажал менен ойногондордон апкаарып калгандай туюлду. Советтик жоокерлердин оор жагдайдан чыгып кетүүсү үчүн, душмандын ошол кичине эле апкаарууусу жетиштүү эле.

– Тигилер кайда баратат?! Жанынан тойгонбу! Жашынбайбы! – деп жаным чыгып кетчүдөй кыйкырып жибердим.

– Жолдош Элебесов штрафбат деген ошо. Күнөөлөрүн ошентип акташат. Алар өлүмдөн коркушпайт, чыныгы жоокерлер ошолор!– деди ордунан турган полктун командири: – Эми бизге кезек келди. Жоокерлер, мекен үчүн, Сталин үчүн алга! – деп кыйкырды. – Бир мүнөткө да токтомой жок! Бир гана алга! Ураа!

– Ураа! Ураа!!

Биз командирдин артынан "Ураалап", аң-дөңдү карабай чуркап бараттык.

Ошентип, түшкө жетпей кыштакты немистерден толук бошоттук. Кечке маал комдив генерал Чурков менен штабдын начальниги полковник Гришин өздөрү келишип, кыштакты алууда өзгөчөлөнгөн баатырларды орден, медалдар менен сыйлашты. Ошол жерден эртең менен жоокерлерин чабуулдан чабуулга чакырган эр жүрөк командир подполковник Березовский экенин укканда өз кулагыма ишенбей, аябай таң калдым. Демек, өткөндөгү айыбы үчүн штрафбатка кесилген экен деген ойго кеттим. Дароо учуп жеттим. Аскер тартиби менен кайрылдым. Эч өзгөрбөптүр, болгону өңү суз тартып, көздөрүн ала качып, сүйлөшүп жаткан адамдын жүзүнө тик карай албай калыптыр. Бирок эр жүрөктүүлүгүн эчтеме менен салыштырууга болбойт. Мени тааныбай калат го дегем, бирок эч бүшүркөбөй тааныды. Менин да оңой жоо эместигимди көрдү окшойт: "Жолдош Элебесов, бул сенсиңби?!"– деп кучактай кетти. Көпкө кучакташып турдук.

– Ошондо эле зиректигинди, тайманбастыгыңды сезгем. Эми карачы, зыңкыйган офицер, чалгындоо ротасынын командири болупсуң. Сага ийгилик гана каалайм! – деди.

Мен өзүмдүн тамеки мүштөгүмдү белекке бердим. Ошондо өңүнө кызыл жүгүрүп, мага карап бир сырдуу жылмайып алды.

– Жолдош Элебесов, бул мен үчүн эң кымбат белек! Өткөн жакшы күндөрдүн элеси болсун. Сага чоң ыракмат! – деди карылуу колдору менен бек кучактап.

– Арзыбайт, жолдош подполковник, аман болуңуз, – деп чайга чакырдым.

Миша байке стол даярдады. Стол үстүнө чучук, курут, жаңгак, консервалар коюлду. Калай күрүшкөлөрдүн түбүнөн өздө спирт куюлду. Жеңиш үчүн деп унчукпай алдык. Чучуктан жеди. Жаңгак чагып бердим.

– Куруттан чөнтөгүңүзгө салып алыңыз, жакшы азык. Агам Турдубай салып ийиптир,– дедим жетине албай.

Подполковник кысынып отурду, ага караганда биз күжүлдөп, көнүлдүү отурдук. Күрүшкөлөргө кайра куюлду.

– Жолдош Элебесов, буюрса, аман болсок бир жылдан кийин жоокердик жай турмуштан кезигели. Ага чейин жер үстүндө бололук.

Эмки жолугууга чейин кайыр кош, жолдош чалгынчы!– деди кетип баратып.

Ошол эле күнү подполковник Березовский командалык кылган штрафбат түн жамына кыштактан чыгып кетти. Биз кыштакта калып калдык.

Ушундай болду, аке. Сурагандарга менден ысык салам. Балдарга өзүм кат жазам. Силердин амандыгыңарды тилеп, чалгындоо ротасынын командири, лейтенант иниңиз Мундуз"

* * *

"Майдандан майдандагы баатыр досума!

Урматтуу Адашкан дос, кандайсың? Согуш майданында кыйынчылыктар жокпу? Алдуу-күчтүү эле жүрөсүңбү? Исмаил аяш акени майданда жарадар болуптур деп уктум. Анын ден соолугу кандай? Сакайса үйгө жөнөтүшөт бекен? Же кайрадан согушка түшөбү? Көптөн бери кабар жок сенден, эмне ооруп, же жарадар болуп калдыңбы? Чыдабай өзүм жазып отурам. Досунду кыжалат кылбай бирдеме чиймелей сал. Макулбу?! Иши кылып, суроо көп, жообу аз. Качан улутчул Германияны жеңип тынганда гана сурообуз азайбаса, агаче азайбайт өндөнүп калды, досум.

Адашкан дос, жоокердик турмуштан, чалгындык иштен бир үзүндү айтып берейин деп чечтим. Бу согуштук операция үчүн экинчи жолу күжүрмөн "Кызыл Туу" ордени менен сыйландым. Сага да кызык болор. Эмесе баштайын, өзүң окуп чыгарсың.

... Дивизиядан далай душмандын тылында болуп келген майор Кашкин командалык кылган диверсиялык топко мени, лейтенант Воробьёв менен сержант Бурковду кошту. Майор Кашкинди капитан кезинде жүргөндө бир көнүгүү-окуу семинарында кол урушу боюнча мелдеште утуп койгон элем. Ошондон бир кайноосу ичинде жүргөнбү, ал мени байкамаксан-билмексен болуп койду. Майордун мунусуна деле түшүнсө болот. Майдан тилкесинин алдыңкы чегинде туруп, анан кучакташып көрүшмөк белек. Анын аскер наамы жогору болгондуктан эчтеме дей албадым. Суз гана көрүштүк. Бир-эки сааттык бош убактыбызда тажрыйба алмашабыз го деген оюм да таш капты.

Майор Кашкиндин тобу шаардын ичинде аракет кылып биз менен такай байланышта иш жүргүзмөк болду. Операцияга он беш күн берилген. Немистер туткундарды шаардын үстүндөгү жашыруун тосмого иштетип жатышкан. Бирок ал тосмонун маани-максатын эч ким билгендиктен менин тобум "шарт боюнча туткунга" түштүк. Өчөшкөнсүп, биз турган лагерь шаардан алыс жердеги токойдун четинде жайгашкандыктан бизди шаардын четиндеги тосмого иштетишкен жок. Бирок

туткундардын арасында өздөрүн улутчул атаган украиналык туткундар ушунча көп экен, фашисттерден калышпай беймаза кылышты. Кызыл командирлерди, коммунисттерди суроо сопкутсуз эле бычактап кетип жаткан таш боордугу жүрөккө чыккан чыйкан болду. Мына ошолор менен күн-түн күрөшө баштадык.

Бир маал чочколор менен талаштырып, чириген капуста, чөп-чар аралашкан тамагын берет. Акырда курт-кумурска, топурактан башка эчтеме жок. Бир убакта мурдубузга сиңген жытты ошол жерден дагы жыттадык. Кребс деген ийри тумшук, купкуу лагердин комендантты оюна эмне келсе ошону кылган айбандын айбаны. Ал келди бүттү, сөзсүз бир шойком болбой койбойт. Ансыз деле көздөрү үңүрөйүп чанагына кирген туткундарды күнү бою "Жат!", "Тур!", "Секир!", "Бийле!", – деп кыйнайт. "Бу силерге көнүгүү гана, азыр эки экиден болуп мушташасыңар", – деп мушташтыра баштайт.

Бир убакта биздин чалгынчылардын ырайымына туш келип, балдардын жүзү деп чыккынчылыгын кечип койгон саткын адам, лагердеги полицайлардын башчысы Николай Гунко менен байланыш түзүп өмүрүбүз калды. Ал болбосо ачкадан өлүп калмак экенбиз. Полицай Гунконун жанын аман алып калган Бурков күндө кудайга он маал жалынат. Азык-түлүк, курал, ок-дарыдан жардам берген ошо. Канткен менен полицай Гунконун тыңдыгын айтпа. Бурковду көргөндө эле жек көрө: "Сенин муштумуң чоюндай оор. Сен сибирдин аюусу, адам аяганды билбейсиң! Мени урбагыла, токмокту көтөрө албайм деп жалынсам болбой чоюндай муштуму тумшугуму бөлө чаппадыбы!"– деп тийишип келет. "Каап, ошондо эле мойсоп койбой, балдарын аябадымбы! Сасыган полицай, мен болбосом ушу күндү көрбөйт болчу! Азыр өлтүрөм, мууздабай канын сором!"– деп, ал кеткенде Бурков атырылып калат.

Иши кылып, бизге да, фашисттерге да кызмат өтөп, балдарын баккан, тирилигин өткөргөн Гунконун кытмырлыгы жанда жок. Кантип эки тарапта кызмат өтөп жүргөнүнө таңсың. Биз менен мамиле түзбөй оюна эмне келсе ошону кылып деле койсо болмок, бирок келечегинен коркту шекилдүү.

Туткундарды кармаган лагерь токойдун четинде жайгашканы менен токой тарабында болгону эки гана күзөт секиси бар. Ар бир секиде бирден пулемётчу, бирден автоматчы. Ал эми кыштакка кире бериш жагында күчөтүлгөн секи күзөттөн – төртөө. Демек, төрт пулемёт, төрт автоматчы. Себеби токой тарабы бүт сай талдын бутагынан токулган себеттей каршы-терши мина коюлганын билдик. Бул жоромолду Гунко да тастыктады. Ошондуктан болгон күчтү кыштак тарапка үрөй турган болдук. Душмандан өчүндү да аласың, тосмого да жакын. Туткундардын көбү бизди колдоду. Алар жатып өлгөнчө атышып өлөлү дешти. Күзөт-

көкөл салуу операциясын ийне-жибине чейин тактап, иштеп чыктык да, лагердин комендантты Кребс дагы өзүнүн жан жөкөрлөрү менен келип мушташ уюштурган учурда таш боор фрицтер кыраакылыгын жоготуп, урушка алаксып калган маалда баштайлы деген бүтүмгө токтодук.

Кашкиндин тобу менен полицай Гунко аркылуу байланышабыз. Шаардын үстүндөгү жашыруун тосмону керек учурда жардырып ийип, шаарды топон сууга каптатмак тура фашисттер. Бирок тосмого али суу келбейт. Суу сай нугунан ашып агарын агат, бирок кылчалык зыяны тийбейт. Майор Кашкинден кабар келсе эле кол салуу операциясын баштап кыштакка кирүү тапшырмасына бекидик. Бирдемеден шекшип калганбы туткундардын арасына коюлган бандерчи улутчулдардын ана башы Юра Тимошенко деген зөөкүр биз тараптагы эки туткунду кыйнап өлтүрүптүр. Тилекке каршы, алар ооз ачышпаптыр. Шеги билинсе жолбун иттей шимшилеген улутчул бандерчилер жаныбызды коймок эмес. Эмдигиче, же алар бизди, же биз аларды мойсомокбуз.

Эртеси комендант Кребс адаттагы мушташын баштады. Өткөн мушташта көзүнө түшүп калганмынбы, чү дегенде эле мага болот шапалагын кезеди. Мен ортого чыктым.

Мага каршы илмийген арык, бирок дене-бою узун саясий жетекчи майорду дегдендетип түртүп чыгарышты. "Мен муну менен мушташпайм. Мага Юра Тимошенконун өзүн чыгаргыла!"– деп кыйкырдым. Полицай Николай Гунко энкейип Кребстин кулагына бирдемелерди шыбырады. Анысы "Макул",– дегендей баш ийкеди. Ошондон кийин шатыдай олбурлуу, кең далылуу, өңү кыпкызыл болуп кызарып-татарган Тимошенко көк көздөрүн алчактата, какырынып-чимкиринип ортого чыкты. Колунда жылтырата учталган ичке, бирок узун аш бычак. Жапайы жырткычтай кан күсөгөн Тимошенко далай бейкүнөө туткундарга ажал алып келген бычагын жашырбай эле бирде оң колунан сол колуна, бирде сол колунан оң колуна ала коёт. Бир убакта аюудай күркүрөп келип качыра берди. Мен чапчан онго буйтап, бычагын бутум менен кагып түшүрдүм. Катуу согулган бычак жерге түшкөнчө шап илип алып, так жүрөк тушка матырганда алты секидеги алты пулемётчуга, мушташтын кызыгына баткан күзөтчүлөргө граната ыргытылды. Жаны ачып калган туткундар автоматчандарга кол салышты. Эки аттап, тапанча кабына кол сунган Кребстин көкүрөгүнө аш бычакты кадап койдум. Заматта ызы-чуу түшүп, лагерь будун-чаңга айланды. Кыйкырык-сүрөөн менен комендатуранын басып алдык. Суу тосмону жардырдык. Көптөгөн туткундарды бошоттук. Тилекке каршы, ошо "Тосмо" операциясында майор Кашкинге капыстан ок жаңылды. Биз анын сөөгүн кыштакка калтырбай штабга алып келдик.

Ушундай шумдуктарды баштан кечирдик, Адашкан дос. Бирок ал күндөр менин өмүрүмдөгү эң оор күндөр катары жүрөгүмдө калды. Кат жазып тур. Мен кенже лейтенант деген аскер наамын аз эле убакыт тагынып калдым. Андан мурунку кыштакты алуу операциясы үчүн мага мөөнөтүнөн мурда лейтенант деген наам беришти. Ушинтип сабырдын түбү сары алтын дегендей, эмгегимден көрүнүп келе жатам. Эмесе саламатта бол деп, чалгындоо ротасынын командири, лейтенант досуң Мундуз"

* * *

"Майдандан ысык салам!

Мукан, сак-саламат жүрөсүңбү? Аяш атам, аяш энемдердин мал-жаны аманбы? Өзүңчө түтүн булаткан турбайсыңбы, куттуктайм! Үйлөнгөндөн кийинки турмуш кандай? Кыйналган жоксуңарбы? Бири-биринерге көнүшүп калдыңарбы? Аяшка менден салам. Сенин катыңды алар менен жооп жазууга кириштим. Анча-мынча адамдардын, анча-мынча кемчиликтерине таарынууга чоло жок. Бирок теңтушумдун жоругу ойлонтпой койбойт. Мага да Айжан экөө сүйлөшүп жүргөндой туюлган. Экөөнүн мамилеси ысык эле көрүнгөн. Көрсө, андай эмес экен да. Не кылайын, кой-ай дегенге алысмын. Бу ишти Анарбай теңтуштун абийирине койдум. Алааматтан олжо издегендер бизден да чыгып жатканы жаман. Эгер мен Анарбайдын ордунда болсом антмек эмесмин. Анын гүлдөн гүл тандаган жоругу эч бир акылга сыйбаган нерсе. Анан калса, Сайкал эстүү жан эмеспи, өзү чечет. Мен түшүнгүсү келбеген кишиге кат жазып убактымды коротпой эле койдум.

Кат жазып тур. Сурагандарга менден салам. Акемдер менен кириши-чыгышып жатканың жакшы. Ошентип, бири-биринерге карашып турсанар кыйынчылыкты жеңүү жеңил болот. Эмесе саламатта бол деп, лейтенант досуң Мундуз"

* * *

"Эсендик кат!

Байыркы Ош шаарында билим алып жаткан айдай сулуу карындашым Сайкалга майдандан ысык салам. Сайкал кандайсың, окуулардагылар аман турушабы? Айылга каттап турасыңбы?

Менде болсо жаман эмес, жоокердик турмуш алынча өтүп жатат. Анткени өткөндөгү бир "Тосмо" деп аталган аскер операциясы үчүн мени экинчи жолу күжүрмөн "Кызыл Туу" ордени менен сыйлап гана тим болбостон, мөөнөтүнөн мурда мага ага лейтенант деген аскер наамын да беришти. Ошентип үч ордендүү, көп медалдуу болдум. Мендеги жаңылык ушул.

Сайкал айылды, айылдаштарды сагындым, тентуш балдарды сагындым, сени сагындым, элде жок күлкүндү сагындым, дарыя боюнда экөөбүз олтуруп алып баарлашкан күндөрдү сагындым. Дагы ошондой күндөрдү башыман кечиргим келет, бирок аралык алыс, анан калса милдет жол бербейт. Мен аны абдан түшүнөм. Кийинки кезде түшүмө көп кирчү болдуң.

Адашкан, Айжан, Анарбай, Мукан, иниң Кадыр жана сен болуп Ак-Ой тоосуна ойногону барган күндөрдү эстей берем. Азыр саресеп салсам, ал жакка майданга аттанардан илгерээк эле барган экенбиз. Ошондо күнү бою Кадыр укмуш кубанып жүргөн. "Мени Камбар тебиш өнөрүнө үйрөтүңүз",– деп этектеп алгандан улам, ошо күнү кечке Кадыр менен алектенбедимби! Не кылайын, ошо күнү сени менен көбүрөөк болоюн дегем. Анан калса баарың жамбаштап жатып алып "Үйрөт, өнөрүндү көрсөт",– деп туруп албадыңарбы, мага кызыгып. Адашкан досум да шоктоно: "Сенден чоң мугалим чыгат. Үйрөтө бер, өзүнө окуучу кылып аласың",– деп көкүтүп койбодубу. Сен экөөбүздүн көзүбүз чагылыша түшүп, бири-бирибизге арбала калганда ансайын күчөдүм. Сен ошондо мага абдан ыраазы элең. Бирок, ал күндү Кадыр да эңсеп келгендей, сенден бешбетер кубанычтуу жүрдү. Бир күн, бир сааттай өткөнүн балдардын: "Убакыт болду, үйгө кайтыш керек", – дегенинен кийин гана сездим. Ошо күнү кечинде сенин үйүңдүн жанында экөөбүз айрыла албай, араң айрылбадык беле. Эх, ошо күндөр дагы качан келээр экен! Ушинтип өткөн күндөрдү эстеп, кичине да болсо жарпым жазылып калат.

Сайкал чынын айтсам мен Ош шаарында болгон эмесмин. Шаар жөнүндө жазып жибер. Эрикбей-зерикбей эле жүрөсүңбү?! Аны да жазып жибер, сага майдандан ысык салам жолдогон ага лейтенант аган Мундуз.

Ии, баса, унута жаздаган турбаймбы. Сайкал өзүмдүн сүрөтүмдү эстеликке салып жибердим. Кез-кез карап жүрөрсүң".

* * *

"Майдандагы агам Мундузга!

Урматтуу Мундуз ага, сиздин катыңызды алдым. Көп жолу кайталап окуп чыктым. Сүйүктүү адамыңдан кат алуу кандай экенин ошондо катуу сездим. Катыңыз, бөтөнчө сүрөтүңүз үчүн чоң ыракмат. Бассам-турсам дайыма жанымда. Өзүмө да канат бүткөнсүп кайгырган, кубанган күндөрү сүрөтүңүздөн көзүмдү албай карай берем. Сиздин мени карап жылмайган жүзүңүздөн күч-кубат алгансыйм, капалуу турсам капам жазылат, кубанып турсам башым көккө жеткендей болот.

Мундуз ага, өзүңүз кандайсыз, күүлүү-күчтүү жүрөсүзбү? Жексур жырткычтарды ыйык жергебизден ары сүрүп таштоодо сиз дагы өз

үлүшүңүздү кошуп жатканыңыз мени абдан кубандырат. Себеби мен сизди жакшы билем, намыс дегенде башынан аттанып түшкөн өзгөчө өжөрсүз. Мен сиздин майдандан баатыр болуп кайтарыңызга бөркүмдөй эле ишенем. Орден жана аскер наамыңыз менен чын жүрөгүмдөн куттуктайм!

Каарман эл уулдарын Улуу Ата Мекендик согушка аттандырып жатып, "Манас" айттырып узатуусу биздин өрөөндө кадимкидей салттык мүнөзгө ээ болуп, Айкөл Манастын образы улуттук бийиктикке, улуттук идеологияга айланышын мезгил талап кылып жаткандай. Өткөндө Ошко жөнөп жатып ошондой узатуу аземине туш келдим. Баягы сизди майданга узаткандай катуу таасирленттти. Эл көп, тимеле укмуш! Сиздин ошондо "Биз жеңиш менен кайтабыз! Анткени, бизди атабыз Айкөл Манас өзү колдойт!" – деген кыйкырыгыңыз ушу азыр да кулагымда жаңырып турат. Ошондуктан бизге ар дайым күч-кубат берген ата-бабалардын арбагына миң ирет таазим!

Өткөндө Турдубай агага жазган катыңызга кошуп сүрөтүңүз менен орус гезитине чыккан сиз тууралуу жазылган материалды салган турбайсызбы. Ошо гезитти окуп аябай сыймыктандым. Сүрөтүңүздү кошо салган экенсиз Айсулуу жеңем башкалардан жашырып көрсөтүп кеткен. Ошондо эмнени ойлоп кеттим, көзүмөн ысык жаш мөлтүрөп куюлуп кетти. Айсулуу жеңемди кучактап алып эчкирип ыйлап жиберипмин. Неге тагдыр бизди экиге бөлүп койду. Эми гана жүрөк отубуз тутанып, турмушка аттанып келатканда кара жолтой болуп ортодон германдык жырткычтардын чыкканы көбүбүздү сыздатып кетти. Жексур желмогуздарга наалат! Аларды биздин ата-бабалардын каргышы урсун!

Жеңем экөөбүз ошо күнү аябай сырдаштык. Бир сыйра ыйлап да алдык. Сүрөтүңүздү көкүрөгүмө кысып: "Бербейм, Ошко алып кетем!"– десем, "Кой айланайын синдим, акең эмне дейт, мени өлтүрбөйбү. Кайнимдин жакшы көргөн иниси Сапашы эмне дейт. Ал агасынын сүрөтүн күндө жаздыгынын алдына катып алып уктайт. Андан көрө акеңе айтайын, дагы бир сүрөтүн салып жиберсин!"– деп жалынып-жалбарса зээним кейиди. Ошондо мен сизге биротоло байланганымды сездим. Ошондо сиздин ишенимдүү көз карашыңыз, сиздин боорукер мүнөзүңүз, сиздин опол тоодой демиңиз, сиз өзүңүз керек болдуңуз. Тилекке каршы, сиз майданда жексурлар менен кармашып кан кечип жүргөн мен жетпеген бийиктикте элеңиз.

Сиздин "Эрикбей-зерикбей эле жүрөсүңбү?"– деген суроонузга дароо эле түшүнгөм. "Жалгызмын. Мундуз агам кантип жүрөт болду экен?"– десем, Анарбай тентушуңуз: "Жалгыз болсоң алаксытайын",– деп күндө келет жатаканага. Киного чакырат, сейилдеп келбейлибиди дейт. Ушундай тентушуңуздун мага Ошто окуганынын, ал тургай өзү-

нүн да кереги жок болчу. Бир жолу ой-бойго койбой бизди "Ак-Бура" кино-театрына алып барды. Кинодон чыкканда сүрөткө түштүк. "Сени менен түшөм" деп жаныма отурганда, мен туруп кеттим. Ушинтип "эриkбей-зерикбей" эле жүрөм.

Эми байыркы Ош шаары тууралуу айтайын. Оштун көчөлөрү кенен, машина, арабасы, каршы-терши чубаган адамдары көп шаар. Баарынан да базары укмуш. Анда адамга керектүү нерсенин баары бар. Эн көрүнүктүү жери – Сулайман тоо. Ыйык тоонун башында Сулайман пайгамбар өзү салдырган ибадаткана орун алыптыр. Тоодон шаар аланканга салып койгондой көрүнгөнүн айтыңыз. Мен дагы бирге окуган кыздарым менен эки жолу чыгып келдим. Өзүм үчүн, анан сиз үчүн да сыйынып, тобо кылдым. "Мундуз агам майдандан алты саны аман кайтса экен, өмүр бою бирге болсок экен" деп тилек кылдым. Адам ушинтип башка кыйынчылык түшкөндө кудайчыл болуп кетет экен. Жакшы түш көрсөм, же жакшы баа алсам да жакшылыкка жоруп, сизди согуштан аман-соо келет экен деп жоруп коем.

Анарбай тентушуңуз күн кур эмес: "Сулайман тоосуна чыгып келбейлиби?" – деп келет. "Мен чыгып келгем. Өзүңүз барып келе бериңиз", – десем болбойт. "Анда Ак- Буура дарыясын жээктеп сейилдеп келбейлиби?"– дейт. "Менин убактым жок, сабактарга даярданышым керек", – дейм. "Анда күн ысыктап кетти, балмуздак жебейлиби?" – дейт. Ошо күйгүздү "келбейлиби", "жебейлиби" деп. Ушуларды сизге айтпай, анан кимге айтам. Сиз жаныма болсоңуз Сулайман тоосуна канча десеңиз ошончо чыгып келмекмин, сиз канча десеңиз ошончо балмуздак жемекмин, сиз канча десеңиз ошончо Ак-Буура дарыянын боюнда сейилдемекбиз. Ошондо чексиз бактылуу болор элем. Бирок сиздин милдетиңиз ага жол бербейт. Сиз миңдеген жоокерлер менен тең катар жексур германдар менен күрөшүп жатканыңызды мен жакшы билем. Сиз ошо жакта керексиз, ошондуктан душманга тик качырыңыз! Сизди ар дайым кыдыр коштоп, ийгилик жылоолоп жүрсүн!

Дагы бир кызыктуу жаңылык. Анарбайдын атасы Жээнбек бир тууган карындашы Маралдын уулу Бакы дегенди согуштан алып калам деген амалы ишке ашпай билинип калып, ит шермендеси чыкты. Жээнбек ага бу жоругун мурда бир нече жолу жасап, адамдардан акы алып жүрүптүр. Эми минтип жээни менен болгон окуядан кийин кармалып олтурат.

Адатынча, "баатыр" акебиз Бакы деген жээнинин ордуна дагы айылдагы Эрболот деген кодоо кишини жөнөтөт. Ошо Эрболот Бакынын ордуна комиссиядан өтөт. А чынында эр тагайын тартат дегендей бою булутка жеткен дөөдөй чон, кара тору Бакынын бою бир метр кырк сегиз сантиметр болуп аскерге жараксыз болуп чыгат. Бакынын ордуна комиссиядан өткөн Эрболотту майор Тарантов мурда көрүп жүргөндөй

бүшүркөй карайт. Бирдемеден шек санайт, себеби өткөн үч комиссияда тең Эрболоттун боюнун кичинекейлигине таң кала карап, аскерге жараксыз деген бүтүмүнө өзү кол коюп берген. Ошондо эсинде калыптыр. Тарантов ошол замат орун басары Карамолдоевди чакырып: "Эмне үчүн бу кичине киши улам-улам эле келе берет. Бул жерде бир мандем бар, ишти териштирип дароо мага баянда!"– деп тапшырат. Капитан Карамолдоев ишти териштирип жетип келет. Эрболот менен болгон алгачкы эле аңгемелешүүдө комиссияга үч-төрт жолу келгенин, аны Жээнбек деген төрага жөнөткөнүн айтып берет. Аскер комиссарынын укугу чоң экен, полуторка машинасын жөнөтүп Жээнбек менен жээни Бакыны алдырат да: "Жергебизде согуш апааты кызуу жүрүп турганда мекенге кылган чыккынчылыгыңарга жол болсун. Мындай чыккынчылык үчүн суроо-сопкутсуз түрмөгө кесип ийсе болот эле. Бирок мен силерге шарт коём, бирин тандагыла. Түрмө, же майдан?"– деген шарт коет. Жан ширин эмеспи, өлгүдөй коркком тигилер түрмөнү тандашат, себеби түрмөдө баштары аман каларын ойлошот. Бирок комиссар Тарантов райкомдун катчысына бир телефон чалуу менен "Башыңар менен кылганды мойнуңар менен тарткыла, күнөөңөрдү майдандан жууп келгиле! Силерге окшогон куйтулардын орду – майдан талаасы. Ошол жактан гана өзүңөрдү актай аласыңар. Тылда кылган куйтулугуңарды майданда кылсаңар турган эле жерден атылып кетесиңер",– деп ошол эле күнү экөөнү тең аскерге жөнөтүп жиберет. Тууган-уруктары алардын дайынын билбей калышат. Эки айдан кийин гана тигилердин майдан талаасынан жазган катын алышат. Райондо ушундай шумдук жаңылык болуп өттү.

Мундуз ага, ушуну менен катымды аяктайм. Сак-саламатта жүрүңүз, жакшылап жоону сүрүңүз деп, сиздин жакшы көргөн карындашыңыз Сайкал"

* * *

"Майдандагы баатыр досум Мундузга амандык кат!

Урматтуу Мундуз, бу катты сага ысык жоокердик салам жолдогон досуң Адашкандан деп бил. Мундуз, өзүң сезип тургандай майдан деген майдан. Анын коркунучтуу экенин башынан өткөргөн гана адам билет. Менин да башыман өттү. Азыр ахыбалым бир топ жакшы. Белгород шаары үчүн жан аябай кармаштым. Кашык каным калганча согуштум. Баатырдык эрдигими эске алып үйгө командирим "Ыраазычылык мактоо баракчасын" жөнөтүптүр. Ошо Белгород шаары үчүн болгон согуштагы эрдигим үчүн мени "Улуу Ата Мекендик согуш" орденинин биринчи баскычы менен сыйлашты. Орденди кечээ эле көкүрөгүмө тагып кетишти. Орденге шыктанып, азыр ошо аскер госпиталынан кат жазып отурам. Буюрса, жакшы элемин, кичине отуруп-туруп калдым.

Башыма операция кылышып бомбанын сыныгын алып чыгышты. Бомба жарылганда мени топурак көөмп калыптыр. Кийин балдар казып чыгарышыптыр. Аларга чоң ырахмат, эгерде майдандаш жоокер досторум болбосо, ошол жерде көмүлүп калмак экенмин. Ошентип башымдан жарадар болуп, эки айдан бери госпиталдамын.

Өзүң кандайсың? Эрдик кылыпсың, эки сыйра окуп чыктым. Сен жөнүндө өзүмдүн жолдошторума дагы анчеме-дүкөн куруп бердим. Орденин кут болсун, достум! Исмаил акемин ахыбалы да оор экен. Сакайса эле жараксыз деп табышат го деп ойлойм. А мен болсо сакайып чыгар менен кайра майданга суранам. Анткени бизге окшогон жаштардын орду согушта. Мендеги жаңылык ушу.

Ии, баса, биздин айылда дагы бир кайгылуу жаңылык болуптур. Кечээ жакында райондун борборунан түз эле майданга аттанышкан Анарбайдын атасы Жээнбек менен жээни Бакыдан кара кагаз келиптир. Алар согушка кирген биринчи эле күнү курман болушуптур. "Кайгы менен кубанычтан жини козголгон Анарбай тентушун жарадар бөрүдөй улуп таптакыр өзгөрүп кетти" деп жазыптыр Абди иним. Бирок тентушун кара кайгысын го түшүндүм, а кубанычын түшүнө албадым. Кандай кубаныч, эмне деген кубаныч биле албадым. Кат жазууну унутпа. Эмесе, саламатта бол деп, сени урматтаган досуң Адашкан"

* * *

Алексей Бурков штабдан шашып келип төш чөнтөгүнөн төрт бүктөм кагаз алып чыкты. Анда мындай деген жазуу бар эле.

"Биринчи батальондун партиялык уюмуна
чалгынчы, сержант Алексей Бурковдон

Арыз

Менин арыз берүүмдүн себеби төмөндөгүчө: мамлекеттик тапшырманы аткарардын алдында мени коммунисттик партиянын катарына кабыл алууңуздарды суранам. Ата Мекен үчүн кашык каным калганча күрөшүп, лениндик партиянын мүчөсү катары өлгүм келет.

А.Бурков1943-жылдын 2-апрели "

Ак кагазга жазылган беш сап арызды Мундузга окуткусу келди, Бурков. Канткен менен ага лейтенант Мундуз Элебесов полктогу чалгынчылар тобунун командири, күжүрмөн жолдошу эмеспи. Анан калса анын аз да болсо партиялык стажы бар. Кеп-кенешин айтар деген кыязда тердеген алаканын шымына жанып ага лейтенанттын маңдайына келди. Душмандан мынчалык сүрдөбөйт эле, бирок эмнегедир командирин алдында сүрдөгөнсүп турду.

– Жолдош командир, кайрылууга уруксатпы?

– Уруксат. – Эмне болуп кетти дегендей Бурковдун олуттуу жүзүнө тигилди.

– Партиялык уюмга арыз менен кайрылдым эле. Эки күндөн бери чөнтөгүмдө жүрөт. Мүмкүн болсо... – күнөөлүү жаш баладай арызын ыңгайсыз сунду.

– Мүмкүн гана эмес. Бу биздин милдет. Келе арызыңды, карап чыгайын.

– Мынакей. Жат жазуудан аксаган жайым бар.

– Көрүнүп турат,– деди тарбайта жазылган жазууга үңүлө түшүп. – Жат жазуудан аксасаң акса, бирок көкүрөгүң таза болсун. Жазуунун жарасы жеңил, "Калоосу жарашса кар күйөт" дегендей, өндоп койсо болот. Асти, көңүлдүн кири кетпейт. Мм, – башын көтөрдү. – Эмне арыз жазуу ушунчалык эле кыйын бекен, эки күн кыйналып...

– Ошондой сыягы. Жазганды өтө эле жакшы көрө бербейм. Анан калса жоопкерчилиги да... – кекечтене сүйлөдү. – Чо-оң эк-кен...

– Жоопкерчилиги коммунистке өткөндө андан да кыйын болот. Анда кантээр экенсиң. Кийин кол шилтеп качып кетпейсиңби?

– Жоо-ок, жолдош командир! Кыйынчылык биринчи жолу болуп атыпбы! Башка түшкөнүн көрөбүз да. – Жалжайган оозун кымтый койду.

– Башка түшкөнүн эшек дагы көрөт. Башка түшкүлүк кылбасын. – Кайсы бир жылкы окуя эске түштүбү, Мундуздун кабагы саландап барып кайра оңолду. – Качан башка түшөт экен деп олтурбай, өз учурунда жолун бөгөө зарыл. Кечиксең өкүнүп каласың.

– Жазганым ушу болду, жолдош ага лейтенант.

– Ушу болду деп мунун жазгычтыгын кантесиң. Бу эмне?! – деп командири кагазды сөөмөйү менен сайып көрсөттү. – Мекен үчүн кашык каным калганча урушам дегениң жакшы. Бирок лениндик партиянын мүчөсү катары өлгүм келет дегениң эмнеси!

– Анан эмне деш керек эле? Мурда арыз жазып көрбөсөм.

– Жазыштан абал ойлош керек болчу. Анан кагазга түшүрсөң деле болот. Эмне, сенин эле өлүмүң лениндик партияга керек болуп жатыпбы!

– Лениндик партия үчүн жан кыйсаң жаманбы?

– Өзүң жакшылап ойлоп көрчү, сенин жөн эле курмандыгыңдын кимге кереги бар. А партияга андан бетер кереги жок. – Тутуланган Мундуз астейдил түшүндүрдү. – Ойлосоң Саша, биз ушинтип эле өлүм үчүн курулай кан төгүп жаткан жокпуз да! Биз жеңиш үчүн, жашоо үчүн, мекен жана эркиндик үчүн күрөшүп жатабыз. Ырас, эркиндик үчүн күрөшүп жаткандан кийин тирүү болушубуз зарыл. Тирүү болосок ал да жок, бу да жок, бөөдө тепсендиде каласың. Азырынча эр-

киндикти колдон талашкан фашисттерге берсин өлүмдү! А биз тирүү туралык. Анткени тирүүлөр гана эркиндикти самайт! Эми түшүндүнбү? – деп колун ийинине койду командири.

Бурков күнөөлүүдөй башын шылкыйтты. Ойлонбой жазганына өкүнгөндөй күрсүндү. Жаш баладай телмирди. Анан кайрадан тамагын жасап:

– Кечиресиз, жолдош командир! Мага эми жетти. Жазганга жокмун дебедимби... Мага курал, анан караңгы түн бериңиз, Берлинден Гитлер желмогуздун өзүн туткундап кел десеңиз туткундап келүүгө даярмын!– деп бакылдай кетти.

– Болду, жетишет! Мунун туткундап келгичин көр! Сага азыр арызды кайра жазууга туура келет. – Командир Элебесов жазганга ынгайлуу болсун дегендей столдун үстүндөгүлөрдү четке жылдырып, отургучту Бурковду көздөй жылдырды. – Отур, жаз. Өлүм деген сөздү унут. Аны фашисттер ойлонсун! Сенден, менден, башкадан өлүмдү ошолор тапсын! Сен мекенге керек адамсың! Эгер ишибизди туура ойлонуштурсак жеңишке да жетебиз, тирүү да болобуз. Албетте пенде болгондон кийин өлүмдү эске ала жүргөн жакшы дечи, бирок менин, сенин же башканын өлүмү менен жер тоюп кетпейт. Ошондуктан жеңишке биз өзүбүздү курмандыкка чалуу жолу менен эмес, күрөшүү жолу менен барабыз. Жарайбы?!

– Жарайт, жолдош командир! – Бурков шылкыны бош желкесин кашыды.

– Болду эми, жаш баладай желкеңди кашый бербе. Партияга өтүү жөнүндөгү бир сунушту күжүрмөн жолдошуң катары мен өзүм берем. Анткени, сен ага татыктуу жоокерсиң. Жоокер гана эмес чалгынчы деген сыймыктуу атка татыктуу сержантсың. Сени менен эч коркпостон чалгынга барса болот, демек сага ишенсе болот дегендик.

– Чын элеби Мундуз! – Шылкыны бошоп турган Бурковдун көздөрү жайнай түштү.

– Айткан сөз, атылган ок. Мага бөркүңдөй ишене бер. Сен экөөбүз али көп иштерди аткарабыз, мекен үчүн кызмат кылабыз. Сен экөөбүз буюрса, Берлинге туу саябыз!

– Атаганат, ошо күн кайдаа?!

– Ашыкпа жоокер, ал күн да алыс эмес. Ашыкпаган араба менен коенго жетиптир.

– Согуш бүтүп, Берлинге туу сайылса мен сени кең Сибирдин адам буту баспаган ажайып сонун жерлерин көрсөтөт элем. Асман мелжиген карагайлар, арча, кайындарын, жапайы жаныбарларын айтпа! Учу кыйырына көз жетпеген чытырман токойлору көз жоосун алып өзүнө чакырып турат. Сибирдин токою ушундай керемет дейсин!

– Мен ал жерде эмне кылам, токойдон токойго кирип.

– Анда элик, багыш, бугу, аюу, карышкыр, түлкү, кашкулак, коен, кекилик, кыргоол, чил, тыйын чычкан дегендер өтө көп. Кундуз, суусарын айтпай эле коёюн. Уга чыгып, кумарды жазмакбыз. Чыныгы мергенчилерче эс алмакбыз.

– Бу башка кеп, жолдош. Мен табиятты жаралгандан жакшы көрөм. Жаратылышты коргосоң акыбети кайтат. Жөн эле максатсыз бүлүндүрө бергенди жаман көрөм.

– Туура сөз. Бир күн коргобосоң, миң күн ыйларсың! Элдин бересең – аласың деген жөнөкөй сөзүндө кандай улуулук жатат. Элден айланса болот.

– Ошону түшүнгөн сага баракелде! Токойду билген коргойт.

– Сен токойдо, жепирейген жыгач үйдө, жападан жалгыз беш-алты ай жашап көрдүң беле? Жок, ошондо жинди болуп кете жаздайсын, бирок чыдоого туура келет.

– Кайдан дейсиң. Анчага баары бир чыдамак эмесмин.

– Керек болсо адам чыдайт экен. Себеби аң терисин даярдоо мезгилинде андай учурлар көп болот. Сага тоскоол болгон эч ким жок. Каалашыңча кыялдана бер.

– Саша, чытырман токоюнду, андагы ээндикти, эркиндикти сагынгансың го!

– Сагынбай анан. – Ойлуу мүштөгүн түтөттү. – Сагынбай тургандыр. Олеся эмне кылып жатты болгон жерби. Азыр кулпунуп тургандыр. Олеся эмне кылып жатты болду экен? Бал челегин карап жүргөндүр. А мүмкүн багышын эркелетип жаткандыр. Эх, баарын сагындым! Согуш тезирээк бүтсө. Сүйгөн кызым Олесяга, токоюма жетсем, ошондо эс алган болор элем.

– Согуштун тезирээк бүтүшү сен экөөбүзгө да тиешелүү. Ушуну эсиңден чыгарба. Ага лейтенант төшүндөгү орден, медалдарды сыйпалап ойлуу кадалды.

– Тиешелүү экенин билем, жолдош командир. Ошон үчүн жан аябай күрөшүп жатпайбызбы, анткени аянышка негиз жок. Бирок жүргөн жеринди сагынат экенсиң.

– Сага түшүнөм, достум. Жерди сагынбас эр болбойт. А көрөкчө күүгүм киргенче кичине чырым этип ал. Мадырабаштарга уят болбогондой топ баштап барып келгенине жакшы. Душманды баалабаган жаман.

– Жарайт, жолдош командир! Алексей Бурков эч качан бирөөнү уят кылып көргөн жан эмес. Топ баштап барып, олжолуу кайтууга сөз берем. Бу менин биринчи жолку чалгыным эмес го. – Ийинин куушура, жылмайып койду.

– Ошондо деле этияттык ашыкча болбойт. Эс ал, Саша. Эс ал,– деп камкор унчукту командири, достук мээрими менен.

– Макул, мобуну бир жаңсыл кыла коёюн, – деп партияга өтүүгө арыз берген сержант Бурков шымалана калем сабын жорголотуп арызын кайра жазып кирди.

– Бул эң туура чечим! Тапшырмага жаңы күч менен баргандай бол. Түн кыска болот.

Ага лейтенант Элебесов жан сумкасына калем кагаздарын жыйнап сыртка ашыкты.

– Буюрса кечинде жолугабыз го дейм.

– Албетте, жолдош командир! Менден кам санабаңыз, баары жакшы болот.

– Ылайым эле ошондой болсун. Мен штабга кеттим.

Анча өтпөй арызын жазып бүтүп, керебетине кынтая кетти, чалгынчы Бурков. Ойлонуп жатып кантип кызуу уйкуга чөмүлгөнүн сезбей калды. Дайыма ушундай. Чалгынчы тапшырмага жөнөрдөн абал мыктылап эс алуу керектигин ал жакшы билет. Момунча саатта турам десе, ошончо саатта турат. Бу чалгынчылардын көп жылдардан бери келаткан тажрыйбасы, турмуштан алган сабагы, аскердик адаты. Тапшырма алдындагы эс алуу – тапшырманы аткарууга жумшалган мыкты өбөлгө. Анан алар көздөгөн максаттарына жетмейин канча болсо да азап чегип, уйку бетин көрбөй, тапшырманын өтөлүнө чыкмайын жойлогону жойлогон. Ошон үчүн чалгынчылык татаал иш. Ага эркүчтүүлөр, аң-сезими сергектер, дени сактар гана чыдайт.

VII

Беларусь фронтунун жоокерлери аз-аздан болсо да алга жылып, уруш майданындагы абал мурункуга караганда турукташып, кичине оңолуп бараткан. Бирок кийинки айларда кайра ахыбалы оорлошо түшкөндөй болду. Күн күр эмес бирде советтик жоокерлер, бирде фашисттер чабуулга өтүшүп кызыл кыргын согуш эч кимдин пайдасына чечилбей мазени алды. Ал тургай уруш башталгандан бери майдан тилкелеринде тирүүлүктүн жышааны катары көзгө көрүнө калчу "чыйк!" эткен чычкан, "карк!" эткен карга жер жутуп кеткенсип көрүнбөйт. "Ургандан тап берген жаман" дегендей, бири-бирине тап берген тараптардын атышуусу али-бери токтолчудай эмес. Токтолсо да бир аз гана убакытка созулат. Ошондо майдан талаасы бир азга мемирей түшөт да таң атып, күн батты дегиче кайрадан башталган аркы-терки атышуулардын күүсүнөн айлана будуң-чаң боло түшөт. Ушундай ызы-чуу алааматтан жана аба ырайынын катаал жаан-чачындуу күндөрүнөн жоокерлердинжанын жолу улук ажалдан адам боюн кылып казылып-жабылган окоптор менен үстүнө устун жыгачтар таштапып, калындата топурак төшөлгөн терең жертөлөлөр гана арачылап калып жатты.

Ушундай башка түшкөн кыйын кезең мезгилде почта тарткан полуторка машина полкко кат-кабар таштап кетти. Полктун чабарман жоокери Мундуз Элебесовго кат берип кеткенде, ал төбөсү көккө жете кубанды. Анткени кат Сайкалдан экенин конвертти колуна алганда эле билген. Сайкалдын кол жазмасы эбактан бери көңүлүнө жат. Анан кандан чыдамсыздык менен кат күтүп жаткандыктан катты көзүнө сүрттү.

– Лейтенант Воробьёв, урушта туруш жок. Талкаланган окопжертөлөлөрдү тезинен калыбына келтиргиле! Мен бир аздан кийин келем, текшерем,– деп жертөлөсүнө кирип кетти.

Ал жакта көп болгон жок, бат эле безге сайгандай атып чыкты. Анын жан дүйнөсү чакчелекей түшүп, кыштын кычыраган күнүндө чагылган чартылдагандай же жайдын саратан күнүндө үшүк жүргөндөй болду. Эчтемеден капарсыз кубанып кирип кеткен Мундуздун жайдары көңүлүнө караңгы түн түшүп, өңү сай жээгиндеги таштай бозоруп кетиптир. Тулку бою титиреп, жаак булчуңдары диртилдеген неме шашып келатып устунга чалынып кетти. Колунан каты ыргыды.

– Воробьёвду, мага Воробьёвду чакыргыла! – деди Элебесов эси чыга бакырып.

– Лейтенант Воробьёв командирге! – деп Бурков кыйкырганча Воробьёв өзү жетип келди.

– Лейтенант, эмне үчүн эмдигиче буйрук аткарылган жок. Эмне үчүн окоп тазалана элек. Эмне эшек такалап жүрөсүзбү?! Жоокердин өмүрүн сактаган ушул окоп, ушул нымдуу топурак. Сиз ушуну билесизби?! Билбейсиз! Сизге айткан кайран сөз. Айткан менен баары бир түшүнбөйсүз. Ме, мобу курду кармаңыз! – деп бакырганда эмне болуп кеткенине түшүнбөй Воробьёвдун көзү чанагынан чыга жаздады.

– Келе күрөктү, мен силерге кандай иштешти бир көрсөтөйүн, иттен туулган арам сийдиктер! – деп эндейип катып калган Воробьёвдун колунан күрөктү жулуп алып, өзү окоп казып кирди.

Колунан күрөгүн талашкан жоокерлердин сыпайыгерчилигине түкүрүп да койгон жок. Кайра аларды ашата сөктү, күрөккө илинген кумдуу топуракты башынан ашыра ыргытты. Ага башкалары кошулду. Топуракты таптап, устун койду. Бир иштин артынан, экинчисин бүтүрүп кара терге түштү. Ошо убакта жер көчкү алган ата-энесин чыгарып алам деп эки күн тыным албай жер чукуп, шайы ооган, эстен танган күндөрү көз алдына тартылдыбы бирөөнү топурак астынан куткарып калчудай каза берди. Үч саат казды. Башкалары дем алса да, ал токтогон жок. Полктун командири полковник Радченкону, штабдын начальниги подполковник Малышевди да укkан жок. Баш көтөрбөй жер чукуй берди. Иштен чыккан окоп-жертөлөнүн аягы көрүнчүдөй эмес. Ошондо гана старшина Бурков окопто шамал айдаган катты абайлай алып

Радченкого алып барып берди. Полковник катты ары карап, бери карап иштин чоо-жайын түшүндү. Катты кайра Бурковго кайрып берди.

– Элебесовду өз жайына койгула. Акыры чарчаганда өзү басылат. Бирок андан көзүнөрдү албагыла, бирдеме болсо керт башынар менен жооп бересинер!– деп Малышевге кайрылды. – Подполковник, эми бу участокту сизге тапшырдым. Элебесовго көз салыңыз. Бирдеме болсо тез арада мага кабарлагыла!– деди буюра сүйлөп – Бизге эми ушул эле жетишпей турду эле,– деп күнгүрөнүп койду кетип баратып.

– Жолдош подполковник, катта эмне деп жазылды болду экен? – деп сурады Бурков.

– Мен кайдан билейин,– деди майор каттын асты-үстүн карап. – Дареги боюнча Кыргызстандын бир айылынан келгендей. Кол жазмасына караганда аял киши жазган. Ай, ушу аялдар эй! Эркектерди кыйнаганга аябай устасынар ээ?! Силерди шайтандын шапалагы менен сабаса да аздык кылат! Бирок силер андан да жалтанбайсынар,– деп сөөмөйүн чычайта көтөрдү. – Тескерисинче, кайра беттен аласынар,– деп сумсая үн катты.

– Катта эмне деп жазылыптыр, жолдош подполковник!– деп Бурков кайра сурады.

– Бурков тамашанды койчу, бул жакта адам кыйналып жаткан-да,– деп бакырды ары жактан Воробьёв.

– Менде не күнөө? Жолдош подполковник аялдарды жамандап киргенинен катты окуп түшүнгөн окшойт дебедимби,– деди Бурков калп эле шылкыны суугандай бошошуп.

– Бурков, мен кыргызча түшүнгөндөй олуя белем?! Ме, өзүң оку,– деп катты сунду.

Бурков катка үңүлө карап, аягын башы кылып, башын аягы кылып күңгүрөндү:

– Жолдош подполковник, сиз айткандай сыяктуу. Кол жазмасы шайтандын шурусундай сулуу болгону менен ичи жаман өндөнөт. Карасаңыз, биздин кириллица тамгабыз менен жазылыптыр,– деп окуп жиберчүдөй алая карады.

– Мына, эң жакшы. Катты окуучу киши табылды. Окуп мага айтып бересиң, макулбу?

– Жарайт, жолдош подполковник, айтып берем.

– Жараса окуй бер,– деди подполковник көзүн албай.

– Анда окудум, мына окуй баштадым,– деди акцент менен кыргызча жазылган катты окуй баштаган Бурков. – Ортосуна жетпей пешеси жылтырап, тер чачып калды окшойт, – даа-а, кат абдан оор жазылыптыр,– деп оор улутунуп, бирдемени түшүнгөндөй отуруп калды. Кат мындайча башталыптыр.

"Атыр жыттуу Сары–Камыш айылынан ысык салам!

Урматтуу Мундуз ага!!!

Мен бул катты сиздин өмүрүңүздүн узун, дениңиздин сак болушун, жашооңуздун жайдары, бактылуу өтүшүн, кан күйгөн майдандан жеңиш менен аман-эсен айылыңызга кайтып келишиңизди кудаадан миң мертебе тиленип олтуруп жаздым. Кудайым сизди суук сөздөн, жаман көздөн сактасын.

Бул катты балким, сиз өзүңүздүн жертөлөңүздө урштан чарчап келип бүлбүл жанган керосин чырактын жарыгында окуйт чыгарсыз. Катты окуп жатканда снаряддардын жарылуусунан ансыз деле алсыз жарык чачкан чырактын ойсондогон кызыл тили дирилдеп, бу саптарды окуугa тоскоол болор. А балким, бу кат сиз өзүңүздүн жоокер жолдошторуңуз менен фашисттердин жазасын берүү үчүн чабуулга даярданып жаткан учурда тиер. Иши кылып, бу кат сиздин колуңузга эртеби-кечби сөзсүз тиерине мен толук ишенем. Андыктан сизден алдын ала кечирим сурайм, менин күнөөм үчүн өзүңүздү жазалабаңыз. Ал үчүн кудай алдында өзүм гана күнөөлүүмүн жана сиздин ишенимиңизди актай албай калгандыгым үчүн сиздин алдыңызда күнөөм чоң. Кечире алсаңыз жаман карындашыңызды кечирип коюңуз.

Бул жактагы адамдын оюна келбеген күтүлбөгөн тагдыр буруштарына сиздин көңүлүңүздү алагды кылайын деген ниетим жок. Мендеги жаңылыктарды бирөөдөн укkандан көрө, абалы өзүм айтайын, өзүм жазайын дедим. Антпесем көңүлүм эч качан ордуна келчүдөй эмес, себеби дагы бир жолу айтайын, сиздин алдыңызда чоң күнөөгө батып турам. Катуу карбаластагандан сыям түгөнүп, сыя челекке канымды тамчылатып, көз жашымы кошуп аралаштырып, бирөөдөн корунуп отуруп жаздым, бу катты.

Бу шуркуя окуя качан башталганын ким билсин. Айтор, ал окуя айыл-апаны дүң эттирди. Эки адамдын сүйлөшкөнү эле ошол окуя жөнүндө. Мен деле түк мындай болот деп ойлогон эмесмин. Көр тургмуштан жолу болбогон Айжан курбум Анарбай теңтушуңуздан боозуп калып Алай тараптагы алыскы туугандарыныкына кеткен бойдон дайынсыз дейт. Анын чын-төгүнүн билген киши жок. Бирок Айжандын Анарбайдан боюна бүтүп калганын жеңеси Марал да танбайт. Ошого карабай Анарбай "Сени сүйбөйм, сени менен жашабайм. Каалаган жагыңа кете бер",– деп коркутуп-үркүтүп өзү Ошко окууга кетип калыптыр. Аякта жүрүп мага тузак салды. Каран калып, мен Айжан менен Анарбайдын ортосундагы байланышты өзүмө чалма чалынганда гана угуп жатпаймбы. Айжанды бактысыз кылып, мени бактылуу кылабы, ал макоо теңтушуңуз? Менин эркиме койбой, зордоп качырып кетишти. Муунуп даракта асылып же агып дарыяда өлбөдүм. Күчүмдү ыйдан чыгардым.

Неге кудайым бизге асман тиреген тоолорубуздагы бак-дарактын күзгү жалбырагын терген, кышында Кырк-Күнгөйдүн аппак карын кечкен, жазында айылыбыз Сары-Камыштын жыпар жытын искеген, жайында Тар дарыябыздын боюндагы айлуу түндө жетелешип баскан бактылуу күндөрүбүздү өзүбүзгө ыраа көрбөй жатат, Мундуз ага! Эмне, бизге пенденин бакыты, тагдырдын таалайы буюрган эмеспи?! Неден тайдык, неден жаңылдык, Мундуз ага?! Мен сизсиз бул жерде суусу жок булак болдум, үнү жок булбулдай каттым, агатай! Аттин ай, кантейин! Тагдыр мажбур кылганда пешенеге жазганы деп өз көз жашыма өзүм чөгүп, олтуруп калбадымбы, агатайым!

Канча күн өзүмдү билбей жашадым. Эсиме келгенде бүлбүл тарткан жашоомдун жарыгын азгырык шамал тунарта үйлөгөндүктөн өз жанымдан өзүм жийиркенип андан кечким келди. Далбастап боюму Тар дарыяга таштадым, ошондо да мени кудай алган жок, куткарып калышты. Асылып өлгүм келди, бирок ошондо да жанымды кудай алган жок, жипти кыя чабышты. Башка арга таппадым, күн чыкканда ыйладым, түн киргенде ыйладым. Акыры сиз үчүн жашагым келди, сиз үчүн аман калууну чечтим. Бассам-турсам көңүл түпкүрүндө сиз болдуңуз, уктасам түшүмдө, ойгонсом кыялымда турдуңуз. А турмуш чындыгы, тайкы тагдыр таптакыр тенирден тескери азгырык адам сөлөкөтүн тартуу кылды. Адам деген пенде азгырык караан менен да жашаса болот тура. Ата-энемин, ага-туугандын, ата салтынын намысы да жолдон азгырды. А менин намысым менен эч кимдин иши болгон жок. Кийинки аптада чымындай жаным чыркырап намысымы алдырдым. Ошондо гана чыккыс торго чалынганымды түшүндүм. Ал азгырык торду Анарбай тентушуңуз капкачан эле жайып коюп, өнүтүн таппай жүрүптүр. Ал нааандын мынчалыкка барат деп таптакыр ойлогон эмес экенмин.

Мени Куршаб айылындагы атасы менен бир тууган эжесинин үйүндө бир апта кармашты. Сулайман деген соодагер Оштон жолугуп калып: "Апаң катуу ооруп жатып калды, сени бат келсин деп жатат",– дегенинен чымын-куюн болуп жатаканага барып буюм-тайымымды салыштырып, агай-эжекелерден уруксат сурап айылды көздөй жөнөп бербедимби. Мен түшкөн машинада үч-төрт эркек, эки аял бар болчу. Машина Кашкар кыштакка жете бергенде бирөө кол көтөргөндөй болгон. Чыкканда көрдүм, тентушуңуз Анарбай экен. Мен жүргүнчүлөргө ыктай отурдум. Жол ката сүйлөшкөн жокпуз. Бир нерсе болсо жанымдагылар куткарып калат деп ойлоп келаткам. Мен куруюн, куткарат деп ойлогон ошолор Анарбай тентушуңуздун НКВДда бирге окуган таныш-тентуштары экен. Ошолор мени боздотуп Куршаб айылына жеткенде койчо бөктөрүп, машинадан көтөрүп түшүшпөдүбү. Көп өтпөй атам келди бакырып, апам келди боздоп ыйлап, Кадыр келди чаңырып: "Уятыңыз жок экен, Мундуз агага эми эмне деп жооп бересиз?!"– деп

камчы менен Анарбай тентушуңузду бир-эки чаап ийди. Эл чырылдап ортого түштү, Жээнбектин урук-тууганы жалынып-жалбарып: "Таш түшкөн жеринде оор, алып кетебиз дегенден не пайда?! Жигитим бар дейт, андай жигит баарыбызда эле болгон, эртеңки куйруктан, бүгүнкү өпкө. Абийир деген да керек. Эртең эле паланчанын кызы күйөөгө чыкпай жатып ажырашыптыр деген элдин каргышынан корк!"– деп боздоп ыйлаган апамы сооротушту, чырылдаган иними алдашты, бакылдаган атамы ынатышты.

Ушундай каран күн болду, агатай! Эми мен сиздик эмесмин. Биздин бактыбызга балта чапкандарды кудай өзү жазаласын. Ушуну менен катымды аяктайм, бирок бу кат мен үчүн акыркы кат. Эми мага кат жазбай деле койсоңуз болот. Мен да сизге жазбайм деп, аргасыз торго чалынган карындашыңыз Сайкал".

Кат окулуп бүттү. Бирок Элебесов тыным албады, тамак ичпеди, эч ким менен сүйлөшпөдү. Түн киргенче иштеди, түндөн түн бир оокумга, түн бир оокумдан таң сүргөнчө жер казды. Таңга маал ок-дары тарткан машиналар келди. Унчукпай жоокерлерге кошулуп ящик ташыды. Эки машина бошоп, үчүнчү машинанын жүгүн түшүрө баштаганда буту чалыштап, мас болгон адамдай ары-бери теңселип калды. Радченко көргөн көзүнө ишенбей согушка наалат айтып, Элебесовду аяп да, жактырып да турду. Минтип ичиндеги терс күчкө айланган бугун чыгарбаса адам өзүнүн жанын өзү кыйышы же дагы бир балээге кабылышы толук ыктымал эле. "Элебесов тандаган жол туура жол, мындайды башынан жамандык өткөн гана киши көтөрө алат" деп ойлоду.

Бир сапар ата-энеси тууралуу сурап калганда ал жер көчкү алган ата-энесин эки күн тынбай жер казып издегенин айтып берген эле. Ошо окуя эми жоокердин жанын арачылап турган окоп-жертөлөлөрдүн кыйрап калышы менен шай келип калышы да туура болуптур дегендей ой чаргытты. Кечээтен бери орозо оозун ачпай, дем албай оор жумуш аткарып жаткан Элебесовдун өңү бир суткада эле бозоруп, бет сөөгү шапайып кеткендей туюлду. Акыркы снаряд салынган ящикти машинадан алып жерге койгон бойдон катып калган Элебесов кирпигин көтөрө албай терең уйкуга кетти.

– Кана, жигиттер, эми чамдагыла! Абайлап көтөрүп барып жаткыргыла,– деди шашыла сүйлөгөн Радченко. – Токтогула, мен өзүм, – деп кайра өзү чуркап келди.

Малышев экөө эки жагынан карышкан колдорун чыгарганда Бурков, Воробьёв баш болгон эки жоокер колу-бутунан шап алышып диңкилдей жертөлөнү көздөй көтөрүп жөнөштү. Башына жаздыгын коюп абайлап жаткырышты.

– Воробьёв, кишилериңе айт, мөөнөт-мөөнөтү менен көз салып турсун. Бирок тынчын албай, жайына койгула. Уйкусун кандыра уктаса

эс алып да, оюндагысын унутуп да калат. Эртең эле эчтеме болбогондой баарын унутат. Ойгонсо тамак берип кайра жаткырып койгула!– деп аяк-биягына өтүп, төшөк-орончусун кымтылаган болду полктун командири. – Эч ким уйкусун бузбасын, уйкусу канганда, нерви ордуна келет ошондо өзү турат. Түшүндүңөрбү? – деди кам көрө унчугуп.

– Түшүндүк!– дешти Воробьёв менен Бурков.

– Түшүнсөңөр эң жакшы,– деди командир баш кийимин ондоп кийип жатып. – А каргыш тийгир фрицтер түшүнүшөбү, мына ушул оор маселе. Жок дегенде бизге эки күндүк тыныгуу момундай керек!– деп тамагын колунун кыры менен жанып койду.

– Кечээ Элебесов иштей баштагандан бери теребел адам таң калыктай мемиреп тынч,– деп Малышев тегерегин кубана карады да,– бирок кызык, бу кандайдыр мистикага окшош, жолдош полковник,– деди таң калганын жашыра албай.

– Ошо сиз айткандай эле болсо кана, атаганат! Кой, мен барайын. Жолдоштор, баары жайында болот, кам санабагыла,– деди Радченко жертөлөдөн чыгып баратып.

Кудай колдоп душман эки күн эмес, бир жума мемиреген тынчтыкты бузган жок. Элебесов бир суткага жакын уктады. Турганда бардыгынан кечирим сурап иштин жайы өткөндө алган катта экендигин түшүндүрдү. "Мен да ошондой ойлогом", – деди Малышев ою төп келгенине маашырланып. Акырындык менен баары өз ордуна келе баштады. Анан полк чабуулга даярдык көрүп калды. Полктун командири Элебесовдун жаңы эле алган капитан наамы менен куттуктап, колун бек кысты. Жоокерлерди баш көтөртпөй жаткан жайыктагы эки дзотту чалгындап жок кылгыла деген буйругун алды. Саат-мөөнөтүн тактап кийинки күнү күүгүмдө жолго чыкмай болушту.

– Даярдыгыңыз кандай, жолдош капитан?– деп сурады полктун командири.

– Урушка жоокерлердин даярдыгы жетиштүү, кандай гана болбосун душмандын дзотун талкалоо биздин милдетибиз,– деди Элебесов.

– Анда силерге бир күн даярдык. Эс алгыла, кат жазгыла, күч кубат топтогула.

– Жарайт, жолдош полковник, биринчи жолу баратбасак керек, – деди какайып.

– Жолдош Элебесов, ошондой болсо да өзүңүзгө сак болуңуз. Жоокерлердин өмүрү сиздин колуңузда. Маанилүү бийиктиктеги душмандын дзотун талкаласаңар мамлекеттин эң жогорку сыйлыгы – Советтер Союзунун Баатырлыгына көрсөтөм. Баатыр наамына көрсөтүү боюнча мага дивизиядан, дивизияга армиядан көрсөтмө бар. Көрдүңүзбү, сизге кандай жоопкерчиликти жүктөп жатканыбызды. Андыктан буйрукту аткаруудан башка жол жок. Буйрук аткарылса жол ачылат,

көптөгөн адамдардын өмүрүн сактап калабыз. Сиз ушундай чоң жоопкерчиликти аткаруунун милдетин мойнуңузга ала аласызбы, жолдош капитан?!

– Алам, жолдош полковник. Буйрук аткарылат. Мен сизге коммунисттерче, чыныгы гвардиячылардай сөз берем!– деди капитан Элебесов эки эселенген кайрат менен.

– Душмандын дзотун талкалоо согушунда бир эмес, эки жолу баатырлык наамына көрсөтсө болор эле. Анткени тапшырма ошого тете кыйын, таптакыр мүмкүн эместей көрүнөт. Себеби, дзотту талкалоо учурунда көп кишинин каны төгүлөрү бышык, бирок чабуулга көтөрүлгөн көптөгөн жоокерлердин өмүрү сакталарын эстесеңиз сиз кандай эрдик кылганыңызды түшүнөсүз. Тапшырма оор, андыктан эртеңки урушта аз чыгым менен жеңишке жетүүнүздү каалайм. Өзүңүзгө сак болуңуз, жолдош капитан,– деди полковник Радченко кам көрө унчугуп.

– Чыгымсыз жеңиш болбойт, жолдош полковник. Андыктан акыркы жоокер калганча согушабыз, бирок буйрукту аткарабыз.

– Анда сизге уруксат, барып эс ала бериңиз.

– Жарайт, анда мен кеттим, жолдош полковник.

– Барыңыз, жолдош капитан. Жолуңуз ачылсын, бизди жеңиш менен тосуп алыңыз.

– Куп болот, жолдош полковник,– деп капитан босогого жете барып токтоду. – Бу мекендин акыркы тапшырмасы болбосо керек? Дагы далай ирет согушабыз го дейм. Ошондуктан аз чыгым кетирип, жеңишке жетүүгө аракет кылам.

– Ошондой кылыңыз, Мундуз Элебесович, сиз экөөбүз али далай тапшырмалардын өтөсүнө чыгабыз. И, баса, мен сизге көп жолу айтам деп айталбай унуткарып жүрөм, – капитандын жанына басып келип, колун далысына койду: – Мен сизге өз сунушумду айтайын дегем. Эгер макул көрсөңүз мени менен аскер ишин улантыңыз. Сизден мыкты офицер чыгат. Мен сизди аскер окуу жайынын жогорку курсуна жөнөтөм. Окуп келесиз да, кызматыңызды кадимкидей улай бересиз. Кандай дейсиз? Жооп берүүгө шашылбаңыз. Бир чечимге келип, тарazалап көрүңүз. Ошондо деле айтсаңыз болот. Сүйлөштүкбү? Ага чейин сиз экөөбүз далай ангемелешебиз го дейм.

– Албетте, жолдош полковник,– деди капитан, күтүлбөгөн сунушка эмне деген жоопту айтарын билбей. – Согуша бereличи. Фашисттерди биротоло жок кылмайын, Советтик Армия жеңишке жетмейин жообун айтуу азырынча оор.

– Анда сиз айткандай болсун, шаштырбайын. Бири-бирибизди түшүнүштүк го деп ойлойм. Эми даярдыгыңызды көрө берсеңиз болот, жолдош капитан.

– Түшүндүм, жолдош полковник. Кетүүгө уруксатбы?

– Уруксат, жолуңуз шыдыр болсун!– деп жылмая узатты, полковник.

Түштөнүүдөн соң капитан Элебесов ротадан болуп алган отуз жоокер-чалгынчы курал-жабдыктарын тазалап-майлап, керектүү буюмдарын штабга тапшырышкандан кийин, мааниси чоң деп эсептеген түнкү тапшырмага даярдануу үчүн кечки тамакка чейин эс алганы жертөлөлөргө бөлүнүп кетишти. Мындай тапшырма биринчи жолу болуп жатпагандан кийин жоокерлер эчтемеге алаксыбай ар ким өз көйүгитаранын кылын бурабады.

Түн бир оокумда капитан Элебесов тандалган отуз чалгынчыны кайрадан тизип, ашыкча сөз айтпай мамлекеттик мааниси бар тапшырманы түшүндүрдү да "Кыргыз бабам, айкөл Манас атам колдосун!"– деп ичинен күңүрөнүп, чалгынчыларды коюу караңгылыкта шуудураган токойго баштап кирип кетти. Көпкө чейин токой аралап жүрүп отурушту. Алдыда капитан Мундуз Элебесов, соңунан Бурков менен лейтенант Воробьёв, пулеметчу Озолин келе жатты. Урчуктуу дөбөдөн айланып өтүп алдыда мелтиреген көк жайыкка өткөндө теребелди байкоо максатында кичине тыным алган болушту. Караңгылыкка көнө түшкөн чалгынчылар бир кишидей тымтырс турушту.

Немистер биринин артынан экинчисин тынымсыз жөнөтүп жаткан жарык берүүчү ракеталардан жапжарык боло түшкөн айлананы алыстан күүлөнүп келген пулеметтун октору жүн сабагандай каалашынча дүпүлдөтүп сабап кетип атты. Мындай кезде басып жүрүүнүн өзү опурталдуу болгондуктан, зуулдаган октордун үнү чуулдай баштаганда эле алтын башындын аманында карагай артына, же бир чункур таап жашынбасаң дейди октор ким экенине карабайт, чалгы чапкандай шылый чабат, көтөрүп урат. Бу көрүнүшкө жадеп көнүп бүткөн чалгынчы-элебесовчулар эмне кылышты билишет. Кээде бир кадам онго, же бир кадам солго басууга болбой турган жагдайлар учурайт. Анткени талашка түшкөн талаанын тамтыгы калбай миналанган учурлар азбы? Мындайда алар андай мамилеге жыт алган жырткычтай аяр, сак. Кайда баспасын, эмне кылышпасын топ баштоочунун айтканы, дегени менен болушат. Бу согуш үйрөткөн заң-закүн.

Топ баштаган командир тынчсыздана саатына үңүлдү. Болжогон убакытка дагы бир топтой бар өндөндү. Ошо убакыттын ичинде кантип жайдак көк жайыктан өтүп кетүүнүн амалын ойлоду. Көк жайыктан аман-эсен өтүп кетсе эле иш оңунан кетчүдөй жүрөгү туйлады. Түн каракчысы караңгылыкка карабай чалгынчылар командиринин ар бир кыймылы, ар бир кол жансоосу менен токтосо токтоп, басса басып олжосун андыган шамдагай илбирстей атырылууга даяр турушту. Жанылбаса көк жайыктын душман жак бетинде эски казылган окоп боло

турган. Ага жетти дегиче, алдыга коюлган тапшырманын жарымы аткарылды дей бер. Себеби ал жерден душман ээлеген эки дөбөдөгү эки дзот жайгашкан мааниилүү түйүндү дүрбүсүз эле байкоого алуу мүмкүнчүлүгү бар болчу. Ал үчүн артиллериялык соккуга, артиллериялык сокку менен жооп берсе, түзүлгөн оор жагдайдын шарапаты менен жайдак жерден өтүп кетүү мүмкүнчүлүгү болмок. Анткени тараптардын атаңдашуу атышуусунан, каршы-терши зуулдаган снаряддардан эки тарап тең окоптордо башын катууга аргасыз болушат да ашкере сактык бошондой түшөт. Ошондо өмүрүн тобокелге салган тарап көздөгөн максатына жетээри бышык.

Командир кайрадан саатын карады. Тараптардын атышуу маалы закымдап, сааттын жебеси болжонгон убакытты так көргөзгөндө кызылдар баштаган кыргын снаряддар чыгыштан батышты көздөй зуулдап уча баштады. Аңгыча чалгынчылар болжогондой, фашисттер да жөн жатышпай аткылай баштады. Эми снаряддар батыштан чыгышты көздөй зуулдады. Тараптардын мөндүрдөй жаадырган атышуусунан бат эле асман тарсылдыкка толуп, жерге түшкөнү жерде жарылып, абада кагылышкан снаряддар асманда жарк-журк этип аалам будуң-чаң түшүп калды. Мындайга төшү түктүү жер гана чыдабаса башкасы чыдамак эмес. Тараптардын өз ара тытышуусу башталган жарым сааттык убакыттын ичинде ачык талаадан өтүп кетпесе түнкү операциянын ордунан чыкпай ойрон болушу мүмкүн экендигин сезген капитан Элебесов кайраттуу:

– Жоокерлер, алга!– деп кыйкырды, кыркалакей тизилген сапты карай.

Чалгынчы-жоокерлер командиринен калышпай артынан чымынкуюн болуп жөнөштү. Биринен-бири озо чуркашкан чалгынчылар атап-буйтап, бирде жата калып, бирде тура калып илгерилей бериште. Кудай жалгап, аларды көздөй душман тараптан бир да пулеметтун огу атылбады. Жарк-журк этип ызы-чуу түшкөн асман тарсылдагынан эски окопко жете келип секирип түшкөн капитан Элебесов учуп келип күлтүйгөн фашисттин үстүнө "күп" дей түштү. Бирок бирөө ийне менен безге сайгандай чочуп кетти да:

– Жигиттер, абайлагыла, фрицтер! – деп кыйкырды жаны ачыган капитан.

Артынан удаама-удаа ар кайсы жерден секирген чалгынчылар душмандын жоокерлери менен аралашып кетишти. Курал колдонууга мүмкүн болбой, дароо эле кармашууга өтүштү. Элебесов турган эле жерден күлтүйгөн фрицти камынта койбой кокосуна канжарын жанып ийди. Экинчи шилтенген канжар коркконунан көздөрүн алайткан олбурлуу офицердин ичине кадалды. Ошентип кыл чайнашкан таш боор кол мушташы күчөп кетти. Тапанча, мылтык, автомат сейрек ишке

киргени менен кадимкидей бычакташып, уруп-тээп, муунтуп бири-бирин жан таслим кыла беришти. Бу урушта тынбай ургулаган болоттой бек, учу мизилдете курчутулган жоокерлердин жан күрөктөрү айрыкча ишке жарады. Чалгынчы-элебесовчулар ошо күрөктөрүн фрицтердин башына ойнотуп, баштарын калкалаган колдорун карс сындырып, колорун шылый чаап кете беришти.

Ушинтип, Элебесов болжогон аңга күн мурунтан немецтик баш кесерлер келип орун-очок алганы айгине болду. Кыямат кармаш кычагандан кычады. Жарык берүүчү ракеталардын көз тайгылткан чагылышуусунда былчылдаша согушкан өлүм менен өмүрдүн жан аябай кармашуусу бирде ары сүрүлүп, бирде бери сүрүлүп отуруп, акыры жеңиштин таразасы советик чалгынчылар тарапка оой баштагандай болду. Каны кызыган чалгынчылар душмандын башын көтөртө койбой тумшуктарын кандата уруп-согуп, канжар-тапанча иштетип, биринин артынан бирин мойсоп баратышты. Анан калса жалаңкычтай болуп көрдөн чыга калгансып, капылеттен кол салган көрүнүштөн апкаарып, эмне кылар айласын таппай баштарын гана калкалап калган аңгүдүк фрицтердин үрөйү учуп, көптүгүнө карабай оңой жем боло беришти. Анткени, олжосун күн мурунтан аңдыган ач илбирстей так түйүлгөн, көздөгөн жерине азуусун ныгыра матырган кызыл чалгынчылардын шамдагай аракетине туруштук берүү кыйындагандан кыйындай берди. Жеңиштин даамын тата баштаган жоокерлердин кайраты ашып, ансайын күчөнө согушту. Ошентип, тагдыр чече турган он беш-жыйырма мүнөттүн ичинде душмандын ойрону чыкты.

– Лейтенант Воробьёв, биздикилерди тактап тезинен баяндаңыз!– деди капитан Элебесов түн каракчысындай буюра сүйлөп. – Иттики, минтип түн бир оокумда котологон фрицтер менен бетме-бет келебиз деп кимдин оюна келиптир,– деп өзүнчө күңкүлдөп алды да кайрадан: – Саша, кайда житип кеттиң! Амансыңбы?– деди жылтыраган асман жыртыгына тигиле карап. – Үн салчы! Са-ша!

– Жолдош командир, мен мындамын. Мени кудай алат дейсиңби, аман элемин,– деди тынчсыздана жанына жетип келген Бурков. – Өзүң кандайсың? Жарадар болгон жоксуңбу?!

– Кудай сени албаса, мени алабы?!– деди малдаш токунуп отурган калыбында колу-бутун сыйпалап көрүп. – Менимче соо элемин, чийип кеткен жерлерди эсепке албаганда коркунучтуу эч нерсе жок.

– Жолдош командир, бизди кудай колдоп жатат. Буюрса, дагы кичине чымыркансак дөбөгө жетип барабыз,– деди Бурков командирдин жолдоочулугун ырастап жаткандай.

Аңгыча окоптун ары жагынан шаша-буша чуркап келген лейтенант:

– Командир, биздин жоокерлерден экөө набыт болуптур. Жарадар болгондор да бар,– деди мурдун жанып. – Анан үч фриц туткундалды. Аларды эмне кылабыз?

– Лейтенант, өзүңүзгө маалым, мындайда туткун алынбайт. Ашка жүк, башка жүк кылып аларды кай жерге чейин түрткүлөп жүрмөк элек! Тоскоол болгондон башка пайдасы жок. Анан калса маанилүү дөбө биздин колго өтө элек! – Капитан Элебесов кыжырдана кыйкырды. – Түшүндүңүзбү, жолдош лейтенант?

– Түшүндүм, жолдош командир! – Лейтенант Воробьёв буйрук күткөндөй туруп калды.

– Түшүнсөңүз эмне турасыз? Тез болуңуз, үч мүнөттөн кийин жолго чыгабыз,– деди.

– Куп болот, жолдош командир!– деп чуркап кеткенде бир жоокер күйүгө жетип келди да: – Оор жарадар болгон пулеметчик Озолин көз жумду,– деди азалуу күңкүлдөп.

– Катарыбыздын суюлганы жан кейитет. Жоокерлер, мекен деп жан бергендер үчүн өч алабыз. Биз алардан коркпойбуз, биз аларга кыргыйдай тиебиз. Ошондуктан тезинен баш-аягыңарды жыйгыла! Жарадарлардын жараатын таңгыла! Себеби аларды ушул жерде калтыруруга туура келет. Кийин алып кетебиз. Түнкү атышуудан душман алаксып турганда жолду арбытып алган жакшы,– деди өөдө туруп жатып. – Кана, даярсыңарбы!?

– Даярбыз!– дешти жоокерлер биринен бири озунуп.

– Анда менин артыман... Кеттик!– деп окоп аралай чуркады Элебесов.

Артынан калганы убай-чубай жөнөдү. Окоптон чыгып боортоктоп жылышты. Тараптардын тарсылдагы басылганча душманды камынтпай капылет үстүнөн басууга ашыгышкан элебесовчулар тынымы жок алгалай беришти. Көп өтпөй немистер ээлеген дөбөдөгү дзот да дүпүйө көзгө даана урунду. Дөбөгө жетпей казылган окопко граната ыргытышты. Гранаталар таамай, мелженген жерге келип түшкөндүктөн окопто бугуп жаткан фрицтер жооп берүүгө үлгүрбөй карбаластап калышты. Чочуп баштары соройгондорго окту мөндүрдөй жаадырышты. Ошондо гана эки дөбөдөгү эки дзоттон пулеметтун тили сайрай баштады. Капитан Элебесов биринчи болуп дзотко граната ыргытты. Көз тайгылткан жарык чачкан жарылуудан кара түтүн көккө уюлгуду. Бирок тарс эткен жарылуудан пулеметтун жаагы тып басылып, кийинки ыргытылган граната темир каалганы жулуп кетти. Бурков баштаган жоокерлер дзотко жулунуп кириштн. Былкылдаганын камынтпай басышты. Кудай колдоп, ошого удаа эле экинчи дзоттун жаагы да жап болду. Дөбөнү ээлеген капитан Элебесовдун жоокер-чалгынчылары ыкчам кыймылдап, пулеметторду душман тарапты көздөй орното салышты.

Аңгыча кулак-мээнин кужурун алып жер майыштырган оор артиллериялардын катышуусундагы ажал тирешүүсүнүн күүсү кандай башталса, ошондой тып басылды. Жер солкулдаткан атышуулардын соңунан айланада кулак-мурун кескендей жымжырттык өкүм сүрдү. Баштарын окопко каткандар сороюп көрүнө баштады. Түнкү карангылыкта душман тараптан кобур-собур угулду. Ар кайсы жерден көрүнгөн фрицтердин карааны чогулуп отуруп көбөйүп кетти. Алар дегеле бу жазмышта эчтеме болбогондой өздөрүн эркин кармашып бир жерге топтошо башташкан. Анча өтпөй калдайган кара көлөкөгө окшоп каалаганын суук жүз фрицтер дөбөнү карай жыла баштады. Эки дөбөдөгү эки дзотко карай каалгый жыла баштаганына караганда дөбөнү чалгынчы элебесовчулар ээлеп алгандыгы тууралуу шек туулбаптыр. Бу жакшы жышаан. Себеби фрицтер канчалык көп болбосун дзоттон алаканда тургандай көрүнгөн позицияда бирөөсү да тирүү калышы мүмкүн эмес эле. Аңгыча эки дзоттон тең бири-бири менен жарышкандай телефон шыңгырады. Демек душман текшере баштады. Чалгынчылардын телефондун шыңгырагына жооп берүүгө чамасы чарк. Анткени бардык ой, бардык курал жүрөктүн үшүн алып жөө тумандай болуп сүрүлүп келаткан котологон фрицтердин караанына кадалган. Алар пулемет-автоматтан ок чыгарууга командирдин буйругун гана күтүп калышкан. Кароолго алынган душмандын карааны болжогон жерге жеткенде чалгынчылар тобунун башчысы "Аткыла!"– деген буйругун берди. Күтпөгөн жерден автомат-пулеметтор бүркөн ажал октору мөндүрдөй жаап, дөбөнү каптаган кара көлөкөнүн алдыңкы бөлүгүн чалгы менен чапкандай шылып түштү. Качканын кууп жетти. Баш көтөргөнү болбоду. Дөбөдө боо-боо өлүк калды. Ошондо гана радист-телефонист Овечкиндин рациясы аркылуу капитан Элебесов уруш талаасындагы жагдайды полктун командирине кубанычы койнуна сыйбай билдирди.

– Жолдош командир, буйрук аткарылды! Эки дөбөнү тең ээледик. Эми эки дөбөдөгү эки дзот тең биздики. Көптөгөн фрицтерди талкаладык. Буюрса, жол ачык.

– Азаматсың Элебесов! Өз убагында жетиштиңер! Капитан биленбди, сен биздин, дивизиянын ишенимин актадың. Сага жана сенин күжүрмөн чалгынчы-жоокерлериңе менден алкыш! Менин алкышымды аларга токтоосуз жеткир. Сыйлык жөнүндөгү кеп кийин болот. Мен сени сөзсүз жогорку сыйлыкка көрсөтөм. Баатыр болдум дей бер. Орден, медалга сунуштаган чалгынчы-жоокерлериндин тизмесин бүт бер. Мундуз Элебесович, мага сенин жана сенин каарман жоокерлериндин өмүрү кымбат! Ошондуктан жолугушканга чейин аман болгула! – деди капитандын кубанычына ортоктош болгон полктун командири Радченко.

– Жарайт жолдош полковник, Советтер Союзуна кызмат кылууга ар дайым даярбыз!– деди капитан какая калып.

– Жолдош Элебесов, силер ошол жерде болгула! Анан кошуласыңар, ушуну менен байланыш бүттү, көрүшкөнчө,– деди полковник Радченко.

– Көрүшкөнчө,– деди кулагындагы наушникти алып жатып. – Бүркүттөр, баарыбызга полктун командиринен алкыш! – деп колун чекесине алып барды Элебесов.

– Ураа!

– Ураа!– деп жооп кайтарышты чалгынчылар.

Көп өтпөй таң куланөөк атты. Болжогон саатта катюша, истребитель, танкалар коштогон армиянын жер дүңгүрөткөн чабуулу башталды. Бу жеңиш күсөгөн Советтик Армиянын кезектеги чечкиндүү чабуулу эле.

* * *

1945-жылдын 8-майына караган түнү фашисттик Германия толук багынып берүү боюнча актыга кол койду. Ошого карабай айрым жерлерде согуш али басыла элек болчу. Өлөрманданган фашисттер ар кайсы жерден чыга калып, акыркы жанталпастын айласын кылып жатышкан. Канткен менен Советтик Кызыл Армиянын күжүрмөн жоокерлери адамзатты фашисттик кулчулуктан бошотууда эбегейсиз чоң жумуш аткарганын сезүү анча деле кыйынчылыкка турбады. Анткени алар Европанын так борборунда дүйнө элдеринин эркиндиги менен адилеттүүлүгүнүн, жыргалчылыгы менен тынчтыгынын желегин желбиретишти. Жексур Гитлердин "Совет өлкөсүн экинчи тургус кылып талкалайм!" деген планы таш капты, Советтер Союзу жеңишке жетти. Экинчи дүйнөлүк согуштун аягы көрүнүп калгансыганы менен дале болсо Батыш Европада уруш уланып жатты. Советтик Кызыл Армия укмуштай тездик менен Европаны кесип өтүп, үчүнчү рейхтин мактанчаак генералдарын так Берлиндин өзүндө тыптыйпылын чыгарды, жеңиш туусун рейхстагдын үстүнө желбирете сайды. Ансыз деле тымтыракайы чыккан фашисттердин очогун замбирек, самолёттор туш-тараптан тынымсыз сабай берип, шаар күйүк жыттанып, тоо-тоо урандылардын астында калган. Советтик Армия менен бирге согушкан союздаш өлкөлөрдүн жоокерлери да Берлиндин көчөлөрүн каршы-терши каттап, кунары качкан шаардын айласын алты кетирди. Рейхстагдын башында желбиреген каарман совет элинин кызыл туусун көрүүгө ашыккан жоокерлер тууга таазим этүү менен бирге эле, Гитлердин ставкасы турган имаратка аты-жөнүн чиймелеп, кол тамгасын калтырып жатышты. Дубалколонналардын беттери жеңүүчү советтик жоокерлер калтырган кол тамгаларга, ар кандай жазууларга толуп кетти.

7-аткычтар дивизиясынын каарман жоокерлеринин бир буту шаардын чет жагында, бир буту Берлинде болуп согуш айрым жерлерде гана жүрүп жаткан.

01158-гвардиялык аткычтар полкунун чалгындоо ротасынын командири, капитан Мундуз Элебесов өзүнө бөлүнгөн адамдар менен өзгөчө кырдаал боюнча атайын тапшырмаларды аткарып жүргөн. Бу өзгөчө топтун максаты – фашисттик ишкер күпчөктөрдө малайлыкта жүргөн адамдарды туткундан бошотуу, аларды үй-жайына жөнөтүү, колго түшкөн баалуу табылгаларды токтоосуз атайын жайларга өткөрүү болчу. Ошондуктан бу атайын уюшулган топко полкто, дивизияда кадыр-баркы жогору, адилет, каарман офицерлер башкарган рота же батальон командирлери аскер составы менен тандалып алынган. Анткени ал топ опурталдуу тапшырмаларды аткаруу менен материалдык баалуулуктарды таап, аларды дивизиянын өзгөчө бөлүмүнө тапшырып турууга милдеттендирилген. Аскер тобунун иш кыймылы тымызын жана жашыруун жүргүзүлгөн. Ошол улутчул Германия расмий түрдө багынып берди деген жарыянын сонунан эле дивизиядан тандалып алынган капитан Элебесовдун ротасы ошондой өзгөчө топтун карамагына өтүп, Берлинде өз ишин өтөй баштаган болчу.

Ал виллистен түшкөндө старшина Алексей Бурковдун тобу узундугу жарым чакырымдай созулган таш короону чалгындап бүтүп калган.

– Жолдош капитан, короодон эч кимди жолуктура албадык. Короонун күн батыш жагындагы кууш өткөөлгө эки жоокерди жөнөттүм. Башка шектүү эч нерсе көзгө урунган жок. Тээтиги үңүрөйгөн темир дарбазанын ары жагында бир мандем бар. Ошону текшерип көрүү керек,– деди.

– Текшергиле. Биз токтой турган жай таба алдыңарбы?

– Ушу короо абдан ылайыктуу көрүнөт. Үйгө бомба да тийбептир. Эмеректери менен турат. Үлгүрө алышбаптыр иттер, ташып кеткенге.

– Кайда ташып кетсин эми. Бара турган башка жайы жок болсо, сен дагы кызыксың.

– Анысы да бар. Сапер Кокин кайдасың?

– Мен мындамын, жолдош старшина.

– Аа, мында белеңиз. Ишке киришиңиз.– Буюра сүйлөдү Бурков. Кокин дарбазага кетчү жолду дароо эле текшерип келе койду.

– Жолдош старшина, мина жок. Жол таза. Дарбазаны ача берсе болот.

– Эң жакшы, азыр такылдатып көрөбүз. Эй, ким бар?! Ачкыла!.. – Бурков тепкиледи.

– Биз – аялдар. Ачкыч жок. Ал иш башкаруучуда.

Ичкериден чыккан добуш араң жан угулду тыштагыларга.

– Темир дарбаза абдан бек экен. Муну жардыруу гана керек.

– Жардыргычты даярдагыла. А, жок, тимеле койгула. Күчүн сынап көрөлү...

Капитан бироону жумшамакчы болуп кайра өзү жөнөдү. Көп өтпөй өзүн механик Лобода деп атаган танкистти ээрчитип келип калды.

– Тууган, көрдүңбү мобул эшикти. Бу подвалга кетчү негизги дарбаза болуу керек. Ичинде адамдар бар. Тулпарың эшикти жула алабы?

– Карап көрүш керек жолдош капитан...

– Карап көрүңүз. Канчалык күчтүү экенсиз сынап көрөлү.

Танкист өөдө-ылдый байкап көрүп эле күлүп жиберди.

– Биздин күчтү сынап көргүңүз келген экен да, жолдош капитан. Сынаңыз, сынаңыз. Биз мындайдын далайын баштан өткөргөнбүз. Карап туруңуз. Муну камырдан кыл сууругандай эле сууруп чыгат, биздин тулпар. Киришүүгө уруксат этиңиз.

– Оо, уруксат эмей. Кирише бериңиз. Мен сизди ушу дарбазаны жулуп бериңиз деп ээрчитип келбедимби, – деди капитан кудуңдап. – Тулпарды айдап келгенче кичине күтө тургула. Мен азыр...

Арадан жети-сегиз мүнөт өтпөй артынан дырылдатып кара түтүн айдаган Т-34 танкасы дарбазага арты менен келип токтоду. Бурков менен сапер Кокин тросстун бир учун танкка, бир учун дарбазанын илгичине илди.

– Даярсыңбы? Биз даяр, айдай бер! – Бурков белги бере кыйкырып алды.

Танк күрүлдөп-шарылдап тросту кере тартып, капыстан катуу булкканда темир дарбаза майышып барып түбү менен омкорулуп кетти. Чаңга аралаш ичкериден өңдөрү бозоргон аялдар чыгышты. Жаштары он талаа. Советтик жоокерлерди көрүп турганына ишенишпей, качан гана танктагы беш жылдызды көрүшкөндө кубангандарынан кыйкырып ийишти.

– Кагылайындар, биздикилер экен! Биздикилер, демек бизге эркиндик келди!

Аялдарды кубаныч бийлеп, алдынан чыккан жоокерлерди тегеректеп өөп жатышты. Ишенгени бар, ишенбегени бар, арасында жаралганы жүрөт.

– Айланайындар, көрөр күнүбүз, ичер суубуз бар экен. Силерге ырахмат!

– Силерди көргөнүмө ишенбей турам. Келчи, дагы жакшылап карап алайын.

– Бу күндү канча жыл күттүк. "Өлбөгөн адам алтын аяктан суу ичет" деген ушу.

– Жашасын советтик жоокерлер! Жашасын Сталин!

Ууранды көбү коштоп кетти. Короо ызы-чууга толуп, заматта шаңга бөлөндү.

– Бу кимдин короосу? – деп сурады Элебесов узун аялдан.

– Барон Гейдемахтын короосу,– дешти көпчүлүк чурулдап.

– А сиздер кандайча бул жерге туш келип калдыңар?

– Биз Барон Гейдемахта үч жылдан бери малайлыкта жүрөбүз. Ошонун фабрикасында жоокерлерге ич кийим тикчүбүз.

– Ал өзү кайда кеткен?

– Өзү өткөн жумада замбиректер Берлинди сабай баштаганда эле куйругун түйгөн. Бизди кайтарган бир взвод жоокер ошондо эле туш тарапка качкан. Иш башкаруучу ушул жерде. Эртең менен ошо бекиткен дарбазаны. Биздин билишибизче, чогулткан дүнүйөсүн суу кылалбай жүрөт, арам сийдик!

– Арам дүйнө аш болобу!

– Колго түшсө көрөт элем арам сийдикти. Чыккан жерине кайра киргизсе дагы аздык кылат, ал нааданды! Ух, азыр алдыман чыкчы болсо, көрбөгөндү көрсөтөт элем!

– Көкөйүбүзгө көк таштай тийди арам!

Ушундай сөздөр улана берет беле, анчыча кай жактандыр зынкыя кийинген немис ефрейторун эки жоокер дерлендете айдап келди.

– Бу фрицти тааныйсыңарбы? – деди капитан көпчүлүктүн көңүлүн буруп.

– Токтой турунузчу. Тааныйбыз! Бу оңбогон иш башкаруучу ефрейтор Отто Берн эмеспи... – Аялдар түкшүмөлдөй ортодогу бети-башына ботала кылып көө сыйпап алган адамды үңүлө карашты.

– Ошол! Карыган донуз!

Албуут толкун колуна тийгенин алып иш башкаруучуну көздөй ызырынды. Капитан ызырынган топту токтотпосо ефрейтор оңбой калат деп ойлодубу:

– Эй, токтогула! Териштирели, сурайлы! Анан... – чакап калды.

– Жолдош капитан, садагам, сиз мага, советтик аялга, үч жылдан бери запкы көрүп келаткан малай Валентина Мерешовага бир жолу ишенип коюңузчу! Ишенесизби, жолдош капитан. – Көздөрү каканак-тай түштү куркуйган аялдын. Капитан ишенбеске чарасы жоктой шылкыйды.

– Ишенем денизчи, кантken менен тартип деген болуш...

– Ошо тартип дегенди ушу шүмшүк билер бекен, сурап көрүңүзчү. Билбейт. Жолдош капитан, айланайын жоокерлер! – Баарын кыдырата тегиз карады. – Бу адам эмес, бу желмогуздун желмогузу, шүмшүктүн шүмшүгү! Ушу шүмшүк адам деген ыйык аттан айланып кетсин! Бизге бериңиз, өзүбүздүн тартип менен соттойлу.

Капитан не деп жооп кайтарын билбей аң-таң болуп колдорун нымшыды. Өзү менен кошо келген полковник Малышевге көз жүгүртүү. Ал танкисттин кызуу ангемесине кулак салып, ууртунан күлкүсү кетпей турду. Полковниктин кулагы керең дейсиңби. Же көзү сокур бо-

луп калдыбы. Жок, анын кулагы угат, бирок укмаксан, көздөрү көрөт, бирок көрмөксөн. Полковник өлгөн кытмыр адам. Бул окуя эмне менен бүтөрүн билет. Балким, ошону билип туруп аркасын салып тургандыр. Толук ыктымал. Ойго чөмүлө түшкөн капитанды лейтенант Воробьев жеңден тартты.

– Жолдош капитан, сизди полковник сурап жатат. Кетүүгө шашылып жатса керек. Тез келүүңүздү буюрду.

– Демек, жол бергиси келген экен, – деди ачык күңкүлдөгөн капитан.

– Жолдош капитан, эмне дединиз, түшүнбөй калдым.

– Полковник тамак ичип кетсин. Тамагыңыз даярбы деп жатам,– деп өзүн жөндөп кетти.

– Даяр, жолдош командир. Эттин казанга түшкөнү качан.

Ефрейтор Отто Берн көтөрө качмакчы болгон сары чемоданды ачышты. Ачылган чемоданды көрүп баары таң калышты. Анда жалаң аялдардын алтын кулак сөйкөлөрү, шакектер, шуру-мончоктор, брошкалар, алтын куйма тиштер, ал тургай ич кийимдери чыкты. Зымга илинип катырылган кулактарды көргөндө полковниктин жаак эти үрпөйө:

– Жеткен желмогуз турбайбы, энеңди урайын! – деп сөгүнүп алды.

Тосмо алынганын сезген куркуйган орус аял Валентина Мерешова дароо демилгени колго алды. Темирди кызуусунда сокпосо, олжолдон сууруларын күн мурунтан туйгандай шымала жеңин түрдү.

– Айланайын жоокерлер! Бу гестапонун желдетинен да ашып түшкөн айбандын өзүнчө тартиби болгон. Анын аялды адам катары көрбөй кызынын көзүнчө энесин кордогон, энесинин көзүнчө кызын зордогон, сабап атып жаныңы алган айбандык тартибин бизге койгула! Ушуга окшогон сасыган донузду тууган энеге наалат!

– Сага окшогон желмогузду тарбиялап өстүргөн айбандын тукуму курут болсун!

– Желмогузга өлүм! Түү-ү, адам кейпиндеги айбан!

– Түү-ү, куураган фашист!

– Буга жер үстүндө жашоо жок! Түү-ү!

– Энесинин жан жеринен да кайра тартпаган куу тумшукка не демексиң! Түү-ү!

– Шермендеге шерменде өлүм! Түү-ү!

Туш тараптан жаалаган ондогон аялдар ефрейтордун бетине жаба түкүрүштү.

– Буларга ишенбегиле! Алар калп айтат. Калп айтат! Айланайын жоокерлер! Мени буларга бербегиле, коргоп калгыла! Коргоп калгыла! ...Ай-ланайын-даар, коргоп калгыла! Калп айта-аат!

– Жүүттүн кейпин кийген айбан, колго түшкөнүн ушу! Эми сен кыйкырмактан, эшекче айкырсан да эч ким укпайт. Аялдар алгыла! – Цыган кыз каарын чача кыйкырды.

Аялдар козголгондо баятан кызыга жардап тургандар тең экиге бөлүндү. Отто ефрейторду туткундап келген эки жоокер кыйпычыктап айласы эки болуп капитанга сүзүлө карашты. Капитан аны кайдан туйсун. Чемодандагы укмушка алаксып тиштенип турган. Аңгыча эки жоокер оозун ачканча аялдар сүрүлүп келип немисти колунан жулуп кетишти. Ефрейтор жин урган донуздай айкыра күчкө толгон булчундары ач, жылаңач, илмийген арык колдордон булкуп качты. Өчүгүшкөн аялдар аарыдай ызылдап колуна тийгени менен уруп, кийимин тытып, тээп, төбөгө ойногон тарамыш муштумду өгүздөй семирген неме тоотуп-тоотпой, тумшугунан шүүшүндөп аккан канга да карабай көзү көргөн тарапка тап бере берди. Акыры чыдабай кеттиби урандыны аралай качты. Үйүгүшкөн топ олжосунан айрылгысы келбей желимдей жармашты. Дүңк!! Дупа-дүп! Дүңк! Тийген муштумдар, "Аа-аа-а-а",– деген ачуу чаңырык үйүлгөн урандыга барганда күч алды. Анткени аялдар так ошол жерге барганда ефрейторду басып жыгылышкан. Дорыгы токмоктун үстүнө токмок жутуп жатты. Бир маалда өзүн Валентина атаган куркуйган орус аялдын колунда жаландаган миздүү бычак пайда болду. Шымалана келип энеден туума жыпжылаңач талтайып жаткан фрицтин сулкуйган жан жерин ойлонбой туруп түбүнөн шарт кесип алды. Айкырган ефрейтордун оозуна каптай бергенде өз канына өзү чакаган неме диртилдеп барып, колдору шалдырай түштү. Колубуту кыймылсыз буулуп, өз мүчөсүн өз тамагына сологон тарамыш колдон какап-чакап, катуу чиренгенде кырылдаган үнү тып басылды. Үстүнө керосин куюп, от коюп жибериштн.

Көздөрү көрүп турган окуяга эстери оогон жоокерлер акырындап кыймылга келе башташты. Полковник тамакка күтпөй шашыла кетип калды. Капитан узатып чыкты.

– Фашисттерге ак өлүм жок!

– Акыры энчисин алды, карыган дөбөт!

– Итке ит өлүм!

– Сөөгүндү карга кузгун карайт бекен, сасыган донуз!

– Ушундай шерменде өлүмдөн көрө, туула электе эле энеңдин жатынында куурап калсаң болмок! – деген жүлүн өрттөгөн үндөр оозидон оозго көчтү.

Аялдар үйүлгөн урандыдан илкий басып келатышты.

– Мен ойлогондон да ашып түштү, иттики!

Полковникти узатып келген капитан өзүнчө күңкүлдөп алды. Бир убакта туура эле капитанды көздөй келаткан куркуйган орус аялга жийиркене этин жыйды.

– Бизди кечирип коюңуз, жолдош капитан. Бул ишти биз капкачан эле ойлонуштуруп койгон элек. Бирок, ошончо күндөн оңтою кычашкансып бүгүн келгенин карабайсызбы! Дагы бир жолу аялдардын атынан кечирим сурайм. Кечирип коюңуз!

– Айла жок. Ар ким пешенесине жазганын көрөт. Эми анын эмнесине теригели. Болору болду, боосу канды. Бу окуяны эми таптакыр унутуңуз.

– Кантип унуталы. Арамдын жоругу түшүнөн да чочутат болуш керек.

– Жок дегенде өзүңүз үчүн унутуңуз. Заман ушуну талап кылат. Түшүндүңүзбү?

– Түшүндүм жолдош капитан. Кетүүгө уруксат этиңиз.

– Барыңыз. Лейтенант Воробьев, аялдарга мүмкүн болгон бардык нерселерди уюштуруп бериңиз. Жуунуп-таранып жолго даяр турсун.

– Албетте, уюштурабыз. Бардыгы жогорку деңгээлде өтөт.

– Эки саат жетеби?

– Жетет, аракет кылабыз.

Ортодон эки саат тез эле өтүп кетти. Жуунуп-таранып жупуну, бирок жарашыктуу кийинишкен аялдар түз эле капитанга келишти.

– Жеңилдешиңер менен кыздар!

– Ырахмат, жолдош капитан! Эгер мүмкүн болсо кыздар менен таанышгырайын.

– Өзүңүздөн баштасаңыз жакшы болгону турат.

– Эгер ушунча эле каалап турсаңыз баштаса баштайын. Сиздей келбеттүү офицерге жок деш кайда.

Кыздар тармал чач, кой көз, сулуу кызды колдогондой шаңкылдай күлүштү.

– Атым Сарелли. Цыган кызымын. Севастополду коргоого катышкам. Бомба жарылып, эсим оош калган жеримден туткунга алышкан. Сиздей чачы караларды жакшы көрөм. Кесибим...

– Кесиби – тубаса ырчы. Сарелли ырдаганда немистер сийип ийишчү. Ой, эмне деп жибердим,– оозун кымтыган ак саргыл мотурайган кыз кетенчиктей көпчүлүккө жашынды. – Кечирип коюңуз.

Кыздар дуу жарылып, күлкү жаңырды.

– Анча-мынча оозу бош кыздарды кечирип коёрсуз. Бул оору баарыбызда тең бар. Аябай көнүп калыппыз. Ансыз болчудай эмес.

Сарелли чачын сылай, көзүн сүздү.

– Шок кыздын аты ким?

– Аты – Светлана. Одессанын сулуусу. Санитар. Убагында бир орден, бир медал алган. Ичинде кири жок, тайманбас кыз.

– Тайманбастыгы көрүнүп турат.

– А бул болсо – сөзүн улады Сарелли,– биздин бригадир. Чыныгы эр жүрөк кыз ушу. Эр жүрөктүүлүгү кээ бир эркектерден да ашып түшөт. Бир сапар иш башкаруучу менен кадимкидей мушташып кетип, бир ай сызга отуруп чыккан. Окуган жана иштеген кесиби тракторист. Белорусиянын Гомель облусунан.

– Валентина Мерешова бүгүн өзүн көрсөттү. Ушундан кийин аны сыйлабаган эркекти көрөйүн. Катылгандын катыгын берген азамат тура.

– А мен Уралдан. Атым Лиза. Штурманмын. Москванын алдында колго түшкөм.

– Раиса Горбачева, Казанданмын. Санинструктормун,– колун сунду.

– Абдан жакшы. Кыздар, мен силер менен таанышканыма абдан курсантмын. Баардыгыңар менен таанышууга мүмкүн болбоду. Ал үчүн мени кечирип койгула. Азыр түштөнүп алгыла. Биз кары-картарга, бала-чакаларга тамак даярдаганбыз. Тамактанып алгандан кийин балдарга кичине жардам берип койгула.

– Жан дилибиз менен жолдош капитан. Ал жөнүндө камтама болбоңуз. Кызматыңызга биз даярбыз. Ырда десеңиз ырдап беребиз. – Сарелли жагымдуу жылмайды.

– Курсак тойсо ыр да болот. Буюрса, кечинде үлпөт уюштурабыз. Сиздин өнөрүңүздү ошондо көрөбүз, Сарелли сулуу.

– Анан эмне болот? – Сарелли сырдуу жылмайды.

– Анан силерди, буюрса, үйгө жөнөтөбүз.

– Үйгө?! – Сарелли кескин бурулушту күтпөгөн чыгар. Кубандан көздөрү жайнай түштү. Кулак түргөн башкалар да укмуштай толкундоону пайда кылды.

– Ооба, үйгө!

– Эртең элеби?

– Эртең эле. Даярдана берсеңер болот.

– Үйгө, кандай сонун! Ырахмат жолдош капитан! Ушу сөзүңүз үчүн эрдиңизден өөп коюуга уруксат этиңиз. Мени кайдагы абийири жок неме дебеңиз. Абийирим таза. Не дейсиңер кыздар!

– Не демек элек. Сен ага татыктуусуң. Бир эмес он жолу өп, эгер капитан уруксат берсе, – деп дуулдай кетишти башкалары.

– Көрдүңүзбү, эл эмне деп жатат. Баш ийүүгө аргасыз болдунуз-бу эми.

– Эл айтып жатса, баш ийбеске арга жок.

Капитан дагы бирдеме демекчи болгондо Сарелли мойнунан кучактап эрдинен сорду. Кое берип, кайра асылды. Калгандары да кезек күтүп жүдөтүп жибериштн. Аялдардан мындайды күтпөгөн Элебесов кызарып-татарып туруп берди.

– Аялдар, жетишет. Болду, болду,– деди Мерешова өкүм сүйлөп. – Өзүңүздү тааныштырбай койдуңуз. Аялдар митайым эркекти өлгөндөй жек көрүшөт.

– Гвардиячы Мундуз Элебесов. Аскер чини капитан. Мүнөзү токтоо. Мактанганды жаман көрөт. Сүйлөшкөн кызы жок. – Быдылдай ортодон кепке кошулду Бурков. – Полктун чалгындоо ротасынын командири. Дивизиянын бирден бир көзгө басар чалгынчысы. Аскерге чакырылгандан биргебиз. Катардагы жоокерден капитан даражасына жетти. Ал эми анын көкүрөк толгон орден, медалдары эр жүрөк адам экендигин айгинелеп турат. Мен ушу эр жүрөк адамдын каарман жолдошу, гвардиячы старшина Бурков деген болом.

– Бурков болбосоң кое кал. Анык жигит экенсиз! Сиз мага ылайыктуудай көрүнөсүз. Жеңишиңиз кут болсун! – деген Валентина Мерешованын шадылуу колдору Бурковдун мойнуна асылганда аялдар кол чаап ийишти.

– Түгөй деп ушуларды айткыла! Окшошуп эле калбадыбы. Азаматсың Валя!

– Өх, эркек деп ушуну айт. Сыга кучактаса сөөк-сагым кычырай түштү. Сара, сенден өтсөм өтөм, асти, кем калышпайм, хи, хи! Ушундайбы кыздар!

– Ушундай, ушундай! Бошотуучуларга даңк! – деп кыйкырды Светлана. – Ураа-а-а!

– Ураа-аа-а! Советтик жоокерлерге даңк! – Светлананы башкалары колдошту.

Аңгыча лейтенант Миша байке Воробьев бир кызды ээрчитип келип калды. Капитандын көңүлү дароо ошол жакка бурулду.

– Бу чүрөк кайдан чыга калды?

– Оо, бу Елизабет Тейлор деген айым. Буга тийбегиле. Елизабет айым бизге далай ирет көмөк көрсөткөн. Баролдун неберелерин музыка сабагына үйрөткөн эжеке. Немис элинин ишенген бирден бир сулуу, адилет кызы, – деди Сара.

– Елизабет, булар биздикилер. Кайда жүрдүңүз? – Раиса жалпактай кетти.

Елизабет Тейлор жооп берүүгө алсыз эле. Анткени капитандын өткүр көз карашы карегине кадалып, жүрөгүн ысытып ийген.

– Ошондой дегилечи, түзүү-үк! Жолдош Елизабет айым келиңиз. Неге туруп калдыңыз, бизге кошулуңуз,– деди капитан аялдардан сууруулуп чыгып. – Сиз бизден чочубаңыз. Биз деген Советтик Армиянын каарман жоокерлери болобуз.

– Елизабет айым, таанышып коюңуз. Чалгындоо ротасынын командири, гвардиячы капитан Мундуз Элебесов. – Сарелли элпек тааныштырды.

Көңүлүндө капитанды Елизабетке кыйбай турса да аргасыз ушу кадамды жасоого туура келди. Анткени, капитандын көңүл кушу бир көргөндө эле Елизабетке түшүп калганын жүрөк кургур сезип турду. Анан калса жүрөгү бир көргөндө эле ысыган Елизабет айым да аны көңүл кушун сала элжирей карап тургандыктан сезимтал кыз жол берүүгө мажбур болду.

– Елизабет Тейлор, музыка мугалими,– деди назик колун сунуп.

– Сиз орусча билесизби? – Кыздын ысык колдорун кармап акырын кысып койду. Колу кысылган кыздын тулку боюу дуулдап ысып, болуп көрбөгөндөй татынакай көрүндү. Миша байке көзүн кысып баш бармагын чычайтты. Кара күчкө жетөлүп, сүйлөшө бер дегендей көз карашы менен демитип тургансыды.

– Хи, хи. Демек сиз орусча түшүнбөйт экенсиз да. – Болгон шылтоосу ушу болду.

– Түшүнөт, эң сонун түшүнөт, жолдош капитан, – деди Сарелли кайрадан ортого кыпчылып. – Убагында орус тил курсун мыкты бүтүрүп, котормочу болуп да иштеген экен. Биз менен эң эле сонун сүйлөшөт. Күйөөсү генерал Паулстун армиясында взводдун командири болуп кызмат өтөгөн. Абадан болгон чабуулда бомбанын осколкасы тийип каза тааптыр. Болгон таржымалы ушул.

– Орусча эркин сүйлөйм,– деди сулуу айым сүзүлө карап.

Доошу араң эле чыкты. Таңдайы кургап, тили күрмөөгө араң келди. Анан калса капитандын шадылуу колдору назик колдорун катуу кысып, көпкө дейре коё бербей туруп албадыбы, жүрөгүн эзип. Ошондо мугалим кыз анардай кызарып кеткен.

– Абдан жакшы. Биз эмне туруп калдык. Жолдош старшина кыздарды тамакка чакырыңыз,– деди колун коё берип портупеясын кармалаган капитан.

"Ой, итиң ой! Ушундай да сулуу жан болот экен, ээ!"– деди капитан ичинен күңүрөнө кыздан көзүн албай. Елизабет жылуу караган өткүр көз караштан кирпиктери саландап, капитанды тик багып карай албай жандай басты. Сарелли ордунан козголбой Мерешова баштаган бир топ аялдар ээрчий басканда старшина далбактай жолун тороду.

– Валентина, токтой турунузчу, сөз бар.

– Ал кандай сөз экен, Миша байке.

– Валя, садагасы, түшкүлүктү ичкенден кийин кечкиге бирдеме даярдаш керек го. Тамакка аялдын колу тийбесе таттуу болбошун сиз билесиз да.

– Эмне даярдаш керек?

– Жеңиштин урматына чоң үлпөт уюштурсакбы дейм. Ушундай чоң стол жасагыла, тимеле бүт Берлиндин тургундарына жеткидей болсун.

– Жарайт, бирок анча азык-түлүктү кайдан алмак элек.

– Бизде бар. Биздики жетишпесе баронду кампасынан бирдеме табылар дейм. Кантсе да барон эмеспи. Андан анын бирдемеси короп кетпестир.

– Ии-и, кашайгырдыкы десе!– колун шак урду. – Ушу башыма келбегенин караңызчы. Буйрук аткарылат. Ушундай эмеспи кыздар.

– Так ошондой. Кыздар, жок дегенде бир күн болсо дагы жыргап алалы. Акыбыз деле бар, туурабы?! – дешти көпчүлүк.

– Эмесе киришкиле, кеч болуп кала электе. Ананыраак командаңызга Елизабет Тейлор айымды кошуп аласыздар. Ага чейин сизден сураныч кызга тоскоол боло көрбөңүздөр. Биз андан керектүү нерселерди сурашыбыз керек

– Албетте, кана эмесе, кыздар кеттикби?

– Урушта туруш жок, кетсе кеттик,– дешти.

Аялдар жөнөп кетер менен Миша байке унутканын эстегендей алаканын шак урду.

– Кечинде чоң үлпөт болот. Кой табыш керек. Бурков угуп атасыңбы?

– Кой?!... Аны эмне кыласыз?

– Эсинде бекен былтыр кышында жертөлөдө мелдеше кетип Берлинге кирген биринчи күнү мен кой тапмак болуп, а командир шишкебек жасамак болбоду беле.

– Аа-а, эсимде! Ошондой иш болгон.

– Эмесе кеттик. Кечки үлпөткө кой таппасак болбойт. Жеңиштин урматы кылып отура да элекпиз. Биз эмне башкалардан кембизби. Уюштуралы, отуралы көңүл ачып.

– Отурушу отурабыз. А койду кайдан издемек элек.

– Маселен, шаардын четиндеги кыштакка барсак бирдеме таап келербиз.

– Сиз бирдеме таап келишиңизге ишенесизби?

– Ишенбей анан. Кечээ шалбаада койлор жайылып жүргөнүн көргөм. Биздин иш текейден жеңил. Кой таап келип командирге тапшырсак болду. Калганын өзү бүтүрөт. Ал өзү ушундай таттуу шишкебек жасайт, тимеле бармагыңды тиштеп аласың.

– Мен билбей калчуудай айттыңыз да. Ии-и, баса, Миша байке, бая күнкү акчаны өзгөчө бөлүмдүн балдарына тапшырыш керек эле го. Тапшырдыңыз беле, же?

– Кайсы акчаны? – Миша байке эстей албай бүшүркөдү.

– Өткөндө машинадан колго түшүргөн акчачы, төрт чемодан.

– Аа-а, эстедим. Доллар, марка дебейсиңби. Билем. Бешинчи чемоданда жалаң бриллиант, алтын шурулар, сырга, шакектер жүргөн.

– Ооба жүргөн. Сиз өзүңүз каттабадыңызбы, ал дүйнөнү.

– Аларды кудай албайт. Келип бүтүрөбүз. Анан калса, кечээ өзгөчө бөлүмдүн начальниги полковник Медведев тырчыйып койгон, баарын чогуу бир алып кетем деп.

– Балким анча-мынча марка алып аларбыз. Биз барсак эле койду "Ме, алыңыздар",– деп бере койбостур, жаны жок фрицтер.

– Анча-мынча марка алып алайлы деп өлө албай жүрөсүңбү! Эгер ушул эле сөзүң Медведевге жеткен болсо, ал терини тескери сыйрыйт. Билип кой, жигит.

– Эмне эле андан баарыңар корко бересинер.

– Андан корккон эч ким жок. Анын жумушу ошондой желмогуздай коркунучтуу. Көңүлүнө жик кетсе ар кандай заң-зүкүнгө салып, атып салыштан да кайра тартпайт. Аны мыйзам да көтөрөт.

– Эми Медведевден коркуп колубузду мурдубузга тыгып алып баралыбы. Биздин кайсы көркүбүзгө бекерге берет, арам сийдик фрицтер.

– Ушундай берет дейсиң, өздөрү да байкабай калат. Керек болсо артыңдан салпактай ээрчип жүрүп кошуп берет. "Урматтуу кызыл жоокерлер, алып койгула, биз силерди билбей калыпбыз",– деп колдорун боорона алып.

– Саша, сага эмне болду? Же дагы кучунашың кармап турабы? Арам дүйнөгө кол тийгиздиң дегиче билесиңби, эмне болорунду.

– Көп болсо атып жиберет, же түрмөгө камайт.

– Ага чейин ортодо канча өмүр жатат. Жашоо керек эмеспи сага.

– Жашоо керек, бирок...

– Бирок, баарына үлгүрүү кыйын. Ошон үчүн бир бирден бүтүрөлү. Сен кызыксың, аяктан келип элге ботко да таратыш керек.

– Анда биз кайда баратабыз? Боткогобу, койгобу?

– Ух, Бурков! Сен бүгүн момундай тойгуздуң! Биздин командир сейрек жаңылат. Сени токмок менен эле албаса эпке келгидей эмессиң. Коргон!

Лейтенант салмагын оң бутуна оодарып, урушчаак боксерлордой колун боорона алды. Кабагын түйүп, оозун түйрүдү.

– Миша байке, тогуз жолдун тоомунда биз эмнеге турабыз. Талашыбыз не? Жат!

Ангыча алыстан ышкырып келип жакын эле жерге түшкөн дейди снаряд тарс жарылганда Бурков Воробьевду баса жыгылды. Уюлгуган кара топурак көккө көтөрүлүп, көз ачырбаган ыпырык-сыпырык сээлдегенде кагынып, сөгүнүп экөө эки жерде турушту. Миша байке бозоргон жүзүн сүртүп Бурковду урушуп ийди.

– Күлтүйгөн кызталак, сенин айыңдан бөөдө кырсык чала жаздады. Же барам дебей, же барбайм дебей, кыздарча кыңшылап туруп албадыңбы.

– Миша байке, биринчиден, мен сиздин өмүрүңүздү сактап калдым, экинчиден сиздин да жиниңиз келет экен ээ. Биздин командир туура айтат: "Жинденбеген киши жок",– деп. Көрүп турам жиниңиз мурутуңузда экен, чычайып сербеңдеп калды.

– Жин дөңгөчтө гана жок. Айт барасыңбы, барбайсыңбы?

– Барабыз. Миша байке, бизге "тил" кеппи! Барабыз, алабыз да кайтабыз!

– Келесоо десе! Сен бүгүн көк мээ болгондон соосуңбу?! Биз "тилге" эмес, койго баратабыз. А койду болсо биздин командир бүтүн союп баканга асабыз, кызыл чокко кактап, шишкебек кылып жейбиз деген.

– Аа-а, койгобу! Андан бетер жакшы. Барабыз, байланган боруктуну алабыз да кайтабыз. Бербесе акесин таанытабыз. Менин көркүм эле канча турат. Же андай эмеспи?

Миша байке аргасыз кайсы бир жылы айтылган окуяны эстегендей "бырс" жылмайды да, өзүнчө күңкүлдөп алды:

– Хи, барабыз, алабыз да кайтабыз.

VIII

Бу жылы жаз Берлинге эрте көрүндү. Алма, өрүк небак гүлдөп, шабдалы бажырайып гүлүн ача баштаган. Көк шайы жамынган теребел ажайып көркүнө чыгып, алма бак гүл жыттанып турду. Күн нуруна киринишкен жуп көпөлөк ободо кайкып, гүлдөн гүлгө учуп конгон аарылар, ар кандай куштардын жагымдуу сайрашы сезиминди кытыгылап, дегеле бул жерди алаамат буту баспагандай делебени козгогон май айынын ошо күнү укмуш сонун эле. Өмүр бою айрылгыстай кошулган жуп көпөлөктүн жан жыргаткан махабат бийин суктана карашкан Мундуз Элебесов менен Елизабет Тейлордун колдору чапташып, көздөрү сүзүлүп, көңүлдөрү көпөлөктөй жуурулушуп бүйрүсүн кызыткан алма бактан кыналыша басып, экинчи кабатка көтөрүлүштү. Узун коридордон өткөндө кештеленген чоң дарбаза ачылды. Капитан айттырбай билди. Бу чоң бөлмө Елизабеттин иш орду, каршысындагы эс алуу бөлмөсү экенин. Илинген портреттерге бир сыйра көз жүгүрткөнчө Елизабет пианиного "лып" келип отурду.

– Жолдош капитан, кайсы музыкадан ойноп берейин,– деди сылык гана.

– Штраустун көңүл эргиткен вальстарынан ойноңуз. – Жооп шыр айтылды.

– Оо, Штраусбу?! Ал бийге музыка жазуунун королу болгон.
– Мен да ошондой деп ойлойм.
– Сиз анын музыкасын сүйүп угасызбы?
– Сүйүп укканбыз.
– Бу какшыгыңызды кандайча түшүнсө болот.
– Кадимкидей эле түшүнсөңүз болот. 1943-жылдын жаз айында Гитлердин туулган күнүндө лагердин комендантты Кребс мырза бизди күнү бою бийлөөгө мажбур кылган, куралдын, кабанаак дөбөттөрдүн күчү менен... Каалабагандардын канчасын пулемет мойсоп кетти, канчасын банаак дөбөттөр эттерин үзө капты. Ошентип бир күн кечке бийлегенбиз.
– Кечиресиз, сиз туткунда болгонсузбу?
– Болгом, жарым айча. Ошондо Штраусту жактырганбыз.
– Туткунда болгонуңуз албетте, өкүнүчтүү. Фашизм миллиондогон адамдардын кыйроосун алып келди. Алардын ордун эч нерсе менен толтура албайбыз. Ушундайбы?!
– Туура, сиз айткандай миллиондогон адамдардын кайгысын эч нерсе менен толтура албайбыз. Фашизм адамзатка чыккан чыйкан болгон. Чыйканды жок кылуунун бир гана жолу бар эле. Аны түп тамырынан сыгып салуу керек болчу. Аны биз – тирүүлөр аткарууга милдеттүү элек! Аны аткардык, совет жоокери адамзатка коркунуч туудурган германиялык фашисттерди кокодон алды да, жер үстүнөн жексен кылды. Бүткүл адамзатты фашизмдин кулчулугунан куткарды. Каарман Кызыл Армиянын бу улуу миссиясын адамзат тарыхы унутууга тийиш эмес. Тирүүлөр гана бактылуу болбостон, ага жетпей набыт болгондор да, бу жалган дүйнөдө урматталууга акылуу.
– Бу алааматтан тирүү калуу, тирүү калгандардын бактысына түшкөн үлүш. Сиз бактылуусуз, капитан мырза.
– Билесизби, биз эмне үчүн тирүү калдык, эмне үчүн өлүм бизден айланып өттү, биз эмне үчүн өлүмдү жеңип жатабыз? Себеби, ал биздин абдан кыйын экендигибизден же өз жыргалчылыгыбыз үчүн күрөшүп жаткандыгыбыздан каргыш тийгир өлүмдүн кендирин кесип жаткан жокпуз. Биз, бу ыйык согушта жынысына, улутуна, жашына карабай жер жүзүндөгү миллиондогон адам деген пенденин жалпы жыргалчылыгы, мекен деген улуу касиетти фашизм деген жийиркеничтүү жырткыч айбанга көз каранды кылбоо үчүн, жер жүзүнө тынчтык, эркиндик орнотуу үчүн ыйык согушка аттанып чыкканбыз. Көкүрөгүбүздө ушундай улуу максат кайнап турганда бизге эчтеме коркунучтуу эмес болчу. Биз совет элинин гана эркиндигин, бүтүндүгүн, келечегин сактап калбастан бүтүндөй адамзатты, Германия улутчул фашисттеринин кулчулугунан сактап калдык. Муну тарых унутууга тийиш эмес!
– Сиз албетте коммунист чыгарсыз. Кызыл коммунисттер гана ушундай сонун, таамай сөздөрдү айта алышат деп уккам.

– Бааңызга ырахмат. Коммунистмин. Таап айттыңыз. Нукура кызыл коммунистти жолуктурам деп ойлодуңуз беле?
– Ойлобогом, бирок, бая сиздин жоокериңиз айдап келгенде коркуп кеткем. Чын. Анан калса Отто Берндин окуясы үрөйүмдү учуруп койду. Мен ал кишини актайын деген ниетим жок. Отто өзүнө жаман иш кылды. Ал ошо жазага тете айбан болчу. Фуу, каргыш алгыр, анын эмнесин эстеп жатам.
– Эстештин кажети деле жоктур. Адам жаманбы, жакшыбы акыры энчисин алат.
– Кудайым ошентип күн мурунтан бөлүштүрүп койсо не кылабыз, энчибизди.
– Сиздин энчиңизде дагы чоң нерсе жаткандыр. Дүйнөнү сулуулар сактап калат дешет го. Ошо чынбы? Сиз кандай ойлойсуз?
– Менде кандай энчи турганын билбейм, бирок сулуулар зор күч экендигин билем.
– Сулуулардын турмушу бактылуу болот дешет.
– Ырахмат, айтканыңыз келсин.
– Сиз азыр менден коркпой эле турасызбы?
– Жоок, тескерисинче, сиз мага жага түштүңүз. Биз, орустар колго түшкөн туткунду дароо эле жеп коюшат деп укканбыз.
– Бу жанагы Гитлер деген акмактын ойлоп тапканы. Ошого да киши ишенеби. Же мен ошондой киши жегичке окшоп турамбы?
– Сизби?! Жок, жоо-ок! Жана сиз мага кайра жага түштүңүз деп айтпадымбы.
– Ошентсе дагы, сиз бир нерсени жашыргансып турасыз.
– Жашыргансып... Сиз аны кайдан билдиңиз?
– Көздөрүңүз айтып турат.
– Ооба. Кандай кылган менен мен сиздин туткунмун. Айтууга туура келет. Сиз, сиз оруска окшош эмес экенсиз дегим келген.
– Ушул элеби? – Таңдангандай жылмайды капитан.
– Ушул эле. Калпыс кетсем кечирип коюңуз.
– Кайра жакшы болду. Бизди азият деп коет. Менин улутум кыргыз. Совет жергесинде Ала-Тоо деген ажайып жерди байырлаган байыркы кыргыз эли бар. Мен ошо Ала-Тоону мекендеген улуу элдин кулуну болом. Уктуңуз беле?
– Кыргыз... Чынын айтсам укпаптырмын.
– Эмесе угуп, анан көрүп алыңыз. Ошо улуу элдин өкүлү, капитан Мундуз Элебесов деген кыргыз алдыңызда турат.
– Акыйкатта өз элиңизге татыктуу уулдардан экенсиз. Бойлуу, келбеттүү, тыкан, чачтарыңыз кайраттуу, ар кандай жанга ыймандуу көрүнөсүз.
– "Жаман иттин аты Бөрүбасар" дегендей эле мактадыңыз.

– Жакшыны жакшы деген сооп. Аялдар сейрек жанылат. Чын, көңүлүмө толдунуз. "Дитиңизди канча баксам дагы бой бербечүдөй көрүндүңүз эле, кайсы кара теке сүздү? Көзүңүздү албай сырдуу жылмайышыңыз тимеле жүрөгүмдү куйкалап кетти. Кыз болбосон кое кал, көңүшө түшкөнүң ушу эмеспи" деди ышкысы козуп, жүрөгү туйлаган Мундуз ичинен. Ошондуктан кыздан көзүн албай, сугун арта берди.

– Сиздин сөзүңүз ширин, тилиңиз таттуу экен.

– Өзүмчү? – Елизабет сүзүлгөн көздөрүн жуумп, колдон алды.

– Өзүңүз жомоктогудай сулуусуз! Каухардай жанып турган көздөрүңүздүн өзү эмнеге татыйт. Фашизмди жараткан ушундай элде, ушундай сулуу кыз болот деп үч уктасам түшүмө кирген эмес.

– Эми түшүңүзгө кирет. Кой аксагы менен миң.

Елизабет капитанга чырайлуу жүзүн тосту.

– Менин Елизабет сулуум! Оттой ысык эрдиңизден!... Жылаажын үнүңүздөн... апакай тамагыңыздан... Назик колдорунуздан... Татынакай көздөрүңүздөн!... Балкыган кош мамагыңыздан!... Эрдиңизден... баары сонун, баары жыттуу... – капитан алмак-салмак жыттай берди, өбө берди, кучагында туйлаган кызды.

– Тимеле жомоктогудай! Бүркүтүм, куткаруучум, мырзам менин!– ышкылана, эркелей шыбырады кыз.

Коргошундай балкыган керемет айым карылуу кучактан сууруп гусу келбей, кайра эркекке ыктап, көзү-башынан өпкүлөп, өз бөлмөсүн көздөй сүйрөдү. Ушуну эле күтүп тургандай делебеси элирген эркектананын жапайы табити, кучагында балкыган сулууну таптак көтөрүп, гүлдүү жууркан жабылган диванга аяр жаткырды. Гүлдүү жууркандын чети аныраяачылганда, ууздай шуудураган апакай шейшеп өзүнө арбады. Көкүрөгүн аймалаган эркектин колу этегин көтөрө бергенде агарып көрүнө түшкөн жумуру сандары ышкысын ансайын козгоду. Кийимдер туш келди ыргыды. Эки жаш бири өпсө өөп, эркелетсе эркелеп, көптөн бери көрүшпөй жүрүп бүгүн көрүшкөндөй ысык ширелишти. Жылаңач үстүнө чыгып алган эркектин көңүлүн кыялбай, анын айтканы менен болуп, ансыз деле каалоосу күчөп жумуру апакай сандарын кичине талтайта бергенде, керилген чатына кирип алган эркектин чекесине бүткөн күч кубатынан аптыга түштү. Мурун мындай шумдукту көрбөгөн кыз куйругун бултак эттиргенде, махабаттын туу чокусуна жетчүүдөй тарбаландаган эби жок эркектин максаты жолдон тайды. Кайра асылды эле, кайра тайды. Экөө тең көл-шал тердешти. Кыз эркекти канчалык каалап турса да жөн эле талтайып жатып бергиси келбеди окшойт. Туйлады. Кыйнады. Өзү да кыйналды. Аялдан көзү каткан эркек ансайын күчөп, жоошутуп, көндүрүп, макулдатып барып туштай бергенде, азоо байталдай азынаган кыз, кайсы бир жерге озондоп келип жарылган дейди снарядын күүсүнө удаа "Апаа-аа-а!"– деп кыйкырды. Кулакка

жагымдуу үн, ак шейшепке жайылган кыз белгиси, максатына жетип дердейген эркектин табитин умачтай ачып аргасыз чөгөлөттү.

– Елизабет, татынакайым! Бу кандайча... мындай болуп кетти?

– Бүркүтүм, мен сен ойлогондой жесир эмесмин. Өмүр бою кыз болчумун. Абийирим кыз бойдон таза төгүлдү. Кудайым пешенеме сизди жазган экен, мына сиздин кучагыңызда жүзүм жарык турат. Мени сиз кучактагандай, сиз өпкөндөй эч ким өпкөн эмес... Муну бир көз карашта жаралган сүйүү дейбизби, же сүйүп калуубу, айтор, өз каалоом менен ушу ишке бардым. Ырыс-кешигибиз кошулуп калганы ушу эмеспи.

– Бирок тиги... ким эле?...

– Валя Мерешовабы? Же Сареллиби?

– Ии-и, ошонун айтканы...

– Ошондой окуяны айткам. Бирок, ал менин күйөөм эмес болчу. Болгону ал мени сүйүп, артымдан көлөкөдөй ээрчип жүргөн бир жигит эле. Аны согушка узатып колуман гана обүүгө руксат бергем. Мен бой бербегем. Катуу сүйчү. Андан жума сайын кат алып турчумун. Кийин келбей калды. Пешенесине жазып койгонбу, сөөгү ата-бабасы билбеген кайсы бир жерде калды көмүлбөй. Анын сүйүүгө толгон каттарына көнүп калган окшойм, өзүмү алаксытыш үчүн күйөөм фронтто деген сөз тараттым. Бу сөз мени көп ирет куткарып калды. "Күйөөм фронтто, жакында отпускага келет",– деген сөзүм үчүн гана аялдын этеги оозуна өмүр бою капталып калгыр ефрейтор Отто, мага даай албай жүрдү. Барон жакшы абышка болчу. Өлөр өлгөнчө мени суук көздөрдөн сактап жүрдү.

– Барон азыр жокпу?

– Жок, ал өзүн-өзү атып өлгөн.

– Ал качанкы иш.

– Мындан эки ай мурда Германиянын утула баштаганына көзү толук жеткенде, тээтиги эмендин жанында жан берген. Жалгыз баласы Африкада аскер врачы болуп кызмат өтөчү. Небересин атылардан бир күн мурун атасына жөнөткөн.

– Мм... да, адам кыйынчылыкка чыдай берет экен.

Капитан кыздын көкүрөгүнөн аймалап, эрдинен өптү. Аңгыча төмөндөн кимдир бирөөнүн жөтөлгөнү угулуп, чоң бөлмөнүн каалгасы "кыйч" ачылганда жылаңач этине кийим кийүүгө аргасыз болду. Шаша-буша кийинип залга чуркап чыккан капитан Бурков менен Воробьевду сүзүп ала жаздады.

– Тынччылыкпы? Мынча дүрбөдүнөр? – деди ал беймазалана.

– Тынч эле, жолдош капитан. Бизди кечирип коюңуз – деди Миша байке ыңгайсыздана.

– Адамдарга ботко тараттынарбы?

– Тараттык. Бирок жергиликтүү калк ашканага келген жок. Тереземден баш багат, табактарын көрсөтүшөт. Өздөрү түшүшпөйт. Ошондуктан үй-үйүнө жеткирип барууга туура келди. Адамдардын арасында дагы эле чочулоо бар.

– Боткону үй-үйгө таратып жакшы кылыпсынар. Жергиликтүү калк менен сылык мамиле күтүп, ар кандай жаңылыштыктан сак болгула. Ансыз деле совет жоокеринен жүрөгү түшүп турган немелер ийнени төөдөй көрөт.

– Эл менен мамилебиз түз эле. Алыбыз жетишинче түшүндүрүп жатабыз.

– Жарайсынар, ошенткиле. Бөөдө чочутуп албагыла. Миша байке, ысык суу болсо бакка алып келиңизчи. Чайынып алайын.

– Куп болот. – Миша байке кеткенче шашты.

– А күтүлбөгөн белекчи? – деди Бурков үйдөн чыгарда.

– Кайсы күтүлбөгөн белек, жолдош Бурков.

– Биздин... – жалдырай Миша байкени карады. – Күтүлбөгөн белегибизди...

– Аныңар жакшы немеби?

– Жакшы эле, жолдош капитан.

– Жакшы болсо анан көрсөтөсүңөр.

– Түшүндүм. Кетүүгө уруксатбы?

– Барыңыз. Миша байкени шаштырып кой.

Мундуз айлананы суктана карады. Жаздын демиктирген ысыгынан кийимдерин чечти. Жанарааста Елизабет экөө болгон алма бакта жылаңачтанып төбөдөгү көгөргөн түпсүз асмандагы чыгышты көздөй көчүп бараткан түрмөктөлгөн булуттарга кошулуп сүзүп бараткансыды. Анчыча Миша байке эки колуна эки челек суу көтөрүп жетип келди. "Тоту кушту торго түшүргөн экен, эргулум. Жарайсын!"– деп ичинен бүлкүлдөп, мурутун бир укмуштай чыйратып алды, лейтенант. Кудундай сүйүнүп келатып мүдүрүлүп жыгылып кете жаздады. Ушу маалда терезеден башын чыгарып, кол булгалаган Елизабет айым шалпылдатып жуунуп жаткан капитанды жүрөгү кубана карап турду.

* * *

Кечки тамакты Берлиндин тургундарына кыдырып жүрүп берүүгө туура келди. Жогорку кабаттагылар табактарын жипке байлап тартып алып жатышты. Ичпейин десе курсак кургур кыйнайт, ичейин десе ууландырып коюшабы деп коркушат. Канткен менен кара курсактын айынан өздөрү бир убакта "Желмогуз, жырткыч, маданиятсыз" деп эсептешкен советтик жоокерлердин колунан ботко жеп жатышты.

Айрымдары идиштерин коридорго калтырып, качан жоокерлер тамак куюп кеткенде шып ала коюшуп, каалгаларын "карс" жаап, артынан чынжырлары шарак илинип атты.

– Бу, биздин немис элине жасаган улуу миссиябыз. Ачкадан өлүп калбасын дейбиз, байкуштарды. Ашыбызды ичип, тузубузга чычпаса эле болду. – Воробьёв мүштөгүнө от коюп ботко таратып жаткан жоокерге кайрылды. – Болдуңарбы, жигиттер!

– Болуп калдык, жолдош лейтенант. – Жооп шыр угулду.

– Дурус, маселен сиз кай жерден чакырылдыңыз эле?

– Анжыян облусу, Коргон-Төбө районунан...

– А сиз?

– Өзүм Алтайлыкмын, бирок Саратовдо окуган жерден чакырылгам.

– Эң сонун, анда экөөң тең 1945-жылы Берлин шаарынын тургундарын кантип ачкалыктан куткарып, тамак тараткаңарды жомок кылып айта жүргүлө.

– Айтабыз, айтпай анан. Кечээги душман, бүгүн дос. – Сары чач жоокер күнк этти.

– Анда кеттик. Күүгүм киргенче капитанга күтүлбөгөн белегибизди тапшырып калалык. Бол тез, ымтырабай,– деп шаштырды.

– Ал кандай күтүлбөгөн белек, жолдош лейтенант?

Сары чач Чукин кызыга сурады.

– Барганда көрөсүңөр. Азыр шашылуу керек.

Кечки үлпөт чалгынчылар ротасынын орун басары лейтенант ойлогондон да шаңдуу башталды. Кыздар буту-бутуна тийбей тызылдай чуркап, стол жасап жүрүштү. Музыка жаңырып көңүлдөрү көтөрүңкү жоокерлер кыздарды тындырбай бийге тартып жатышты. Бир оокумда Воробьев менен Бурков бардыгын таңкалтырып торпоктой семиз кой жетелеп келди. Мундуз башкалардан кем таң калган жок.

– Жолдош командир, жеңиштин урматына сизге арнаган биздин белегибиз ушу,– жибин узатты. – Алып коюңуз, улуу Жеңишиңиз, Берлинге киришиңиз менен!

– Алайын, ыракмат. Бая айтып жаткан күтүлбөгөн белегиңер ушу турбайбы!

– Ушу болчу. Эмне жакпай калдыбы, жолдош командир?

– Жакты деңизчи, бирок муну кайдан таптыңар дейм да. – Шексине сурады.

– Керек болсо адам табат экен. Сиз чочубаңыз уурдалып келген экен деп. Кыштакка барып бир фермерден сатып алдык.

– Канчага сатып алдыңар?– Мундуз эми чындап кызыкты.

– Саша, сен айтчы,– лейтенант кыйпычыктап Бурковго ээк нускады. – Сен бирдеме деп сүйлөшүп аткандай болбодуң беле.

– Ооба, мен сүйлөшүп, акысын сиз бергендей болгонсуз.

"Ии-и, тоок мээ, эптеп шылтоо табат десе кайра мени күнөөгө жыгып жатпайбы" деп ойлогон Миша байке шашып калды.

– Ошондой болду, сыягы.

– Деги силерде акча бар беле?

– Бар болчу, жолдош командир.

– Кайсы акча?

– Жыйырма миллион марка менен жыйырма миллион долларга жетип барат го.

– Жолдош лейтенант! – Капитандын көзү чанагынан чыга жаздады. – Ал акчаларды алып гана эмес, кармоого уруксат жок экенин билесиз да!

– Билем деңизчи,– күнөөлүүдөй өтүгүнүн тумшугун карады. – Андан алган жокпуз.

– Анан кайдан алдыңар?

– Бардык. – Бир фермерден сатып алдык дегени үчүн кызарып турду. Башка шылтоо айтса деле болмок деген тейде сөзүн улады. – Фермер менен сүйлөштүк. Ал "Канча акчаңар бар?"– деди. "Сизге канча акча керек?"– деди Бурков. Фермер унчукпай калганда "Бизде канча десеңиз, ошончо акча бар. Маселен, чү деген жерден эле элүү миллион акча таап берем. Коюңузду канчага сатасыз?"– дедим. Ал шашып кетиби, коркуп кеттиби билбейм, жакшы фермер экен мыйыгынан жылмайып "Анча акчаңар болсо бекер эле берейин",– деп өзү тандап берди, ылайдай семизин. Акчага тийген жокпуз. Тийүүгө акыбыз да жок, тийдиң калдың балээге.

– Чын эле тийген жоксуңарбы? – досторчо сурады Мундуз.

– Чын, ишенбесеңиз караңгы түндөгү ай урсун.

– Жигиттер, көзүңөрдү ачкыла! Ийгиликке элирип бирдеме болуп жүрбөгүлө.

– Европаны жөө кыдырып, Берлинге келгенде бөөдө кырсык чалса болбой калбайбы, жолдош командир.

– Ай, ошондо да этият болгула. Тилде сөөк жок.

– Качан баштайбыз, – чыдабай кеткен Бурков сөз кыстарды, – жолдош командир.

– Эмнени? – капитан Бурковго түшүнбөгөндөй ээк какты.

– Берлинге туу сайганда шилекей чуурутуп, тамшанып жей турган баканга илинген кыргыз шишкебегин жасап берем дебединиз беле, жолдош капитан.

– Аа-а,– мандайын шак урду. – Эсимде. Аны кантип унутуп калайын. Азыр эле баштайбыз. Кана, Бурков койду туура тарт. Кайда, кайда башы жок десе. Бери тарт, өзүм мууздайм,– колун жаңсай көрсөттү.

– Жарайт, жолдош командир.

– Миша байке, шишкебекке керектүү нерселерди...

– Андан кам санабаңыз, – сөзүн оозунан жулуп кеткендей болду, Миша байке. – Чыкты даярдап койгом. Сиздин гана буйругуңузду күтүп атабыз.

– Баары даяр болсо эмне турабыз. Мен дагы даярмын. Эстетип койгонунар жакшы болду. Бүтүн өмүр бою таңдайыңардан даамы кетпегидей кылып, дүйнөдө жок кыргыз шишкебегин жасап берем дейсинер, тимеле тилиңерди тиштейсиңер. Ал үчүн койду союп, терисинен ажыратып, этин бүтүн баканга илип, чокко кактап бышырабыз.

– Жолдош командир, шишкебекти баштаганча эле шилекейге тойгузуп койдуңуз го.– Сары чач Саратовдук жигит сөзгө кыпчылды.

Жоокерлер дуу жарылды.

– Туугандар, шишкебекти бизде ушинтип баштайт. – Сөөмөйүн чычайтып мурдун жанып алды капитан. – Эмесе баштайлы. Бурков койдун буттарын байлай кой.

– Туугандар, бата тилеп коелу. Ушул кудайы түлөөбүз ак жолунан бузулбасын. Берлинге жеткендерге, жетпегендерге багышталсын. Жеңишти көрбөй, оо дүйнөгө сапар алгандардын жаны жаннаттан көрүнсүн! Оо-омий-иин!

Элебесовдун ротасындагы жоокерлер жапырт "Оо-мий-иин!"– деп бата кылышканда, башкалары бири-бирин таңыркай карап, чалгынчылардын ушундай салты бар го дегендей алдыңкыларды тууралашты. Көпчүлүктү туурап колдорун бетине алып барган Елизабет айымга да кызыктай туюлду. Мундуз койдун башын күн батышка туура тартып, ичинен жаны кудайы болсун деп күбүрөп, немис канжарын биссмилланын артынан муздоого жаныл ийди. Карап тургандардын кызыгы таркаганча алма шакка шыйрагынан илинип, териси сыйрылды. Ичеги-чачагысынан айрылган койдун эти бырча-бырча тилинди. Эки бүктөлүп, уксус, пияз, чеснок, томат, вино кошулган чыкка дымдалды. От жагыла турган жердин эки жагына эки шиш кагылып, узун бакан даярдалды. Тегерете көмүр каланып, үстүнө тамызгы таштады. Жоокерлердин шат күлкүсү, таман кызыткан бийлери, жүрөк өрттөгөн ырлары урандыга көмүлгөн түнкү Берлинди шаңга бөлөдү. Теребел шаттыкка толуп, кадам айрылбаган цыган кыз Сарелли сулуунун кулак кызыткан шыбыры капитанды алда кайда алып барып келди. Елизабет кызганычтан муунуп кеткенсиди. Бирок анысын бөтөн көзгө билгизген жок. Жек көргөнүн же капитанды биротоло сүйүп калганын билбей ичинен өрттөнүп, андан көзүн албады. Капитан шишкебектин камында жүргөн. Акыры чыдай албай жанына басып барды. Көңүлү көтөрүңкү капитан жакшы тосуп алды. Елизабет сулуу "Эми анын жанынан чыкпай калайын" деп ойлоду.

Арадан белгилүү убакыт өткөндө капитандын айтуусу боюнча тамызгыга чакмак чагылды. От улуу жагылып, чогу додо болгондо

чыкталып узун баканга илинген койдун семиз эти отко түштү. Мундуз кез-кез чокту кызарта желпип, үстүнө ташталган куу отундар дүрт жалын бүркүп, тоборсуп өңүнө чыга баштаган койдун этин тындырбай айлантып турду. Көмүрдүн табына сызгырылган майлуу эт "тызтыз" тамчылаган сайын бир укмуштай жыт буркурап, бир капталынан, экинчи капталына оодарган баканды уй мүйүз тартып отурган жоокерлердин шилекейин чуурутуп, аңытын ачты. Кайсы бир убакта кызара бөртүп бышкан жерин капитан "Бисмилла",– деп кесип алып, биринчи өзү ооз тийди. Анан Миша байкеге, Бурковго, Елизабетке, Сареллиге, танкистке сунду. Алар охолоп-ахалап: "Эт буюрса бышып калыптыр. Баштадык!"– деген сөзгө жоокерлер дүргүп, жаландаган бычактар отко түшүп, жалынга чагылып, болгон тарелкалар кагышып, бири келип, бири кетип, кеткени кайра келип, таңдайында эриген шишкебекти мактап-жактап, кесилген жерин кайра кызарганча кактап: "Адам сөөк мүлжүбөсө курсагы тойбойт",– деп кабыргасынан кертип алып, чылпылдата эт чайнап, жеңгендердин арасында жеңүүчү аталып, кече күчүнө кирип, канча жылдан бери зарыга күтүп келген жеңиштин жарпы жазылганча майрамдашкан майдандаштарынын кубанычына сүйүнүп, ырдап күлүп, коштоп бийлеп, кыз жандап кечинин көркүн чыгарып жүрдү, гвардиячы капитан Элебесов. Шилекей чуурткан дагы бир кабырганы кармап алган Миша байке жеңиштин урматы деп бир эки жолу көтөргөн чөйчөктөн көңүлү көкөлөп, устуканды үзүп тиштеп, ык жерге сууга тийгизбей мактап, жанда жок адамгерчилигин, баатырдыгын айтып, жоокерлердин көңүлүн өзүнө бурду.

– Маселен, сиз жолдош, кайдан болосуз?

– Одессадан, жолдош лейтенант.

– А сизчи?

– Белорусиядан.

– Мен Эстониядан...

– Донбасстан...

– Кишиневдон...

– Сибирден...

– Москвадан...

– Жетишет, же-ти-шеет, жигиттер! Улуу жеңишиңер менен! Жакында баарыбыз үйгө кайтабыз. Ошондо чалгынчылардын чалгынчысы, күчтүүлөрдүн күчтүү командири, биздин капитан Мундуз Элебесов кыргыз шишкебегин Берлиндин отуна кактап, жеңгендердин урматына кече уюштуруп, дасторкон жайып, кантип биздин жарпыбызды жазганын саймедире айта жүргүлө! Жакшы адамдын касиети тийсе жаман болбойсуңар, жолдош советтик жоокерлер!

– Айтабыз! Эстен чыккыс кече болду.

– Капитанга ырахмат!

– Бул күндү өмүр бою унутпайбыз!

– Улуу жеңишке даңк! Улуу Сталинге даңк!

– Жашасын Кызыл Армия! – деген үндөр коштоп, кечинин негизги себепкерин асманга көкөлөтө ыргытышты. "Жеңиш! Жеңиш! Жеңиш!"– деп ураан чакырып, асманга ок чыгарышты.

– Кыргыз шишкебегин дагы качан жейбиз!? – деп кыйкырды топтун ичинен бирөө.

– Күндө жегидей кыргыз шишкебеги күндө тийген күн эмес да! Аны эми үйгө кайтып жатканда, командирибиз айтканда жейбиз,– деген Бурковдун корулдаган үнү тигинин оозун жап кылды.

Чынында ошол май айынын укмуштай сонун түнүндөгү жеңиш кечеси советтик жоокерлердин шаңына шаң кошуп, ошол дүйнө азаттыгы жарыяланган, миң азап, миң оор кайгы менен төбөсүнө кызыл желек илинген Европанын чок ортосундагы Берлин шаары ошо кечте кыргыз шишкебеги жыттанып турду.

* * *

Кечинин эртеси да болду. Таң куланөөк аткандан Миша байке адамдарды саарлыкка чакырып жүрдү.

– Саарлык ичкиле! Саарлык ичкиле! Ысык ботко, майлуу ботко!

Согуштун айынан азып-тозуп, кардына тарууда тамак таба албай ачарчылык төбөдөн уруп турганда "Кечээтен бери тамак тарытып жүргөндөр кимдер болду экен?" деген күдүк ой менен терезеден башбаккан чал-кемпир, бала-бакыраларды кызыктырып, үйгө тургузбай, табак-кашыгын калдыратып, көчмө ашкананын жанына чогултту. Кыркалекей тизилип колуна ботко тийгени ошол эле жерден аптыга сугунуп, кээ бири аркасын салып кызганып, айрымдары үйүнө шашып, шашыла сугунганы боткого оозун күйгүзүп, "охолап" үйлөп, айтор, саламы жок табак сунгандардын катары өсө берди. Бир оокумда көздөрү ойноктогон куйту чал ийреленделей басып келип, жаланып-жуктана айланага шекшине карай табак-кашыгын кайра сунду.

– Абышка, эмне ботко жагып калдыбы? – деп сурады сары чач жоокер.

– Жакпаска арга жок. – Чал төмүчтөн куюлган боткону тамшана карады, – ботко жакшы болуптур. Сары майдан дагы тамчылата түшсөңүз.

– Сары май сизден айлансын! Мынаңыз... тамагыңыз таттуу болсун! – деди ашпоз Чукин. – Табитиңиз тартса кайра алсаңыз деле болот.

– Ырахмат, айтканыңыз келсин. – Бөлкөсүн малып оозуна салды.

– Орусчаны жакшы сүйлөйт экенсиз. – Миша байке сынагандай сөз кыстарды.

– Убагында үйрөнгөнбүз. Силер америкалыктарсыңарбы? ...Же...

– Же советтиксиңерби дегени турасызбы. Ооба, биз советтик жоокерлербиз.

– Кантип, советтик?! Советтик коммунисттердин көзү күйүп турат. Алар тумшугунан от бүркүп турган жырткычка окшош, жолундагысын койбой түгөл мойсоп кете беришет дешпеди беле. А силер болсо тескерисинче душмандарга тамак таратып жүрөсүнөр.

Ишенкиребей кетенчиктей жүлжүйдү, куйтулана жылмайган картаң немис.

– Абышка, биздин командирибиз капитан Мундуз Элебесовдун "Таш менен урганды аш менен ур", – деген сонун сөзү бар. Ошо сынарындай, бизди таш менен урганды аш менен коноктоп жатабыз. Кекчил болбой эпчил болуп, таң заардан эл кызматындабыз. Ал эми Гитлер жанкечтинин коммунисттер жөнүндөгү айткан жомогу таптакыр чындыкка коошпойт. Аны этибарга албай эле коюңуз. Ишенбесеңиз тигине! – ушу маалда чубалып өтүп бараткан танктарды көрсөттү, сары чач ашпозчу жоокер. – Ага дагы ишенбесеңиз мына... – Илип койгон пилоткасын алып чыкты.

Абышка танктагы, анан пилоткадагы беш жылдызды көргөндө үрөйү учуп, колунан кашык-табагы ыргып, боткосу төгүлдү. Кан сөлү жок, өңү купкуу боло түшкөн абышканы көргөндөр боткого чакап, бир кызыктай селейишти. Беш жылдыздын сүрү ушунчалыкка алпарат деп ойлобогон сары чач Чукин деген ашпоз-жоокер не кыларын билбей алдастап калды.

– Ой-бой, секет карыя! – Туурадан кепке аралашкан Бурков тамашага баткысы келдиби, калдайып келип абышканын тике мандайына тура калды. – Ошо оозу кыйшык фашисттердин сасык жомогуна ишенген сизге баракелде! Мына, мен, – көкүрөгүн дүңк-дүңк уруп койду. – Старшина Бурков – коммунистмин. Өзүңүз деле кармалап көрсөңүз болот. Кармаңыз, ии-и, мына, кармалап көрүңүз. Чочубаңыз. Көзүм кадимкидей эле сиздикине окшош бекен. А сиз болсо көзү күйүп турат дейсиз. Сезип атасызбы, таноомдон эч кандай от чыкпайт. Бирок, кээде жырткычка кичине окшошо түшөбүз.

Абышка көзү тостойгон Бурковдун кулагынан, анан таноосунан, кийин оозунан сызылып чыккан түтүндү көрүп көзүнө ажыдаар көрүнө түшкөндөй эси эңгиреп кетенчиктей барып, урандыга көчүгү менен отуруп калды. Тамашага "тарс" жарылды жоокерлер. Эт-жүрөгү дүргүгөн кемпир-чал, бала-бакыранын тамагынан майлуу ботко өтпөй какады. Бирок алар тамакты таштап кете албай же качып кете албай ортодо

азап чегишти. Чынында бир көргөн кишиге Бурковдун жоругу шумдук көрүндү. Коркконго кош көрүнөт дегендей, мээсине ажыдаардын элеси биротоло сиңип калгандар селейип катып калышты. Жоокерлердин күлкүсү тыйылды.

– Бурков, тамашаңды токтот! Эмеле көнүшө баштаганда элдин үрөйүн учурбай, – деди Миша байке абышканы жөлөп-таяп тургузуп жатып.

– Миша байке, мен жөн эле абышканы тамашалап коёюн дегем. Эмне мага чылым тарттырбайсызбы, – мүштөктү кере соргондо көзү кайрадан тостойду.

– Кайдагы элде жок тамашаң менен абышканы өлтүрүп коё жаздадың. Тамашалаша турган кишини тапкан экенсиң. Турунуз абышка! Ал ошондой сөз укпаган тентек неме.

Калтырап-титиреп эмеле көчүгүн көтөрүп келаткан абышка эки кулагынан, таноосунан буралып түтүн чыгып турган Бурковду көрүп, кайра чалкасынан кетти. Баятан тамашага баткан жоокерлер күлөйүн деп күлө албай, тамаша-чынга айлана баштаган көрүнүштү коштой албай же айыптай албай, ыңгайсыз абалда турушту. Миша байке жини менен бакырды.

– Саа-ша!... Эми бүттү го дейм!

– Бүтсө бүттү. Тимеле укмуш болду ээ! – Ою ордунан чыккандай ырсайды.

– Укмушту эмне кыласың. Андан көрө мобу карыяны жөлөп-таяп үйүнө жеткирип кел.

– Куп болот, Миша байке! – жанына келип калган Бурков немис чалдын каруусунан тартты. – Карыя, ээ карыя, тур үйүнө жеткирип келейин. Тур эми, өлүмтүгүндү бирөөгө артпай.

– Өзүңдүн ыкмаңа салып ийинине арта сал,– деп күпүлдөдү Миша байке кайрадан.

– Азыр,– эңкейип оң мүрүсүн тосту. – Оп-паа! Түү-ү, сакалы өрттөнгүр сасык чал, капкачан эле ыштанын булгап койгон тура,– мурдун чүйрүдү.

– Булгап алса эң сонун. Колуң менен кылганды мойнуң менен тартасың. Барып тазалап бересиң. Сенден бирөө сурандыбы тамашалап кой деп. Кадамыңды тездет, жөнө!

– Баратпайымбы, түү, түү-үү! Түү-ба! Уяты жок неме тура же тамашаны түшүнбөсөң. Эчтемеден эчтеме жок эле ыштанынды булгап, түү-ба! Жүк болуп, өх, эй, жыгылып кете жаздадым. Эми булардын көчүгүн тазалабаганым эле калыптырбы. – Ичинен күнкүлдөгөн неме кайра чалынды. – ...эненди урайындар, өлтүрө турган болду.

– Сиздер беймараал болунуздар. Каалоочулар болсо жана келиңиздер. Ботко көп. Кана, кимге ботко?! – Миша байке ызаат кыла берлиндиктерге кайрылды.

Бирок анын сөзүнө берлиндиктер түшүндүбү, түшүнбөдүбү, айтор, советтик жоокерлерди жаланкычтай карашып, үн дебей куш тийген чилдей тарашты.

– Байкуш абышка, коркконго кош көрүнөт болуп чындап коркуп калган экен. Апаптап койдунарбы?!– деди ары жактан үн салган Елизабет айым.

– Аа-а, Елизабет айым! Сиз бул жерде белеңиз. Жакшы жатып жай турдунузбу? – Колун узатты. – Бурков апаптаганы кетти, – деди ууртунан күлкү жарыла албай.

– Ыракмат! Өзүңүздөр кандай? Кемпир-чалдын баары тең тамактангандай болду го дейм. Бүгүн айрыкча ботконор жакшы болуптур.

– Кандай сезимтал адамсыз. Эптеп жеткирдик. Кай бири экинчи, үчүнчү жолу келишти. Абышка экинчи порциясын жеп бүтүп калган. – Мүштөгүн издеп чөнтөгүн сыйпалады. – А таптым. Елизабет айым, сиз Бурковго көңүл бурбай эле коюңуз. Ал ичинде кири жок, тоо булагындай таза адам. – Арачы болду Миша байке.

– Бирок анын тамашасы мууздабай сойгондордон тура.

– Ошондой өткүрдүгү бар. Кээде билип туруп жасай берет. Ага эч ким терикпейт. Көнүп калганбыз. Ишенбесеңиз биздин командирден деле сурап көрүңүз.

– Сурап не. Көрүнүп турбайбы тамашакөй экендиги.

– Көрүнүп турат... – Елизабет колтуктан алып Мундузду жодурай тигилди.

– Сиз билесизби, тиги ким деген абышка. – Мундуз үстүнөн учкан самолетторго серепчилей карады. – Оңой кишилерден эмес го дейм.

– Таап айттыңыз. – Оюн жыйнагандай сөөмөйү менен чыкыйын сайды. – Аты Борман. Түзөтүү колониясында башкы күзөтчү болуп ишteген. Жеткен улутчул. Партиянын мүчөсү. Мындай адамдардан этият болуу керек. Таарынткандын сазайын берет. Соо койбойт. Жадеп көнүп бүткөн. – Оор күрсүндү сулуу айым. – Жашоосу ошол.

– Оо, биздин Бурков жөнөкөй адам менен тамашалашпайт. Немецтик улутчул партиянын мүчөсү дегендин өзү абышканын салмагы канча экендигин билдирип турбайбы, – деди Миша байке командирине кудундай тигилип. Командири:

– Сиз эрте кудундап жатасыз, Миша байке,– дегенде анысы кайган тишин кымтый калды. – Сак болгула деп айтпадым беле. Айрыкча тиги чалга окшогон өлөрман улутчулдардан. Булар эзели ызасын унутушпайт. Дагы бир жерден чыгарып алышат. Жигиттер, айтып койгонум жакшы. Ушул акыркы эскертүү болсун. Тамаша азыркы тапта атылган октон дагы күчтүү экендигин билесиңерби. – Башын шылкыйткан жоокерлерди аяп кеттиби кайра бакылдап көңүлүн көтөргөнчө шашты. – Кой, бу жорукту унуталы. Бирок ушу окуяга катышы бар, бир

сапаркы кызыктуу окуяны айтып берейинби? – Аңгемеге даярданган-дай кителинин бүчүлүгүн чечти Мундуз.

– Айтыңыз, айтып бериңиз, жолдош капитан! – Тургандар жаалдап кетишти.

– Макул айтайын. Эмесе, кунт коюп угуп тургула. Анда биз тутkунда болчубуз. Ичибиз кулдурап, кардыбыз ачка. Астынан сыз өтүп, жамгыр жааса эптеп карагайларды кураштырып койгон баракtын капталынан, чатырынан суу шорголоп кирсе, аркыраган суук шамал өпкө жүрөгүңдү үзүп кетет. Өлө албай жатып чылымдын кумары кыйнаса кызык болот экенсиң. Бирок караң калгыр, ал да жок. Аргасыздан куураган жалбырак, чөп-чар, аттын тезегин ороп чегесиң. Кумарың канбайт. Оозуңдан кара суу келет. Көзүңдөн ысык ботко учат. Канжыгабызда жарты нан болсо өмүрүбүз калчудай үмүтүбүз зор. Бирок сүлдөрү эле турган баракtан жарты нан эмес көзгө сүрткөнгө тырнактай ушак табылбасын билип туруп көңүлүбүздү жооткотобуз. Кечки текшерүүдө "Освенцум" деген чоң лагерге жөнөтөт экен деген сөз таркагандан жаныбыз өзүбүздүкү эмес. Эгер ушу текшерүүдөн аман калсак кантип да болсо "Тосмо" операциясын ыкчам ишке ашыруу амалын ойлой башtадык. Анткени, каякта болбогун башта бир өлүм жүргөнүн айтпаса деле түшүнүктүү болуп калган. "Мына айдайт", "Ана жөнөтөт" деген сөздөн үрөйүбүз учуп турган. Ошол себептенби бизди күндөгүдөн эрте тизишти. Арадан бир саат өттү. Лагердин комендантынын дареги билинбейт. Ит ээрчиткен желдеттер кыймылдата койбой зикиришет. Коркконубуздан катарыбыздан бузулбай турабыз. Убакыт закымдаган сайын көзүбүзгө "Освенцум" элестейт. Комендanttын кечиккенинен улам чын окшойт деп ойлоп калдык. Бир оокумда лагердин оропарасынан торпоктой дөбөтүн жетелетип комендант Кребс өзүнүн желдеттери менен көрүнө түштү. "Келатат, эми өлдүк",– дедик. Кребстин жалжайган оозунда американдык колтойгон сигара. Аны да жөн тартпай бир ууртунан, экинчи ууртуна кыйшайта коет. Кумардана тартат. Биздин тушубузга келгенде Бурков ойдо жок жерден катардан суурулуп алдыга чыкты. Желдеттер саксына автоматтарын кезешти. Миша байке катарыбызда турган. Кайсы кара теке сүзүп чыга калды деп коркуп кеттик. Кребс бети башын тырыштырып барып "чыйт" түкүрдү. Өзүнөн да килейген желдетти сүйрөгөн кара дөбөттү кое берсе тирүүлөй соймок. Бурков кирпигин ирмеп койгон жок. Кайра офицерге ызаат кылып:

– Офицер мырза, чылым тарттырбайсызбы? – деди жалооруй тигилип.

Күтүлбөгөн суроого Кребс кашын серпип, көзүн кылыйта тапанча кабына асылды. Бир убакта балдардын жүзү деп өлүмдөн алып калган Николай Гунко деген шүмшүк чал полицай формасында комендanttын артынан ээрчип жүргөн. Тапанчаны көргөндө качан тарс этип

ок пешенесине кадала түшөт экен деп көзүн жуумп, эрдин тиштенди. Тилекке каршы, ал күткөндөй офицер ок чыгарган жок. Куралын эки көздүн ортосуна такап, тартып алды. Ансыз деле жүдөп жүргөн туткундарды келеке кылгысы же жөнеле тамаша чеккиси келдиби: "Эгер сигарды алса өмүрү калат, албаса күм-жам болот" деген тейде сигарын акырын таманынын астына таштап койду. Бурков бирде офицерди, бирде сигараны карап, чалгынчылык тобокелчилик менен эңкейе калганда желкесине муздак тапанча кайра кадалды. Желкесинен ныгыра баскан ажалды Бурков кандай кабыл алды билбейм, бирок менин жаным көзүмө көрүнүп үч секунд кое турганда илбирстей атылып кекиртегин үзүп алууга даяр элем. Бирок ага жеткирбей Кребс куралын шарт тартып алып, керкейе бутун талтайтып туруп калды. Ошондо гана биздин жонубуздан бирөө оор нерсени алып таштагандай жеңилдей түштүк. Ушуну гана күтүп тургандай Бурков шашпай өөдө болду. Офицерди жекире карап, сигардын сууланган жерин кыжырдана тиштеп ыргытты.

– Офицер мырза, чылымды андай тартпайт, мындай тартат. – Бурков кыжынгандай эки соруп мурдунан чыгарып, анан оозунан көк түтүндү бурулдатып үйлөдү.

– Ушул үчүн гана кымбат өмүрүн тобокелге салдыбы, кеңкелес!– деген Миша байкенин сөзү кулагымын алдынан угулду.

Миша байкенин суроосуна жооп бериш кайда. Окуянын аягы кандай бүтөр экен деп чыдамсыздык менен күтүп жаткан туткундардын катарында элем. Желдеттерин тушубуздан тезирээк эле алып кетпейби деп кудайдан суранам. Чылым тарттыңбы, эми катарыңа турбайсыңбы деп ичимен миң мертебе жалынам. Биздин азаптанганыбызды сезбей кайра сигарын чычайтып:

– Офицер мырза, мелдешесизби? Мен сизге бир кызык көрсөтөм,– дегенде салакасы баарыбызга тийбесин деп жети өмүрүбүз жерге кирип кетти.

– Ал кандай неме? – Офицер кызыга тырчыйды.

– Түтүндү кулагымдан чыгарып берем. Ыраазы болосуз.

– ...Кулагымдан дейсиңби?... Кайда жүргөнүн билбеген сасыган орус, сен акмаксын. Эгерде кулагындан түтүн чыкпаса, мобу дөбөткө талаттырып өлтүрөм! – Кыжыры келген комендanttын тулку-бою тиреп кетти.

– Мен макулмун. Эгерде кулагымдан чыгарсам ортого эмне коесуз?

– Өлгүсү келип жүргөн орус го,– деди жардамчы офицер.

Кошоматтана учуна коргошун уютулган тросс менен баштан ары чаап жиберейин деп жүткүнгөндө Кребс "Шашпа, үлгүрөбүз" дегендей ишаарат кылды.

– Сен айт, акмак орус! – Чанк этип мурду менен бир тийди.

– Үч бөлкө нан.

– Бир бөлкө.

– Эки бөлкө.

– Жок, жарты бөлкө! – чаңырып ийди офицер.

– Ийе, менден эмне кетип атыптыр. Офицер мырза, сиз айткандай эле болсун! Карап туруңуз.

Жерге түкүрдү да сигарды ичине тартып, оозун бек кымтып, таноосун баш бармагы менен сөөмөйү кабыштыра кармады. Байкуштун бети башы кызарып-татарып, көздөрү тостоюп барып, эки кулагынан түтүн бозоруп чыга баштаганда, офицердин орсок тиштери көрүнө түштү. Өмүрүбүздө мындай шумдукту көрбөгөн жаныбыз аң-таң болуп, офицерден мурун биз аңкайып калыптырбыз. Кулактан чыккан бозоргон түтүн коюуланып отуруп буркурап көкмөк болуп бурулдап чыга баштаганда туткундар кубангандан кол чаап жибердик. Офицер утулганын мойнуна алып таң калып турду.

– Ушундай мырза офицер! – деп Бурков сигарды мага, мен ачуум менен бир-эки соруп Миша байкеге, ал бир-эки тартып, кийинки жоокерлерге узатып тамекинин кумарын ошентип жазганбыз. Албетте, азыр ойлосом акмакчылык эле болгон экен.

– Балким, ошол күнү офицердин көңүлү көтөрүңкү болгондур,– деп таштады танкист.

Жоокерлердин тынчын алган ушу кеп болду.

– Үстүнөн чыктыңыз. А да болсо Бурковдун бактысы. Ошондо анын кадыр-баркы туткундардын арасында саманга өрт кеткендей эле тарады. – Мундуз саамга ойлоно түшүп мүштөгүнө от койду. – Адам үмүт менен жашайт эмеспи. Кара курсактын айынан циркте бир нече жыл үзүрлүү иштеп калган Мартыненко деген көз боемочу Бурковдун жоругунан кийин Кребстин кулагынан тыйын чыгара коем деп өз ажалын дөбөттөн тапты. Мына ошол хохол чыныгы көз боемочу болчу. Бурков эмне анын жанында тырбаландаган коңуз сыяктуу неме эле. Бурков жасаса өмүрүндө бир фокус жасагандыр, а Мартыненкого публика кол чаап, журт сыйлаган жөндөмү элде жоктой көрүнчү. Тагдырдын тамашасын карабайсызбы. Адамдын канына көзү кызарган дөбөт туш келген жерине азуусун матырып, булкуп жулкуду. Чоло жери калбай кан шүүшүндөп акса дагы жанталпаска түшкөн кайран жигит качан гана колкосун жулуп алганда кыркырап барып жан берген. Ошо элеси ушу азыркыга чейин көз алдымда турат.

– Иттики, дүйнөдө ушундай да жырткыч болот экен ээ! Фашистер эмне гана кылбады. А биз болсо эмдигиче көкүлүнөн сылайбыз. Аларды капкачан эле сурагы жок жарга такап атып салыш керек болчу. А биз болсо аларга ботко жасап берип жатабыз.

– Жолдош танкист Лобода, албетте, сиз жакшы жоокерсиз, талаш жок. Бирок кызуулуктун да чеги болуш керек.

– Эх, ушуларды угуп туруп кантип каның кызыбай тура аласың, жолдош капитан.

– Сабыр кылыңыз! Көрүнгөн эле нерсеге чычандай берсек биз экөөбүздүн эмнебиз калат. Ушуну ойлодуңузбу?

– Ойлонгондо не! ...Эх! – танкист ушуга айткан кайран сөз дегиси келдиби колун силкип барып, кайра токтоду. – Кечирип коюңуз, жолдош капитан.

– Мунун кечире турган деле жери жок. Кызуу кандуулук баарыбызда бар. Сөз учуп чыккан чымчык эмес, кармап алгыдай. Ооздон ак сөз, кара сөз чыгат, ошондо да токтоо болуу зарыл. Токтоолук бүгүнкү советтик жоокердин бирден бир жогорку сапаты.

– Албетте, токтоолук керек. – Башын саландаткан танкист жер карады.

Ортолук кичине дымый түшкөндө "Биз советтик жоокерлербиз",– деп немецтик улутчул абышкага сыймыктуу жооп берген ашпоз Чукин деген жигит суроо таштады.

– Кийин эмне болду, жолдош капитан. Кызык жерине келгенде аңгеме токтоп калды. Комендант мелдешкенин бердиби?

– Аягы эмне болсун, жакшы бүттү. Түн бир оокумда ар кайсы жеринен аркырап шамал кирген баракты үч көтөрүп полицай Николай Гунко кирип келди, желдеттерин сыртка калтырып. Мындайда карап турасыңбы чогула түштүк. Николай бизге жетпей эле бакылдап кирди.

– Бурков, ырыс-кешигиң бар экен тирүү калдың! Ал үчүн сен кудайга эмес, фрау Маргаритага ыракматынды айт. Ал болбогондо сөөгүң сөпөт болмок.

– Маргарита деген ким? Шашпай түшүндүрүңүзчү, – дедим демин басканда.

– Ал деген Берлиндеги ири фабриканттын кызы. Кребс мырзанын арзып сүйгөнү. Сааркы текшерүүгө камынып жатканда, мен кеткенче лагерде эч кандай иттин үнү чыкпасын, ок атылбасын деген убадасын алган. Кребс кыздын жүзүнөн сүйүп, убадасын берип, кечигип келген себеби ошондон. Бурков, жоругун жолдо калсын. Сени туурайм деп какап-чакабаган фриц калбады. Бизди кыйнады. Маргарита айым сени көрмөккө лагерге камынды эле күтүлбөгөн жерден таекеси генерал Гофман телефон чалып, ошол жакка кетти. Кребс кетип баратып столдогу үч бөлкөгө кошуп чочконун майын берип жиберди. "Туткундун өз колуна тапшыр. Туткун буларга татыктуу!"– деп бакырды. – Ме, Кребс берген бүгүнкү үлүшүңдү ал! Сен чынында эле эрдик кылдың. – Далысынан таптап, жан жагын саксына карады. – Эми дагы бир жолу эрдик кылсаң кутулдуң дей бер. Буларды тез каткыла. Койнунан үч-төрт граната, кончунан эки тапанча алып чыгып, алдыма ката койду. – "Освенцум" жөнүндө сөз бар, бирок буйрук жок. Аны күтпөй аракет кылгыла.

Кребс дагы көпкө көкөлөп жүрөт. Ал жок болсо, демек, лагердин көзү жок дегендик. Ийгилик каалайм!

Николай Гунко деген полицай кандай келсе, ошондой чыгып кетти. Ал турсун ишенимдүү болуш үчүн шыпты көздөй автоматынан ок жаадырып ийди. Биз жата калдык. Ушундай иштер болгон.

– Чынында эстей турган жорук экен. А сиз мурда билчү эмес белениз. – Лобода танкист кайрадан кызыкты.

– Кайдан дейсиз. Согуш башталгандан биргебиз, бирок билген эмеспиз. Көрсө, ал бу жоругун аскерге чакырыла электе эле көрсөтүп, далайын тың калтырып жүргөн тура.

– Жан адамга айтпай купуя сактап жүргөнүнө караганда, бул жерде бир сыр жатат. Болбосо ал мынчалык катпайт эле,– деп калды саратовдук Чукин.

– Сиз дагы туура баамдадыңыз. Ал өзүнчө катуу сыр болгон. Анысы да кызык окуя. Бирок ал тууралуу кийин кеп болсун. Азыр мени кечиресиздер, штабдан келип калды, сыягы. Мен барайын.

– Аңгемеңизди улантасызбы? – деп кыйкырып калды танкист Лобода чубалып келип токтогон машиналарды көздөй бараткан Элебесовдон.

– Албетте, албетте! Бирок кийинчерээк, макулбу! Лейтенант Воробьев, мени менен жүрүңүз. Баалуу буюмдар жөнүндөгү документтерди ала келиниз.

– Куп болот. Ашпозчу Чукин, ашканага чап. Үстөл даярда!

– Оо, жолдош капитан, сизди көргөнүмө курсантмын. Көрсө, сиз бул жерде турбайсызбы. Чарбаңызга келип калдык, коноктоду кабыл аласызбы? – деди бир нече офицердин коштоосунда келаткан дивизиянын өзгөчө бөлүмүнүн начальниги полковник Д. Медведев озунуп.

– Куш келиниздер, жолдош полковник! – колун чекесине алып барып, кол кысышты. – Мен сиздердин келгениңиздерге абдан курсантмын. Анткени, биз сиздерди күтүп жатканбыз.

– Ишиңиз кандай жүрүп жатат?– чирене оозун ачып эстеген болду. – Машинада келатып көзүм илинип кетиптир.

– Кудая шүгүр, жаман эмес! Берлиндин өзүнөн эле 197 адам жөнөтүүгө даяр турат. Андан тышкары өзүңүзгө белгилүү баалуу буюмдар...

– Бизге ошонусу керек. – Элебесовдун сөзүн оозунан жулуп кетти. – Канаке, жолдош капитан, ишти эмнеден баштайбыз?

– Мм, ашканадан баштасак кантет, жолдош полковник. – Камкор унчукту. – Анткени, жол жүрүп келдиңиздер, чарчаган чыгарсыздар. Кичине өзөк жалгап алсаңыздар чаалыкканыңыздар басылат. Ага чейин бардыгы жолго даяр болот.

Айтышын айтып алып коркуп кетти, туура кылдымбы деп. Кынтык тапса алдына салып айдап кетиштен да кайра тартпайт эле полков-

ник. Ак көңүлү кармап турганбы полковник тиштерин көрсөтө борсулдап жайдары үн катты.

– Макул, сиз айткандай болсун. Балдар дагы чарчашты. Чалгынчылар бай келишет. Жеңиштин урматына бирдеме табылар.

– Андан кам санабаңыз, жолдош полковник. Каалоо болсо, бизде өзүңүз айткандай баары табылат.

– Баштаңыз анда,– шымалана алакандарын ушалады,– ...бирдеме табылса баралы.

– Жүрүңүздөр, урматтуу коноктор! – Ызаат көрсөтө жол баштады капитан.

– Айтпадым беле,– полковник Медведев тамак-аш жайнаган столду көрүп, жоромолу ордунан чыкканына корстонуп алды, – булар бай турушат деп. – Капитан Элебесов мыкты гана чалгынчы эмес, меймандос, чарбачыл да адам. Карагылачы, кимдин чарбасы ушундай төгүлүп турат, столдун үстүндө эмне гана жок. Негизгиси туздалган бадыран, капуста, шишкебек, спирт бар. Ушул жерден эле түштөнүп алалы. Кандай дейсинер, жолдош офицерлер?

– Даа-а, сиз айткандай, чынында эле дасторконго бай чалгынчылар экен. – Подполковник чининдеги офицер Романов тандайын тыкылдатты. – Сиз туура баамдагандай башкалардан айырмасы бир топ окшойт.

– Эх, бүгүн бир жыргайт экенбиз да,– деди Медведевдин орун басары подполковник Романов туздалган бадырандан ооз тийип. – Ох, кандай таттуу! – "Элебесовдун чарбасына келсең жыргай түшөсүн" деген сөздүн чындыгы бар тура. – Чарбаңызда күндө майрам, күндө той турбайбы, ыя, жолдош капитан. Тартип кандай?

– Тартип ойдогудай, келиңиздер, орун алыңыздар. Күндө майрам, күндө той болбосо да жеңиштин урматына, анан сиздерди келип калабы деп даярданган элек. Даамдан алыңыздар. Эгер уруксат этсеңиз... – жылмая өзгөчө бөлүмдүн начальнигин карады.

– Өзүңүз кандай деп ойлойсуз?

– Бирткеден сеп этсеңиздер жакшы болор эле.

– Анда куюңуз. Бүгүнчө уруксат. – Бийлигин тастыктагандай компойду полковник.

– Түшүндүм... Миша байке, алдагыдан коноктorго куюштуруп жибериңиз. Урматтуу коноктор, тамактан алыңыздар. Куюлдубу? Анда сөз сизде, Дмитрий Иванович!

Полковник ордунан компое туруп, кекиртегинен куюлган стаканды алды.

– Сөз бергениңиз үчүн ырахмат, жолдош капитан. Жолдоштор, биринчиден улуу жеңишиңер менен куттуктайм! Жеңиш өзү эле келе койгон жок. Ал үчүн көп жыл күрөштүк. Анда сиздердин да үлүш бар.

Жеңилдик, жеңдик. Көп жоготуулар болду. Бирок, жоготуусуз жеңиш болбойт, ыраспы? Туз насип буюруп жеңишти майрамдап жатабыз. Бу бардыгыбыздын бактыбыз. Демек, тирүүлөр үчүн! – Офицерлер дуу ордунан турушуп тартып ийишти. Ачууну туздалган бадыран, сүрсүтүлгөн колбаса менен басышты. – Экинчиден,– Медведев баары уксун дегендей отургандардын көңүлүн буруп стаканды тарсылдатты. – Мундуз Элебесович, сиздин Берлинди алууда көрсөткөн эрдигиңиз үчүн сыйланган Ленин ордениңиз кут болсун! Сыйлык сизди полкто күтүп жатат. Сизге жана сиздин жоокерлерге күч-кубат берсин!

– Болсун, болсун Николай Иванович. – Кубангандан Мундуздун жүзү тамылжып кетти.

– Сүйүнчүсүн кимге бересиз?

– Албетте, сизге берилет.

– Дурус. Анан сизди полкто калтырып, кезексиз аскер чиниңизди көтөрүү жөнүндө сунуш түштү. Жакшы жаңылык бекен. Сизди чагымда, генерал-майор Радченко өзүнө кесиптик офицер кылып алып калгысы бар окшойт.

– Сөз эмес бекен. Жакшы адамдардын урматы үчүн дагы бирден тартсак кантет, жолдош полковник. – Подполковник Романов колдоо болор бекен дегендей жалдырай тигилгенде, Медведев көп маалкатпай башын ийкеди.

– Болот, Элебесов ага татыктуу офицер. Куйгула!

– Полковник Павел Маркович генерал-майор болдубу?

– Бүгүн төртүнчү күн, Павел Маркович генералдык погону менен жүрөт. Эми ал биздин дивизиянын командири. А Малышев бул жактан барар менен полктун командири болуп калды.

– Ой, караңызчы, төрт күндүн ичинде канча жаңылык болуп кеткен. Баарына насип кылсын. А биз полкко качан кайтабыз, сиз билбединизби?

– Сиздин топ атайын буйрук болмоюн ишин уланта берсин деди генерал.

– Түшүнүктүү, жолдош полковник.

– Сиз генералга макулдугуңузду бердиңиз беле?

– Макулдугуму берген эмесмин, бирок өз ара сөз болгон.

– Генерал өзү киришип жаткандан кийин, демек, сизден жакшы офицер чыгат.

– Ырахмат, Дмитрий Иванович! Мени кубантып койдуңуз.

– "Жакшы болуу аста-аста, жаман болуу бир паста" дейт. Мундуз, алдырбайсыңбы!

– Алыңыздар, качан эле куюлган. Муздап деле калды окшойт,– деп тамашалаган болду, даражасы улук аскер башчыларын жадырай карап.

Офицерлер алып жибергенде стакандарга кайра куюлду.

– Ушу акыркысы болсун. Башка жерде эмне минтип кыстабайт, ыя!

– Казанда болсо чөмүчкө чыгат да, жолдош полковник.

– Анысы дагы ырас. Эмесе ишке өтөлү. – Портупеясынан кагаз алып чыгып Элебесовго сунду. – Азыр мен айта турган сөз ушу жөнүндө. Капитан, сиз буйрукту адамдарыңызга жеткириңиз. Керек болсо ар биринин кулагына куюңуз.

– Жарайт! – Капитан кулагын төшөдү.

– Фашисттерди талкаладык. Берлинге туу сайдык. Жеңишке жеттик. Жеңишти майрамдоого толук укуктуубуз. Муну бизге эч ким тыюу сала албайт. Айтайын дегеним, жеңиш, жеңиш деп ийгиликке даарып, тарталандай бербегиле! Бардыгы өз ченеми менен болсун, – деди үнүн бийик чыгара сүйлөп. – Муну айткан себебим, мурдагы күнү күпкүндүзү мас болуп жатып калган танктын бир экипажын атып кетиштиптир. Бу мыкаачылык экинчи кайталанбашы керек. Күнөө кимде болуп жатат, дагы эле биз тарапта, себеби "Биз жеңишке толук жеттик, фашисттерди толук талкаладык!" – деп өзүбүздү эркин сезип, бошошуп жатканыбыздан болуп жатат. Өлүм өкүнүчтү гана алып келет. Ошондуктан бирөөнү ууру тутпай, өзүнөргө кыраакы болгула! Биз бөтөн эл, бөтөн жерде турабызбы, демек, душмандар четтен табылат. Үйгө жеңиш менен кайтабыз деп турганда кимдир бирөөнүн бөөдө кырсыкка кабылышын каалабайм! Ушу тостту аман-эсен үйүбүзгө жетип алуу үчүн тартып ийели, кымбаттуу куткаруучу жоокерлер!

– Үйгө кайтып жаткандар үчүн!

– Улуу жеңиш, жолдош Сталин үчүн!

Стакандар кагышып, дароо эле бошоду. Ошондон кийин өөдө түрушту офицерлер.

– Меймандостугуңа ыракмат, жолдош капитан! Тобуңуздан үйүнө жөнөтүү үчүн өзгөчөлөнгөн бир жоокерди бизге кошуп бериңиз. Полкко ала кетебиз. Барбы? Аяктан документтерин ырастап, үйгө кайтуучулардын биринчи тобуна кошобуз.

– Бар эмей, жолдош полковник. Сиз деле билесиз. Алексей Бурков мыкты чалгынчы. Азырынча ушу жоокердин талапкерлигин сунуш кылам.

– Сунушуң кабыл алынды. Бурков камына берсин. Кана эмесе, жөнөдүкбү жигиттер! – деди ордунан туруп баратып.

– Жөнөдүк, жолдош полковник,– дешти офицерлер Медведевдин соңунан ээрчише басып.

– Лейтенант, тезинен Бурковду табыңыз. Үйүнө даярдансын, – деди Элебесов чыгып баратып. – Толук камылгасы менен келсин, түшүндүңүзбү?

– Түшүндүм, жолдош капитан! Эх, кандай сонун! Бурков муну укканда жүрөгү жарылып кетпес бекен,– деп лейтенант Воробьёв тыз койду.

Офицерлер тамеки түтөткөнчө, Мундуз аялдарды машиналарга бөлө бергиле деп буюрду. Өзү баалуу буюмдарды жүктөгөнгө көз салып, туткундардын өздүк баракчасын колмо кол өткөрүп берди. Күтүлбөгөн жаңылыкка эси эңгиреген Бурков алабармандыгы менен чуркап келип Мундузду кучактады. Анан Миша байкени кучактап:

– Ушинтип эле болүнүп кетебизби! – деп Бурков көзүнөн жаш кылгыртып, майдандаштарын кыялбай турду.

Машиналар аялдарга жыкжыйма толгондо капитан Медведев менен жылуу коштошту. Полковник "Майдандаш жоокерлериң менен коштошуп кал" дегендей Бурковго каш серпти. Бурков ушуну эле күтүп жаткандай командирине тигилди.

– Жолдош капитан, досум Мундуз, сөзсүз мага кат жаз. Жазбай койбо! Мен сенден кат күтөм. Экөөбүз бирге аттансак кандай сонун болмок. Жакшы кал, жолдош командир!

– Саша, менден кам санаба, катты сөзсүз жазам. Анан мен сени биздин тоолорго чакырам. Келесиң, көрөсүң, балким бизде калып калгың бардыр.

– Жолдош командир, абал бизге кел. Учу-кыйыры көрүнбөгөн Сибирь токоюн көрсөтөм. Биздин токойлор ушундай керемет, балык кармап, ууга чыгабыз. Эч качан унутпагандай, беш жылга жете тургандай бир чер жазабыз дейсин!

– Албетте, ошентебиз! Бирок, сенин токоюң биздин тоолордон дагы мыкты бекен!? Кудайдын бейиши тоолордо дешет го! Ошо бейиштин тоолору бизде, жолдош старшина.

– Түшүндүм, жолдош командир! Баары сен айткандай болсун, анткени сендей командирлердин айтканы менен болуп, биз жеңип чыкпадыкбы. Туурабы?!

– Эң эле туура. Эмки жолугууга чейин, Саша!

– Эмки жолугууга чейин, жолдош командир!

Экөө сыга кучакташты. Көздөрүнөн жаш кылгырды. Эки достун коштошуусу жүрөк толкутту. Бурков айрылгысы келбей машинага акыркы болуп чыкты. Медведев алдыңкы машинага кол шилтегенде, колонна ордунан "дүр" козголду. Элебесовдун командасы акыркы машинанын карааны көрүнбөй калганча кол булгап карап турду.

IX

Ортодон билинбей күндөр зымырады. Түшкү тамактын маалы жакындап калган. Өткөндөгү коштошуу катуу таасир эткен белем,

ушинтип бир күнү көңүлүн алган Мундуз да кетип каларын, артынан кол булгалап кала берерин ойлогондо алма бакта ойго чөмүлүп турган Елизабеттин көзүнө жаш тегерене түштү. Астыртадан көз салып, түшкүлүккө чогулган командасына тапшырма берип жаткан Мундуз кол жеткистей кымбат көрүнүп кетти. Салпактап артынан калбай колун сураган көп эркекти жанына жолотпой, азоо байталдай бой көтөргөн сулуу кыз, бир көргөндө эле кайдагы бир атын укпаган, өзүн көрбөгөн азиятка кантип жүрөгүн берип койгонуна ишенип-ишенбей башы маң турган. Бергенде да көптөн бери сагынып күткөн адамындай кабыл алып, аппак, кардай шуудураган ак шейшебин өзү салып, өткүр көз карашынан саландаган кирпиги көтөрүлбөй, жүлүндү куйкалаган ширин мамилеси жүрөгүн элжиретип, жан адамга көрсөтпөй аздектеп сактап келген бар дүйнөсүн жайып бербедиби, Мундузга. Ал да жүрөк кылын кылдыратып, кыз көңүлүн алып, чыныгы жигиттерче кылдат мамиле күтпөдүбү, сулуунун ышкысын козгоп, көңүл кушун көкөлөтүп. Андай ысык мамилеге шайтан да туруштук бере албас. Анан кантип Елизабет туруштук бере алсын. Ал кантсе да ысык жан эмеспи. Эми минтип өткөн ишке өкүнөрүн же кубанарын билбей орто жолдо азап чегип кала беремби деген ойдон каңырыгы түтөдү. Жоокерлер тараганда, жаак ылдый кулаган жашын сүрттү. Мундуз мүштөгүн түтөтө, ал тарапка баскандай болду. Балким, мени издеп жүргөн чыгар деген күдүк ойдон улам алма бактан атып чыкты. Татынакай боюна жарашкан кызыл көйнөгүн желге делбиретип келаткан Елизабетти Мундуз итабар жерден байкады. Кадамын тездеткенде "Демек, издегени, мен дегени чын экен" деди кыз ичинен. Экөөнүн аралыгы жакындай берди.

– Мундуз, сиз мени издеп жүрөсүзбү? – деп жылмайды акактай тиштерин көрсөтүп. Мундуз каруусунан аяр кучактап, эрдинен назик өптү.

– Анан кимди деп ойлойсуң? Кандай татынакайсың, кандай келбеттүүсүң! – Капитан кызды артынан аяр кучактап кулагына шыбырай күбүрөдү. – Сендей жомоктогудай сулууну жолуктурган тагдырыма ыраазымын. Бүгүн бөтөнчө татынасың.

– Кантип эле?.. – Кыздын көздөрү митайым жүлжүйдү. Ичинен "Эркектердин кезектеги айтып жүрчү жомогу. Кантип эле көрбөсүн" деп ойлоду.

– Ушинтип эле. Калп айтууга негиз жок, менин кымбаттуум!

– Ишенбейм. Кантип эле ошончо элден табылбады.

– Табылат дечи. Элде сулуулар көп. Бирок, чынын айтсам сендейин жолуктурбаптырмын. Сен чечкиндүүсүң, адамды өзүнө тартууну билесиң. Андыктан мага бөркүндөй ишене бер.

– Таптакыр жолуктурбагам, көрбөгөм дегени турасызбы.

– Андай дегенден алысмын. Болгон... бирөөсүн жакшы көргөм. Ал азыр башка менен...

Мундуз Сайкалды ойлоду. Кызды чындап жакшы көргөн, ансыз бу дүйнөнү элестете албаганы да чын. Бири-бирине ысык каттарды аргаганы да, андан кат алган күнү барбаландап калганы да, согуш бүтүп аман-эсен барса, сөзсүз колун сурайм дегени да, бирок тагдырдын жазмышыбы же кудайдын буйругубу Анарбайдын келинчеги болгону да чын. Болгон жакындыгы ата-бабалардын салтынан жазбай аскерге жөнөп жатып ууртунан гана өпкөн, от жалын болуп күйгөн денеси менен кызды бек кучактаган. Кыз да жооп берип жигитке карай ыктаган, жылуу сөздөрдү арнаган. Мундуз ошо күндү кантип унутуп калсын. Унуткан жок, дайыма Сайкалы көкүрөгүндө жүрдү, жазган каттары ушу азыркыга дейре сакталуу. Чынын айтса Сайкалды бир гана Мундуз эмес, Анарбай жана коңшу айылдын балдары да жакшы көрүшкөн. Сүйүшкөн, кызга сүйүү каттарын арнашып, артынан калбай чуркашкан. Арийне, ошончо жигиттердин арасынан Мундузду тандаганын, бирок күткөн кызын майданда кан кечип жүргөндө теңтуш баласы Анарбай алдап торго түшүрүп, ага үйлөнүп алганын кантип айтат. Теңтушуңуз жарабаган неме турбайбы дебейби. Ошон үчүн ойлоно түштү.

– Эй, эй, сизге эмне болду? – Елизабет ойго бата түшкөн капитандын жеңинен тартып, өзүн ыңгайсыз сезди. – Мени эмнеге издединиз эле, – деди алаксытмакка.

– Аа-а, кечиресиң! Кечээ шашып бараткanda мага бирдеме айтмакчы болдуң эле.

Кыз саамга ойлоно түшүп, оозуна келгенин оттой салды.

– Берлин менен кеңири таанышtырайын дегем.

– Ошол элеби?

– Эмне азбы?

– Аз деген жокмун. Бирок Берлинди күндө эле көрүп жатпаймбы. Дээрлик жарымынан көбү кыйраган шаардын эмнесин көрмөк элек. Анан калса кыйма-чийме каттаган согуш техникаларынан, союздаш өлкөлөрдүн армиясы менен биздин жоокерлердин көптүгүнөн кайда барарынды билбей мазең куруйт.

– Рейхстагдын дубалына өз кол тамгаңызды калтырдыңыз беле?

– Албетте, ал турулуу иш. Ала-Тоодон Берлинге жетип, өз кол тамгамы калтырбай койсом мени кудай урбайбы. Антпесем өмүр бою өкүттө өтпөйүмбү. Менин кол тамгам рейхстагдын негизги кире беришиндеги түштүк тарабындагы дубалда. Кыргыз жоокеринен эстелик болсун деп канжар менен тоонун элесин чиймелеп, аты-жөнүмү жазып койгом. Кийин эки жолу барып көрдүм. Турат. Дубалдагы жазуулар ушунча көбөйүп кетиптир, тимеле өзүндүкүн тапканча башың адашат. Шаар аралабай эле, а көрөкчө, бүгүн өзөнгө кетип калалыбы?

Мундуздун "Өзөнгө кетип калалыбы" дегени Елизабетке "Үйгө, тоолорго бүгүн эле кетип калалычы" дегендей угулду. Ошондуктанбы,

ал эмне дебесин, кандай сунуш кылбасын ушу азыр ойлонбостон туруп кабыл алууга даяр турду. Бирок кыз ойлогондой олуттуу сунуш айтылбады. Же өзү айтпады. Жок айтайын деген. Көрүп эле сүйүп калуунун күчүн кара. Совет жоокерин сүйгүзгөн тагдырдын ташпишине моюн сунуп, кечээ эле "Мен сизди сүйүп калдым. Катуу сүйөм. Сиз менин жүрөгүмдөгү адамсыз. Мен сиз менен бактылуу болгум келет",– деп айтмакчы болуп даярданган. Айталбады. Акырын сөз баштады. Жакшы эле баштап сүйгөнүнүн аялуу жерине тийип алдыбы, сөз уланган бойдон чорт үзүлдү. Эми өзөнгө чакыргандын өзү эле канча кубаныч экенин жүрөк кургур сезип жатты. Кудай буюрса, ал экөө али көпкө чейин бирге болорун эстегенде чындап толкунданды. Айтам, азыр сөзсүз айтам деди ичинен. Кубанычынан так секирип, Мундуздун мойнуна асылгысы, ысык эрдинен сүйүп эркелегиси, кучагында көлкүгүсү келди. Жигит да оюн тапкандай жүзүнөн сылап, от чачкан кызыл эрдинен сүйгөндө, тулку боюн балкыткан ыйык сезими көөдөнүндө туйлап, көнүлүн толкутуп, кечээтен бери айтмакчы болуп камынган өрттүү сөзү өзү эле жүрөктөн атылып чыкты.

– Мундуз, капитан мырза, мен сени сүйүп калдым! Угуп атасыңбы, мен сени сүйөм! Сүйөм! – Делебеси козголгон кыз күбүрөй берди.

– Алтыным, татынакайым менин! Сүйөм деген сөзүңдөн.

– Сүйгөнүм, тирегим менин! Мен да сени кез келтирген тагдырыма ыраазымын! Мен сени менен гана болом, кайда десең барам,– деп күбүрөй берди.

Кыз жытына көлкүгөн Мундуз кызды эркелете сыга кучактады. Көк шиберге кулады. Анғыча жарымы урап түшкөн жети кабат үйдөн "тарс" атылган мылтыктын үнү урандыларга сиңип кетпей гүүлдөп айланадагыларды селт эттирди. Атылган октон топтошуп чылым чегип турган жоокерлердин бирөөсүнүн пилоткасы баштан учту. Жоокерлер эчтемеге түшүнбөй алдастай түшкөндө терезеден баш багып, жакшы мээленген экинчи октон, эмеле машинадан түшүп, чылым тартып тургандарга кошулган старшина Алексей Бурков жүрөгүн басып жыгылды. Мундуз албы, ал эмеспи деп Елизабетти далдоого сүйрөдү. Теше тиктеп, Бурков бул жерге кайдан келип калды деп ойлоду. Үчүнчү ок атылганда чыдап туралбай жашынган жеринен ыргып турду.

– Саа-шаа-а Буур-коо-ов...!

Капитан Элебесов жарадар аюудай айкырды. Жака-белине чуулдап түшкөн октон буйтап, Бурков жыгылган жерге келгенде жоокерлер үйдү курчап калышкан. Элден мурун жеткен Миша байке экөө жарадарды көтөрүп, үйгө кирип кетишти. Гимнастеркасы заматта канга жуурула түшүптүр. Мындай тескери шумдук болуп кетээрин, майдаш досуна ок жаңыларын ойлобогон Элебесов Бурковдун ахыбалы оор экенин көрүп, өңү шамал бозорткон чүпүрөктөй кумсарып кетти.

– Каргыш тийгир, Борман абышка тура! Тигине, терезеден башбакты. Борман абышка, Борман абышка! – Елизабет далдоодон сууруулуп, үйдү көздөй келатты. Бир оокумда так маңдайындагы темирге "чаңк" тийген октон жүрөгү түшүп, буттарын тарталбай калды. Мундуз жете келип, кыйраган үйдүн далдоосуна колтуктай жөнөдү. Коопсуз жерге жеткенде да Елизабет:

– Борман абышка экен. Мен тааныдым. Үйдүн чатырында жүрөт. Ал желмогуздун колунан баары келет! – деп чаңыра берди.

– Елизабет, алтыным! Эсиңе келчи! Биз аны көрдүк. Азыр чара көрөбүз. Лейтенант Воробьев, бир бутуңуз тиякта, бир бутуңуз биякта. Абышканы кандай да болсо колго түшүргүлө. Жерге кирсе желкесинен, асманга учса бутунан тартып түшкүлө. Жөнөңүз! Анан баратып, тез арада врачка чаптырыңыз, учуп келсин.

– Куп болот! Тозоктун отунан да болсо сууруп келем, итти! Чукин, бат врачты чакыр!

Воробьев чуркап кеткенде Бурков алсыз көзүн ачты.

– Сашенька, достум, кайдан келип калдың. Сени үйгө жөнөтпөдүк беле. Каргыш тийгир абышка, сакалың өрттөнсүн! Бирдеме дечи... Сашенька!..

– Мундуз, менин Мусям, сен экөөбүз үйгө бир кайталы дедим. Досум, сенсиз мен үйгө кантип кетмек элем...атайын келбедимби... Сен экөөбүз кайтсак көңүлдүү болот дегем. Сен экөөбүз ушинтип убадалашканыбыз эсиндеби? Же унутуп калдыңбы?

– Саа-ша, унуткан жокмун. Экөөбүз бирге кайтабыз. Буюрса, ууга да бирге чыгабыз. Азыр врач келет. Сен айыгып кетесиң. Көрөсүң го, баары жакшы болот.

– Мен полктон бүгүн чыккам. Аяктагылар мени үйгө кетти деп жүрүшөт. Олесяга телеграмма жибердим...келатам деп.

– Эң жакшы! Олеся сени күтөт. Эмдигиче, ал жол тосуп жүргөндүр.

– Олеся мени күтөт, ал мени сүйөт. Угуп атасыңбы, Муся!

– Угуп жатам. Албетте сүйөт. Сашенька, алың куруп араң турганда көп сүйлөбөчү,– деди каңырыгы түтөгөн Мундуз. – Анан жоокерди башынан жөлөп, коомай жаткырды.

– Муся, ичим эле өрттөнөт. Суу берчи...

– Суу, азыр... – Тегерегин караганда ордунан "лып" тура чуркаган Елизабет күрүшкөгө суу алып келе калды.

– Саша, сага азыр суу ичкенге болбойт. – Бет аарчысын нымдап эрдине тийгизди. – Биртке чыдай тур. Врачка киши чаптырдым, бат эле келип калат.

– Суу... суу берчи...

– Достум, чыдачы! Врачтын келээр маалы болуп калды.

– Му-ся, менин жалтанбас командирим! Колуңду сунчу. Экөөбүз чогуу жөнөйбүз ээ! – Сибирдик майдандашы алсыз колдору менен Мундуздун манжаларын кыскан болду.

– Сашенька, буюрса, сен айткандай болот, чогуу жөнөйбүз. Тойду дагы бирге тойлойбуз. Сен бир аз чыдай тур. Мына азыр врач келип калат.

– Муся, менин мүштөгүм кайда? Чөнтөгүмөн карачы, каран калгырды.

Мундуз өзүнчө карбаластап, гимнастёркасынын оң чөнтөгүнөн таап чыккан мүштөктү Бурковдун колуна карматты.

– Мүштөктү эмне кылайын дейсиң?

– Муся, от койчу...

– Сага чылым тартууга болбойт. Саша, түшүнүп атасыңбы.

– Суранам. Мен эми оңбой калдым. Мундуз, мүштөктү акыркы жолу кармап калайын.

– Макул, азыр. – Мүштөккө чакмак чагып, колуна карматты. – Мынакей кармачы.

– Байкуш Олеся! Эми, ал мени өмүр бою күтөт. Чачы агарганча күтө берет...

– Мына врач да жетип келди. Сен жакшы болуп кетесиң. Анан экөөбүз Олесяга барабыз. Мен силердин үйлөнүү тоюңарда негизги күбө болом.

Шашып чуркап келаткан врачка жалынып ийди.

– Жолдош врач, жоокердин өмүрүн сактап калыңыз. Эмне десеңиз аткарайын. Иши кылып сактап калсаңыз эле болду. Елизабет, сен булар менен бол. Мен тияка барып келейин. – Пешенесинен тер чачкан Бурковго кайрылды. – Саша, достум, сен албетте, сакайып кетесиң. Мен азыр...

Капитан келгенде Борман акыркы гранатасын жарып, мылтыгынын сүмбөсү эле калган. Анчыча ойдо жок жерден түшкүлүккө чогулган элден бир топ киши бөлүнүп чыгып түз эле капитанды көздөй басты.

– Командир мырза, кайрылууга уруксатбы? – деди шатыдай биреөсү жалдырай.

– Уруксат, тынччылыкпы деги, – деди Мундуз дагы эмне болуп кетти дегендей.

– Командир мырза, Борман нацисти бизге коюңуз. Анын шиши качан эле толгон. Өзүбүз жазасын беребиз.

– Өзүбүз дегени эмнеси? Түшүндүрүңүзчү! – Кунт коё кулак төшөдү капитан.

– Биз антифашисттик кыймылдын мүчөлөрү болобуз. Мен Альберт Сотомайор деген болом. Кимдигимди тастыктаган документим мынаке. Көрсөңүз деле болот.

– Макул көрөйүн,– капитан Элебесов честь берип, документин карады.

– Капитан мырза, күтүлбөгөн жерден болгон окуя баарыбызды кооптондуруп койду. Ачууну ачуу басат. Сиз кайдагы сасык чалга колуңузду булгабай эле коюңуз. Эл жаманын эл басат. Бизге жол бериңиз.

Мундуз саамга ойлоно түштү. Аяк-биягын калчап көрүп, олку-солкусу жок:

– Колуңардан келеби? – деп сурады.

– Келбесе минтип келбейт элек. Бизге ишене бериңиз.

– Макул сиздерге ишенейин. Эч кандай көз боемочулугу жок колго салып бергиле. Биз, бияктан көз салып турабыз.

– Көз боемочулук болбойт. Көрөсүз го. Бизге уруксатбы?

– Уруксат, барыңыздар. Куралдын кереги жокпу.

– Куралдын эми кереги жок болуп калды. Огу капкачан эле түгөнгөн мылтыгын кучактап олтурса керек, шүмшүк чал. Баса берели,– деди Сотомайор.

Ыктыярдуу топ караанын үзгөндө капитан Элебесовдун чындап жини кайнады. Бурков жаткан тарапка кайра чапты. Ага Миша байке кошулду.

– Булар орусчаны кайдан үйрөнүп алышкан, ыя!

– Жолдош командир, керек болсо булар дөңгөчкө тил киргизет.

– Алар шайтандын түшүн да жоруйт болуш керек, – деди Чукин Воробьевду кубаттап.

– Душмандын сырты жылма, ичи кара. Артынан көз салгыла. Кичине эле бирдемеси кыйшайган болсо ок чыгаргыла!

– Жарайт! – Миша байке үйдүн чатырынан көзүн албай токтоп калды. Автоматын түздөп, кароолго алды. Анча өткөн жок. Антифашисттик кыймылдын мүчөлөрү жетинчи кабаттан көрүнгөндө капитан саатын карады.

– Туура он мүнөт өтүптүр. Бардыгыңар артка! Үйдүн далдоосуна. Алардан ар кандай нерсени күтсө болот, – деди сактыкка кордук жок дегендей.

– Уктуңарбы, бардыгыңар артка, үйдүн далдоосуна! – деп лейтенант буйрукту кайталады. Жоокерлер бөкчөндөп каршысындагы үйгө чегингенде: – Тигилерден көзүңөрдү албагыла! – деп бакырды.

Бир оокумда үстүнкү чатырдан Альберт Сотомайор көрүнө түштү да көздөн кайым болду. Анчыча, бир мүнөт убакыт өтпөй ачуу чаңырган киши калдайып келип жерге “былч” дей түштү. “Болду болбоду Борман абышка” деп ойлошту көпчүлүк. Балким, аны антифашисттер секирүүгө аргасыз кылгандыр, а мүмкүн топтошуп туруп

ыргытып ийишкен чыгар. Айтып болбойт, бирок баары ыктымал эле. Окуя көз ачып жумганча болуп өткөндүктөн эч ким, эч нерсе дей албады. Анысына кызыккан, сураган да жан болбоду. Абышканын денеси күү менен келип оркоюп чыгып турган темир казыкка эки жеринен бата түшкөндө темир казык денеден он-он беш сантиметр чыгып калганын гана көрүштү. Карап тургандар аргасыз өң бурушту.

– Сен бирдеме көрдүңбү? – деди Миша байке Чукинден.

Ал таң кала бирде старшинаны, бирде абышканы карап баш чайкады да:

– Көргөнүм жок. Мен ашканада болчумун,– деди.

– Туура, биз баарыбыз ашканада болчубуз. Эчтеме укkан, көргөн жокпуз.

– Бардыгыңар өз ордуңарга баргыла, – деди капитан акырын буюра сүйлөп.

– Тигини, эмне кылабыз, жолдош капитан? – Лейтенант кош көңүл сурады.

– Ага жооп берчү кишилер бар. Айтып коюңуз, өлүктү тезинен жоготушсун.

– Түшүндүм. Кол менен кылганды мойну менен тартышсын. Аны менен менин ишим жок. Тез арада жоготушсун,– деп күңкүлдөп калды капитандын артынан.

Мундуз басыгын ылдамдатканда Елизабет менен врач торой чыгышты. Алардын суук көз карашынан ичиркенип кетти.

– Доктор, Бурковго эмне болду? Жайындабы?

– Сабыр кылыңыз, жолдош капитан. Мен бул жерде алсызмын. – Башын шылкыйтып оор үшкүрдү. – Ок көкүрөгүн көзөп, аркасынан чыгып кеткен.

– Кантип?! Ишенбейм! Эмеле сүйлөп атпады беле! – түтөп кетти командир.

– Жан эки чыкпайт, бир эле жолу чыгат, жолдош капитан. Арга жок, колуман келсе куткарып калат элем. Келбей калды. Кечиресиз...

Врач көз айнегин ааркый, бушаймандана четке чыга берди.

– Эх, кымбаттуу досум, тайманбас жоокерим! Сашенька, сен бизди таштап кеттиңби!? Ишенбейм! Көзүңдү аччы! Мундузуна бирдеме дечи!

Капитан муздай баштаган денесин кармалап, эчкирип ийбейин дегендей ызырына тиштенди. Алексей Бурков колдорун кайчылаштырып чарчап келип катуу уктап кеткендей суналып жатты. Колунда карышкан мүштөктөн сызылып көк түтүн көккө буралат. Команда бүт чогулганда шашып келген Миша байке "Айрылып калдыкбы?!" – деп сөөккө боюн таштады. Айрылып калганына ишенбей нес болду.

– Командир, үзүлүп баратып "Тентек аюусун кечирип койсун",– деп суранды.

Доктор шыбырай Бурковдун акыркы керээзин айтып, жеңилдей түшкөнсүдү.

– Он гүлүнөн бир гүлү ачылбай жаш кетти, байкуш! – Лейтенант оор үшкүрдү.

– Жаш улук эмес, ажал улук деген ушул. Миша байке, сөөктү жууп, табыт даярдагыла! Алексей Бурковду бардык жол жобосу менен алма бакка коебуз! – деди оор үшкүргөн Мундуз тагдырдын адилетсиздигине ичинен кан өтүп.

Сөөк кабырга түшөрдө бүт эл чогулду.

– Алексей Бурков кандай адам эле? – деди Мундуз көпчүлүккө суроо салып.

– Жакшы адам эле...

– Тайманбас эр жүрөк болчу...

– Ичинде таруудай кири жок, ак көңүл эле байкуш... – дешти жоокерлер.

– Саша, сен өлгөн жоксуң. Болгону абдан чарчадың. Ошон үчүн терең уйкуга чөмүлдүң. Сен дайым биздин жүрөгүбүздө жашай бересиң. Демек, бу сенин биз менен болгон экинчи жашооң, башкача айтканда сен жашоонун башка жолуна өттүң дегендик. Биз сенин керээзиңди аткардык. Сени кечирдик. Ойлоп көрсөк, биз сени кечире турган деле эч кандай күнөө кылбапсың. Болгону сен биз менен, биздин катарыбызда турмуш кечирдиң, жан аябай күрөштүң, жеңилип жеңдиң, ойнодуң, күлдүң. Ошондо сенин жаның өзүңдө болчу. Жаныңда жүрчү. Эми сенин жаның жок. Аны Алла таала алып кетти. Эми ал башка түскө, башка келбетке ээ болот. Ошондо өзүң дайыма айта жүрчү аюунун кейпине өтүп, жаның жыргай түшөр. Жашоодон жашоо куралат деген ошо эмеспи. Аюу – токой сырттаны. А токой сенин мекениң. Майпаңдап, арбагың Сибирдин чытырман токоюнда далайдын көзүнө көрүнүп, жараткандын үшүн алганда артыңдан куугун түшөр. Качсаң кутуларсың, жаңылсаң тутуларсың. Кош, түбөлүк достум! Жаткан жериң жайлуу, топурагың торко болсун!– деди Мундуз табыттын башында.

– Жаткан жери жайлуу, топурагы торко болсун!

– Жаны жаннатта болсун!

– Бейиши болгур, жакшы адам эле, тынч уктасын! – дешти көпчүлүк.

Жоокердин урматына үч ирет салют атылды.

Кайгы жокто кайгы болду, Бурковдун күтүлбөгөн өлүмү. Ошол себептенби күйүттү билген басат дегендей ачууга алдырышты. Бөтөл-

көнүн артынан бөтөлкөлөр бошоду. Баян кайгылуу боздоду. Ырдашты, ыйлашты, эскеришти. Елизабет такай капитандын жанында болду. Акыры Миша байкени жаткырып, Мундузду колтуктап үйгө алып кирди. Столго кызыл вино коюлду. Куйду, ичти. Музыка ойнолду. Көнүлүн жубатты. Көзүнүн агы менен тегеренди.

– Мундуз, албетте, сага оңой эмес. Жыгыгышып калган жакын адамыңдан айрылуу эмне экенин мен жакшы билем. Эс алчы. Уктап турсан жеңилдей түшөсүң!

– Ыраазымын сага, Елизабет! Сен болбосоң эмдигиче жинди болуп кетет белем. Ким билет. Алаамат согуш ушунусу менен коркунучтуу тура! Канча жылдан бери эңсеп келген жеңишке жетип, бирок жеңиштин даамын татып-татпай, кычашкансып үйгө кайтып бараткан саатта ок жаныльп отурса өкүнбөй турган ишпи! – Үшкүрүгү таш жарып түнөрүп турду, Мундуз. Өдөө болду. Аркы-терки басты.

– Эх! Түшүнгөн адамга кыйын эле болду...кыйын! Бирине өчөшүп, бирин жок кыла албайт экенсиң.

– Тагдырдан эч ким качып кутулган эмес. Таламандын чак тушунда мындай болуп кетет деп ким ойлоптур. Көркоо чал котур ташын койнуна катып жүргөнүн көр. Кесепети тийип, чырактай баланын убалына калды. Ошо көркоо чалдын кепини көргө кирбей калсын! Аны эстегим жок!

– Ар ким, бу дүйнөгө өз ырыс кешиги менен келет.

– Калетсиз сөз. Байкуш досум, ичер суусу түгөнүп, туз насиби Берлинден бүтөрүн билип келдиби, билбей келдиби, кесепеттей болуп келе калып, өз ажалын өзү издеп келгендей болуп калды. Болбосо мындан үч күн илгери үйүнө кайтчуулардын тизмесине биринчилерден болуп кирген. Полкко жөнөткөм. Кучактап узаткам.

– Алексей Бурков адеп көргөндө эле мага жаккан. Ичинде арамдыгы жок, ак көңүл көрүнгөн. Ал жөнүндө айтып берсең. Кайсы бир күнкү үзүлгөн аңгеменин уландысы болсун. Мундуз айтып бересиң ээ!

Елизабет сүйлөсө бугун чыгарып алар беле деген кыязда кепке тамызгы таштады. Ушул учурду эле күтүп тургансып ондонуп отурган Мундуздун бетине кызыл жүгүрдү. Көп күттүргөн жок. Мүштөгүн экинчи жолку чагышында түтөтүп, аңгемесин астейдил баштады. Анткени Бурковдун бул аңгемесин өзүнөн көп курдай уккан эле.

X

... Алексей Бурков Сибирде төрөлүп, тайгада өнүп-өскөн жигит. Кичинесинен эмгекке бышып-жетилип, үй-бүлөнүн жалгыз медери болуп чоңоюптур. Ата-энеси аң терилерин даярдоо чарбасынын териси баалуу түлкүлөрүн багышкан. Бурков эр жеткенде кайдан-жайдан түл-

күлөргө кесел тийип, анын кесепетинен чарбадагы түлкүлөрдүн баары кырылат. Ата-энеси күнөөгө жыгылат. Себебин сураган, түлкүлөр кайсы кеселден улам кырылганын тактап иликтеген киши болбойт. Тигилер атайылап өлтүргөн сымал, экөөнү тең он жылга кесип, карагай агызууга жөнөтүшөт. Багы жокко дагы жок дегендей, ошол жерден ата-энесине карагай чабыла тийип, көк ирим дайра сүйрөп кетет. Өлүктөрү табылбайт. Кийин ата-энем өлгөн жок, кайып болуп кетишти деп калчу Алексей. Өзү чарбага аң терисин даярдоочу болуп кирет. Иши жүрүшкөндүн ити чөп жейт болуп, "чү" дегенде эле ийгиликке маарыйт. Оозго алынат. Кыл мерген атанат. Тайганын түнт жерлерин кыйма-чийме кыдырып, тыйын чычкан, суусар атып, кармап планын дайыма ашыра аткарат. Атасын тартып, бою узун болот. Майрам күндөрү бутага жаа тартып, күчүн сынайт. Мөрөй талашып, он киши отурган чананы тартып кетет. Кайда болбосун биринчиликти бербейт. Кадыр-баркы көтөрүлө баштайт.

Ошентип жүрүп, Тимофей абанын Олеся деген кызын кантип, качан сүйүп калганын билбей калат. Сүйгөндө да эстен тана сүйөт. Күндүзү оюнан, түнү түшүнөн кетпейт. Сөз айтайын дейт, даабайт. Бирөөнү ортого салайын дейт, тартынат. Кат жазайын десе, дагы ойду-тоону тантырап, таарынтып албайын деп өзүнө-өзү ишенбейт. Сүйүүнүн күчүн айт. Жеген наны, ичкен ашы Олеся болуп көрүнөт. Айылга батпай тайганын түнт токоюнда "Олеся! О-лее-сяя-я! Мени сени сүйөм!"– деп бугун чыгарып жүрсө, бет маңдайынан токой сырттаны чочуй эки аяктап тура калат. "Айкырган сенсиңби!?" дегендей шапалак менен бетке чапканда бечара Бурков аласалып кетет. Көзүн ачса бет маңдайында азууларын арсайтып өзүнө окшогон килейген аюу турат дейт. Жан жагын карап мылтыгын таппайт. Сыйпалап белиндеги шамшар бычагын сууруп чыгып "О-ле-ся!"– деп айкырып келип буйдалта койбой колтук түпкө бычагын сайып-сайып алат. Кулак түптөн ары бир муштайт. Аюу жин ургандай айкырып, сулк кулайт. Алексей Бурков аюунун терисин ылым санап Тимофей абага тартуу кылат. Тимофей аба карт бөрү эмеспи, билбей коебу, билет. Алексейдин түнү тамды күзөтүп жүргөнүн да билет. Бирок ичинен сызып жүрө берет. А Олеся сулуу мергенчи жигиттин азап чегип жүргөнүн билеби, билбейби, айтор, капысынан алдынан карпа-күрп чыга калса, кирпиктери саландап, таскагы басандап калчу дейт. Ошентип бирине-бири даай албай жүрүп, ортодон көп айлар өтүп кетет.

Анан көрдөн чыга калгансып, кайдан жайдан пайда болду, коншу айылдан Владимир Бабич деген баянчы жигит шайтандай болуп ортого кыпчыла калат. Коля баянчы түндүн узак күндөрүндө жаштар уюштурган кеченин көркү эле дешет. Үнү тимеле булбулдукундай укмуш шекилдүү. Созолонто ырдап жиберсе кыздар айласыздан умсунуп

ийишчү имиш. Ошо баянчы жигит кызга сөз айттырганбы же тайганын кунарсыз узун түндөрүн Олеся менен таттуу өткөргүсү келгенби, качан да болсо жанынан чыкпай шынаарлай баштайт. Кызды кечки кечелерде бура бастырбай, отургуза койбой бийге чакырат. Үнү карыкканча обон созот. Басса-турса көзү кызда болот. Ушунусу менен Алексей Бурковдун жинин чындап кайнатат. Кызганычтан жанын коерго жер таппайт. Ичкени ирим, жегени желим болот, өңүнөн аза баштайт. Түнү кирпик какпай, уйкусу качат. Кантип жакындаштын өңүтүн таппай кыйналып жүргөн кечтердин биринде Сибирдин сулуусун бүгүн сөзсүз бийге тартам деп өзүнө-өзү убада берет. Жакындайт. Алаканы мындай калсын, бүт тулку бою от болуп күйөт. Кетпеген жеринен тер кетет. Аргасыз чегинет. Аюуну уруп жыккан күч бар да, кызды бийге чакырганга күч жок. "Кымбатым Олеся, мен сени сүй-өөм!"– деп токойду жаңырта кыйкырганга тил бар да, бийге чакырганга жүрөк даабайт. Ошентип өзүнчө кыйнала берет. Көп азап чегет.

Жигит кишинин кыйыктанганы курусун, бир сапар курдаш балдары кызды көздөй тартышса, Бурков бар күчү менен таканчыктап сомодой төрт балага моюн бербей коет. А Олеся бийге тартса эле макул боло тургандай көздөрү жайнап турган. Акыры жигит тобокелге салып, эки аттаганда кыздын кашына барып калат. "Кымбаттуум, бийге тартууга уруксат этиңиз!" – деп айтайын деп тили күрмөөгө келбей, үнсүз колдорун сунат. Олеся да колун эмеле созуп келатканда Владимир баянчы ортого кыпчыла түшүп, куюндай сызып келип Бурковдун ченгээлинен сулууну жепжеңил гана сууруп чыгып, чимирилип кетет.

"Эх, Олеся!"– деген үн селт эттирет бийлегендерди. Курдаштары "Эми Владимир баянчы оңбой калды",– деп аянычтуу үшкүрүшөт. Сүйгөн кызы кылактап, так алдынан мант бергенине ичи күйөт. Кыйпычыктап ордунда тура албай жини менен каалганы тарс жапканда, Сибирдин суук шамалы төргө өтө качат. Ушундай кордуктан көрө өлгөнүм артык деп асынып өлмөкчү болуп, аркан-жипти карагайдын бутагына арта салат. Өчөшкөнсүп арта салган карагайдын чириген бутагы карс сынып түшөт. Ошентип өлөйүн дейт, өлө албайт. Кетейин дейт, кете албайт. Кулак тарыган ызгаарда жолдун так ортосунда олтуруп алып кимдир бирөөнү күтө берет. Качан гана дөнсөөдөгү үйдүн жарыгы өчүп, жаштар үйлөрүнө тарай баштаганда "Болду, бүгүн бирдеме кылбасам майнеке болоюн!"– дейт үшүгөнүнөн тиши-тишине тийбей калтырап. Аңгыча коңшу айылдын балдары чанасын кошуп, жолдо сызып келатканда Бурков таноолорунан жалын чыккан коШ атты ооздуктайт. Аттар кишинеп келип токтойт.

– Вова Бабич, чанадан бери түш!– деп бакырат Алексей каарын төгүп.

– Көрдөн чыга калгандай сен каяктан чыккан машаяксын! Жолдон чык, болбосо оңбой каласың! – деп каарын төгүшөт чанадагылар.

Астейдил үңүлө карашса, адам кейпиндеги токойдун күрөң аюусундай күлтүйгөн бирөө туйлаган аттарды жылоолоп турганын көрүшөт.

– Балдар, жүргүлө, өзү катылган неменин катыгын берели. Кийин соң бизди таанып жүргүдөй кылып, төпөштөп коелу,– дешет коңшу айылдын көпкөлөң жигиттери. Анан калса караңгыда өзүнчө эле бак-бак унчуккан Вова баянчынын:

– Түшсө түшөлү, жүргүлө. Төпөштөсө жакшылап төпөштөйлү,– деген кеби башкаларды баатырсынтат.

Урушка камданган балдар биринин артынан, бири чанадан секирип түшөт.

Мындайда карап турабы! Жаны ачыган Бурков чанадан секирип түшкөн бешөөнү беш жакка ыргытат. Аябайт, урат, тебет. Айрыкча баянчыны көбүрөөк "төпөштөп" коет.

– Саша Бурков турбайбы! Качкыла!– деп келтек жеген бирөөсү кыйкырса, экинчиси:

– Ал экенин билгенде мен чанадан түшпөй коет элем!– деп киңкилдейт.

– Кудайым ай, дагы кандай аюуга кез келтирди!– дейт үчүнчүсү безилдеп.

А Бурковдон өз энчисин алган Вова баянчы эмне болуп кеткенине түшүнбөй жан соогалап ийет. Мурдунан шүүшүндөп кан кетет. Чекеси томуят. Бешөө беш жакта күнөөлүүдөй унчугушпайт. Бурковго жакындай албай тондорун күбүп, тебетейлерин ондоп кийишет. Эчтеме түшүнүшпөй аңгүдүк ойдо алдастап калышат. А балким түшүнүп турушуп да, түшүнбөгөндөй түр көрсөтүшкөндүр.

– Эми бара берсеңер болот,– деп корулдайт, кычуусу канган Алексей аки-чүкүсүн териштирбей.

Жигиттер шашылыш чанага чыгышып, атка шапалак урушат.

– Деги кайсы күнөөбүз үчүн, ал бизди ур-токмокко алды! – деп бирөө кыйкырып калды, чана ордунан козголгондо.

Бирок жоопту ага эч ким берген жок.

Ким күнөөлүү, ким күнөөсүз экендиги териштирилип, ошонун эртеси эле Бурков карыялардын сотуна түштү.

– Сен эмне жинди болдуңбу? Жөнү жок эле коңшу айылдын балдарын сабап. Өзүң мыкты мергенчи болуп туруп, ушу ишке барганың уят! Же жаш бала болбосоң. Тартпасаң тартпай кал! Атасы да ушундай өжөр неме болчу. Вова Бабич деген районго белгилүү баянчы. Аны токмоктоп не таптың?! Талашынар эмне? Экинчи коңшуларга бизди уят кылчу болбо! Дагы кайталанчу болсо бизге таарынба, түз эле районго алып барып милицияга салып беребиз. Андыктан дароо элдешип кечирим сура,– дешти Алексейди ортого алган карыялар.

– Балдар, кечирип койгула!– деген күркүрөгөн доош угулду, каранғы бурчтан.

Сөз жок, бу сапар Вова Бабич жеңүүчү болуп чыкты. Анткени Сибирдин балдары карыялар сотуна түшкөнчө токмок жеп унчукпай калганды жакшы көрүшчү.

Күндөр зымырап өтө берди. Жаңы жыл майрамы алдында Алексей Бурков токойдо бир ай жоголуп кетип кайра келди. Даярдаган аң терисин кампага өткөрүп, жаңы жылдык майрамга кам урду. Жуунуп-таранып, эски кийимдерин жаңыга алмаштырып майрамдык үлпөткө келет. Коңшу айылдын балдары бир тарап, булар бир тарап. Ортодо баянда кол ойнотуп кеченин эрке баласы Вова жүрөт. Кече көңүлдүү башталып ый менен бүтөт. Бурков кайрадан чыр чыгарат. Эки тарап болуп мушташат. Айрыкча коңшу айылдын балдары көп таяк жешет. Арадан эки күн өтпөй карыялар кайрадан жыйын чакырат. Ортодо жалгыз терезенин көзөнөгүн жаап Бурков турат. Талаш кызыйт. Коңшу айылдын балдары тигилер баштады десе, алар булар баштады дешет. Карыялар ары калчап, бери калчап, акыры жадашканда:

– Бу биздин Алексей жинди болуп калыптыр. Чырдын анабашы ушул. Мурдунан эшек курту түшүп, жини кагылып келсин!– деп бүтүм чыгарышып, районго милиция бөлүмүнө айдашат.

Бурковду жеткирип келмекке өзүнө окшоп калдайган Захар чалды шайлашат. Экөөнө атайын чана бөлүшөт. Экөө жолдо көп жүрдүбү же аз жүрдүбү, бирок милицияга тапшыруу үчүн өкүл болуп бараткан Захар чалды аракка сугарып, карышкыр ичигин белекке берет.

– Захар аба, экинчи катылсам өзүмдүн көрүмү өзүм казып каламын,– деп жалынат Алексей. – Абаке, мени кое бериңизчи, токойго келдим деп кечинде үйгө кайта бериңиз. Сизди каранғыда эч ким көрбөйт. Бир жолу мени угуп коюңузчу,– деп көндүрөт.

Берешендигин көрсөтүп колуна дагы эки шише карматат. Ошондо ичинен кудундап, жибий түшкөн чал жөн турабы:

– Алдабайсыңбы? – дейт ык тутуп.

– Неге алдайт элем, алдабайм абаке,– дейт айнып кетпесин деген тейде шашып кеткен Бурков. – Мени өзүңүз билесиз го, убадага өтө эле бекмин.

– Убада бересиңби!

– Убада берем, алдасам майнеке болоюн.

– Өлүп кетейин дечи,

– Айланайын абаке, мага ишенбейсизби? Анда өлүп кетейин, тырым, – деп кетмекчи болуп жаткан тентек баатырын кайра жерден

тартып токтотот. – Мобу карышкыр ичикти мага биротоло бердиңби! – дейт ишенбегендей жүлжүйүп.

– Абаке, биротоло бердим дебедимби.

– Чын элеби? Кийин "Карышкыр ичигимди бердим эле, кайра бер",– деп доолабайсыңбы? – Абышка кайрадан көздөрүн жүлжүйттү.

– Чын, дооласам ит болоюн. Аман болсом мындай ичиктин далайын кийем, – дейт.

– Ырас болбодубу. Качантан бери энсеп, көктөн издеген ичигим сенден табылганына, мен албетте кубанычтуумун. – Абышка барбаландай тонун чечип ичикти кийип көрөт. – Ох, оңуп эле калбадымбы. Жакшы жарашат бекен, жаныбардын жарашыктуулугун, жылуулугун айт, тимеле, мен үчүн тигилгендей. Саша, ичигиң үчүн ырахмат. Мынча болуп калды, аттын башын тарт, – дейт Захар абышка да чечкиндүү бакылдап.

Бурков улуунун сөзүн эки кылбай, эки адамды чанасы менен кошо тартып бараткан атты кериле токтотот.

– Захар аба, күүгүм киргенче токойдо жашына турунуз. Анан деле жөнөсөңүз каалаган саатыңызда үйүңүзгө кирип барасыз,– деп жылуу жумшак узатып коет чалды.

– Мунусу да атасын тартып берешен чыгыптыр. Баары сен айткандай болот, бара бер, чоң муштум балам.

Бурков өзү айткандай, эки жумача тайгада жоголуп, кечкурун Вова баянчынын айылын таап, үйүнө келип түшөт. Каалгасын такылдатат. Чыкса, босогодо "чыйт" түкүргөн Бурковду көрүп, баянчы жигиттин жүрөгү опколжуй түшөт. Кожойгон эшикти жабайын десе буту менен тосот. Айласы кетет. Анан бир убакта:

– Эмне келдиң? Менде кандай аласаң бар. Айт, угайын, – дейт айласы эки боло.

Кабагы саландаган Бурков күтүп турабы, маселени дароо кабыргасынан коёт.

– Айылдан кет. Биротоло кет. Районго барасыңбы, чоң жерге кетесиңби өз ишиң. Иши кылып бул жерден караанынды үз. Көзүмө көрүнбөй жогол! – дейт чечкиндүү.

Мындай кескин дооматты күтпөгөн неменин эси энгирейт.

– Ой, мына кызык тамаша! Жылкы теппей, жылан чакпай, мен кайда жоголом!

– Мен эмне сага жылкычалык же жыланчалык көрүнбөй калдымбы, ыя! Айт!

– Лакабың менен куруп кал! Бу жинди лакап сөздү билеби! – Дагы токмок жегени калдымбы? – деп ойлой кебин улады. – Деги, сен мага себебин түшүндүрчү! Эмнеге жоголом!

– Себеби жок! Жогол дедимби, жогол!

– Кантип?! Мен ушул жерде туулсам, эр жетсем, анан себепсиз эле жоголуп кетемби?! Өзүң ойлоп көрчү.

– Ошентип эле, жоголуп кетесиң. Ойлоп отурганга убакыт жок. Баянынды жонго илесиң да көздөм кайым болосуң.

– Сага айтканга жеңил.

– Мага жеңил деп сага ким айтты. Мага да жеңил эмес, – оор улутуна айтылды сөз.

Айласы куруган Алексей Бурков ушул жерден алдырды. Каршылашына кичине кыстоо жетпей турганын сезбеди. Бир азга туруштук бергенде, ичине бок-жин толгон күлтүйгөн аюу жарылат беле. Антпеди. Экөө эки жерде турду, сүзүшкөн кочкорлордой тирешип. Төпөштөйүн десе Захар абышкага сөз берип койгон. Жигиттин сөзү эки болбойт. Эми чындап айласы эки болду. Айтсам болбоду. "Жалынсам бекен! Же аң терисин сунуш кылсамбы! Болору болду, боесу канды. Көчүгүмдөн өп десе дагы ошо ишке барайын",– деп ойлоду сабыры суз.

– Вова, уксаң! Сенден суранам, бул жерден кетип калчы!

– Кетпейм!

– Жыйырма тыйын чычкандын терисин берейин.

– Кетпейм дедимби кетпейм. Теринин мага кереги жок.

– А балким, аюу талпак же карышкыр ичикке тери камдап берип жүрбөйүн?

– Кереги жок!

– Үстөгүнө мылтыгымды берейин.

– Кереги жок дебедимби! Жок жана жок!

– Эмне эле бүгүн жок деп калгансың. Деги сенден "Ооба, сен айткандай болсун!"– деген сөз чыгабы? Же ушинтип эле көгөрүп тура бересиңби?

– Кандай турам, ал өз ишим. Сен ага киришпей эле кой.

– Киришейин деген жокмун, бирок сен мени түшүнбөй жатпайсыңбы! Бирөөгө сөз берип койбосом, эмдигиче сөөгүң сөпөт болмок, эрке баянчы.

Бурковдун айласы куруду. Душманына жанынды алдырсаң алдыр, асти, сырынды алдырба деген карыялардын нуска кебин унутуп калды, мергенчи жигит. А баянчы жигит эмне кыларын билбей башы маң. Эмнеге мынча көгөрөт. Бурковдун не билгени бар! Себебин билбей башы ооруйт. Бир оокумда Бурков чыдабай кетип:

– Эмне, карышкырча улу дегени турасыңбы! – деди көкүтүп.

– Керек болсо терек жыгылат, уйча мөөрө! – деди Коля өчөшкөндөй тамаша чегип.

Каршылашы күтүлбөгөн жерден:

– Мөө-өө-ө!– деди.

– Эшекче айкыр!

– Аа–хи, аа-хи, аа–хи!..

– Ух! – деп жеңилдей түшкөн Вова койнунан махоркасын алып кагазга ороду. Бурков кантип өнөктөшүн мойнуна мингизип алганын сезбей калды. Оюнда "жым" дей түшкөн Вова баянчы учурду бошко кетирбей, канча айдан бери кыйнап жүргөн ашынасын шакаба чеккиси келип турду.

– Сен чылым чекпейсиң ээ?

– Ооба.

– Эмнеге?

– Билбейм.

– Чегиш керек. Көп жашагың келет го!

– Аны менен ишиң болбосун. Өлсөм дагы чекпейм.

– Чегесиң – түтүнүн үйлөдү. – Өзүң бил, – мыйыгынан жылмайды. – Бурков, макул, мен сенин шартыңа көнөйүн. Кет десең кетейин. Анткени, сен мени жок жерден эки сапар тузакка илдиң. Бүгүнкү менен экөөбүз бир-бир болдук. Эми менин шартыма көн. Мен эртең тузактарды караганы өзөнгө кетем. Үч күндө келип калам. Ошо убакта махорканын түтүнү кулагыңдан чыккыдай болсун. Кулагыңдан чыкса мен кетем, чыкпаса сен куйругунду түйөсүң. Түшүнүктүүбү?! Буга не дейсиң?!

Бурковду катуу ой басты. Төбөсүнөн мончоктоп аккан терди аарчууга чамасы чак келбей турду. Жок же бар деп айталбай азапка түштү. Коля ойлоп тапкан шартына маашырланып "Эгерде...", – деп келаткан да Бурковдун калдайган алаканы оозун басты.

– Мен макулмун,– деди башын саландатып.

– Эгер сен макул тапсаң, мен дагы макулмун,– дейт баянчы жигит Владимир Бабич. Анан бири-бирине башка сөз айтпастан экөө эки жакка бөлүнүшөт.

Оо, ошондо Бурковдун кантип азап чеккенин эч бир сөз менен жеткире албайсың. Өзүнүн айтымында, жарым саатта эле жаагы шимириле түшкөн имиш. Элден укканына караганда райондун борбурунда жашаган Зафар деген цыган ар кандай фокустарды жасоочу эле деп айткан Захар чалды эстейт. Чалды издей баштайт. Үйүнө чапкылап жөнөйт. Аны үйүнөн таппай, дүкөндүн жанынан табат. Күн эстеп отурган бир топ абышка шапайып жүдөй түшкөн Бурковду көрүшүп, аяп кетишет.

– Мурдунан эшек курту түшкөн экен. Милиция мындайларды дароо эле тарбиялап коёт. А Сашенька, райондон качан келдиң?– деп кызыгышат.

– Келатышым ушу, абакелер! Жакшы жатып, жай турдуңуздарбы!? – деп айыл аксакалдары менен эзели көрүшпөй жүрүп көрүшкөндөй учурашат.

Захар чалды четке ымдап чакырат. Зафар цыгандын дарегин сурайт. Чалга жетпей турганбы тамагын чертет. Карыянын ою менен болуп эки бөтөлкөнү чөнтөгүнө солойт. Кынык таап алган чал жана эки бөтөлкө алдыртат. Ошондо гана ары толгонуп, бери толгонуп атып, эптеп эсине түшкөн бир цыгандын дарегин айтат. Укканда эле убакыт текке кетирбей лыжасын байланып районго чабат. Түнү менен жүрүп, араң дегенде эртеси жетет районго. Цыганды бат эле табат. Бирок көндүрмөгү тозок болду. Адегенде эле акчасын шыпырды. Анан аң терисине өттү. Акыры мылтыгына такалганда, аны дагы берип тынды. Качан гана Бурков жылаңач калганын билгенде түтүндү кантип кулактан чыгарышты үйрөтөт. Түтүн чыгарыштын анча деле кыйынчылыгы жок экен. Болгону кулак-мурундан түтүн чыгарыштын сыры – ыгын билиште тура. Ошентип, Алексей Бурков тамеки тартыштан абал, кулак-мурдунан түтүн чыгарыштан баштайт. Биринчи тартканда аябай какайт-чакайт, бирок намысы жөн жаткырбай көп азап менен үйрөнөт. Иши кылып баарына чыдайт.

Болжогон күнү Вованын үйүнө келсе күтүп отурган экен. Босогодон аттай электе эле эки кулагынан буркурап түтүн чыгып турган Бурковду көрүп буркурап ыйлап жиберет. Женилүү ызасына чыдабай башы-көзүн ургулап "атакелеп" ийиптир.

– Атаке, чанага атты кошуңуз! Мен азыр районго, андан чоң жерге, тиги желмогуздун көзү көрбөгөн жакка кетем,– деп жер тепкилеп ийет, баянчы байкуш.

Бурков анча деле дөдөй эмес экен. Кулагынан түтүн чыгарып Тимофей абага кеткен аюу талпакты, Захар абышкага кеткен аң терилерин, карышкыр ичикти кайрып алат. Аң терилерин Зафар цыганда калган мылтыгына айырбаштайт. Кайрадан аюу кулактайт, карышкыр атат. Цыгандан үйрөнгөн ыкмасын айылдаштарына, коңшу айылдын көпкөлөң күпчөктөрүнө көрсөтүп чөнтөгүн кагат. Анан таптакыр таштап коет. Аңгыча согуш чыгат. Бурков өз ыктыяры менен согушка кетет. Ысык сүйүшкөн Олеся узатып калат. Кийин бири-бирине махабат каттарын арнашат. Коля Бабич болсо кырк үчүнчү жылы Украина фронтунда туткунга түшүп, дарексиз кетет.

Эсимде, Алексей Олесядан биринчи жолу кат алган күнү жерге сууга батбай кубанган. Биз анда экөөбүз чарба взводунда үч күндөй жүрүп калганбыз. Полкко келгенде аны кат күтүп турган экен. Ошо биринчи катты күнүгө жүз жолудан окуса керек. Колу бошой түшкөндө эле окуй берчү. Окуй берип жат болуп калган кыздын катын алгач көрсөтпөй жүрдү. Качан гана бүктөмүнөн айрылып, шурудай тизилген тамгалардын өнү өчө баштаганда окуганга берген. Ошо Алексей Бурковдун сүйгөн кызы жазган кат алигиче үтүр, чекитине чейин жадымда турат. Кат минтип башталыптыр.

"Саламатсыңбы менин сүйүктүү коргоочум!

Саша, кызматың кандай өтүп жатат? Мен сенин удаа жазган үч катыңды тең алгам. Алардан кам санаба. Азыр согушка кире элек турбайсыңбы. Резервде дейсиңби?! Согушка киргенде, эрдик жасаганга да үлгүрөсүң. Кандай болбосун өзүңө этият бол. Анткени, биздин бейпилдигибиз сенин колуңда. Сен кандай күзөтсөң, биз ошондой болобуз. Жаман болсо жаман, жакшы болсо жакшы дегендей. Асти, сибирдиктерди уят кыла көрбө! Экөөбүз жайдын айлуу түндөрүндө сыр чечишпесек дагы аскерге узаткан күндү өмүр бою унутпасмын. Анткени, ошо күнү гана сен экөөбүз биринчи мертебе маңдай-тескей турбадыкбы. Анан сен колумду коомай кармадың. Бирдеме айтмакчы болуп тамагыңды таптадың, бирок чечилип сүйлөбөдүң. Ошондо мен сенден көп нерсени күткөм. Бирок өзүң чоң болгонуң менен мага даай албадың. Мен аны жүрөгүм менен сезип жаттым. Сени күтүп-күтүп жадап, өзүм биринчи ысык эрдиңден өппөдүмбү. Анан сен жооп бердиң. Ошондо өзүмдү аябай бактылуу сездим. Күнү бою сенин кучагында тура бермекчи элем, бирок аңгыча музыка токтоп, аскерге чакырылгандарды катарга тизе баштады. Сен шашып кеттиң. А мен карааның үзүлгөнчө ысык жашка жуурулган кол жоолугумду булгалап кала бердим. Мен сенин сүйүүңдү сезбеди дейсиңби?! Сезгем. Билбеди дейсиңби?! Билгем. Жаштардын үлпөтүндө бийге тартса экен деп самачумун. Тартпадың. Айлуу түндө тереземди каккыласа дечүмүн. Какпадың. Өзөн бойлоп, гүл терип жаналша бассак деп тилечүмүн. Баспадык. Мен сени тик карай албай, же сен мага жакындай албай кандай сонун кечтер өтүп кетти. Эми ал күндөрдү артка кайтарып ала албайсың. Бирок ошонусу менен кымбат, ошонусу менен сонун тура, ошо күндөр. Биз сени, Вова баянчы менен болгон жоругунду кубануу менен эскеребиз. Карыялар сенин көктүгүңө ушу убакка чейин тан беришет, сени урматтоо менен эске алышат, кайтып айылга келээриңди самашат. Ошондуктан айылдагы карыялардын бардыгынан сага ысык салам!

Мен сени күтөм. Канча десең күтө берем. Сашенька, аман эсен кайтып кел! Биз сени күтөбүз. Биз азыр өзүң жакшы көрчү Аюу-Дөңдөгү өзөндүн боюндабыз. Атам токой чарбадан алтымыш бал челек бөлдүрүп алды. Ошонун түйшүгү мененбиз. Эртең менен турганда, кечинде күн батканда батышты карай берем. Анткени, ал жакта сен барсың, менин сүйүктүү коргоочум! Сашенька, эмесе, көрүшкөнчө саламатта бол!

Катты үзбөй жазып тур деп, сенин сүйгөн кызың Олеся.

1942-жылдын 11-майы"

* * *

Чалгындоо ротасынын командири капитан Элебесовдун чарбасы турган Берлиндин так борборундагы эки кабат үйдө майдандаштар чогулган кече ортолоп калганда Елизабет айым капитандын жеңинен сыпайы тартты.

– Мундуз, бир аз отуралычы, чарчап кеттим,– деди желпине жалооруй карап.

– Отурса отуралы бийкеч, бий адамды тез чарчатат, – деди Мундуз чөйчөккө винодон куюп жатып. – Айрыкча генералдар менен бийлегенде, – деп кошумчалап койду мулуюп.

– Мундуз эмне кызганып жатасыңбы? Кызганууга негиз жок, бүркүтүм! Тигине, алар да келатышат. Радченко генерал, өзгөчө бөлүмдүн полковниги Медведев да генерал болду, а полковник Романов Медведевдун ордуна начальник болуптур. Бирок сен гана капитан бойдон калдың,– деп койду тийиштик кылып. – Эгер сен дагы генерал Радченконун сунушун кабыл алганда, эртеби-кечби, сөзсүз генерал болмоксуң. Же туура айткан жокмунбу, бүркүтүм?

– Бирок алардын меникиндей сулуу кызы жок да. Пешене деген ушу, чүрөгүм.

– Мундуз, бу жөнеле тамаша сөз да. Сен ар кандай генералдан артыксың. Сен менин бүркүтүмсүң!– деп шыбырап эрдинен өөп койду.

Мундуз жооп кылды. Вино куйду.

– Жолдош офицерлер,– деп сурангандай үн катты генерал-майор Радченко көпчүлүк тынчый түшкөндө. – Менде чоң жаңылык бар. Мен бүгүн Мария Родионовнанын колун сурадым. Экөөбүз баш кошмок болдук. Өзүңөр билесиңер, биз 1943-жылдын ноябрынан таанышпыз. Ошондон бери согуштун азап-тозогун бирге тартып келатабыз. Ал врач, мен аскер адамы катары ар дайым мекенге ак кызмат кылабыз деген ойдомун.

– Бу укмуш жаңылык! Үч жолу куттуктайм, Павел Маркович!– деди биринчи кол берип жатып, армиянын өзгөчө бөлүмүнүн начальниги, генерал-майор Д. Медведев.

– Куттуктайм, жолдош генерал,– деди Элебесов Медведевдин артынан колун кыса кармап. – Эң туура чечим.

– Куттуктайбыз! – дешти башкалары да.

– Мен жолдош генералды, Мария айымды чын жүрөгүмдөн куттуктап, аларга арнап музыка ойноп берейин,– деп сунуш кылып калды Елизабет.

Елизабет айымдын сунушун колдоп кетишти. Ал бир эмес, көп жолу ойноого туура келди. Анткени суранып туруп алышты. Бийлешти. Чогулуп ырдашты. Өткөндү эскеришти. Кече аяктап калганда лейтенант Воробьёв, же жөнеле Миша байке буркуратып шишкебек алып кирди.

– Бу кыргыз шишкебеги командирибиз капитан Элебесовдун өзгөчө рецепти боюнча даярдалды. Алыңыздар, жеңиздер,– деп сунуш этип жүрдү Миша байке.

– Даа, чынында эле тилиңди тиштеп алчудай даамдуу экен,– деди Мария Родионовна.

– Мына ушул үчүн да жолдош капитан алкоого татыктуу,– деди генерал Д. Медведев.

– Биз бул даамга көнүп деле калгандай болдук. Кийин ордун жоктоп калабызбы деп ойлойм. Кандай дейсиз? – деп Радченко полковник Малышевге тамызгы таштады.

– Мен да ордун жоктоп калабызбы деп корком. А бирок анын рецепти дайыма менин чөнтөгүмдө эмеспи,– деди полковник бак-бак унчуга унутканын тапкандай.

– Жолдош капитан, жаңылбасам менин билишимче, силерде тамакты кол менен жейт дешет го! Ошо чынбы?!– деп сурады кепке жыкпысы келген полковник Романов ортого кыпчыла түшүп, колундагы вилкасын ары-бери ойноктото.

– Жолдош полковник, сиз жаңылган жоксуз. Бизде тамакты кол менен жешет. А эмне, сиздерде башка жагы менен да жешеби?– деди Элебесов мыягынан жылмайып.

Ойлонбой айткан онтогон ооруга жолукту. Тамашалайм деп кызык абалда калган полковник Романов оозунан олжосун алдырган түлкүдөй шүмүрөйүп, не дээрин билбей калды. Оозун ачкан офицерлер дуу жарылды. Анардай кызарган Романов колкосун коркулдатып, чайнабай жуткан шишкебектин артынан какап-чакап вино жутту. Жагдайды генерал Радченко Элебесовдун пайдасына оңоп кеткендей болду.

– Жолдош офицерлер, капитан Элебесов биздин полкко келген күндөн эле өзүнө тыкан, дасыккан чалгынчы, чыгыш өнөрүнүн чебери катары оозго алынган. Ошондогу жаңы толуктоо менен бизге ийгилик кошо келгендей болгон. Себеби Мундуз Элебесович биринчи келишинде эле ашынган диверсанттык топтун ана башчыларын туткундай келген. Сержанттан капитан наамына чейин өсүп жетти. Көкүрөгү толо орден, медаль. Улуу Ата Мекендик согуштун чыныгы баатыры жана көптөгөн коммунисттердин мыкты насаатчысы. Аны мен өз элинин мекенчил уулу, ата-бабаларынын салтын сактаган нарк-насилдүү адам катары да билем. Өнөрүң болсо өргө чап дегендей, ал өз өнөрү менен полктун намысын далай кармашта, далай чабуулда коргоду. Ал мыкты офицер гана эмес, жакшы жолдош жана саясий жактан жеткилең командир, камкор чарбакер. Бүгүнкү кеченин уюштуруучусу катары Елизабет сулуу айым экөө биздин черибизди жазып жатканы сонун. Сагынып калган экенбиз, кече биз ойлогондон да жакшы өтүп жатат. Жеңиштен кийинки ушундай сонун кечелер, сонун түштөй кубаныч

тартууларын айтпасам деле сиздерге белгилүү. Сиздерге ыраазычылык урматтуу Мундуз, Елизабет айым! Ар дайым бар болуңуздар!

Эми өз оюмду жыйынтыктасам, Дмитрий Иванович, сиз менден бетер чыгыштын чыгаан аскер башчысы Темирлан жөнүндөгү икаяга көптөн бери кызыгып жүрөсүз. Ошондуктан Мундуз Элебесович менин жеке өтүнүчүм боюнча тылда, фронтто чуусу басылбаган икая жөнүндө иликтөө жасаган. Ошону укпайлыбы? Менимче баарыбызга жагат болуш керек, – деп жанындагы колуктусуна кайрылды. – Машенька, экөөбүз тиги диванга отуралы, жүрү алтыным.

– Павел Маркович, албетте, ал угууга татыктуу икая. Мен сизди чын дилимден колдойм. Мен деле Мундуз Элебесович аңгемесин качан баштайт деп чыдамсыздык менен күтүп жаткам, – деди Медведев да диванга ыңгайлаша отуруп.

– Анда, сөз учугу сизде, Мундуз Элебесович! Отуруңуздар, жолдош офицерлер, – деди Радченко көпчүлүккө кайрылып.

– Ыракмат жолдош генерал, менин дарегиме айткан жылуу пикириңизге. "Жакшы сөз – жарым ырыс" дейт биздин элде, ишенимиңизди актоого аракет кылам. Урматтуу офицерлер, биз баарыбыз тең эле Советтер Союзу деп аталган өз элибиздин мекенчил, барктуу, даңктуу уулдарынанбыз. Себеби, биз мекенчил, барктуу, даңктуу болбосок, адамзатты фашисттердин кулчулугунан бошотуп, дүйнөгө эркиндик желегин, жеңиш желегин орнотпойт элек. Ошо совет эли орноткон улуу жеңиште кыргыз улутунун, кыргыз рухунун да салымы зор. Бальнима кимдир бирөө башкача түс бермек да ортобузда ажырым келип чыкмак. Кудая шүгүр, андай эмес. Ал окуяга улуу устатыбыз жолдош Сталин менен белгилүү аскер башчысы Жуковдун да катыштыгы бар экендигин айтсам жетиштүү болор. Эмесе, сиздердин уруксат менен ошол икаяны айтып берейин,– деди капитан Элебесов тамагын вино менен суулап, кылт жутту.

...Байыркы өткөн заманда теги кыргыз Темирлан деген аскер башчы жер шарынын жарымын басып алат. 1380–жылы өткөн бүткүл элдик курултайда "Улуу Эмир" деген атка конот. Бул жерде ысымы эмне үчүн Темирлан деген мыйзам ченемдүү суроо туулбай койбойт. Анткени, ошол Темирландын доорунда темир өтө жогору бааланып, андан найза, кылыч, калкан, жебе сыяктуу куралдар жасалгандыктан, атасы азан чакырып тегирдей бек болсун деп ысымын Темир коёт. Ал эми Темир деген атка уланган "лан" деген араб сөзү-аксак, чолок деген маанини туюндурат. Себеби, Темирлан өзүнүн биринчи жортуулунда эле бутунан жарадар болуп, кийин кудаанын буйругу менен сыптып басып калыптыр.

Ошо Темирлан бизче Аксак Темир жаштайынан ат үстүндө чоңоюп, өмүрүнүн көбүн жортуулда өткөрүп, жортуулда өлөт. Кайсы

жерде, кандай өлкөдө болбосун аны дайым Кетбука деген комузчусу коштоп жүрөт, жеңиштерин даңазалап дастанга айлантат. Ал улуу кол башчы, таланттуу стратег болгон. Чабуулдун алдында эч качан шашкан эмес. Душмандын жерине жөнөткөн чалгынчылары кайтып келмейин армиясы менен күтүп отура берген, анткени ал чалгынчылардын маалыматына катуу таянган, алардын аракетин жогору баалаган. Качан гана чалгынчылардын маалыматы колго тийгенде армиясын согушка салган. Ошентип бир өлкөнүн артынан бирин, жеңил гана басып алып турган. Окумуштуу аалымдарды абдан кадырлаган. Анын устаты дүйнөгө Улугбек деген ат менен таанылган киши. Ал өз доорунун чыгаан астроному, математиги, медиги жана акыны болгон. Ошол себептенби балдарына "Мен өлгөндө устатымын жанына койгула",– деген керээзин калтырат. Аксак Темир өлгөндө керээзи боюнча анын сөөгү Самаркан шаарындагы "Падышалар мүрзөсүнө" коюлат. Ал жайдан, кийин анын баардык бала-бакыралары, урук-туугандары орун алат.

Дүйнөгө атагы чыккан Чынгызхандын сөөгү, байлыгы табылбай жатканда дайын-оту белгилүү Аксак Темирдин мүрзөсү совет окумуштууларын дайыма кызыктырып келген. Ошондуктан алар "Падышалар мүрзөсүн" изилдөө сунушу менен жолдош Сталинге кат жазышат. Ал көп күттүрбөй уруксат берет.

Мүрзөнү ачууга белгилүү окумуштуу археологдор, антропологдор, жазуучулардан турган комиссия кызуу киришет. Мүрзөнү күн-түн казышат. Качан гана улуу эмир Аксак Темирдин сөөгү жаткан табытты ачканда, капыстан электр жарыгы жалп өчөт. Башынан бери кинотасмага тартып келаткан оператордун аппаратурасы иштебей керектен чыгат. Адамдарды кандайдыр бир тири шумдуктай көрүнүш курчайт. Башты айланткан жагымсыз жыттан окумуштуулар шашылыш казууну токтотуп, сыртка чыгууга мажбур болушат. Кайыпов деген жаш оператор жигит да өзүн жаман сезгендиктен бакты аралай басат. Келатса мавзолейдин алдындагы отургучта чалма чалынган үч карыя отурган болот. Алар кол жаңсап баланы чакырат.

– Балам,– дешет карыялар, дароо эле кепти кабыргасынан баштап,– силер Аксак Темирдин мүрзөсүн ачып жатыпсыңар. Бу эч кандай жакшылыкка алып барбайт. Ошондуктан тез арада казууну токтоткула, улуу эмирдин сөөгүн жайына койгула! Болбосо Аксак Темирдин каргышы жаман. Анын каргышы тийсе дүйнөдө алаамат согуш чыгып кетет,– дешет карыялар тең жарыша сүйлөп.

– Аны сиздер кайдан билесиздер?– деп суроо узатат бала.

– Мобул китепте жазылган. Ишенбесең окуп көр,– деп булгаары тыш китепти көрсөтүшөт. Бала ойлонбостон дароо:

– Окуса окуюн, мага бериңиздерчи,– дейт.

– Байыркы тилди билесиңби?– деп сурашат карыялар.

– Билем,– дейт бала чыйрак жооп берип.

Кайыпов китепти алып барактай баштайт. Окуп көрсө, чынында эле карыялар айткандай жазылыптыр. Бала өз көзүнө ишенбей окумуштууларды чакырат. Алар да окуп көрүшөт. Бирок, комиссиянын Айни деген карыя мүчөсү ишенбей:

– Болбогон кепти кылбагыла, казууну токтотпогула! Уланта бергиле!– деп опулдайт. – Биз иштин аягына чыгууга тийишпиз.

– Урматтуу карыя, сиз деле биз сыяктуу карыя киши экенсиз. Сиз түшүнбөсөңүз анан ким түшүнөт? Агарган сакал кайра карарып чыкпасын сиз жакшы билесиз да. Калп айтканга негиз жок. "Карынын кебин капка кат" деген кептин маниси кана? Тез арада казууну токтоткула, Аксак Темирдин сөөгүн жаткан жеринен козгобой жайына койгула!– дешет.

– Бу болбогон кеп,– деп Айни аксакал карыяларды тоотпой сүйлөйт. – Көрүнгөн эле чалма чалынгандардын кебине ишене берсек, эмнебиз калат. Жолборс жолунан кайтпайт дегендей, казууну өз нугунда жүргүзө бергиле!– деп көкүтүп коёт.

Ошо маалда тилектери таш капкан үч карыя эчтеме айтпай жөнөп беришет. Кайыпов деген бала артынан узатып кала берет. Алар чолок көчөгө бурула бергенде, китебин сурап калайын деген ниетте артынан барып эле таппай калат. Комиссиянын мүчөлөрүнөн, музейдин кызматкерлеринен китептин тарыхын сурайт. Алар эч качан андай китеп болбогонун айтышат. Же тегеректен үч карыяны билген киши табылбайт. Ошентип аксакал карыялар, булгаары китеп бир көргөн түштөй көздөн кайым жоголот.

А мүрзөнү казуу иши кызуу улана берет. Күүгүм ченде табытка жетишет. Табыттын оор капкагы көтөрүлөт. Капкак толук ачылганда таш табытта суналып бою бир метр токсон сантиметр келген кишинин сөөгү жаткан болот. Археолог окумуштуулар, комиссиянын мүчөлөрү сынган бутунун бүтүшү, баш сөөгүнүн жараланышы жана сүрөттөлүп жазылышы боюнча Аксак Темирдин нак өзү деген жыйынтыкка келишет. Улуу кол башчыдан башка анын небересинин, устаты Улугбектин сөөгүн казып алышат. Түн бир оокумда, атайын чоң кутучаларга салынган үчөөнүн сөөгүн учак менен түзеле Москвага жөнөткөн бир миң тогуз жүз кырк биринчи жылдын жыйырма экинчи июнь күнү сочурган жаңылыкты укkан музейдин директору, комиссия мүчөлөрү: "Карыялардын айтканы туура келди. Германдар СССРге согуш ачыптыр. Эми эмне кылабыз?",– деп делдейишип, республиканын биринчи катчысына кабар беришет. Аксак Темирдин каргышы тууралуу жолдош Сталинге кабарлоосун өтүнүшөт. Тилекке каршы, биринчи катчы өз жанынан коркконбу же майда-чүйдө нерсе менен жолдош Сталин-

дин башын оорутуп отурамбы дедиби, айтор, жабылуу аяк жабылуу бойдон калуусун каалайт. Борбордук Комитетке эчтеме деп ооз ачпайт. Бул убакта өз жайынан козголгон Аксак Темир менен Улугбектин сөөктөрү Москвага жетип, окумуштуу археолог-антропологдор тарабынан изилдөөгө алына баштайт.

Албетте, карыяларга жолугуп, согуштун чыгаары жөнүндө жазылган китепти өз колу менен кармап, өз көзү менен окуган жаш оператор Кайыпов деген бала "Бул жерде менин да күнөөм бар. Ошондуктан күнөөлүү катары жер үстүндө басып жүрө албайм",– деп өз ыктыяры менен майданга кетет. Кинооператор кесибин жакшы өздөштүргөндүктөн майдан тилкелеринде ок кечип жүрүп кино тартат. Далай ирет атышуулардан аман чыгат. Коштоп жүргөн жоокерлерге ок жаңылган күндөр болот. Мистиканын күчүбү, же Аксак Темирдин арбагы колдоп жүрөбү, асти, Кайыповго эч кандай ок жаңылбайт, жарадар болбойт. Күнү болобу, түнү болобу көкүрөк түпкүрүндө өйүгөн сырын кимге айтарын билбей түпөйүл жүрөт, өзүнчө ой басат. Бир күнү аскер башчыларына Аксак Темир жөнүндө айтып берүүнү чечет. Кудай жалгап, ошо күндөрү фронтко Жуков келиптир деп угуп, учуп жетет. Тобокел кылып генералга жолугат. Аксак Темирдин каргышы тууралуу айтып, жолдош Сталинге жеткирүүнү суранат. Кайыповдун айтканы, генерал Жуковду таң калтырбаса дагы, бир кызыктай ойго түртөт. Ал оператор жоокерге: "Мүмкүнчүлүк болуп калса эле бул тууралуу жолдош Сталинге кабарлайм",– деген убадасын берет да, жолун улантып кете берет.

Арадан учкан куштай зымырап айлар өтөт, жылдар тогошот. Жогорку Ставка тараптан эч кандай кабар айтылбайт. Азып-тозгон Кайыпов кайрадан Жуковго жолугууну ойлойт. Акыры жолугат. Генерал шашып баратып: "Айта элекмин. Мага да жолдош Сталинге айтыш абдан оор, бирок бу сапар сөзсүз айтам. Сен мага жолугууну тобокел кылгандай, мен да бир тобокел кылып көрөйүн. Менден кам санаба, бу сапар сөзсүз айтам",– деген убадасын алат. Ошо Кайыпов Жуковго жолуккан мезгилде Сталинградда айыгышкан согуш жүрүп турган маал экен. Ошондо оңтоюн келтирип тобокел ишке барган Жуков Сталинге Аксак Темирдин каргышы жөнүндө жоокер Кайыповдон уккан икаянын баянын төкпөй-чачпай айтып берет. Улуу жол башчыбыз муюп угат. Оюн калчап көрүп:

– Биздин эмнебиз короп атыптыр. Биз азыр жеңиш үчүн бардык каражат – ыңгайды пайдалануудан баш тартпайбыз. Аксак Темир менен Улугбектин сөөгүн учакка жүктөп Москваны айлантып учкула! Эгер сиз айткан жоокердин айтканы туура келсе, биз душманды токтобуз, ийгилик жылоолойбуз,– деп буюрат.

Жолдош Сталиндин буйругу менен учак Москваны жети айлануп учат. Мистиканын күчүн көргүлө, так ошо айланып учкан күн-

дөрдө германдык фашисттердин тумшугу Москванын алдында сынат. Так Москванын алдында жеңиштин тумшугу көрүнөт. Кийин мистикалык зор күчкө ээ болгон баалуу жүк Сталинград, Курск дугасынын асманында айланат. Тумшугу гана көрүнгөн жеңиштин чыныгы даамы Аксак Темирдин сөөгү Сталинград, Курск дугасын айлангандан кийин даана сезиле баштайт. Советтик жоокерлер коргонуп гана тим болбостон, бардык фронтто фашисттерди сүрө башташат. Улуу көсөмүбүздүн аскер башчылары менен болгон жыйында фронттогу ийгиликтүү өзгөрүүлөргө, жеңиштин үстүнө жеңиш жаралып жатканына токтолот.

– Октябрь революциясын жаратуу жолунда мен да чыгыштын улуу аскер башчылары Чынгызхан, Аксак Темир тууралуу көп окуп, көп билүүгө тырышкам. Сталин деген каймана атымды жөнөле тандап алган эмесмин. "Сталин" деген сөз кыргыз тилинде болот дегенди билдирет. А болот деген баалуу, бышык металл экендиги силерге маалым,– деп мүштөгүн шашпай кагып, кайра тутантат. – Ала-Тоодон чыккан тоолук Аксак Темирдин рух-духунун мистикалык касиет-күчүн Москва, Сталинград, Курск кармашында жакшы эле сездик. Так Москванын алдында фашисттердин тумшугун талкалаган кыргызстандык баатырдын эрдиги жөнеле туш келип калган түш эмес. Эр жүрөк баатырыбыз ыйык жеребиздин бир укум жерин душманга бербей, кайра алардын тумшугун аёосуз талкалады. Алардын совет эли дегдеген улуу жеңишти жакындаткан эрдик касиетинде ата-бабаларыбыздын колдоо-сүрөөсүнүн да үлүшү бар. Кыргыздардын ата-бабалары менен болгон байыртадан бери келаткан касиеттүү байланышы бизге жеңиш гана алып келди. Керек болсо, алардын духу канча кылым мурда орустарды сактап калган. Буга тарых күбө. Анткени өз учурунда Аксак Темир Чынгызхандын тукуму Токтомуш ханды талкалап, Алтын ордону кулаткан. Натыйжада үч жүз жыл эзилип келген орустардын ооматы келип, Чынгызхандын айбатынан кутулганын тарых тастыктап турат.

Андыктан улуу жол башчы, хан же катардагы эле жөнөкөй киши болобу сөөгүн козгоп, ыгы жок тийишпөө керек. Алардын сөөктөрү кайда жаткан болсо, ошол жерде жай алганы абзел. Ошондуктан улуу кол башчы Аксак Темирдин, улуу окумуштуу Улугбектин сөөктөрүн өз ордуна чоң салтанат менен койгула! Алардын духу менен руху бизди ар дайым жеңиштерге шыктандырып келген, шыктандырып жатат жана шыктандыра бермекчи! Алардын сөөгүн өз жайына канчалык тез жашырып, мавзолейин канчалык ыкчам калыбына келтирсеңер, алардын керемет күчү ошончолук тез душманды жеңүүгө өбөлгө болот,– деп сөзүн бүтүрөт.

Бир жарым миллион каражат бөлүп берет. Ошо алаамат кыргын жүрүп турган согуштун кыйын кезең учурунда майданда бир жарым миллион каражат канчалык зарыл болгондугун, ал каражатка канчалаган замбирек, танка, пулемёт, автомат жана ок дарыларды чыгарууга боло турганын түшүнгөн киши, улуу Сталин өзү баа берген Аксак Темирдин ыйык духу менен көөнөрбөс руху эли-журтубузга ошончолук кайталангыс керемет – жеңиш ийгилигин тартуулаганын аңдабай эле түшүнөт.

Улуу устатыбыз Сталин өзү белгилегендей, Аксак Темирдин сөөгү жай тапкан бир миң тогуз жүз кырк үчүнчү жылды жеке эле совет эли жүргүзүп жаткан Улуу Ата Мекендик согуштун гана эмес, адамзатты зор кайгыга салган экинчи дүйнөлүк согуштун бурулуш жылдары катары карасак болот.

Ошентип, кылымдарды карытып келаткан ата-бабалардын касиет-күчү жеңиштерден жеңиштерге шыктандырып, адам деген пендезаттын эркиндиги, жыргалчылыгы үчүн аттанып чыккан ыйык согушта совет элине дем-кубат болгонун, бүгүнкү күндөрдө да өз күчүн жоготпой, кайра мүнөт сайын чыйралып, каруу-күчкө кирип бараткандыгын айтып коюу, бүгүнкү муундардын жоопкерчилигин-деги парз.

Аксак Темир жөнүндөгү икая ойдон чыгарылган окуя эмес, ал кечээги жылдарда, бүгүнкү күндөрдө өз касиетин көрсөткөн, тарыхта жогорку баасын алган турмуш чындыгы,– деп аңгемесин аяктады капитан Элебесов.

Жымжырттыкты генерал-майор Д. Медведев бузду.

– Даа-а, дүйнөдө эмнелер гана болбойт. Аксак Темирдин каргышына ишенбеске аргабыз жок. Анткени анын касиет-күчүн көптөрү сезишкенине тарых күбө,– деди терең ойго батып.

– Эмне деген мистикалык күч! Эмне деген көрөгөчтүк! Эмне деген улуулук! Улуу көсөмүбүздүн акылына баракелде!– деп көпчүлүктүн көңүлүн өзүнө буруп турду генерал-майор Радченко. – Канаке, жолдош офицерлер, ушул чөйчөктү улуу жеңиш, улуу Сталин үчүн, жалпы эле ата-бабалардын арбагы үчүн көтөрөлү! Ура!

– Ура!

– Ура! – дешип чөйчөк бошотушту, офицерлер.

– Михаил Ксенофонтович, сизди бир мүнөткө мүмкүнбү? –деп кайрылды генерал Радченко офицерлерди тейлеп жүргөн лейтенант Воробьёвду чекеге чакырып.

– Жарайт, жолдош генерал,– деп жете келген лейтенанттын колун катуу кысты.

– Михаил Ксенофонтович, кудай буюрса, сиздин аскер наамыңызды калыбына келтирүү боюнча маселе чечилди. Кубана берсеңиз болот.

– Эх, кандай күтүлбөгөн жаңылык! Жолдош генерал, сизге чоң ырахмат, – деп лейтенант да колун дембе-дем катуу кысты.

– Мага ыракматыңыздын кереги жок. Жакшысы командиринизге ыраазычылык билдирсеңиз туура болот. Ал болбосо, бу маселени эч ким көтөрмөк эмес. Жолдош Элебесов өжөрдүгүнөн гана жетти, бу жеңишке. Барыңыз, ыраазылык билдирип коюңуз. Тигине, ал Дмитрий Иванович менен балконго тамеки тартканы чыгып баратат,– деди генерал.

– Сөзсүз барам. Кетүүгө уруксатбы?! – деди көздөрү жашылданган лейтенант.

– Уруксат, тез барыңыз. Мындай бактылуу күндөр адамдын өмүрүндө такай эле боло бербейт,– деди көкүрөгүнөн таптап.

Миша байке балконго чыкканда Медведев менен Элебесов кызуу кобурашып атышкан экен. Лейтенант мурда болуп көрбөгөндөй какая колун чекесине алып барып, быдылдап уруксат сурап ийди.

– Жолдош генерал, капитанга кайрылууга уруксатбы?!

– Уруксат, эмне шишкебегин, же виноң түгөнүп баратабы?

– Жок, жолдош генерал, гвардиячы капитан Элебесовдун чарбасында керектүү нерсенин баары бар. Шишкебек, вино жетиштүү!– деди кайраттуу.

– Анда кайрылыңыз,– деди генерал тамекисин шакектеп үйлөп жатып.

– Жолдош капитан, жок, менин командирим урматтуу Мундуз Элебесович, сизге чоң ыракмат! Сиз менен майдандаш болгон мен бактылуу экем. – Миша байке, көздөрүнөн куюлган ысык жашты аарчый албай кайра уруксат сурап ийди. – Мундуз Элебесович, сизди кучактоого уруксатбы,– деп кубанганынан өңгүрөп ыйлап жибере жаздады.

– Сизге эмне болду, Михаил Ксенофонтович? Бай болгур, түзүктөп түшүндүрүңүзчү?

– Мундуз Элебесович, мен кубангандан. Мен таптакыр элестете алган эмесмин, аскер наамымы калыбына келтирүү боюнча. Азыр Павел Маркович сүйүнчүлөдү.

Ошондо Элебесов майдандашын кучактап:

– Ал менин милдетим. Эми баары артта калды, анткени маселе чечилди. Көз жашыңызды аарчыңыз,– деди шыбырай сүйлөп.

– Даа, Миша байке, Элебесов менен майдандаш болгондугуңуз үчүн эки эсе бактылуусуз. Генералдардын деңгээлинде чечиле турган маселени командириңиз өзү киришип жатып чечип берди. Анткени командириңизди генералдар сыйлайт жана колдойт! – деди Медведев.

– Туура айттыңыз, жолдош генерал! Мундуз Элебесович урматтоого жана колдоого татыктуу командир.

– Миша байке, сизге түшүндүм, мен болгону өз милдетимди аткардым. Албетте, кубанычыңызга ортоктошмун, сиз экөөбүз али көп сүйлөшөбүз. Ошондуктан бүгүн бошошбой турунуз. Себеби биз Елизабет даярдаган тортту десертке бере элекпиз да.

– Түшүндүм, ыракмат сизге. Кетүүгө уруксатбы?

– Барыңыз, столду караңыз, кем-карчы болсо толуктаңыз. Биздин урматтуу конокторубузду эч кандай тартыштыгы жок узатуу биздин милдет. Түшүндүңүзбү?

– Түшүндүм, жолдош командир, анда мен барайын.

– Барыңыз, конокторду тосууда сиздин катышыңыз чоң экендигин унутпаңыз.

– Кантип унутайын, жолдош командир. Баары сиз айткандай жогорку деңгээлде болот,– деди лейтенант Воробьёв балкондон чыгып баратып.

– Даа-а, жоокериң чыйрак болсо минтип дүйнөң бейкапар. Эмнени айтайын дедим эле Мундуз Элебесович,– генерал ойлоно түшкөндөй чыкыйын кармады. – А да, эртең саат ондо биздин штабда союздаш аскерлердин жыйыны болот. Жыйындын күн тартибинде согуштук олжолор каралат. Ошого мен, полковник Романов, сен жана тилмеч катары Елизабетти кошуп алсакпы дейм. Анткени, ал сулуу айым орусчадан башка немис, англис тилдерин да жакшы билет эмеспи. Эгер сен каршы болбосоң,– деп Медведев капитанды олуттуу карап койду.

– Неге каршы болмок элем. Өзүм сунуш кылып жатсам.

– Бирок өзү каршы болбойбу?

– Менин оюмча каршы болбойт, себеби мени колдойт.

– Майдандаш жолдошторуң менен бактылуусуң, жолдош Элебесов!– деди генерал кайрадан суктана. – А Елизабет айым сенин багындагы бактылуу куш! Же андай эмеспи?

– Так сиз айткандай, жолдош генерал. Мен силер менен, майдандаш досторум менен бактылуумун! Бир убакта түшүбүзгө кирбеген Берлинде минтип жеңиш чөйчөгүн көтөрүп тургандыгыбыз менен, совет жергесин, Европаны фашисттик кулчулуктан бошотуп, адам деген пендезатка жашоо эркиндигин кайрып бергендигибиз менен бактылуубуз! Мындай бактылуулуктан баш тартууга болбойт.

– Генерал Павел Маркович белгилегендей, чындап эле жакшы сүйлөйт экенсиң, жолдош капитан!– деди генерал Медведев чын ниетинен сыймыгын арттырып.

– Мени сүйлөтүп жаткан жеңиш деми, алты саныбыздын амандыгы, жолдош генерал!

– Даа-а, бул дагы туура. Елизабет айымдын керемет өнөрүн өткөрүп жибербейли. Кирелиби, жолдош Элебесов,– деди өтүнгөндөй Медведев далысынан таптап.

– Кирсе кирели. Кана, баштаңыз, жолдош генерал!– деди мактоону кабыл алган Элебесов колун бооруна алып.

Экөө залга киргенде музыка ойноп, эки-экиден болуп бийлеп жатышкан. Марина Родионовнанын кесиптеш кыздары ортодо чимирилип, кеченин көркүн ачууда. Конок ээси мындай керемет кечти кыс-

карткысы келбеди көрүнөт, тортту кесүү аземин дагы жарым саатка узартты. Себеби, тоолордун элеси түшүрүлгөн торту менен мактангысы келди. Анткени, аны Елизабет бир күн убактысын коротуп жатып араң жасаган. "Анын эмгегин айтып койбосо болбостур, анан калса кеченин жогорку деңгээлде өтүшүнө да түздөн түз катышы бар эмеспи" деп ойлоду Мундуз.

Эртеси капитан Элебесов кол алдындагы жоокерлерди катарга тизип тапшырма берди. Орун басары лейтенант Воробьёвго катуу көзөмөл жүргүзүүнү буюрду да, Елизабет айым өзүнүн адеми ак түстөгү костюм юбкасына түстөш кооз көйнөгүн, шиш такалуу туфлисин, Мундуз аскер кийимин кийинип армиянын штабын көздөй жөнөштү. Капитанга бекитилип берилген виллисти отуз жылдык стажы бар, жүзүн бырыш баскан катардагы жоокер-шопуру Игорь Чудинов жаман жолдордон абайлай айдап, жол тандап зуулдап келатты. Урандылардан акырындап калганда штабга бурулган чолок көчөдөн капитан Элебесов капыстан эле дивизиянын өзгөчө бөлүмүнүн начальниги полковник Романовду көрүп калды. "Көп өлкөлөрдүн өкүлдөрү катышкан жыйын мына-мына башталганы турса Романов бул жерде эмне кылып жүрөт" деген ойго такалды. Машинаны токтотууну буюрду. Америкалык офицерди тааныбаса да жанындагы костюм-шымы боюна жарашпаган абышка ага өтөле тааныштай сезилди. Бүшүркөй колун шак урду: "Полицай Николай Гунко! Так өзү. Баягы эле кытмтыр көз карашы менен жаагын сылай койчу адатын салып турат. Анын бул жакта жүрүшүнүн максаты не? Романов америкалык офицер менен эмне жумуш бүтүрүп жүрөт?" деп ойлоду. Эсине бирдеме түштүбү, кубанганынан кыйкырып жибере жаздады. Баягы лагерь мезгилинен бери жолугушпаптыр. Ошондуктан Гунко менен учурашкысы келди. Кабинанын туткасына колу тийгенде, аңгыча күтүлбөгөн жерден полковник Романов тигилер менен кызуу коштошуп калды. Николай Гунко менен америкалык офицер чолок көчөдөн оңго бурулуп кетти. Ошондо гана капитан машинасын айда деп шопуруна белги берди. Он мүнөттөн кийин Мундуз менен Елизабет армиянын штабы жайгашкан имаратка тепкичтер менен көтөрүлүп залга кирип бараткан жеринен генерал-майор Медведев каршы алды. Жылуу учурашышты. Качан үчөө жайланып отургандан кийин шашып-бушуп полковник Романов жетип келди да, көздөрүн ойноктото кыштакка түнү менен кеткенин азыр ошол жактан түзеле бул жакка келатканын божурап ийди.

Ошентип, саат жебеси онду какканда колго түшкөн баалуу олжолорду, мындайча айтканда, дүйнөлүк мааниси зор маданий жана тарыхый баалуулуктарды өз ээлерине кайтарып берүү тууралуу СССР, Америка, Англия, Франция жана көптөгөн өлкөлөрдүн өкүлдөрү катышкан жыйын башталып кетти. Ар бир өлкөнүн өкүлү өз ой-пикирлерин билдирүүгө ашыгышты. СССРдин атынан генерал-майор Д. Медведев чыгып сүйлөп, сөзүнүн аягын минтип кесе бүтүрдү.

– Биз кандай гана баалуулуктар болбосун кайтарып бербейбиз,– деп дароо эле сөздүн ток этээр жерин айтып салды, генерал отургандарга тике карап. – Анткени, биз согушта көп жапа чегип калдык. Европаны, өз жеребизди германдык фашисттердин кулчулугунан бошоттук. Төрт жыл ичинде Кызыл Армиянын колуна түшкөн маданий, тарыхый мааниге ээ буюмдар согушта түшкөн олжо болгондуктан ушундай ишке барып жатабыз. Бул согуш олжолорун таптакыр эле кайтарып бербейбиз дегендикке жатпайт. Балким, учуру келсе бир жылдары бир буюмуна чаң жугузбай толук кайтарып берербиз, бирок жакынкы жылдарда эмес,– деди копчүлүктүн көңүлүн буруп.

Генерал-майор Медведевдин кесе айткан пикирине эч ким каршы сөз айтпады. Ал тургай бир дагы өлкөнүн өкүлү "Эмне үчүн?" деген жөнөкөй суроону берүүгө батынбады. Елизабет айым генерал Медведевдин сөзүн толук, түшүнүктүү кылып которуп берди. Генералдын оюна Франциянын өкүлү да кошулду.

Ал эми кытмырлана каш каккан америкалыктар менен англичандар эл көзүнө жакшы көрүнгүлөрү келиштиби, сүйлөшүп алгандай бири-бирине баш ийкеше, согуш учурунда колго түшкөн олжо-баалуулуктарды токтоосуз кайтарып берүүгө дилгир экендиктерин билдиришти. Жүзү жоктун сүрү жок дегендей, алардын кытмыр ою жыйынга катышып олтургандардын бирин да ишендире алган жок. Себеби, байлык менен баалуулуктарга ач кенедей жабышкандардын катарын ушул америкалыктар менен англичандар толуктары көбүнө белгилүү болуп калган эле.

Жыйынга төрагалык кылган генерал-майор Д. Медведев кайрадан өз сөзүндө 1710-жылдары немец архитектору Андеас Шлюгер тарабынан Пруссиянын королу Фридрих 1ге арналып жасалган, кийин король аны 1716-жылы орус падышасы Пётр 1ге белек кылган янтарь бөлмөсү жөнүндөгү маселеге кеңири токтолду. Бу маданий шедевр согуш башталганга чейин эле Царский кыштагындагы тарых музейде болгон. Фашисттик Германия СССРге кол салганда Кызыл Армия 1941-жылдын сентябрь айында чегинип, Пулков дөңсөөсүнө бет алат. Экинчи артына кайрылып келбейт. Учурдан пайдаланган немецтик баскынчылар дүйнөлүк шедевр болгон янтарь бөлмөсүн ийне-жибине чейин чыгарып, бүт талап-тоноп кетишет. Мына ошондон бери янтарь бөлмөсү жөнүндөгү кабардын дайын-дареги билинбей белгисиз бойдон калат.

Жыйынга катышкан өлкөлөрдүн өкүлдөрү янтарь бөлмөсү тууралуу эчтеме билбегендиктерин бир ооздон айтып чыгышты. Бирок, бу маселе талкууга түшүп, акыр-аягына чыкканга чейин полковник Романовдун жүзү бозоргондон бозоруп, өзүнчө булоолонуп тердеп, бет аарчыгысы келбей, ичтен ичке ыйлап отурганын Мундуз гана сезди.

чысы сыкма суу болуп, улам көз кыйыгы менен америкалыктар отурган тарапты тынчы жок карап олтурганын капитан Элебесов байкап койду. Качан гана янтарь бөлмөсү талкууланып бүткөндө Романовдун өңүнө кызыл жүгүрүп, үстүнөн кандайдыр бир оор жүктү алып салгандай жеңилдей түштү.

Жыйын аяктаар замат фуршет башталды. Капитан Элебесов сол жагынан колтуктаган Елизабет айымдын колун коомай кармап, ыңгайын келтирип полковник Романовдун жанына басып келди. Үчөө кайрадан чөйчөк кагыштырган болду. "Жеңиш үчүн!"– деп ак винодон ууртташты. Элебесов тияк-биягынан айлантып сураса да полковник анын тузагына чалынбады. Демек, бул жерде кандайдыр бир бекем катылган сыр бар деп ойлоду капитан. Полицай Николай Гунко жана америкалык полковник чининдеги офицер менен сүйлөшүп турганы жөнүндөгү табышмактын сырын билгиси келди. Капитандын башына капыстан: "Балким, полковник Романов, америкалык полковник жана полицай Гунконун янтарь бөлмөсүнө тиешеси бар болуп жүрбөсүн!" деген ой кылт эте түштү. Өз оюнан өзү чочуган капитандын жүрөгү тарсылдай согуп, өзүнө ишенип-ишенбей да кетти.

Түштөн кийин штабга кирип, лейтенант Воробьёвдун аскер наамын калыбына келтирүү боюнча командачынын буйругун алып чарбасына көңүлдүү жөнөдү. Жаш балача кудуңдаган Воробьёв кубанычы койнуна батбай, окуяны белгилөө максатында командиринен уруксат сурап, кечинде боло турган майрамдык отурушка киришип калганда, Элебесов кайрадан армиянын штабын көздөй шыр жүрүп кетти.

Канткен күндө да бүгүн болуп өткөн окуя жөнүндө генерал-майор Медведев менен жекеме-жеке баарлашбаса болбой турганын, ал күн мурунтан сезген. Ошондуктан жолукканда эле көргөнүн көргөндөй, билгенин билгендей төкпөй-чачпай айтып берди. Айтып гана тим болбостон шурудай тизип жазып да берди. Албетте, ал айткан маалымат генералдын эсин эки кылбаса да, ар кандай ойго салып койду.

– Эмне бар, эмне жок, текшерип көрөлү. Керек болсо артынан тыңчы коёлу,– деди.

Ошентип, полковник Романовдун артынан акмалаган адамдар пайда болду. Ортодон билинбей жыйырма күн өтүп кетти. Полковник эч кандай шек туудурбады. Бөлөк-бөтөн бирөөлөр менен жолукпады. Толук бир ай өттү. Чоочун шыбыт чыкпады. Күндөгүдөй көнгөн кызматын өтөп жүрө берди. Генерал Медведев кимге ишенээрин билбей калган учурга капталганда, кийинки айда Романовдун капыстан эле тынчы кете баштаганын байкашты. Берлиндин жайкы ысык күндөрү бир гана ошону ашыра куйкалап жаткансып, булоолонто тердетти. Баттан бет аарчысын алмаштырып калды. Бу белги бороон-чапкын бо-

лоор алдындагы пайда болгон алдамчы мемиреген жымжырттыктай, күтүлбөгөн кубаныч тартуулады.

Ошондон көп өтпөй, кечки салкында баягы чолок көчөдөн, баягы эки адамдын тааныш карааны пайда болду. Эки караан артынан дагы тишине чейин куралданган ондон жыйырма караан алып келгенин, алар жакын имараттарга жайгашканын, бардык маанилүү орунду ээлеп турганын эч ким билбеди. Олжосун аңдыган мергенчидей тапанчасын кабынан сууруп бөгжөндөп жөнөгөн капитан Элебесовду кокустук гана сактап калды. Күтүлбөгөн жерден кайдан-жайдан пайда боло калган майор Воробьёвдун тулку боюна Элебесовго арналган снайпердин огу кадалды да калды. Артын атышуу менен жардыруу коштоп кетти. Генерал Медведев полковник Романовду Элебесов айткан эки адам жүк ташуучу машинанын үстүнө колунан тартып алганын өз көзү менен көргөнүнө ишенип да, ишенбей да турду. Жамбашына минанын сыныгы тийип кыймылдабай жатып калган генерал чымыркана тапанчасындагы болгон окту алыстап бараткан машинага коротуп эстен тандады. Жеңишке жеттик, бейпилдик келди деген кийинки айда, он чакты жоокер набыт болуп, ошончосу жарадар болду. Араң эле жандары калган Элебесов менен Воробьёвду урандынын алдынан сууруп алышты.

Кийинки күнү полковник Романовдун сөөгүн Берлиндин чыга беришиндеги тамтыгы жок талкаланган арканын жанынан табышты. Жүрөгүнө эки мизи тең жылтырата курчутулган узун бычак сайылыптыр. Демек, кимдир бирөөгө күбөнүн кереги жок болуп калган.

Генерал-майор Медведев, капитан Элебесов, майор Воробьёв жана бир топ жарадар жоокерлерди көп кабаттуу үйдүн биринчи кабатында жайгашкан аскер госпиталына жаткырышты. Элебесов жеңил жаракат алгандыктан бат эле сакайып чыкты. Күндө виллиси менен өмүрүн сактап калган майор Воробьёвдон, генерал Медведевден кабар алганы аскер госпиталына келет. Бу оопалуу дүйнөдө Воробьёвго өмүр бою карыз экенин ойлоду. Бирок майор ал күнү, ошо саатта ал жерде болууга тийиш эмес экенин, ал ошо саатта рота менен болууга милдеттүү болсо да, кантип, качан тиги жерде болуп калганын түшүнө албады. "Балким, ал менин пешеме жазылган бактыдыр. Териштиргенден не? Пайда жок, а көрөкчө унутуп эле койгон жакшыдыр" деген ойго жетеленген капитан, өткөн окуяны биротоло унутуп коюуну чечти.

Ошол күнү ийининен жарадар болгон бир жоокер полковник наамындагы америкалык офицер таптак орус тилинде команда берип жатканын, орус тилинде гана сүйлөгөнүн өз кулагы менен укканын божураса тандайынан чаң чыгат. Мамлекеттик коопсуздук кызматы аралашып, окуя бара-бара татаалдана берди, бирок аягына чыккан эч ким болбоду. Шек жараткан полковник Романовдун көзү тазалангандан кийин, тиги экөө жер соруп кеткендей ын-жыңсыз жоголду. Окуя тын-

чый баштаганда баягы жарадар жоокер америкалык офицерге окшогон адамды ооруканадан көргөнүн генерал Медведевге токтоосуз кабарлашты. Медведевдин буйругу менен түзүлгөн ыкчам топ жоокерден кабар алганча, жүрөгүнө матырылган бычактан жоокер көз жумду.

Бул бычак ашынган украиналык улутчулдарга таандык экенин боолгологон капитан Элебесовдун дүк-дүк соккон жүрөгү менен тиреген тулку боюн Берлиндин аптаптуу күндөрүнө карабай каарып, үшүтүп кетти. Полицай Николай Гунко го мейли, ал бир күн тийген жердин чубагы экен. А жанындагы орусча сүйлөгөн, бирок америкалыктардын аскер кийими менен жүргөн адам ким? Акылы жетпеди. Янтарь бөлмөсүнүн артынан түшкөн адамдарды кырсык чалып биринин артынан, бири киши колдуу болуп жатканы жанын кейитпей койбоду. Ошондон бу эми янтарь бөлмөсү тууралуу экинчи ооз ачпаска, ал тургай эстебеске күтүлбөгөн жерден кашына келе калган майор Воробьёвдун көзүнчө карганып жиберди. Ал командиринин оюна ортоктош болгондой башын ийкегилеп, мыйыгынан кытмыр жылмайды.

Арийне, полковник аскер наамындагы америкалык офицер адам аласы ичинде, мал аласы тышында сыңарындай өзүнүн орун басары, куткаруучу майандашы майор Воробьёвдун улуу уулу Григорий Воробьёв экени эч кимге белгисиз болчу. Ал согуш башталгандан иниси экөө фашисттер тарапка өз ыктыярлары менен өтө качат. Кийин фашисттик өзгөчө жашыруун бөлүмдө кызмат өтөшөт. Жашыруун бөлүмдүн бирден бир максаты – германдык каракчылар ар кайсы өлкөлөрдөн, ар кайсы мезгилде талап-тоногон куну жок маданий жана тарыхый баалуулуктарды, тонналаган алтындарды, сейрек табылга-документтерди, баалуу асыл таштарды "Эмне бар, эмне жок" деп океандын ары жагы– Африка, Америка континенттерине ташып жеткирүү болот. Воробьёвдун балдары ошо бөлүмдүн кызматкерлери экендиктерин, сейрек болсо да балдары атасы менен кез-кез көрүшүп турганын, ал эми Николай Гунко атасынын айылдаш курбусу болгонун советтик тарап билген жок. Эгер кымындай эле шек-шыбыты билинип калса, капитан Элебесовдун бүркүттүн чеңгээлиндей кармаганын кабыштыра чапчыган карылуу колдору капкачан эле майор Воробьёвдун коркондогон кокосун үзүп алары бештен белгилүү болчу. Тилекке каршы, кызуу башталган иш салкын тартып, тергөө амалы аягына чыкпай, жабылуу аяк жабылуу бойдон калды.

Капитан Элебесов орун басары майор Воробьёвдун жарааты карттанып айыга баштагандыктан "ротада ага көңүлдүү болот жана тез торолот" деген тейде эки күн илгерээк ооруканадан чыгарып кетти. Ийининен сүйөп, машинага отургузуп жатып:

– Мына Миша байке, үйгө да чыгып баратабыз. Буюрса, баары жакшы болот, – деди.

– Жолдош командир, сиз дүйнөдөгү мен билген эң туруктуу мүнөзгө ээ, ата-бабаларыңыздын салтын туу туткан, касиетин сактаган мыкты офицер, жолдош жана сонун адамсыз! Чынын айтсам, жашымдын бир топ улуулугуна карабай, мен сиз менен бир полк, бир ротада кызмат өтөп жатканыма чексиз бактылуумун! Өзүңүз келип мени ооруканадан чыгарып баратканыңызга төбөм көккө жетип кубанып баратам,– деп жагымдуу быдылдап жиберди Воробьёв .

– Коюңузчу бай болгур,– деп каршы чыкты капитан Элебесов. – Адам түгөнүп калгансып мени мыкты дегениңизге баракелде! Мыкты деп командиринин өмүрүн сактап калган, мына сизди айтса жарашат. Туурабы?!– деп капыстан эле жолдон көзүн албай бараткан шопуруна кайрылды.

– Командирдин айтканы туура, менин оюмча...– деп колдогон болду анысы.

– Коюңузчу, Мундуз Элебесович, мен болгону өз милдетимди аткардым. Керек болсо сиздин өмүрүңүздү сактап калууга дайым даярмын. Ага сиз татыктуу командирсиз! Мен турганда, эми сизге каршы эч ким ок чыгара албайт, себеби жаныңызда мен бар эмесминби, жолдош командир. Чымындай жаным чыркырап кетсе да, сизди тооруган ажалдын жолун тосууга даярмын!– деп ийди кайрадан тыпылдап.

– Антпеңиз, Михаил Ксенофонтович, эми менин өмүрүмдүн кимге кереги бар. Душмандын артынан кубалап жеңишке, Берлинге жеттик. Өткөндөгү атышуу да эстен чыгып, тынчып калгансыды,– деп ойлуу үн катты, капитан Элебесов зымырап бараткан машинанын айнегинен жолду тигиле карап.

– Ошентсе да айтып койдум да,– деди Воробьёв эч кимге угузбай ичинен күңгүрөнө.

Чынында капитан Элебесов майордун сөзүн этибар албады. Кийинки жарым айда болуп өткөн ойдогу жок нерселерден иши чачтан көбөйүп, ой басып, жаны жер тартып келаткандыктанбы, ичинен батырак эле Елизабетке жетсем, эс алсам деп дегдеп келаткан. Бирок ошо саатта аскер госпиталынан эртең чыгам деп шымаланып турган генерал-майор Медведев киши колдуу болгонун, бирөөлөр уктап жаткан жеринен жүрөгүнө бычак сайып кеткенин, эми янтарь бөлмөсүн оозго алган эки гана адам – бири өзү, экинчиси Елизабет калганын, экөөнүн өмүрү ошо сааттан бычак мизинде турганын, ал байкуш кайдан билсин. Эчтемени туйбай, эч кимден шек санабай, бир калыпта зымырап бараткан машинасында бейкапар үргүлөп келатты.

Ал эми жаак эттери адаттан тыш дирт-дирт тартылган майор Воробьёв үргүлөп бараткан командиринин жүзүнө кез-кез эңиле карап, улам куркулдаган кокосун кашыган болуп, бороон чакырчу жымжырттыктай мелтиреген көкмөк көздөрүн бир өзгөчө ирмегилеп,

эчтемеден бейкапар келаткан командирине телмире карап, сугу артылып келатты.

Капитан көзүн ачканда күн кара көшөгөсүн тартып, шаар бети күүгүмдөнүп келатыптыр. Чымын-чиркей ызылдап, алыстан угулган дейди мина-снаряддардын тарсылдагы менен автомат-мылтыктын барин-серин чыккан чуулдагы теребелди термелтип, коркунучтун куйругу али үзүлбөгөнүнөн кабарлап тургансыды. Машина күрүлдөп келип таш короого кирип токтоду. Старшина Максим Качалин чуркап келип честь берди да, жагдайдын тынч экендигин божурап ийди.

– Старшина, майорго көмөктөшүңүзчү,– деди старшинанын докладын угуп бүткөндөн кийин сыпайы гана Воробьёвду колтуктап түшүрүп жатып. – Анан ичтейи ачыла тургандай кылып спирттен берип, курсагын жакшылап тойгузгула. Мен өзүмдө болом,– деп жарык чачкан экинчи кабатка көтөрүлүп кетти.

– Жарайт, жолдош капитан! Буйругуңуз аткарылат,– деди Качалин бакубат үнү менен. – Жолдош майор, мага сүйөнүп алыңыз, сизге жеңил болот,– деп ары жүрүп кетти.

Капитан алдынан утурлап чыккан Елизабетти сыга кучактап, бооруна кысты. Эрте менен эле ысык койнунан туруп кеткен. Кеч кирбей сагынып калыптыр. Аябай сагынган экен сыга-сыга кучактап, бети-башынан аймалап ийди. Арзыганы да анын ою менен болду. Назик алакаларын менен жүзүнөн сылап, оттой ысык эриндерин тосо берди. Эки бети албырып бажырайган көздөрү мээрим чача сүзүлүп, ышкысы козуп эркекти төшөккө тартты. Аял өзүнүн үстүндөгү шайы халатын алып ыргытып, эркектин өтүгүнөн тарта ич кийимине чейин дырдай чечиндирип жиберди. Тоо гүлүндөй жыпар жыттанган кенен бөлмө арзып көрүшкөн эки жаштын такай жолугушуп жүрчү бейиш төрүнө айланган.

– Кандай жароокерсиң, мынча таттуусуң Елизабет! – деди назик гана үстүнө чыгып алган Мундуз, аялдын ысык денесин өзүнө имере тартып.

– Аялдын жароокер болушу, аны таттуу кылышы эркектен. Сен менин арзып сүйгөн эркегимсиң, сен менин багымдагы бүркүтүмсүң! – деди ышкысы күчөгөн ургаачы.

Суйкайган сулуу ургаачы тизесине чейин шыпырылып калган апакай ич кийимин апакай бутунун манжасы менен төмөн шилеп түшүрүп, биротоло ары түртүп койду. Эки кишилик апакай диванда ары-бери ооналактаган эркек менен аялдын дырдай жылаңач тулку бойлорун үйдүн шыбынан түшкөн жарык алсыз чагылтып турду. Эмеле төшөк тандабай Берлиндин куту качкан жыртык-тешик жолдорунда солкулдап үргүлөп келаткан Мундуздун куш уйкусу умачтай ачылып, ургаачынын кызыгына батып кетти. Оо көптө барып, мандайындагы чыбырчыктаган терин сүлгү менен сүрткөн эргул ышкысын кандырып

жаны жай ала түштү көрүнөт, чалкалай жата кетти. Мындай сонун эс алуу болбостур! Санаасы тынып, кедерги болгон ойлордун кендири кесилгендей жыргай түштү. Дивандан туруп баратып сүйгөнүнүн эрдинен чоп эттире өөп, үстүнө халатын желбегей жамынды. Экөө жууунуучу бөлмөдө бири-бирине суу куюп шалпылдата жуунушту да эркеги үстөлгө келип олтурду.

– Кана, мээримдүү аял, эми эркектин курсагын тойгуз! – деди үстөлдү черткилеп.

– Мен азыр, баары даяр, кымбаттуу камкор эркек, бир аз чыдай туруңуз, – деди аял жароокерлене.

Елизабет буту-бутуна тийбей тызылдай чуркап, заматта үстөл үстүн тамакка жайнатып салды. Чөйчөккө ичимдик куюп, мээримдүү жылмайды.

– Мынакей,– деди чөйчөктү сунуп жатып, – алыңыз, кымбаттуу капитан, тамагыңыз таттуу, аялыңыз мээримдүү болсун! – деди жаркылдай күлө карап.

– Айтканыңыз келсин, сиздин да тамагыңыз таттуу, жолдошуңуз камкор болсун!

Анан экөө чөйчөктөрүн кагыштырып ичип жибериште да, артынан ызаттоо таризде бири-бирине эт сунушту. Мундуз Елизабет сунган этти чалпылдатып чайнап жатып:

– Кечээтен оозума наар албагандай курсагым ачып калыптыр. Өзүң дагы же, – деди.

– Ыракмат, мен үйдөмүн го. Сен жеп, ичип отур, – деди Елизабет кайра сунуп.

– Елизабет, сен тоодо жашап көрдүң беле?– деп капылеттен суроо салды Мундуз мандайындагы сулуу ургаачыны олуттуу карап.

– Кайдаан?! Мен тоодо жашамак тургай, анын бийиктигине чыгып көрө элек жанмын, – деди аял суроого олуттуу жооп берип.

Бирок Мундуздун суроосу мурдагыдан башкача чыкканын сезип, жүрөгү элеп-желеп боло түштү. Көптөн бери чыдамсыздык менен күтүп жүргөн, жүрөк мыжыктырган сарсанаа ойдун удулу келип калдыбы? Же жөнеле сурап койдубу? Мына ушуну биле албай ичинен бушайман болду.

– Бизде керемет бийик тоолор көп. Алар биздин өлкөнүн жарымынан көп бөлүгүн ээлейт. Анда жашоого керектүү нерсенин баары бар. Кийинки учурларда тоолор мени тынбай өзүнө чакырчу болду. Мекенин сагынбас эр болбойт, мага да бир күнү Берлинди таштап үйгө сапар алууга туура келет. Жашоого үйрөнүп кетет элең, – деп койду.

– Мундуз, мен жаңылыш укканжокмунбу? Сен мени тоолоруна чакырып жатасыңбы?! – Аял жанына аяр басып келди.

– Ооба. Елизабет, сен мени менен түтүн булатууга, мени менен тоолорго кетүүгө макулсуңбу? – Эркек ордунан туруп аялдын чоктой ысык колдорунан кармалады.

– Бүркүтүм менин! Макулсуңбу деп сураган жанындан. – Аял эркекти эркелете кулагынан, көздөрүнөн, эрдинен алмак-салмак өбө берди. – Мен макул гана эмес, ушу азыр кеттик десең, мына бул урандыларга додо үйүлгөн, кыйроодон чалдыбары чыккан Берлинди таштап жөө кетүүгө даярмын. Сен кайда барам десең, мен ошол тарапка барууга макулмун. Себеби мен бул сөздү качантан бери күтүп жаткам... Елизабет жаны жыргай шыбырай берди.

– Анда эле даярдан. Штабда сөз болду. Качан десем ошондо рапорт жаза алам.

– Эх, кандай сонун! – Аял алакан чапкылады. – Бүркүтүм менин, ич, же,– деп кулагын кызарткан сөзгө дене бою дуулдаган аял бетин басты. – Мундуз, кээде адамдар түпкү тегибиз маймылдайбыз ээ? Үмүтүн жандырып жакшы сөз айтса алакан чапкылаган.

– Неге маймылдайбыз? Анткени алар биздин түпкү тегибиз да. Мага кээде маймылдын жашоосу жыргалдай сезилип кетет. Эчтеме менен иши жоктой, курсагы кампайса болду, каалашынча кайгысы жоктой жашай берет. Ал эми акылы ашып ташыгандар минтип "Биз кыйынбыз эле кыйынбыз!"– деп ааламга бүлүк салып не тапты, бу жазмыштан.

– Аның да ырас, Мундуз. "Жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбойт" деп калчу элең го. Ошонун сыңарындай, адамдын колундагы беш манжа тең эмес экен. Немис элин Гитлер деген жексур бүткүл адамзатка жаман көрсөтүп кетти. Өзү ойлоп тапкан кара күчтүн тепсендисинде тебеленип, өлүгүн жер албай өрттөнүп өлдү. Чыгыштан батышка узарган, беш-алты жылга созулган эркиндиктин баасы адамзаттын кутун учурду. Канткен менен жаралгандан эле адамдын жан дүйнөсүндө маймыл тууганыбыздын мүнөзү бар окшобойбу, алакан чапкыласа кубана каткырган. – Елизабет телмире оюн өөдө-ылдый калчап көрүп кайра күнк этти. – Кантсе да маймылдыгыбызга барабыз. Бирок, өзүбүз жасаган капканга өзүбүз чабылып, өзүбүз ойлоп тапкан шумдуктан өзүбүз ажал таап, өзүбүздү өзүбүз кыйратканыбыз маймылдыгыбыздан эмес. А да болсо өзүбүздүн аң-сезимибиздин, акыл-туюмубуздун артыкчылыгынан.

– Садагасы, маймыл айбан да болсо бири-биринен өөдөсүнгөн, бири-бирин жек көргөн, бири-биринен акылдуусунуп үстөмдүк саясатын жүргүзүп келген адамзаттан өөдө. Себеби маймылдын акылы менен жаралган кыйроолор болбойт,– деди талашка башкача түр бергиси келген капитан Элебесов. – Адамзат күткөн бүткүл дүйнөлүк кыйроону маймыл эмес, андан миң эсе акыл-эстүү делген пенде жаратып, адамзатты жер үстүнөн тыптыйпыл жок кылганы жатканы калппы?! Себе-

би адамзаттын өркөнияты өнүккөн жерде бейпил, узак жашоо кыйын, анткени, ал эртеби-кечби сөзсүз бир кыйроону ойлоп табары, өзү ойлоп тапкан акылдан өзү азап чегээри белгилүү болуп калды.

– Алтыным Мундуз, кыйроодон кийин кайра пенде болуп жаралганча, кайра аныңдын акылы өсүп, кайра кыйроо даярдаганча маймылча эле күн кечирген жакшыбы дейм. Жашооң тынч, жериң бүтүн.

– Эмки кыйроодон жер-энебизди жоготуп алабыз деп корксоң маймылдын айбандыгынан эмес, пенденин эстүүлүгүнөн корк. Анткени анын өнүккөн өркөниятта жашоосу арстан менен бир капаста камалгандай эле кеп, качан болсо муздаткычта турган эттей чыгымдай берчү. Себеби айбанга көсөө көрсөтсөң болгону жырткычтыгына барат, а акылдуу пенде андан өткөнүн кылары бышык. Ошентип, эстүү жандын ажалы өзү ойлоп тапкан акылдан, маймылдын түркөйлүгүнөн эмес.

Кызуу сөздүн ушул жерине келгенде чорт үзүлдү. Анткени каалга тык-тык кагылып, Мундуз эшик ачты. Чабарман жоокер капитанды полктун командири генерал-майор Радченко шашылыш чакырып жатканын айтты. Мундуз шашылыш кийинип, таш короодо от алып, даяр турган машинасына түшүп штабды көздөй жөнөй берди.

Түн бир оокумда шылкысы бошоп, көңүлү түнөрүп кайтты. Жаны жаннатта болгур, генерал Медведев госпиталда киши колдуу болуп, оо дүйнө кете бериптир. Күрүлдөгөн машинанын доошун угуп короодон тосуп алган Елизабеттин колунан алды.

– Алтыным, эми янтарь бөлмөсү жөнүндөгү уккан-билгениңди унут. Өзүбүзгө сак бололу. Жакын арада болуп өткөн капсаландуу окуяларга жылкычы чымчыкча сереңдеп, жеңил ой менен караган болбойт. Генерал-майор Медведевди өлтүрүп кетишиптир. Жакшы киши эле... Жаткан жери жайлуу, топурагы торко болсун, – деп оор улутуна күңгүрөнүп кирди, сиркеси суу көтөрбөгөн Мундуз караңгыда карбаластаганын билгизбей. – Анан менин маселем белгисиз мөөнөттөргө дейре узартылды. Качанга дейре билбейм,– деди терең ойго чөмүлө.

– Анысына деле кайылмын, иши кылып кырсыктан алыс бололучу. Ийгиликтин эрте-кечи жок. Болбой калгандан көрө, кеч болсо да болгону жакшы. Мундуз, эми кирип эс ал,– деди көкүрөгүнө башын каткан Елизабет. – Чарчадың, аябай чарчадың...

* * *

Таң сөгүлөөр менен шаарды түйшөлткөн кыжы-кужу добуштарды пайда кылган союздаш өлкөлөрдүн каршы-терши каттаган аскер техникаларынын күрүлдөгү менен күжүлдөгөн жоокерлердин колоннасы көзгө даана урунду. Аларды шаардан биротоло кетип жатат дегенге болбойт эле, себеби бири кирип, экинчиси чыгып бараткан

кымгуутта ким кайда баратканын, ким эмне кылып жатканын билүү кыйын.

Так ошо чыгыштан көтөрүлгөн күн батышка нурун тегиз жайган күз айынын биринчи күнү Мундуз менен Елизабетти элеп-желеп кылды. Алар капкачан эле күн нуру менен жарыша турушуп, дивизиянын штабын көздөй жөнөшкөн. Виллистин арткы отургучунда термелген экөө өз ойлору менен алек. Анткени алар кудаа жол берсе, жакында Берлинди таштап Кыргызстанга жол тартышканы турушкан. Кыз өз сүйүүмдү, өз бактымды таптым деп сүйүнсө, жигит жоону жеңип үйүнө аман-эсен кайтууга кам уруп жатканына жетине албай кубанат. Ошондуктан Елизабетти мурда угуп-көрбөгөн тоолуу өлкөнүн тоолук эли ээликтирсе, машинада термелген Мундуз: "Ушунун баарын туура кылып жатамбы? Турдубай акем, Айсулуу жеңем, айылдаштар не дешер экен? Немис кызы экенине карабай табиятынан адамды өзүнө тарткан жароокерлиги, жылдызы жанган сулуулугу, жанда жок кишилиги менен элге аралашып кетээр. Мээримдүү эне, үй-бүлө куту болуу шыбагасы эми Елизабеттин өзүнөн. Ошондуктан аларды алдын ала дүрбөтүп кат жазбай турайын. Бара көрө жатарбыз, кудайдын дагы бир айтканы болор" деп ойлоду.

Дивизиянын командири Советтер Союзунун Баатыры, генерал-майор Павел Радченко жылуу кабыл алды. Кабинетте штабдын начальниги полковник Малышев, генералдын жубайы Марина Родионовнадан башка дивизиянын офицерлери отурушкан. Такта шоколад менен чай ичишти. Өткөн-кеткенди сүйлөшкөн болушту. Бир убакта:

– Мундуз Элебесович, сиздин Елизабет айым менен болгон бүтүмүңүздү чын жүрөгүмдөн куттуктайм! – деди генерал Радченко колдорун кысып жатып. – Жана силерге бактылуу турмуш, жемиштүү өмүр каалайм! Анан сиздин өз мекениңизге кайтууга бүтүм чыгарылды. Дивизиядан да колдошту, себеби сиз үйгө кайтып жаткан биринчи офицерсиз, куттуктайм!– деди генерал-майор Радченко.

– Кызуу куттуктайм!– деди Марина Родионовна да колун берип жатып.

– Туура чечим, жолдош Мундуз Элебесович! Куттуктайм! – Малышев колун сунду.

– Куттуктайбыз! – дешти башка офицерлер дагы.

– Ыракмат сиздерге, куттуктоонуздарды кабыл алабыз,– деди Мундуз жайдары.

– Сиздерге миң мертебе ыраазымын!– деди Елизабет жароокерлене.

– Анан бизде чечилбеген дагы бир түйүн бар. Албетте, ага өзүбүз күнөөлүүбүз,– деди генерал Малышевге ээк кага сүйлөп. Ошо чабуулда комдив менен штабдын начальниги Гришиндин жаракат алышып, мерт

болушу, сени баатырлыкка көрсөткөн өтүнүчтүн башка документтер менен кошо күйүп кетиши да кыйла тоскоол болду. Бирок документти башынан жаңылап, армиянын штабына кайрадан өткөрдүк. – Актангандай сүйлөдү генерал. – Болбой калгандан көрө, кеч болсо да болгону жакшы эмеспи. Сизге мына ушуну маалымдап коелу дедик. Мына офицерлердин баары күбө,– деди генерал.

– Кудаанын буюрганы болор, жолдош генерал. Ага кейинген деле жокмун. Эң башкысы, Советтик Армиянын миндеген жоокерлеринин катарында фашисттердин уюгун чыккан жеринде талкалоого катышып, алты саным аман Берлинге жеттим. Мындан артык мага дагы кандай сыйлык керек?

– Ошентсе да жолдош Элебесов, эртеби-кечби мекендин жогорку сыйлыгы баары бир өз ээсин издеп табат деп ойлойм. Ага бөркүңүздөй эле ишенип коюңуз. Негизи сиз жаралгандан эле жолдуу болсоңуз керек, ошондуктан мекенге бараткан жолуңуз шыдыр болсун!– деди ишенимдүү. – Эртең жолго чыга берсеңиз болот.

"Жоголгон сыйлык өз учурунда тапса кана, атаганат! Жакшы болбойт беле. Ошо операция үчүн сиз баатырдык жылдызын тагындыңыз, бирок ал сыймык менден кайып кетти. Балким ушундай болгону да дурустур. Тигиге берип, мени кур жалак калтырдың дештин өзү туура эмес. Пешенеге ошентип жазып койсо кантем. Иши кылып аман бололу, кудайдын дагы бир айтканы бардыр" деген ойго чөмүлгөн капитан столду черткиледи.

– "Ашык дөөлөт баш жарбайт",– деп коёт биздин элде, – андале жакшы болбойбу. Ага чейин аман бололу, жолдош генерал.– Ордунан турду капитан. "Демек иш мага чейин эле чечилген экен. Ала-Тоого кайтар күн да келет экен ээ?! Кандай сонун, кандай керемет жаңылык! – деген ой чырмады капитанды кайрадан. – Бу менин түшүмбү, же өңүмбү", – деп кубанып кеткенден улам: – Уруксат болсо биз кайталык. Эртеңкиге камдана берсек болобу, жолдош генерал? – деди аныгын тактагандай жароокерлене күлүмсүрөп.

– Болбой анан, эң сонун болот. Аскер эшалону эртең кечинде кетет, ага дейре убакыт бар эмеспи. Ошондуктан эртең түштөн кийин саат төрттө коштошуу үлпөтүнө кайрадан ушул жерден жолугалык. Сиз тааныган офицерлердин баары болот. – Генерал кабинетте отурган офицерлерди сыдыра карады. – Анан Елизабет айымдын талантына дагы бир жолу кумардан чыга маашырланып албасак болобу. Кийин аттиң деп арманда калбайлы. Штабдын начальниги полковник Малышев сиздин рецепт боюнча шишкебекти өз колу менен даярдай турган болду. Сиз Елизабет айым экөөңүздөр конок катары гана келип бериңиздер. Биз ошого ыраазы болобуз,– деди генерал Радченко сиз деп кайрылган калыбынан жазбай, жайдары күлүмсүрөп.

– Мундуз Элебесович, мен сиздин рецептти бекер сактап жүрүп-мүнбү. Биз сиз тартуулаган даамга тете даярдабасак дагы окшоштуруп жасоого аракет кылабыз,– деди полковник Малышев ынтызарлана алдыга жүткүнүп. – Мага ишенип коюңуз.

– Анда эртеңкиге чейин, жолдош капитан,– деди генерал.

– Эртеңкиге чейин, жолдош генерал. Эртеңкиге чейин жолдош полковник,– деди капитан бою-башын түзөп. – Кошуңуздар! Эртеңкиге чейин жакшы турунуз, Мария Родионовна! – Баары менен башын ийе коштошту капитан.

– Эртеңки жолугууга чейин,– деди генералдын жубайы Мария Родионовна дагы.

– Эртеңки жолугууга чейин, жолдош офицерлер! Мария Родионовна, көрүшкөнчө сизге амандык тилейм,– деди Елизабет да жылмая чыгып баратып.

– Кандай сонун түгөйлөр! Тагдырдын ушунусуна ыракмат!– деген ыраазылык сөз айтылды колтукташып бараткан экөөнө карата – Бактылуу болушсун!

Берлин менен кош айтышар күндүн жакындап калганына кудундай сүйүнүшкөн Мундуз менен Елизабет сыртка чыгар менен машина тарапка бет алышты. Шопуру Игорь Чудинов тамеки түтөтүп, көктү тиктеп олтурган экен. Тамекисин өчүрө калып, кыдындай басып арткы кабинаны ачты.

– Жолдош командир, келиңиздер, отурунуздар. Ишиңиздер кандай, оң чечилдиби?– деп отуруп жаткандарга суроолуу карады. – Куттуктаса болобу, Мундуз Элебесович?– деди өзү жайланышып алгандан кийин машинасын от алдырып жатып.

– Болбой анан, болот. Кудай буюрса, маселе оң жагына чечилди. Эртең жол тартабыз го, – деди шопуруна. – Андыктан машинаңызды ылдам айдаңыз. Тактоочу иштерди ыкчам тактайлы, эстен чыгарбайлы. Анан калса ишти майор Воробьёвго ийне-жибине дейре өткөрүп бербесем болбойт,– деди демите каш кагып.

– Үйгө, мекенге кайтуу, кандай кубаныч туу!– деп өзүнчө кудулдап алды Игорь байке. – Сизди эрте бошотту, ошого жетине албай сүйүнүп жатам, жолдош командир. А сизди эмдиги жылдын ушу күндөрүнө чейин кармашат го деп ойлогом. Сиздей мыкты кадрды табыш кайда? Анткени, сиз аткарып жаткан тапшырма өтө оор жана өзгөчө жоопкерчиликтүү эмеспи.

– Ошо өзгөчө болгону курусун, – деди капитан ачык эле, анткени, шопуру менен ата-баладай эле сүйлөшө берчү, эчтемени жашырбай.

– "Байлыкты көрүп пайгамбар жолдон чыгыптыр" дегендей, эсепсиз байлык аралашкан жерде кимдин ким экендигин билүү кыйын. А майдан тилкесинде баары алаканга салгандай көрүнүп турчу. – Капитан өткөн күндөрүн эстегендей саамга тунжурай түштү. – ...Сен жана душман. Караңгы түндө, же каргашалуу күндүзү болобу баары бир: ким душман, ким өз, айырмаланып турар элек. Себеби кийген кийимиби биз, сүйлөгөн сөзүбүз, аткарган тапшырмабызга чейин бири-бирибизден бөтөнчөлөнүп турчубуз. Анан бет келген душманың менен алыша бер. Ким күчтүү жана акылдуу болсо мөрөй ошонуку,– деп Елизабетке тигиле көз бакты. – А бул жерде болсо, бөөдө кырсык кай жагынан тооруп жатканын аңдабай калат экенсиң.

– Ушунун баары эми артта калды. Маселенин оң жагына чечилгенин, эрте бошотконун дивизия командачылыгынын жакшы кызмат өтөгөндүгү үчүн сага берген сыйлыгы деп түшүн,– деди Елизабет айым оюн таасын билдирип.

– Мен да ошондой деп ойлогом,– деди Игорь байке, өңгүл-дөңгүл, жыртык жолдон машинасын буйтатып өткөрүп жатып. – Жөнеле бошото коюшпайт болчу, андыктан мөрөй сиздики, жолдош командир!

– Игорь байке, биз талашчу мөрөйлөр али алдыда. Анын канчасына жетебиз, канчасына жетпейбиз аракетибизге жараша. "Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң" дегендей, ийгилигибизге дымып калбай, жашоо үчүн күрөштү уланта бергенибиз оң. Адилет күрөш – акыры барып адилет сыйга жеткирет. Бир келген жашоонун даамын ошондо чындап татабыз,– деди Мундуз муштумун түйүп.

– Ал дагы туура!– деп койду шопур адатынча.

Капитан капылеттен:

– Саат канча болду?– деп кызыга суроо салды экөөнө.

– Он жарым болду, – деди Елизабет айым, сураган себебин түшүнө албай.

– Он жарым...убакыттын өтпөй жатканын карагылачы,– деди капитан кейиген түрдө. – Же менин саатым токтоп калганбы? – Саатын кулагына такады.

– Токтобой эле жүрүп жатат, жакшылап тыңшасаң,– деп ыктай отурду Елизабет.

– Чын эле, жүрүп атыптыр. Мага токтоп калгандай туюлду.

– Бүркүтүм, аябай толкунданып жатасың. Ошон үчүн сааттын жебеси жылбай, күн кечкирбей, кечкирсе таң атпай жатышы өтө толкунданганыңдан, – деп "чоп" эттире бетинен өөп койду. – Андыктан көп ойлоно бербей өзүңдү күндөгүдөй эле эркин кармачы. Мен сенден суранарым ушу,– деди жаркылдай күлүп.

– Елизабет айым,– деп кайрадан сөз таштады шопур Игорь. – Айтканга жеңил болгону менен толкунданган адам бир заматта өзүн эркин сезе коюусу иш жүзүндө бир топ эле оор. Арийне, ошо күндөргө жеткендин өзү керемет! Командир төрт жыл бою тынбай согушуп келди, фашисттерди талкалап Берлинге жетти, жер шарына эркиндик орнот-

кон женүүчү катары акыры үйүнө, өз мекенине кайтуу тууралуу изги тилеги ишке ашкан күнү ким толкунданбай тура алат?! Бактылуусуз, Елизабет айым, Мундуз Элебесовдой мыкты түгөйүңүз бар. Кудай алдындагы чын сөзүм, абдан бактылуусуз!

– Игорь байке, жылуу сөзүңүзгө ыракмат. Чынын айтсам, мен өз бактымды таптым десем болот. Менин бактым – Мундуз экени да чын. Ошондуктан мен деле пендемин го, Мундуздан бешбетер толкунданып жатам, аны түшүнсө болот. Төрт жыл үй бетин көрбөй согушуу оңойбу?! Миң азап менен жеткен жеңиштен кийинки зарыга күткөн үйгө кайтчу күндүн маселеси, буюрса бүгүн чечилди. Эми биротоло чечилгенден кийин минтип сааттын жебеси өз ордунан жылбай токтоп калгандай сезилгени жаман. Турмуш ушунусу менен кызык окшойт...

Сөздүн ушу жерине келгенде капылет жерден бет мандайдан жарылган жарылуу күчү Елизабеттин кебин оозунан жулуп кеткендей болду. Катуу бараткан виллис аңтарылып кетти да, туурасы менен сүрүлүп барып урандыны "күрс" сүзүп токтоду. Эмне балээ болуп кеткенин, кандай кырсык тооруганын эч кимиси түшүнө албады. Анткени катуу жарылуудан бардыгынын кулак-мурду тунуп, эс-учун билбей жыгылышкан. Сапырылган кара чаң асманга көтөрүлүп, тешилген бактан куюлган бензин булактын үнүндөй шырылдап, ылдый жылжып акты. Айлана заматта бензин жыттанып кетти. Аласалып кеткен машинадагылардын ахыбалы көзгө жугумсуз комсоо, себеби үчөө тең ырп этээр дарманы жок, каршы-терши сулап калышкан. Бири-бирине карап ооз ачмак түгүл, көздөрүн ачканга шайлары ооп, сулк жатышты. Кутуруу жөнүндө ойлонгон, жардамга келген киши болбоду. Болсо да аны эч кимиси туйбады да, билбеди.

Аңгыча мотор жактан "тарс" эткен добуш чыгып, машинаны заматта кызыл жалын ороп кетти. Өрт заматта күчөп, төрт дөңгөлөккө жармашты. Андан чыккан кара түтүндүн ышы эркиндик издегендей көккө сапырылып, теребелди каптады. Жалындап күйгөн өрттөн бир жарым сааттан кийин машинанын сөлөкөтү гана калды. Анткени күйө турган нерсенин баары түгөл күйүп, күлгө айланып калды.

* * *

Капитан Элебесов кабылган жол кырсыгы уккандын үрөйүн учурду. Каргашалуу кабар жетээр менен дивизиянын командири генерал-майор П. Радченко чапкылап келип, көргөн көзүнө ишенбеди. Жардамга кечигип келген жоокерлер кырсык болгон айлананы бүт тинтип чыгышты. Машина өрттөнгөн жерден анча-мынча урандынын тешикжылчыгында күйбөй калган адамдын айрым сөөктөрү менен орден-медалдарын, топчулар менен өтүктүн тамандарын, алты-жети метр алыс

жерден аялдын жол баштыгы менен аялдар көкүрөгүнө тагып жүрчү үч көздүү алмаз чөгөрүлгөн кооз, аземдүү алтын төөнөгүчтү табышты. Алмаз чөгөрүлгөн алтын төөнөгүчтү генерал дароо эле Елизабет Тейлорго таандык экендигин айтты. Себеби, ал колунан көөрү төгүлгөн уста жараткан керемет төөнөгүчтү Елизабет айым такай тагынып жүргөнүн алгач таанышкан күндөн байкаганы бар. Өтүктүн тамандарынын өлчөмүнө жана "Кенисберг шаарын алгандыгы үчүн" деген медалга карап, буюмдун ээси шопур Игорь Чудинов дешти. Ал эми капитанга таандык орден-медалдардын бириси да табылбады. Ошондуктан күйгөн машинада Элебесовго тиешелүү далил буюмдун жоктугу таң калтырды. Кызыгы, өрттөнгөн машинада бир гана адамга тиешелүү күйгөн сөөктөрдүн табылгандыгы болду.

Жарылган снаряддан машина эч кандай жабыр тартпаптыр, болгону жарылуу күчүнөн аласалып кеткен. Өрт мотор тараптан баштанып, башка жагына жайылган. Чалдыбары чыккан машинаны полктун штабына сүйрөп кетишти. Аскер прокуратурасы кечиктирбей тергөө амалын баштап жиберди. Бу кокустук ишби же кол салуубу аныктоо кыйынга турду.

Арийне, ошо машинаны өрт чалган саатта, чалдыбары чыккан көп кабаттуу үйдүн экинчи кабатына аскер адамдары шашылыш чогулушту. Үй шаардын батышындагы чыга бериш жагындагы аймакта жайгашкандыктан чогулгандар эч нерседен кооптонушкан жок. Анткени бул жер машина аласалып кеткен жерден он сегиз чакырым алыстыкта эле. Бирок, кооптонушпаганы менен тынчсыздангандыктары, өтө эле сактангандыктары кубарган жүздөрүнөн даана көрүнүп турду.

– Ата, эски кайыштай чоюлуп жүрүп Берлинге да жеттиң. Эми эмне кылмаксың? "Ат айланып казыгын табат" дегендей, орду-түбү калбай өрттөнүп, соройгон меши гана калган айылдагы үйгө барасыңбы? Ал жерден тапканың не? – деди америкалык полковниктин формасында жүргөн Воробьёвдун улуу уулу Григорий Воробьёв атасын ынатыштын көйүндө. – Сактанганды кудайым сактайт, ата, биз менен жүр,– деп аңырайган терезеден мойнун созо теребелге көз жүгүртө, "чыйт" түкүрүп койду. – Жүздөгөн гектар жерибиз, үч кабаттуу келишкен үйүбүз бар. Экиден машинабыз болот. Бирин шаарга минсек, экинчисин чарба иштерине пайдаланабыз. Өмүрүбүздүн акырына чейин куурай башын сындырбай жашап өтөбүз. Үчөөбүзгө гана эмес, кийинки урпактарга жетишерлик дүнүйө табылат. Бирөөсү биздин мышыгыбызды "пыш" дебейт. Неге унчукпайсың, ата? Жок дегенде, үн салып койчу, бай болгур! Акынды деле берейин.

Улуу уулу атасына мустая тигилди.

– Атаке,– деди америкалык капитан аскер формасын кийген кенже уулу Михаил Воробьёв ортого кыпчылып, – Гришаны уксаң жаңыл-

байсың. Мына, мен деле өз учурунда кызыл жоокер болгом, мекенимди сиздей эле жанымдай сүйгөм. Фашисттерден коргогум келген. Ошентип согушуп жүрө берсем, балким, эмдигиче кайсы бир жерде сөөгүм сөпөт болмок. Бирок өзүңүз көрүп тургандай, тескерисинче, маңдайыңызда күлүп турам. Азыр бизде мурда түшкө кирбеген нерселердин баары бар. Эмне кааласак, ошону кылабыз. Көрсө, бизге байлык, дүнүйө, анан эркиндик гана жетпей жатыптыр. Эми баары жетишет. Байлыгың болсо дүйнөң кең, турмушуң бакубат болорун турмуш өзү тастыктады. Мындан артык бизге дагы кандай эркиндик керек?! Коля абаке, сиз деле бирдеме деңизчи?

Кенже уулу Михаил арага полицай Гункону аралаштыргысы келди.

Коля дегени мурда советтерде, кийин фашисттерде, эми америкалыктарда кызмат өтөп жаткан советтик майор Воробьёвдун жаш кездеги курбусу, даңазалуу полицай Николай Гунко деген шүмшүк абышка. Ал канчалык шүмшүк көрүнбөсүн, согуш ага эч кандай залакасын тийгизе албаптыр. Бети-башынан чийилген тырыкты, кайгыдан өнүп чыккан тырышты көрө албайсың. Күн тийген жердин чубагы болгон абышка америкалык капитандын суранууусун дароо эле аткара койгон жок. Баятан тамекисин түтөтүп, өзүнчө ойго батып, бурчта чокчоюп отурган. Турду да шашпай басып келди. Түк баскан тамагын карт-карт тырмап, адатынча жаагын сылай кетти.

– Миша Воробьёв, балачактагы менин кымбаттуу курбум, сага не дейин. Сен жаш бала эмессиң, баарын менден артык түшүнөсүң. Менин балдарым бойго жете элек, мындайча айтканда, али жаш, бирок, алар азыр океандын ары жагында, коопсуз жерде. А сенин балдарың зыңкыйган азаматтардан болушту. Азыр көптөрү балдарындын колун карашат. Аларга кызмат кылгылары келишет. Турмуштары тимеле жомоктогудай керемет, бирок үй-бүлөгө сен гана жетишпей турасың. Макул көрсөң биз менен жүр, эч качан өкүнбөйсүң. Океандын ары жагындагы жашоо во, болот!

– Коля, куйканы куруштуруп, башкасы сүйлөсө да, ушу сен сүйлөбөй эле койчу, бай болгур! – Майор Михаил Воробьёв туталана таамеки тутантты. – Сенин эмне айтарынды билем. Бир күндө үч жолу сатылган сенден абат нерсе чыгабы?!

– Миша, мен аны жашырбайм. – Актана шаша чулдурады тентушу. – Андай учурлар болгон. Өзүнө маалым, курулуш бригадасында темтейип жүргөндө кыштакты немистер ээлешти. Мени алар кыштактын старостасы-полицай кылып коюшту. Анан кыштак кызылдарга өткөндө кайра курулуш бригадасына бардым, кийинки айда немистер келип баарын кууп чыкканда кайрадан полицай болдум. Мунун эмнеси жаман? Мен ушунун баарын балдарым үчүн жасадым, эч кимге залалым тийген жок. "Заманың бөрү болсо бөрү, түлкү болсо түлкү бол"

дегенди туу туттум, ошо мыйзам менен күн кечирдим. Сен болсо аны түшүнбөй жашооңду өзгөрткүң жок. – Күтүлбөгөн жерден Николай Гунко кемпирлерче кемшиндеп, көзүнө жаш алып жиберди. – Эгер менин балдарым сеникиндей билерман жаштардан, улуу державанын келишкен офицерлеринен болгондо, жомоктогудай турмушту сунуш кылганда, кайда бас десе, ошол жакка ойлонбостон жүрүп кетмекмин. А сен болсо отко айдаса, бокко качасың. Сен ушуга түшүнөсүңбү?!

Полковник Григорий Воробьёв көз жашын аарчыган Гунконун далысынан ыраазы боло таптады. Таасирдүү жакшы сүйлөдүң деген кыязда, кошоматтана карады.

– Канаке, ата, ойлондуңбу? – Саатын үңүлө карады. – Убакыт тар, кимдир бирөөлөр байкап калышы мүмкүн. Бизге анын эч кандай зарылдыгы жок?

– Гриша, балам, мени укчу. Сени байкап калгандардын азыр эч кимиси жок. Баары аркы дүйнөгө кетишти. – Сустайган көздөрүн баласынын өткүр көз карашынан ала качты,– ... же кетиришти..., – деп акырын кошумчалап койду атасы.

– Ата, муну согуш дейт, жашоо үчүн күрөш дейт! Сен атпасаң, бир күнү ал сенин коконду жулат. Кантип ушуну түшүнбөйсүң? Биз деле эл катары жашайлы деп, күнү-түнү чапкылап жүрөбүз! – Уулу демите атасына эңкейди. – А сиздин түшүнгүңүз жок.

– Кимдин кандай чуркаганы көрүнүп турат. Бири мекен деп жанын карч уруп жүрсө, экинчиси көр дүнүйө деп жолунан чыккандардын көзүн тазалап жүрөт. – Атасынын жообу чыйрак чыкты. – Же андай эмеспи?!

– Эмне деп жатасың, шүмшүк! – Уулу кыжырдана атасынын жакасына асылды.

– Эмне, урасыңбы, же зордоп алып кетесиңби?! Эмне күпүлдейсүң?! Ата катары канча өтүндүм, канча жалындым. "Макул, ата, сиз айткандай кылабыз. Баары жакшы болот, бара бериңиз",– дейсиң да, иш жүзүндө өз билгенинди кылдың. Канча жакшы адамдардын өмүрү кыйылып кетти. Алардын жазыгы не?! – деп баласынын колдорун силкип таштады, ачууланган ата.

– Ата, кечирип коюңуз... Мен кызуу кандуулук кылдым. Үйрөнүп калыпмын, токтоно албай калдым,– деди америкалык полковник күнөөлүүдөй башын жерге салып.

– Үйрөнүп калганың эң жаман, уулум! Атасын жакалаган жаман жоруктан, жазыгы жок адамдарды жолундан тазалаган жаман адаттан, сен эми эч качан кутулбайсың. Өлсөң көрүнө өзүң менен кошо кетет, ага чейин көп адамдардын убалына калганың калган.

– Сен да кызыксың, ата. Жашоомду ботко кылчу күбөнүн мага эмне кереги бар, кылымда кереги жок! – Уулу туталана ары-бери басты.

– Күбө жок болсо, жаның тынч, жашоон жыргал. Ошол үчүн ошондой иштерге аргасыз барууга туура келет. Анан менин да үстүмөн көзөмөл кылгандар бар. Сен ушуну түшүнөсүңбү. Сен ойлогондой америкалыктар менен англичандар жинди эмес. Алар жашоону билет, анткени алар алааамат согуштан дагы пайда көрүүнү жаралгандан өздөштүрүп-өнүктүрүп келишкен.

– Күбөнүн кереги жок болсо мени да ат, жайла! Мына, жүрөгүмө бычак ур! – Көкүрөгүн ургулады атасы. – Ошондо суусунуң канып, жаның жыргай түшөбү?! Капитан Элебесов менен Елизабетте эмне күнөө?! Экөө тең эртең биротоло мекенине, үйүнө кайтууга камданып жатышкан. Алар сага кымындай да жамандык кылган жок го? Чынын айтсам, силер Элебесовдун чыпалагына да тең келбейсиңер! Эгер менин Элебесовдой уулум болсо, арманым болбойт эле. А силер болгону суу жүрөк шүмшүксүнөр. Өзүңөрдүн кожоюнунар болгон америкалыктар же англичандардан кем калышпаган кемпайсынар, жулсам-тоносом, байысам дегенден башканы билбеген арам тамаксынар!

– Мунусу ырас, капитан Элебесов чынында эр жигит жоокер. Ал азиаттын муштумунун даамы кандай экенин, өпкөсүн ала чуркаган олбурлуу далай хоколдор татты го, чиркин! Аркы дүйнөгө сапар алгандары да болду. Канча кармашына күбө болдум, баарында тең утуп чыкты, мөрөйүн талашканга бербеди. Айрым кишилерде жок адамгерчилиги, карагайдай түз адилеттүүлүгү көбүбүзгө сабак болор. Эгерде ал азыр бул жерде болгондо төртөөбүздү төрт жакка тырайта чапмак. Дагы жакшы, колу-буту байлануу, оозунда тыгын. – Николай Гунко жаагын назик сылап, кытмыр жылмайды.

– Эмне дедиң, дагы кайталачы, бай болгур?!– деп кубангандан шашкалактай түштү, майор Воробьёв. – Эмне, ал тирүүбү, же кулагым каңырыш угуп жатабы?!

– Тирүү, тирүү сенин Элебесовуң. Алты саны аман жертөлөдө жатат. Сен ал үчүн жаныңды да бергенге даярсың. Бир сапар, ал үчүн окко да төшүндү тостуң.

– Азыр да тосом. Ал кайда, тез айт, иттин баласы?! – Гунконун жакасына асылды.

– Эй, эй акырын. Болду эми, муунтасың. – Воробьёвду түртүп жиберип, көйнөк-жакасын түздөндү, балачактан бирге өскөн курбусу. – Мен сага алты саны аман жертөлөдө жатат дебедимби. Кутуруп кетсиңби, эмне мага ишенбей жатасыңбы?!

– Сага ишенген киши арам өлөт, сасыган саткын. Елизабет дагы тирүүбү?!

– Ал дагы тирүү, бирок ал башка жакта. Айтпадым беле,– деди Гунко ою ордунан чыкканына маашырлана Воробьёвдун эки баласына тигиле карап. – "Элебесов менен Елизабеттин өмүрүн кыйбай барымтага алып туралы, аларды атаңар кудайындай көрөт", – деп. Же анткен жок белем, мырзалар?!

– Ата, – деди кенже уулу Михаил боорына тарта сүйлөп, – сиз кайсы бир караңгы азиатты, эчтеме менен иши жок азиатты кара чечекей балдарыңыздан да артык көрөсүз. Ал сизге ошончолук эмне кылып берди?

– Сен аны кайсы бир азиат деп айтпа, – деп бакырды жаны ачыган атасы. – Ал азиат да болсо менин абийиримди тебелеп-тепсеген данаазалуу Жуковдун буйругуна кайчы чыгып, мени адам катарына кошкон, менин кадыр-баркымды кайрып берген адам. Аны полковниктер, генералдар укпаган болсо, мен минтип майор болуп жүрөмбү?! Мени жөнеле шапар тээп жүрдү дейсиңерби? – Воробьёв сөөмөйүн балдары тарапты көздөй кезеди. – Жок садагаларым, жаңыласыңар. Мен дагы арыздандым, ал тургай Борбордук Комитетке чейин жаздым. Келип келип эле полкко, дивизияга, армияга такалат. Жуковдун фамилиясын окуп, жаа бою качышат. А капитан Элебесов качкан жок. "Кызматыңызды ойдогудай өтөй бериңиз. Жоокерлерге үлгү болуңуз, негизи адамдык касиетиңизди жоготпоңуз. Анан жоготкон абийириңизди кайрып бербегенин көрөйүн", – деди. Мында эч кандай деле сыйкыр сөз жок. Мен анын айтканы менен болуп ичкиликти таптакыр таштадым. Ал жаш болсо да менин командирим болуп калды. Аны көргөндө жоош козудай мемиреп калчумун. Бир курдай, жанын тобокелге салып мени өлүмдөн алып чыкты. Ошондо да андай-мындай деп милдет кылбады. Анын чыныгы дос, ишенген майдандашы катары жасаган мамилесин туйганда ансайын сыйлап калдым. А силер эч кандай жазыгы жок, мен сыйлаган адамдын колу-бутун матап, көзүн тазалаганы жатасынар,– деп майор Воробьёв аз эле жерден өнгүрөп ийе жаздады. – Андыктан, мен силерден суранам, тезирээк жубайы экөөнү кайра шаарга алып барып таштагыла,– деди чечиле чечкиндүү бакылдап.

– Сиз айткандай кылсак, биз менен кетесизби? – деп кызыкты кенже уулу Михаил.

– Товардын баасы болгон менен көңүлдүн баасы болбойт, уулум. Мени менен соодалашпагыла. Элебесов менен Елизабетти өз чарбасына жеткиргенден кийин бирдеме дейин. Ага чейин эчтеме дей албайм. Бирдеме дебейсиңерби, же оозуңарга талкан толтуруп алдынарбы!? Мен күтүп жатам. – Атасы балдарына алмак-салмак тигилди.

– Ата, макул, сиз айткандай кылалы, – полковник уулу өтүгүнүн учу менен жер тепкиледи. – Бирок, Елизабетти өзүбүз менен кошо океандын ары жагына алып кетебиз.

– Жок,– деп кыйкырды Воробьёвдордун чоңу. – Мага экөө тең керек. Бирөөнүн канатын кескенден не пайда? Сүйүшкөндөргө тоскоол кылган жарабайт. Бирөөнүн бактысын бузгандарды кудай да жактырбайт.

– Елизабет айымдай сулуу чүрөктү колдон чыгарбай калалы,– деди Гунко салмак менен ары-бери жай баса. – Ал биздин кыштактын балдарына да момундай керек, курбум. Жакшы товар жерде калбайт.

– Коля шүмшүк, мага сүйлөбөй эле кой. Эми сен мага дос эмессиң! Сен жан алгыч азезилсиң! Билдиңби, сасыган как баш чочко?! – деп жин ургандай бакырды майор.

– Макул, досуң болбой эле коеюн. Бирок, сен мага жөндөн-жөнеле бакыра бербе! Мен аны өзүм алып жаткандай айкырдың го! Ага менден башкасы деле жетишет!

– Ата, кана экөөнүн бирин танда. Же экөө тең көз жаздым болот, же бири калып, бири кетет. Башка жол жок. Убакыт чукул,– деди улуу уулу Григорий чечкиндүү.

Майор Воробьёв бу үй-бүлөлүк кармашта утулганын, эл уулдары боло албаган балдарынан өтө чоң жаңылганын, эми гана түшүнүп жаткандай оор үшкүрдү. Гунко теңтушун "сасыган саткын" дегени менен, қан-жанынан жаралган уулдары капкачан эле ата журтун, элин сатып, алгач фашисттерге, кийин америкалыктарга таянып, сасыткы саясатын жүргүзүп жүргөндөрүнө жаны ачыды. Эми минтип өз балдары көз көрүнө атасын коколоп, адам чыдагыс шартты коюп жатышат. Эгер балдары койгон шарттын бирөөсүн тандабаса экөөнөн тең айрылып каларын түшүндү. Ойдо жок жерден чөнтөгүн сыйпалады. Тапанчасы кабында жок болуп чыкты. Тапанчасы болсо үчөөнү үч жерге тырайта атып салып, тескери басып кеткиси келип кетти. Кудай уруп, эми тапанчамды жоготтумбу деп ойлоп баратып, кайра эрте менен эле куралын улуу уулу алып койгонун эстеди. Түлкүдөн бешбетер куу болуп бүтүшүптүр. Ушуларга ишенген мен куруюн деп ой жүгүрткөн майордун үшкүрүгү таш жарды.

– Анда капитан Элебесовду коё бергиле,– деди башын жерден албай акырын.

– Бу башка иш, ата. Эми буюрса, баары о'кей болот. Сизге качан келели?– деп суроо салды чоң уулу, иштин жакшы жагына өзгөрүп баратканына сүйүнүп.

– Качан болсо, ошо күнү келгиле. Иши кылып келбей койбогула, сөзсүз келгиле. Мен даярмын,– деди жаңылуудан тунарган көздөрүн ачып-жуумп. – Анткени, бүгүндөн баштап артык баш күтүүгө менин чолом жок. Кете турган болгон соң, эрте аттанган жакшы...– деп катуу айтты, терең ойго чөмүлгөн атасы.

– Мына, үй-бүлөбүз эми толук болду,– деп кубангандан кенже уулу Михаил колун чапкылап ийди, атасы эмне ойлоп, эмне айтканына көзү жетпей. – Эми канча азап-кайгы менен топтогон дүнүйөнү арансыз чачуу керек, себеби өзүбүз үчүн шапар тээп жашоонун күнү тууду. Ушундай эмеспи, агатайым Григорий.

– Так үстүнөн чыктың, иничек,– деди агасы кожосундай ишенген инисине. – Биз башкалардан кем болгон жокпуз. Заманга жараша иш туттук. Ойдогудай турмуш кечирүүнүн бирден бир жолу – бу байлык экенин эрте түшүндүк. Кудаа деген кур калбайт, биз да тайгак жол, тар кечүүдө кудайлап жүрүп байлыкты эсепсиз чогултканга жетиштик. Эми ошо чогултканбайлыгыбызды, дүнүйөбүздү чачып, жеп-ичип, жыргап жашоо гана калды,– деп эки ирет чокунуп жиберди да, америкалык аскер формасын кийген желдеттерине буюра сүйлөдү. – Даярдангыла, кайрадан эски багыт менен жөнөйбүз! – Кайсы топ эмне кыларын билесиңер, аткаргыла! – деди мустая.

Дайым даяр турган топ буйрукту алар замат шымалана топурап тепкичтен учуп түштү. Эки-экиден куралган бу чакан топ өз милдеттерин так аткарып жатты. Воробьёвдор экинчи кабаттан ылдыйлап келгенче, үстү чүмбөттөлгөн жүк ташуучу машина күрүлдөп келип эшиктин алдына токтоду.

"Эх, кара чечекейлерим! Ошо миндеген адамдардын каны менен келген эсепсиз байлык силерге насип болобу, болбойбу, буюрабы буюрбайбы – ал кудаадан. Мен билгенден силердин эч кандай кудайынар жок. Бирок, күн-түн топтогон ошо арам байлыгынар аркылуу кудайды таанығынар, сүйгүнөр келгени кызык" деп ойлоду атасы, майор Воробьёв сыртка чыгып баратып эсепсиз байлык күткөн уулдары жөнүндө.

Көп өтпөй шымаланган желдеттер менен кол-буту маталып азап чеккендер өз багыттары боюнча бөлүштүрүлүп, алар түшкөн үч машина, үч тарапка бөлүнүп кетти. Кимдин кайсы машинада баратканы эч кимисине белгисиз. Бирок алдуусу алсызын мойсогон, момунун алдап, жүрөгүнүн үшүн ала коркуткан ошо тополоң заманда, ар ким ичинен өз кудайынын атын атап, кудайлап баратканы кызык туюлду. Бирок ким эмне деп тиленбесин, ким эмне деп жалынбасын чогулуп келип баары жараткан бир кудаадан экендигин эч кимиси танабар алган жок.

Бирок, генерал Радченко келээрден он мүнөт мурда майор Воробьёв кырсык болгон жерге жете келди. Эч ким андан шек санабады. Командирими тирүү көрөмбү, же жокпу деп ичи бышып, элге аралашып жүрө берди. Себеби жан алгычтай жулунган, дүнүйөпараз уулдарына ишенбей бараткан. Жок, ал күткөндөй болбоду, эртеси күүгүм ченде чарчап-чаалыккан капитан Элебесов өз чарбасына кирип келгенде таң калбай коё албады. Убадаларына турушкан экен, уулдары. Майор командирин көрүп учуп жетти.

– Мундуз Элебесович, эсен-соосузбу? Кайда жүрдүңүз, биз сизди издебеген жерибиз калбады,– деп анткорлоно бышактап, кучактай кетти.

Каңырыгы түтөгөн Воробьёв командирин көрүп турган көзүнө ишенбей жаш төгүп ийди. Кеч болсо да кырсыктын болорун билип туруп,

болтурбай коюуга күч үрөбөгөнүнө катуу өкүндү. Күнөөсүн мойнуна алгандай жер карады. "Бүгүн баарын ачыкка чыгарам. Айтам. Жетишет ушунча кыйналганым" деген кыжалат ой көкүрөгүн эзип жиберди.

– Сизге эмне болду, Михаил Ксенофонтович? Мен эсен-соо кайтып келбедимби. Тезинен ыйыңызды токтотуңуз, бирөөлөр көрсө уят,– деди капитан Элебесов катуу.

– Мен кубангандан, жолдош командир, кубангандан. Мени кечирип коюңуз,– деп кемшиндей кетти майор.

Оюнда капитанга бирдеме айтмакчы болуп, оозун ачканда, өчөшкөнсүп жоокерлер капитанды курчап калышты. Анткени, баары командири менен учурашып калгысы келишти. Майор улам агылып келе берген топтон сыртка сүрүлө берди. Ошентип айтыла турган сөз айтылбай, төгүлө турган сыр төгүлбөй калды.

Майор Воробьёв ошо кечте чындап баарын мойнуна алмакчы болгон, бирок өз оюнан кайра жанып кетти. "Балким бардык сыр өзүм менен кеткени туурадыр. Колумду бөөдө булгап эмне кылам. Чоң атам айтып калчу: "Кудайга коюп кой, кудай таппас балээ жок деп. Анын сыңарындай, баарын жараткандын каалоосуна койдум. Кандай жазаласа ошондой жазаласын, жолунан адашкан уулдарымды" деп ойлоду да, ары басып кетти.

Тергөө кийинки күнү катуу башталды. Элебесовду камап коюшту. Бир күн өттү. Экинчи күнү кечинде тергөөчү: "Тиги экөө өлүп, сен эмне үчүн бир жериң чийилбей келип калдың, кандай максатты көздөдүң?"– деп сурак жүргүздү. Ал: "Эсиме келсем колу-бутум таңылуу, оозумда тыгын бар экен. Анан белгисиз тарапка алып кетишти. Ошо бойдон мени унутуп коюшту. Мен эптеп бошонуп өз чарбама келдим. Менин эч кандай жаман ой-максатым болгон эмес. Эртең үйгө кайтабыз деп Елизабет экөөбүз даярдана баштаганбыз. Шопур Игорь Чудинов экөөбүз ата-баладай ысык болчубуз, бири-бирибизди сыйлоочубуз",– деди. Кайра сурашты, кайра ушу жоопту угушту. Үчүнчү күнү тергөөдө: "Балким, сен америкалык, же англиялык шпион болуп жүрбө! Катып койгон байлыгыңды аш кыла албай жаткан жоксуңбу?! Айт, сүйлө!"– деп жекирди. "Мен өзгөчө топто болгону төрт ай гана иштедим. Тапкан байлыгыбыздын, алтын-шурулардын, акчалардын баарын чыпчыргасын коротпой тиешелүү жерге бирден өткөрүп берип жүрдүк. Ишенбесеңер текшерип көргүлө",– деп кан какшаса да ишенбеди. Кайрадан суракты күчөттү. Такыр болбогондо коркутуп-үркүткөнгө өттү. "Күнөөңдү мойнуна албасаң атып салам!"– деп бакырды тергөөчү. "Кайсы күнөөмдү мойнума алышым керек! Кайсы күнөөм үчүн атып салышың керек!"– деп кыйкырды Элебесов. "Шопуруң Игорь Чудиновду, Елизабет Тейлор деген аялды өлтүргөн кылмышты мойнуна аласың. Өнөктөштөрүңдүн атын атайсың. Атын атабасаң, мойнуна ал-

басаң мобу тапанча менен жалпайта чабам, же чымчык аткандай атып салам!"– деп коркутту тергөөчү. "Мен аларды өлтүргөн жокмун. Өнөктөштөрүм да болгон эмес. Алар мага өздөй жакын болчу. Алардын курман болгондоруна мен дагы сизден бешбетер катуу кайгырып жатам. Жолдош тергөөчү, кантип ушуга түшүнбөйсүз?"– деди жаны кейиген Мундуз. "Мен сага жолдош эмесмин!– деди өгүздөй өкүрө ордунан ыргып тура калган майор тергөөчү. – Азыр сени чындап атып салам же жалпайта чабам",– деп тапанчасын көтөрдү. "Сиз каалагандай эле жалпайта салгыдай, мен камыр же чымчык эмесмин! Ойноп сүйлөсөңүз да ойлоп сүйлөңүз, гражданин тергөөчү",– деп Мундуз да тура калганда, тергөөчү тапанчасын как башка мээлеп калган.

Ушу маалда сырттан генерал-майор П. Радченкону коштогон бир топ офицерлер кирип келип экөөнүн тирешине күбө болушту. Алар келбегенде тергөөчү кызуу кандуулук менен тапанчанын машасын басып ийгенге аз калган. Кирип келгендер ан-таң калышты.

– Бу эмне жоругунуз, майор Кампаниец, куралыңызды тезинен катыңыз,– деди аскер прокуратурасынын жетекчиси, полковник Тимофеев титирей түшүп. – Болуңуз, сиз мага түшүнүп жатасызбы!– деди үнүн катуу чыгарып.

Майор Кампаниец эчтеме болбогондой тапанчасын кабына салып какая калды.

– Кана, кандай жылыш бар! Тергөө бүттүбү,– деп начальниги сылай суроо салды.

– Күнөөсүн мойнуна албай жатат, жолдош полковник. Анан калса эч кандай далил таба алган жокмун, – деди өнү сустая түшкөн тергөөчү жер карап.

– Далил таппасаңыз, күнөөсү жок болсо капитанды эмне кармап турасыз. Дароо токтомуңузду токуп, капитанды генерал-майор Радченконун карамагына өткөрүп бериңиз. Түшүндүңүзбү, жолдош тергөөчү?!– деп буюра кыйкырды.

– Жарайт, жолдош полковник, азыр өткөрүп берем,– деп карбаластап калды.

– Жолдош генерал, мынакей капитаныңыз, алып кете берсеңиз болот. Ыңгайсыздыкты түзгөндүгүбүз үчүн бизди кечирип коюңуз, – деди полковник жылмая.

– Сизге да ыракмат,– деди генерал полковникке ыраазычылыгын билдире жылмая. Анан: – Кандайсыз, Мундуз Элебесович? – деп жарыкылдай колун сунду.

– Саламатчылык, жолдош генерал, жакшы элемин,– деп кол кысыша сыртка чыгышты.

Көп өтпөй тергөөчү шашыла басып, Элебесовго мөөр басылган кагазын сунуп жатып:

– Жолдош капитан, мени кечирип коюнуз. Биздин иш ушундай катаал,– деп куйтулана көзүн ойноктотту. – Кээде катуу болбосон да болбойт, себеби баары эле кылган күнөөлөрүн мойнуна алгылары келишпейт. Жалганды чындай айтышат, – деп колун суна божурап жиберди.

Желкеси тырышкан капитан эчтеме деп жооп кайтарган жок. "Ушу азыр майланышкан бетине бир урсам кумарым кана түшөт болчу. Бирок антүүгө мага болбойт. Өзүмдү кармайын, болбосо энесин Үч-Коргондон көрсөтөт элем" деген ой келе калганда, тулку бою дүркүрөп кетти. Ошон үчүнбү, энесине таарынган жаш баладай бозоруп туруп берди. "Бирөө сурап жаткансып ишинин катаалдыгын айтканын көр, жүзү жоктун. Сага кол бергенче бербей койгонум артык. Өз жолуң менен кете бербейсиңби",– деп ичинен күңкүлдөп алды да, тескери бурулуп кетти. Осолсунган тергөөчү башы ман боло, сунулган колун тартып алып, эрдин тиштене колун чекесине тийгизди.

Генерал Радченко келээр менен жөнөп кетишти. Машина ордунан козголор замат:

– Кечээ сиздин ротада чоң кайгы болду. Майор Воробьёв өзүн өзү атынып өлдү,– деди кыжыры кайнай. – Кара басып, кийинки айларда бизди кырсык тооруду да калды.

– Кандайча атынып өлдү, жолдош генерал-майор?– деп чочуп кетти Мундуз.

– Өзүм да ошону түшүнбөй калдым,– деди генерал Радченко чалкалай отуруп. – Телефонист Овечкиндин айтуусу боюнча аны бирөө телефонго чакырып: "Биз келдик. Даяр болсоңуз кеттик",– дептир. Майор да күттүрбөстөн: "Келсеңер жакшы, бирок мен силер менен кетпейм! Алып кеткиңер келсе менин өлүгүмдү алып кеткиле!"– деп тапанчасын кабынан сууруп чыгыптыр да ойлонбостон, бирөөгө бирдеме дебестен чыкыйына басып калыптыр. Болгону ушу. Аны издеп эч ким келген жок. Кимдер келгени да белгисиз бойдон калды. Ошондуктан кечигип болсо да, кечээ аны жерге бердик.

– Чындап жаман болгон экен,– деди айласы куруган Элебесов оор үшкүрүнө.

– А мобу аялдар көкүрөгүнө такчу үч көз алмаз чөгөрүлгөн алтын төөнөгүч сизге, – деди Радченко абайлай сунуп жатып. – Биз аны жарылуу болгон жерден таптык.

– Бу төөнөгүч Елизабеттики, – деп Мундуз алдыга умтулду. – Ал такай мага: "Бу керемет белек менин чоң энемен калган улуу мурас жана менин көз мончогум", – деп калчу. Ошон үчүн төөнөгүчтү абдан аздектеп, өтө жакшы көрчү. Көкүрөгүнөн түшүрбөй дайыма тагынып жүрчү, – деди кубанычтуу жылмайып.

– Ошо өтө аздектегени үчүн сизге атайын сактап койгон элем. Алыңыз, эми бу Елизабеттин чоң энесинен калган баалуу белек баш оту менен сизге тиешелүү. Ага сиздин толук укугуңуз бар,– деди генерал Радченко төөнөгүчтү сунуп жатып.

– Ыракмат, жолдош генерал! Мен сизге бу дүйнөдө ыраазымын,– деди, дагы эмне деп алкаарын билбей. – Бул эми Елизабеттен калган мурас. Мен аны аздектеп сактоого милдеттүүмүн, жолдош генерал,– деп көзү жашылданып кетти.

– Албетте, албетте, Мундуз Элебесович. Ага сиз толук укуктуусуз?!– деп коштоп жиберди генерал. – Алыңыз, тартынбаңыз,– деди жумшак гана.

Капитан төөнөгүчтү алып, көзүнө тобо кылды да, көкүрөк чөнтөгүнө салып койду.

– Мундуз Элебесович, үйүңүзгө эртеңден калбай жөнөңүз. Антпесеңиз биротоло калып калчуудайсыз,– деп тамашалай айтты. – Дагы кайсы бир балээси илеше калбасын. Андыктан Ата Журтту көздөй сызган поездде термелип кеткенден артык эч нерсе жок. Ана-мына дегиче үйүңүзгө кирип барасыз. Жуунуп-таранганга да убакыт табылат,– деп койду акырын.

Генерал айткан убакыты курусун, араң эле жетишти жуунуп-таранганга, Елизабет экөө даярдаган белек-бечкекти машинага салганга. Темир жол бекетине келишкенде бир башкача дүйнөгө киргендей болду. Көңүлдөрү куунак жоокерлер кубанычтары койнуна сыйбай ойноп-күлүп, бийлеп-ырдап темир жол бекетинин алды шаңга бөлөнүп туруптур. Генерал менен капитанды коштоп полковник Малышев, генералдын жубайы Марина Родионовна кошо келишкен болчу. Аңгыча коңгуроо кагылып, поезд ачуу чыңырып алды. Капитан баары менен сыга кучакташты, орусча коштошту. Асынма мүшөгүн жонуна артып, чемоданын алып:

– О, жараткан кудай, пендеңе байсалдуу жол бер! Жеңиш менен кайтар күнүм бар экен!– деп ачык күңкүлдөп алды да, ишенип-ишенбей тепкичке бутун коюп, жогору көтөрүлдү.

– Жолуңуз шыдыр, жолдошуңуз кыдыр болсун, Мундуз Элебесович!– деди генерал Радченконун жубайы Марина Родионовна. – Жакшы барыңыз, жолуңуз ачылсын! – деди.

– Байсалдуу ак жол сага, жолдош капитан! Көрүшкөнчө саламатта болуңуз! – дешти узатып келген генерал менен полковник бир ооздон.

– Ыракмат сиздерге, жакшы калыңыздар! Ар дайым сак-саламат болуңуздар! Көрүшкөнчө жолдош генерал, көрүшкөнчө жолдош полковник! Урматтуу Марина Родионовна, кайыр кошуңуз! – деди капитан жылмая кол булгап.

Аңгыча жоокерлерге жык толгон поезд ак буусун булоолонто күшүлдөй шарак этти да, ордунан акырын жыла баштады. Ата Журтка,

үйүнө кайтып бараткан жоокерлер шашкалактап, топурай түшүшүп вагондорго илээше башташты. Көкүрөгүндө канчалык кыжалат ой турбасын кубанычы көөдөн кере көкөлөгөн гвардия капитаны Мундуз Элебесов майдандаш жолдоштору менен кол булгалай кызуу коштошту. Тигилер да кол булгалап узатып калышты. Өткөндө эле бир башы эки баш болуп, Елизабет Тейлор айымды колукту катары мекенине алып кетээри чечилгенде аябай сүйүнгөн. Бирок, анын сүйүнүчү көпкө созулбады. Тескерисинче аны кырсык тооруп, минтип колуктусунун өлүү же тирүүсү белгисиз коколой башы баратат. Издебеген ой-чуңкуру, барлабаган аскер бөлүктөрү калбады. Адам изи кумга сиңген суудай жок болду, жигин таптырбай кетти.

Кетип бара жатып жан биргеси экөө кыска, бирок таттуу күндөрдү өткөргөн бөлмөгө көтөрүлүп, бир сыйра көз алдынан өткөрдү. Көз жашсыз жан бирге ынагын эске алуу таптакыр мүмкүн эмес эле, себеби сагынычтан, өкүнүчтөн чыккан ысык жаш баары бир өз кылыгын кылбай коймок эмес. Ошондуктан көзүнөн сызылган ачуу жаш жаагынан ылдый кулаган сайын каңырыгы түтөдү. Мындай көрүнүшкө илгеримурун чыдаса чыдагандыр, бирок бүгүн чыдабады. Көз жашын көлдөтүп тура берди. Көзгө сүйкүм бөлмө мурда кандай ысык көрүнсө, эсинде ошо калыбында жылуу сактагысы келди. Алаканындагы Елизабеттен калган эстелик – алтын төөнөгүчтү аярлай сылады, катуу кысты. Анан жоокерлер менен жылуу коштошту да, генералдын машинасына түшүп, темир жол бекетине чү койду. Ошентип поездге отуруп, мингы жок өзү жалгыз баратканы, ага өтө өкүнүчтүү, өтө кусалуу туюлду.

Көп өтпөй түз жолдо күшүлдөп-бышылдап күүлөнүп алган поезд тымтыракайы чыгып, урандыларга көмүлүп турган Берлин шаарынан узап баратканын сезгендей бир шумдуктай ачуу чаңырып алды. Ата Журттан майданга аттануу канчалык ачуу жана азап болсо, ага кайтуу ошончолук таттуу, ошончолук шандуу жана өзгөчө жыргал болорун турмуш өзү ушинтип дагы бир жолу айгинелеп койду.

– Ачуу-таттуусу, азап-жыргалы, өөдө-ылдыйы аралашкан бири кем дүйнөнүн чындыгы ушунда экен го, чиркин! Кош Берлин, кош сематсыңбы Ата Журтум, Ала-Тоо?! Совет эли бу дүйнөлүк кармашта гуш! Саламатсыңбы жаңы дүйнө, саламатсыңбы бейкут жашоо, салаутту, фашисттерди жеринде талкалады, дүйнө элин кулчулуктан бошотту! Андыктан мен жеңиш менен силерге баратам, уулуңарды кучак жайып тосуп алгыла! Мен аман-эсенмин! Жеңишти тапкан жоокер аман, эл эсен болсун! Эгее-ей! – деген көөдөндөн чыккан үн алда кайда чабыттап, ал түшкөн поезд терезеден көзүн албай телмирип бараткан майдан офицерин чыгышты көздөй алып баратты.

ЭКИНЧИ БӨЛҮК

I

Үстү ачык машинадан Мундуз чыйрыгып түштү. Уюган денебоюн жазып, ары-бери басты. Эки күндөн бери күндүн көзүн калкалаган күздүн чыкыроон суугу Кара-Суу станциясынан бери ачык машинада келген майдан офицерин үшүтүп жибериптир. Машинадан түшкөндө көз алдына тааныш асман, тааныш чөйрө, тааныш өңдөр тартылды. Кандай керемет көрүнүш! Өзүнө ишенбей, кере-кере дем алды, айланага көз чаптырды. Себеби ал өз үйүнүн босогосунда турган. Эми аны чуулдаган октордун, жарылган бомбалардын коркунучтуу доошу коркута албайт. Анткени, ал коркунуч бир көргөн түштөй өтө алыста калды. А бул жерде мемиреген жымжырттык, канча кааласа, ошончо убакыт беймарал жүрө алат. Кайсы бир жарылуунун кесепетинен сестенбейт, коргонбойт, себеби ал өз жеринде, бейкуттук өкүм сүргөн үйүндө. Көөдөнүнө жык толгон кубанычтан чыйрыккан көңүлү жазыла түштү. Тулку боюна кан жүгүрө баштаганданбы же Өзгөнгө келип түштүм деген ойдонбу көңүлү көккө көтөрүлдү. Туулган жердин касиети оңойбу, жол тоспой ушу азыр жөө-жалаң болсо да жөнөп бергиси келип кетти, себеби Кара-Кулжага дейре отуз чакырым жол калган. Бирок саатына караса араң эле түш маалы болуптур. Бу убакта Өзгөндө болгон бардык чайкана, ашканалардын ичи адамга толуп калат. “Биртке өзөк жалгап, анан жолуму улайын. Кай жерден тамактансам?” деген тейде жака-белин сыдыра карады. Бет маңдайында чайкана турат, ага кирип-чыккан эл көп. Жол баштыгын асынып, чемоданын колуна алды. Чайкананын алдында узун ак, кара түстөгү жарашыктуу күзгү пальто кийген өзү кырдуу жаштардын тобуна көңүлү түштү. Алар кызуу талашып, кими утуп, кими утулары билинбей, талаш аягына чыкпай токтоп калгандай. Ортодогу баарынан көп күпүлдөгөнү

эч бирине сөз бербей, жыйынтыктоочу сөздү айтчудай сөөмөй кезеди. Кызыга караган Мундуз "Адашканга окшош экен. Жок, Адашкандын өзү го?!"– деди кубангандан.

– Адашкан!– деп үн катып, шашыла топту көздөй кадам шилтеди. Ошондо гана эмеле жорго сөзгө түшүп, кызып келаткан Адашкан жалт карап алды. Көргөн көзүнө ишенип-ишенбей кучагын жайды:

– Мундуз, бу сенсиңби?! Мундуз!

– Адашкан! – деп кучакташа кетишти эки дос.

– Адашкан, сен биякта эмне кылып жүрөсүң? – деди Мундуз аптыга.

– Мен го үйдөмүн. Белгород шаарынан согушту аяктадым окшойт, экинчи топтогу майып деген аныктама беришти. "Жоокер, эми эрдигиңди Ата журтунда ула. Сен мекениңе керексиң", – дешип үйгө айдашты. Азыр "Сары-Камыш" башталгыч мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп жатам. Кечээ райондук гезиттин кабарчыларынын семинарына келгем. Бүгүн семинарыбыз аяктап, үйгө кайтып бара жатканбыз. А сен өзүң кайдан келе жатасың? Биротоло бошондубу?! – деп кайрадан сыга кучактады.

– Биротоло бошотушту. Азыр эле машинадан түшкөм. Анан сени көрүп калып "Сенби, же сен эмеспи?" деп силер тарапка бастым. Туугандан-урук, айыл-апа кандай турушат? Өзүң кандайсың? Сага жолугуп жакшы болбодубу?– деди жаркылдай.

– Баары жакшы, баары кудая шүгүр! Негизи элдин көөнү тынч, сага окшоп бирин-экин согуштан аман-эсен кайткандар кубандырып жатат. Балдар таанышып койгула, менин айылдаш досум Мундуз. Майдандан кайтып келе жатыптыр. Өзүңөр көрүп турасыңар аскер чини капитан. Баатыр чалгынчы, кана көрсөтүп жиберчи,– деп аскер шинелин ачып жибергенде көкүрөгү толо шыгыраган орден-медаль көргөндүн көөнүн кызытты.

– Оо, бу Мундуз жердеш чыныгы баатыр турбайбы?!– дешип кучактай кетишти.

– Болду эми. Эй, бүттү дейм! Кантет булар?!– деп топ жаштарды токтотуп, кара тоголок, көзү бакыракай бирөөсүн көрсөтүп:

– Бу өзүбүздүн тоготойлук пионервожатый Мамади деген бала,– деди тааныштырып жатып. – А бул ак саргылы Сооронбай деген алайкуулук жигит. Бизге окшоп майданда такшалган жоокер. Анча-мынча гезитке кабар жаза коюп жүрөт. Үчөөбүз Кара-Кулжадан жаш кабарчылардын семинарына келгенбиз. Калгандары бизди узатып чыгышкан өзгөндүк кабарчы туугандар.

– Оор басырыктуу кишиге айла жок тура,– деди Сооронбай дегени жаркылдай. – Майдандаш досубуз өзүн унутуп койду. Андыктан, ал жөнүндө өзүм айтпасам болбостур. Адашкан райондук гезиттин алдын-

дагы кабарчылар постунун жетекчиси. Биздин арабыздагы эң активдүү, алдыңкы кабарчы. Ырлары, жазган материалдары республиканын гезиттеринде чыгып жүрөт. Ошондуктан качан ушу Адашкандай дасыкан кабарчы болобуз деп артынан Өзгөнгө чейин ээрчип келгенбиз,– деп ууртунан жылмайды.

– Сооронбай курдаш, сенин ырың гезитке чыга элекби? – деп сурады Мундуз.

– Адашкан курдаштыкындай ырым чыга элек, ачыгы ырлар жазыла элек. Бирок Адашканга тенелсек, Адашкандай ыр жазсак деп дегдеп жүргөнүбүз анык. Ак эткенден так этип ойлогонубуз да чын,– деди Сооронбай ак дилинен.

– Сооронбай, өтөле мактап жибердиң. Илхам келбесе жазыш кыйын. Жаза турган мезгил да, илхам да келет, ошондо өзүң эле диңкилдеп каласың. Атың чыгат, кадыр-барк күтөсүң. Ошого чейин кабар-сабар жазып такшала бер. Ырларың болсо талкуу уюштуралы, макулбу?– деди Адашкан Сооронбайды далысынан таптай.

– Макул дебеске айлабыз жок. Ушинтип Адашкан курбу айткан жол менен бара жатабыз. Ал келечектин жолу,– деп кайрадан жарк этип алды Сооронбай.

– Анда силерге дагы бир айкын жолду көрсөтөйүн,– деди Адашкан тамашалай. – Мамади, ме, мобу акчаны ал да, Сооронбай экөөң чайканадан орун караштыр, бирдеме уюштура койгула,– деп Адашкан чөнтөгүнөн акча алып чыгып пионервожатыйга сунду.

– Адашкан аке, бу не дегениңиз? Силерди биз узатабыз деп чыккандан кийин силер бизди гана угушунар керек. Анткени, конок койдон жоош. Баарын биз уюштурабыз,– дешип өзгөндүк кабарчылар экөөнүн соңунан диңкилдей чуркашты.

– Канткен менен булар экөөбүзгө караганда жаш эмеспи, кандары суюк. Аларды тим коелу, билгендерин жасай беришсин. Кана, достум, куш келипсиң! Чайканага кирели, сенин аман-эсен келишинди ушундай майлайлы, тимеле чайкана титирегендей болсун! Майдандан кайткандарды жакшы тосуп алууга толук укуктуубуз, анткени жакшы кишилер жакшы отурууга тийиш! Анан кудаа жол берсе, машина тособуз. Кам санаба, кечке Сары-Камышка кирип барабыз,– деди Адашкан чечкиндүү.

– Албетте, достум, баары сен айткандай болот! Анткени, мен ишенимдүү досум мененмин, үйдүн босогосундамын. Сен турганда дениздин суусу тизеден, эч коркпойм. Кайда десең, ошол тарапка басайын, Адашкан дос!– деди Мундуз.

– Анда басалы, достум! Орун табышкандыр, кана, жүр! Чемоданыңды мага бер, мен көтөрүп алайын,– деди досу чын ыкласынан. – Жаштарга ишенип болобу? – деп Мундузду алдыга өткөрдү.

* * *

Мундузду айылдаштары жакшы тосуп алышты. Агасы Турдубай менен жеңеси Айсулуу, иниси Сапарбай, достору жерге-суугa батбай сүйүнүштү. Келген күнү кечинде сарыкамыштыктар Турдубайдын үйүнө чогулушту. Майдандан келген жоокердин урматына шымаланган тели-тeңтуштары ыр-кесе уюштурушуп, чоң майрамга айландырып жиберишти. Береке – айылда экен, Турдубай менен Айсулууну көп деле кыйнашкан жок, айылдаштары тапкан тамак-ашын ортого коюшту. Турдубай үйдөн кан чыгарып, инисине атап серкесин сойду, Айсулуу тандырга токочун жапты. Кара казан очокко түштү, шымаланган жигиттер от жагып, орун ырастап ийишти. Ошондо Мундуздун колуна толкунданган жеңеси Айсулуу кырк биринчи жылы майданга кетип бара жатканда тиштетип калган токочун карматты.

– Кичине бала, ырыс-кешигиң тоодой экен. Согушка кетип, кайра чоң даңаза менен алты санып аман кайрылып келдиң. Кудай берген ушу ырысыңдан жазба! Эми токоч сеники, сен аны өзүң жеке жейсиңби, же тели-теңтуштарың менен бөлүшөсүңбү өз эркиң. Мен сенин ырыс-кешигиң түшкөн ошо токочунду ыйык көрүп, канча жылдан бери жаман көзгө алдырбай, суук сөзгө калтырбай аздектеп сактап келдим. Мына кей, ошо кудаанын ырыс-кешиктүү токочу. Ал сеники, ала гой, кичине бала! – дегенде көпчүлүк шатыра-шатман кол чаап, алкап жиберишти.

Мундуз чекесинен керте ооз тийип, жанындагы Адашканга узатканда эле көпчүлүк колдон-колго өткөрүп талап кетишти. Кудаанын ырыскысынан эч ким кур жалак калгысы келген жок. Таза катырылган токоч баарына жетти. Акыркы күкүмүн жараткан Турдубай менен жеңеси Айсулууга буюруптур. Алар токочтун акыркы күкүмүн оозго салганда, көпчүлүк колдорун жая бата кылып ийишти.

– Мундуз өз ырыс-кешиги, ага-тууганы, дос-жары менен бирге болсун! Ата журтубуз бейпил, асманыбыз ачык, элибиз тынч болсун! Ар дайым ийгилик коштоп жүрсүн! Оомийин!

Батадан кийин ыр-кесе башталып кетти. Чогулгандар көптөн бери ырдабай ыр сагынып калганбы, биринин артынан, бири ырдын куйругун үзбөй жер жаңырта ырдашты, каалагандар селкинчек тебишти. Кыскасы, улуу-кичүү бакылдаша кеп урушту, обон созуп, комуздейре басылган жок. Улуу-кичүүнүн ортосунда өзүнүн темир ооз комузун өкүртө кагып, кеченин эрке баласы болуп Адашкан жүрдү.

Күндүн эртеси да болду. Ойдогудай ырдап-чардаган көпчүлүк, кыйла жеңилдеп калгандай. А Мундуздун ою бир жерде болбой, жүрөгү кысылат. Сыртынан жайдары көрүнгөнү менен ичи от менен чок. Берлинден Кара-Суу темир жол станциясына чейин Елизабет жөнүндө

ойлонуп келсе, андан бери Сайкал менен кантип көрүшөм, эмне деп айтам деп бушайман. Басса-турса, бир убактагы сүйгөнүнүн элеси көз алдынан кетпей койду. Кантип калды, эмне деп сүйлөшөм менен башын оорутту. Качан, кайсы жерде жолугабыз деп ой жүгүрткөн сайын, жүрөгү бир башкача элеп-желеп болот. Кантип көрүшөм деп сөз четин чыгарса, ал ойлогондой Сайкал айылда жок болуп чыкты. Аялдардан жолу болбой жатканына, ошондо ичи туз куйгандай ачышты. Күйөөсү Анарбай кызматынан көтөрүлүп, райондун борборуна кетишкенине көп болуптур. Сайкалдын иниси Кадыр кечинде келди. Өнү керсары тартып, күнөөлүүдөй жер карайт. Суз учурашты, көпчүлүктүн көзүнчө сүйлөшө албай, бателе кетип калды. Достору да сүйлөшүп алгансып унчугушпайт, жеңеси андан бешбетер тымпыят. Бирөөдөн жарытылуу сөз укпай, ортодон эки күн өткөрүп жиберди.

Кийинки жумада катталганы райондук комиссариатка келсе, аскер комиссары майор Тарантов бирдемеге капа болуп отурганбы, жайдары учурашкан Элебесовду суз кабыл алды. Саламына салам менен жооп бербеди. Документин карап:

– Мундуз Элебесович, зыңкыйган офицер болупсуң. Көкүрөгүң толо орден, медаль. Мындай карасаң райондо сенден өткөн баатыр киши жоктой,– деди тамашалай.

– Жолдош майор, мен жөн жүргөн жокмун, согушуп келдим,– деди кабагынан кар жаап турган Элебесов да тырчыя. – Ишенбесеңиз документтери мына, ар бирин текшерип көрүңүз,– деп китепчелерди стол үстүнө жайнатып койду. – А мобу болсо, рейхстагдын кунарсыз дубалдарын чиймелеген болот канжар. Сизге дагы эмне керек?

– Албетте, албетте,– деп Тарантов оңтойсуздана түштү. – Ороолугум үчүн кечирип кой, жолдош капитан. Чын сөзүм, бүгүн өзүмду жаман сезип тургам,– деди жаман абалда калган аскер комиссары, Элебесов оңой адамдардан эмес экендигин түшүнгөндөй.

– Сиз мени кечирип коюңуз, мен өзүмү жаман сезип турам.

– Эр чекишпей бекишпейт, бир-бир болдук окшойт,– деди комиссар колунан кысып.

– Канча болгонун билбейм, мен болгону каттоого турганы келгем.

– Шашылбай деле келсең болмок. Али убакыт бар эле да.

– Бар эле, бирок мен тартипти сыйладым.

– Сыйлаганың жакшы, сенден мыкты кадр чыгат. Мундуз Элебесович, эгер мага ишенсең, сага аскер комиссариатта иштөөнү сунуш кылам. Менин орун басарым болосуң. Жаш муундарды тарбиялоодо сендей майданда күйүп-бышып келген тажрыйбалуу офицердин жардамы абдан зарыл. Баш тартпаңыз, – деди комиссар олуттуу карап. – Иштешип кетебиз. Анткени, сиздей кадр бизге момундай керек.

Капылет сунуш Мундузду ойго салып койду. Бирок, комиссардын комиссариатта иштөө сунушун ичинен жактырды. Себеби, ал кантсе да Сайкалга жакынырак болгусу келип жүргөн. Ошондуктан сунушту ойлонбой кабыл алууга өзүн-өзү мажбурлагандай:

– Мен макулмун, жолдош майор,– деди көп маалкатпай.

– Эң жакшы, демек иштешип кетебиз. Кайсы күндөн баштайын деген оюң бар? Менимче, бир-эки жума эс аласың го дейм. Ошондон кийин деле жетишесиң.

– Бүгүнтөн эле баштайм, жолдош майор,– деди ал чечкиндүү.

– Андай болсо документинди эртең өзүм Ошко алып барып келем,– деди Тарантов да чечкиндүү, капкачан эле сөз бышырып койгондой. – Жолдош капитан, жаңы иш ордуң кут болсун,– деп колун кысты. – Азыр өз милдетиң менен таанышып ал. Жүр кабинетиңен баштайлы,– деди сыртка бет ала.

Ошентип Мундуз ошол күнү Бешкепеде калып кетти.

Райондук аскер комиссариатта иш чачтан көп экен. Бирин бүтүргөнчө, экинчи маселе даяр боло калат. Көп маселенин куйругун үзбөсө иш көбөйө берерин билген Мундуз биринчи жумаларда талбай эмгектенди. Кайсы бир райондук кеңешмеде Анарбай менен бетме-бет келе түштү. "Майдандан келдиңби?"– деди ал, кытмырлана, мөрөй алган мырзадай. "Майдандан келдим",– деди Мундуз да, мөрөйүн алдырган немедей. "Келсең жакшы болуптур,– кекээрленген курдашынын дымагы күч. – Майдандан келдим, согушуп келдим, баатырмын, жеңүүчүмүн деп көп талтандай бербе! Биз деле бекер отурган жокпуз. Кең жерде дагы жолугарбыз. Ошондо бир кеп болоор",– деп моюн толгоду, канча жыл көрбөгөн теңтушу.

Мундуз өзүн жоготуп, оозун ачып калды. Анткени, ал ээн жердин бөрүсүндөй мамиле күткөн Анарбай менен досторчо кучакташып көрүшөбүз, өткөн-кеткенди эскеребиз, бири-бирибизди түшүнүшөбүз деп элестетип жүргөн. Бекер эле элестетиптир, оозунан алдырган түлкүдөй шүмүрөйө түштү. Катуу жаңылганын теңтушунун котур ташы койнунда жүргөн терсаяктыгынан сезди. Душманды талаадан издеп убара болуштун кереги жок экенин билди, аны колтугунун алдынан эле тапты. Бирок эмнеге, кай себеп менен ага мынчалык жек көрүндү болуп калды, түшүнбөй башы маң. Ушундан кийин Сайкал менен боло турган жолугушууга ишенбей калды. Күйөөсү минтип жатса, келинчеги кол сунабы деп ойлоду. Адамдардын өзгөрүүсүнө убакыт кыйла эле таасир кылыптыр. Себеби, бир убактагы жоош Анарбайдын суук мамилеси, орой көз карашы майдандан көп орден-медалдын ээси болуп келген каарман офицерди кантип чыйрыктырганын, ал өз жон териси менен сезди. Ошол жолугушуу ага катуу таасир этти, чыйралбаса онбой каларын, этияттанбаса кырсык чаларын түшүндү. Жай турмуштун

жашоо кумары деле, майдандагы кармаштай курч, таттуудай сезилди. Кичинесинен бирге ойноп, чогуу өскөн райондук НКВД бөлүмүнүн орун басары менен аскер комиссариатынын орун басары бири-бирин түшүнүшпөй, ушинтип тирешип калды. Илгертен: "Эки баатыр эре гишсе бири өлүп, бири калат" деген сөз бар эле. Бирок кимиси калып, кимиси кетээрин эч ким билбеди. Анткени ал тагдыр жазмышы жараткандын колунда эле. Ошондуктан улуу жараткан тирешкен күнү эле өз чечимин биринин мандайына жазып койгон болуу керек.

Бир курдай азык-түлүк дүкөнүнүн жанынан Сайкалга жолугуп калбасбы. Кубанып кеткен Мундуз учурашайын деп камынып калганда, ал карышкыр көргөн бөкөндөй качып жөнөдү. Артынан кууса жетмек, бирок антпеди, артынан салпактап барып кайра тартты. Экинчи жолу баласын жетелеп келе жатканда көрдү. Анда да кол жеткирбей, көздөн кайым болду. Кийин көп курдай кезикти. Баарында тең Сайкал жүз буруп кетип жатты. Анын жүз бурганын, уялганы, намыстанганы деп түшүндү, Мундуз. Бирок, Анарбай ачык эле келекелегенин койбоду. Ичинен ардемелерди айтып, шылдыңдагандай күлөт. Болбосо ошолор деп ушул жерге келбеди беле. Калпбы?! Ошон үчүн жаманга теңелгиси келбеди, өмүрүн жай өткөрө берди. Арийне райондун борбору кичине болгондуктан жолукпай коюуга мүмкүн эмес эле. Не кылмак, ага да чыдады, көндү. Ойлогон ойду, кыстаган турмуш жендиби, тескерисинче, Мундуз эми тигилерден качып калды. Алдынан оро-пара чыга калса, не кылар айласын таппай, кыйпычыктап калат. Ушинтип, ал Бешкепеге батпай калды. Дос бойдон калабыз деген үмүт чырагынын жалынын, тааныш бороон кез келген жерден сабалап, жарыгын тийгизе койбой, тоскоол боло берди. Ошо бороон чакыргандын боорун эзип, бир көрүнүп коёюн деди, бирок намысы жол бербеди. Жаманга жанашып жаман атка конгусу келбеди. Кантсин бечара, атайын айылдан арзып келген жоро-жолдошторунан көз көрүнө айрылганын моюнга алууга аргасыз болду.

Кийинки жылы Мундузду Акыбай төрага, жаш кезинен эле мааалим деген атакка конгон майдандаш досу Адашкан баштаган айылдаштары атайын издеп келишиптир. Айылда түйшүк аябай көбөйгөнүн, аны чечүүгө кол күчү жетпей жатканын айтышты. Кыскасы, маселени кабыргадан коюшту.

– Мундуз, айылга келбесең болбойт?– деди Адашкан олуттуу.

– Колхозубуздун акыбалы жаман. Өзүң билесиң, өткөндө таң атпай Маша акени башкарма кылып шайлап алганбыз. Түштөн кийин райондон өкүл келиптир. Дарыядан өтө албай калганбы, аркы өйүздө иштеп жаткан Маша акеге кыйкырат дейт: "О, Маша, сен башкармалыктан түштүң. Колхоздун мөөрүн Алимге өткөрүп бер",– деп. Не десин, жаңы башкарма жогортон айтып жаткан өкүлдүн сөзүн укпай коебу. Макул

болот. Ошентип, Алим аке башкарма болуп, жакшы эле иштеди. Эми жаңы башкарманы шайлап алуу учуру келип турат. Ошон үчүн сага келдик. Көкүрөгүң толо сыйлык, майдандан бышып жетилдин, колхозду тартып кетесиң. Жараса башкармалыкка сен жарайсың, болбосо жогортон ардемени бир айтып, башты оорута беришет. Өзүң киришпесең болчудай эмес,– деди ишеним арта.

– Шайлоо качан болот?– деди Мундуз тынчсыздангандай.

– Бүрсүгүнү,– деди Адашкан шыр гана. – Андыктан эртең айылда болуп калышың керек. Кызматынды өткөрүп бер. Сени сөзсүз шайлап алабыз, ойлонбой келе бер.

– Мен макулмун,– деди Мундуз ойлонбостон. – Бирок партиянын райондук комитетине кабарлап койбосом болбойт, тартип ушундай,– деди айылдаштарына жаңылык айтып жаткандай.

– Партиянын райондук комитетинен камтама болбо, биз ал жакка дагы кирип чыктык. Маселени кабыргадан койдук. Катчы минтип айтты: "Мундуз Элебесов ойдогудай талапкер, майданда өзүн мыкты командир катары көрсөтө алган сабаттуу жетекчи, ишенимдүү жолдош. Ошону башкарма кылып шайлап алсаңар макулмун. Эгер Сары-Камыш айылына суу чыгаруу демилгесин башкармаңар көтөрсө, андан бешбетер жакшы. Канча жүздөгөн гектар жер суу менен камсыз болуп калат эле. Ушундай долбоор болсо, мен башкармаңарды канча десенер, ошончо колдоп берем".

– Да-а, Адашкан, сен ар бир демилгени, аткара турган ишти ийне-жибине чейин иштеп чыгарыңды билем. Мага чейин эле маселе чечилип калган тура. Өз айылым – "Ленинчил жаш" колхозу үчүн, эмгимди аясам болбостур. Бу сапар силердин оюңар менен болоюн,– деди Мундуз чечкиндүү. – Эми мага убакыт бергиле, бул жактагы анча-мынча иштерди бүтүрүп, жетекчилик менен акылдашып койбосом болбойт. Негизи, эмнени иштөө керектиги жөнүндө иш-чараны түзүп чыгайын. Эртең кечинде айылда болуп калам, силер бара бергиле. Буюрса, эртен ошол жактан жолугабыз.

– Ошент кубатым, айылды көтөрбөсөк, өлкөнү көтөрө албайбыз,– деди Адашкан.

Көпчүлүк көксөгөн колхоздун кайра шайлоо чогулушуна айылдын бүт эли чогулду. Райондон өкүл болуп эки адам келди. Жарыш сөзгө чыккандар башкармалыкка эки талапкерди көрсөтүштү. Алардын бири Омор, экинчиси Мундуз. Экөө тең согушта эрдик көрсөтүп келген эр азаматтар. Омор согуштан оң колун мүрүсүнөн жоготуп келген. Талапкерлерге сөз бергенде, олбурлуу Омор жүрөгүндөгү сөздү түз айтты.

– О, эл-журт, мага сөз бердиңер, ошонусуна ыракмат. Бирок менин айтарым бу: колу чолок киши кантип башкарма болсун, айылапага уят болобуз. Теңизбай уруусунун чолок башкармасы дедирбейм.

Кандай айтсаңар ошондой айткыла, жакшысы мен башкарма болбойм,– деп өз талапкерлигин алып койду.

Мундуздун "Сары-Камыш", "Теңизбай" каналдарын куруу, Ак-Талааны суу менен камсыз кылуу жөнүндө айтканы баарына майдай жакты. Ошентип, Мундуз Каманчы, Сары-Камыш айылдары кирген "Ленинчил жаш" колхозуна бир добуштан башкарма болуп шайланды.

Эл үмүтүн актоо үчүн эртеси эле ишке шымалана киришти. Бардык ишти колго алды. Жазга буудай, арпа эктирди. Пайдасы зор Ак-Талаанын дың жерин өздөштүрүү, айылга суу алып келүү, канал казуу долбоорун партиянын райондук комитети кызуу колдоду. Суунун баркы менен наркы алтындан да кымбат болуп турган ошо жылдары, он беш-жыйырма чакырым алыстагы агымы катуу Карагулжа дарыясынан бөлүп келген бир өзөн суу, жаңыдан телчигип келаткан чарба үчүн абдан зарыл болгон. Суу – өмүр азыгы экенин, ал Сары-Камыш айылынын тургундары, айдоо жерлери үчүн өтө зарылдыгын туюп-билип, тобокел ишке бел байлады. Тоодой көрүнгөн иштен коркуп калбады, көз коркок, кол баатыр деп күжүрмөн элди уюштура алды. Элдин иши эр кишинин мойнунда деп "Сары-Камыш" каналын казууну баштап жиберди. Анан "Теңизбай" каналы түптөлө баштады. Эрте жаздан кеч күзгө дейре, Көк-Жар жайлоосунан башталып, Бөрү айылынын үстүнкү тескей жагы, Үч-Эмчек бели менен өткөн чоң арык суунун нугун каздыруу үчүн элди таң заарынан ишке салды. Топ-топко бөлүп мелдештирди. Өгүз, төөлөргө чым жүктөп, жээктерин чындады. Күн-түн дебей өжөрдөнө тырышты. Ал барган жердин иши илгерилеп, адамдардын көңүлдөрү көтөрүлүп, чарчоолору басылып, бүтпөгөн иштери бүтүп, айлана шат-күлкүгө айланды. Күздө буудай, арпа боюнча мамлекеттин планы ашыкча аткарылды. Келерки жылдын үрөнүнө кеңири артты. Калганын колхозчулардын эмгегине бөлүштүрүп берди.

Кийинки жылкы түшүм мурунку жылдан мол болду. Эл тоюнуп, чарба күттү. Аты кыз-келиндердин оозунан түшпөй шарактап, акылы башына, күчү билегине толуп-ташып турган жыйырма жети курактагы башкарма дайыма сый үстүндө болду. Бирок иш деп жүрүп, кыздарга деле көңүлүн бура албады. Айтканын айткандай, дегенин дегендей так орундаган жигиттик көктүгүн ишке жумшады. Намыс дегенде жата калат. Көк бөрү, эр эниш оюндарында жан аябай тартышат, мөрөйүн жөнеле бирөөгө алдыра койбойт. Той-тамаша үлпөтүндө, кырманда же талаада болсун, тамагын жасап созолонтуп ырдап жибергенде ар кандай жандын сүймөнчүлүгүнө айланып кетчү. Ушинтип эл арасында кадыр-баркы жогорулады. Баркы көтөрүлгөн сайын Анарбайдын итиркейин келтирди, ичи тарыды. Теңтушунун үстүнөн арызданып, үстөкө-бостоктекшерте баштады. Анткени Мундуз элге жакса да, райондон келген

текшерүүчүлөргө, тентушу Анарбайга жакпады. Кандай иш аткарбасын, эл кандай жакшы сөз айтпасын, тентушу аны жактырбай четке кагып, болушунча жамандады.

Көрө албастыктын шишиги дан бастыруу маалында жарылды. Түш ооп, күн салкындап калган. Кырманда эл көп. Райондук НКВДнын башчысы Капаров төрт кызматкери менен келип, башкарма Элебесовду камакка алуу токтому менен таанышырды. Колхоздун планын үзгүлтүккө учуратып, дан түшүмүн ысырап кылгандыгы, согуш майданында советтик түзүлүштү жамандаганы, мамлекеттик сырды ачканы, улуу көсөмүбүз компартия башчысы Сталиндин сүрөтүн өтүгүнө патек кылып жүргөндүгү жөнүндөгү күнөөсү угузулду. Уккандын оозу ачылды. Бир топтон кийин гана эсине келгенде элдин үрөйү бузула түшкөнүн байкады. Кырманчыларга деп тоодон кымыз алып келген Мукан:

– Болбогон кепти айтпагыла, Мундуз көкүрөгү орден-медалга толуп келген райондогу бирден-бир атактуу жоокер. Ал андай ишке барбайт!– деп кыйкырды.

– Андай ордени көп атактуу жоокерлердин далайын көргөнбүз, далайын сындырганбыз. Анан ал кандай ишке барат, кандай ишке барбайт, ага азыр өзүнөр күбө болосуңар,– деди НКВДнын башчысы коркута сүйлөп. – Жолдош Элебесов, ак болсоң ортого чык, өтүгүндү чеч. Эл көрсүн,– деди өтөле ишенимдүү, кытмыр жылмая.

Кылчалык жамандык ойлобогон Мундуз майор Капаровдун ишенимдүү сөзүнөн кийин ойлоно түштү. Калпыстык кетип калышы мүмкүндүгүн сезди. Ортого чыкпай коюуга да болбоду. Ошондуктан шашпай отуруп өтүгүн чечти.

– Жолдош жылкычы, өзүңүз келип өтүктү текшерип көрүңүз,– деди Капаров.

– Текшерем эле, эмнесинен корком. Мундузду жөнеле күнөөлөп жатышат,– деп жылкычы Мукан өтүккө колун салып, Сталиндин сүрөтүн алып чыкканда, таң калбаган киши калбады.

НКВДнын төрт кызматкери Элебесовго ач кенедей жабышты.

– Эми мага ишендинерби. Чындыгын айтканда, силердин башкармаңар кой терисин жамынган эл душманы. Өз көзүнөр менен көрдүнөрбү, чын бекен? Андай болсо көрдүк деп күбө өтүп, мобу кагазга кол коюп бергиле. Тез болгула, болбосо менден бирди көрөсүнөр, – деп шаштырды майор Капаров, айласы куругандарга. – Күн кечтеп баратат. Биз дагы жолго чыгалы.

– Ыймансыз акмак, акыры кара ниеттигине барыптыр да. Бу Анарбайдын эле иши, – деди Мукан чый-пыйы чыгып.

– Анарбай Жээнбеков ушул айылдан болобу? – деди Капаров кара күчкө жөтөлүп. – Ошон үчүн, ал бул жакка келгиси келбей жаткан тура.

– Анын билбегени жок, ал ошондой кара ниет, бирөөнүн ийгилигин көрө албаган акмак неме.

– Жолдош жылкычы, абайлай сүйлөнүз. Бирөөгө куру жалаа койгондугуңуз үчүн жооп бересиз, – деп Капаров опулдай бергенде, аны жанындагылар тыйып коюшту. – Жээнбековдун аброюна шек келтиргендигиңиз, жалган жалааңыз үчүн, сизди мобу Элебесовго кошуп районго алып кетип жүрбөйүн. Тил күрмөшүп алган жок белеңер? Кана, тез жооп бер! – деп башчы Ормон опузага алды.

– Тил күрмөшкөн эмес, жолдош башчы. Мукан кудайдын момуну, андай ыплас ишке эч качан барбайт, – деген көпчүлүк ордунан козголо берди.

Капаров Муканды жутуп ийчүдөй акырая карады да, жолго чыгууга буйрук берди. Ордунан козголгон НКВДнын кызматкерлерине жол ачып, чогулган эл тең экиге жарылды. Тигилер узап кеткенче, эч ким ооз ачпады, жакшы-жаман дебеди. Мундуздун ушинтип аз-аздан жыйнаган дөөлөтү, кадыр-баркы бир көргөн түштөй заматта ойрон болду да калды. Аны айыл аралатып, үйүнө келип токтошту. Түркүккө арчындай байлап, там-таштын тамтыгын калтырбай тинтишти. Орден-медаль тагылган кителин, немис канжарын, алмаз чөгөрүлгөн үч көздүү алтын төөнөгүчтү, устарасын жана башка нерселерди далил буюм катары бир баштыкка түйүштү. Күтүлбөгөн жерден үйдүн бурчунан Сайкалдын тынчсызданган жүзү көрүндү. Таңданган Мундуздун оозу түйүрүлдү.

– Арбаңыз, Мундуз ага? Мени кечирип коюңуз, сиздин алдыңызда бетим караңгы. Кылгылыкты кылып, кыл жип менен бууп, сизди жаманатты кылган Анарбай. Ал прокурор, сотту, өзүнүн начальниги менен кошо колго алып, пара берип койгон. Эптеп бошонуп кетпесеңиз, көп жылдарга камалып кетээриңиз бышык. Анарбай турган жерден адилеттүүлүктү издеп, убара болбой эле коюңуз. Абийири жок күйөө сөрөйдүн жакшылыгынан жамандыгы көп. Кош, Мундуз ага, дагы көрүшөбүзбү, жокпу билбейм. Тигилер байкап калганча кетип калайын,– деп көздөн кайым болду.

Мундуз капылеттен пайда болгон Сайкалдын сөзүнөн кийин чындап чыйралды. Капаровдун буйругу менен иниси Кадыр араба айдап келди. Районго чейин жеткирүүгө колхоз милдеттүү деп айтыптыр. Кыйчылдаган араба кылдырап короодон чыкканда, агасы менен жеңеси, иниси менен айылдаштары эчтемеге түшүнбөй, Мундузду узата карап, көчөнүн ортосунда селейген бойдон үн-сөзү жок турушту.

Мундуз жол бою терең ойго батып келатты. Жакшы-жаманын таразалады, кутулуунун жолун издеди. Кай тарапты карабасын, бардык жерден көрүнгөн каршы-терши аркайган күмүш мөңгүлүү тоолордон көзүн албады. Ошо тоолорго жетсе эле кутуларын ойлоду. Асман тиреп,

реген аска-тоолордун башы азапка малынган пендени кучагына алып, көз тайгылта ымдаган чакырыгы түйүлдүк болуп жаралгандан эле дене-боюна биротоло сиңип бүткөнүн, тоолор аны эңсегендер үчүн кут-каруучу кубаты, өмүр берген тиреги экенин ошондо жан оту менен сезди. Жүрөгү туйлагандан бутунан чачынын учуна чейин чымырап, бүткүл тулку боюн өрт аралап кеткенсиди. "Демек, тоолор – менин куткаруучум, күн кечирген түнөгүм. Ошолорго жетсем жаным калат, жашоо күнүм узарат. О дүйнөнүн жыргалынан, бу дүйнөнүн тозогу" деген чечимге келди.

Улам бир ойдун акырына чыгарда, кыйчылдаган араба өңгүл-дөңгүлдөн тарактап кетип оюн бузуп коюп атты. Ошондонбу бир чечимге келүү кыйынга турду. Бирок, уюшкан бөрүлөрдүн чеңгээлинен чыгуу азап экенин туйду. Убакыт тар, бирок тар деп таштап койсо кутулбасын түшүндү. Ошо тар жерден ыкчам бирдеме ойлоп таппаса кийин өкүнүп каларын жүрөгү сезди, ошон үчүн ичинен кескин чечим алды. Жүрөк кургур макул көргөнү менен өзү ынгайын келтире албай кыйналды. Кол салуунун жолдорун, кайда качып кетүү керектигин бүт ойлонуштуруп койду. Ынгайын күттү.

Күн кызарып батканда араба Үч-Эмчекке жетип калган. Күндүн батышын гана күтүп тургандай Мундуз ыкчам кыймылдады. Кечки үптөн өтүгүн чечип алып, бейкапар тырманып келе жаткан Капаровду желкеге сокту. Секирип келип эки милиционерди эки жакка торойто чапты. Үчүнчүсүн ичке согуп, колунун кыры менен желкесин уюта койду. Ал жер сүзүп калганда төртүнчүсү корккондон мылтыгына ок жүгүртө албай карбаластай түштү. Куралын тартып алып, кундагы менен кулак түпкө бергенде, анысы чалкасынан кулады. Төрт мылтыктын огун түгөл кагып, башчынын кайыш өтүгү менен кошо баштыгына кымыра байлады. Эси эңгиреген Капаровдун курун чечип алып, өзүн арабадан түртүп салды.

– Кадыр, атыңы чү де! Бол ылдам, эңкейишке жетсек, кармат-пай кетебиз!– деп кыйкырды, көзү аландап коркуп кеткен балага. – Бир мылтыкты ала кетпесем болбойт, – деп күңкүлдөп, бирөөсүн карысына илди.

Арабакеч шашыла атына камчы урду. Кара күрөң ордунан атырыла, арышын кере чуркады. "Өнөрүң болсо өргө чап" деген ушу. Мундуз агамдын өнөрү керекке жарады. Тимеле укмуш болду, ээ!" деп ичинен кубанып келаткан Кадыр шапалагын аябады.

– Кадыр,– деди Мундуз кырдан эңкейе бергенде,– мен Өзгөн, андан ары Ош тарапты көздөй кетем. Элге аралашып кетпесем, бате-ле кармап алышат. Мен кылмышкер эмесмин. Жагдай ушундай жолго түрттү. Мени эстей жүр, кош анда,– деп далысынан таптады да, арабадан секирип түшөр замат карангылыкка сиңип кетти.

Акыркы сөздү Мундуз атайлап айтканын бала Кадыр түшүнгөн жок. Анткени Капаров баары бир эмне болду, кай жерден түшүп калды деп сурамак. Баланын айтканына жараша иш тутмак. Ошондой эле болду. НКВДнын облустук, райондук кызматкерлери Өзгөн, Ош шаарларына тосот коюп, шек туудурган бардык жерди тамтыгын чыгара тинтишти. Сүрөтүн көрүнгөн жерге чапташып, качкынды издеген тыңчылар көчөдө салпактап күн кечиришти. Же өлүгүн таппай, же тирүү экенин билишпей суй жыгылышты. Коркунучтуу эл душманы жер жутуп кеткендей ын-жынсыз жоголду, изин таптырбай кетти. Аны билген, көргөн киши чыкпады. Майор Капаров шалаакылыгы үчүн кызматынан четтетилди. Түлкүдөй мант, жылкыдай жалт берген Анарбай Жээнбеков учурду коё бергиси келбеди. Сааты келип турганда пайдаланып калгысы келди. Ошондуктан адам кейпинен кетип, кара бет кабын кайра кийди, жетекчисин каратып туруп сатып ийди.

– Жолдош подполковник, Капаров качкын менен тил күрмөшүп алган болушу мүмкүн. Болбосо төрт бакандай милиционерди илмийген бир киши төрт жакка жыга чаап кетиши, эч бир чындыкка сыйбайт. Майор Капаровдун эл душманы менен болгон байланышы сөзсүз коомчулуктун алдында ашкереленишиси керек,– деген жаман оюн, облустан келген подполковниктин кулагына шыбырай койду эле, өзү ойлогондой жагдай дароо өзгөрүп кетти.

Мүйүздүү болом деп кулагынан айрылган паракор Капаров өзү темир торго түштү. Ордуна өсүп келаткан жаш кадр катары Анарбай Жээнбековду НКВДнын райондук бөлүмүнүн башчылыгына убактылуу көтөрүштү.

Чоң мансапка жеткен күндөн пенсияга чыгууга бир ай калган Капаровду тындырбай суракка ала баштады, жаны башчы. Аяган жок, анын мурдагы башчылык ажарына да, ыйлаган жүзүнө да карабады. Оокат-аш киргизбей ыйлатты, жанын көзүнө көргөзө кыйнады. Бир жагынан Жээнбеков дайындаган тергөөчү Капаровдун жанын сууруп алчудай күндө сурагын жүргүзүп, айыкпас азапка салды. Жаңы башчынын кысымына туруштук бере албай өлө жүдөдү, эски башчы. Кечээ эле кол баласындай болуп, баскан изине тоок кылып, таманын жалап жүргөн кызматкеринин азабына чыдабай жалынып-жалбарды, Капаров. Ташбоор турмуш ошондо да аябады, кайра жаңы башчыга пара берүүгө аргасыз кылды. Аргасыздык ошентип Капаровду байлыгын чачууга түрттү. Ошол күндү эле күтүп жаткандай жаңы башчы, эски башчы Капаровдон "кызматка алгандыгы", "бронь берип, согуштан алып калгандыгы", "кызматтан кызматка көтөрүп, такай колдоп жүргөндүгү" жана "Мундузду каралоого макулдук бергендиги үчүн" алган акчаларын, баалуу буюм-тайымын чыпчыргасын коротпой кустуруп алды. Капаров байлыкты аябай жыйнаган экен. Кантип жыйнаганы, ка-

чан жыйнаганы жана канча жыйнаганы тергөөдө катуу суралды. Жандын тынчтыгы деп берген парасын, жоголгон байлыгын ойлогон сайын тынчы кетти, чачын жулду, коррупцияга белчесинен баткан НКВДнын мурдагы башчысы. Ал канча күн темир тордун ары жагында болсо, ошончо күн кой терисин жамынган кошоматчы кызматкеринин айлакерлигине тан берди, тобо кылды. Санаага баткан байкуштун үшкүрүгү таш жарды, ойлоно берип ооруп калды.

Бул убакта Мундуз тоо арасында тирилигин кадыресе баштап калган. "Эмне болду, эми эмне болот?" деп өткөн окуянын себебин териштирүүгө убакытын короткон жок. Анткени ал качан эле Анарбайдын иттигин билип, көрөгөчтүк кылган экен. Ошондуктан ойлонуп жата берсе, түбү жок ойдун аягына чыкпай ачкалыктан өлүп калуу коркунучу туулмак. Же аракетсиздиктен жинди болуп кетүү мүмкүндүгү чоң болчу.

Ошондо арабадан секирип түшкөн барабар буту жерге тийип-тийбей сай бойлой алып учкан. Көздөгөнү – боз мунарык чалган алыскетээрин билет. Көк тиреген тоолорго бүргөдөй көрүнгөн качкындын батбай калышы мүмкүн эмес. Анткени, ал улуу тоолор жалгыз жанды гана эмес, түмөндөгөн аскерди капчыгай-жылгасына кенен батырып, изин таптырбай жашырып келгенин билет. Чоочун көзгө түшүп калуудан коркон Мундузга, качып келатып бөрүлүк туугандардын айылы аркылуу өтүүгө туура келди.

Өлбөгөн жанда үмүт бар эмеспи. Качкындын жашоо табияты үстү камыш менен жабылган үйгө шыбыт алдырбай кирүүгө аргасыз кылды. Үй ээсине көрүнбөй сурап алган балта-тешесин, казан-чакмак ташын, кесе-тонун, туз-бычагын, күрөк жана башка керектүү шайман-буюмдарды болушунча, жолдон мине качкан тору айгырга артты. "Ээ, кудаа, качкын пендеңи кечире көр! Сенин алдында менин күнөөм чоң. Керектүү нерсенин оордугу жок, ошон үчүн алууга туура келет",– деп күңүрөнө жетишпеген нерселерин кийинки үйдөн толуктады. Анткени ал шайман-буюмдун жаңыдан орун-очок алып, отун-суу камдаган качкынга кереги тийерин билген.

Асмандан боорсок жаабас деп качып келген күндөн, азык-тамдоого киришкен. Адегенде жертөлө казып, ошондо жашамакчы болду. Кийин аң уулап жүргөндө, тагдыр аны күнгөй беттен жашоого ыңгайлуу үңкүргө туш келтирди. Шарты туура келдиби же өзүнүн көөнү тартты-бы, ошол эле күнү үңкүргө буюм-тайымын ташып жеткирип койду. Кийинки тирилиги эми ошо үңкүрдө өтүп жатты. Күндүк жашоосу күрөшкө айланды. Кудайга жалынып-жалбаргандан көрө, өзү аракет кылбаса эмес, өзүнүн эмгегинен көрдү.

Ошондой күндөрдүн бир күнүндө тирилик тим жаткырбай, эр азыгы – жолдон деп, адаттагыдай кечки анчылыкка жөнөгөн Мундуз кырга чыга келди. Качканга кара жер куурулат болдубу, капысынан ышкын сыдырып жеп келаткан килейген күрөң аюуга бет келе түштү. Канткен менен бейкапар келаткан пенде, капылеттен так мандайынан чыга калган жырткычтын сүрүнөн апкаарый түштү. Теңирден тескери кетип, аюу андан коркуп-чочуп койбостон майпандай күркүрөп, тигини көздөй жылды. Ортодогу аралык уламдан-улам чукулдай берди. Качса баары бир жырткыч аны кууп жетип, чайнап коюшу айдан ачык. Жан кулактын учунда эмеспи, Мундуз үйрөнгөн адаты боюнча аюуну тике качырды. Бири-бирине үстөмдүк кылгысы келген адам менен жырткыч кармаша кетти. Өмүр менен өлүмдүн ортосундагы айкаш кызуу күч алып, тумаланып-жумаланган эки макулук ит жыгылыш болуп түзөңгө кулады. Ажал жолу чилдин арышынан кыска дегендей, экөө тең ким биринчи озунганы, ким биринчи кол салганы утушка ээ болорун сезип турду. Ошондуктан көшөрө көгөргөн күрөң аюу катуу тиш салды. Курч тырмактуу колу оң-солду шилтеп, таалайын талашкан немени жалпайта койгусу келет. Аюунун араандай ачылган азуусунан коркуп калбай, шамдагайлык менен ары-бери буйтап, качып коргонгон пенде башын ала качат. Канткен менен далай кармаштарда шамдагайлыгы менен өзгөчөлөнгөн өжөр Мундуз, колун кабыштыра кармаган аюунун чеңгээлинен эптеп бошонуп чыкты. Ыңгайын келтирип өпкө-жүрөктүн тушуна бычак саюуну ойлоду. Көз ачып жумганча, бөрү тил мизи рейхстагдын дубалын чиймелеп, кол тамга калтырган аскер канжары кындан сууруллду. Күүлөнүп келип, болгон күчү менен эки-үч жолу колтук түпкө уруп калды. Кан күсөп калганбы, ажал чакырган миздүү канжар аюунун көкүрөгүн тамтыгы жок тытмалап ийди. Ошентип, ошо күнү бу жазмыштан жолу болбой, адам колунан кансыраган аюу, жер жаңырта күркүрөп, жер тырмалап жатып жан берди. Бу сапар жеңиш пенде тарапта болду. Кийинки жеңиш ким тарапта, качан болот, аны жараткан кудай гана билбесе, эч ким билбейт эле.

Мундуз олжонун этин ыштап, баканга илди. Талпагын ташка жайып, ийлеп алды. Терисинен тилип, текенин мүйүзүнөн жаа жасады. Аскада уялаган миң сан карга, таандын канатын чогултту, Кара-Жылгадан көмүр казды. Жебесине деп сай талдын чырпыгын даярдап, жакшылап кургатты. Тору айгырдын такасын сууруп алып, отко кызытты. Жебеге ылайыктап, учтуу темир сокту. Ыргай дарагынан тандап кургатып, учтуу найза жасады. Жапайы алма, өрүк терип кургатып алды. Алчанын ширесин сыгып кургатты, тоо пиязын, карагат, жаңгак терип чогултту. Кыскасы, үңкүргө оор кирип, жеңил чыгып атты.

Суурдун терисин ийлеп, асты-үстүнө жамына турган көрпө-төшөк кураштырды. Келген күндөн мине качкан тору айгыр менен кийик

кубалады, жаа тартты. Ошентип кыш камын көрдү. Тузак жасоо талабы келип чыкканда, семиз жылкынын куйругу менен жалындагы кылына сугун артты. Себеби жылкынын кылы тузак үчүн табылгыс нерсе. Анан калса айылдан бери минип келген тору айгырдын кыштан аман чыгышы күмөн турган. Себеби даярдап алган жем-чөбү жок болчу. Ошон үчүн аяды байкушту. Улам кийинкиге жылдыра берип, акыры күздүн суугу ичиркентип киргенде, аны да тындым кылды. Оголе көп чучук жасап, бышырып алды. Тору айгырдын союлушу келерки жайга дейре жете турган азыктын камдалганына кепил болду. Терисин керегине жаратты. Жылкынын кылынан кекилик, кыргоол кармоо үчүн тузак эшти. Көмүр казып, үнкүргө отун үйдү. Кыштоо үнкүрүн жылуулап, түнөк үчүн жай ырастады. Иши кылып күн-түндү билбей түйшүктөндү. Жеңил-желпи ойго берилбеди, майда-чүйдөгө алаксыбады. Таң заардан конок жатарга чейин кышка оокат-аш, отун-суу камдоонун камында жүрдү. Антпесе кыш ызгаары, кимди болбосун жазга жеткирбей күмжам кылары турган иш...

II

Жаз чыгып, теребел кулпунуп турган.

Буудай орукта Мундуздун үйдөн чыкканына бир жыл толот.

Ошо колдон суурулган күндөн анын өлүү же тирүүсү билинбей, НКВД жер сыйпалап калды. Эки жүздүү эл бузат болуп: "Эл душманы болгон башкармалар жолдо качып кетти, силер эле жашырып койдуңар. Тез арада таап бергиле, болбосо оңбой каласыңар!" – деп айылды бир ай камалады, жаңы башчы. "Чоң болдум, күсөгөн мансабыма жеттим, эми элди каалагандай калчайм. Мага бирөө "кыңк" дебейт, – деп чочондоп Жээнбеков күн кур эмес айылга каттап, элди дүрбөттү. – Мундузду жашынган жеринен таап, менин колума салып бербесеңер баарынарды камайм. Айылдаш экениңерге карабайм. Мен азыр мамлекеттик кызмат үстүндө жүрөм. Мени кыйшык көзү менен карагандарды жоопко тартам. Эч киминерди аябайм!" – деп айылдаштарын аябай коркутту. Айрымдарын бал тилге салып, алдоого өттү. Бирок, эл ичинен Мундузду көргөн-билген киши чыкпады. Жамандын колуна бийлик тийбесин, кичинесинен ымаласы келишпеген тентушу, жылкычы Муканды кысмакка алды. "Мен жөнүндө жаман сөз айтыпсың. Менин кара ниеттигими качан көрдүң эле? Мен сага эмне жамандык кылдым?" – деп кеп-сөзгө келбей үч күн камап койду. Күндө сурап, айласын кетирди. "Чындыгын айтпасаң каматып жиберем. Кана, эми сайрачы үнүндү угайын, какылдаган карга!"– деп жүрөгүнүн үшүн алды. Өчөштүгү бардай тили гана эмес, колу да тийди. Тергөөчүсү каалагандай тепкиледи, тапанча кезеп

коркутту. Ошондон кийин Мукан койдон жоош. Теңтуштугу курусун, катуу коркуп калганбы, андан көңүлү көк таштай калганын божураса, үшкүрүгү таш жарат. Мансабына чиренген Анарбайдын атын укса эле калтырап кетчү болду, бирок дале тилин тартпады.

Анарбай көп өтпөй: "Эй, Турдубай майрык, ининди сен эле жашырдың. Кайда экенин айт, болбосо ордуна өзүң кетесиң", – деп Муканды чыгарып, анын ордуна Турдубайды камап койду. "Э, Анарбай, менин майрыктыгымы эми көрдүңбү. Эмне коркутасың, качырган өзүңөр, коркутканыңар биз. Кудай урсун, мен аны көргөн жокмун. Мага инимди таап бергиле, адилет соттогула, кимдин-ким экени ошондо билинет?!" – деп моюн толгоду. "Майрыктын бир өнөрү артык деген ушу. Тилиң узун окшойт, акеси. Ининдин кайда экенин айтасың, айтпасаң үйүңө тилсиз кайтасың. Кана, айтасыңбы, жокпу?! Тез айт!" – деп Бексултан аттуу кылмышкерлерди издөө тобунун башчысы өлө токмоктоду. Тергөөчү тишин ырсайтып, мыягынан күлүп турду. "Билбесем эмнени айтам, сенин мени урууга акың жок. Мыйзам алдында жооп бересиң!"– деп кыйкырганда Бексултандын муштуму тумшугуна кадалды. Уктап жаткан жеринен тургузуп алып кыйнашты, башынан ылдый суу куюшту. Чалгынчы офицердин майрык агасы деп мазакташты, кой менен жүрүп, кой болуп калыптыр деп кордошту. Иши кылып кылбагандын баарын кылышты, бирок оңдуу жооп алалышкан жок. А чындыгында агасы Мундуз инисинин кайда экендиги жөнүндө таптакыр кабарсыз болчу. Ошентсе да: "Ушуларга короткон кайран сөз, эмне кылса ошо кылсын! Эч кимисине ооз ачпайм!" – деп ар кандай кордоого чыдаган, көзү-башы шишиген Турдубай унчукпай кутулчу болгон. Акыры эч кандай натыйжа чыкпаганда тили узун майрыкты бошотууга аргасыз болушту.

Күндөр биринин артынан, бири тизмектеше билинбей өтө берди. Издеген таппады, качкан кайра элге кайрылып келбеди. Өпкөсүн колуна кармап, көрүнгөндү жекирип көнгөн, көрүнгөндөн алып көнгөн Капаров тергөө бүтүп-бүтбөй жиндиканадан орун тапты. Жетээр жерине жеткен неменин ушинтип үнү биротоло өчтү.

Май айынын ортосунда Турдубай Атала-Төктү жайлоосуна ириктерин, Мукан жылкысын айдады. Анткени экөөнүн конуш жайыты көп жылдан бери күнгөй-тескей бетте. Мукандын жылкылары желип-жортуп, көнгөн жайлоосуна жол баштап баратты. Бир короо ирик артынан чубалган. Турдубай чабан согуш маалында да мынча мүнкүрөгөн эмес. Күн алыс Мундуздан кат алып, жүрөгү кубанып, инисинин даназасына сыймыктанып турчу. Эми аны ой басып, азып кетти. Жолду ката ардемени ойлоп, башын катырды. Минтип бир жылдан бери кабар жок. Белгисиздик аябай эле жүдөттү. Жол азабынын түйшүгүн тарткан Турдубай менен Мукан кечинде Ак-Ташка жетип түнөштү. Эртеси көч

сапары уланды, боз үйлөр мурдагы эски журтуна тигилди. Жайлоо деген жайлоо, чөлгө караганда бул жердин аба ырайы катаал. Өзгөчө жаз айы жаан-чачындуу. Табият адатынан, бу сапар да жазбады. Эки күн нөшөрүн төгүп, анан чайыттай ачылып кетти. Көк бат көтөрүлдү. Төрт түлүк мал көккө тоюнуп, жайлоодогулардын адаттагы тирилиги кайрадан кызуу башталды.

Жай ортосунда Мукан уулунун тушоо кесүү тоюн берди. Тойдо балдар, кыздар адырандай жарышып, уулунун тушоосун кесишти. Кыз-жигиттер бөлүнүп сармерден айтышып, карыялар тогуз коргоол ойношту. Күн ылдыйлап, салкын тартып калган. Чымын-чиркейдин ызылдагы мазени алып, канаттуу куштардын сайраны көңүл жубатты. Турдубай тойдон келип, минип барган атын отко коё бергени капталдай басканда: – Турдубай аке,– деген тааныш үн кулагына шак дей түштү.

Турдубай чочулай үн чыккан токой тарапка көз чаптырды, алды-артына байкоо салды. Өзүнөн башка айланада чоочун эч ким көрүнбөдү. Аңгыча чакырык кайрадан кайталанды. Эми ал жакын эле жерден чыккандай болду. Артына бурулду. Даректын далдоосунан Мундуз чыга келгенде, өз көзүнө ишенбей кызыктай боло түштү.

– Мундуз, бу сенсиңби? Кайдан келип калдың? – Шашып калды агасы.

– Аке, жакшысызбы, бу мен, иниңиз Мундузмун. Чочулабаныз, бирөөлөр байкап койбосун,– деп кучактай кетти.

– Мундуз! Кубатым, сак саламат жүрөсүңбү? Кайда жүрдүң, кайдан келдиң?

– Аке, ал өзүнчө узун кеп. Келиңиз токойго кирип кетели, ошол жактан сүйлөшөлү,– деп Турдубайды колтуктай токойду көздөй бет алды. – Мал-жан аманбы? Жеңем, Сапарбайлар жакшы жүрөбү?

– Мал-жан аман. Жеңең, Сапарбай жүрөт. Бизде баягы эле көр тирилик. Өзүң кандайсың? Оорубай – сыркоолобой эле жүрөсүңбү?

– Мен эмне, жүрөм тоодо, жапайы өмүр кечирип. Башка түшкөн жалгыздык гана кыйнабаса, кыштан аман чыктым. Жапайы турмушка көнө түшкөнүм ушу эмеспи,– деп жылмая, башынан өткөн окуяларын тизмектеп баарын айтып берди.

– Эми эмне болот, Мундуз?

– Болчусу болду, аке. Бир мезгилде бардык нерсе өз жайына келет, агаче, ушинтип жашынганым жашынган. Бирок, элден обочо болгонум менен адамдык касиетти сактоонун ыйыктыгын түшүндүм. Бирөөнү жаманатты кылып, жасалма кадыр-барк күткөндөр курусун, баары бир аларды кудайым өз күнөөсүн таануурга аргасыз кылат, оң жолго салат. Анткени, бу дүйнөдөн адам болуп өтүүдөн артык эчтеме жок тура.

– Ал да туура. Үйгө кирели, бүгүн Мукан баласынын тушоо тоюн берген. Шорпо-шилең ичип, кымыз жут,– деди Турдубай.

– Аке, мүмкүн болсо мен жөнүндө эч ким билбесин. Бирөө жарымы билип же көрүп койсо, "эл оозунда элек жок", түйшүк тартып каласыз.

– Мундуз сага түшүндүм, бул жерде экөөбүздү көрүп койгудай чоочун киши жок, баса бер. Жеңең менен Сапарбай Мукандыкынан келе элек, – деп алактай жан-жагын карады. – Шек кылбай баса бер, кубатым. Үйдөн бирдеме ооз тийбесең болобу.

Анан инисинин колунан жетелей боз үйгө ээрчитип кирип, болгон дасмиясын жайып коноктоду, Турдубай. Дасторкон үстүндө сагынышкан ага-ини чер жаза сүйлөштү, ата-энесин эскерип куран түшүрүштү. Жайдын акыркы күндөрү абасы менен Суу-Башында жолукмак болуп убадалашты. Агасы: "Бир-эки күн конуп кет. Кийим-кечеңи жеңең жууп берсин",– десе да болбоду. Качкындын жашоосу курусун, шырп эткен шыбышка элеңдеп, бир орунда тынч отура албады. Ошого карабай көпкө отурду. Качан гана тоолорду кара көлөкө каптай баштаганда Мундуз кетүүгө кам урду. Туюк союлган кийиктин терисинен жасалган инисинин баштыгына курут-май, тузкант жана башкасын шыкай салып, оозун жакшылап бууду. Баштык түйүлүп, жолго даяр болгондо, агасы аргасыздан көзүнө жаш алды. Бирок иниси менен көрүшүп кубат ала түшкөнүн, маанайы ачылганын жашыра алган жок. Өзүнчө барбалаңдап, насаатын айтты. Сөзсүз издеп барарын, кем-карчын толтуруп берээрин билдирди. Ошентип, бир туугандардын ажырашмагы кыйын болду. Качан гана Мукандын конушу тараптан эки атчан кыядан көрүнгөндө Мундуз токойго кире качты.

Турдубай боз үйдүн алдында Мундузду узатып калды. Кара чекей иниси кеткен чыгыш тарапты караган бойдон катып калгандай. Бирок, бир жылдан бери ачылбаган бүркөө кабагы ачылып, жүзүндө табышмактуу жылмаюу бар. Буттары тыбырчылап, жайдарылана сүйүнчү айткысы келип, кайра араң ууртун жыйды. Себеби "Мен жөнүндө жан билбесин" деген Мундуздун катуу табыштаган сөзүн эстеди.

– Ыя, Туке, негедир көңүлүң жайдары. Эмне бирдеме таап алдыңбы, же жакшы кабар уктуңбу? – деди сезимтал келинчеги Айсулуу, ат үстүнөн. – Ушинтип эле жүрчү, ботом. Эч бир кабагың ачылбай, түнөргөндөн түнөрүп эле кеттиң, кийинки кездери.

– Сени көрүп кубанып турам. Тимеле атка сонун отурупсун. Жарашыгын айт.

– Жарашыгымы эми көрдүңбү? – Көңүлү толо унчукту аялы.

– Көргөн сайын, көргүң келет экен. Анткени сен дайыма керемет-сиң, сен болбосоң менин көргөн күнүм курусун, – деп келинчеги минип келген атты жылоолоду.

– Ошондой эле дейм да. Калган сөздү кечинде сүйлөшөлү, макулбу? Сапарбай да келип калды,– деди көздөрү жанган аялы, аттан түшүрүп жаткан күйөөсүнө шыбырай.

– Ошентсе ошентели,– деди ал да, аялын кубаттагандай.

Ошо күнү Турдубай аялы Айсулуу менен кайталангыс таттуу түндү өткөрдү. Сүйлөшпөгөн сөздөр сүйлөшүлдү, үйлөнгөндөн бери келаткан ысык мамиле ансайын бекем ширелгенсиди. Бирок Турдубайдын жүрөгүн мыжыктырган сырды айттыра албай итабар убараланды, келинчеги.

– Таш бийиктиктен жөндөн жөнеле кулабайт. Сенде бир мандем бар экенин жүрөгүм сезип турат. Айт эми, сени көздөй кулаган алкандай таш? Жакшылыккабы, же жамандыккабы?! Айтчы эми, мынча кыйнадың? – деген келинчегинин чоктой ысык илеби кулагын күйгүзүп ийгендей болду.

Ушинтип ургаачынын билерман сезимталдыгы эркектин эркин жарга такады, аргасын кетирди. Акыры барып жүрөгүнүн түпкүрүнө канча болсо, ошончо убакыт каткысы келген жашыруун сырды айтты. Аял алдын Мундуздун аман экендигине аябай кубанды, анан кадимкидей таарынды.

– Э, атасы, мен эмне үй-бүлө мүчөсү эмесминби? Неге айтпадың? Жок дегенде мага белги берип койбойсуңбу?– деди таарынычы жазылганда.

– Ой, ал силер кыядан көрүнгөндө эле кетти. Менде эми эч сыр калган жок. Баарын айттырып алдың. Эми өзүнө бек бол,– деди өмүрлүк жары олуттуу. – Элге уят болбойлу.

– Кантип "кичине баланы" элге жар салып калайын. Ал кайним боорум менен тең. Анын каякта экенин эч качан айтпайм, ачыка чыгарсам өзүм шерменде болом, үй-бүлө биримдигин ыдыратам. Кантип ушуга түшүнбөйсүң? Анарбай адам деген аттан айлансын. Кантип кайними адамдык касиети жок саткындын, бирөөнүн ийгилигин көрө албаган өзүмчүлдүн, жашоосу сасык Анарбайдын колуна салып берем? Же мен билбеген Анарбай болсо экен! Андале мени кудай урбайбы! Же мага ишенбейсиңби?– деди аялы күйбөгөн жери күл боло.

– Айсулуу, мен сага ишенем. Ишенген үчүн сага сырымды айтпадымбы,– деди жүрөгү жибий түшкөн күйөөсү, аялынын көзүнөн, ууртунан назик өпкүлөп. – Эми кайниңин, сенин урматың болсун, уул төрөп бер. Сапарбайга шерик болуп калсын,– деди ичте жүргөн каалоосун билдирип.

– Турдубай, биздин урматыбыз үчүн болсо мейли,– деди аялы кыткылыктай. – Бирок уул төрөйүмбү, же кызбы, ал кудаадан, анан сага байланыштуу экенин билесиң да?

– Билем, улуу жараткан өзүн сыйлагандарды катуу урматтайт,– деп кубанып кеткен күйөөсү аялын бооруна кысты. – Көрөсүң го, биз сөзсүз уулдуу болобуз. Мен дагы оңой жоо эмесмин.

– Анда баардыгыбыздын урматыбыз үчүн уулундун атын Урмат кой. Макулбу? – деди Айсулуу да коргошундай эрип.

– Макул, сен айткандай болсун. Баардыгыбыздын урматыбыз үчүн уулубуздун ысмы Урмат болот,– деди күйөөсү эркелете.

Уулдун атын уккан аял менен эркектин жүрөгү бир башкача туйлады, ойноок кулундай оюн салды. Экөө тең "Кудайым уул берсин", – деп ичтеринен бата тилешти.

* * *

Турдубайдын асман мелжиген тоолорго экинчи жолу келиши. Келгенде да кубанып келди. Учурашкандан кийинки айткан сөзү сүйүнчү болду. Уулдуу болгонун, атын Урмат койгонун сүйүнчүлөдү. Сүйүнчүсүнө сакага жарачу бир калта кайберендин чүкөсүн алды. Жаш балага мындан өткөн белек болбостур. Карап эле отура бергидей чүкөнүн баары шагырап чондугу да, салмагы да бир кылка. "Боёп койсо ансайын көркүнө чыга түшөт. Буюрса, Урмат иниси чоңойгондо жыргап ойнойт" деп ойлоду чүрпөнүн атасы. Анын келген жери Суу-Башы деп аталат. Капчыгай-төрлөрү, адыр-жылгалары жапайы куштарга, кайберендерге бай. Биринчи келгенде Мундуз экөө өзөн бойлото талкан терек, кайың-четин көчөттөрүн отургузушкан. Бу сапар тескей бетке көлөкөдөн көтөрүлбөй кодура өскөн жаш карагайларды ачык жайыкка көчүрүштү. Төрт күн катары менен баш көтөрбөй иштешти. Көп жумуш аткарышты. Иш арасында айылда болуп жаткан жаңылыктардын чыпчыргасын коротпой айтып берди. Сайкалга келгенде такалып калды. Анткени анын сөөгүн ушу жазда сай боюнан табышкан. Айрыкча суу киргенде күрпүлдөп, эз жаа бербей аккан Тар дарыясына өзү боюн таштадыбы, же бирөө жардам бердиби, иши кылып, туугандары сууга акты кылып жаназасын түшүрүштү. Артында бир уул, бир кызы калды. Жакшы кыз чыныгы сүйгөнүнө жетпей, багы ачылбай кетти, байкуш. Мына ушуну айтайын деп айталбады. Балким инисинин көңүлүн бузбай эле коеюн дедиби сөздүн нугун башкага бурду.

– Кантип эрикпей жүрөт десем эрмегиң бар турбайбы,– деди агасы инисине.

– Эрмегим – менин эмгегим. Бир учурда жаратылышка пайдасы тийип калабы, жоголгон орду толобу деп жөн жүрбөй жаз, күз ушинтип иштеп коем. Жараткан өз пендесинен жүз бурбаптыр, эмгек – чыйралты, үмүт – курчутту. Буюрса, жаман эмес. Бу ишке сиздин да колуңуз тийди, демек, бактылуусуз. Биз бирөө үчүн эмес, өз жеребиз үчүн, та-

бияттын гүлдөп өсүшү үчүн тер төгүп жатабыз. Ушуну түшүнүүдөн артык эмне бар, агатай, – деди жаркылдай күлүп.

– Бул айтканың калетсиз, Мундуз. Өскөн токой өсө берсе, эмдигиче көктү тешип кетпейт беле. Ошондо адамзат аябай жыргабайт белек. Бирок анын да суу ташкыны, жер көчкүсү сыяктуу кыйроолору, адамзаттын планссыз ойду-келди кыюулары көп окшойт. Адам башка түшкөнүн көрөт тура. Ушуга үндөш жумушту былтыр Адашкан курдук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары болуп калган. Райондук комитеттин биринчи катчысы ишеним артып, Адашканга төрт араба арпа үрөнүн жүктөп Алайкууга жөнөтөт. "Жаз чыгар менен арпа септир. Бир кочуш арпа жоголбосун. Керт башың менен жооп бересиң. Арпа уурдагандарды аёосуз жазала. НКВДга өткөрүп бер",– деп катуу тапшырат, биринчи катчы.

Адашкан эки милиционер менен канча күн жүрүп Алайкууга жетет. Чалдыбары чыккан тамга эптеп арпа үрөндү жашырат. Бирок аны алып келгендер кайра районго кайта албай калат. Анткени айыл тургундары карап турабы. Баары бекер арпадан алып калгысы келет. Милиционерлерди көздөрүнө илбей, түн жамынып келип кол салат, уурдай качат. Минтип отурса арпанын үрөнү жазга жетпсй таланып-тонолору бышык. Милиционерлер арпа уурдагандарды кармайт, бирок кармоого жай болбогондуктан аларды опузалап, кайра коё берүүгө аргасыз болушат.

– Дагы келчү болсоңор районго алып кетебиз. Ал жактан силерди түрмөгө камайбыз,– деп коркутушат.

Ууруларды тизмеге ала баштайт. Ошондо да уурунун аягы тыйылбайт, кайра күчөйт. Түнү менен уйкудан калган немелер күндүзү тыпырп этпей уктап калганда, айыл тургундары милиционерлерге баш бербей, каалаганын кылат. Үрөн күн өткөн сайын азая баштаганын сезген Адашкан үрөндү сактап калуунун айласын издейт. Акыры бир гултат.

– Минтип ууруларды баарын тизмеге ала берсек, элге зыян. Себеби элдин баарын камай албайсың. Бийлик ууруларды башынан сылабайт, түрмөгө отургузат. Андыктан мага да, силерге да зыяны тийбегендей иш туталы. Болгон маланар менен атыңарды алып чыккыла. Тиги тектирге бүт арпа сээп, үстүнөн малалап салабыз. Менин буйругума кайчы чыккандарды өзүм жазалайм! – деп күпүлдөйт.

Адашкандын сүрү да бир топ го. "Райаткомдун орун басары кайраттуу экен. Жазаласа жазалап коёт",– деп Адашкандан тартынган айыл тургундары талаага чыгышат. Бирок анын "Арпа сээп, малалап салабыз. Жаз чыкканда керилип калат. Жайда оруп аласыңар",– дегенине

ишенип-ишенбей, анын сөзүн шылдыңдагандай кабыл алат. Бирок райаткомдун орун басары айткан сөзүнө туруптур. Өзү баштап күн-түн тынбай иштейт, үч-төрт күндө бүт талаага арпа септирип, малалатып жиберет. Күз өз өкүмүн өтөп бүтүп, кыш кирет. Үрөн жерге жашынат. Ошентип арпа аман, кишилер күнөөдөн алыс калыптыр.

Адашкан районго келген ошо декабрь айында бюрого түшүп, сөгүш алат. Анткени аны партиялык бюродо каалагандай калчашат. Партиянын райондук комитетинин биринчи катчысы:

– Арпаны талаага чачтырып ийгени эмнеси. Бу кылыгы үчүн Адашканды Сибирге сүргүнгө айдап ийсе да аздык кылат. Бирок эмне бар, эмне жок, күтө туралы, – деп партиялык сөгүш берүү сунушу менен чыгат.

Партиялык сөгүш бу оюнчук эместигин жакшы түшүнгөн Адашкан зор кайгыга батат. Бирок ошо күнкү кайгыны кубаныч жууп кетет. Ал мындай болот.

Өткөн жылы мен сага айтсам керек эле: "Адашкан Ак-Кыя айылынан Зирекбек дегендин Айым деген ак жуумалынан келген сулуу кызына үйлөнгөн", – деп. Адашкан бактылуу экен, өз теңин тааптыр. Жаш жубайлар бир үйдүн аты менен күнү болуп, айылдын берекесин арттырды. Келинчеги Айым – үйдүн туткасы менен чырагы гана болбостон, заман күзгүсү, өмүр шериги катары да башкаларга үлгү болорлук турмуш улап кетти. Ал келин болуп келген күндөн эле өзүнүн жанда жок адамгерчилиги, ажайып меймандостугу, уз чеберчилиги менен айылдаштарынын оозуна алынган. Бюродон сөгүш алган күнү этегинен жалгап, ошо келинчеги биринчи кызын төрөйт. Атын Азизахан коюп, кубанычка бөлөнөт. Ошентип бир күндө кайгы менен кубанычты башынан өткөргөн Адашкан тагдырдын татаал буйругуна моюн бербей иштей берет.

Быйыл жайда ошо Адашкан аргасыздан талаага чачтырган арпа болуп көрбөгөндөй мол түшүм бериптир. "Үрөн чирип калат, баары бир өспөйт", – деген алайкуулуктардын оозу жап болуптур. Эмгек катуу болсо, тапканың таттуу болот окшобойбу, ар бир үй-бүлө мүчөсү жетишерлик арпа алып жыргап калат. Эмгегинен бакыт тапкан иш билги Адашканды эли сүйүп, курбу-курдаш теңи сыйлап, ошо арпа эгилген тектирди айыл эли "Адашкан тектир" деп атап алышат. Жазгы бүродо сөгүшү алынып, аткарган жумушу бүт районго тарады, кадыр-баркы катуу көтөрүлдү. Эмгек даңкка жеткизет дегендей, чарбачыл Адашкан курдашың ойдо жок жерден Алайкуу чөлкөмүндө күздүк айдоо жумушун иш жүзүндө биринчи баштаган киши болуп калды, – деп сөзүн бүтүрдү.

– Кызык болгон экен, аке. Адашкандын таппаганы жок, карышкыр эсен, кой аман калган тура. Абаке, иши кылып эл эсен, бийлик аман болсун. Элдин жашоосу кандай?

– Буюрса, жакшы иним. Жаңылык артынан жаңылык. Биз сыйлаган райаткомдун бакыйган орун басары, айылдашыбыз Адашкан райондун элине Октябрдын отуз жылдык майрамын жогорку деңгээлде өткөрүп берди. Ар кайсы чарбалардан эл аябай келиптир. Мурда мындай майрам болгон эмес, элдин чери жазылып жыргап алды. Райондун кырк эки колхозун чогултуп, күрөш, тогуз коргоол, кунан чабыш, жоргo салыш, аламан байге уюштуруптур, чоң байге сайыптыр. Аягында улак тартышты. Райаткомдун орунбасары Адашкандын мингени жети уруугa белгилүү тору жорго. Куржундун эки көзү толо акча. Байгеге, соорунга деп акча тараткан да ошо. Тору жорго бир карасаң топтун ары жагынан көрүнсө, бир карасаң башка жагынан суурулат, жанында Адашкан көпчүлүктүн көөнүн калтырбай майрамдык соорундан таратып, жайдары жүрдү. Сенин мээнетиң жерде калбаптыр, эмгегинди унутпаптыр. Мен, жеңең ымыркай менен, Сапарбай, Мукан жана анын аялы болуп бир дөбөдө турганбыз. Ошончо элдин ичинен бизди көрө калып, адатынча жаркылдай жаныбызга бастырып келди.

– Майрамыңыздар кут болсун, Турдубай аяш аке, Айсулуу жеңе, Мукан дос! Бу сиздерге, а бу болсо Мундуздун сооруну. Ал болгондо сөзсүз бирдин үстүнөн чыкмак,– деп райаткомдун орунбасары куржунунан акча алып чыгып, мага карматты.

Биз ыраазычылыгыбызды билдиргенче, Адашканды коштоп жүргөн сельпо башчысы Кулмамат аке сөзгө аралаша кетти.

– Ыя, Адашкан, булар кайсы колхоздон?– деп кызыга суроо узатты.

– Бу биздин жылкычы Мукан. Аны баатырлыкка көрсөткөн сунушту өзүм толтургам. Буюрса, анын документи Фрунзеге, андан Москвага кетет. Мукан досум жакында эмгектин баатыры болот. Турдубай аяш акем болсо колхоздун көзгө басар чабаны, мурдагы башкарманын агасы. Баары менин айылдаштарым, мени жоктоор туугандарым,– деп барбаландай жооп узатты.

– Кол ийрисине тартат деген ушу, Адашкан. Айылдаштарынды жоктоп коёюн деген турбайсыңбы. Жакшы, андай болсо алдын мага, анан көпчүлүктүн баарына соорун бер,– деп тамашалай сүйлөдү, сельпо башчысы.

– Тарта турган киши болсо тартабыз да, Кулмамат аке. Тартпай турган киши болсо, ыйласа да соорунга жетпейт. Анын несин жашырайын. Сизге бербей кимге берем. Иши кылып, эч ким бу майрамдык соорундан куру калбайт. Элдики – элге демекчи, буюрса, баарына жетет. Эч ким үйүнө соорунсуз кайтпайт,– деп колун куржунга салды. – Ишенбесеңер эки-үчөөңөр мени коштоп жүргүлө. Ошондо өз көзүңөр менен көрөсүңөр. Анан баары ачык, адилеттүү болгонуна күбө өтөсүңөр.

– Адашкан, ансыз деле ошончобуз сени коштоп жүрбөйлүбү. Бу сага ишенбегендик эмес, сени сыйлагандык. Биз сага өз бөркүбүздөй эле ишенебиз.

– Анда кеттик, байге алгандарга байгесин, аны колдогон элге соорунун берелик.

Адашканды коштоп жүргөндөр артынан тизгин коё беришти. Жер жайнаган ошончо элдин ичинен шыбагалуу болуп, биз аябай ыраазы болуп турдук.

– Адашкандын келечеги кең. Райаткомдун орун басарлыгы ага чек эмес. Буюрса, ал андан ары көтөрүлөт, себеби анын ооматы келип турат. Сары-Камыш айылынын атын чыгарып жаткандардын бири ошо. Аты эл оозунда жүргөн Адашканга, кудайым өзү күч-кубат берсин,– деди агасы чын дилинен.

– Кудайым колдогонду колдойт. Адашкандын айкөлдүгү, ким болбосун, канча болбосун жардам берүүдөн кайра тартпаган адамгерчилиги, ишке шымаланып түшкөн өжөрдүгү көбүбүзгө үлгү. Ага ийгилик гана каалайм! Аны менен мандай-тескей олтуруп алып аңгемелеше албаганыма, жок дегенде дубай салам айтып жиберүүгө укугум жоктугуна өкүнөм! Аттиң дүйнө, мени ушул жагынан кем кылып жатпайбы?!

– Өкүнгөн менен муратка жетпейсин, иним. Сенин да пешенең ачылып калар...

– Ачылат, аке, сөзсүз ачылат. Ушунча колдоп келген кудайым, жалгыз таштабастыр.

– Иним, сен жалгыз эмессиң, биз барбыз. Биз бир үй-бүлөнүн мүчөсү эмеспизби,– деп сөз нугун башкага бурду, агасы. – Ошон үчүн сага бир сөздү айтып коеюн дедим.

– Ал кандай сөз, аке? – деп иниси кулагын төшөдү.

– Сен тууралуу баары билишет,– деди агасы саксына тигилип. – Сыр сактоо кыйын экен. Чоочун бирөөгө жарылып кетсем, эмне болот деп аябай бушайман жедим.

– Баары дегениңиз кимдер?– Мундуз безге сайгандай чочуп кетти.

– Мен, жеңең Айсулуу, иниң Сапарбай.

– Ух, мен дагы бүт айыл билет экен деп аябай чочуп кетсемчи.

– Чочуба иним, биз бири-бирибизге жөлөк-тирек болушубуз керек. Антпесек башка түшкөн кыйынчылыкты жеңе албайбыз. Жалгыз адамдын жашоосу кыйын болот.

– Аныңыз туура деңизчи, бирок билинип калып силерге азап алып келбейби?

– Азап алып келбейт, кыйынчылык артта калды. Кудая шүгүр, турмуш аз-аздан өз жолуна түшүп баратат. Сен аны-муну ойлоп башыңды катырба, бизден чочулаба. Биз сөзүбүзгө турабыз, сенден байланы-

шыбызды үзбөйбүз. Кийинки жылы Сапарбай кабар алат. Анткени көп күнгө жоголуп кетсем, бирөөлөр менден шек санап калышы мүмкүн. А Сапарбайдын себеп-шылтоосу көп, тага журтуна кетти деп койсок болот.

– Иши кылып өзүнөргө сак болгула, аке. Мен коколой башымы багып кетем.

– Сен коколой башыңды гана бакбай бизди да багып, табиятка да көз салып жатасың. Табиятка жакшы караганың, жер эненин ийип бергени. Анткени, андан эмнени кааласаң, ошону аласың. Ушу багытыңдан жазба, Мундуз.

– Ыракмат аке! Жылуу сөз жарым ырыс дегендей, мен өз ырысымды ушул жерден таап жаткан соң, кам көрбөсөм болбойт го. Жаратылыш менин жаным менен тең болуп калды. Жер кыртышын сактоо, бекемдөө, дарак көчөтүн кайра отургузуу өңдүү жумуштар башталганда күндө ишке чыккандай эле чыгам, иш убактысы бүткөндө кетем. Ага деле көнүп бүттүм. Бүтүргөн жумушуман ыракат алчу болдум.

– Көнгөнүң жакшы, ыракат алганың андан бешбетер сонун. Иши кылып кудай сүйгөн ишиңди, кыла келген жумушуңду кыла бер. Бир күнү акыбети кайтат. Кел демек бар, кет демек жок дегендей, менин кетишимди да ойло. Сага кол кабыш кылбасам болбостур. Андыктан кыш камын кылып, аңчылыкты качан баштайбыз?

– Буюрса, эртең аңчылыкты баштайбыз, ансыз болобу, аке!– деди иниси түнөргөн капалыгын жазып. – Мен сизди эт менен камсыз кылам. Сиз улар, кыргоол, кекилик, кайберендин эти кошулган чучук жасайсыз. Анан бүлкүлдөтүп бышырасыз. Калганын согум сойгондой эле чыкка бастырабыз же ыштайбыз,– деди камдуу жылмайып.

– Ошентели, антпесек сага кыйын болот. Көктөмгө жете турган азык, отун-суу камдайлы, мөмө-жемиш терели. Иш арасында иш бүтөт дегендей, мобу карышкырдын терилерин да эртели-кеч ийлеп коелу. Аларды да бир керегиңе жаратып аларсың. "Кан ордо" үңкүрүндү аябай жылуулап алыпсың, боз үйдөн айырмасы жок тура. Анан калса чоочун көзгө оңойлук менен байкалбаган жерде экен. Иши кылып эсен жүрүп, аман бол, иним,– деди Турдубай кейигендей.

– Аке, көп кейий бербеңиз. Ар ким пешенеге жазганын көрөт. Өзүңүз айткандай, менин да пешенем ачылган күн келээр. Ошо күндү тилек кылалы,– деди иниси олуттуу, көчөттү түптөп жатып. – Күн да ылдыйлап калды. Бүгүн болду кылалы, аңчылыкка чыгуунун алдында эс алалы. Кандай дейсиз, аке?

– Кандай демек элем, сен айткандай болсун,– деди агасы инисин коштогондой.

Түн жарымын оодарып, аң уулоого даярданган экөө эртең менен-ки чайын ичишти. Уу камын кылып, таңга жуук жолго чыгышты. Бири

атчан, бири жөө жүрүп, тоого жармашып барып токтошту. Турдубай минип барган атты түзгө калтырып, андан ары тоону өрдөп кетишти. Качан гана кийик тосотко жеткенде, биротоло жайланып отурушту. О көптө барып, көз тайгылта чыгыштан күн кылайды. Күн жарыгы жерге тегиз жайылганда көз жеткен айлананын чырайы даана көрүндү. Мундуз агасынын бөйрөгүнө нукуп, саландаган асканын алдындагы көк жайыкты көздөй кол жаңсады. Бетегелүү бетте жайылып оттоп келаткан кайберендин үйүрүн көрүп Турдубай оозун ачып калды. Чынын айтса мындай кереметти көрбөптүр. Оголе көп кийиктер эчтемеден шек албай, кой жайылгандай чөп башылап келатты. Анан калса шамал чыгыш тараптан согуп, эч кандай күмөн туудурбады.

– Бираз убакыттан кийин алар ушул жерден өтөт. Ошондо көктөмгө кеңири жете тургандай гана азык камдайбыз. Ашык дөөлөт баш жарбайт деген лакап сөз бул жерде орунсуз. Туурабы аке?– деп шыбырай сүйлөдү Мундуз.

– Нак үстүнөн түштүң, иним. Мен дагы ошондой демекчи элем. Табиятка этияттык менен мамиле кылбаса кусуру тийет. Ар ким өз талабы, өз ырыс-кешиги менен болгон жакшы. Анан аркар, кулжага качан барабыз? – Кызыга сурады.

– Ал үчүн аңчылыкты тескей беттен баштоо керек болчу,– деди иниси аңчылык ышкысы козголуп, көздөрү жайнаган агасына. – Кулжалар аска-зоого караганда, көбүнчө адырлуу жайыкта болушат. Буюрса, ага да барабыз. Ошондо дагы таң калып жатарсыз.

– Эмне кулжа кийиктен чоңбу?

– Чоңу чоң, көрктүү да. Мүйүздөрү чимирик келип, тай торпок той келет.

Мундуз айткандай эле болду. Ошо күнү атылган кийиктерди мөңгүгө катып, эртеси кулжага ууга чыгышты. Турдубайдын бактысына Арпа жайлоосунан ооп келген үйүрдөн үчтү жыгып алышты. Бир да ок сая кеткен жок. Агасынын чери жазылып, чучук жасоого киришти. Казанын асып, четинен бышыра баштады. Иниси аңчылыгын бүттү кылып, мылтыгын тазалап, ордуна илди. Кезек тузактарга келип, жапайы мөмө-жемиш жыйноо, тоо пияз терүү камын көрдү. Ошентип агасы үнкүрдө, иниси сыртта болуп, иш кызуу уланды. Себеби Турдубайдын айылга кайтар маалы чукулдап калган. Ошого байланыштуу экөө тең тез бүтүрүүнүн камында болушту.

Мундуз мөңгүдө калтырган акыркы кийикти алып келгени барып, олжосун ордунан таппай жер сыйпалап калды. Ары издеди, бери издеди. Кар үстүнөн кийикти сүйрөгөн изди көрдү. Ал "Болду-болбоду бу карышкыр, же аюу" деп ойлоду. Кадуулай өөдө басты. Качан гана бута атым жердеги саландаган асканын алдынан кийикти тытмалап жеп жаткан илбирсти көргөндө таң калбай коё алган жок. Жырткыч-

тын сүрүнөн тулку бою жыйрылып, "дүр" этип кетти. Колу адатынча өзүнөн-өзү эле канжарынын сабына асылды. Сактыкка кордук жок дегендей, мергенчи жырткычтын күтүлбөгөн кол салуусунан, кара добул шамалдай күчүнөн саксынды. Илбирс чукул жерден жолуккандыктан, анын гүлтемгилдүү карала агыш өңү менен балта сабынан жоон узун куйругу өзгөчө таасир калтырды. Анын октой түйүлгөн секиригинен, канжардай курч азуусунан коркту. Бирок, тоо жырткычы ага көңүл деле бурган жок, өзү менен өзү алек болду. Илбирсти ушул тоодон жолуктурам деп түк ойлобогон. "Алардын анчылык ээлиги кыл чокулуу тоолордо, аска-зоолуу беттерде болсо керек" деп жүргөн. Эми минтип ойлобогон нерсеси тоо кишинин олжосун талап жеп жатканы кызык туюлду. Ал агасы экөө мээнет менен тапкан олжосун гүлтемгилдүү илбирстен талаша албай же таштап кете албай ортодо чайналды. Каккан казыктай зыңкыйып, көз ирмебей турду. Ошондо гана адамга сыртын салган илбирс Мундузду чекчейе карады, узун муруттары бир башкача дирилдеди. Сүр көрсөтө ырылдады, узун кулач куйругун чамгарактата бултактатты. Бирок көп тоюп алдыбы же көңүлү төп келбедиби, мурда көрбөгөн эки буттуу айбанга кол салууга ашыкпады. Жарым-жартылай жеген кийикти он кадамча сүйрөп барып, жаланып-жуктанып өзүн иретке келтире баштады. Анан Мундуз тарапты бир карап алды да корккону же коркутканы белгисиз жалама зоону карай куйругун түйдү. Тимеле үйрөтүлгөн жырткычтай, илгери-мурда көрүп жүргөндөй, эч кандай коркунуч жоктой шашпады. Илбирстин шашпаганы, адамдан коркпогону, тескерисинче анын жытына көнүгө түшкөндөй мамилеси Мундузга табышмак болду. Жырткыч кез-кез артына кайрыла карап, күркүрөй ырылдап өөдөлөй берди. "Олжо меники, ага тийбе. Мен дагы кайрылып келем. Мен ушу аска-зоонун пиримин" деген тейде өзүн эркин сезди. Мундуз олжосун илбирске калтырууну чечтиби, артына кескин бурулуп байлоодогу атына шашты. Жете келип эле үңкүрүн көздөй чапкылады. Көзү алардай үңкүргө кирип келгенде: "Дагы эмнеси баштальп кетти. Э, кудай, тынч болгой эле" деп башына ардеме келген агасы инисин утурлай басты.

– Аке, аке, мен илбирс көрдүм. Ал биз каткан кийикти жеп жатыптыр. Ушундай чоң экен дейсиз, башынан куйругунун учуна дейре үч кулач келет,– деп жаш балача кубанып алыптыр.

Алактап айтып келген кабарына агасы катуу кейиди.

– Илбирс болсо эмне болуптур, эмне аны мурда көргөн жок белең. Адамды жөнү жок коркутуп, сен дагы кызыксын. Мен дагы милиция кызматкерлери келип калдыбы деп аябай коркуп кеткенимчи,– деп жаны чыга унчукту агасы.

– Аке, мен илбирс көрдүм дейм, жакын эле жерден көрдүм. Мондай экен,– деп иниси кайрадан кулачын жайды.

– Ыя, Мундуз, эмне дейсиң? Илбирс дейсиңби?!– деп чочуп кеткен Турдубай, ошондо эсине келди. – Атаңгөрү айэ, ал деген чоң жырткыч, тоо берени да! Эчтеме болгон жоксуңбу, илбирс тиш салган жокпу? Дагы кайсы балээни айтып коркутуп жатасың?– деп жанталпастап, Мундуздун жан-жагын сыйпалай кармалады. – Кудая шүгүр, аман экенсиң. Аганды, минтип коркутпай жүрчү, бай болгур.

– Ыя, аке, эмне милиция кызматкерлери жырткыч илбирстен да жаманбы? Ал болгону айбан да, кыйкырсаң кетип калат,– деп ууртунан күлгөн болду иниси.

– Ошондой сыягы... Бирок илбирсти илгери-мурда көрбөсөм, илбирс деп айтканыңа анча деле маани бербепмин, иним,– деп Турдубай мойнуна ала сүйлөдү. – Бирок кыл чокулуу улуу тоолордун кожоюну, жырткычтардын асылы – илбирсти көргөнүң сен үчүн чоң олжо. Биз ушуга кубанышыбыз керек. Ал баарына эле көрүнө бербейт, көрүнчү кишиге гана көрүнөт,– деп жакшылыкка жоруп койду.

Анарбай баштаган НКВДнын кызматкерлери Мундуз из жашырып кеткенден кийин, айылдын түйшүгүн көбөйтүп, аябай азап салганын мурда кеп кылган эмес, азыр да айткан жок. "Айтып не, баары өттү, кетти. Илбирс болсо капкачан үркүтүп иймекбиз. Адам экен каалагандай калчады, жырткычтан бешбетер ары сүйрөдү, бери сүйрөдү. Кыскасы, оюна келгенин кылды. Эми аны айткандын эч зарылчылыгы деле жок" деп ойлоду агасы.

Тилекке каршы, экөө тең илбирс ойлогонду ойлободу, ал билгенди билбеди. Мундуз улуу тоого байыр алган күндөн илбирстин тыкыр байкоосунда болгонун оюна да албады. Жырткыч да болсо, ал адам баскан из менен басып, адам жаткан жерге жатып, олжосун бөлүшүп жүргөнүн ал кайдан туйсун. Адам ууга жөнөгөндө илбирс да кошо жөнөйт, анткени акыл-эстүү пенденин жолдуулугуна, качканды артынан куулбарып оңкосунан сайдырган сыйкырдуу таягына ишенет. Ал кешик арттырарын жакшы билет. Ошон үчүн тоодо болсо тоодо, зоодо жүрсө зоодо артынан калбай, жандап алат. Жандооч кийик аттырат дегендей, акыбети кайтып, эч эмгек коротпой, баш оорутпай олжолуу болот. Себеби тузагына түшкөн кекилик, кыргоолун алып, кийигин сүйрөй качат. Болбоду дегенде адамдан тескери үркөн кайберен өңүтүн күтүп жаткан жырткычтын азуусуна өзү барып кадалат, ошентип жырткыч олжосун басып жыгылат. Анан курсагы кампаят, көңүлү ачылат. Керилип-чоюлуп, секирип ойнойт. Жырткыч каадасын кылып ырылдайт, ороктой ийри тырмагы даракты аймалайт, терең из калтырат.

Адамга ал таптакыр көрүнбөй жүргөн, бүгүн балээ басып уурулугу билинип калды. Эми адам жоготкон олжолорунун ордун толтуруу үчүн илбирстин өзүнө уу кылат. Артынан сая кууйт, ырыскы талашкан жырткычтын жанын алып тынмайын кууганы кууган. Эч тындырбайт,

кийинки ээлик жүргүзгөн өзүнө тааныш аска-зоодон ыраак сүрүп чыгат. Ушинтип уу кылган жылга-жыбытынан, жеңил олжолуу жеринен айрылып калабы? Же энесине окшоп карыган чакта көзү көрбөй, аскынын түпсүз коңулунда сөөгү чирийби? Балким адам ийинине арткан сыйкырдуу таягынан чыккан ысык коргошун жүрөгүнө кадалганча, өзү жер ооштуруп кеткени жакшыдыр. Бирок, ал өзүнүн жай кыймылы менен эч кайда шашылбаганын билдирди. Кайра бул жер анын ээлиги экенин айгинелегендей жапалак бадамдарга, таш бетине астейдил кашынды, өз белгисин салды.

Эки буттуу айбанды ал өзү жашаган ээликтеги акыркы үмүтү, жапайы жашоосундагы бой тумары катары кабылдады. Анын бүгүн жолу болду, тумшугун кан жыттанган олжосуна каалашынча матырды. Мындан артык жыргал барбы? Ошо жолдуулугунан денесине кан жүгүрүп, жашоо оту кайра жангандай болду. Оо, түпкүрүндө дагы көп күндөргө жете турган олжосу бардыгына каниет кылды. Олжосун эки буттуу айбан алып кетип эле калбаса, жашоосу кайра уланганы ошол. Бирок адам менен болгон күтүлбөгөн кездешүүдөн жүрөгү канап кайты. Жырткыч да болсо багып өстүргөн, ууга үйрөткөн энеси көрбөгөн адамды ылым санап жүргөн. Бирок, адам деген пенде аны жаман көзү менен карабаса деле, бүгүнкү окуядан кийин аны жек көрүп кетти. Себеби ал: "Эки буттуу адам менин табитими бузду, эркиндигиме кол салды" дегендей ойдо болду. Не кылмак, тагдырдын буйругуна моюн сунбаска чарасы жок. А балким, иш оң жагына айланып кетээр, жолу кайра ачылар. Анын баары кудаадан экенин, ал түшүнөбү?! Бирок анын кудайы барбы – маселенин баары ушунда турду.

Мундуз жоголгон кекилик, кыргоол, кийигин көркоо карышкырлардан көрүп жүргөн. Бүгүн баары ачыкка чыкты. Адам ырысына кол салган илбирсти өз көзү менен көрүп, карышкырлардын даregине акаарат келтирип жүргөндүгү үчүн, алардан кечирим сурагандай ичинен бирдемелерди булдураган болду. А балким, жек көрүмчү болсо да, жырткычтын асылы – илбирс жөнүндө, анын келечеги тууралуу ой жүгүрткөндүр. Айбан деп аягандыр, асылдын асылына кез келтирген тагдырына ыраазы болгондур. Сөздүн ачыгы, Мундуз өзү жашаган аймакта асыл жырткычтын пайда болушун жакшылыкка жоруду, ийгиликтин көз тумары катары санады. Бир эмес, көп олжосун уурдап алса да макул көрдү. Сейрек көрүнгөн асыл жырткычты кудаадан түшкөн жакшы белги катары кабылдады. Адамды теңине албай, сыртын салган илбирсти "Жалтанбас" атап алды. Канткен менен Мундуз Жалтанбас аталган илбирс тукумунун жоругуна ичи жылып, аны менен дагы бир жолу кездешүүнү ичинен аябай самап турду.

Көп өтпөй кыш камылгасы бүттү. Мундуз бир кулжанын этин тендеп, агасынын куржунуна салып берди. Жолдоочу кишиге салам

дубайын жолдоду. Турдубай агасын таң куланөөк атканда "Кан ордо" жатак-үңкүрүнөн узатты.

– Агатай, жолуңуз шыдыр, жолдошуңуз кыдыр болсун. Аман болгула!

– Сен да аман бол, иним. Көп эле кайгыра бербе, эр жигиттин башына эмнелер келбейт. Аткарган ак ниет жумушуң, адилеттикти самаган ак сөзүң дайыма кудаанын назарында болсун! Анткени кудай деген кур калбайт. Эсен туруп, аман бол, иним!

– Айтканыңыз келсин, агатай! Ак жол сизге!

– Жакшы кал, Мундуз! Өзүңдү кыйнай бербе.

– Макул, агатай! Сиз айткандай болот,– деп иниси көз жашын көлдөтө жан дүйнөсү калган сүйүктүү айылына жол тарткан агасынын карааны көрүнбөй калганча карап турду. Анан унчукпастан күрөгүн алып, карагай көчүрүүнү улантуу үчүн жүрүп кетти.

* * *

Мундуз агасы Турдубайдын кеткенинен бери дагы бир топ убакыт өттү. Күз кетип, кыш белгиси келди. Ал ошол күнү үчүнчү үңкүр-жатагында – "Кароол чокуда" болчу. Аталган үңкүрдөн башын кылтайтып агарган мейкиндикке көз чаптырды. Анткени, эки саат мурун аба ырайы ачык болчу. Анан кескин өзгөрүп, кар сампарлап жаап кирди. Аны билбей эртелеп койгон тузактарынан кабар алганы чыккан. Кар борошолоп киргенде үңкүргө кире качкан. Качан гана кар токтогондо сыртка чыкты. Көрсө күн чайыттай ачылып кетиптир. Мындай көрүнүш күз айында дайыма боло берчү нерсе. Теребел тегиз ак шейшепке оронгон. Ошондонбу чоло жери жок агарган адыр-түз, аска-тоо өзгөчө кооз. Бир гана тээ төмөндөгү кылымдар бою шоокуму тынбай ийрелеңдеген дарыя, ак шейшепке чулганган табияттын оң, сол тарабын тең экиге бөлгөн кара сызыктай алда кайдан карарып көзгө биринчи урунат. Дарыянын күчү мол, өзгөчө касиетке ээ. Ошон үчүн чарчап чаалыкпайт, күнү-түнү тынымы жок акканы аккан.

Күн ушинтип турса кар эртең кечке калбай эрип кетет, эрибесе кыш түштү дей бер. Табияттын ушу мезгили айрыкча жакшы. Кайберен менен илбээсиндер агарган адыр-талаалардан оңой көзгө түшөт. Анан калса айылдан тоо арасына алып келчү ийри-муйру жалгыз аяк жол "Кароол чокудан" гана көрүнөт. Мундуздун саргайып кусага баткан күндөрү ушул жерге келип, көзү карыкканча айыл тарапты карамай адаты бар. Бүгүн да ошо адатынан жазбады. Чери жазылганча отурду.

Аңгыча үңкүрдүн каптал бетинен илбирстин карааны көзгө чалдыкты. Чоң тамандары суу карды малтап, из калтыра абайлай келаткан жоругу кызык. Мундуз коркуп кетпеди, тескерисинче жаш балача сү-

йүндү. Себеби ал илбирсти эртеби-кечби жолуктурарын билген. Эми минтип, тоо жырткычы буюртма кылгандай так мандайынан жолугуп отурат. Момун пенденин борбойгон ууртуна күлкү жыйылып, ырсая бергенде апакай тиштери көрүнө түштү. Кусага батып турган чакта куда, бери жагына да үңүлө тигилди. Жай басыгына, адамдан жалтанбаганына, чондугуна карап, бу Жалтанбас деп ойлоду. Чынеле Жалтанбас экен. Анын бу жапайы табиятта адамдан корунуп-качып кетпеген эрдигин көр. Же көз ирмеп койсочу! Ушул мейкиндиктин жалгыз кожоюну өндүү жалтанып койбой узун куйругун бултактата адамга карегин кадаганы шумдук. Анан жыт ала токтоп калды. Алдыга басса адамга кептелип, аны менен кашык каны калганча кармашары бышык. Артка кетсе коркту, качты деп ойлойбу деп итче чокчойду. Кайра төрт аяктап тура калды. Акырында адамды мыш кылайын дедиби, жолун торой астейдил комдонуп жатты, олжосун андыгандай сүр көрсөтүп. Куйругу бирде катып, бирде жер сабайт. Зыңкыя каткан ордунан көгөлбостой сугун артты.

Мына сага, ушундай да жырткыч болобу?! Мундуз таңдана эңдейип калды. Адамга көнө түшкөнү, андан коркпогону ушу эмеспи. Илбирстин бу жоругу Мундузга жаңылыктай туюлганы менен жырткычка көнүмүш көрүнүштөй. Анткени ал бу адамга далай ирет жолукканын, анын жанында эле жүргөн. Ал чуркаган жерде чуркаган, дем алган жерден дем алган. Напсиси агып, адамдын ырыс-кешигин тартып жеген. Бирок, ал байкабаганы менен Жалтанбас адамды байкаган. Аны менен такай бирге аң уулаган, бирге түйшүк тарткан. Ошондон жыты сиңишип бүткөн. Адам өз колу менен тамактандырбаса да, анын амалы менен колго түшкөн, же атылган олжосун бөлүшүп жүргөнүн ал кайдан билсин? Өткөндө капысынан уурулугу билинип калганда Жалтанбастын аябай ачуусу келген. Жырткычтык мүнөзүн көрсөтүп, тап бере ырылдаган. Ошо кылыгына ушул күнгө чейин өкүнүп жүрөт. "Мен акмак, неге жөнеле кетип калган жокмун. Менин чектен ашкан кылыгыма адам таарынып калган жокпу?! Таарынып калган сыяктуу, себеби ууга чыкпай койду. Таң заардан күрөгүн алып карагай отургузганы кетет. Мага карагайдын эмне кереги, же анысын сөөк кемиргендей кемире албасаң. Карагай кээде көзгө кызыл эт болуп көрүнсө чууруган шилекейинди токтото албай азаптанган күндөр канча? Эх, кандай кунарсыз күндөр! Кантип анын колуна сыйкыры күч таягын карматып аңчылык ышкысын козгой алам. Кантип? Билген бирөө барбы?! Ишенген кожом, менин көргөн күнүм не болот?!" – дегендей жоромолун Жалтанбастын тик кадалган көздөрүнөн туйду, Мундуз.

Анткени илбирстин бир убакта уурдап алган олжо кийиги ада болгону качан. Ошо ада болгондон бери адамдын карааанына зар болуп,

анын ууга чыгышын, тузак жайышын кудаадан тиленгени тиленген. Эмне бар, эмне жок деп ага кез келүүдөн корккону менен ичинен адамды купуя жактырган. Анткени ичи кынжыйып, курсагы кур желден курулдап калган эле. Адамдын жардамы болбосо көрөр күнү эсептелип калары бышык. Ушундай кыйын кырдаалдан бир гана адам куткарып каларын сезими жетик Жалтанбас айттырбай сезди. Эми минтип адамдын үңкүр-жатагына конуп-жатып жүргөн кылыгы да билинип калды. Кууп чыкпас бекен? Ээ, эмне кылса ошо кылсын дедиби, Жалтанбас адамга өчөшкөндөй ордунан козголбой бек турду, жол бошотпой койду. Балким мээрими төгүлүп, олжосунан бөлүшөр деп ойлоду. Себеби таң атпай койгон тузагына түшкөн кекилик, кыргоолун жыйнап кетип, ишенген кожосу аны кур жалак калтырыптыр. Ал жырткыч болсо да адамдын ушул жоругуна таарынды.

"Ушу дагы адамгерчиликке жатабы. Мен аны өзүмдүн бой тумарым катары көрүп жүрсөм, кылган жоругу бу. Кур дегенде өзөк жалганга бир-эки илбээсин калтырып койбойбу?! Ал кантсе да аң сезимдүү пенде го! Колунда сыйкыры күч таягы бар, каалаган олжосун, каалаган жерден жыга атып алат. Мен деле ага өз учурунда опол тоодой колдоо көрсөтпөдүм беле. Тескери качкан кайберенди үркүтүп короосу менен колуна салып берген күндөрүм канча? Эмне, менин кылган аракетим сая кетип, тер агызган эмгегим унутта калабы! Эстүү пенденин колунда сыйкыры күч таягы болгондугу үчүн көңүлү ток. Эчтемеден өксүк эмес, азык-түлүгү мол, жаткан жайы жайлуу жана жылуу. А мен байкуштун көргөн күнү курусун. Көздөрүмү чылпак басып, тырмактарым небак мокоп, тиштерим түшүп, ал-күчтөн тайып калдым. Күз кетип, кыш көрүнө келди. Минтип эчтемеден коркпой жүрөккө кол салып отурат. Кар очойто жаап койсо менин көргөн күнүм не болот? Адам деген пенде менин айласыз ахыбалымды туябы? Ал акыл-эстүү жан эмеспи, кантип ушуну түшүнбөйт? А балким уяты жок немедир. Аны билбей жолдон чык дегени турабы. Бүгүн ага ичимде болгон бугумдун баарын билгизбесем элеби? Билбегенге билгизип коюш керек, ошондо акылына келип, кимдин ким экенин биле жүрөт. Керек учурда айттырбай олжосунан бөлүшөт. Себеби олжо бөлүшүү, шыбага таштоо адамга гана жарашат. Алсыздарга кам көрүү анын түздөн-түз милдети. Адам ошон үчүн баардыгынан акылдуу, баардыгынан күчтүү, баардыгынан жолдуу!" дегендей таарыныч мамилени илбирстин таарынгандай суз караган жүзүнөн окуду.

Мундуз кырдаалды таразалап, Жалтанбаска мулуя карады.

– О, Жалтанбас, бу сенсиңби?! Салам айттык, тоо-таш, капчыгай-төрдүн жалгыз кожоюну. Шашпа, мен сенин өзүң жактырып жеген илбээсиндин эти менен коноктоюн,– деп үңкүргө кирип, таш корумга даярдап койгон эки кыргоолдун этин көтөрүп чыкты. – Мынакей, же.

Тамагың таттуу болсун!– деди Мундуз, илбирстин тамактан көзү өтүп турганынан саксынып.

Ушуну эле күтүп турганбы Жалтанбас комдонуп жаткан ордунан ыргып турду. Адам алдына таштаган олжону кабаттай тиштеп, арыраак барып тытмалап жеди. Кызганбады, ырылдабады, кайра дагы болор бекен деген кыязда Мундузду сумсая карады. Аңыты ачылып калган байкуш чыдабай кетти, кыңшылап ийди.

– Капыраай де, кудум эле үйрөтүлгөн иттей. Жалтанбас, эки кыргоолдун эти жумуруна деле жукпай калды окшойт. Чынын айт, аз болуп калды, ээ? Бүгүнчө чыда. Буюрса, эртең Алмалуу жайыктан уу кылабыз. Ал жерде жапайы чочколор көп болот. Чоң олжолуу кылам. Эми жолдон чык, мен "Кан Ордомо" барайын,– деди Мундуз жөнөөгө кам уруп.

Тилекке каршы, илбирс жолдон чыкпады. Адам дайым өзү менен кошо ала жүрчү найзасын коомай кармап алдыга кадам шилтеди. Ошондо гана Жалтанбас ордунан арамза бурулду. Басса басты, токтосо токтоду. Кез-кез башын ийининен ашыра акшырая карап коёт. Эстүү жан кооптонуп койбой жырткычтын соңунан калбай ээрчип алды. Жакындагандан жакындай берди. Чоң аттаса илбирстин узун куйругуна жетчүдөй кейиптенип, аңчылык ышкысы козголуп кетти. Жалтанбас артынан адам куйрук улаш келатканын сездиби оңго чукул бурулуп, көп таштын арасына кирип жашынып калгысы келди. Жүрөгү ток эстүү жан чыдабай кетти, шап куйруктан алды. Ары тартты, бери тартты, бирок килтейген жырткычты ордунан козгой албады. Ошого карабай чоң кызыкка батты, аябай кубанды.

– Жалтанбас, сен кайда? Токто сүйлөшөлү, эртеңки күн кандай болот, ошону кеңешели,– деди мандайы жарыла кубанып. – Эртең Алмалуу жайыктан жолугабыз. Сени олжого марытам. Уктуңбу, ай Жалтанбас, ой тоо берени!– деп кубанычтан көөдөн кере кыйкырды, жыргап алды, Мундуз. – Эртең Алмалууга ууга барабыз!

Мынчалык жыргабаса керек. Көңүлдүн кири тазарып, тоо беренин куйруктаганына төбөсү көккө жете сүйүндү. Айласы алты болгон Жалтанбас жырткычтын ырылдаган болуп алдыга жылгандан башка аргасы калбады. Ал көнүмүш жырткычтык мүнөзүн, аска-тоо кожоюну болом деген айбатын көрсөтө албай жүдөмүш көрүндү. Адамды тик карооого батынбады. Көзүн ала качты, айбандыгына барып кол салбады, а балким духу жетпеди. Тиш салбаганы адам анын жанын далай жолу ажалдан алып калып, аны тарапташ катары санагандыгы. Ал тургай ага жырткычтык мыйзам жол бербесин билет. Жапайы табиятта айбаттар бири-бирин карамалап, бири-бирине кызмат кылбаса алардын жашоосу тозокко айланарын ал жакшы билет. Эч жерде жазылбаган ушундай жырткыч мыйзамын илбирс жакшы өздөштүргөн. Себеби күчүк мезгилинен кан-жанына биротоло сиңип бүткөн. Жалтанбас балким ошо мыйзамды кармангандыр? Билип болбойт. Акыры адамдын куйругунан карыштыра кармаган чеңгээлинен эптеп бошонду да, аркайган аска-таштардын коңулуна качып кирип жанын куткарды. "Мынча болбогондо сөөгүм сөпөт болмок. Кудай зор сактады. Менде не жазык же ага карап бышкырбасам",– деп Жалтанбас таарынып кетти.

Жапайы күн кечирген тоо кишинин көңүлү куунак. Анткени эрмектешер шерик таап алды. Күн алыс кам көрүп тура турган жырткыч-туу болду. Эми экөө эрикпейт. "Керек болсо итче үйрөтүп алам, ууга бирге чыгабыз. Эгер чындап үйүр алып, Жалтанбас деген үндөөгө үн кошсо кандай сонун болор эле! Кереметтин керемети, сонундун сонуну болмок. Ошондо мен дүйнөдөгү бирден-бир бактылуу пенделерден болбойт белем" деп ой чаргыткан Мундуз, Жалтанбас менен болгон экинчи жолку түзүлгөн мамилеге ичи жылып, эртеңки күн дагы кандай күтүүсүз жаңылыктарды тартууларын билбей баратты.

Күүгүм киргенде илбирс "Кароол чокуга" кайрылып келди. Борошолоп көз ачырбай жааган кар чыйрыктырып жибериптир. Катуу силкине үңкүргө баш бакты. Жылуу жайга кирген барабар жаны тынч ала жакшылап жайлануунга кам урду. Көөдөй караңгы үңкүрдө өзүн керемет сезди. Тумшугун көтөрө абаны искеди. Адамдын тааныш жыты каңылжырды өрдөп кетти. Тоо шериктешинин бул жытына Жалтанбас жадеп көнүп бүткөн. Демек, үңкүрдө өзүнөн башка чоочун бирөөнүн жок экенин билди. Ошондуктан колу-бутун кенен жайып, эчтемеден коркпой-үркпөй эс ала берсе болот. Бүгүн аз да болсо бир убакта душман эсептеген адам колунан өзөк жалгады. Өзөк жалгаганы курусун, илбээсиндин этин берип, кайра куйруктаганы жүрөк түшүрдү. Коркконунан эмне кыларын билбей таштын коңулуна кире качып жанын арап куткарды. Энеси ушул жоругун көрсө оозун ачып калмак. Кыл чокудан секирип түшүп кайберенди тамактадым же көзүмдүн огу менен адырдан качкан кулжаны атып алдым десе дароо ишенмек. Бирок, адам менен бирге аңчылык кылдым, адам колунан өзөк жалгадым десе теңирден тескери кетмек. Өлүп кетсе ишенмек эмес. Анткени Жалтанбастын энеси убагында жаны бычак кырында турса да качкан кайберенди тамактап, алдына салып берген күндөр өткөн. Ошо жүрөктүүлүгүнө, алгырлыгына карабай эки буттуу айбандан энесинин көңүлү үч көчкөн журттай калган. Адам деген эки буттуу жырткыч аркы зоодон туруп, берки зоодогу энесин сыйкыры күч таягы менен томолото ата жаздаган. Ошондон анын караанын көрдү дегиче буту-бутуна тийбей, баласын желкесинен аткый тиштеп зыр качып жөнөйт. Качпаса териси тескери сыйрылары турган иш. Ошо жанын тиштей качкан күчүгү энесин тартып тулку бою узунунан, туурасынан да чоноюп, эбегейсиз күчтүү, алгыр өстү. Жалтанбас чоңойгондо далай күчүктөрүн эрезеге жеткирген эне илбирстин

көзүн мунарык басып үйүрдөн кодуланып айдалды. Түбү жок тунгуюк анын акыркы жайы болуп калды. Ошентип энесинин ордуна үйүр башы болду. Кезинде баары анын айтканы, дегени менен жүрдү. Эч кимди аябады. Жайытын кеңейтти. Олжонун көптүгүнөн жан шериги экөө жакшы дооран сүрдү. Жыл сайын күчүктүү болушту. Көп үйүр бөлдү. Бөлүнбөгөндү капты, болоттой курч азуусу тиштеген жердин терисин шылый чапты, ороктой ийрейген тырмагы денеге терең из калтырды. Бир сапар жүрөгү тоодой ток тартып, баралына келип бойго жетип турганда күрөң аюуну өз жатагынан кууп чыгып, ошо аймакка өз ээлигин жүргүздү. Ошо аюу жатакта узак жылдар үйүрүн көп кубанычтарга бөлөдү. Карылык моюнга мингенче үйүрүн каалагандай калчады.

Ал энесине окшоп душманын аркы зоодон, берки тоодон издептир. Издегени, шырп алдырбай тамактан алчу душманы – эки буттуу айбан. Аны да бир жолу капысынан мандайдагы күмүш түспөл мөнгү каптаган тоодон жолуктурду. Ачуусу аябай келип турган. Аралык ыраак болуп калды, болбосо сөз жок тиш салмак, сөөгүн сөпөт кылмак. Ошондо сөөк өчтү душманына тап бере албай өкүнүп калды. Адамдан өткөн душман жок деп эсептеп жүргөн. Жаңылыптыр, бар экен. Куу тагдыр ага өз душманын туш келтиргенде оозун ачып калды. Көрсө, анын душманы колтугунда эле жүрүптүр. Капыстан ырылдап келип капкада жамбашынын терисин аткып кетти. Жалт караса сырттан издеген душманы өзүнүн эле көкүрөк күчүгү болуп чыкканда жүрөгү жарылып кете жаздады. Ал өткөн жайда жер ооштуруп кеткен болчу. Минтип анын күтүлбөгөн жерден пайда болушу апкаарытып койду. Учурунда маани бербептир, өзүн тартып олбурлуу, курч азуулуу болуптур. Каны суюк, жаш илбирске кантип тең келсин, жамбашынан канын куюлтуп кача берген. Артын карабай безген. Өз көкүрөк күчүгүнөн кодуланганы жаман экен. Жүрөгү кабынан суурулчудай лакылдап, көкүрөгү күйүп кетти. Ошентип өз кайгысына кийин көңүлү жибип, ымалага келер деп үйүрүнө кайрылып келсе тегине карабай чычырта кууду, көкүрөк күчүгү. Ошондо да көнгөн үйүрүн, жан оту менен бир болуп калган ээлигин таштап кете албады. Кантип кетет, анын жыргал доору ушул жерде өтсө. Ошондуктан өз жеринен алыстабай айлана-тегеректе эле күн көрүп жүрдү. Ошого карабай көкүрөк күчүгү шумшуктөнө атайын издеп келип жашынган жеринен сууруп чыкты. Карыганын билбей кайкандай калганда көп муш жеп калды, байкуш ата илбирс. Себеби анын бир убакта жолунан кезиккендин баарын жапырган бороондой чапчаң кыймылы жайлаптыр, тоодой ток жүрөгүнөн кайрат калбаптыр, жолдуулугу аны таштап кетиптир. Аны билбей жаш дөбөткө тенелем деп чыккан демилгеси таш каап, катуу муш жеп калганы ошондон. Кичинесинен эркелетип асыраган күчүгү байкуш атасын аяган жок. Көз жашын көлдөтүп, бир убакта өзү түзгөн ээликке экинчи келгис кылып

кууп чыкты. Ал тургай, жакында эле үйүрүнө кошкон жаш, келбети келишкен, дене-бою ийилчээк ургаачы илбирс анын таламын талашкандын ордуна кайра мыскылдай көзүн сүзгөнү жүрөгүн куйкалап ийди. Тагдырдын жазмышы ушинтип өз өчүн алды.

Ошентип, аска-зоодон төмөн түшүп келүүгө мажбур болду. Келатып ышкындуу жайыктан адам менен аюунун кармашына күбө болду. О, ошондогу эки берендин кармашын сүрөттөө кыйын, карс-курс алышкан кандуу кармашка айланбадыбы. Өлүм үчүн эмес, өмүр үчүн болгон тиреште бирде адам, бирде аюу үстөмдүк өкүмүн жүргүздү. Ошо күнү шык адам тарапта экен, аюуну алсыратты, көкүрөгүнүн соо жерин калтырбай бычактады. Акыры эки буттуу айбан аюунун жанын кантип алганын өз көзү менен көрдү, күчүнө тан берди. Себеби ал жакын эле жерден байкоо салып турган. Жаман оюнда адамдын кыйынчылык менен күрөштө тапкан олжосун ошондо тартып алгысы келген. Бирок катуу муш жеп калган илбирстин дене-бою жанчылып, түзүлгөн кыйын кырдаалдын кесепетинен кайраты мокоп, көңүлү ооруп турган. Ошон үчүнбү, эки буттуу айбанга тап берүүдөн айбыкты. Чыны жүрөгү тоо, кайраты мол адамга каршы туруунун өзү тозок экенин туйду. Бу жазылбаган жапайы мыйзамдын чен өлчөмүн эне илбирс өз мамилеси аркылуу айгинелеп койгон. Ошондон уламбы, бир жолу коркkон жыртkыч экинчи жолу баш көтөрбөөсү турган иш. Бирок, адам тапкан олжонун кан-жинин жеп тирилигин өткөрүп жүрдү. Бычак мизинде турган жолу ачылып эркиндиги сакталды, жашоосу узарды. Ойлогон олжосу жеңил-желпи колго түшүп турду. Бул жагынан ал уттурган жок. Кайра утту. Дагы не керек ага?

Ошондон улам адам деген эстүү жанды бой тумары, шыбагасын арттырган жолдуу шериктеши катары кабыл алды. Бүгүнтөн баштап анын ээлиги жок, бирок ишенген мергенчиси, тоо ээси бар. Ал – адам экендигине айбан да болсо терең муюду. Ал не дебесин кынк дебей аткарууга бел байлагандай өз чечимине катуу турду. Илбирс ошо жашоосунда жолун ачкандын олуясы, эркиндигин сактагандын кожоюну, жашоосун узарткандын сыйкыры – адам экендигине толук көзү жетти. Ушу жагдайды түшүнүүдөн артык эмне бар?

Байкуш илбирс үргүлөп барып, кайра ойгонуп кетип атты. Кичине болсо да өзөк жалгаганы өмүрдүн уланганы. Карды таптакыр ачка болсо уйку келмеги тозок. Түнү бою кыйналып чыкмак, ичи курулдап. Ашказаны капшырылган неме он туруп, он жатмак кыңшылай. Бирок Жалтанбас эртеңки күндүн таңы агарып атарын билет. Антkени, ал сыйкыр таягы бар кишиге жолукту, болгон ахыбалын туйгузду. Өмүрдөн да кымбат болгон мамиленин пайдубалы түзүлгөнүн сезди. Тоо кишиси аны айттырбай түшүндү. Аяды, илбирс түшүнбөгөн бирдемелерди кобураган болду. Эмне деп кобурабасын Жалтанбас баарын

жакшылыкка жоруду. Демек, эртең олжолуу болот, тумшугун канга матырат. Курсагына май байлабаса кыштан аман чыгуусу дар күмөн. Эми ишенимдин учкуну жанды. Каңырыш укkан жок, тоо ээси өзү убада берди. Убада бердиби – аткарат. Ошон үчүн эртеңки күнгө өзүн астейдил даярдады. Жакшы эс алып, күчүн жыюуга белсенди. Антпесе тоо ээсинин артынан чуркап да үлгүрө албай калат. Анан жакшы түш көргүсү келген илбирс таттуу уйкуга чөмүлүп кетти.

Карыган байкуш самаган түшүн көрдү. Түшүндө энеси аны эркелете оюн салып, адаттагыдай эле өз чөлкөмүн аралатып жүрүптүр. Түркүн түс гүлдөргө, кооз көпөлөктөргө бай тоо бети көзгө ажайып көрүнөт. Курсагы ток, кайгысы жок, көңүлү куунак экен. Кандай сонун түш!

* * *

Таңга жуук Жалтанбас "Кароол чокудагы" үңкүрдөн чыгып, адам түнөк кылган "Кан ордо" жатагына жакын беттеги кырга комдонуп жатты. Жолдуу мергенчи адамды күттү. Ал ойлогондой күткөн адамы көп зарыктырбады, жатагынан чыга келди. Шашпай керилип-чоюлуп "Кароол чоку" тарапка көз чаптырды. Илбирс адамдын колундагы сыйкыры күч таякты көрүп кубанып кетти. Жалтанбастын энеси ушул таяктан өлгүчө коркуп өттү, а баласы тескерисинче, ар дайым адамдын колунда ошо таяктын болушун самайт. Анткени таяк эки буттуу айбандын гана жолун ачпастан, анын да жолун ачат. Андан көзгө илешпей чыккан ысык ок олжосу кайда болбосун кууп жетет, оңко сайдырат. Ошондо жанталашкан кайберендин жаны чыкканча шамалдай күркүрөп желе-жортуп жетет да, табиятынан жаралган жапайы табитин тамчылатып тамагына азуусун матырып ийет. Жылуу кан ичип жыргап калат. Анғыча адам тоо жаңырта кыйкырды:

– Жалтанбас! О, Жалтанбас, эмне уктап калдыңбы?! Тур бат, аң улоого барабыз, Алмалууга кеттик! Менин соңумдан ээрчи, оу-у, Жалтан-бас! Алмалууга кеттик!

Жалтанбас илбирс Мундуздун кам көрө кыйкырган кыйкырыгын укту, бирок жооп бере албады. Мылтыгын ийинине асып алган анчынын басыгы табитин тыбырчылатып комдонуп жаткан ордунан козгоп ийди. Олчойгон тамандары борпоң жерге матырыла сайылып адамдын соңунан ээрчип жөнөдү. Ит болгону ушу эмеспи, бирок ал Мундузга таптакыр көрүнгөн жок. Өңүтүн тапканча бирде жогору, бирде төмөн жагынан жойлоп келатты. Адам ичинен тынчсыздана илбирсти байкабай, балык жон болуп созулган беттин коңулу менен ой-чуңкурунан жырткычтын кырааның издеп бушайман. Бирок, адам канчалык өжөр-

дөнбөсүн Жалтанбас оңойлук менен көзгө көрүнбөдү. Ал: "Жалтанбас менин ууга жөнөгөнүмдү сезбей-туйбай калдыбы. Эмне болду? Бирок баары бир келбей койбойт" деп ойлоду.

Аш бышым убакыт коротуп, жапайы алмалардын мекени болгон Алмалуу жайыгына жакындай бергенде Мундуз отура калды. Өкчөндөй басып балык жон беттин кырына келип токтоду. Мылтыгын алдыга суна кармап, жайыкка көз кырын салды. Адатта тоо алмасы саргайып күз айында бышат. Азыр кеч күз эмеспи, түшүмдүн маалы өтүп кетиптир. Ошого карабай жайыктан жапайы чочколордун чоң үйүрүн көрдү. Алар таң атпай алма жегиси келгенби, же ошол жерде түнөп чыкканбы, айтор, торопойлору чыйылдаса, чоңдору куркулдай аалам менен иши жоктой туш тарапка жайылып кеткен. Шамал күүп түшүргөн алмаларды терип жеп жыргап жүрүшөт. Ким бар, ким жок деп Мундуз алдын алып, айлананы түрө карады. Жапайы чочколордон башка тегеректе кыбыраган чоочун жан көзгө чалдыкпады. Демек, баштай берсе болот. Мундуз бир топ ылдыйлап келди. Караса ыраак сезилдиби жана ошончо ылдыйлады. Эми бейкапар жайылган чочколор алаканга салып койгондой жерден көрүндү. Аңчылык ышкысы кызып, чыдамы чыркырап кетти. Бирок убакыт бар эмеспи, сабыр кылды. Үйүргө сугу артыла тигилди. Жакшылап ойлонду. Куркулдаган жапайы чочколордун арасынан чыкыроон кыштан чыкпай калчууларын караштырды. Адатта алар үйүрдөн чекелеп, ызы-чууга кошула бербейт. Бар экен, бирин кароолго алды, демин ичине тартты. Тарс! Капыстан чыккан мылтык үнүнөн чочколор "дүр" чочуду. Эң четтеги алма дарагынын түбүндө арамза куркулдаган чочконун алдыңкы эки буту бүгүлө түштү. Буттарын тыбыратып жатып калды. Калганы чакчелекей түштү. Куйруктарын чычайтып ашуу тарапты көздөй чымын-куюн болуп дыргаяктап качты. Артынан чаң ызгып калды. Тарс! Мылтык жана атылды. Тоо-таш гүүлдөп барып басылды. Олжосун көздөй учкан акыркы ок үйүрдүн артында калган чоң чочкону жер сүздүрдү. Чочко күү менен барып аласалып кетти.

Анғыча кайдан-жайдан пайда болду, ортоңку жондон атырыла чуркаган илбирс биринчи чочкону тамактай жыгылды. Ой, тимеле шумдук болду! Мундуз Жалтанбастын келишинен күмөн санаган эмес. Ал сөзсүз келээрин билген. Илбирс аны түшүнүптүр, аны баалаптыр. Ушундан өткөн кубаныч болобу?! Ал Жалтанбас деген аттан мурун, мылтыктын тарс атылган үнүн чакырыктай кабыл алганы кызык. Мылтыктын үнүн жапайы жырткычтын, жапайы табияты кабыл алганы кандай таң калыштуу! Мундуз сүйүнгөндөн жер тепкилеп ийди.

– Ал, Жалтанбас, ал! Жалтанбас, тигиге чурка!– деп айгалап ийди, Мундуз.

Өзү күуп жетип тамактаган олжосундай жаланып-жуктанган Жалтанбас үн чыккан тарапка жалт карады. Адамдын айгайлаган кый-

кырыгын түшүндүбү же жокпу, бирок ордунан ыргып турду да кийинки каманга сызып жетти. Ал аласалып кеткенде эле жан берген көрүнөт, кыбыраган кыймылы жок дардайып калыптыр. Бирде чочконун башынан, бирде курсагынан жыттаган Жалтанбас кайра биринчи олжого кайрылып келди. Күтүп олтурган жок. Оңтоюн келтирип тамактан аткый тиштеди да, тырталандап жарды көздөй сүйрөп жөнөдү. Бу анын колго тийген олжосун бөтөн көздөн жашырганы, табиятынан келаткан жырткычтык адатын сактаганы. Өзүн сыйлаган жырткыч өз олжосун биринчи эле басып жыгылган жерде тумшугун колтугуна батырбайт. Анткени ал – карышкыр эмес, мышык тукумундагы жырткыч. Ошон үчүн мышык тукумундагылар азыктанардан абал, олжосун далдоо жерге сүйрөп жөнөйт. Качан көңүлү жайлангандан кийин гана табитине жол бергени ошондон.

– Жалтанбас, ушулар сенин үлүшүңдөгү олжолор. Жаман жайытын бир күндө түгөтөт болбо. Үнөмдөй пайдалан,– деди каректери балбылдаган Мундуз.

– Эмне адырандайт, жардамдашкандын ордуна кайра алаксытат. Билсең, канча күндөн бери оозум толо эт жей элекмин. Турчу ары,– демек, эгер Жалтанбас адам болгондо.

Антпеди, бирок ошондой туюлду. Илбирс экинчи олжону да тырталандай сүйрөп келип мөңгүгө катты. Ошентип кыйналганына карабай өз жүгүн, өзү көтөрүп көп бушайман жеди. Жырткычтын камын көргөн кудайдын момун пендеси илбирстин жан кыйнаган аракетине алдыртадан көз салып отурду. Анан оюна бир нерсе кылт эте түштү бу, асынма мүшөгүн жонуна таштап, Алмалуу жайыкты көздөй кадам шилтеди. Тегиз бышкан боору кызыл тоо алмаларын шамал күүп жерге төшөп коюптур. Кызарган бирөөсүн алып жеңине аарчыды да оозуна салды. Алма даамында экен, бирок учуру өтүп баратыптыр. Табияттын ушу мезгили өзгөчө жемиштүү. Алча, карагат, алмасы бышып төгүлүп турат. "Убакыт барда ушулардан жетишинче жыйнап албасам болбойт. Себеби кычыраган чилде айында аябай зарыл азык болот" деп ойлогон Мундуз асынма баштыгын толтура алма терип алды. О, көптө барып, мурдагы жамбаштап жаткан ордуна кайрылып келди. Жайланып отуруп да, илбирске көз кырын салды.

Мундуздун Алмалуу жайыкта жүргөн убакыттын ичинде оң-солго карай кызгана ырылдаган Жалтанбас курсакты кампайтуунун камында болду. Тоё жеп алганданбы ичи чандайып чыкты. Эми ал кыйлага дейре "Кароол чокудагы" жатагына барбайт. Себеби күн жылуу, азыгын кайтарат, ал түгөнмөйүн карыш жылбайт. Курсагы ток болсо, ал эч кандай суукту тоотпойт. Табияттын катаал шарты ага көнүк. Анан жапайы жырткычтын жапайы табияттан алган сабагы – тазалануу тартибинин башталышы да өзүнчө сабак. Тамактан кийин тазаланып-тазаруу ил-

бирстин күчүк кезинен үйрөнгөн жакшы адаты. Тартиптүү баладай кыраатын келтире бети-башы менен куйругунун, төшү менен колдорунун соо жерин калтырбай жалап-жуктап, кылдаттык менен тазаланат. Кылчык жүнү жылтыраганча, кандын жыты кеткенче шилекейлей берет. Тазалыкты сүйгөн мышык тукуму тазалануудан эч чарчабайт, себеби ал анын кымбат көргөн, сүйгөн иши.

Илбирске канча тигилсе да Мундуздун көз моокуму канбайт. Канча болсо да чарчабай караганы караган, суктанганы суктанган. Сымбаттуу бой келбетин иретке келтирген айбаты күч илбирске жүрөгү эзиле тигилип отура берди. Анан колго тийген алмасын карсылдата тиштеди да, маңызын чыгара чайнай баштады. Биринин артынан, экинчисин түгөттү. Кычкыл даамданган тоо алмасы табитин ачты. Ошондуктанбы көлөмү жаңгактан чоң алмаларды биринин артынан, бирин сугуна берди. Бул учурда илбирс тазаланып бүтүп төрт аяктай калганда ичи саландай түштү. Анан Мундузга көзүн артты. Анын арамза кыймыл аракети: "Олжону кайда катышты мен деле жакшы билем. Сен ага кийлигишпей эле кой. Кете бер, артыңдан барам. Мен сага ыраазымын" дегендей белгини туйгузуп турду. Анан кызгана түштүбү, же жөнеле корунганыбы эмеле пириндей көрүнгөн адамга көрүнгүсү келбей, жарга боюн жашырууга шашылды. Ошо жашынган бойдон экинчи көрүнбөй койду.

Жырткычтын чыгышын күтө берип жадаган тоо кишиси мылтыгын жонуна арта салып, ичинен кыңылдай жолуна түштү. Анын күдүктөнгөн көңүл оту түнөргөн булуттан чыккан айдай ачык, көптү көргөн пешенеси көз ачырбай унулдаган бороондон кийинки чайыттай ачылган күндөй жарык эле.

Ошентип күндөр өтө берди. Чыкыроон кыш учурунда келип, суук өз өкүмүн сүрө баштады. Тоо-таш, жылга-жыбыттын чоло жери калбай ак бубакка оронгон. Жараткандын сампарлап жааган кары биринин үстүнө, бирин кабаттай берди. Мундуз менен Жалтанбас Алмалуу жайыкка дагы бир жолу барып келишти. Жараткандан мындай болгон эмес. Эзелтеден сөөк өчтү душман эсептелген адам менен илбирс өтө жакындап кетпесе да, бири-бирин караан тутуп, кадимкидей көңүп кетишти. Көнгөн эли-журтунан кодуланган адам менен өмүр кечирген аңчылык ээлигинен айдалган илбирс, ушинтип тоо арасынан кездешип калат деп эч кимдин оюна келген эмес. Ал да болсо пешене тагдырдын буйругудур. Мундуздун түздөн-түз киришүүсү менен Жалтанбас бат ирденди. Жогдор жүнү үрпөйүп, сууктан сактаган тыбыт жүнү өсүп чыкты. Ичи май алып, салмак басты. Аппак карга оонаган сайын жүндөрү жылтырап, түлөп түшкөн эскинин ордуна жаңысы пайда болду. Айбаты тумшугу менен чамгарактаган узун куйругуна чыкты. Агыш көк гүлтемгилдүү чымыр денеси ого бетер олчоюп чоңойгонсуп көрүн-

дү. Кызыгы, олжосунун артынан таманын кызыта аңдып, шилекейин агыза бөкчөңдөп жойлоп жүрбөсө да, сыйкыры күч таяктан чыккан үн менен барабар атырыла жөнөйт. Анан көрө бер, анчылык табити ойгонгон илбирс ободо сызган жебедей ышкыра сызат. Күү менен бирде ташка, бирде жерге шукшурула тийип, адамдын мелжеген олжосу томолонуп-жумаланып бир орунга жатканча жетип барат. Кайберенби, жапайы чочкобу дароо тамактан алат, башка жерине тиш салбайт. Анан олжосун көздөн далдоо жерге сүйрөп жөнөйт. Көңүлү жайланганда жаланып-жуктанган илбирс Мундузду чокчоё бир карап алат да, ыраазы болгондой куйругун чамгарактата көздөн кайым болот.

Күн өтүп кар калындап жааган сайын аска-тоодогу кайберендер сейректей баштады. Кай бир үйүрү Кытай тарапка ооп кетти, кай бир үйүрү төмөн түшүп келди. Төмөн түшүп келгени көбүнчө кар жука жаткан күнгөй бет тарабына ыкташат. Бу мезгилде жапайы чочколор качан эле ылдыйлап кеткен маал болот. Өзү Жалтанбас деп койгон илбирстин урматына биринчи жолу кыш чилдесинде аңчылык кылды, Мундуз. Бирок кыш мезгилинде аңчылык кылуу опурталдуу өндөндү. Мылтыктын доошу көчкү чакырышы мүмкүн экендигин өз жон териси менен сезгендей болду. Себеби анча чоң эмес көчкүгө өзү күбө болду. Мылтыктын үнү кар көчкү чакырып, кара жанын араң куткарып калды. Ошондон улам Жалтанбаска үч теке жыгып берген. Ошол эле күнү илбирс үчөөнү тең бекитип алды. Эт жеп оңуп калды. Көңүлү ток, кайгысы жок жүрдү. Ичинен адам пендеге чексиз ыраазы. Ал болбосо көргөн күнү не болмок? Азабы аттын башынан ашып, капкачан сөөгү сөпөт болоору бышык болчу. Минтип көздөрү жылтыраган алсыз жырткычка, тырмагы менен азуусу бирдей мокогон байкуш жырткычка кудай куткаруучу жөнөтүп, олжосун күч коротпой, куугун салдырбай колуна салып берип жатат. Мындан артык дагы эмне керек ага? Жырткыч да болсо ушуну жакшы түшүндү, Жалтанбас. Ошондуктан Мундуз аттуу адам пендесинин карааны көрүнгөндө коркунуч туудурбай, тескерисинче кубаныч тартуулашын, токпейил ишеним артылтаарын жараткандын мыйзам ченемдүү көрүнүшү катары санады, Жалтанбас. Анын артынан салпактап ээрчиши да, жүргөн жагына жүрүшү да ошондон болуу керек. Курсагы ток болсо да, бекиткен олжосуна күндө бир маал келип тиш салып кетет. Кан жүгүрткөн азыгы ордунда экенин көргөн илбирстин көөнү ток. Ошондо мышык тукуму чокчоё отуруп алып, жаланып-жуктана тазалана кетет. Олжосун кайрадан кар менен көөмп, күүгүм түштү дегиче кынык алган "Кароол чокудагы" үңкүрдү көздөй жөнөп калат. Ушу адаты көп жолу кайталанды. Текенин экөөсүн жеп түгөтүп калган. Үчүнчүсүнө өткөндө илбирсти кырсык тооруду. Ал адатынча олжолорун жар алдына бекитчү. Кырсык каш-кабактын ортосунда эмеспи. Ошо күнү Мундуз да Жалтанбастын кылыгына таң калды. Анткени ал абдан сак эле. Балекет

басып, ошол күнү илбирс эмнегедир күндө айланып өтчү жолуна салбай, жардын кырына салганы таң калтырды. Балким айланып убара чеккиси келбеген чыгар. Ошон үчүн түз келаткан жолунан кайтпай сапарын улай берди. Бир топ басты. Дагы он беш кадам басканда аскага жете келмек да олжосунун үстүнөн чыкмак. Оюнда эчтеме жок Жалтанбас жардын кыры менен аярлай келатканда, капылеттен бут алдындагы саландап турган мөңгү кырс сынып кетти. Илбирс жанда жок шамдагайлыгынан гана түбү жок туңгуюктай сезилген аңга түшүп кетпей, сынган мөңгүнүн урчугунда асылып калды. Арткы буттары менен таканчыктап, алдыңкы буттары каткалаң музду тырмалады. Жанталпастын айынан жанталаша тырмышты, улам чыгып кетем менен катуу тырышты. Эзгин муздуу урчукка такап, тамандары менен терең из калтыра тырбаландай берди. Тоңгон мөңгү кызыл жошо канга боёлду. Жаны ачыган илбирс, жаны ооруганына да кайыл эле. Анын ою эптеп ушул алааматтан аман кутулуу болчу. Ошондуктан ал болгон күчүн жумшады, өжөрдөнө тырмалады. Өз өмүрүнүн этегине катуу тырмышкан жырткыч, жанын коё бергиси келбеди. Бир убакта катуу музга таканчыктаган арткы буттарынын булчуң эттери чыңалып, акыркы секирик жасоого кам урду. Жанталашкан илбирстин акыркы секириги, анын куткаруучу айдыңга алып чыгары бышык. Ошентип, илбирс бар күчүн жумшады, бу жашоодогу өзүнүн акыркы секиригин жасады. Бирок Жалтанбастын кабелтең тулку бою менен төмөн ныгыра баскан оор салмагын көтөрө албай каткалаң мөңгү кайра тең ортосунан бөлүнүп кетти. Каткалаң мөңгү жөнеле бөлүнүп кетпей, илбирсти кошо ала кетти. Жалтанбас канчалык саксынбасын, мөңгү менен кошо ошончо бийик аскадан аласала учуп түштү. Аман калуу мүмкүн эмес эле. Мундуз оозун ачкан бойдон кала берди. Кыйкыра да албады. Катуу үн катса, кар көчкү жүрүп кетиши толук ыктымал болчу. Ошон үчүн тишин-тишине катып чыдап турду.

Эки күндөн кийин гана араң кар астынан казып алды. Ошентип Жалтанбас илбирстин айбаттуу элеси бир көргөн түштөй жарк этип, Мундузду таштап кете берди. Албетте, кээде боло калчу табияттын кырсыгы алдында адам байкуштун алы-күчү, дарамет-кудурети алсыз. Бирок ошол Жалтанбасты алып кеткен кар көчкүдөн кийин тагдыр аны дагы сак болууга, айрыкча, кыш айында этият жүрүүгө үйрөттү.

III

Кымыз бышкан саратан айы. Колхоз-чарбалардын малчылары менен кемпир-чалы бар үй-бүлө бирин-экин малын алып жайлоодо. Райондук НКВДнын башчысы Анарбай Жээнбеков бөрк ал десе баш алган эки кошоматчы кызматкердин коштоосунда жайлоодогу малчы-

ларды кыдырганы жөнөп кетти. Ага бөрүлүк кайсы бир мергенчинин "Тоодон чоочун киши көрдүм. Баскан-турганы, кыймыл-аракети шайдоот, кийингени өзгөчө. Жапайы жырткычтай сак, өзү олбурлуу, денебою чың киши экен",– деген сөзү айгак болгонун айтышты. Алар кайсы чарба, колхозго барса, ошол жердин жетекчисинен ат сурап миништи. "Чоочун киши" шылтоо гана болгондой. Милиция кызматкерлеринин шайкелең жүрүшү "чоочун кишини" издебей эле, кызыл жоолукчан аялды издеп чыккандай түрдөндү. Барган жеринде кур опузага алып кой сойдуруп жешти. Кемпир-чалды көзгө илбей, келин-кесекке тийишти. Эч кимиси тоодо жүргөн чоочун адам жөнүндө кызыгып, сурап койбоду. Ичкиликти кымызга кошуп, каалагандай шимиришти. Кезектеги коноктон кызуу чыккан үчөө шарпа-шуп аттанып, унчукпай жүрүп кетти. Эки кыр ашып, Ажике жайлоосунан Буйгага түшкөндө булактын көзүнө суу алганы келген жаш кызга кез келишти. Ык туп, кемпир кыял болуп келаткан Жээнбековдун көздөрү кызды көргөндө жаланкыч жырткычтын өңүндөй жаландай түштү. Аял көргөндө ычкырына алы жетпеген Жээнбеков: "Жигиттер, тиги кызды бөктөрө салгыла. Өзүбүз менен кошо ала кетебиз",– деп корулдады, шилекейин "кылт-кылт" жутуп. Шымаланган жигиттер жөн турабы, кызды көтөрө качышты. Эси чыккан ургаачынын бети-башка койгулаганына карабай, токойго сүйрөп кирип кетишти.

Анарбай башчы келинчеги Сайкал өлгөндөн кийин аялдан өчү бардай, жаш-карысына карабай кимиси болсо деле, баса калмай адат таап алган. Аял менен болгондон кийин бир башкача жийиркенип кетчү да: "Иттики, болгону ушу. Аласына киргенче көзүң кызарып, аалам аңтарылып түшчүдөй жалынасың, айтпагандын баарын айтып жалбарасың. Бүткөндө минтип жийиркенесиң, эненди урайын десе!"– деп сөгүнүп алчу. Буга келинчеги Сайкалдын аны тенсинбегени, аял катары көңүл бурбаганы да себеп болсо керек. Иши кылып аял аттуудан жолу болбоду, Жээнбековдун. Ошон үчүн аял аттууну бир жолу гана колдончу буюмдай колдонуп, таштап кете берчү. Эч кимден жалтанчу эмес, кийин ага ээлеген кызмат орду да шыкак болду. Бу сапар да кыла келген кылыгын кайталагысы келип кетти. Бийлик колдо турганда эптеп бир айласын табармын деген ойдо болду. Башы менен ойлонбой, делебесин делирте козгогон кызылга көзү кызарып, кызуулукка алдырып ийгени да, ач бөрүдөй жулунган кызматкерлерине буюра сүйлөгөнү да ошондон. Сактыкка кордук жок дедиби үлүрөйгөн көздөрү теребелди тегерете карады. Шек туудурган ашыкча кыймылды байкабады. Ал ойлогондой айланада өзү менен кошкондо эки кызматкеринен бөлөк эч ким жок экенине көзү жетти. Ал тургай дейди оттогон мал көзгө илинбеди. Думуктурган жымжырттык үчөөнүн табитин бири-бирине төп келтирди. "Бизге эмне, башчы турганда чатак жок. Кандай иш болбосун чаң жугузбай басат, себеби ал өзү буюруп жатпайбы!" дегендей ой калчашкан кызматкерлери көп деле баштарын оорутуп кабатырланышкан жок. Зөөкүр эркектерди кутурткан, жебенин тэтигиндей чыңалткан өздөрүнүн эле эки инеги болду. Ошондонбу, баарынын жүлүнүнө өрт кетип, жан жеринин тээги алаларына батпай зыңкыя тирелди. Бирок башчыдан тартынып турушту, болбосо капкачан эле кыздын көйнөк -ыштаны дал-дал айрылып, кызык тамашага батышмак. "Тамактын таттуусун жеп, төрдүн сыйлуу жеринде отуруп көнгөн башчы кыздын сулуусун биринчи татып көрүүгө укуктуу. Анан калса анын жолу улук" деп ойлошту, башчынын кол алдындагы зөөкүр кызматкерлери. Кыздары жоошутуп кеп-сөзгө тартышты. "Кыйкырсаң өлтүрөбүз, өлүгүндү сууга ыргытып жиберебиз. Андан биздин эчтемебиз коробойт. Ошондуктан кыңк этпе, биздин айткан-дегенибиз менен бол. Ошондо жаның калат",– деп кыз жүрөгүн аябай эле чочутуп коюшту.

НКВДнын кызматкерлеринен өлгүдөй коркуп калган кыз ичинен бүлкүлдөп, эмне кылар айласын таппай бозоруп турду. Кыздын бышкан карагаттай мөлтүрөп, жетилип турган курагы экен. Анын келишимдүү келбети менен сулуу чырайы кимдин болбосун көзүн кызартмак. Балдаган кой көзүнүн чанагы аппак, коюу кашына осмо коюлган. Эриндери бүлкүлдөп, аккуу моюуну кызга өзгөчө көрк берип турат. Ургаачынын ычкырын кармалап Жээнбеков келди, "чыйт" түкүрүнүп. Ургаачынын өзүнө тарткан өзгөчө касиети башчынын көңүл кушун көкөлөтүп, ышкысын козгоп ийди. "Жигиттер, жолдуу жигиттин алдынан ажалдуу кийик жолугат деген ушу. Анын сыңарындай жолубуз болгону турат. Жоогазындай кулпурган олжону колдон сууруптуп ийсек, бычактын мизинде калабыз. Ошондуктан чыркыратпай бек кармагыла! Аласын ачкыла!"– деп айбандык табити тамчылап кеткен Жээнбеков кызды баса жыгылды. Эки кызматкери эки жагынан тырпырата кармады. Кыз суудан чыккан балыктай туйлады, карышкырдан качкан эликтей секирди. Энесинен ажыраган ботодой боздоду, бирок энгезердей болгон үч эркек күчүн алып койду. Алы куруп, үнү кудайга жеткен ургаачынын саамга тынчый түшкөнүнөн пайдаланган Жээнбеков, баятан жерге-сууга батырбай, ышкынан чыга качуудай кыйнаган дараметин болжогон жерине матыра сайды. Жүрөгү оозуна тыгылып, өмүрүндө эркекке этегин ачып көрбөгөн кыз: "Апа-аа!"– деп эси чыга кыйкырды. Жыргалга баткан Анарбай пешенесинен терин куюлтуп, кыздын туйлаганына, ачуу кыйкырыгына карабай ач кенедей жабышты. Жыргалдын түбүнө жетчүдөй тырмышты, күпүлдөтө сокту. Качан дарамети соолуп, күүсү жанганда шалпая орудан турду да, оозго алгыс уят сөздөр менен сөгүнүп алды. Кайрадан жоошуй түшүп: "Жигиттер, кыз эми силердики, каалаганынарды кыла бергиле! Мен турганда эчтемеден камтама болбогула", – деп булак тарапты көздөй басты, максатын орундаткан Анарбай.

– Бексултан ага, кыймылдатпай кармай көрүңүз. Кезек мени-ки,– деп чырымы жаш бирөө өзүнчө карбаластай түштү.

– Ыя, жубарымбек, мен сенден улуумун го? Тур мындай! Муну кара, тимеле машаяктын баласы болуп кетет!– деп Бексултан дегени ызырына ычкырына асылды.

– Айланайын агатай, мени-ки болбой баратат. Кезекти мага бериңизчи, сураганыңызды деле берейин. Макул деп коюңузчу,– деп жообун күтпөй, кыз аласына тизелей отурду.

– Э, мейличи, башчынын устуканын менден биринчи тартып кеттиң. Айтып коеюн, кийинкиси мени-ки. Эй, Осмон угуп жатасыңбы?– дегиче анысынын иши бүтүп, шылкыйып калган экен. – Ии, балакай, болгон дараметиң ушул элеби? Эмеле кыйын болуп атпадың беле? Дагы менден талашып коет, – деп Бексултан шылдыңдай күлүп, шымын шыпырды.

– Мен сизге айттым го, болбой калдым деп. Өмүрүмдө аял киши менен болбосом, ушундай болот да, – деп Осмон дегени жаштыгын ортого салып, актана кетти.

НКВДнын башчысы куш уйкудан ойгонгондо Бексултан менен Осмон кызды жууп-тарап, жолго даяр туруптур. Атты туура тартып, башчыны атказышты. "Дагы кандай буйрук же көрсөтмө боло калат" деп күтүшкөн экөө башчынын оозун карашты.

– Бексултан, Осмон мени жакшылап уккула. Болор иш болду, боёсу канды. Кызды ала кетебиз. Биз кай жерге барсак, ал ошол жерге барат, бирок боз үйгө кирбейт, боз үйдө түнөбөйт. Кыздын жоопкерчилиги Осмондун мойнунда. Анткени ал кыз менен токойдо бирге туруп, бирге тамактанат. Кызды биздин сөзгө аралаштырбай катуу кайтарат, бирөө менен сүйлөштүрбөйт, эч кимге көргөзбөйт. Оозунардан ашыкча сөз чыкпасын. Эми үчөөбүздүн жаныбыз, ырыс-кешигибиз кошулуп калды. Андыктан комуздун үч кылындай үнүбүз чогуу чыксын. Бирөөбүздүн эле кылыбыз кыйшайса, калганыбызга доо кетет. Кыскасы, тоодо канча күн болсок, кыз ошончо күн биз менен болот. Качан, кай жерде кааласак, ошол жерде биздин көңүл ышкыбызды басат. Түшүндүнөрбү?– деп сөөмөй кезеди башчы.

– Түшүндүк, жолдош башчы,– деп экөө кудундай түштү.

– Эмесе аттангыла! Сапарыбызды улайбыз. Кийинки аялдама тайтындардын Бел-Башат жайлоосу. Ошондо бир түнөп, андан ары Ак-Таш жайлоосуна өтүп кетебиз. Бөрүлүк мергенчи чоочун кишини ошол аймактан көрүптүр. Ошо чоочун киши эл душманы Мундуз Элебесов болуп калышы толук ыктымал. Аны колго түшүрсөк үчөөбүздүн тен даңазабыз чыгат, медаль тагынабыз. Ошондуктан айрыкча курал жарагыңарга, өзүңөргө сак болгула. Кызды эч ким менен сүйлөштүрбөгүлө,– деп күпүлдөп алды, башчы.

– Жолдош башчы, баары сиз айткандай болот. Бизден эч бир күмөн санабаңыз. Элебесов эле болсо туткундайбыз, ишенип коюңуз,– дешти экөө жарыша какая калып.

– Ушундай күчтүү дымак менен барсак, аны сөзсүз кармайбыз. Ылайым силер айткандай болсун. Анда "чү" дегиле, убакыттан алдырбайлык,– деди Анарбай шаштыра.

* * *

Кадыйча сууга кеткен бойдон кайра боз үйгө кайрылып келбеди. Ал кеткени бээлер саалбай калды. Атасы Мати менен апасы Токтоканын жүрөктөрү кабынан суурулчудай лакылдап, тынчы кетти. Өздөрү отурган конуштун жака-белин эки айланта тинтип чыгышты. "Кадыйчалап!" кыйкырышты. Кечке жуук келип калат деген кызы күн толук отурганда да келбеди. Түнү бою күтүштү, көздөрүн кызартып. Эртеси Кадыйчанын саанчы жеңеси жетип келди.

– Тиги кой ферменин баласы менен сүйлөшүп жүргөн. Балким ошолор ала качып кетип жүрбөсүн,– деди жеңеси аңгүдүк ойго кептелип. – Бирок ала качып кеткен болсо эмдигиче кабар келмек. Ошентсе да ошо балага бирөөнү жөнөткүлөчү, ботом.

Арадан анча өтпөй, сүйлөшкөн жигити келди. Ал деле эчтеме айталбады. Аңгыча алыс-жакындагы чакырылган тууган-уругу, кошуна-колоң топтолду. Чогулгандар Кадыйчаны издемекчи болуп топ-топко бөлүндү. Агасы арыз менен милицияга кайрылды. Ошентип аты бары аты, өгүз мингени өгүзү менен, жөөсү жөө издеп чыкты. Жер-жерге куулак кагыш кылышты, сүйүнчү айтылды.

Байкуш эне ыйлай баштаганда күйөөсү Мати аргасыз тыйган болот.

– Сага эмне болду, ыйыңы токтот! Жаманга ыйлайт, кызың бир жерде отурган чыгар. Кайтар мезгили болуп калды, келип калат.

– Кана кайтканы, мына аздан соң караңгы түшөт,– күчөнө айтты эне.

– Көрүп турам караңгы түшкөнүн,– деп ичинен сызды атасы. – Жер жутуп кеткенсип кабарсыз жоголгонун кара. Кайда кетти, кайда жоголду? Билген киши жок. О, кудай, кызыбыз аман-эсен болгой эле.

Издеп кеткендер кайрылып келе баштады. Баары ооздоруна кум толтуруп алгансып тымпыйышат. Себеби эч кимиси сүйүнө турган сөз айтышпады. Айылдан да жарытылуу кабар угулбады.

– Издей турган жерди издедик, сурай турган жерден сурадык, эмне кайып болуп кеттиби? Силер урушуп койгон жок беленер?– деп ата-энесине суроо салды туугандары.

– Э, кокуй, тентек мезгилинде урушпаган, эми бойго жеткенде урушабы?! Ошо күнү күндөгүдөй эле жайнап-күлүп жүргөн. "Апа, булактан суу алып келе коеюнчу", – дегенинен "Макул",– дей койбодумбу, кургур жаным,– деп апасы өпкөлөп басылды.

Арадан апта айланды. "Кадыйчаны азыткы азытып кетиптир. Кызды азыткы коё бербей жатыптыр",– деген ушак тарады. Ошо ушак угулгандан бери жаш балдар бейчеки баспай, караңгыда ойнобой калды. Малчылар: "Кадыйчага окшогон кызды Бел-Башаттан көрдүк",– дешти. Айрымдары: "Ак-Таш жайлоосунда жолуктурдук",– десе, кайбирлери "Жок, Алайкуу чөлкөмүндө жүрүптүр, жол боюнда отуруптур",– дешти аландаша. Кыскасы, эл арасында ар кандай "дуу-дуу" кеп тарады, кыз тоолуктардын тили менен айтканда азыткыга айланды. Көпчүлүктүн жүрөгүн түшүрүп күндүзү көрүндү, түнү жолукту. Эрте менен айылдан көрүнсө, түштөн кийин кайсы бир жайлоонун жантык бетинен чыга калып коркутту. Кыздын жер-сууга батпай алып учкан кебете-кешпири, балдар гана эмес, түнү чоңдор да чочуй турган чуулгандуу окуяга айланды.

* * *

Иштин чиеленип кетээрин Жүлгүр жайлоосунун аймагында шапар тээп, сайрандап жүргөн райондук НКВДнын башчысы Анарбай Жээнбеков түк эсине албаптыр. "Ушинтип эле жыргап-куунап жүрө беребиз" деп ойлошконбу, жүгөнсүз аттай эркин талтандашып, кызды каалаган жерде тоокчо баса калып, жапайы ышкыларын кандырып жүрө беришиптир. "Аягы кандай бүтөт, кыздын тагдыры эмне болот?" деген ой эч кимисинин башына келбептир. Качан гана "Эми эмне болот?" деген кабатыр ой кокодон алганда, башы менен эмес, башка жагы менен ойлогон райондун башкы милиционери менен анын алабарман зөөкүр жан-жөкөрлөрү айласын таппай куруду. Эл жабыла издей баштаганда гана көркоолор сулуу кыздын аты Кадыйча экенин билишти. Чак түштө белгисиз жоголгон Кадыйчаны бүт район издеп жаткандай катуу сестентти. Эптеп кутулуунун жолун издеп таппаса, өздөрү чыкпас торго түшөрүн, үчөө тең оңбой каларын, көпчүлүк билип калса алардын милиционер экендиктерине карабай ташбаранга аларын ойлошту. Ошондуктан үчөө тең терең ойго батты, баштары катты. Акыры кыздан арылуунун жалгыз жолун тапты. Ой, тообо, Анарбайдын "Үчөөбүздүн жаныбыз менен ырыс-кешигибиз кошулган" деп айтканындай, мурда келишип алгандай, бул жерде да үчөөнүн пикири бир жерден чыкты. Үчөө тең бирдей коколорун муунта кармашты. Үчөө тең өз чечимдерине бек турушту. Ушинтип кыздын тагдыры оңой эле чечилди. Тайкы тагдырга туш келген байкуш, токойдун түнт жеринде кишенделген кыз,

тигилер эмне деп сүйлөшкөнүн, кандай чечимге келишкенин билбеди. Оюна жаман нерсе албады.

– Балдар, бүгүн акыркы кайрык, баары бүттү,– деп Анарбай токой тарапка басты.

Үчөөнүн адатка айланган айбан кылыктары ошо акыркы күнү да токтогон жок. Уяттан бети чымырабаган Анарбай келгенде Бексултан, анын соңунан Осмон барып ычкырын бошотуп келди. Мурдагыдай дарданданган мүнөздөрү жок, сабырлары суз. Кабактары саланданып, бет түктөрү үрпөйгөн үчөө кайра кыздын жанына чогулду. "Далилди жок кылуунун бирден бир жолу – анын көзүн тазалоо. Ошондо гана аман калабыз",– дешти. Бу жолду тигилер эң жакшы түшүнүштү. Ошондуктан үчөө бири-бирине үнсүз телмире тигилди. Анарбай экөөнү алма-салмак көз алдынан өткөрдү, салмактап көрдү. Акыры анын олжосун тытмалоого даяр турган жырткычтай тигилген сүрдүү көз карашы Бексултанга барып кадалды. Макулдук бергендей башын ийкеди. Башчынын көз карашын айттырбай түшүнгөн, анын сөзүн эки кылбаган Бексултан "ой-буйт" дегиче, жазылган чачын иретке келтире баштаган кызды муунта кармады. Жанталпас кылып мойнуна укурук илинген жаныбардай туйлаган кыздын жалынганына карабай, мойнун толгоп ийди. Жүлүнү "тырс" үзүлгөн кыз эркектин кучагынан суурулуп барып, жерге шалак кулады. Телмирген үчөө добуш чыгарбай кызды бутак-шак, чөпчар менен жаап, эчтеме болбогондой бастырып кетти. Ошол күнү үчөө өлүктү кайтарып, ошол тегеректе түнөп чыгышты.

Эртеси теребелге күн нуру жайылганда өзөн үстүндөгү жантыкта агарып көрүнгөн боз үйгө бет алышты.

– Эми эл душманы Элебесов колго түшпөй койбойт,– деди Жээнбеков бастырып баратып. – Чоочун киши ошол эле болсо, ой, ушундай кармайбыз, үнү кудайга жете турган кылабыз,– деп бакылдады, колу эми гана бошогондой. – Ушундайбы, жигиттер?!

– Так ошондой, жолдош башчы,– деди Бексултан.

– Бексултан, сен аны жакшы билесиң да. Кармайбызбы?!

– Кармайбыз, жолдош башчы. Ал экөөбүз жатак-мектепте биргеге окуганбыз, "Камбар тебиш" менен бирге машыкканбыз. Кийин атаэнесин көчкү алып кеткенде, ал айылга кетип калды. Ошондо да машыгууга келип жүрдү. Бирде ал, бирде мен утчумун. Согушта чалгындоо ротасынын командири болуп, практикалык жактан тажрыйбасы өсүп келиптир. Согуштан келгенде бир-эки жолу жолуккан жайыбыз бар.

– Эч нерсе эмес, Бексултан. Бийлик, мыйзам биз тарапта. Ал улуу Сталинди мазактаган качкын, советтик түзүлүштү жамандаган капиталисттердин тынчысы. Ал азыр алды-артынан чыккан шыбырттан чочуп, кушту көргөн кекиликтей бүжүрөп жүргөндүр, жүрөгү кабынан суурулуп кетчүдөй болуп.

– Анысы да ырас, жолдош башчы,– деди сөзгө кыпчылган Осмон. – Бизде курал бар эмеспи. Курал турганда эчтемеден коркпой, чечкиндүү аракет кылса болот.

– Осмон туура айтты. Колуңарда курал турганда, андан эч аянбагыла! Жакшысы анын көзүн тазалоо керек. Ошондо жаныбыз тынч болот,– деди башчы тиштене.

– Ошол эле болсо, ага бир ок жетиштүү,– деди Осмон бейкапар.

– Эй, жигит, сен ушуну менен экинчи жолу айтып жатасың, "Ошол эле болсо туткундайбыз", "Ошол эле болсо бир ок жетиштүү",– деп. Бул сөздөрдү сен кайдан үйрөнгөнсүң? Душманды жеңил санооого болбойт, акеси.

– Жолдош башчы, бу сөз кайрыктары Бексултан акеме таандык эмеспи. Ошонун таасири го. Бексултан акем турганда бизге капкайдагы Элебесовуңуз кепби?!

– Ошондо деле көп баатырсынба, Осмон,– деди жүрөкзаада болгон Анарбай. – Ал деген НКВДнын кызматкерлерине кол салган коркунучтуу кылмышкер. Өзүңө сак бол!

– Куп болот, башчы! Мындан кийин эске алайын, сак болоюн,– деди Осмон башчынын каарына калбайын деген тейде.

Кararган журтка жакындаганда боз үйдөн эки киши чыкты. Милиционерлерди утурлай басты. Анарбай башчы кеп-сөзгө келген жок.

– Үйдү тинтип чыккыла!– деди жүрөктүн үшүн алып. – Качкын издеп жүрөбүз. Чоочун киши көрүнгөн жокпу? – деп камчысын ээр кашка такады.

– Көргөн жокпуз, ал кайсы киши эле?– деди үч атчанды утурлай баскан Каден деген улакчы жигит.

– Эл душманы Элебесов,– деп кыстала айтты, башчы.

– Ой, ал киши жоголгондон бери эки жыл өттү. Дагы эле издеп жүрөсүңөрбү?

– Канча жыл издейбиз аны менен сенин ишиң болбосун!

– Макул ишим болбосо,– деп улакчынын шагы сына түштү.

Болбосо үйгө киргизип, шырбазы козусун союп бермекчи болгон. "Мындай урматтуу конокторду үйүнө чакырып да келтире албайсын. Эми орой немелер чайдан айлансын, тинтип бүтсө жолуна түшсүн" деп ичинен толгоно чыдамсыздык менен күттү.

– Жок экен,– дешти боз үйдү чакчелекей түшүргөн Бексултан менен Осмон.

– Жок болсо, андан ары кеттик,– деди башчы аңгүдүк боло.

"Каап, эми кайда барабыз? Жатып алып эртеңден ишти баштасак деле болмок. Нан ооз тийгиле деп да койгон жок, кызталактын киши. Бизди кыртышы сүйбөдү окшойт. Мейли, андан өлүп кетпейбиз, кийинки журтка барып, ат чалдырабыз",– деди өзүнчө.

Үчөө кайрадан кабак жолго түштү. Аңгыча аркы белден жөө жаландап келаткан кыз келиндердин ачуу кыйкырыгы теребелди солк эттирди.

– Жоголгон азыткы кыз келиптир! Азыткы кыз!

– Жолдо азыткы кыз отурат. О, эл журт, бизди сактап калгыла! Азыткы жолду тосуп алыптыр,– деп чаңырып жүрүшөт.

Көздөрү алаңдаган үч атчан чаңырык чыккан тарапты көздөй чаап жөнөштү. Аларга көңүл бурган бирөө жок. Ар ким өзү менен өзү. Өңдөрү боппоз боло, аябай коркуп алышыптыр.

– Кайсы азыткы, кайсы кыз, кайда отурат? Кана ал?!– деп кыйкырды Жээнбеков.

Кыз-келиндерден жооп болгон жок. Бирин-бири укпай ызылдай беришти. Сурагандын да, корккондун да жүрөктөрү дүпүлдөп, бир башкача көрүнөт.

– Башчынын суроосуна жооп бергиле, чурулдабагыла!– деп Осмон мылтыктан ок чыгарганда, тигилер ансайын эси чыгып, тоо боорунa жармаша безип жөнөштү.

– Балдар менин артыман!– деди башчы буйрук бере.

Үчөө кабакка түшкөндө көргөн көздөрүнө ишенишкен жок. Өлдү деген кыз жол боюндагы ташка жөлөнүп отурат. Анын телмире караган кайгылуу жүзүн жапкан капкара кундуз чачтарын ойноок шамал бирде сеңселте ачып, бирде термелте жаап туруптур. Кызыл көйнөгүнүн этеги үлпүлдөсө, жумуру сандары агарып көрүнө калып жатты. Мындай караса өлгөн кишидей эмес, чарчап келип отура калгандай эле кебетеленди. Ошондонбу коркконунан жүрөктөрү кабынан суурулуп кетчүдөй дүкүлдөгөн үчөөнүн тулку бойлорун заматта калтырак басты.

– О, кудай, мындай болушу мүмкүн эмес! Өлгөн кишинин тирилип жолдо отурганын биринчи көрүшүм,– деп Бексултан оозуна келгенин чулдурай салды.

– Кантип ишенбейсиз?! Мен деле көрүп турам, тигине отурбайбы! Же ал чындап эле азыткыга айланган кызбы?! Азыткы, ме, сага!– деп Осмон мылтыгын кезей берди.

Ок жансыз кыздын төшүнө "пүк" эте кирди, бирок ордунан козголто албады.

– Бексултан!– деп башчы ачуу чаңырды,– мылтыкты тигинин колунан алып кой!

– Куп болот, жолдош башчы,– деп мылтыкты калтыраган Осмондун колунан жулуп алды. – Бери бер, бу энеңдин оюнчугу эмес, көрүнгөн жерде ата бергидей!

– Бексултан ага, мен коркуп жатам. Эми бизге эмне болот?

– Атаңдын башы болот!– деди башчы ызырына. – Эмне мурда өлгөн кишини көргөн жок белең? Жакшысы, Бексултанга көмөктөш! Жик

чыгарбай көөмп, таш менен бастырып салгыла! Дагы тура качпасын. Болгула тез, бирөө көрүп калса, ошондо шорубуз шорподой кайнайт,– деди кыйкыра сүйлөп, айлана-тегерекке көз чаптыра карай.

Жөнеле көөмп салуу онойго турган жок. Бексултан менен Осмон аябай кыйналды. Эптеп жатып кызды көтөрүп барып жарчекке таштай салышты. Жарчектин үстүн көчүрүп түшүп, таш-топурак шилеп заматта көөмп жиберишти. Кетпеген жерден тер кетти. Осмон коркуп калганбы, кыз тарапка карабады, көз кыйыгын да салбады. Мойнун буруп, араң жан кыймылдайт. Качан гана үчөө жолго чыкканда калтырагы басылгансып, коркунуч артта калгандай сезилди. Аңгыча Каден улакчы баштаган бир топ адам топурап жете келишти. Арасында кызды өз көзү менен көргөн бир аял жүрөт.

– Силер топтошуп каякка жөнөдүңөр?– деп жолун тосту башкы милиционер.

– Аялдар азыткы көрдүк дешкенинен чаап келгенбиз,– деди Каден аландай.

– Кайсы азыткы, эмне деген азыткы! Оозуңарга келгенди оттой бересиңерби!– деди ачуусу мурдунан көрүнгөн башчы. – Кайсы жерден көрүшкөн экен? Кана киминер көрсөтүп бересиңер? Болгула, тез көрсөткүлө!– деп опурулду.

– Мобу жерде отурган болчу,– деди аял өз көзүнө ишенбей. – Ушул жерден көргөнбүз. Мен эле эмес, баарыбыз көргөнбүз. Анан андан коркуп айланып өткөнбүз.

– Мына, өзүңөр көрүп турасыңар,– деди Жээнбеков ташты көрсөтүп. – Эч кандай азыткы жок. Болсо да биз аларды мылтык атып, үркүтүп ийдик. Үй-үйүңөргө тарагыла, бизге тоскоол болбогула! Биз кызмат үстүндөбүз, эл душманын издеп жүрөбүз,– деп бакылдай шапашупа теминип, атына камчы урду.

Башкы милиционердин каар менен айтылган кеби, көбүн чочутуп, артка кайрыды. Көпчүлүк өзүнчө кетти. Башчынын соңунан экөө салпылдап ээрчиди. Ар ким өз ою менен алек. Кыз кантип ташка келип отуруп калды? Аны ким алып келип койду, же кудаадан түшкөн жаман белгиби? Эч билип болбойт. Ойлор чаташып, кечээ муунтулуп өлтүрүлгөн кыздын жансыз денесинин жол боюнда пайда болушу ачык эле жинди кылды. Кызды ойлогон сайын милиция кызматкерлеринин дене бойлору чымырап, лакылдаган жүрөктөрү басылбай, ар ким ичтеринен "Эми көргөн күнүбүз эмне болот?" деп кудайлап калган. Ошон үчүнбү алардын жаны көзүнө көрүнүп, кудай таштап кеткендей ээнсиреген көкүрөктөгү боштук үчөөнүн эсин эки кылды.

– Балдар, бүгүн кеч болуп калды. Азыр тээ өйүздөгү боз үйгө барып конобуз. Жакшылап ойлонуп эртең күн шашкеде үйгө кайтабыз. Болбосо тоодо жүрө берип, жинди болуп кеткидейсиң, – деди Анарбай жылжыта кеп таштап.

– Жагымсыз конок жатар маалда келет болбойбузбу, жолдош башчы.

– Бексултан, аны барганда көрө жатарбыз, – деди башчы көңүлү чаппай.

Анан башчы ардемелерди айтып, кайсы бирдемелерди сурап, кайра өзү жооп берип келатты. Башчынын кебине кызматкерлердин көңүл бурууга чамасы чарк. Башчы эмне дебесин жооп бербей, баштарын саландатып унчукпай кете беришти. Себеби, жандары жер тартып турган байкуштар, жетчү жерге жетип, бателе эс алууну самап барактышкан. Терең уйкуга батып, бүгүнкү болгон окуяны таптакыр эстен чыгарып, уйкудан башка киши болуп ойгонгулары келишти. Анткени баары түшүнүктүү болуп калган. Кечээги каргашалуу окуя ойдогу жок нерсеге туш келтирерин, сөзсүз бир жамандыктын үстүнөн чыгарын көкүрөктөрү менен сезишти. Ойлонбой кылган иш тигилердин ичин уйгу-туйгу кылды. Ошентип унчукпай бир балээден кутулушту. Бирдеме дешсе өздөрү күнөөлүү болорун, алар эң сонун туюшту. Ошондуктан белгисиздик аларды кокодон алып, коркутуп бараткан.

IV

Бардык балээ кийинки күнү башталды.

Кечээги түштөн кийинки баштан кечирген коогалангуу окуя үчөөнүн опколжуган жүрөктөрүн мыжыга эзип, ар кандай ойго салып корккonго кош көрүнүп, түнү бою кирпик какпай, куралдарын колдорунан түшүрүшкөн жок. Бүк түшүп жаткандар сыртынан уктап жаткандай көрүнгөнү менен, иш жүзүндө ар бири өз ойлору менен алпурушуп кыйналып чыкты. Ошентсе да уйкусу качкан немелердин таңга жуук көздөрү илинип кетиптир. Алар ойгонгондо күн аркан бою көтөрүлүп калган. Жайлоонун ызы-чуусу болбогондо ким билет, дагы канчага дейре укташарын.

Төө ферма башчысы Абдырахман аксакал өңү киргилденген, кырдач мурун сөөк-саактуу Жээнбековду жакшы таанычу. Ошондуктан кошоматка кой сойгон башчы, конокторун жакшы сыйлай албай, ошо түнү катуу уят болду. Анткени конокторго деп союлган козунун эти желбей, майлуу бешбармак табакта муздады, кымыз ичилбей, тамак жайнаган бойдон дасторкондо калды. Анткени райондун башкы милиционери Анарбайдын, кылмышкерлерди издөө тобунун башчысы Бексултан менен анын кызматкери Осмондун тамакка табиттери тартпай, мелтиреп отура беришти. Ойлонуп, же ой түбүнө жетпеди, үчөө. Кээде гана чөп башылай жеп-ичкен болушту. "Бешбармактын ысыгын-

да алсаңыздар, кымыздан ичсеңиздер",– деген Абдырахман аксакал менен бирге байбичеси кошо чарчады. Коноктору тамак ичпегенине, кымыз жутпаганына тың калды, үй ээси. "Эмне менин бирдемем жакпай калдыбы, же таарынтып алдымбы" дегендей башына жаман ой уялаган карыя, тигилерге түшүнбөй тың атырып жиберди. Ошондон башчынын айтканын аткарып, асынма баштыкка бышкан эт, нан, боорсок салып, кичине чаначына кымыз куюп берген.

"НКВДнын башчысы кызматкерлери менен ушул жерде жүрөт" деген кабардан улам, боз үйдүн алдына өйүз-бүйүздөн келген эркекта-на менен катын-калач чогулуп калыптыр. Өндөрүндө коркунуч менен тынчсыздануу.

– Азыткы кыз тогуз жолдун тоому болгон чоң жолдо отурат. Бала-чакага кошулуп бизделе коркуп бүттүк. Ал азыткы кайдан келген неме, ошонун маселесин чечип бериңиздер, – деди Карабай карыя олуттуу.

– Карабай аксакал, чечилбеген маселе жок, баарын чечебиз, – деди азыткы дегенде эле жүрөгү зырп эткен, башкы милиционер. – Жүргүлө жеринен чечели, – деп шыр жооп берген Анарбай, атына камчы урду.

Калгандары душманга чабуул койгон аскердей топурап, артынан удургуй чабышты. Жете келип көргөн көзүнө ишенбеди. Кызарып-таТарган башчынын жүрөгү кайрадан "болк" этти. Адамдын тулку боюн опколжуткан мындай коркунучтуу көрүнүштү ал эч жерден көрбөптүр. Көктөн түштүбү, же жерден чыга калдыбы? О, тобо, мындай шумдук-ту ким көргөн? Адамдардын жүрөгүнө кол салып, үшүн алган азыткы деген кыз, кечээги калыбында отуруптур. Дароо тааныды. Кантип таа-ныбай койсун, канча күн тырпырата басып, жапайы ышкыларын кан-дырып жүрсө. Ошондонбу кызга эч кимди жолотпой Бексултан экөө жакындап келди. Дит коё карашты. Кечээ жок болчу, бүгүн бек жумул-ган муштумунда алакандай ак кагаз пайда болуп калыптыр. Тең кала айланасына көз кырын салышты. Көздөрүнө шектүү киши урунбады-бы, бири чөгөлөй отурду, экинчиси элден калкалап турду. Бексултан кыздын ары жак, бери жагына өтүмүш болуп, шек алдырбай ак кагазды жымырып алды. Осмондун оозуна учук чыгып, таптакыр бошошуп, ай-ланбаш койго окшоп, бас десе басып, жүр десе жүрүп калган. Аңгыча күтүлбөгөн жерден:

– Ошол! – деп кыйкырды Анарбай, бирде кызды, бирде тоо боорундагы карааңга тигилип. – Бексултан, Осмон менин артыман. Тээтиги карааңды колго түшүрсөк, ошондо табышмактуу окуянын түйүнү чечилет. Карабай аке, кайдагы азыткы, бу өткөн айда жоголгон кыз! Ата-энесине кабар айттыргыла! Кызды жолдон алып койгула, – деп катуу-катуу арымдап, аты тарапка басты. – Биз чыныгы азыткынын изине эми түштүк. Буюрса, бүгүн бир натыйжа болот. Эмне

оозуңарды ачып турасыңар кыймылдагыла!– деди жүзү жоктоно жойпуланып.

Жабалактаган көпчүлүк коркконунан не кыларын билбей аңкайышып, чаап кеткендер белестен көрүнбөй калганда гана куран түшүрүштү.

Аттарын башка-көзгө койгулаган үч атчан тизгинин кыядагы жантык жерге барганда тартты. Шашыла аттан түшкөн экөө башчынын жанына келишти.

– Иттики, бу кагаз кайдан пайда болду? Аны ким жазды, ким калтырды?– деп чөнтөгүнөн коркунучтуу буюмду алып чыккандай титиреди, башчы. Чеңгээлиндеги шапаттай кагаз жүрөгүн сууруп алчуудай калчылдатты. – Балдар, эми биздин тагдырыбыз ушул кагазга байланыштуу. Энөнди урайын, ким болду экен? Таап энесин Үч-Коргондон көргөзбөсөм элеби,– деди тиштене.

Анан үчөө жанталаша окуп кирди.

Кагазда карандаш менен мындай сөздөр жазылыптыр. "Бу өлүмгө башкы милиционер Анарбай менен анын кызматкерлери күнөөлүү. Анткени алар кызды ала качып кеткен, анан аны зордукташкан. Зордуктаганы аз келгенсип, жапайы ышкыларын кандырып, өздөрү менен кошо алып жүрө беришкен. Кылмышты кылып, кыл жип менен бууган жырткычтар эл билип калбасын деп акыры өлтүрүп тынышты. Кылмышкерлер өз жазасын алууга тийиш!"

– Мындай болорун ким ойлоду дейсиң? Кандай болгон күндө да кагазды жазган адамды табуу керек. Таап, так ушундай кылып жок кылуу зарыл,– деп кагазга ширенке чагып, күлүн үйлөп жиберди.– Ушундай кылгандан кийин гана жаныбыз калат. Болбосо жаныбыз заматта кагаздын күлүндөй жок болот. Анткени, биз бу тоодо жалгыз эмес экенбиз. Түшүндүнөрбү ушуга? Биздин артыбыздан андыгандар бар. Ал аты-жөнүн жазбаган чоочун киши. Андыктан колуңар дайым куралыңардын машасында болсун. Аны эл ичинен издейбизби, же тоо арасынанбы, ошону чечип алалы,– деди Анарбай, болуп көрбөгөндөй сабырдуулук менен.

– Жолдош башчы, тээтиги бетте шектүү бирөө жүргөнсүйт. Балким ошо болуп жүрбөсүн,– деди Бексултан, тынчсыздангандай колун жаңсай.

– Балким,– деди Анарбай тигиле карап. – Кана, ошону көздөй ок чыгарчы, көрөлү.

– Макул. – Бексултан бетти көздөй мылтыгын кезей берди.

Мылтык тарс эткенде, күтүлбөгөн жерден коюу карагандын артынан бир киши сорок эте көрүнө калды да, чымын-куюн болуп качып жөнөдү. Кырдан ашканча Бексултан мылтыгынан жана ок чыгарды.

– Биз издеген чоочун киши ошо, жолдош башчы,– деди Бексултан шек ала күбүрөп.

– Мен дагы ошондой ойдомун. Кана, аттаналы, жигиттер! Карааңды көз жаздымынан чыгарбагыла. Түйүн ошо белгисиз качкын киши кармалганда чечилет,– деди ызырына.

Күндүн ысыгына карабай, үчөө кайра жолун уланты. Унаа аттар көл-шал тердеди. Атчандар кыр аша бергенде, белгисиз кишинин сөөлөтү аркы кырдан көрүндү.

– Биз жетпесек, ок жетет. Бексултан ат! – деп кыйкыра буюрду, башчы.

Анысы удаама-удаа ок чыгарды. Бир ок качып бараткан кишинин жаныңдагы ташка тийди окшойт, "чаңк" эткенде чаң чыгып кетти. Чоочун киши колу менен башын катып жата калды. Кайра бөкчөндөй серен-серең эте буйтай чуркап, кыр ашып кетти.

– Кийинки кырды ашырбай кармайлы! Кана, чамдагыла! – деди дымагы күчтүү башчы, атына камчы уруп.

Куугун салгандар кырга чыкканда, качкын киши кийинки кырдан көрүндү. Бексултан атынын тизгинин тартып кароолго алганча, анысы кыр ашып кетти. Ок чыгарганга үлгүрбөй калганы менен артынан жүрөгүнүн үшүн ала машаны басып-басып алды. Токтолбой кайра чаап жөнөштү. Кийинки мойноктон эчтеме көрүнбөдү. Куугунчулар аттарын тындырбай андан ары чапкылашты. Чапкылаган сайын аттардын сорусунан кара тер куюлду, чуркоосу басандай берди. Акыры мойнок-тон-мойнок калтырбай тыбырай чуркаган аттар да чарчады, кийинки мойнокто жүрбөй калды. Баш-көздү эзе чыпылдай тийген камчы, капталын каната урган үзөңгү да жардам бербеди. Зоруккан аттардын аяктары калтырап, жыгылганы араң турду. Камчы ургандар аттан түшүүгө аргасыз болушту.

– Жылкыдан бат чуркаган бу кайсы киши болуп кетти?– деди Бексултан беркилерди суроолуу карай. – Эми ага жетпей калдык. Бирааз чыдаганда акесин таанытмакбыз.

– Ким болсун, ал биздин ажалыбыз. Өз ажалыбызды өзүбүз куткарып калбасак, ошондо өзүбүз акебизди тааныйбыз,– деп кыйкырды башчы.– Кыбыраган кыр ашат дейт, баса берели. Адам болсо акыры чарчайт. Ошол жерден басып жыгылабыз. Сакабыз конгону турат. Атты таштагыла, болгула,– деп шаштырды Анарбай, тыныгуудан кийин.

Бексултан азык, ок-дары салынган асынма мүшөктү карагаттын бутагына илип жатып:

– Жолдош башчы, азыкты ушул жерге калтырсак кантет? – деп сурады.

– Калтырсак болот, бирок дагы жогорураак илип кой,– деди башчы көрсөтмө бере .

Ыкчам топтун башчысы асынма мүшөктү мурдагыдан да жогору илди. Анан чапчак кыймылдай жол баштады. Артынан Осмон меру илди. Анан чапчак кыймылдай жол баштады. Артынан Осмон менен Анарбай өжөрдөнө ээрчиди. Куралдары колунда. Оңтою келсе эч кимден кайра тартпаган куугунчулардын карарган өңдөрү алдынан ким чыкпасын, анын жүзүнө карабай, териштирип отурбай атып салчудай каардуу. Көз салган жагы тоо бети. Кудай жалгап үчөөнүн алдынан эч ким чыкпады. Шектүү карааан учурабады. Күндүн ысыгы мээ сызгырат. Мойну-баштарынан тер кетип, дем алуулары кышылдап оорлошо баштады. Жол азабы жанга тийгенде, шыгы кеткен оюнчудай көңүлдөрү сууй түштү. Үмүт деген жаман экен, күбөнүн көзүн тазалоо, өздөрүн актоо экендиктерин жакшы түшүнүштү. Ошон үчүн күрөшүү керектиги, чоочун кишини кылтактоо зарылдыгы тим жаткырбай, алга сүрөй берди. Кыйналып-кысталганына карабай, үч мойнокту артка калтырып коюшуптур. Аябай чарчап, буттарын тартпай калганда гана көчүк басышты. Эгер куугунчулар чарчабаган болсо, айлап-жылдап болсо да жер кезүүгө даяр турушкан. Жол боюндагы топ карагат аларга көлөкө болуп берди. Качан демдерин басканда:

– Бексултан ага, бул жерде өзү канча кыр бар. Дегеле аягына чыкпай койдук го,– деди аябай чарчаган Осмон жүдөмүш, сабыры суз.

– Бул жер Беш-Мойнок деп аталат. Аты эле ошондой, бирок бири-бирине окшош мойноктор абдан көп. Ушундай жүрүп олтурсак эртең аягына чыгабыз,– деди анысы.

– Иттики, бизге кандай балээ илешти билбейм. Кандай болгон күндө да ишти аягына чыгаруу керек. Чоочун киши ким болбосун карамап, күнөөнүн баарын ошого жүктөйбүз да, анан аны тындым кылабыз. Ансыз биздин жолубуз ачылбайт,– деди үмүтү өчө баштаган башчы.

– Ал турган иш деңизчи, жолдош башчы. Бирок ошо кишинин карааны көрүнбөй жатпайбы. Ага өзүбүз зарбыз. Эгерде ал сиз айткандай адам болсо, биз сыяктуу эле чарчады. Чарчаган бутун тарталбай бир жерде бүк түшүп олтурган чыгар. А балким, кытмыр неме болсо артта калып кетти, ким билсин аны,– деди Бексултан жүлжүйө ойлоно түшүп.

– Мен ага ишенбейм. Кандай жүрөгү тоо неме артта калып калат? Эч түшүнбөйм?

– Жолдош башчы, уруксат болсо, эс алуудан кийин мен алдынкы мойнокторду чалгындап келейин. Сиздер кайрадан артка кайтып, биз басып өткөн үч кырды тинтип чыксанар жетиштүү. Ошондо бирдин үстүнөн чыкчудай турабыз,– деди Бексултан ишенимдүү.

– Макул, сен айткандай болсун,– деген чечкиндүү жооп угулду.

Башчы жамбаштай жатканда, экөө ээсин караган иттей сокоё калды. Ошо калыбында алар көпкө отурушту. Анчыча Анарбай ордунан ыргып туруп:

– Кана, жигиттер, урушта туруш жок, ишке киришели. Эки саат-тан кийинки жолугушчу жерибиз ушул жер, карагаттуу кыя,– деди саатын карай.

– Түшүндүм, анда мен баса берейин,– деди Бексултан, ыкчам кыймылдап.

– Макул, бара бер, биз дагы жөнөдүк. Ыя, Осмон, барсыңбы?– деди башчы үн ката.

– Бармын, жолдош башчы.

– Анда, сен тээтиги көрүнгөн асканын үстүнөн кадуулай бас, мен жолдун асты-үстүнө көз салайын. Ким болбосун токтот, алдыңа салып айдап кел.

– Жарайт, жолдош башчы,– деп ал өөдөлөй чыгып, асканын урчугуна жеткенде тууралай басты.

Белгилүү убакыттан кийин үчөө болжогон жерден кайрадан жолугушту. Бекер эле убакыт коротуптур, адам дегендин изин көрмөк түгүл, жыты жок кайтышты. "Бателе кууп жетип тындым кылабыз",– дегендердин алы курудубу, же демдери суудубу үчөө үч жерге тырая жата кетти. Шыпшыны сууган куугунчулар тырайган калыбынан жазбай узак жатышты. Эс ала түшүштүбү, бир оокумда:

– Курсагыбыз курулдап кетти. Ыя, Бексултан, кичине шам-шум этип албасак баса албай калабыз го,– деди башчы.

Бексултан шайдоот кыймылдап карагатка илип койгон асынма мүшөккө колун сунду. Бирок анысын ордунан таппай аңкайып оозун ачып калды. Анткени мүшөк илген жерде жок болуп чыкты. Таң калгандан топ карагаттын аягына өттү, биягына өттү, тегерете тинте карады. Жаңылышы мүмкүн эмес, бирок жер соруп кеткенсип мүшөк көрүнбөдү. Мүшөктүн жоголушу тигилерди аябай кыжалат ойго түрттү. Бири-бирине ишенбөөчүлүк менен карады. Аргасыздык берки экөөнү ордунан турууга мажбур кылды.

– Кай жерге илдиңиз эле, Бексултан ага?

– Ушул эле жерге илгем. Жоон түп карагат мына, бул мен илген бутак.

– Ошол бутак болсо, мүшөк кана, агатай. Же азыткыга жем болдубу?

– Осмонтай, сен абайлап сүйлө! Биз мышык чычкан ойноп жаткан жокпуз. Өзүнөр байкагандай, душман оңойлордон эмес көрүнөт,– деп мылтыгын шап ала койду.

– Ошондой окшоп калды,– башчы тапанчанын кабын кармалады.– Сак болгула!

– Кана, душман? Эмне, азык, ок-дарыбызды алдырдыкпы?– деди коркуп кеткен Осмон. – Дагы кайсы ажыдаардын куйругун басып алдык?

– Минтип отурсак, бир аздан кийин жаныбызды да алдырабыз. Көз жеткен жердин баарын карагыла. Шек туудурган бирдемени байкар замат ок чыгаргыла! Аянбагыла! – деди башчы, айланага көз чаптыра.

Үчөө абайлай тегерек тура калышты. Биринин артынан бири тегеренип, көз жеткен жердин бөлтөгүн калтырбай жекире карашты. Тилекке каршы, чымын-чиркейдин жадатма ызылдагын эсепке албаганда айлана жымжырт эле. Анткыча ушу тапта күтүлбөгөн жерден чоочун киши мандайкы беттеги таштын үстүнө суурга окшоп, сороюп чыга калды. Эми ал жогорку беттин боорунан эмес, жолдун ылдыйкы бетинен көрүндү. Бул жолку көрүнүшүн ал атайылап жасадыбы, же кара басып капылет чыга калдыбы, билип болбойт. Биринчи болуп байкаган Осмон жаны чыга кыйкырды.

– Тигине, азыткы киши! – деди ал, тапанчасын суна берип.

Калган экөө ага кошулуп кетти. Тапанча, мылтык тарсылдап жатып калды. Бирок алар ойлогондой болбоду, тарсылдак максатына жеткен жок. Киши бир көрүнө коюп, ылдый шумгуп кирип кетти.

– Азыткы кишинин өзү болсо да, эми колдон чыгарбай калалы. Бир кишиге үч киши туура келет экен. Ушунчабыз кантип жалгыз кишини качырып ийели,– деди жаны ачый бакылдаган башчы. – Андыктан артынан куугун салалы, кана чуркадык!

Кайратын курчуткан милиционерлер бир кишидей болуп, суутулган аттай чуркашты. Болжогон жери мандайдагы чокчогой таш. Ошол жерге жетсе эле олжосун жыга чаап алчудай адырандап баратышты. Ич байлай баштаган Жээнбековдун деми кысылганына карабай талпак-талпак эте топураган буттары, чоочун кишиде өчү бардай алып учат. Көздөрү чанагынан чыгып кетчүдөй чакчайып, бети-башы кызарып кеткен. Ташка биринчи болуп жеткен Бексултан илбирстей бөгүп, теребелге көз жүгүрттү. Ошо кезде саксынган сагызгандын үнү угулбай айлана мемиреп жатты. Жердин жагдай-шартын көз алдынан өткөрдү, ченеп бычты.

Жолдун төмөн тарабы адам өтө алгыс чыргай экен. Биртке басканда бири ылдый, бири жогору кеткен жапайы чочколор жүрчү жолду байкады. Адам буту баспаган чыгайлуу токойдун ыңгайына карап, эки топко бөлүнүү керектигин ойлонуштуруп койду. Тигилерди күттү. Демин басты. Анткыча тиги экөө күшүлдөп-бышылдап жете келди. Башчыга иштин жагдайын түшүндүрдү. Чечим бачым алынды. Бексултан ылдый, Осмон жогорку тарапты тинтмек болду, кырда сокоюп Анарбай өзү жалгыз калды. Экөө күтүүсүз жагдайга туш келсе, ок чыгаргыла деген буйрук алышты.

Ортодон жарым саат өтпөй Осмон тараптан тапанчанын үнү угулду.

– Осмон, эмне болду, тынччылыкпы? – деп кыйкырды Анарбай, тынчсыздана.

– Тынч эле, жапайы чочколорго кезигип калдым,– деген жооп узатты, Осмон.

Бир аздан кийин Бексултандын мылтыгы тарс этти.

– Бексултан эмне болду?– деп кайрадан үн салды, башчы.

– Жапайы чочколор экен. Кам санабаңыз, жолдош башчы!– деген кыйкырык чыкты төмөн жактан.

"Иттики, балдардын аябай тынчсызданып жатканы билинип турат. Тынчсызданбай кантип тура аласың. Өлүм менен өмүрдүн айкашуу кайрыгы Ажике жайлоосундагы муздак булактан, кызга жолуккан күндөн башталган өңдүү. Эми өзүбүз минтип шырп эткен шыбыштан коркуп, жүрөгүбүз тарсылдап жатканын кара. Кайсы кара теке сүзүп жайлоолоп келдим. Кудайым дагы кандай сыноого туш келтирди. Мындан кийинки жашообуз не болот? Сокойгон үчөөбүздүн айла-амалыбыз, бир кишинин айла-амалына каршы тура албаганына таңмын. Балким жөнеле адашкан бирөөдүр? Кандай болгон күндө да, өзүбүзгө сак болгонубуз абзел. Андыктан же ал, же биз, башка жол жок" деген кыжалат ойго кептелди, башчы.

Чай кайнам убакыттан кийин токой арасындагы эки жол Бексултан менен Осмонду кез келтирди. Экөө токой бүтүп, тик ылдый кеткен жалама аска тоонун бурчугу башталган жерде турду. Саландаган аскынын кабагынан жер көрүнбөйт. Тээ төмөндөн Кара-Кулжа дарыясынын таштан-ташка урунган шоокуму кулакка араң эле угулат.

– Аке, бул жерде эмне кылып жүрөбүз? Качан кетебиз?

– Эмне кылып жүргөнүбүздү эмдигиче билбесең, сен келесоо болуп бараткансың го, – деди Осмондун мүнөзүндөгү кескин өзгөрүштү капкачан эле байкаган, Бексултан.

– Сиз байкагандай айланбаш койго окшоп калдым. Бирөө мени көк желкемен ныгыра басып, башкарып алгандай өзүмдү кызыктай сезчү болдум. Башым айланат, лукулдап ооруйт. Бексултан аке, дагы бир шумдукка кез келгенче, бул жерден кетип калалычы,– деди жүдөмүш селсаяктай ыйламсырап.

– Осмонтай, аз калды,– деп аяп кетти Бексултан. – Ушул жерде түнөмөк белек, сөзсүз кетебиз. Бир маселенин түйүнүн чечип алалы, анан бизди эч ким кармабайт. Шуулдаган бойдон үйгө кирип барабыз. Эми туралы, экөөбүз алмашалы. Башчынын жанынан жолугабыз. Кана, өөдө бол, Осмонтай. Бир аз чыда,– деди жөлөп таяп. – Аз калды.

– Аз калганда канча калды, Бексултан аке.

– Буюрса, кечке чейин бир жаңсыл болот. Башчы Жээнбековдун деле бул жерде түнөгүсү жок. Минтип жаш балача тантырап олтурсак

бирдеме чечилеби? Сен эми төмөн, мен жогору тарапка барайын. Өзүңө сак бол,– деп ачуусу келген неме шыпылдай жөнөй берди.

Осмон турган калыбында ордунан жылбай Бексултан кеткенден кийин да кыйлага дейре турду. Түрмөсүбү, бейишиби, ага баары бир болуп калган. Анын ой максаты эле эптеп үйүнө жетип, тырп этпей уктоо. Мыктылап эс албаса жаман ойлорго чырмалышып жинди болуп кетчүдөй. Бир туруп шу ааламга жаба түкүрүп, эчтемеге карабай каткырып оюн салгысы келип кетет, бир туруп кудаанын момунундай мелтиреп, эч кимге ооз ачпай, күнү бою темселеп жүрө бергиси келет. Иши кылып ага жаман нерсе илээшти да калды.

Көптө барып араң жан кыймылдады. Канча жол басты, өзү аңдабай калды. Эки чокчойгон таштын жанына келгенде даарат ушаткысы келди. Шымынын бүчүлүгүн чечип, ийреледете заарасын чыгарды. Акыры бүттү окшойт, кагынып-силкинип, бүчүлүгүн бүчүлөп тапанчасына колун сунду. Бурула бергенде бүткөн бою дүрт чочуду. Бир оокумда бет алдында өңү күнгө туурулган, бүркүт кабак чоочун киши пайда боло калыптыр. Шашыла таштын үстүнө койгон тапанчасын карбаластай кармап, чоочун кишинин көкүрөгүнө такап, машасын басып басып алды. Кызык, мындан илгерээк эле атып жаткан тапанчасы ок бүркпөдү. Огу деле жетиштүү болчу. Кудаанын амирineнби, же тиги кишинин таасириненби эчтемеге түшүнбөй башы маң. Канча басса, ошончо чакыды. Чоочун киши көзүн ирмеп койбостон жылмайып гана тура берди. Кайра Осмонду шылдыңдагандай тапанчанын үнүрөйгөн оозун так мандайына өз колу менен такады. Ошондо да чакыбады, карап калгырдыкы. Айласы куруган Осмон нес болуп катты. Сыйкыры күч киши Осмондун ахыбалын капкачан эле түшүнгөндөй. Ошон үчүн жанын албады. Тапанчасын кабына салып, ээсин тескери айлантты.

– Адам катарынан чыгып бараткаңын ушу. Мындан кийинки өткөргөн өмүрүң татаал болот, жашооң коркунучка айланат. Ошон үчүн сенин жашоо укугуңду өз колуңа тапшырдым. Өмүрүңдү канчага узарта алсаң, ошончо жаша. Бирок жыл айланбай сен да кетесиң, тиги кыздын артынан. Себеби кан коё бербейт. Ансыз деле мээнди курт жей баштатыр, бар эми,– деп чоочун киши далысынан таптап, түртүп ийди.

Ошондо гана эсине келген Осмон жер жаңырта бакырды. Караган, табылгынын бутактары бети-башын тилгенине карабады, бет келди безди. Жыгылды, томолонду, бирок ошондо да токтобой кете берди. Качан гана жарчектен кулап түшүп, ээликтирген буттары көктү карап, башы сазга сайылганда гана жаны жай ала түштү.

Торпогунда сүздүргөн жаман окшобойбу, душман көзүнө алсыз көрүнгүсү келбеген кайран башчы жөнеле күпүлдөп койчу тура. Ошон үчүнбү канчалык баатырсынбасын Жээнбеков качкын теңтушунун изине түштүк деп кубанып кеткен жок. Тескерисинче коркуп турду, өзүнө

да, тигилерге да ишенбеди. Баарына түкүрүп, бул жерден азыр эле качып кеткиси келди. "Ишим жүрүшүп турганда бирдеме болор. Кантип бу ишти бир жаңсыл кылууга болбойт? Болот, болбогон эч нерсе жок, барганда көрө жатармын" деп кокусунан башына келе калган ойду туура көрдү. Кетмекчи болуп чечти. Тиги экөөнү чакырып аларда, аңгыча төмөндөн Осмондун ач кыйкырыгы селт чочутту. Анча өтпөй мылтык атылды. Коркуп кеткен башчы үн чыккан тарапка үңүлдү.

– Эй, Бексултан, эмне болду?! Тынччылыкпы? – деп сурады карбаластай.

– Жолдош башчы, мен аны көрдүм! Бери түшүп келиниз, – деген Бексултандын кайраттуу жообу башчыны төмөн карай чуркоого аргасыз кылды.

Энтиге жете келген башчынын кулагына шыбырай бирдеме деди. Сөөмөйү менен жаңсай жалама зоонун бетиндеги коңулга бирөө жашынып калганын айтты. Коңулду кароолго алды. Башчынын көз ымдоосу менен эки жолу мылтыктан ок чыгарды. Үчүнчү жолу ок жүгүрткөнгө жетишпей калды. Аңгыча ушу көз ирмемчелик убакытты гана зарыгып күтүп жаткандай, коңулда жашынып жаткан кишинин илбирстей атырыла кадам шилтеген тулку бою даана көзгө урунду. Жалама бет тигилерди ойлондурган жок. Куралчан эки куугунчу олжосун колдон чыгарган карышкырдай жүткүнүп барып токтоду. Чоочун киши эки үч кадам тик өөдөлөй барып, чукул солго бурулду да заматта көздөн кайым болду. Соңунан атылган тапанча менен мылтыктын тарсылдагы жер сабап, тийген жердин быт-чытын чыгарды. Аска-зоо күүлдөп барып басылды. Каны кайнаган Жээнбеков ордунда тура албай тыбырчылап тыбырчылап ийди. Тобокелге баш байлап жалама зоокага биринчи болуп бут шилтеди. Артынан кызматкери ээрчиди. Тобокелчилер коңулга бателе жете келишти. Кудай аларды бу сапар колдогонсуп турду. Себеби батыштан соккон сыдырым жел демиккен демдерин сергите желпигенде жеңилдей түшүп атты. Жайланышкандан кийин экөө теребелге байкоо салды. Жакын эле жердеги зооканын бетинен жанагы качкын кишинин башы улам эле сороктоп көрүнө калып жатты. Тиги экөөнө кудай берди. Шашылыш мылтык менен тапанчанын кароолу как башка мээленди. Демдерин ичине алып, көздөрү даана жеткенде экөөнүн маш болгон колдору барабар машаны басып-басып алды. Тарс! Тарс! Атылган ок сая кетпеди. Чып эте башка сайылды, чоочун кишинин калпагы баштан ыргыды.

– Бексултан эми биротоло бүттү. Күбөнү жайладык, буюрса жолубуз ачылды. Кандай керемет күн, жүрөгүбүздү түйшөлткөн түйүн чечилди. Жүр, ким экенин барып көрөлү. Мундуз болсо жыргадык. А неге ал мында түз жол турса, тик өөдө чуркады, ыя, Бексултан,– деди аңгүдүктөнө суроосун узаткан Анарбай.

– Коркконго кош көрүндү да, жолдош башчы. Бизден коркуп кетип алапайын таппай бет келген жагына чуркады да. Болбосо мына бул жолго салса болот эле да.

– Ошону айтсан, бирок аябай эле коркуттук, ээ, Бексултан. Чоочун киши ким болбосун жеңиш биздики. Итибиз чөп жей баштады окшойт. Ушундай эмеспи, тууган.

– Так ошондой, жолдош башчы. Тигинин ким экенин билели да, Осмонду издейли. Кандай дейсиз?– деп сурады, көңүлү ачыла кобурагган Бексултан.

– Албетте, сен айткандай болот. Тиги кишинин ким экенин да билебиз, Осмонду да издейбиз. Анда жылалы, азапка ушунча тойдук, эми жетишет!– деп баатырсынган Жээнбеков алдыга жүткүндү.

Соңунан мылтыгын оңтойлуу кармап Бексултан келатты. Шаңдынып калган немелер этияттыкты таптакыр эле унутуп калгандай. Ээрчише баскан экөөнүн өңдөрүнө кызыл жүгүрүп, жүздөрүнө катылган тынчсыздануунун издери акырындык менен өчүп бараткан. Анан эмей, жүрөк өйүткөн маселени тарсылдаган октун күчү менен чечип жатса жаманбы. Тескерисинче эң жакшы эмеспи. Аңгыча жалама беттин жарымына келип калганда, капысынан Жээнбеков тайгаланып кетти. Тайгаланганда да жаман тайгаланды, көмкөрөсүнөн сайылды. Оң бутуна таканчыктап, боюн көтөргөндө кайра жыгылды. Ошо калыбында сүрүлүп акырындап ылдыйлагандан ылдыйлай берди. Ошондо сезди Жээнбеков, сыдырым жел жалама зоокадан эшилген кумду куюлтуп турганын. Жанталпастап, жанын куткаруунун айласын издеди, бар күчү менен ташты тытмалады.

– Бексултан, жардамга! Бол тез!– деп кыйкырды көзүн алаңдата.

– Баратам,– деп анысы кадам шилтеген барабар жамбашы менен жыгылды.

Кайра чапчаңдык кылып түздөнүп алды. Өөдө турууга далалаты күч. Канчалык турууга аракет кылбасын, ошончо тездик менен ал да ылдый сүрүлө берди. Мылтыгы колдон суурулду. Жылма беттен күүлөнүп алган неме тиги экөөнөн мурун аласалып барып тик аскадан түшүп кетти. Анарбай менен Бексултандын көргөн күнү курусун. Таш аймаган тырмактары омкорулду, тизелери жанчылды, кызыл жаян кан жылмакай бетти кыпкызыл кылып боёп ийди. Биринен-бири аянбады. Башчы жардамга барган Бексултандын бутунан тартып, үстүнө чыгууга аракет кылды. Анысы да бош келбеди. Мүрүсүнөн чеңгелдей кармаган немени ары түрттү, бери түрттү, бирок ач кенедей жабышкан Анарбай оңойлук менен түртүлүп кеткен жок. Тырышты, кайра бекем жабышты. Экөө эми өз жандарын аман алып калуунун көйүндө бирине-бири муш урду, тиштеди, тепти. Өкүрүштү, бакырышты, ушундай адилетсиз күнгө туш келтирген кудайга наалат айтышты. Ар бири өз өмүрүн кымдап, тигилерге да ишенбеди. Баарына түкүрүп, бул жерден азыр эле качып кеткиси келди. "Ишим жүрүшүп турганда бирдеме болор. Кантип бу ишти бир жаңсыл кылууга болбойт? Болот, болбогон эч нерсе жок, барганда көрө жатармын" деп кокусунан башына келе калган ойду туура көрдү. Кетмекчи болуп чечти. Тиги экөөнү чакырып аларда, аңгыча төмөндөн Осмондун ач кыйкырыгы селт чочутту. Анча өтпөй мылтык атылды. Коркуп кеткен башчы үн чыккан тарапка үңүлдү.

– Эй, Бексултан, эмне болду?! Тынччылыкпы? – деп сурады карбаластай.

– Жолдош башчы, мен аны көрдүм! Бери түшүп келиниз, – деген Бексултандын кайраттуу жообу башчыны төмөн карай чуркоого аргасыз кылды.

Энтиге жете келген башчынын кулагына шыбырай бирдеме деди. Сөөмөйү менен жаңсай жалама зоонун бетиндеги коңулга бирөө жашынып калганын айтты. Коңулду кароолго алды. Башчынын көз ымдоосу менен эки жолу мылтыктан ок чыгарды. Үчүнчү жолу ок жүгүрткөнгө жетишпей калды. Аңгыча ушу көз ирмемчелик убакытты гана зарыгып күтүп жаткандай, коңулда жашынып жаткан кишинин илбирстей атырыла кадам шилтеген тулку бою даана көзгө урунду. Жалама бет тигилерди ойлондурган жок. Куралчан эки куугунчу олжосун колдон чыгарган карышкырдай жүткүнүп барып токтоду. Чоочун киши эки үч кадам тик өөдөлөй барып, чукул солго бурулду да заматта көздөн кайым болду. Соңунан атылган тапанча менен мылтыктын тарсылдагы жер сабап, тийген жердин быт-чытын чыгарды. Аска-зоо күүлдөп барып басылды. Каны кайнаган Жээнбеков ордунда тура албай тыбырчылап тыбырчылап ийди. Тобокелге баш байлап жалама зоокага биринчи болуп бут шилтеди. Артынан кызматкери ээрчиди. Тобокелчилер коңулга бателе жете келишти. Кудай аларды бу сапар колдогонсуп турду. Себеби батыштан соккон сыдырым жел демиккен демдерин сергите желпигенде жеңилдей түшүп атты. Жайланышкандан кийин экөө теребелге байкоо салды. Жакын эле жердеги зооканын бетинен жанагы качкын кишинин башы улам эле сороктоп көрүнө калып жатты. Тиги экөөнө кудай берди. Шашылыш мылтык менен тапанчанын кароолу как башка мээленди. Демдерин ичине алып, көздөрү даана жеткенде экөөнүн маш болгон колдору барабар машаны басып-басып алды. Тарс! Тарс! Атылган ок сая кетпеди. Чып эте башка сайылды, чоочун кишинин калпагы баштан ыргыды.

– Бексултан эми биротоло бүттү. Күбөнү жайладык, буюрса жолубуз ачылды. Кандай керемет күн, жүрөгүбүздү түйшөлткөн түйүн чечилди. Жүр, ким экенин барып көрөлү. Мундуз болсо жыргадык. А неге ал мында түз жол турса, тик өөдө чуркады, ыя, Бексултан,– деди аңгүдүктөнө суроосун узаткан Анарбай.

батка баалап, күрөшсүз жөнеле өлүп кеткиси келбеди. Жашоонун жан сергиткен кылдары чыңалган сайын жан аябай кармашты, бири урса, экинчиси коргонду, түртсө тырмышты. Өмүр менен өлүмдүн кыл учунда турган экөөнү пешене тагдыр ушинтип кыйнады, тар жол, тайгак бетте ушинтип сынады.

– Эй, көрпенделер, бери карагыла! Жашоо керек болсо мага жеткиле, куткарып калам. Мен силерге түшүп барсам натыйжа чыкпайт, аракетим курулай кетет. Анткени коркунуч менен жанталпастын айынан үчөөбүз тең жан таслим болуп калышыбыз мүмкүн. Андыктан акырындык менен жогору көздөй жыла бергиле. Мага жетсеңер өзүм тартып алам,– деди чоочун киши, болуп көрбөгөн токтоолук менен.

Чоочун киши көктөн түштүбү, же жерден чыктыбы түшүнүшпөй экөө тең саамга ооздорун ачып калды. Өз көздөрүнө ишенишкен жок. Кудая тобо, бет маңдайында алар издеген, алар калпагын ыргыта аткан качкын киши турду. Таң калуунун чеги жоктой аңкайышты. Канчалык коркунучтуу, кандай керемет көрүнүш! Эки жылдан бери куйругун карматпай келаткан эл душманы кол жеткен он-он беш метрдей жерде турат, жылмайып. Коркунучтуу дегени экөөнүн жаны анын колунда турганы, керемет дегени издеген кишиси табылып, баш ооруткан көп маселеден арылуунун ачкычы табылгандыгында эле. Тилекке каршы, экөө эми чоочун кишинин ач чеңгээлинде турду.

– Бу сенсиңби?! – дешти Анарбай менен Бексултан жарыша.

– Ооба, өзүңөр көрүп тургандай, бул менмин! "Кууган да, качкан да кудай дейт" демекчи, баарыбыз кудайладык. Силер мага тыным бербей артыман түштүңөр, далай жолу өлтүрүүнү самадыңар, кылмышыңарды мага оодарып салууну кааладыңар. Мени аяган жоксуңар, ал тургай акыркы жолу сунулган бута калпакты "өлтүрө" да атып, абдан кубандыңар. Бирок силер менден түк коркпогула, мен анча деле киши жегичтерден эмесмин. Азыр башым катып, силерди кантип куткаруунун айласын таппай ойлонуп турам. Кимден баштасам?

– Сен экөөбүз бала кезден бир айылда, бир көчөдө бирге чоңойдук беле! Мени куткарып кал! Эмне сурасаң ошонун баарын берем. Өзүм үчүн аянбай калайын. О, менин теңтушум,– деди Анарбай кемшиндей.

– Курдаш, мени кантип унутуп каласың. Экөөбүз бой жеткенден бир мектептин балдары элек. Далай сонун күндөрдү өткөрдүк. Атамдан калган алтын жамбы бар. Ошо сеники болот, жанымды аман алып кал, – деди Бексултан бозоро.

– Мага сасык мамиленер менен түккө арзыбаган алтыныңардын кереги жок. Мени менен соодалашпагыла. Жамандыкка жакшылык – эр кишинин иши, ансыз деле силерди куткарууга мен милдеттүүмүн. Силердин күнөөңөрдү кечирдим, бирок мен кечирген менен мыйзам

силерди кечирбейт. Колуңар менен кылган кылмышыңар үчүн жооп бересиңер. Силердин үстүңөрдөн адилет сот болушу керек. Түшүндүңөрбү?!

– Түшүндүк, түшүндүк,– деп шашып кетти экөө.

– Кылмышыңарды мойнуңарга аласыңарбы?

– Алабыз, алабыз, эптеп бизди куткара көр!

– Алсаңар эң жакшы. Кана, бири-бириңер менен түртүшпөй, урушпай алдыга жай жыла бергиле. Мага жеткендин жаны куткарылат, – деди ал, өмүр менен өлүмдүн ортосунда турган эки теңтушуна.

Жамандын жаны таттуулугу ай, жандын ширинди ошондо билинди. Бири-бирине жол бербеди. Экөө жанталаша жол талашты. Өмүр менен өлүмдүн күрөш оту бирде жанып, бирде өчүп талашка түштү. "Түртүшпөгүлө, урушпагыла",– деген тоо кишисинин сөзү суу кечпеди. Бексултан жетип колун суна бергенде, капылеттен Анарбай бутунан тартып ийип, таш сүздүрдү. Экөөнүн таймашы кайрадан башталды. Куткаруучу киши курун чечип тигилерге сунду. Тилекке каршы, үстөмдүк өкүмү күч немелер, кайра бири-бирине тоскоол болуп жатты.

– Эй, көрпенделер, урушуп-талашпай, кайра бириңе-бириң көмөктөшпөйсүңбү! Ошондо экөөңү тең куткарууга мүмкүнчүлүк болот. Мынакей, курдан кармагыла,– деп куткаруучу ачуу кыйкырды, айласы кууганда.

– Мени куткар, курдаш, мени! Курду мага ыргыт!– деди Анарбай жалдырай.

– Жок курду мага бер, сураганыңды берем! Байлыкка чөмүлтөм. Өкүнбөйсүң, момундай жашайсың!– деди Бексултан.

Ал аңгыча Бексултандын ачуусу чындап келдиби, олбурлуу неме чымыркана күчүн жыйды. Баятан жолун торогон башчыны өзүнөн ашыра ыргытты. Башчы кармаганга бир тутам чөбү жок жалама беттен жылгаяк тепкендей зуулдады. Саландаган асканын кырына жеткенче айкырып барды. Бир оокумда айкырыгы үзүл-кесил угулуп, өзү көрүнбөй калды. Себеби аюудай айкырган башчы куму эшилген жалама аскадан баш айланткан тунгуюкка кулап кеткен эле.

Жолун ачкан менен пешенесин ача албаган Бексултан өзүнүн оор боюн токтото албай тоңкочок атып кетти. Башынан ашыра ыргыткан кишиге куйрук улаш томолонуп-жумаланып жөнөдү. Кырдан куланган ташбакадай колу-бутун арбайтты, бирок оңоло албады. Таканчыктап токтоого чүкөдөй таш табылбай кыйналды. Жан кейиткен байкуш, көп узабай башчы учуп түшкөн тунгуюкка ыргыткан таштай кулады.

Анарбай менен Бексултандын кунарсыз өлүмүнө күбө болгон чоочун киши кара кайгыга батып мелтиреп турду. Тигилер анын акыркы үмүтүндөй жан дүйнөсүнө таш чырактай жана түшкөн. Аларга

ишенген, ошон үчүн тобокел ишке барган. Эми ал ойлогондой болбой, колдон суурулган жагдай өзгөрүп кетти.

Бирок, ал тигилерге жолукканга чейин эле, канча жылдан бери жытыгып көнө түшкөн үнкүр-жатагын таштап, жолго чыкпады беле! "Качкын болуп жүргөнчө, эр жигитче кайрылып барайын. Калганын барганда көрө жатармын",– деп астейдил аттанып чыккан. Мындай тобокел ишке барууга чечкиндүү кадам шилтеп жаткан ага деле жеңил болбогонуна кудай күбө. Элге аралашуу, алар менен тең ата жашоо вазийпасын туу тутуп, айылга болгон жүрүш – канча жылдык оор сыноолордон кийин кабыл алынган тобокел чечим. Арийне, ал жүрүш оңдуу натыйжа береби, же бербейби ага көз каранды эмес болчу. Ал ошо мезгил менен адамдардын чечимине байланыштуу экенин чоочун киши жакшылыкка боолгологон. Тараза ташы ал тарапка оогон. Катуу кубанган байкуш ошондо да элден айбыгып бирде көрүнүп, бирде жашына калып жүрүп олтурган.

Ошентип келатып капыстан эле Бексултан менен Осмондун аңга бирөөнү түртө салып, топурак шилеп жаткан учуруна кез келип жатпайбы. Бети-башы жылтыраган Анарбай анда тигилерге дөбөдөн көз салып отурган. Үмүт кургурдун оту ошондо даана жана түшкөн. Мындай жолдуу болбос. Бирок кылмышкерлерди эл тапсын, эл өзү жазасын деген ойго алдырган чоочун киши, чоң жаңылганын кеч сезди. Эми минтип башынан кайгы кетпей улутунуп отурат. Ал ойлогондой, эл капкачан өлтүрүлгөн кызды жол боюнан бир эмес, эки сапар табышы тапты. Арийне, биринчи жолу көкүрөгүндөгү, экинчи жолкусунда колундагы шапаттай кагазга кызыгып да коюшпады. Кайра азыткы деп жанына жакын жолобой аны айлана качканы таң калтырды. Көрсө азыткы, албарсты деген түшүнүк элдин үшүн алып, мындан эки жума илгери аларды таптакыр коркутуп бүткөн тура. Ал окуя ага эми гана белгилүү болуп отурат. Ушундай оор кырдаалды эске алган эмес экен. Үч көркоону ошондо эле акесин таанытып, колун байлап, тапшырчу жерге тапшырганда, балким тобокел иш башка нук алмак. Эми ал ою ишке ашпай калды, себеби далили жок сөз – чала күйгөн чычала. Анын сөзүнө ким ишенет да, ким далилдейт? Анткени кылмышкерлерди кудай өзү жазалады. Дагы эмне керек, ага? Ушинтип өткөн ишке сараесеп салган байкушту түбү көрүнбөгөн ой матап салды.

Анын ою боюнча, Анарбай өзү жана бирөөнүн колу менен жаткан кылмышын мойнуна алганда, чоочун кишинин күнөөлүү эместиги далилденмек экен. Чиеленген иш өзүнөн өзү чечилмек да адашкан киши үйүрүн тапмак, ар ким өз ордунда болмок. Аттиң десең, дайыма эле адам ойлогондой боло бербегенин кара. Эми эмне кылуу керек? Күндө санаа тартып саргайган чоочун киши ушинтип ара жолдо кала береби? Же акталуунун дагы башка ыкмасы барбы? Суроо артынан суроо туулду, бирок ага жооп тапкан пенде болбоду. Пешенеси куушбу же андан шык кеттиби, канчалык жанталпас кылбасын кудай жолун ачпады. Кылган кадамынан натыйжа көрүнбөй, тилеги таш капты. Ойлоно берип башы чириген качкын киши унчукпай ордунан турду да, чоң-чоң арымдай күн чыгышты көздөй бет алды. Ага тийген олжо болгону ок-дарыга, азык-түлүккө жык толгон бир баштык болду. Ошого шүгүрчүлүк кылды.

Анын ошо кадамы, ошо учурдагы эң туура кадамдардан болуптур. Себеби, ал көздөн кайым болор замат, окуя болгон жерде райондук коопсуздук комитети менен милиция кызматкерлери жайнап кетти. Тапанча, мылтыктан атылган октун гильзаларын табышты. Күбөлөрдү сурашып, далил чогултушту. Арийне негизги издеген кишилерин, кызды зордуктаган мыкаачы кылмышкерлерди таппай, окуянын учугун жандыра албай жандары чыгып турган. Ошондуктан жүздөрүнөн каар учкан кызматкерлер ким колго түшпөсүн энесин Үч-Коргондон көрсөтмөк. Мундуз ал жерден өз учурунда куйругун үзүптүр. Эгер ал колго түшүп калса, анын жашоосунан кыйноо кетмек эмес. Дагы жөн жерден чоң күнөөгө батмак экен. Акыры барып өмүрүнө кара чекит коюлмак тура. Анткени дайынсыз жоголгон кыз менен НКВДнын бакыйган үч кызматкеринин тагдыр маселеси күн тартибинде күнү бүгүнкүдөй курч турган. Тергөөнүн чулудай оор ташы чоочун кишини эңип түшмөк да, суроо-сопкутсуз атууга кетмек. Ошол курч кырдаалды күн мурунтан билгендей, жанын куткарып калуу максатында канча жылдан бери турмуш кечирген жайына шашыла жөнөй бергенин карачы.

Анын бара турган үнкүр-жатагы тээ алыста мунарык чалган мейкиндиктеги күмүш мөңгүлүү тоолордун кучагында эле.

V

Моло таштай тунжураган кийинки күнү Беш-Мойнок капчыгайындагы асманда алыстан карарып көрүнгөн кичине чекит чоңоюп отуруп, таскарага айланды. Көзү курч, мурду жытчыл жаш таскара ийрелендеп аккан дарыя жээгиндеги эки тарпты дароо эле байкады. Көптөн бери ачка жүргөн. Ошондуктанбы көзүн ачып-жуумп, напсиси кулдаган таскара ийри тумшугуна келип калган шилекейин кылт-кылт жутуп коюп атты. Шашпай тарптын үстүнөн каалгый учуп астейдил тигилди. Ошондо көзү курч таскара жүрөктү иштеткен кан тамырлар капкачан токтогону менен улуу жараткан тиги экөөнүн жанын алып кете электигин сезди. Анткени, ал жаны чыга элек олжого конууга таптакыр мүмкүн эместигин жакшы өздөштүргөн. Себеби тирүү нерсенин жаны ар кандай болот. Жаман болсо жаманга, жакшы болсо жакшы

түргө айланып кетээрин улуулардын тажрыйбасынан улам жакшы билип калган. Билгендиги үчүн бөөдө кырсыкка малынып калгысы келбеди. Ошон үчүн көгөргөн көк ирим асманда узак айланып жүрдү. Бир оокумда сай жээгинде жаткан эки адамдын жаны жанынан шуулдап өтүп, көз жетпеген көккө сапар алганын таскара байкуш сезди. Ошондо гана чалгынчы таскара кандаштарына белги берди. Кабар белгини өз маалында алган кандаштары туш-тараптан чогулуп, асманга ээ-жаа бербей айлана учушту. Качан гана жол баштооч эне таскара Беш-Мойноктун капчыгайына канаттарын калдайта дарыя жээгине келип конгондо, калгандары анын соңунан ээрчишти.

Ортодон канча күн өткөндө чоң жолдун ортосунан чарчап-арыган Осмонду табышты. Кан тамыры билинер-билинбес согуп жаткан. Араба чакыртып, ооруканага жаткырышты. Ал жерден өзүнө келип калганда жиндиканага которушту. НКВДнын башчысы Жээнбеков менен кылмышкерлерди издөө тобунун башчысы Бексултандын дареги табылбай, милиция менен коопсуздук комитетинин кызматкерлери не иш табылды. Алар жүргөн, токтогон, жаткан жерлердин баарынан сурашты. Азыткы кыздын денесинен окту таап чыгышты. Бирок ким атканы, кайсы курал менен өлтүрүлгөнү табылбай табышмак бойдон калды. Осмондон шек санашты, бирок ал жарытылуу эчтеме айтып бере албай өзү кыйноо тартып турган. Кайра ар кайсыны чолуп сүйлөп, сурак жүргүзгөн тергөөчүнүн башын оорутту. Соттук экспертизада кыз мууntулуп өлтүрүлгөнү далилденди, бирок ким өлтүргөндүгү аныкталган жок.

Кийинки жылдын октябрь айында Осмондун ден соолугу кичине оңолуп калганын байкаган тергөөчү кайрадан сурагын жаңыртты. Жумурткаңы чеккендей чегип отуруп, жоголгон жиптин учугун тапкандай болду. Осмонду алдап-соолап сүйлөтүп алды. Ал Анарбай менен Бексултан жүргөн акыркы жерди көрсөтүп бермек болду. Ошо күндүн эртеси прокуратурадан, коопсуздук комитетинен, милициядан, медикерден куралган топ токтоосуз тоого аттанып кетти.

Жетер жерге жетип, Беш-Мойнок капчыгайындагы жалама бетке келгенде Осмондун тынчы кетип тыбырчылай баштады. Түкүргүн чачыратып баш-аягы жок ардеменин башын бир айтып, тантый берди. Аны кой-ай деген киши чыкпады. Оюна эмне келсе, оозу ошону булдурады. Көзү эмнени көрсө, ошонун жанында башчы Анарбай менен тууганы Бексултан жүргөн болот. Кырга чыкканда көзүнө Бексултан көрүндүбү "Бексултан акелеп" чуркап кетти. Аны коштоп келгендер андан мындай жорук күткөн эмес. Кой-ай дегенге шайлары жетпей, эмне кыларын билбей шалдайып отуруп калышты. Осмондун артынан эч кимиси даап бара албады. Себеби жүрөктүн үшүн алган жалама беттен коркушту, учуп кетпейли деп зааркаңып

турушту. Бир оокумда Осмон тайгаланып кетип, шуулдаган бойдон ылдый көздөй шукшурулуп жөнөдү. Ошончо кишинин көзүнчө үнү кудайга жете тургандай кыйкырган байкуш аласалып барып аскадан учуп кетти. Анын өлүгүн табабыз деп он төрт ай мурун учуп өлгөн Анарбай менен Бексултандын сөөгүн таап алышты. Бир иш, экинчи бир иштин ачылышына себепкер болгонуна кубанышты. Ошентип, тоолуу районду өмүр бою каралоочу кара тактан куткарып калышты. Ошондонбу болуп көрбөгөн ыкчамдык менен тигилерге таандык буюмдарды ар кайсы жерден чогултууга, толуктоого далалат кылышты. Бадамга илинип калган мылтыктын табылышы чоң окуя болду. Анткени ал чиеленген суроолордун чечилишине жардамы тийерине алар ишеништи. Мылтыкта ок жүгүртүлгөн бойдон калыптыр. Алабарман бирөөсү машаны капысынан басып ийип чоң кокуйга калды. Себеби мылтык атылып кетти. Дагы жакшы ок эч кимди жалмап кетпеди. Жан ширин экен, жардап тургандар корккonунан баштырын ката отура калышты. Канча күндөн бери башы азаптан чыкпаган Осмондун жансыз денеси өзү жолугууну самап жүргөн жаны бирге, ырыс-кешиги кошулуп калган досторунун жанынан табылып, жаны түбөлүккө тынч алгансыды.

Жаңы далилдердин пайда болушунан улам кайрадан кылмыш иши козголду. Тергөө иштери кызуу уланды. Бирок сурак берген киши болбоду. Болгону кагаз жүзүндө гана кылмыш ишин козгоп, кайра жаап коюшту. Соттук экспертизада кыздын денесинен табылган ок бадамга илинген мылтыктан атылганы аныкталды. Кимдин ким экени, эмне кылганы тыкан териштирилди, укуктук баа берилди. Бирок ал маалыматтар тар чөйрөдө, кагаз бетинде гана талкууланды. Ага өткөн ишке катышы бар адамдардын, жоголгон кыздын, күбөлөрдүн жок болушу себеп болду көрүнөт. Ошентип, дагы бир иш соттук териштирүүгө жетпей орто жолдо кыскарды. Анткени, кылмышты жасаган кылмышкерлердин көзү жок болгондугуна байланыштуу көпчүлүк жабылуу аяк, жабылуу бойдон калышын каалашты. Тергөө отурумунун жыйынтыгына катышкан укук коргоочулар менен тартип сактоочулардын көбү сүйлөшүп алгандай: "Аларды жараткан өзү жазалады. Андан өткөн жаза барбы?!"– дешти бир ооздон.

Бирок ошол окуя облустук КГБ бөлүмүндө иштеген Тултемиров дегендин алкымын бир башкача кытыгылап жиберди. Жаман оюнда кимдир-бирөөнү боолголой, жылдын төрт мезгилиндеги каалаган күнү саан уйдай саагысы, андан пайда көргүсү келди. Ошондонбу ичтен чыккан сасык напси сыртка төгүлүп, ошо кишинин атын атап жибергенде, шилекейи чууруп-чууруп кетти. Бирок таңдайын такылдаткан анын ашкере сугалактыгын тегерегиндегилер байкабай калды.

* * *

Жай айынын акыркы күнүндөгү кутман таңды Мундуз "Кароол чоку" үңкүр-жатагынан тосту. "Кимиси, кайдан көрүнө калат экен" деп эки көзү төрт. Мунарык чалган батыш чөлкөмүндөгү ийри-буйру жолдор анын өчкөн үмүтүн жандырууга тийиш. Себеби быйыл агасы Турдубай менен иниси Сапарбай келе турган болгон. Жол карап жатканы ошондон. Туугандарым келет деп "Кан ордо" үңкүр-жатагын тегерете жыгач менен кынап чыкты. "Хан таажы" отургучун жасап, илбирстин терисин ийлеп, көрүнүктүү жерге коюп койду. Төшөк-орунун күнгө жайды, шамалдатты. Кулжанын этин бышырып ыштап койду. Калп айткан менен болобу, быйыл жай бою аңчылыкка эч ким келбеди. Балким башка жагына келгендир, бирок Мундузга дейре эч бир жан жетпеди. Андыктан анын тынчын эч ким албады.

Аңгыча алыстан кыр ашкан эки караан элес-булас көзгө чалдыкты. Эмки кырга чейин бир топ убакыт бар. Кырдан кыр ашканча бир көрүнө калган эки атчан жакындагандан жакындай берди. Мундуз ал экөөнүн ким экенин билбей жаны чыкты, бир орунда тура албай кыйпычыктады. Качан гана атчандар жол боюндагы ак чечекке аттарын байлап, өздөрү чоң жалпак ташка чыгып жайланып отурганда жүрөгү элеп-желеп боло сүйүнүп кетти. Анткени жалпак ак ташка келип жайланып отуруу: "Биз келдик, көңүлүң жай болсун" деген Турдубайдын Мундуз менен шартташкан белгиси. Жалпак ак ташты бардык эле келгиндер байкай бербейт. Ал үчүн ак чечектен туура элүү кадам жогору бастыруу керек. Ошондо гана ташты көрүүгө болот. "Келген экен менин кымбаттуу туугандарым. Куш келип сиздер!"– деди Мундуз, ичинен кудуңдай ылдый түшүп келатып.

Ак ташка жакындаган сайын адамдардын жүзү даана көрүнө баштады. Сапарбай көзгө толумдуу чоң жигит болуптур. Мундузду тигилер да байкашты. Ошондо гана таштан секирип түштү ата-бала. Анан алар бири-бирин утурлай чуркашты. Жакындай бергенде:

– Мундуз, кандайсың бир боорум! – деди агасы кучагын жая.

– Туугандарым амансыздарбы? Кыйналбай эле келдиңиздерби?– деди иниси.

– Мундуз аба, жакшысызбы? – деди Сапарбай.

Үчөө көпкө кучактарын жазбай, жашып барып токтошту. Ал-жайын сурашкандан кийин ээрчише "Кан ордону" көздөй басышты.

– Мундуз, мен эртең эле кайтсамбы дейм. Себеби Сапарбай экөөбүз тең баса бердик, бирөө-жарымы шек санап калабы деп корком. Анан калса аркы жумадан койлорду кыштоого айдаш керек болуп турат, – деди Турдубай капыстан, бирөө сурап жаткансып.

– Аке, макул, сиз айткандай болсун,– деди Мундуз чечкиндүү.– Бирок эртең түшкө чейин ууга чыгалы. Бир кайберенди артына кетпесеңиз болбойт го.

– Бүгүн эле чыксак кантет? Али убакыт бар эмеспи. Кандай дейсиң? Таң атпай жолго чыксам, түн бир оокумда жайлоодо болуп калам. Сапарбай сени менен канча кааласа, ошончо күн болот. Бак отургузгула, кышка даярдык кылгыла, жаңгак тергиле.

– Сизди жакшылап эс алып кетсин дедим эле,– Мундуз агасынын чечимине каршы тура албады. – Мейли, андай болсо шам-шум этип алып кечки ууга камданалы. А сен Сапаш аттарды отко кой. Ананыраак сенин атың керек болот. Түшүндүңбү?– деди кам көрө унчугуп.

– Түшүндүм, абаке. Ошентип, бүгүн эле ууга чыгат турбайбызбы. Эң сонун, бирок кайсы жерге аркандасам экен?– дегендей түр көрсөттү, желкесин кашынган Сапарбай.

– Ой, бул жердин баары от. "Кан ордого" жакын баралы. Сен аттарды аркандабай эле бош кой. Эч кайда кетпейт. Тоодо бизден бөлөк эч ким жок,– деди Мундуз жылмая.

"Кан ордого" кирген Сапарбайга баардыгы кызык көрүндү, ошондонбу үңкүрдүн ичиндеги буюмдарды түгөл кармалап чыкты. Көп суроолор берилди.

– Иним, буюрса, экөөбүз али көп күндөрдү бирге өткөрөбүз. Ошондо бардыгы тууралуу айтып берем. Кулагыңдын кычуусу канганча аңгеме-дүкөн курабыз.

– Ой, бу баягында көргөн илбирсиңби? Ой-бой, иттей чоң экен го?! Бу тоо беренин кантип кылтактадың? – деп кызыга суроо салды Турдубай, көздөрүн жайната.

– Аке, илбирсти кылтактаган жокмун. Жарчектеги кар көчүп түшүп илбирсти алып кетти. Көчкүдөн араң дегенде казып алдым. Илбирстин окуясы өзүнчө кызык. Аны тамак үстүндө айтып берейин,– деди дасторкон жайылып бүткөндө. – Канаке, тамакка карацыздар. А мен нандан ооз тийейин. Себеби нанды аябай сагындым.

– Албетте, албетте, өзүң дагы ала отур. Үйдүн тамагын аябай сагынсаң керек,– деди Турдубай. – Женең жаны каймакты жакшы көрчү эле деп, каймак салып берди. Токоч, боорсоктон ал, кымыздан жут. Күзгү кымызды балана бербе деген сөз бар. Анткени күзгү кымыз – мыкты кымыз. Кана, мобу кымызды жутуп жибер.

– Ырakмат аке, ичем, сөзсүз ичем. Баарынан да тузду ала келгениңиздер жакшы болуптур. Туздун түгөнгөнү көп болгон. Ошо себептүү кайберен менен илбээсиндин этин тузга малып жесеңиздер таты чыгат,–деди Мундуз бир аз кысылгандай.

– Сиз этке бай экенсиз, абаке,– деди Сапарбай кара кесек этти тузга малып жатып.

– Өзүмө жетишет, иним. Тамактын тузу кем болуп жаткан, силер келип жыргап калбадымбы. Андан көрө илбирстин баянын баштайын,–

деди кымызды жутуп жатып. – Ах, кандай сонун! Кымызды женем аябай жакшы жасайт, ыракмат женеме.

Мундуз Жалтанбас жөнүндөгү ангемесин айтып бүткөндө туугандарынын оозу ачылып калды. Кайра-кайра айттырышты.

– Шумдугуң кур, ушундай болот деп ким ойлоптур,– деди Турдубай аңкая. – Чынын айтсам башыма түк чыкканы мындай кызыктуу окуяны укkан эмес экем.

– Илбирске Жалтанбас деп жакшы ат коюпсуз. Эх, ушул тоолордон илбирстин өзүн көрсөм болот эле,– деп кыялдана кетти Сапарбай.– Аба, илбирсти мага көргөзө аласызбы?

– Иш жүзүндө абдан кыйын, бирок аракет кылса болот.

– Чын эле көрсө болобу? Качан, кайсы жерге барабыз?! – Сүйүнүп кетти Сапарбай.

– Аны убакыт көргөзөт,– деп атасы уулун кагып койду. – Кыштын кандай болорун ким билет? Биринчи кезекте кыш камын кылгыла. Анан илбирс жөнүндө ойлонгула.

– Анысы да туура. Кыш камын көрбөй туруп илбирсти ойлоонун кажети жок,– деди Сапарбай унчукпай отурган Мундузду алдыртадан уурдана карай.

Мундуз үн дебеди. Бир аздан кийин тымтырстыкты бузуп:

– Айыл-ападагы жаңылыктардан сүйлөй олтурунуз, аке,– деди кулагын төшөй.

– И, баса, унутуп калган турбайымбы. Көп жылдардан бери элүү бээден кырк тогуз кулун алып келген Мукан досуң эмгектин баатыры болду.

– Болсун, болсун. Акыры Мукан дос Мекенге берген убадасын аткарган экен. Кичинекей Урмат кандай жүрөт? Басып калдыбы?

– Урматтын басканы качан! Атам сиз берген кийиктин чүкөлөрүн боёп койгон. Ошону ойнойт, эч кимге бербей чырдайт,– деди атасы үчүн Сапарбай жооп берип.

– Чырдаганы табигый көрүнүш, кийин акылына киргенде антпей калат. Сен деле ошондой бала болчусуң, билгенинди коё бербеген. Азыр деле ошондой экенсиң. Илбирсти көрмөйүн бул жерден кетпешинди сезип турам. Ошондуктан камылгабызды кылып коюп, аркы тоого барып келишибиз керек окшоп калды. Антпесек болчудай эмес. Сиз кандай дейсиз, аке?

– Өзүңө кара, Мундуз. Мен жакшылык гана кааладым. Ишке тоскоол кылбаса макул дебеске чарам жок. Тоо берени бардык эле кишиге көрүнө бербейт. Аны көрүү жолундун ачылышы, бакыттын бакыты эмеспи,– деди Турдубай.

– Мен дагы ошондой ойлойм. Анда сүйлөштүкбү, аке?

– Сүйлөштүк, маселе чечилди. Эми кечки ууга камыналы. Ой, камыналы деп коём да качан эле убакыты келип калган турбайбы,– деп Турдубай өздө турду. – Кой, ууга барса баралы. Күн кечтеп кетпесин,– деди тынчсыздангандай.

Камына турган деле оор нерсе жок экен. Мундуз болгону мылтыгын алды. Турдубай уулу Сапарбай минип келген атка минди. Анан жөнөп беришти.

– Адашкандын иши кандай? – деди Мундуз ууга баратып.

– Адашкан досундун ити чөп жеп жатат. Райкомдун биринчи катчысы болот экен деген сөздөр ачык эле айтылып калды. Тар дарыясынын боюна чоң үй салды. Кызыл тунуке менен жаптырды. Кызарып алда кайдан көрүнөт. Өткөндө НКВД кызматкерлери тарабынан кытай тарапка өтүп аткезчилик менен шугулданган Абдыкадыр дегендин тобу кармалды. Соттун чечими менен үй мүлкү, көптөгөн баалуу буюмдар менен алтын жамбылар, тыйындар, кымбат баалуу таш чегерилип, өзгөчө аземделип жасалган курал-жарактар мамлекеттин пайдасына чегерилди. Комиссиянын башында Адашкан өзү болуптур. Соттук териштирүүдө кылмышкерлер тарабынан көп элдин көзүнө карабай анын дарегине жаман нерселер айтылыптыр, өлтүрөбүз деген коркутуулар болуптур. Себеби, Адашкан районго башы көрүнүп калган бирден бир көрүнүктүү кадр эмеспи. Ушундай чуулуу соттук териштирүү элдин эсин эки кылды,– деди Турдубай.

Андан өткөн чуулуу окуя болуп өткөнүн атайылап унутуп койгондой. Бирок айтбай коюуга абийири чыдабады. Райондук НКВДнын башчысы Жээнбековдун эки кызматкери менен аскадан учуп өлгөнүн, эки жыл илгери каза болгон Сайкалдын табышмактуу өлүмүн акыры айтты, бирок кыска, суз баяндады.

– Эгер Адашкан райкомдун биринчи катчысы болуп калса сенин маселеңди кабыргадан койсок кантет? Адашкан маселени сөзсүз оң чечээрин жүрөгүм сезип турат,– деди сөздү башкага буруп кеткен агасы Турдубай.

– Эмнеге болбосун болот. Бирок кимдин эмне кылганын териштирүү оңойго турбайт. Адашкан биздин пайдабыз үчүн аракет кылары на өзүмө ишенгендей эле ишенип турам. Ошон үчүн азырынча анын жолуна бөгөт болбой эле туралы, аке. Себеби, чечилүүчү түйүн НКВДнын аракетине байланыштуу. Биз баштаган иштин кылы кичине эле кыйшайчу болсо, кара туңгуюкка өзүбүз түшүп берген болобуз. Ошонун кесепетинен күнөөсүз кишилер жабыркап калышы толук ыктымал. Кимдир бирөөнүн мен үчүн жабыркашын каалабайм. Ошон үчүн дагы күтө туралы. Анан бир кеп болор.

– Бул оюна кошулам. Бирок биз дагы аракет кылышыбыз керек да.

– Керек, бирок түнгүюктун аркы учунан үмүттүн учкуну көрүнсө гана бирдеме ойлоп табууга болот. Ага чейин таптакыр мүмкүн эмес.

– Аның да туура. Деги эмне кыл дейсиң?

– Аке, баарын кудайга коюп коёлу, акыры бирдеме болор,– деди Мундуз чарчагандай.

– Макул, анын таппаганы жок. Иштин ак-карасы жараткандын ыктыярында болсун. Кандай болсо, ошондой болсун,– деди агасы, акыркы чечимин билдирип жатып.

– Ошентели агатай, башка жол жок. Тагдырдын буйругуна моюн сунбаска чарабыз жок. Пешенеге ушундай жазылган болсо не айлабыз бар? – деди Мундуз да терең ойго батып. – Кудайдын айтканы болор.– Оор үшкүрүндү.

Башка айла-амал табалбаган үчөө телмире бири-бирин карашты. Албетте аларга деле оңой болбоду. Элебесовдордун бири тоодо, бири ойдо жүргөнү кимисине жаксын. Төбөсү менен жер казган менен эч майнап чыкпай келет. Үй-бүлөнүн көзгө басар адамы ушинтип тоодо жапайы тирилик кыла беришин берки эки тууганы жактырышпады. Бирок кутка-руунун жолун да табышпады. Ошондонбу, алар кудаанын амири менен болуп жаткан соң, ага моюн сунбаска айлабыз жок дегендей кабатыр ойдо турушту. Канткен менен ошо күнү канча жылдардан бери ондуу натыйжа бербеген ар кандай ой жоруларга, жоромолдорго, жасалган аракеттерге кара чекит коюлгансыды, ушул жолку жолугушуудагы аңгемелешүүнүн акыркы кайрыгы менен талкуудан алынып салынгансыды. Мундузду элге кайтаруу вазийпасы тууралуу экинчи кеп козголбоду. Ушинтип эч ким, эч нерсени өзгөртө алган жок, баары өз ордунда калды.

Турдубай жолдуу экен, ошо деп барган уудан туугандар ол-жолуу кайтты. Кызыл куржунун толтуруп таң атпай жолго чыкты. Мундуз менен Сапарбай аба ырайына карай иш тутту. Чү дегенде эле жумушту жапайы жемиштерди терүүдөн баштады. Аны бүтүп, үч үң-күрдү көмүр менен отунга жык толтурду. Суу жээктерине, түзөң жер-лерге, тоо боорлоруна кодура өскөн бак көчөттөрүн отургузушту, суу кыюшту. Алгач Сапарбай абасына түшүнбөй аңгүдүк карады. Анан кызыга суроо узатты.

– Аба, сиз үчүн бул иштин канчалык зарылчылыгы бар?

– Канчалык зарылчылыгын билбейм, бирок кылбай коюуга да болбойт, эриккенден ойлонгон да иш эмес. Мага, сага пайдасы тий-бесе да табийгаттын көркүн ачат, жер кыртышын бекемдейт. Тээтиги түзөндөгү бой керген токойду, өзөн боюндагы тал менен кайынды көр-дүңбү?! Ошолор атаң экөөбүздүн эмгегибиз. А бүгүнкү мээнетибиздин акыбетин эмдиги жылы келсең өзүң көрөсүң. Көзгө сүйкүм көрүнүп ка-лат. Ошондо аябай сүйүнөсүң. Ошол сүйүнүч иш экөөбүздүн эмгегибиз болуп калат. Түшүндүңбү, иним?

– Түшүндүм, абаке. Мен анчалык ойлонбой эле айта салыпмын, кечирип коюңуз.

– Сапаш, анча деле олуттуу нерсе жок. Кечирим сурабай деле койсоң болот. Мындай суроону ким болбосун бермек. Жака-белде жан болбосо, адам буту сейрек баскан тоо арасындагы пенденин колу менен жаралган эмгекти ким бааламак эле деген ой кетиши мүмкүн, ар ким-дин башына. Чынын айткандай, мындай ой жүгүртүү мыйзам ченемдүү көрүнүш. Эч шашпоо керек. Эртеби-кечпи сенин кылган эмгегинди баалоочулар табылат. Себеби, жер үстүндөгү кыбыр эткен жан-жаны-бардын баарын көрүп-билип, салмактап, ак-карасын ажыратып турган күч бар. Ошо күч ушу азыр сага да байкоо салып турган болуу керек. Андыктан чымыркана эмгектене бер. Бирөөгө милдет кылбай жасаган эмгегиңдин тараза ташы бир убакта билип-билбей жасаган кадамыңдын рүңдү жуп кетет деген ойдомун. Бүгүнкү сенин жасаган кадамыңдын өзүң үчүн гана эмес, табийгат үчүн, кудай үчүн да маниси зор, иним.

– Абаке, канча десеңиз ошончо иштейин. Иши кылып, кичинекей иниңиздин мээнет-эмгегине аз да болсо көз кырыңызды салып коюу-ңуз. Мага ошо жетиштүү.

– Менин гана эмес, төбөбүздө турган улуу жараткандын көз кы-рына илинип калуу бактысы бар. Буга кандай дейсиң?

– Кандай демек элем, жакшы дейм. Анткени бакыт адамдын өз колунда экенин эң жакшы билем. Ал нерсе ата-энемден, сизден уккан жомок-дастандар, бешик ырлары, тарбия аркылуу бешикте жаткан күн-дөн бери кулагыма жат болуп калган.

– Эми өзүңө келдиң, иним.

– Андай болсо эң жакшы. Сиз чарчадыңыз, бир аз эс ала турунуз. Мен калган жумушту өзүм эле бүтүрө салайын,– деди иниси кыткы-лыктай.

– Сен эмне, кудай мага ыроо кылган бакыт-үлүшүмдөн айрыгың барбы? – Тамаша чалды абасы. – Мен дагы өз үлүшүмү көбөйткүм бар.

– Таптакыр андай эмес, аба. Кайра сизге өзүмдүн бакыт-үлүшүм-дү тартуулайын деп жатам. Мени менен сиздики кошулса көп бол-бойбу. Мунун эмнеси жаман?

– Баракелде, иним, туура айттың, мээнетиң да жакшы. Бүгүн се-нин күнүң болду. Кеч кирип баратат, сыягы. Сапаш, бүгүн бүтпөсө, калганын эртең бүтүрөбүз. Мен кечки тамакка уруна берейин. Кеки-лик, кыргоолду чыктап койбодук беле. Ошону шишкебек кылып жей-ли, ээ?– деди Мундуз.

– Кудайдын сүйгөн тамагынан ким баш тартат. Мен макулмун, абаке.

– Андай болсо жумушуңду бат бүтүрүп, "Кан ордону" көздөй чап. Жарайбы?

– Жарайт, сиз айткандай болот. Менин оюмча эки күндүк жумуш калды. Анан кайда барабыз, аба? Эсиңизден чыккан жокпу?

– Чыккан жок, мен дагы аркы тоого барууну дегдеп турам.

Ага-ини дегдеген ошо күн да келди. Көмүр жагып, темир кызытышты, жебенин учун жасашты. Иш арасында иш бүтөт деп арасында өөндөн келген жылкынын куйругунан тузак эшишти. Кекилик, кыргоол ашчу кырга тузак тартышты. Илбирске болгон жүрүш кызуу башталды. Мундуз мылтыгын асынды. Сапарбайга жааны жебе толгон саадагы менен берди, колуна найза таякты карматты. Алгач алар илбирсти көрүүгө ашыгышты. Илбээсинге гана уу кылууга бүтүм чыгарышты, мылтыкты шайтан-шабырды коркутуу үчүн гана алышты. Аска-тоонун кожоюну болгон асыл жырткыч илбирсти көргөндөн кийин гана кыш камы кылып аңчылыкты баштамай болду. Эмне бар, эмне жок деп бир-эки күнгө жетерлик азык, жылуу кийим алышты. Атты Мундуз минди. Канча күндөн бери тыныгып калган чабдардын басыгы тың. Эртең мененки тоонун муздак абасынан экөө ичиркенип баратты. Биринен-бири бийик көрүнгөн ажайып тоолор керемет көрүнөт. Кырдан кыр ашып, жол арбыган сайын Сапарбай жаратылыштын кооздугуна суктана карайт. Теребелдин керемет көрүнүшү жаш жигитти арбап алгандай. Ушундай керемет жерде туулуп калганына ичинен да, сыртынан да сүйүнүп: "Бах! Кандай керемет тоолор! Капчыгай-төрүн, адыр-түзүн кара, өзүнчө эле башка дүйнө. Табийгаттын кооздугуна, сулуулугуна, адам буту баспаган аруулугуна сөз жетпейт! Ошон үчүн Ата журттун тоо-ташы алтын көрүнөт тура!"– деп күңгүрөнө кез-кез шилекейин жутуп коёт. Жанына канат бүткөнсүп, чарчоо дегенди сезбей сергек келатты. Өр тартканда гана Сапарбай чабдардын куйругунан кармап алат, болбосо эки буту тынымы жок тыбырап, агасынын соңунан калбай келет. Карагайлуу черге келгенде Мундуз аттан түштү. Сапарбайды ээрчитип токойду аралай басты.

– Сапаш, азыр тыйын чычканга уу кылабыз. Албетте сенде азырынча тажрыйба жок. Ошондуктан тыйын чычканды көзгө атып түшүрөт дегенден алысмын. Ошентсе да эки жолу жебе атууга сага уруксат, бирок аракет кыл, – деди карагай учуна көз жүгүрткөн Мундуз.

– Аба, тигине, экөө жүрөт. Мен жакын барайын, – деди шашып калган Сапарбай.

– Абайла, бут алдыңа кара,– дегиче Сапарбай чалына түштү. – Айтпадым беле.

– Аба, эчтеке эмес. Мергенчилик ушунусу менен кызык эмеспи,– деди иниси.

Анан узак мээлеп, жаанын тетигин коё берди. Жебе шуулдап барып тыйын чычкандар жүргөн карагайга барып сайылды. Экинчисин атты, бирок анысы да сая кетти. Аңчылык ышкысы козголуп калган Сапарбай шашылыш саадактан үчүнчү жебени алып жатып токтоп калды. Себеби, агасынын сөзүн эстей калды. Мундуз не демек, көздөрү күйүп турган инисинин шагы сынбасын дедиби, эмелеки айткан сөзүнөн баш тарткандай башын ийкеди. Мылтыгын карагайдын бутагына илип, өзү дөңгөчкө көчүк басты. Көпкө күткөн жок, токойго сүңгүп кирген Сапарбай олжолуу кайтты. Мурду барбаландап, аябай кубанып алыптыр.

– Абаке, акыры кууганыма жеттим. Мынакей,– деп эки тыйын чычканды жерге таштап койду. – Жүндөрү жылтырап өз табында экен. Жакшы ичик болот. Анткени, калганы үңкүр-жатакта бар. Кана, жааны мага берчи,– деп турган эле жерден карагай учундагы тыйын чычканды мээледи. Зуулдаган жебе көздөгөн максатына жетти. – Эми буларды ийлөө гана калды. Ушинтип, бул макулуктарга уу кылууну токтотобуз. Жүр, андан ары жолубузду улайлы,– деди Мундуз көнүмүш көрүнүш төй.

Сапарбай оозун ачып калды. Кандай таң каларлык көрүнүш! Мындай шамдагайлыкты, мындай көзгө атар мергенчини бала болуп башына түк чыкканы көргөн эмес. Акыры көрдү, ал да өзүнүн эле абасы болуп чыкты. Кандай сонун!

Канча убакыттан кийин алар койнунда булут уялаган аска-тоого келип такалышты.

– Аба, мындай шумдуктуу керемет аска-тоону көргөн эмес экенмин,– деди иниси кубанычын жашыра албай. – Кандай кооз жер!

– Бейиштин төрүндөй жер бекен. Бул жерде улар көп,– деп аттан түшүп туланга коё берди. – Атты аркандап кой, үркүп кетсе таптырбай кетет.

– Макул,– деп Сапарбай атты ошол эле жерге аркандап койду.– Аба, уларга аңчылык кылып көрдүңүз беле? Аларга уу кылуу абдан кыйынчылыкты туудурса керек. Себеби улар абдан сак болот эмеспи.

– Аңчылык кылгам, бирок далай жебелер сая кеткен. Бир жолу гана олжолуу кайткам. Уларды турган жеринде гана атсаң атып калдың, а учкандан кийин атып түшүрүү кыйын. Себеби алар ордунан көтөрүлгөндө эле жогорку ылдамдыкта бир зоодон, экинчи зоого өтүп кете беришет. Артынан түшүүгө таптакыр мүмкүн эмес.

– Ошондой деп уккам, бирок өзүн көрө элекмин, аба.

– Кудай буюрса, аны да көрөсүң. Балким, бир-экөөнү атып аларбыз,– деп ансайын кызытып койду. – Бирок бир-экөөнү гана,– деди кайрадан кошумчалап, сөөмөйүн көтөрө.

– Бизге ошо эле жетишет, ашыкчанын кимге кереги бар.

– Бали, Сапарбай, абдан зээндүү экенсиң. Мен эмне айтарымды дароо илип алдың.

– Мен ушинтип айтарыңызды үйдө отуруп эле билгем.

– Үйдө?! – Сөөмөйүн көтөрө ойлоно калды. – Андан бешбетер жакшы.

– Атам абдан үнөмчүл болуп кетиптир деп айткан. Табияттан ашыкча эчтеме албайт экен. Жеген азыгын качан, кайсы мөөнөттө түгөнөрүнө чейин эсептеп, анан ошого карата иш тутарыңыз жөнүндө далай кеп уруп берген.

– Анысы да чын, иним. Минтип башыңа мүшкүл иш түшүп турган чакта кандай гана жан-жаныбар болбосун бөөдө чыгым кылгың келбей калат тура. Кудайчыл болуп жакшы түш көрүп же ойлогон нерсең туура келип калса да жакшылыкка жоруп калат экенсиң. Ансыз бул жерде жашоо кыйын, иним.

– Сиз эле дейсизби, мен деле ошондоймун. Эгер жакынкы экиүч күндө илбирсти көрбөсөм бул жерден кетпейм. Акыр аягына чейин жүрөм.

– Көгөргөнүң кызык экен,– деди өзүнчө ойго бөлөнгөн Мундуз.– Эгерде илбирсти көрсөтсөм эмне кыласың?

– Анда сизге окшоп офицер болом. Аскер окуу жайына тапшырам, ошентип максатыма жетем,– деп көкүрөгүндө катылган сырын айтып салды.

– Ээ, мурдунду урайын десе! Болгону ушул элеби, мен дагы адам аткара албаган татаал нерсеби дедим эле. Андай болсо тээтиги жалама асканын алдын карачы. Сен дегдеп келген илбирс жүрөт. Бирөө эмес, экөө экен. Жалтанбастын мурдагы үйүрү го!

– Кана, кана! Кайсы жерде турат,– деп Сапарбай карбаластап калды.

– Жакшылап байка. Бет маңдайдагы жалама асканы көрдүңбү?

– Көрдүм, бирок эчтеме байкалбайт.

– Көрсөң, ошо асканын алдына байкоо сал. Илбирсти дароо эле байкай салса, ал илбирс болбой калбайбы. Аны тоо-таш менен чөп-чардын арасынан ажыратып таануу өтө кыйын. Сен карай бер! Анаке, бирөө ордунан козголгондой болду.

– Ии, эми илбирстин даана өзүн көрдүм, абаке! Сиз айткандай бирөө эмес, экөө экен. Кандай бактылуумун! – Сапарбай кубангандан тыбырчылап ийди.

– Өзүң айткандай, сен чындап бактылуу да, олжолуу да экенсиң, иним. Бизди кыйнап-кыстабай илбирстер алдыбыздан чыга келди. Азыр биз тигилерди карай жөнөсөк илбирстер тээтиги күн чыгыш беттеги кырдан аша качышат. Ошондо даана көрөсүң. Анан үн чыгармай жок, мага бирдеме айткың келсе кол жаңсап түшүндүрүүгө аракет кыл. Себеби улардын үнү чыгып жатат, чочутуп ийбейли. Илбирстер кыр ашып кеткенде уларга уу кылабыз да жатагыбызга кайтабыз.

Көздөрү бир башкача балбылдаган Сапарбай унчукпай баш ийкеди. Анан экөө абайлай турушту да илбирсти беттей кадам шилтешти. Кунт коё кулак төшөгөн адамга экөөнүн жүрөгүнөн жарыша дүкүлдөй чыккан доошун угууга болот эле. Иниси агасы баскан из менен жаңылбай келатты. Жаа жебеси менен Мундузда. Мылтыкты аттын жанында калтырышты. Найза таяк Сапарбайдын колунда. Аюу менен кармашууга белсенгендей анын өңү сүрдүү да, олуттуу. Алар илбирстен көздөрүн албай, уламдан-улам жакындай беришти. Жырткычтар адамдын жытын алган жок, себеби шамал тескери жактан уруп турган. Качан гана жүз кадамча калганда дөбөт илбирс чочугандай төрт аяктап тура калды. Узун куйругунун учу түрүлө катты. Ага ургаачы илбирс кошулду. Булар кайдан келип калышты дегендей, аңкоо көз жүгүртүштү. Анан коркунуч-кесепет төмөн тараптан көрүнгөнүнө көздөрү жеттиби кулактары тикчийип, каккан казыктай зыңкыя катышты. Көз ирмем убакыт өтпөй көзүн албай тигиле караган ургаачы илбирс жерге боорун сала алдыга жылт койду. Артынан дөбөтү жөнөдү, жер менен жер болуп. Кез-кез төмөн карап коюшат. Тиш салууга даай алышпады. Андай жаман ойлору болсо тигилердин адам экенине карабай капкачан тамактап салмак. Тилекке каршы, андай жырткычтыкка барышкан жок. Кайра жанталаша Мундуз айткан күн чыгыш тараптагы кырды көздөй кадамдарын илгерте беришти.

Сапарбай айылдан дегдеп келген илбирстерин жапжакын жерден, өз көзү менен көрүп жатканына чындап сүйүндү. Табийгаттын бу сыры жаш адамды делиртип, көпкө таң калтыра каратты. Ал мынчалык кубанбаса керек. Көөдөнүн кере дем алды, жаш улан. Илбирстин окуясынан кийин офицер болуу, аскер окуу жайына тапшыруу кыялы ишке ашкандай болду. Эми артка жол жок. Ата журтту коргогон кесиптин ээси болууну биротоло чечти. Антпесе Элебесовдор үй-бүлөсүнүн алдында уятка каларын жүрөгү туйду. Анан калса аны абасы Мундуз да көзүн албай карап туруптур.

– Абаке, сизге чоң ыракмат. Мага айылдан дегдеп келген илбирсти көрсөттүңүз. Эми мен аскер окуу жайына тапшырбасам болбойт. Сөзсүз сизге окшоп офицер болом, Ата журтка кызмат кылам,– деди Сапарбай көөдөнүн кере.

– Аскер кесибин тандаганың жакшы. Эми ошонун өтөсүнө чык. Чыкпасаң бүгүнкү чечиминдин мааниси тыйынга арзыбай калат.

– Мен арзый турган иш кылам, сөзсүз аскер адамы болом. Сиздин алдыңызда жигиттик убадамды берем!– деди какая калган Сапарбай.

– Сага ишендим, Сапаш! Ылайым тилеген тилегиңе, ойлогон ой максатыңа жет! Жолуң шыдыр, ар дайым олжолуу болсун!– деди Мундуз кучагын жая.

– Айтканыңыз келсин, абаке!

Бул убакта Жалтанбас илбирстин мурдагы үйүрү ачык түзөңгө чыгып калган. Килейген дөбөтү менен ургаачысы заңкайган аска-тоонун кучагында өзгөчө укмуш көрүндү. Жер менен жер болуп жойлогон гүлтемгилдүү турпаттары, жазы таманы менен узун куйруктары даана көрүндү. Жүрөктөрү элеп-желеп соккон Мундуз менен Сапарбай илбирстерди куйруктап алчудай улам алдыга жүткүнө умтулушат. Бу жазмыш тагдырда бир жолу гана келген мындай бактылуулукту колдон чыгаргысы келбеген ага-ини болгон күчтөрүн жумшап, жанталаша аралыкты кыскарта беришти. Демдери кысылып, бети-баштарынан ылдый көл-шал тер куюлду. Ага карабай өөдөлөгөндөн өөдөлөштү. Себеби, илбирстер эч кандай коркунуч туудурбасын алдын ала сезиштиби же жөнеле аңчылык ышкылары козголдубу, экөө өздөрүнүн коопсуздугун ойлошпой, арымдарын ансайын кере ташташтары. Илбирс канчалык асыл жаныбар болгону менен Мундуз менен Сапарбайдын бет алдында күркүрөп жапайы жырткыч турганын таптакыр унутуп коюшкандай. Ошон үчүн адамдар менен илбирстердин аралыгы уламдан улам кыскара берди.

А тигилер тык токтой калат да, ордунда таштай катып калышат. Кыл муруттары дирилдеп, тумшуктары абаны искей ырылдаганда, катканы булчундары кайра жазыла түшөт. Жазы тамандары жерди омоктуу басып, жүрүшүн жай улантат. Адамдан көздөрүн алышпай, алардын ар бир баскан кадамдарына чейин көзөмөлгө алгандай. Дөбөтү ургаачысын коргогондой алдыга өтүп кетпей, жан шеригинин артынан куйрук улаш жойлоп келет. Бир убакта ургаачы илбирс тиги адамдардын кылыктарына ачуусу келгендей тык токтоду. Алдыңкы жазы таманы жогору көтөрүлүп, салаасына каткан ороктой болгон тырмактарын чыгарды. Жерге боорун катып, секирик жасоочудай комдоно жатты. Ошол учурда таштай каткан ургаачы илбирс аябай сүрдүү эле. Дөбөтү да төмөндөн келаткан коркунучту туйгандай муруттарын бир башка чa дирилдетти. Анан азуусун көрсөтө, айбат кыла ырылдады. Ошого карабай адамдар арымдарын кере таштап, жакындагандан жакындай берди. Качан гана көк таштай көгөргөн немелер илбирстин чыбырчыктай тердеген тумшугун көргөндө тизгин тартышты. Анткени, алар аябай жакын келип калышкан эле. Эгерде жапайы табиятына жендирген ургаачы илбирс коркунуч туудурган олжосуна тиш салса, артынан дөбөтү да кошо секире тургандай абалда турган. Минтип отурса сөзсүз адам менен жырткычтын ортосунда чоң жанжал чыгат. Бирок илбирстин сүрдүү көз карашы акыры адамдарды токтотту. Алар да көрүштү, адамдардын терге буланган өндөрүн. Анан табиятынан көздөгөнүн коё бербеген асыл илбирстин жырткычтык көз карашы адамдардын колундагы темир учтуу жебе менен найза таякка бурулду. Таякты алар аркы зоодо туруп, берки зоодогу кайберенди жер сүздүрө аткан сыйкыры

күч мылтыкка окшоштурушту. Сыйкыры күч мылтыктын алдында экөө эмес, көп үйүр илбирстер тукуму чогулуп келсе да алсыз экендиктерин туйганда жүрөктөрү зырп эте түштү. Себеби кайсы бир жылы, жапайы уу кылгандардын сыйкыры күч таягынан ургаачы илбирс да, дөбөт илбирс да запкы жеп калган. Жандарын оозуна тиштей аскадан-аскага, беттен-бетке, кырдан-кыр аша качса да мылтык бүркөн ажал аларды жашынта койбой артынан калбай кууган. Жанын тиштей качкан ошо куугундан эптеп кутулуп, жер ооштурууга туура келген. Бирок алар эми бул жерге да жетип келгенине таң калып да, кооптонуп да турушту. Ошон үчүн эң алыс, коопсуз, тынч деген жерге чейин жеткен адамдардын колкосун үзүп алгысы келип турду, жаны ачыган ургаачы илбирстин. Анткени арадан канча жыл өтсө дагы унутпай, мурунку жана кийинки көрүнгөн адамдар алар үчүн ар дайым чоң коркунуч туудуруп турган. Ошондуктанбы өзүнүн шамдагай күчүн бир көрсөтүп коёюн деген таризде оңтойлоно комдонду. Бирок, өзүнүн секиригине караганда тез учкан сыйкыры күч таяк бүркөн ажалдан жүрөкзаада болуп турду. Тагдырдын жазмышынан кутулууга мүмкүн эместигин туйгандай, алардын ээлигине айттырбай келген, алардын эркиндигин бузган адамдарга аргасы жоктон, алыстан болсо да ырылдай, тап бере карады. Башка амалы жок эле. Эгерде тигилердин колунда мылтыгы жок болгондо ачуусу тумшугуна чыккан илбирс тиги экөөнү эки чайнап, бир жутмак. Арийне, "тарс" эте үн коштой, шамалдан да бат учкан ажалдан жүрөктөрү түшүп калган байкуштар, не кылар айлаларын таппай турушту. Өөдө-төмөн басса да, алдыга жүрсө да көзгө көрүнбөгөн ажалдын, көзгө көрүнбөс жиби тоо берендерин тушап койгондой тизгин тарттырды. Ошентип, бу сапар да алар тиш салалбай өкүттө турушту.

Ортодо кулак кескендей жымжырттык өкүмзордугу күчөдү. О, тажаал өмүрдүн, кымбат өкүмзордугу ай! Илбирстерге келген коркунуч эми адамдардын үшүн ала баштады. Кара таштай зыңкыя каткан экөө илбирстин сүрүнөн апкарып калганы менен коркуп-жазганып койбоду. Качып берсе сөзсүз тиш салаарын Мундуз да, Сапарбай да айттырбай туйду. Ошон үчүн алардан көзүн албай, тикеден-тик турушту. Акылы зирек пенде менен табиятынан жапайы өскөн жырткыч ушинтип тиреше калды. Кайсы бир көз ирмем аралыкта адамдардын көз карашынан коркунучтун учкуну көрүнбөгөнүн, кол салууга батынбаганын илбирстердин жапайы табияты туйду. Ошондо гана жыйрылган булчундары бошошкондой, каткан куйруктары жазылгандай, жырткычтык кайраты мокогондой арсайган тиштерин аңырайта ачкан тоо берендери өздөрүн эркин кармашты. Дегеле эчтеме болбогондой күркүрөй керилип-чоюлуп, адамдарды жек көрө карашты да, унчукпай жолун улашты. Алар тараптан карбалас-кысталышка түшкөн ашыкча кыймыл сезилбеди. Анда-мында коркунуч туудурган эки адамды карап койгону болбосо,

айбаты күч, жаалы катуу илбирстер эчтемеден кооптонушкан жок. Себеби адамдардын эч кандай коркунуч туудурбаганына көздөрү толук жетти. Көп өтпөй кыр ашып кеткен тоо кыраандарынын карааны көрүнбөй калды. Ушинтип, тагдырдын тамашасы адамды да, айбанды да зор сыноодон өткөрдү. Ортодон өрт чыкпай, бөрү аман, кой сак калды.

– Шумдугуң кур, ушундай да окуя болот экен ээ, аба?! – деди Сапарбай таңдана.

– Өзүң көрүп турбайсыңбы, иним! Болгону ушу да,– деп көкүрөгү толо унчукту абасы.– Бизди кудай зор сактады, ээ! Эгер тиш салса эмне болот эле?

– Ак көңүлдүүлүгүбүз үчүн кызыл жаян канга бөлөнмөкбүз да, асыл жырткычтарга жем болмокбуз! Тилекке каршы, бу сапар утуш биз тарапта окшоп калды, абаке. Эмдигисин билбейм,– деди шок иниси. – Мылтыкты таштабаңыз десем ынабадыңыз.

– Күнөө өзүбүздө да бар. Жырткыч тоо берендерин багып чоңойткон ит тукумунчалык көрбөй, суутуп койгонсуп артынан куугун салган көрпенделигибизди карачы. Канткен менен аман калдык, ошого шүгүрчүлүк.

– Илбирсти көрөт элем деп сизди жолдон чыгарган, – сөөмөйү менен көкүрөгүн ургулай көрсөттү иниси,– мен күнөөлүү. – Адырандап тумшугундагы чыбырчыктаган кара тери көрүнгөнчөлүк жакын келгенибизге таңмын. Сиз айткандай, бизди кудай зор сактады. Коркунучту эми сезип жатам,– деп отура калды, иниси.

Ага-ининин отурушу көпкө созулган жок, бир убакта экөө тең орудуларынан ыргып турду. Себеби, илбирс менен алек болуп жүрүп улар жөнүндө унутуп кала жаздаптыр. Ошондуктан туурадагы аркайган таштуу урчуктан чыккан улар үнүн көздөй бет алышты. Экөөнүн басыгы илбирстей сак, ашыкча добуш чыгарбай дымып келатышты. Мерчемдүү жерге жеткенде ташка баштарын катышты. Мундуз саадагынан үч-төрт жебени алып таштын үстүнө дестеп койду. Сапарбайга тигилерди көрүп жатасыңбы дегендей колун жансады. Ал "ооба" дегендей башын ийкеди. Мундуз биротоло көзүн кандырып алсын дегендей күтүп тургансыды. Иниси тынымсыз үн каткан улардын тобун кызыга карап турду. Ошондо гана абасы жебени алып тетигин тартты. Узак мээлеген жок, бирок көзү жеткенде тетикти коё берди. Жебе шуулдап учту. Көз ачып-жумганча бирөөсүнүн капталына сайылды. Күтүлбөгөн кол салуудан чочуган улар тобу көтөрүлө бергенде шуулдап жете келген учтуу жебе жана бирөөсүн алып жыкты. Калганы учкан жебедей шуулдап аркы өйүздөгү асканы көздөй канат күүлөдү. Сапарбай абасы бирдеме дебесе деле ордунан ыргып турду да, урчук ташты карай чуркап жөнөдү.

Ошо барышта чынеле Сапарбайдын күнү туып турду. Анткени анын айтканы айткандай, дегени дегендей орундалды. Кайсы жерге

барбасын сакасы алчы, олжосу колуна конду. Абасы кайберенден канчаны ат десе ошончону сулатты. Бир да ок сая кетпеди. Тартыш заманда керектүү нерсенин үнөмдөлүшү да жакшы жышаан. Мундузга Сапарбайдын зиректиги жакты. Экөөнүн мамилеси бири-бирине төп келе түштү. Иниси каруу-күчкө толуп, ойдогудай эр жетип баратканына абасы жетине албай сүйүндү. Бир айтканды, бир көрсөткөндү сая кетирбей леп илип алып, кынтыксыз так аткарган Сапарбайдын жөндөмдүүлүгүн жогору баалады. Келечекте жакшы адам болорунан күмөн кылбады. Ичинен инисинин аракетине ыраазы болуп турду.

Анткени, таң заардан Сапарбай кырдан кыр ашып, койгон тузактарынан кабар алганы барат. Куру кол келбейт, сөзсүз олжолуу келет. Мундуз жолдун болушун тузактан эмес, тузакты койгон адамдан, тузактын канча көзү болсо, ошончосун жадабастан кылдаттык менен кере коюудан көрөт. Себеби көзү жок тузак – сокур тузак. Ага ыйласаң да эчтеме түшпөйт, анын убарасы да көп болот. Күндө барып жадайсың. А Сапарбайдын кетейин деген көөнү жоктой, тим койсо абасы менен жүрө берчүүдөй түрдөндү. Инисинин ошо түрү, аңчылыкка баш-оту менен кирип кеткен жүрүшү агасына майдай жакты. Өзү бул жакта эмне кылып жүргөнү менен иши жоктой, иниси ага өнөктөш болгонуна, сүйлөшөр адамы табылганына жетине албай жүрдү. Акыры канча кааласа ошончо жүрө берсин деген ойго такалган. Ошондуктан иш арасында аскер иши боюнча, же жөнөле турмуш жөнүндө сурайбы баарына кылдаттык менен жооп берип, билгенин үйрөтүүдөн, жасай билгенин көрсөтүүдөн жадабады. Инисинен эрте туруп, кеч жатып жүрдү. Ал эмне дебесин аткарууга даяр. Сапарбай да агасынын насаатын жан дили менен кабыл алып, аңчылыктын сыры менен ыгын толук өздөштүрүп бүткөндөй. Саресеп салса, ал үйрөнбөгөн, ал жасабаган эчтеме калбагандай. Келгенине толук бир ай болот деген күнү:

– Аба, эми мага уруксат бериңиз, үйгө кайтайын,– деди иниси салабат күтүп.

Тоодо жалгызсыраган абасы жаман оюнда инисин кетиргиси келбей, дагы жүрө турса жакшы болот эле деген кабатыр ойго кептелгенин ойлоду. Иниси менен жыты сиңишип, адам деген пендеге көнө түшүптүр. Ойлоп көрсө, туура эмес иш тутуп жаткан экен. Ошон үчүн Мундуз жаңылганын туюп, өзүн-өзү жек көрүп кетти.

– Албетте, иним. Көп жүрүп калдың, кайтпасаң болбойт. Атаэнең күтүп калды,– деди оюн ондогондой, ичи уйгу-туйгу боло. – Даярдык жок кантесиң?

– Азыр тиги бетке барып келем. Мага бир ок берсеңиз жетиштүү. Тузакка түшкөн кекилик, кыргоолду тазалап, чыктап койгом. Кечинде ошолорду шишке сайып жейли ээ, абаке. Сиз менден камтама болбой, эс ала бериңиз. Мен бателе келем,– деди Сапарбай атынын басмайылын тартып жатып.

– Сапаш антпе, мен кантип сенден ок аяп калайын. Бу беш атар эмеспи, канча ок алсаң, ошончо ала бер. Кудай буюрса, ок жетиштүү,– деди абасы карбалас.

– Ошентсе да үнөмдүн үнөмдүү болгону ажеп. Анда мен кеттим, аба, – деп атына камчы ура электе чабдары ордунан атырыла сызды.

Сапарбай өзү айткандай бателе келди. Күүгүм деле түшө элек болчу. Килейген теке атып алыптыр. Терисин бузбай түюк сойду.

– Жакшылап ийлеп апама чанач кылып берейин. Айылда жок чоң чанач болот, – деп күлүп алды. – Ушул жакка жөнөрдө зынарлап калды эле.

– Ооба десең, сен айткандай чоң чанач болот. Бирок аны кантип толтурушту да ойлош керек го,– деди абасы кубаттаган болуп.

– Биздикинен толбосо, Мукан акемдикинен толтурабыз. Жайлоодо жеп-ичкенибиз бир эмеспи. Жолго жүргөнгө бышык, көп кымыз батат.

– Иши кылып, баарына буюрсун. Сапаш, кел эми беймарал олтуруп тамактаналы. Эртеңки камылганы анан кылабыз. Али убакыт бар эмеспи.

– Тамактанса тамактаналы, олтуруңуз, чайды мен куюп берем.

Ошентип экөө "Кан ордо" үңкүр-жатагында түн бир оокумга дейре аңгемелешти. Сапарбайдын уктагысы жок, ага карабай Мундуз аны аюу талпакка жаткырды. Өзү түнү бою эч көз ирмебей таң атырды. Туруп чабдарды алып келди. Жакшылап токуду. Кара чөгүндү очокко койду. Кийиктин шорпосун ысытты. Ошондон кийин гана Сапарбайды ойготту. Экөө кара тер чыкканча шорпо ичишти, эт жешти, чайлашып отурду. Анан бата кыла ордунан турушту.

– Сапаш, жолго эрте чыкпасаң болбойт. Аба ырайы бузулганы турат. Аттын ыктыярына кой. Чабдарды эки күн чапсаң да чарчоочудай түрү жок. Жүндөрү жылтырап, оңоло түшүптүр. Ат үстүндө үргүлөп кетпе. Кокус жыгылсаң чабдарың карматпай кетип, азапка салып жүрбөсүн. Жолдо бирөө жарымы учураса аңчылыкка бардым деп кой. Эч шек алдырба. Ата-энеңе менден дубай салам айт. Урматтын бетинен өөп кой. Чүкөлөрдү өзүң боёп берерсиң. Жолуң ачылсын, иним! – деди Мундуз каңырыгы түтөй. – Ушинтип кабар алып тургула.

– Аба, али убакыт бар эмеспи. Шашпаңыз, чабдар аябай тыңыптыр, мени кай жерге болсо да алып барат. Аба, сизге абдан көнө түшүпмүн, бул жактан кетким жок, – деп ойлоно түштү да, кайра кебин улады. – Бирок эмдиги жылы окууга тапшырам, ошондуктан келе албай калам. Кийинки жылы каникулда сөзсүз келем. Ошого чейин аман болуңуз, аба! – деп абасын кучактады.

Бек кучакташкан ага-ини көпкө турду. Ажырашуу ар дайым кыйын эмеспи.

– Сапарбай,– деди агасы бир убакта, – сага кошулуп кетким келип кетти. – Бирок өзүмдү араң токтотуп турам. Барсам бийлигиң башымдан сылабас. Райондо болуп өткөн кылмыштын баарын башыма үйүп, соттоп жибереби деп корком. Болбосо, сени менен жөө болсо да кете берет элем. Андыктан ушул жерде эле калганым оң. Сен окууга жакшылап даярдан, а мен болсо аскер кызматы жөнүндөгү билгенимдин баарын айттым, анча-мынчасына үйрөттүм. Ата журтту коргогон кесипти сыймыктуу алып жүргөн мыкты советтик офицерлердин бири бол! Мен сенин ата намысын бербешиңе, мекен сыймыгын бийик көтөрүшүңө бөркүмдөй эле ишенем. Анткени сен ошого татыктуу уулсуң,– деди абасы олуттуу.

– Буюрса, баары ойдогудай болот. Мен уят кылбайм.

– Ылайым эле ошондой болсун!

– Анткени сиз такай: "Бакыт – адамдын өз колунда!" – деп айтчу элеңиз. Анын сыңарындай, өзүмдү өзүм бактылуу кыла албасам, эмнем адам.

– Аракет кылсаң, берекет болот. Жакшы бар, иним!

– Аракет кылам, жакшы калыңыз, аба!

Сапарбай үзөңгүгө бут коюп, ээрге чапчаң отурду. Тилекке каршы, ал шыреле жөнөп кеткен жок. Ага жыты сиңишип калган абасын тунжураган аска-тоонун жапайы кучагына жөнеле жападан жалгыз таштап кетүү оор туюлду. Коштошуу ташпиши андан бешбетер мүшкүл иш экенин ошондо даана сезди. Анан кантсин, каңырыгы түтөй эңкейе агасынын мойнунан кучактады да, колун бек кысты. Эки жүрөк дүкүлдөй коштошту. Ошондон кийин гана атын темине жүрүп кетти.

Ооздуругун карт-карт чайнаган чабдар аттын жүрүшү албуут. Жалгыз аяк жолго түшкөндө арымын кенен таштады. Карагайлуу черден жайдак жерге өтүп, кыр ылдый шумгуп кеткенде, баятан бери тиштенип араң турган Мундуздун көңүлүн кыжалаттык басып, заманасы тарып кетти. Көзү жашылданып, жер тепкилеп ийди. Жазмыштын жазыгына туруштук бере албай жаш балача өңгүрөп жиберди. Анысы көпкө созулбады. Бир убакта кескин бурулду да, үңкүр-жатагынан кетмен-күрөгүн алып чыгып, көкүрөгүндө уюп турган карагайлуу черди көздөй кадам шилтеди.

Эми кодура өскөн жаш карагайлардын жаны калбайт. Аларды башка жерге көчүрүү менен алектенип, түптөй баштайт. Баш көтөрбөйт. Түндү түн дебей, күндү күн дебей чарчаганча иштей берет. Кабан кирпигин көтөрө албай калганда мас адамдай жыгылып түшөт. Аба ырайынын суук-ысыгына карабай жыгылып түшкөн жеринде уйкуга кирет. Бир-эки саатка созулган убакытта жан дүйнөсү эс алып, уйкусу толук кана түшөт. Көңүл иренжиткен ошо аралыкта быкшып тутанып

кетчүдөй туталанган мээ кыртышынын дирилдеген назик кылдары тартылып, өз ордуна келет. Туруп астейдил кагынып-күбүнөт да, дегеле эчтеме болбогондой үңкүр-жатагын карай илкип жөнөйт. Бу анын кескин кайгырганда, же катуу туталанганда уйгу-туйгу жан дүйнөсүн чакчелекей түшүрүп, тополоң тоз кылчу жаман да, жакшы да адаты. Ал адат ата-энесин жер көчкү алып кеткен мезгилден бери, кээде ушинтип кайталанып калчу болгон. Антпесе жаны тынч албашын, көңүлү ачылбашын, ал өзү эң жакшы билет.

Тагдырдын жазмышына моюн сунган кудаанын мусапыр пендеси, ушундай азабы кайнаган күндү баштан кечирет. Ага кыйын эле болот, бирок мезгил өз таасирин тийгизбей койбойт экен. Анткени арадан күлүмсүрөгөн күндөр, телмирген түндөр жылжып өтөт, күндөлүк турмуш акырындык менен калыбына келе баштайт. Жай турмуш башталган күндөн кайрадан күтүү, айылды сагынуу, тууган-урук менен көрүшүү, тирилик өткөрүү өндүү тагдыр жазмыштары башын чиритип, көкүрөк толтосуна уялай берет. Ушинтип күтүүдөн күтүүгө чейинки өмүр кечирүү ташпиши кайрадан уланып, кайгыруу менен жыргалга батуу көнүмүшү бири-бири менен тыгыз айкалышат да, турмуштун ачуу-таттуусун болуп көрбөгөндөй көркүнө чыгарат. Эх, ошо жашоонун жыргалы менен ачуу-таттуусун сезгенден артык эмне бар, бу дүйнөдө!

Мундуз мына ошо оомал-төкмөл дүйнөгө шүгүрчүлүк кылып жашап келатты.

Кийинки жылы иниси Сапарбайдын жолу байсалдуу болду. Өзү каалаган Орусия аймагындагы бир аскер окуу жайынан билим алды. Мекенди коргоо кесибине ээ болгон жаш офицердин кызматы түйшүктүү да, жемиштүү да өтүп жатты. Жыл өткөн сайын турмуштан чоң сабак алды, үйлөнүп-жайланды. Ошондо да абасы Мундузду, сыйкыры күч тоолорду унутуп калган жок. Эмгек өргүү учурунда абасынан кабар алып, баалуу кеп-кеңешин угуп жүрдү, каалашынча ууга чыкты. Кийин Орто Азия аскер округуна которулуп, рота командирлигине дайындалды. Улуу державанын офицери болуу сыймыгы – андан мекен алдында чоң жоопкерчиликти талап кылды. А мекен талабын Элебесовдордун үй-бүлө мүчөлөрү ар дайым талаптагыдай аткарарын турмуш өзү ырастады. Ошондуктан тагдыр аны кайсы жерге жумшабасын капитан Сапарбай Элебесовдун аскер бөлүгүндөгү кызматы ойдогудай өтүп жатты.

VI

Сары-Камыш айылына адаттагыдай күн эрте тийди. Чакан-Таш тоосунан көрүнгөн күн нуру жерге толук жайылганча эле, айыл турмушу кызуу кыймылда болот. Кай бири качан эле ишке жөнөп кеткен болсо, кай бири күндөлүк көр тирилиги менен алек. Беймарал олтурган бирөө жок, баары кыймылда. Жашоонун ушундай кызуу ыргагынын күчөгөн маалы аш кайнам убакыттан кийин кайрадан башталат. Ошондо айылды болуп көрбөгөндөй ызы-чуу каптайт. Майдандан бир колунан ажырап келген Омор корукчу адыр беттерине, эгин талаалары-нын четине аркандалган торпок-тана, тай-топур, кой-эчки, эшектерди такайы менен бошотуп, дыргаяктатып кууп алат. Казыгын сүйрөй, аралаша качкан жандык-мал заматта айылды чаң-тополоң чыгарып ийет. Биринен-бири өтө адыраңдап, кишенеп-маараканы, айкырып-мөөрөгөнү, туш-тушка дейди качканы мындан көп. Алардын соңунан учуна уютулган коргошун байлаган кайыш камчысы менен жер чапкылап, көркашка атын теминген ачуулуу Омор корукчуну көрөсүң. Ал жашоону ансайын ысыган темирдей кызытып, аркандалган малды алдына салып айдап, көчөгө кийирип ийет. Ошентип Омор корукчунун кол ойноткон кызуу кайрыгы теребелдин тынчын ала катуу терметип жиберет. Чаң көккө уюлгуй көтөрүлөт.

– Дагы баягы Омор корукчу келген тура!

– Ой, кантет булар? Чалынат экен!

– Ушу корукчу акеден жададык, – деп беймаза болгону андан көп.

– Мындан кийин эгиндин четине малыңарды аркандабагыла. Дагы аркандасаңар районго айдап барып камап коём! – деп көрүнгөндү опузалай узун камчысын кезейт, Омор чолок. – Эгин мага эле керек бекен. Ал – өкмөттүкү, демек баарыбыздыкы. Аны мал-салдан кору деп өкмөт мени корукчу койгон. Экинчи малыңарды эгин четинен көрбөйүн! Түшүндүңөрбү?! Минтип өкүрүп-бакырбасаң түшүнбөйт,– деп беймазаланган корукчу, атын ары-бери алкынта ойноктотот.

Көпчүлүк түшүнгөндөй унчукпайт. Айрымдары кудайдын жерин коруган Оморду жек көрө карайт, андай десе, мындай деп тил кайрыйт. Ошондо Омор корукчунун ачуусу чындап келет. Себеби ал согуштан бекеринен чолок болуп келиптирби. Аябай жиндейт. Тил кайрыган, жек көрө караган кишини аты менен омуроолотуп, азабын колуна берет. Кээде кара чийбаркут кемселине орден, медалдарын тагынып алат. Анысы олбурлуу боюна, мыйыгынан жылмайган буудай ыраңына жарашып калат. Заар чача сүйлөгөнү менен ууртун жайып, сүйлөшүп жаткан адамынын көңүлүн алып, бу дүйнөдө андан башка киши жоктой кыткылыктай жыргалга батып күлө баштаганда заматта ажары ачыла

түшөт. Ошо жагымдуу күлкүсү үчүн, ага эч ким каршы сөз айталбайт, ыйбаа кылышат.

Бүгүн да ошо кара чийбаркут кемсели менен жүрдү, айылдын тоз тополоңун чыгарып. Мал ээлери өз малдарын бөлүп кеткенде, көркашка атын алчандатып көчөнүн башындагы Адашкан тентушунун үйүнө келип түштү.

Адашкандын үй-бүлөсү кайсы бир кара ниет адамдардын кесепетинен улам ууланып, райондун борборунда үй-бүлөсү менен эки ай жатып, дарыланып чыкканына бир жума болгон. Бул кол салуу Адашкандын ишине байланыштуу экендиги айтпаса деле айкын болуп калган. Кара ниет адамдар Адашкандын өзүнө гана кол салбастан, ага үй-бүлөсүн кошо тартканы, тукум курут кылып жок кылгысы келгендиктери барып турган айбанчылык экендигин айылдаштары жакшы түшүнүштү. Мындай жамандык эч кандай пенденин башына түшпөсүн. Кесепет тооруган ошондой ыймансыз иш эч бир адамдын кадыр-баркын көтөрбөйт, тескерисинче, төмөн түшүрөт. Жакында райкомдун биринчи катчысы болот деп турган чакта Адашкан менен анын үй-бүлөсүнүн ууланышы райондо өзгөчө кырдаалды жаратты. Элдин оозун ким тыя алат? Айтпагандын баарын айтышты, баарынан шекиништи. Жакшы кадр, мыкты жетекчи Адашкандын өзү гана жыгылбастан, анын үй-бүлөсү түгөл чапкы менен чапкандай жыгылышы элди апкаарытып койду. Арийне, ал кылмыш ким тараптан, кай себептен жасалды табышмак бойдон калды. Ошо кара ниет кылмышкерлердин кесепетинен эки чырактай баласынан айрылып, дүйнө аңтарылып калгандай болду. Не кылсын, аны кандай гана кырсык тоорубасын тагдырдын жазмышына моюн сунбаска аргасыз эле. Анан калса өзүнүн жана келинчеги Айымдын, кыздары Азизахан менен Данакандын, бир жашар уулу Жапаштын ахыбалы дагы эле ойдогудай эмес. Ага кесипкөй врачтардын жетишсиздиги менен дары-дармектердин тартыштыгы да абдан таасир этти. Ошондон уламбы айлап ооруканада жаткан оорулуулардын көңүлдөрү көтөрүңкү эмес, аларды биротоло айыкты дешке да болбойт. Бирок, аз-аздап кубатына келе баштаганы көңүл жубатат. Адашкан ошондо түшүндү, жашоонун ыракатын. Көрсө, адам деген оору келбесе – саламаттыктын, картайбаса – жаштыктын, ал күчтөн тайбаса – кубаттын баркын билбеген макулук тура.

Ооруканадан келгендин эртеси эл чакырып, айылга кудайы өткөргөн. Тели-тентуштары, ага-туугандары, айылдаштары күндө келип деден соолуктарын сурап кетишет. Омор короого киргенде тентушу үйүндө экен. Өңү азып, бет сөөктөрү аркайып көрүнүп калган Адашкан:

– Э, Омор, сен белең? Кел, кел. Абди, Омордун атын ал, үйгө кирсин,– деди инисине кайрылып.

– Адашкан, кандай демдүү турасыңбы? Айым жакшы болуп калдыбы? Бала-чакаң кандай, сакайып калыштыбы? – деп жайдары учурашты Омор тентушу.

– Кудая шүгүр, жылыш бар. Тигине, чоң кызым Азизахан кичинекей инисин сагынып калганбы күнү бою колунан түшүрбөй ойнотуп жүрөт. Эки ай ооруканада жатыш оңойбу. Уулум бизден чочуркап качалыптыр. Аны Кады эжем багып жатпадыбы. Эч нерсе эмес, акырындык менен көнүп жатат.

Адашкан иниси Абди үйгө кирип келгенде кызыл козуга бата кылып жиберди.

– Кудай тааланын, ата-бабалардын арбагына багыштайлы. Сообу бизге тийсин.

– Э, кокуй, Адашкан, козуларды койгула. Бу үйдөн козуну далай жедик го!

– Жесең, дагы жейсиң. Сен чоочун бирөөнүн үйүнө эмес, тентушуңдун, согуштун азап-тозогун көргөн ардагердин үйүнө келдиң. Азыр коңшу-колоңдор келет. Сүйлөшүп отурабыз, чайлашабыз. Сен таң аткадыр-баркын көтөрбөйт, тескерисинче, төмөн түшүрөт. Жакында райкомдун биринчи катчысы болот деп турган чакта Адашкан менен анын үй-бүлөсүнүн ууланышы райондо өзгөчө кырдаалды жаратты. Элдин оозун ким тыя алат? Айтпагандын баарын айтышты, баарынан шекиништи. Жакшы кадр, мыкты жетекчи Адашкандын өзү гана жыгылбастан, анын үй-бүлөсү түгөл чапкы менен чапкандай жыгылышы элди апкаарытып койду. Арийне, ал кылмыш ким тараптан, кай себептен жасалды табышмак бойдон калды. Ошо кара ниет кылмышкерлердин кесепетинен эки чырактай баласынан айрылып, дүйнө аңтарылып калгандай болду. Не кылсын, аны кандай гана кырсык тоорубасын тагдырдын жазмышына моюн сунбаска аргасыз эле. Анан калса өзүнүн жана келинчеги Айымдын, кыздары Азизахан менен Данакандын, бир жашар уулу Жапаштын ахыбалы дагы эле ойдогудай эмес. Ага кесипкөй врачтардын жетишсиздиги менен дары-дармектердин тартыштыгы да абдан таасир этти. Ошондон уламбы айлап ооруканада жаткан оорулуулардын көңүлдөрү көтөрүңкү эмес, аларды биротоло айыкты дешке да болбойт. Бирок, аз-аздап кубатына келе баштаганы көңүл жубатат. Адашкан ошондо түшүндү, жашоонун ыракатын. Көрсө, адам деген оору келбесе – саламаттыктын, картайбаса – жаштыктын, ал күчтөн тайбаса – кубаттын баркын билбеген макулук тура.

Ооруканадан келгендин эртеси эл чакырып, айылга кудайы өткөргөн. Тели-тентуштары, ага-туугандары, айылдаштары күндө келип деден соолуктарын сурап кетишет. Омор короого киргенде тентушу үйүндө экен. Өңү азып, бет сөөктөрү аркайып көрүнүп калган Адашкан:

– Э, Омор, сен белең? Кел, кел. Абди, Омордун атын ал, үйгө кирсин,– деди инисине кайрылып.

– Адашкан, кандай демдүү турасыңбы? Айым жакшы болуп калдыбы? Бала-чакаң кандай, сакайып калыштыбы? – деп жайдары учурашты Омор тентушу.

– Кудая шүгүр, жылыш бар. Тигине, чоң кызым Азизахан кичинекей инисин сагынып калганбы күнү бою колунан түшүрбөй ойнотуп жүрөт. Эки ай ооруканада жатыш оңойбу. Уулум бизден чочуркап качалыптыр. Аны Кады эжем багып жатпадыбы. Эч нерсе эмес, акырындык менен көнүп жатат.

Адашкан иниси Абди үйгө кирип келгенде кызыл козуга бата кылып жиберди.

– Кудай тааланын, ата-бабалардын арбагына багыштайлы. Сообу бизге тийсин.

– Э, кокуй, Адашкан, козуларды койгула. Бу үйдөн козуну далай жедик го!

– Жесең, дагы жейсиң. Сен чоочун бирөөнүн үйүнө эмес, тентушуңдун, согуштун азап-тозогун көргөн ардагердин үйүнө келдиң. Азыр коңшу-колоңдор келет. Сүйлөшүп отурабыз, чайлашабыз. Сен таң аткадыр-баркын көтөрбөйт, тескерисинче, төмөн түшүрөт. Жакында райкомдун биринчи катчысы болот деп турган чакта Адашкан менен анын үй-бүлөсүнүн ууланышы райондо өзгөчө кырдаалды жаратты. Элдин оозун ким тыя алат? Айтпагандын баарын айтышты, баарынан шекиништи. Жакшы кадр, мыкты жетекчи Адашкандын өзү гана жыгылбастан, анын үй-бүлөсү түгөл чапкы менен чапкандай жыгылышы элди апкаарытып койду. Арийне, ал кылмыш ким тараптан, кай себептен жасалды табышмак бойдон калды. Ошо кара ниет кылмышкерлердин кесепетинен эки чырактай баласынан айрылып, дүйнө аңтарылып калгандай болду. Не кылсын, аны кандай гана кырсык тоорубасын тагдырдын жазмышына моюн сунбаска аргасыз эле. Анан калса өзүнүн жана келинчеги Айымдын, кыздары Азизахан менен Данакандын, бир жашар уулу Жапаштын ахыбалы дагы эле ойдогудай эмес. Ага кесипкөй врачтардын жетишсиздиги менен дары-дармектердин тартыштыгы да абдан таасир этти. Ошондон уламбы айлап ооруканада жаткан оорулуулардын көңүлдөрү көтөрүңкү эмес, аларды биротоло айыкты дешке да болбойт. Бирок, аз-аздап кубатына келе баштаганы көңүл жубатат. Адашкан ошондо түшүндү, жашоонун ыракатын. Көрсө, адам деген оору келбесе – саламаттыктын, картайбаса – жаштыктын, ал күчтөн тайбаса – кубаттын баркын билбеген макулук тура.

Ооруканадан келгендин эртеси эл чакырып, айылга кудайы өткөргөн. Тели-тентуштары, ага-туугандары, айылдаштары күндө келип деден соолуктарын сурап кетишет. Омор короого киргенде тентушу үйүндө экен. Өңү азып, бет сөөктөрү аркайып көрүнүп калган Адашкан:

– Э, Омор, сен белең? Кел, кел. Абди, Омордун атын ал, үйгө кирсин,– деди инисине кайрылып.

– Ой, мен билгенди, сен кайдан билесиң? – деди каштары бириге түшкөн Омор.

– "Теңизбай уруусунун чолок башкармасы дедиртпейм",– деп башкармалыктан өз талапкерлигинди алып койбодуң беле. Ошондо сага корукчулуктан башка иштин кереги жоктугун ошондо эле билгем. Ай, сени ушубу!

– Туй ата, аны унутуп калганымды кара. Ошондой учур болгон,– деп ыкшып күлдү Омор, чоң ак тиштерин көрсөтө. – Азыр деле баш тартам.

– Анын азыр зарылчылыгы жок, себеби майда колхоздор ирилештирилип бүткөнү качан. Учурда жашоонун жол-жобосу өзгөчө нукта баратат, себеби техниканын заманы келди. Сен ушуга кубан.

– Замандын оңолгону жүрөк кубандырат. Биздин айылда да машине мингендер пайда болуп калабы дейм. Ошондо кандай заман болот, ыя, Адашкан?

– Укмуш заман болот. Айылда гана эмес, советтик үй-бүлөнүн ар бир мүчөсү бирден машине мине турган келечек келатат. Ушуга ишенесиңби?!

– Болбогон жомокту айтпачы. Мурда мындайды укпасам, көзүм менен көрбөсөм кантип ишенмек элем. Сен айткандай болсо, биз кайда барабыз?

– Эч кайда барбайбыз, жашаган жерибизде жашай беребиз. Бирок замандын ошо өзгөрүүлөрүн өз көзүбүз менен көрүүгө үлгүрүп калабыз. Жашообуз во! болот.

– Адашкан, мага жакшылап түшүндүрчү, бай болгур. Маселен, менин балдарымдын баары телевизорлуу, жеңил машинелүү болобу? Негедир сенин айтканыңа ишенбей турам.

– А сен ишен. Сенде канча бала болсо, ошончосу телевизорлуу, машинелүү болот. Үй-бүлө мүчөсүнүн ар биринин үйү болот, байгер жашайсынар.

– Э, кудай, дагы эмне деп жатасың? Жыргал турмуш келатат дечи.

– Ооба, келатат. Жыргал турмушту азыркынын тили менен айтканда коммунизм деп коёбуз. Аны компартия да ырастады, өнүгүү программасын иштеп чыкты. Эми аны иш жүзүнө ашыруу гана калды. СССР азыр дүйнөдөгү бирден бир өнүккөн, күчтүү мамлекетке айланып баратат. Империалисттик күчтөр бизден сестенип, биз менен эсептешүүгө аргасыз болуп жатышат. Мына ошондуктан партия менен өкмөттүн божомолу боюнча 80-жылдарда ошол коммунизм чегине жакындап барабыз. Ошондо ар бир советтик үй-бүлө жыргал турмуштун, май-көлдүн үстүндө жашап калат.

– Ыя, Адашкан, ошого дейре дагы он беш-жыйырма жыл бар го. Ошо май-көлүңдү мага батыраак эле көрсөтчү.

– Учуру келгенде сен өзүң эле сезесиң, өз көзүң менен көрөсүң. Убакыт зымырап бателе өтүп кетет. Ага чейин жакшылап иштей бер, Омор.

– Өзүң билесиң, биз эч кандай кыйынчылыктан коркпойбуз, кайра коркутабыз. Кандай жоопкерчиликтүү ишти тапшырбасын баарын аткара беребиз. Бизди партия менен өкмөт ошентип тарбиялабадыбы. Ушундай эмеспи, Адашкан.

– Омор, айтканың калетсиз. Анткени, биз согуш көргөн адамдарданбыз. Ошон үчүн биз эч кимден, эч кандай кыйынчылыктан коркпойбуз. Бир убакта душмандын үшүн алган мекендин жоокери элек. Азыр деле ошо жоокердик милдетибизди бизден эч ким алып койгон жок. Себеби, биз ар дайым мекен катарындабыз. Анткени, бир жолу жоокер болгон адам өмүрүнүн акырына чейин жоокер катары күрөшүп өтөт. Же андай эмеспи?– деди кубаттана-толкундана түшкөн Адашкан.

– Так ошондой. Жоокер элек, жоокер бойдон калабыз,– деди Омор чайлашуунун кызуу учурунда. – И, баса, эсиңдеби? Кайсы бир жылы Кара-Кулжа менен Өзгөн аймагын өкмөт башында турган Раззаков кыдырып келбеди беле,– деди бир аз тыныгуудан соң Омор, кызуу нерсе айтчуудай алдыга жүткүнүп. – Ошондо Раззаков адамдардан айырмалангысы келбей полуторка машина менен эл кыдырган. Кай жерде болбосун мамлекет башчысын барган жеринде эл жакшы тосуп алып жатты. Бирок ошо борбордон келген чондорду ийменип-кысылбай бирде айылга, бирде талаага баштап жүргөндөрдүн арасында сен да бар эмес белең. Ошондо шынга бойлуу, мандайы жарык сени алыскы айыл-апанын тургундары борбордон келген Раззаков экен деп сага биринчи кол бергени көбүнүн эсинде. Ошондо ыйманы ысык Раззаков "Мындай нерселер боло берет. Чондорду өз эли таанып туруусу үчүн, ушинтип ара чолодо жер кыдырып, эл менен учурашып туруу керек тура",– деп оозун жалжайта жылмайып, көпчүлүктү күлдүрбөдү беле.

– Ошондой окуя болгон. Раззаков аябай сылык жетекчи, сөзмөр киши экен. Теригип кетпей, кайра: "Силердин арапарда чоң жетекчи чыкчу адамыңар бар экен. Ошолорго ийгилик каалап коёлу",– деп кол чаптырган. Анын эми кажети канчалык? Өттү, кетти.

– Канчалык экенин билбейм, бирок кечээ үйүнө райкомдун биринчи катчысы Сакебаев менен милициянын башчысы келиптир деп уктум. Деги сенин үйүндөн чондор үзүлбөйт. Алар эмнеге келишиптир? Тынччылыкпы? Силердин үй-бүлөнү уулаган кылмышкерлер тобун кармашыптырбы? Ошондон кеп салчы, бай болгур. Кайсы күсбүруштар экенин билели.

– Кылмышкерлер тобун кармашканын айтышкан жок, бирок мага мурдагы жумуш ордумдан дагы чоң жумушту сунуш кылганы келиптир. Ден соолукту сурап, конок болуп кетишти,– деди Адашкан чай сунуп жатып.

– Кайсы жумушка? Райаткомдун орун басары ордундан дагы чон бекен?

– Сенин чен-өлчөмүң боюнча алганда, чоң экен. Бирок андан баш тарттым. Өзүң көрүп тургандай ден соолук да болбой турат. Мүмкүн болсо өзүмдүн эле мугалимдик кесибиме барсамби деп турам. Анткени дүйнөнүн шамы – билим болсо, жашоонун шамы – эмгек. Эмгек кылсаң дөөлөтүң өсөт, мээнетиң кайтат. Ошондуктан райкомдун биринчи катчысын менин сунушумду колдоңуз дедим. Бу менин кылмышкерлерден коркуп калганым эмес. Үй-бүлөнү да ойлош керек экен. Үй-бүлөбүз менен ууланып тогузга чыккан Сапарали деген уулумдан, он эки жашар Жээнбү деген кызымдан айрылдым. Өзүбүз айлап ооруканада жаттык. Билген кишиге, бу абдан оор кайгы, катуу сокку. Эми үй-бүлөм үчүн жашайм. Калган балдарымдын убайын берсин,– деди жаагын сылай. – Согуш ардагери кай жерде болбосун жоокер бойдон калат. А жоокер адамдын эл алдындагы жоопкерчилиги чоң эмеспи.

– Атаңгөрү, согушта ким душман, ким дос экенин айрып таанычубуз. Азыр кимдин ким экенин билбей бушаймансың. Каратып туруп уулантып кетет. Анан таап көр, аларды. Дүйнөдөгү эң жаман көргөнүм– бут тосуу, көралбастык. Сага бут тоскон душмандын ким экенин билсем, ушу жалгыз колум менен муунтуп коймокмун, күсбуруштарды. Тилекке каршы, билбей жатпаймбы?! – деди көздөрү тостоё түшкөн Омор. – Күсбуруштарга арабызда орун жок.

– Анын эми зарылдыгы жок,– деди Адашкан бир аз ойлоно түшүп. – Кандай неме болсо да акыры бирди көрбөй койбойт. Менден деп турасыңбы, жок, кудаадан көрөт. Көргөндө да жаман көрөт. Мени айтты дээрсиң.

– Кудаага койгонуң жакшы, досум. Күсбуруштардын жазасын ошо улуу жараткан өзү берсин! Мугалимдик кесибинде деле алдыда болуп келгенсиң, буюрса, дагы күлүк аттай алдыга суурулуп чыгасын. Анткени, сага эл ишенет,– деди корукчу досу олуттуу.

Анчыча колу-коңшулар келди. Чай үстүндөгү баарлашуу кызуу уланды.

Кийин мындай отуруштар Адашкандын үйүндө көп болду. Мугалимдик эмгек жолун башталгыч класстын мугалими болуп баштаган педагог кийин география сабагы боюнча адистикти бүтүрүп, ардактуу эс алууга чыкканча машакаттуу педагогдук кесипти чанбай да, талбай да иштеди. Жумуш деп жүрүп бир убакта кызуу баштаган ыр жазуу талантын уланталбай калды. Бирок ошо заманга жараша чыккан курч макала, фельетондору басма сөз каражаттарында байма-бай басылып турду. Келинчеги Айым экөө алты кыз, эки уулду тарбиялап өстүрдү, жогорку окуу жайынан окутту. Нарк-насилдүү ата-эненин мээнеттүү

жолун жолдогон бир кызы сүрөтчүлүктү, бир уулу жазуучулукту туу тутkан республикага белгилүү инсандардан болушту.

Ырас, ал жарым кылымдык мугалимдик өмүрүн жаш муундарды тарбиялоого арнады. Демек, бүтүндөй бир райондун билим берүү системасынын өнүгүшүнө жеке салымын кошуп кетти десек болот. Анын темасынын ортосунда советтик-партиялык жооптуу кызматта да үзүрлүү эмгектенди. Адашкан Осмонкуловдун ак кызматы эл арасында эбак эле элдик мугалим түшүнүгүнө айланып кеткен. Мугалимге андан өткөн бакыт барбы? Канчалык бийик наамдарды ыйгарса да, ал элдин ишеним-макулдугуна дал келбесе кыйын нерсе го. Мезгилдин улуулугу, муундардын алмашуусу, жылдардын тогошуу кезеңинде да Адашкан педагогду, нарк-насилдүү карыяны райондун тургундары "агай" деп аташкандарынан танган жок. Ага улуу-кичүү аталган ар кайсы муундардын өкүлдөрүнүн: "Оо, Адашкан агайбы, ал окутпаган райондогу чоңдор жок го. Баарыбыз ошол кишиден окубадыкбы!"– деп айткандары күбө. Жибектей созулган оор басырыктуу, өзүн ар дайым карапайым жана жөнөкөй алып жүргөн, ошол кездеги кыргыздын нарк-нускалуу адамдарынын типтүү өкүлү болгон Адашкан агай каракулжалыктардын гана эмес, коңшу Өзгөн, Алай райондорунда дагы сый-урматка татып жүрдү. Ошон үчүн ал окуткан жана тарбиялаган окуучулары: "Он сегиз миң ааламдын он сегиз миң ачкычы болсо, бирөө сөзсүз ошо агай иштеген мектепте!" – деп сыймыктана айтышкандары да ошондон.

* * *

Ошентип, арадан жылдар тогошуп, мезгилдер алмашты. Көп жакшы өзгөрүүлөр болуп өттү.

Түш маалына туш келген саатта Турдубай карыянын үйүнүн жанына кире тарткан жеңил машина келип токтоду. Ичинен алибеттүү көрүнгөн эки адам түштү. Көчө боюнда ойноп жаткан балдардан "Турдубай Элебесов аганын үйү каерде?"– деп сурашты. Балдар издеген үйдү дароо көрсөтүп беришти. Эки адам үйгө салам айтып кирип келгенде Турдубай карыя Адашкан агай баштаган кошуна-колоңдору менен үйдө болчу. Себеби Орто Азия аскер округунда кызмат өтөгөн офицер уулу Сапарбай кезектеги эмгек өргүүсүн тоодон өткөрүп кечээ эле келген. Жөн келбей кийик артына келиптир, тоодон чоң салам ала келиптир. Тоо саламы – Турдубайдын үй-бүлөсү үчүн чоң кубаныч. Ошондуктан уулу атып келген кийикти айыл-апага ооз тийгизип, салам жолдогон адамга тымызын бата тилеп коелу дешкен. Төрдө отурган Турдубай карыя менен Айсулуу байбиче капыстан эле карпа-күрп кирип келген адамдын жүзүнө карап, жүрөктөрү болк эте түштү. Көргөн көздөрүнө ишенишпей бири-бирине карашты. Ортодо жымжырттык. Шаардыктарча саркеч кийингени таа-

ныштай көрүндү. "Мынчалык өңү жылуу, мынчалык окшош. Жылмайганы, кыймыл аракети, тике караган көз карашы Мундуздун жаш кезиндеги келбетин элестетти. Нак өзү, башка болушу мүмкүн эмес. Ал жаш кезинде так ушундай шыңга бойлуу, кара көз, сулуу жигит болчу" деп ойлоду, ар ким ичинен. Анғыча ошо жигит англис.тилинде сүйлөй баштады. Жанындагы котормочу жигит кыргызчага которуп берип жатты. Англисче сүйлөгөнү каада күтүп, кебин алыстан жай баштады, анткени сөздү алыстан баштабаса түшүнбөй калышабы деп кабатырланып тургаңы өңүнөн билинип турду.

– Урматтуу агайин-туугандар жана айымдар, мен Мундуз Тейлор деген доктор болом. Алыскы Америка жергесинен атайын келдим. Жашаган, иштеген жерим да Америкада. Менин айтканымды башкача түшүнүп калбаш үчүн сөздү алыстан баштоого уруксат этиңиздер. Анткени балакатка жетип, өзүмчө ой жүгүртө баштаган күндөн, менин турмушумда кандайдыр бир өзгөрүүлөр пайда боло баштады. Менин өзгөрүшүмө эч качан өз көзүм менен көрбөгөн, бирок түстүү гезиттерден, журналдардан, кино-телевизордон көрүнө калган көк тиреген тоолордун элеси чоң таасир калтырды десем болот. Анткени, бассам-турсам ак чокулуу тоолор көз алдыман кетпей койду. Айлар алмашып, жылдар жылмышып өткөн сайын кандайдыр кулак укпаган, көз көрбөгөн бийиктикти самай берчү адат таап алдым. Мени өзүнө тарткан, өзүнө арбаган тоолорду көргөн сайын кыялыма канат бүткөнсүп, өзүмү бир укмуш киши катары сезе баштадым. Өзүм Америка жеринде туулуп, балалыгым асман мелжиген көп кабаттуу үйлөрдүн арасында өтсө да, тоолор мага эзелтеден тааныштай, илгери-мурун көрүп жүргөн көрүнүштөй туюла берди. Анан калса кайда жүрбөйүн тоолордун мага карай көз ымдап, өзүнө чакыргандай түрү айламды алты кылды. Кемремети келишкен көк-жашыл тоолорду, мөңгү каптаган кыл чокулуу кырларды өңүмдө да, түшүмдө да көрүп жүрдүм. Тоолор чакырыгы – как жүрөгүмдүн толтосунан орун алып, бир өзгөчө кызыктыра-кытыгылай берди. Алар жөнүндө көп нерселерди билүүгө кызыктым. Күндүзү жетишпей калсам түн уйкуман безип, көптөгөн адабияттарды аңтардым. Чарчадым-арыдым дебедим, барбаган китепканаларым, барактабаган китептерим, сурабаган адамдарым калбады. Кыскасы, күн-түн тоолор менин жадымдан чыкпады, үйдө, иште болсун дайым аракетте болдум.

Ошентип жүрүп тоолор мени кантип арбап алганын өзүм да сезбей калыпмын. Көрсө, менин табиятымда, канымда тоолуктардын тоодой касиет-күчү бар тура. Ошол тоолуу өлкөнүн бир өкүлү экенимди шордуу жаным кеч болсо да түшүндүм. Аны апам айтпаса, мен кайдан билейин. Апамдын сөзүнөн кийин гана сөөгүм кыргыз, мекеним Ала Тоо экенине ынандым. Уккан эле күнү апамдан дарегин алдым. Кызыл

ай коому аркылуу виза ачтырып, ойлонбостон жөнөй бердим. Ошондо биротоло түшүндүм, мага окшогон сөөгү кыргыз адамдарды кайда болбойлу, кай жерде жүрбөйлү көзгө сүйкүм кыргыз тоолору өзүнө чакыра берээрин, акыры жолго чыгууга аргасыз кыларын. Акыры уктасам түшүмөн, ойлосом оюман кетпеген, жан дүйнөмдү аңтар-теңтер кылган тоолор чакырыгы тим жаткырбай, ушул жерге алып келди, – деп сөзүн бүтүрдү, бала Мундуз.

– О, балам, оо, бир тууганым, силерди көрөр көзүм бар экен, ээ?!– деп Турдубай карыя бала Мундузга кучагын жайды.

Айсулуу эне башынан суу айлантып чачты.

Жаңы туугандын сөзүнө муюшкандар дүргүй түштү. Жылуу кеп уккан кулактын кычуусун кандырды, көргөн көздүн карегин сергитти, жүрөк туйлатып көңүл эргитти. Мундузга куюп койгондой окшоштугу, сүйлөгөн сөзү менен ою, узун бою менен чымыр денеси, отуруп-турганына чейин төп келип турушу көбүн толкундантты. "Атама барам, аны сөзсүз издеп табам",– деп, алыстан ат арытып келген жаңы тууган, атасы Мундуздун мүшкүл ишке туш келгендиги, азаптуу тайкы тагдырга кабылгандыгы тууралуу таптакыр кабарсыз болчу. Кимиси болду экен дегендей тарызде, мээримин төгө кол сунган, кучагын жайган эркек-аялдар менен ыйлап-сыктап көрүшө берди.

– Ата, ата дейм, качан жөнөйбүз?!– деди токтоно албай жүрөгү элеп-желеп болгон Сапарбай шашкалактап. – Ата, бирдеме деңизчи?

– Иним, шашпа! Мындай иште жети өлчөп бир кеспесе болбойт,– деди Адашкан агай, ичинен боолголоп. – Бирок күтүүгө да болбойт. Ошондуктан тез аракеттенүү керек.

Атасы карбаластап калды. Дароо эле ооба, же жок деш кыйын. Туура чечим чыгарбаса жаңылып калышы ыктымал. Жаңылганы - ойрондолгону. Ары ойлонду, бери ойлонду. Акыры бир чечимге келди окшойт, башын көтөрүп, көкүрөгүн керди.

– Адашкан туура айтат, эми мындан ары күтүүгө болбойт, балам! Аракет кылуу керек. Бүгүн... Жок, азыр эле аттанабыз!– деди дене-бою толкуп. – Антпесек кудай бизди кечирбейт, ушунча күткөнүбүз деле жетишет,– деп баласын чакырды. – Ыя, Урмат, бери басчы. Тиги баатыр Муканды чакырып келчи. Эмдигиче келип калгандыр. А сен Айсулуу, эки күндүк азык камда. Улоо жетишет. Кашка күлүктү Мундузга арнайлы. Тоого мен, Сапарбай, досу Адашкан, анан уулу, бала Мундуз барат. Улуу жараткан өзү жол берсе, бу сапар баары жакшы бүтөт, үйбүлөбүз толук болот. Буюрса, иним Мундуздун иши ак экен.

Карыянын ийини сүлкүлдөп, бышактап жиберди. Ушуну эле күтүп тургансып соңунан аялы Айсулуу:

– Оо, жараткан, сага үнүбүз жеттиби?! Канча жыл башы азапта жүргөн "кичине баланы" көрөр күнүбүз бар экен, ээ! О, "кичине бала,

кайдасың?!– деп өңгүрөй үнүн созо кыйкырганда, уккан жан чыдап тура албады.

Көз жаштары жаак ылдый куюлган эски, жаңы тууган түгөл өңгүрөп кое берди. Бири-бирин кучактап, аалам аңтарылып кеткендей чурулдашкан кошуналарына түшүнө албай, аң-таң боло сырттан кирип келген баатыр Мукан, кимисин сооротоорун, кимисине кандай көңүл айтаарын билбей бушайман жеди. Качан гана абасын кучактап, көз жашын көл кылып ыйлап жаткан шаардык бала теңтушу Мундуздун уулу экендигин, эртең тоого атасын алып келүүгө аттанып жатканын билгенде, сакал-муруту сербеңдеген Мукандын чыдамы чыркырап, бала Мундузду кучактай өөп-жыттап, озондой кетти.

– О, бир боорум! Мундуздун нак өзү. Ат айланып казыгын табат деген ушу!

– Мукан, сен биздин көйгөйдү жакшы билесиң да, ошондуктан үй-бүлө менен кеңешип бир чечимге келдик. Ушу азыр төрттөөбүз тоого, Мундуз досуңа аттанганы турабыз. Улоодон жардам бербесең болбойт,– деди Турдубай өзүнчө шашкалактап.

– Турдубай аке, улоо силерден айлансын. Канча десеңиз, ошончо таап берем. Мени да топко коштуңарбы?– деди бети-башын жени менен сүртүп жатып.

– Сени кошкон жокпуз, эмне, сен да барат белең?

– Барбаганда не, барам эле. Өмүр бою ат үстүндө чоңойдум, аякбиягы үч-төрт күнгө кантип чыдабайын. Өзүмдүн азыгымды өзүм даярдайм,– деди топко кошпой коебу деген кыязда карбаластап. – Эч качан ашка жүк, башка жүк болбойм.

– Анда даярдан, мына жөнөгөнү жатабыз,– деп бакылдай унчукту Турдубай.

Көп жаңылыктын күбөсү болгон көпчүлүк топурап, кубангандарды куттукташты.

Ушул учурда сыртка дагы бир жеңил машина келип токтоду. Машинадан төрт киши түштү. Райондон келген коноктордун алдында келе жаткан мурдагы мамлекеттик коопсуздук комитетинин райондук бөлүмүнүн башчысы Тултемировдун чоң уулу, эби-сыны жок кудум алмурут кебетеленип ич байлаган Улугбекти көрүп Турдубайдын гана эмес, башкалардын да жүрөктөрү "шуу" дей түштү. "Булар эмнеге келди? Жөн келбей калсын булар. Жакшылыккабы, же жамандыккабы? Мына бу КГБешниктин былтыйган кара тору баласы таптакыр тойбос болду. Туулганда бир ирик, бир чанач кымыз, бир мүшөк жаңгак бергем. Үйлөнгөндө жылкысы менен жер-жемишин көтөргөм. Ошентип чейрек кылым өткөнчө ардеме сурап, биздин үй-бүлөнү ач кенедей соруп келди, райондук КГБнын начальниги подполковник Тултемиров. Ошондо да аларга жетишпеди, жыл бою кылган кылыктарын кыла бе-

ришти, каалаган саатта, каалаган мезгилде түндүктөн түшүп, каалаган нерсесин алып кете беришкенине көбү күбө" деген бир келген ой Турдубайдын көңүлүн иренжитип ийди. Алгач Тултемиров келгенде: "Мен сени каматам, түрмөдө чиритем. Айт, иниң Мундуз кай жерде жашынып жүрөт!– деп күпүлдөп келген. – Эгерде мен сураган нерсени берип турсаң, балким баарын унутуп коем",– дегенде, куйтуланып-коркутуп аткан немеге сураган малын, кымызы менен бир карын майын берип жаны калган. Ошентип уланып кетти, кызмат абалынан пайдаланган Тултемировдун салган "салыгы". Кийин районго чоң болуп келди. Ошондо Турдубайдан сураганын алып, кулкунуна куюп жүрдү. "Эгер азыр да бирдеме сурап келсе, таягым менен башын жара чабам. Кудай урсун, бу сапар тартынбайм",– деп күнгүрөнө-күдүктөнгөн арам ой, Турдубайдын башында чыңалып турду.

Ошенткен менен үйгө келген конокту ит кабат кылбай, каада күтүп, келгендер менен сыпайы учурашты. Ден-соолуктарын сурады. Топ баштап келген, кабагы кере карыш саландаган бети сыйда Улугбектин кайгысы тоодой өндөндү.

– Үйгө киргиле, даам ооз тийип чыккыла,– деп өтүнсө да кирбей коюшту.

– Турдубай аба, сизди атам үйгө келип кетсин деп суранып жатат,– деди араң жан.

– Балам, азыр мен силердин үйгө барганга кымындай чолом жок. Тоого жөнөгөнү жатам,– деди чечкиндүү. – Себеби үй-бүлөнүн бир мүчөсү ошол жакта эмеспи,– деди кысылып-кысталбай. – Андыктан бүгүн биздин үй-бүлөдө көп жылдар бою жүрөктү мыжыктырып, боорду эзип келген, чечилбестей көрүнгөн чоң чечимди кабыл алдык. Жараткан кудай өзү жол берсе, өчкөн жылдыздын жарыгы үйгө кайра тийеби деп турабыз,– деди каадасын келтире, салмактуу үн менен.

Калп айткан менен болобу, Улугбек менен келгендер айтылган сөздөргө көңүл деле бурушкан жок. Бирок, сөз ким жөнүндө болуп жатканын туюшту. Туйган менен анын баасы канчалык экенин айтып болбойт. Мурда кеп-сөзгө келбей күүгө келген буурадай опурулуп келип, сасоюшка деп короодон тандаганын алып кетип жүргөн Улугбек, бу сапар башкача. Көк жашыл туланда жуушаган козудай мемиреп, кайраты жана түшкөндөй. Сүйлөгөнү чалагайым, маанисиз.

– Турдубай аба, үйгө барып келсеңиз, атам чакырып жатат,– дей берди улам.

– Ой, бала! Сен эмне, менин айтканыма түшүнбөй калдыңбы? Силердин үйгө барышка бүгүн менин чолом тийбейт! Барсам эмки жумада барышым мүмкүн,– деди Турдубай айласыздан үнүн көтөрө сүйлөп. – Ага чейин эч кандай убактым жок. Кантип ушуга түшүнбөйсүң?! Же түшүнгүң жокпу? – деп жекире карады.

– Турдубай ага, мени кечирип коюңуз,– деди Тултемировдун кара чечекей иниси Абдыбек сөзгө аралашып. – Улугбек кичинесинен орус мектепте окубадыбы. Ошондуктан өз оюн жеткиликтүү түшүндүрө албай жатат. Иштин чоо-жайы мындай: агам Абдылда көптөн бери ооруп төшөктө. Агамы алып барбаган жерибиз, врачыбыз калбады. Ал тургай табып-олуяларга чейин кайрылдык. Ошол жактан келген күндөн сизди оозунан түшүрбөй жөөлүп калды. Бир жарым айдан бери өзүн билбей жатат. Эсине келгенде эле "Турдубай аганы чакыргыла. Мен анын алдында күнөөлүүмүн. Ошо киши мени кечирген күнү жаным тынч алат, аркы дүйнөгө кыйналбай кетем",– деп жөөлүүчү болгон. Кайрадан: "Чакырдыңарбы, келдиби? Эмнеге мага киргизбейсиңер, дароо киргизгиле! Мени эмне мынча кыйнайсыңар! Турдубай аке, кечире алсаңыз, мен акмакты кечирип коюңуз!"– деп кыйкыра баштайт. Алгач, биз буга маани деле берген эмеспиз. Күн өткөн сайын жөөлүгөнү күчөп, кайталай бергенден улам, кеч болсо да сизге баш уруп келдик. Урматтуу Турдубай аке, биз сизден суранабыз, биздин өтүнүчтү жок дебей барып бериңиз. Ооруган кишинин акыркы сөзү сизге багышталганы турат. Андыктан кудай жолунда жаткан адамдын акыркы суранычын аткарып коюңузду суранабыз, алтын убактыңызды аябай барып келиңиз. Сыртта машина күтүп турат, алып барып, кайра алып келип коебуз. Ары-бери болуп, бир саат убактыңыз кетет экен, жок дебеңиз,– деп жалынып ийди, көз жашын көлдөтө.

– Турдубай аба, ошентиңиз, биз менен барып келиңиз,– деди уулу Улугбек да жашып.

Окуянын мындай болуп кетишин түк ойлобогон Турдубай таң дана сакал-мурутун астейдил сылады. "Оо, жараткан, бар экениңе дагы бир жолу ынандым. Бүгүнтөн баштап буюрса, биздин үй-бүлөдө чон өзгөрүү болгону турат. Биздин каалоо-тилектерибизди кабыл алып, Мундузду кудай колдоп жатканын түшүнүүдөн артык эмне бар. Чечимибиз туура болуптур. Мундузга байланыштуу бир жаңылык айтат сыяктанып калды, анткени ошо деп бизди канча жыл ач кенедей соруп, биздин үй-бүлөнү кыйнап келбедиби" дегендей ойго алдырган Турдубай, өчкөн үмүтү кайра жангандай опколжуп алды.

– Мени да кечирип койгула, кубаттарым. Агандын ооруп төшөктө жатканын билбепмин. Айыгып кеткиси бардыр. Мындай учурда барбаса болобу, барайын, кудаа алдындагы сөзүн угайын. Сапарбай, сен мени менен кошо барып кел, бат эле келип калабыз. Келип эле абанды көздөй аттанып кетебиз. Кана, убакытты созбойлу. Урматтуу коноктор, эмесе баарыбыз машинага отуралы,– деди нан ооз тийип жаткан конокторго.

Бешкепе аты жоюлуп, Кара-Кулжа деген атка көчкөн райондун борборуна бат эле келишти. Сапарбай атасы Турдубайды машинадан

колтуктап түшүрдү, анан үйдү көздөй бет алышты. Тултемировдун бышык кирпичтен салдырган үйү ойдогудай бүтүптүр, короосу да кең көрүндү. Оорулуу таманы менен дубалдын эки бетине килем төшөлүпилинген конок бөлмөдө жатыптыр. Мурдагы сыйда жүзү жок, аябай арыктаган. Бет сөөктөрү оркоюп, өңү керсары тартып, көздөрү чанагына кирип кеткен. Олбурлуу боюнун эти эбак качып, аябай жүдөгөн. Эс-учун билбей бет келди уруна бергенден уламбы, уул-кыздары тегеректеп отурушуптур. Уулу Улугбек эңкейип:

– Ата, Турдубай карыя келди. Сүйлөшөсүзбү?– деп кулагына шыбырады.

Тултемиров көзүн ачты. Бет мандайындагы Турдубайды, ал тургай уулу Сапарбайды жазбай тааныды. Көздөрү кубанычтан жашылданып кетти. Ийини бүлкүлдөп, эчкирип ыйлап жибере турган болуп токтоду.

– Абдылда, кантип калдың? Жакшысыңбы?– деп сыпайы учурашты Турдубай.

– Турдубай аке, көрүп турасыз, көргөн күнүм курусун, ахыбалым оор,– деди кургаган оозун шилекейлеп. – Сапарбай экөөңүздөр келген турбайсыздарбы. Каада сактаган жакшы кишисиз, Турдубай аке. Ал эми токтоолугуңузга баа жетпейт,– деп оор үшкүрүп алды да, көзүн бек жуумп, кайра ачты. – Мен азыр... акылымы токтотуп алайын... Өлүмдөн башкасынын баары өзү келбейт тура...

Абдылда Тултемиров ошо убакта бир шумдуктай өзгөрүп кетти. Өлөр киши бой түзөйт болдубу, чанагына кирген көздөрүнөн өмүрдүн таттуу учкуну балбылдап жангандай өзүн жеңил сезди. Бети-башына кан жүгүрүп, заматта мурдагы өңүнө келе калгандай жарк этти. Ушунун баарын көрүп турган уул-кыздары, тууган-уруктары тобо деп жакаларын кармашты. Ушунун баары Турдубай акенин таасириби, же улуу жараткан пендесинин тулку боюна өмүр тамырын жүгүртүп, жашоо күнүн узартып жатабы деп аң-таң калышты.

– Өмүрдүн таттуулугун өлөрүндө билээрсиң дешет го элибизде. Анын сыңарындай мен өлөм, бирок жараткан мени тирилтет да, кайра жаңы дүйнөгө алып келет,– деди Тултемиров чечкиндүү кебин улап.– Бирок ошо дүйнөдө ак, адилет жашагым келет. Ар нерсенин адалы болгондой, арамы да болот эмеспи. Жараткан кудай бизге жеп-ичсин, өмүрү узарсын, уругу көбөйсүн деп өз ырыскыбызды кошо жаратыптыр. Анткени, бу дүйнөдө жашаган жандуунун баарынын ырыскысы – жараткандан деп айтылат го. Мына ушундан кийин гана адам баласы өз ырыскысын адал жол менен гана издеп табышына катуу ынандым. Себеби, ал өз пендесинин арам ырыскы менен азыктанышын жактырбайт экен. Ал бизге жер жүзүндөгү нерселердин адал менен тазаларын гана жегиле деп үйрөткөн тура. Ойлоп көрсөм, мен сиздин үй-бүлөгө тий-

ген ырыскы-насипти чейрек кылым бою талашып жеп, арам ырыскыга кол салып жүрүптүрмүн. Ошондуктан, сиз мени кечиришиңизди көптөн-көп өтүнөм. Ошондо жаным тынч алып, жараткан кудай күнөөмдү кечирип жибереби деген үмүтүм зор,– деп бышактап барып токтоду.

– Ал эми сиздин иниңиз Мундуз Кара-Кулжа өрөөнүндөгү мыкты жигиттерден болчу,– деди кайрадан сөзүн улап. – Насип буюрган эмес экен, тагдыры тайкы жолдо тырпырап калды. Чынын айтсам, анын өлүү, же тирүү экенин ушу азыр да билбейм. Бирок пенде экенбиз, кокон пешке салып, сиздин ырыскыны биздин үй-бүлө талашып жеди. Бирок бардык балээ иниңиздин жакын тенттушу Анарбай Жээнбековдо экенин эскертким келет. Ичине тануу айланбаган ошо күйту бала баарын уюштуруп, досун жок кылгысы келген. Анарбайдын түздөн-түз буйругу менен өтүгүнө Сталиндин сүрөтүн каттырган Чордон деген киши кийин болбогон жерден камалып, жети жыл абакта отуруп келди. Анарбайдын сөөгүн карга-кузгун талап, кудаадан жаман белги болду. Бирок кудаа кимге кандай өмүр тартуулады, аны убакыт өзү тараза-лайт. Ошо кооптуу жылдары облустан келген прокуратура менен сот кызматкерлери "Мундуз Элебесовдун аракетинде эч кандай кылмыштын орду жок. Козголгон кылмыш иши токтотулат, өзүн актоого жол берилет",– деп жазылган кагазы мына,– деп Тултемиров жаздыгынын астынан саргайган кагазды сууруп чыгып, Турдубайга сунду. – Ушу кагаз менде жыйырма беш жыл бою сакталып жүрдү. Эми, ал сиздики. Мундуз Элебесов капкачан акталган. Ээ, кудай, элге-журтка шерменде кылбай, пендеңи кечире көр. Сиздин, Мундуздун алдында күнөөм чоң. Мени кечириңиз,– деп жаш балача бүлкүлдөй кетти.

Калтыраган оорулуу Тултемировдун колунан, Турдубайдын калчылдаган колу кагазды абайлай алды. Мундузду актаган кагазды кошколдой кармап, кудаага тобо кылды. Муундары титиреп, буттары калтырай баштаган атасын зирек Сапарбай өз маалында байкап, колтуктай кармады.

– Ата, жакшы элесизби? Бул жерге келсеңиз,– деп сүйөй отургучка отургузду.

– Эчтеке болбоду балам, жакшы элемин,– деди көптө барып атасы.

– Турдубай аке, менин күнөөм тоодой. Ошо күнөөмдү сиз кечирсеңиз, кудаа кечирет деген ойдомун,– деди Тултемиров кайрадан сөзүн улантып. – Ошондуктан акыркы айла сизде. Биз уул-кыздарым менен кеңешип, эмелеки өзүңүз түшүп келген женил машинаны сизге тартуулап, документин сиздин атыңызга каттатып койдук. Менин кудай алдындагы суранычым, ошо белекти алып коюңуз. Ага сиз татыктуусуз,– деди ыктыта жөтөлүп,– жок дей көрбөңүз, агатай. – Тултемиров сумсая суранып турду.

– Алып коюңуз, Турдубай аба. Сизге буюруптур, сунган колду суутпаңыз.

– Турдубай аба, биз сизден көптөн көп өтүнөбүз. Атабыздын акыркы суранычын четке какпай, дагы бир сапар токтоолук кылыңыз, белегин алып коюңуз.

– Турдубай аба, бу биздин ак дилден сунган белегибиз, албасаңыз болбойт,– деп уул-кыздары менен тууган-уруктары туш-туштан жабалактай кыйкырышты.

– Макул, айланайындар, насип кудаадан түшсө бирдеме болоор,– деп сөзүн баштады Турдубай карыя. – Бу адамдын басып өткөн жолунда чоң-кичине дебей кудаанын амири менен баары тизмеленчү, жакшылыктары менен жамандыктары жазылган кийиз китеби болот дешет. Ошо китеп бейишке чыга тургандарга оң тарабынан, тозокко чыга тургандарга сол тарабынан берилет экен. Жараткан тараптан "Китебинди оку, бүгүн сага эсеп бергенге өз абийириң жетеби?"– деген суроо берилет тура. Сиздин абийириңиз таза экен, кеч болсо да адилеттикке баш койдуңуз. Кийиз китепте тизмеленген эсепке ишенсек, бу дүйнөдө сиздин жакшылыгыңыз менен жамандыгыңыз тартылган тараза таштын бар экендиги чын болсо, күнөөгө баткан өз абийириңизди өзүңүз соттоп, кудаа алдында күнөөгө батып турганыңыздын өзү кечирим берүү жолундагы – чоң олжо. Менин сизге эч кандай доом жок. Сиз карманып-тутунган терс мамилени, капкачан унутуп койгом. Мобу ак көз, кара көз туугандарыңыздын көзүнчө айтайын, мен сизди небак кечиргем. Бүгүн да айтам, мен сизди кудай алдында кечирдим. Кудаанын кулагы уганак да көрөрмөн, ал бардык жерде. Эгерде улуу жараткан менин кечирим сөзүмдү укkан болсо, тараза ташыңыз жакшылык тарапка ооду дей бериңиз. Мен сизге жакшылык гана каалайм, жаныңыз бейиште көрүнсүн! Сизге жараткан өзү ыраазы болсун!

– Мен сизге бу дүйнөдө ыраазымын, Турдубай аке! Абаңарга таазим кылгыла,– деп уул-кыздарына кайрылды.– Эми, мен кудаа жолуна чыга берсем болот,– деп жаны жай алган пенде коңурукту кош тартып уктап кетти.

Уул-кыздары менен тууган-уругу эки айдан бери жөөлүп, тынчтык бербеген оорулуу Тултемировдун жаны жыргай түшкөнүнө, жоош козудай мемиреп уктап кеткенине аябай кубанышты. Турдубай карыяга ийиле таазим этишти. Аземделип жасалган кыргыз чапаны менен саркеч калпактарын үстөкө-бостоk кийгизе баштады. Бирок, алар канчалык өтүнгөн менен тамакка күтпөй, нан ооз тийгенге гана араң кармалып, жолго чыгышты.

Турдубай менен Сапарбай үйгө келип түшкөндө бастырмада беш ат байланып, даяр туруптур. Көзү чоң эки кызыл куржун азык-түлүккө жык толуп, астанада тирелип турган экен. Тиги экөөнү узатып келген

Улугбек менен Абдыбек баары менен жылуу коштошуп, тамакка күтпөй жөнөй беришти. Адамдарды таң калтырып, жапжаңы кызыл "Жигули" жеңил машинасы короодо калып кетти.

– Ээ, ботом, машинасын таштап кеткени эмнеси? Ушундай да жорук болобу?– деди Турдубай карыянын аялы Айсулуу чурулдай ээк кагып. – Ээ, Сапаш, тигилерди айтчы ботом, кайрылып келип, машинасын алып кетсин. Чоң эле буюмду унутуп калышканы эмнеси? – деп чебелектеп жиберди.

Турдубай менен Сапарбай үн катпады. Мелтиреп бири Мундузду актаган кагазды, экинчиси Турдубай карыянын наамындагы машинанын документин кармап шалдырап турду. Мындай табышмактуу көрүнүш кызыга карап тургандардын бүйрүсүнө от коюп жибергендей болду. Көп өтпөй, ошо кызык көрүнүш туш тараптан агылып келген эркек-тана, катын-калач, бала-бакыраны чогултуп жиберди. Баарынын көз айырбай караганы да, кызыкканы да Турдубай карыя менен уулу Сапарбайдын колундагы табышмактуу кагаз. Ал кагазда кандай нерсе жазылганын чогулгандардын эч бири билбейт эле. Айсулуу байбичеинин чебелектөөсүнөн кийин гана документти колмо кол өткөрүп, чын-төгүнүнө жетишти. Кайра-кайра бири экинчисин артыла кучактап, сүйүнгөндөн көздөрүнө жаш алышты.

VII

Жакшылык-жамандыкка ыйлап көнгөн тоолук кыргыз, ушинтип кудаанын дагы бир сонун күнүн башынан кечирди. Бу жалган дүйнөдө, баарын орду-ордуна коюп, ашык-кемине карап үлөштүргөн, жөнгө салып тура турган керемет зор күч бар экендигине, адамдар бу жолу да чындап ишенди. Ал улуу жараткандын өзү экендигине ынанышкан жана ага ишеним артышкан баатыр Мукан, эки районго атагы чыккан Адашкан агай, иниси Сапарбай жана бала Мундуз күз айынын кечки салкынында аска-зоодо байырлаган киши кийиктин амандыгын тилеп, чогулган эли-журттан бата алып, тоого аттанып кетишти. Кубанычтан сыркоолоп калган Турдубай калып калды. Бала Мундуз менен келген котормочу балага сарпай кийгизип, райондун борборуна дейре узатып коюшту.

Кашка күлүктү жетелеген төрт атчан: "Эки иштен бир иш, бала Мундуздун сураныч аткаралы",– деп жолдон райондун борборундагы сүйлөшүү түйүнүнө бурулушту. Бала Мундузга Америкадагы апасы менен сүйлөшүүгө шарт түзүп беришти. Ал жарым сааттан ашыкча сүйлөштү. Аяктан бети-башы кызарып, көздөрү жашылданып чыкты. Аптыга англис тилинде түшүнүксүз бирдемелерди чулдурады.

Сапарбайдын айтуусу боюнча апасынын визасы жакындап калыптыр. Виза колго тийер замат жөнөйм, жолго чыкканда телеграмма жөнөтөм дептир.

Адашкан агай менен жылкычы Мукан:

– Бу жакшы жаңылык. Кудай биздин тилегибизди кабылдаптыр. Буюрса, жакында биздин айылда чоң той болот экен,– дешти сүйүнүшкөн экөө.

Бала Мундуз менен Сапарбай дарыканадан дары-дармек, ийне-спиртине чейин мол алышты. Мына ошондон кийин гана атчандар сапарын андан ары улашты.

Ошол күнү "Мундуз тирүү экен. Ушул убакытка чейин тоодо жапайы өмүр кечирип келиптир. Америкадан баласы келип туугандарын топтоп, атасын алып келүүгө кетиптир. Жыйырма беш жыл жападан жалгыз ак кар, көк музда, тоо арасында жашоо оңойбу?! Дагы Мундуз чыдамкайлыгынан, мээнеткечтигинен өзүн кармап жүрүптүр. Буюрса, бир жуманын ичинде тоого сапар алгандар айылда болуп калышат. Бийлик аны небак эле актаган экен. Актаган кагазын мурдагы райондук КГБнын начальниги Тултемиров чейрек кылым жанына катып жүрүп, өз кызыкчылыгын көрүп жүрө бериптир. Качан гана катуу ооруп калып, өлүм алдында жатканда гана кечирим сурап, акталган кагазын агасына бериптир. Материалдык жана моралдык чыгымы үчүн жапжаңы "Жигули" автомашинасын тартуу кылыптыр. Төрт адам Мундузду алып келгени тоого кетишиптир",– деген каңшаар кеп, эл аралап кетти. Укканга керемет жаңылыктай туюлду. Бу кулак сүйүнткөн керемет жаңылык тагдырдын жазмышы, же кудаанын буйругу менен болдубу, айтор, аны жакшылыкка жорушту, көпчүлүк жол карап калды.

Бирок неге ал тоодо жапайы өмүр кечирип, бийликтен эмне үчүн качып жүргөнүнө кийинки муундун өкүлдөрүнүн акылы жетпеди. Колхозчуларга буудайды ашыкча таратып, мамлекетке көп чыгым кылгандыгы, улуу Сталиндин сүрөтүн өтүгүнүн таманына салып жүргөндүгү, НКВДнын кызматкерлерин уруп, жолдон качып кеткендиги үчүн эле чейрек кылым эл-журттан жашырынып жүргөнүнө айраң таң калышты. Ал заманды көргөн улуу муундун өкүлдөрү түшүнүп-билип турса да, кийинки жаш муундун өкүлдөрүнө таптакыр түшүнүксүз эле. Түшүнүү үчүн ошо доордун ысыгына күйүп, суугуна тоңуп, ошо замандын күнү менен жашоо керек болчу. Арийне, тарыхтын парасын кайра артка айланта албаган сыңары, ошо замандын өөдө-ылдый саясатын биркиси күндүн аралыгында кадырман журттун калың катмарына жеткирүү абдан кыйын эле.

Анткени, Улуу Ата Мекендик согуш жылдар өтө катаал болгонун, кийинки жаш муундун эч кимиси таназар албады. Ошо жылдары жамандыгына алса эки ууч кызыл дан уурдагандыгы үчүн жети жылга

камалып кетээри бирөөнүн да оюна келбеди. Камалып кеткен адамдардын кайтып келиши сейрек учураган. Мындай көрүнүш совет жергесинин баардык жерине мүнөздүү болгон. Ошондой замандын катаалдыгынан, тартип менен мыйзамдын катуулугунан жексур фашисттерге туруштук берип, экинчи дүйнөлүк согушта жеңүүчү аталды, советтик эл. Өз тарыхын, ата салтын, тандаган жолун сактап калды. Бирок убакыт бир орунда кармалып турбайт экен, зымырык куштай көзгө илешпей учту. Жашоо доору алмашты. Ошого жараша адамдардын кулк-мүнөзү, коомго болгон көз карашы түп-тамырынан өзгөрдү. Ошон үчүн кийинки жаш муундун өкүлдөрү өткөн тарыхтагы болор-болбос нерседей сезилген өөдө-төмөн кыйчалыштарга мурдун чүйрүгөндөрү ошондон. Замандын өзгөргөнү ушу эмеспи. Арийне, бу жалган дүйнөдө ошо болоор-болбос нерсенин болбошу да шарт экендигин алар аңдашкан жок.

Төрт атчан түнү менен жол жүрүп, таң агарып атканда чоң Көк-Жарга барып өргүү алышты. Аттарын отко коюп, өзөк жалгашты. Капчыгай ичи салкын тартып, күздүн карандай суугу өз өкүмүн сүрө баштаган. Бала Мундуз камчы салдырбай кең арыштап бараткан кашка күлүктү өз оюна койду. Себеби ат үстүндө терең ойго чөмүлүп баратканын ага, бирде кагаз бетинен, бирде түшүндө көрүп жүргөн көк тиреген тоолордун кучагында термелип баратканы укмуштуудай сезилди. Ал бала болуп, башына түк чыкканы мындай керемет тоолордун кучагында болгон эмес. Алыстан энсеп келген күмүш чокулуу тоолордун улуу демине, сыйкыры күч сүйкүмүнө жетине албай, күз айынын ичиркенкен суугунан кере-кере дем ала өзүн чексиз бактылуу сезди. "Чыныңда тоолор укмуштуудай керемет экен. Мындай жерде жашагандардын көңүлдөрү сергек, жан дүйнөлөрү ачык, жашоолору куунак болушу керек. Эгер жаз же жай айлары болсо тоолор мындан да керемет көрүнөр. Кыйналганынды сездирбей, айыктыруучу касиет-күчкө эгедер таза абасын кара, ажайып кооз тоолордун" дегендей ой жүгүртүп, кубанычы койнуна сыйбай келатты.

Ошон үчүн туулгандан атка минип эмес, жакындан чылбырын кармап көрбөгөн бала Мундуз канчалык кыйналса да билдирген жок. Көп ирет ээрден кулап түшө жаздады. Ошондо да чыдады. Ээрдин кашын бек кармап, тиштенип келе берди. Тигилер улам "Кандайсын, кыйналган жоксуңбу?"– деп сурап коюшат. Кыргызча таптакыр түшүнбөсө да боолгоп билип атты. Ошондуктан, ал караңгыда ачуусун тиши не катып, "О'кей!"– деген гана жоопту айтып келе берди. Чоң Көк-Жарга жеткенче, ага абдан эле кыйындай туюлду. Жалама аска, тар кыялуу зоока Узун-Кыяга жеткенде Адашкан агай менен баатыр Мукан анын көзүн таңып, өзүн ооп кетсе да түшпөгүдөй кылып колу-бутунан ээрге бек байлап, ээрдин кашын карматып коюшту.

– Балам, коркпо, кыймылдабай отур. Бул ат, бу жолду далай баскан. Өзү билет, жалама зоокада кандай басышты. Жаман эчтемени ойлобой бастыра бер! Баары о'кей болот,– деди Адашкан агай.

Ошентти да бала Мундуздун тагдырын, жылкы пирине – атасы Мундузга деп арнаган кашка күлүккө тапшырышты. Кудайлаган төрт атчан жалама аскадагы билинер-билинбес кыя жолдон эсен-соо өттү. Зоока жылдыйлай күрпүлдөгөн тоо дарыясынан кечтирип, Апактын белине жармашканда бала Мундуздун көзүнүн таңуусун алып, колу-бутун чечип жибериштн. Эмнеге таңып койгонуна таң кала карады, жаңы тууган.

– Балам, биз азыр эле ушу зооканы басып өттүк,– деди капыстан жылкычы Мукан.

Бала Мундуз жалама асканы бир карап алып, көргөн көзүнө ишенбей аттан ооп түштү. Агасы Сапарбай аттан чапчаң түшүп, иниси бала Мундуздун башын жөлөдү.

– Иэх, Мукан какылдак, дайым ушундайсың, ишти бузасың да турасың! Сенден ким суранды айт деп. Ушу кылыгың үчүн сени элеби?!– деп бакылдап ийди Адашкан.

– Ой, мен эмне жамандык кылдым. Болгону бала Мундузга жалама зооканы гана көрсөтүп койдум,– деп кызандай кетти.

– Сен көрсөтпөшүң керек болчу. Түз жерде жүргөн бала жалама аскадагы кыя жолду көргөндө коркуп кетти. Мына ошон үчүн кашка күлүккө таңып коелу дедим. Канча жыл жылкы башында жүрүп, баатыр болгонуң менен ушу ыкманы билбегениң жаман экен,– деди Адашкан агай теңтушун катуу жеринен чымчып.

– Ошондой де. Чынын айтсам оюма да келбептир. Кечир мени Адашкан,– деди баатыр жылкычы. – Ушинтип ара-чолодо америкалыктар келип турса билип калмакмын.

– Ошо билбегендигиң үчүн кечирдим. Эгер тиги жерде ылдый карай коем деп башы айланып ооп түшсө, көргөн күнүбүз не болот эле? Элге-журтка катуу шерменде болмокбуз. Чынбы?!– деп күпүлдөп барып, кайра жумшара түштү өндөнөт,– Адамдын психологиясын билүү сага деле оордук кылбайт. Кээ-кээде мага келип жүрсөң, ошо илимден сабак берип турайын,– деди таарынып калган теңтушуна азил-чыны аралаш.

– Бисихологияңы ит билсинби, мен деле сага каршы чыккан жокмун го,– деди актана.

– Каршы чыкканда, камчы менен келиштире тартмакмын, эчтеме түшүнбөгөн баатыр жылкычыны. Шондо акылына келет элең да, өзүң жөрмөлөп жүрүп кызмат кылмаксың,– деди теңтушу кайрадан тийише сүйлөп.

– Эми эмне кылабыз? Айтчы, кыйын экенсиң?– деп теңтушуна суроо салды Мукан.

– Эмне кылмак элен, бала Мундузду апапта, анан айланып өтчү жолду эсте,– деди.

– Жалама асканы айланып өтчү жолду билем. Бирок жарым күн уттуруп коебуз.

– Жарым эмес, эки күндү жоготсок да кайтканда күнгөй тарап менен кайтабыз. Кудай сактанганды сактайт, антпесек, бөөдө кырсыкка кабылабыз. Бүгүнкү күнү бизге эч кандай кырсыктын зарылдыгы жок. Туурабы, жолдоштор?!– деди Адашкан агай баарын сыдыра карап.

– Туура!– дешти баатыр Мукан менен Сапарбай.

Агайдын айтканын макул көрүштү. Сапарбай бала Мундуз аттан ооп түшкөндө эле жетип келген. Эми ага карбаластаган экөө кошулду. Бетине суу чачып жатып, эсине келтиришти. Бала Мундуз эсине келип, өөдө турду. Бою-башын түзөп, этек-жеңин кагынды да кечирим сурап ийди. Жалама аскадан чочуп кеттиби же жаны көзүнө көрүнө түштүбү, чулдурап көп нерселерди айтып жиберди. Аскер окуу жайында англис тилинин курсун бүткөн Сапарбай түшүнүүгө аракет кылды. Адашкан агай менен баатыр жылкычы көздөрүн алайтып:

– Кана, Сапаш, сен бирдеме түшүндүңбү? Түшүнгөн болсоң, бизге айтып берчи, бай болгур,– дешти.

– Атам мынча алыс жашынган? Эл-журтка жакын жерге бекинсе болбойт беле?– дегендей кыжалат ойду айтып жатат,– деди Сапарбай кыска гана.

– Кана, кимибиз жооп беребиз? А балким, Мукан сен жооп берип жүрбө?– деди Адашкан агай тентушун сынай карап. – Кана, Муке, бирдеме дей сал,– деп мулуя карады.

– Адашкан, сокурду жарга такагандай кылып, мени шылдың кылба. Мен жооп бере албайм. Мындайда сенден өтөр киши жок. Өзүң бирдеме де,– деди Мукан ишеним арта.

– Сапарбай, анда сен жаңы тууганыбызга жакшылап түшүндүрүп кой,– деди Адашкан агай олку-солку болбой дароо. – Кыргыз качса ушинтип катуу качат, жашынса бекем жашынат! Бирок урушса жоосун тайманбай качырган, кылымдар бою катылгандын катыгын берип жеңип келген. Мекен үчүн жанын аябаган, конок келсе акыркысын бөлүшкөн, козголсо, катуу козголгон улут. Ошондуктан байыртадан "Кыргыз козголсо, кылым козголот!" деген сөз бар. А биздин Мундуз тентуш, ошо улуттун өкүлү! Ал ным, көк жыттанган жертөлө, кой сарайларда жашынып, өз кадыр-баркын түшүргүсү келбеди. Анын чабыты – кудаанын бейиши болгон улуу тоолордун кучагы эле. Мундуз куу тагдырдын азабынан тозогуна чыдады. Мына ошо улуу тоолордун кучагында эркин жүргөндү жактырган, анын касиет-күчүнө ишеним арткан кыргыз. Кайгыга батып турса да, жүрөгү жарыла кубанса да тоону тирек туткан, кудайындай урматтаган адам. Ал өзүн тоосуз элестете албайт, тоосун көрүп турбаса

жалгызсырап калат. Анткени кыргыз бу дүйнөгө тоо болуп келип, тоо болуп кетет. Ал ак чокулуу Ала-Тоосун карап турбаса курсагы ачат, сага батат, руху бөксөрөт. Ошон үчүн кыргызды тоолор дайыма өзүнө чакырып турат. Экөөнү бири-бирисиз элестетүү кыйын. Себеби алар бири-бирине жөлөк, бири-бирине күч-кубат. Мундуз ошо тоодой сапаткa ээ, жоопкерчилиги чоң адам, эч кандай кылмыш кылбагандыгын билет. Ал дооруна жараша чагымчылык, саткындык, көрө албастык эркүчтүүнү да сындырып, камыр ийлегендей жалпайтып турган заманда жашаган. Анын күнөөсү данды колхозчуларга нормасынан ашыкча таратканы, эмгеги менен сыйлаганы. Тоют топтоодо, мал багууда, арык казууда, талаа жумушунда көрүнгөн алдыңкы колхозчуларды буудай бышканда кур жалак калтыргысы келген эмес. Ар кимге эмгегине жараша сый үлөштүргөн. Кийин бу жагынан акталды. Өтүгүнө Улуу Сталиндин сүрөтүн патек кылып жүргөнү карандай жалган! Биз кан кечип, согуш көрүп калган ардагерлер эч качан андай ыплас иштерге барбайбыз. Биз үчүн жолдош Сталин улуу бойдон калат. Анын согушта сиңирген эмгеги баа жеткис. Советтик түзүлүштү ат араба айдаган коомдон, атомдук доорго чейин жеткирген да ошо. Анын адамзатты фашисттик кулчулуктан бошотуудагы эмгеги баа жеткис. Ал болбосо, ал тутунган кайрат болбосо, ал өз Ата журтун эбегейсиз сүйгөндөй мекенчил болбосо советтик түзүлүштү сактап калат беле? Жок. Ошондуктан ал дүйнөлүк деңгээлдеги зор инсан. Анан кантип биз мекенди жан дилибиз менен сүйгөн согуш ардагерлери жогорудагыдай ыплас ишке барат элек. Ал эми өтүгүнө ошо балээ баскан сүрөттү НКВДнын кызматкери Анарбайдын шайтан тили менен салган Чордон деген акмак өзү көп өтпөй жок жерден камалып кетти. Бул жерде да акталды. Ал эми өз керт башы үчүн ата-энесин курмандыкка чалган, саткын Анарбай Жээнбеков сыяктуулардын тумшугун кандатуу гана эмес, таптакыр жок кылып жиберсе дагы Мундузду кудай кечирмек. Бул жерден да акталды. Бирок ошо акталган кагазды учурунда көрсөтпөй, чейрек кылым Турдубай аяш акенин ырыскысын талашып жеп келген подполковник Тултемиров төшөккө жөнөле жатып калган жок. Ал да жогортон түшкөн белги. Эртеби-кечби бир күнү арам тамак, арам ойлуу пенде өз жазасын албай койбойт. Анткени ар биздин мандайыбызга жазылган тагдыр бар. Ошо тагдырдын ташпиши эртеби-кечби сөзсүз баарын өз ордуна коёт, өз энчисин берет. Ошондуктан адам деген атты бийик туталы, ар дайым адам болуп өтөлү. Бир көз ирмемчелик жыргал үчүн адам деген бийик атыбызды булгабайлы да, жаман көрсөтпөйлү,– деди чечиле сүйлөп.

– Агай, керемет сөз болду, түзеле жүрөккө жетти!– деди Сапарбай ыраазы боло.

– Ой, Адашкан, мыкты сүйлөдүң. Ырakмат сага! Сендей сүйлөй алмак эмесмин,– деди Мукан алкай. – Негизгиси бала Мундуз сени

түшүндү. Мындан өткөн сый болобу. Уятына чыдабай өзү аттанганы турат. Кантсе да кыргыздын каны бар эмеспи. Эми жаңы тууганды күтүрбөй аттаналы,– деди сурангандай.

– Аттаналы,– деди агай, теңтушунун сөзүн коштой. – Муздак-Булакка жеткенде эс алабыз, аттарды тыныктырабыз,– деп жолго камынды.

– Сиз айткандай болот, эми ырдап кете беребиз,– деди Сапарбай кубана.

Баары эми өз жолуна түшкөндөй, баары түшүнүктүү болгондой туюлду. Сапарбай түшүндүрөм деп далалат деле кылган жок. Тек гана ой басып, тамеки түтөттү. Кызарып-татарып кеткен бала Мундуз дилин ачты. Жыла басып келип Адашкан агайды сыга кучактады. Анан кезек Мукан менен Сапарбайга жетти. Ийиле таазим этти да, атына тырмышып жатып минип алды. Бозоргон жүзү тамылжый, тизгин тартты.

– Кана, жаңы тууган дар, мен даярмын. Жолубузду улайлы. Мен бир нерсени жакшы түшүндүм: ар дайым адам болуу керек экен. Атам ошо касиетти туу туткан тура. Анан кантип адам болуу касиетин туу туткан атам менен сыймыктанбай тура алам. Мен атам менен сыймыктанам, анын жашоо абийири таза экендигине көзүм жетти. Ал жөнүндө апам түнү бою чарчабай кеп салып берчү. Бөтөнчө жаралган жан эле, жоокерлерден генералдарга чейин урматтап сыйлап турчу деп айтчу. Мен элими, журтуму, атамы таптым! Эми андан эч качан ажырабаймын. Мекен менен ата – эгиз, уул менен ата – журт. Мен ошо журтуман ажырап, бозоруп калбайын, тукумуму улайын деп келдим. Ага сиздер жөлөк-таяк болуп жатасыздар. Силерге ыракмат. Жакында апам менен атамдын үйлөнүү тоюн тойлойбуз. Анткени, алар үйлөнүү тилегине жетпей, канкор желдеттердин, көп байлыкты күсөгөн куйту-саткындардын курмандыгы болушкан. Эми биздин жылдызыбыз жанат, себебиз кудаа деген пенделерденбиз. А кудай өзүн сүйгөндөрдү катуу урматтайт эмеспи!

– Ыя, Адашкан, сен бирдеме түшүндүңбү? Мен түшүнбөдүм. Бу тууганыбыз бир топ эле нерселерди айтып койду окшойт,– деди баатыр Мукан жүлжүйө карап. – А сенчи?– деп Сапарбайга жалдырай бурулду.

– Сенден айырмаланып мен түшүндүм, эң жакшы түшүндүм! – деди Адашкан агай көкүрөгү толо. – Мындай бала менен алыска барабыз. Атага күйгөндүгү, мекенди сыйлагандыгы, жараткан кудааны оозго алгандыгы күйгөн көздөрүнөн, сүйлөгөн сөздөрүнөн, дегдеген ойлорунан, жасаган кыймылынан көрүнүп турат.

– Эң туура. Тимеле түндүктөн түшкөндөй таамай айттыңыз, агай,– деди Сапарбай. – Эмне, сиз англис тилин да билесизби? – деп таң кала сурады, бир убактагы окуучусу.

– Зарылдыгы келсе ивритче, же англис тилинде түш жоруйбуз,– деп карс-карс тамашалай күлдү агай. – Бу жөнеле тамаша, а чыны, ага биз турмуштан үйрөндүк. Ал үчүн биз жашаган доордо жашап, биз көргөн азапты көрүп, биз жеңген согушта кан кечип, адам болуп жашоо керек,– деди оор улутуна.

– А, ооба, ооба. Мени кечирип коюңуз, агай. Мен сизге түшүндүм. Мындай нерсеге турмушка каныккан гана адам түшүнөт эмеспи,– деп шашып кетти Сапарбай. – Агай, уруксат болсо жөнөйлү, күн кечтеп кетпесин! – деди какая калып.

– Уруксат, иним. Жол башта, колуңдан келсе кыргыздын мукам обондорунан соз!

– Кантип колумдан келбесин, келет, агай! – Сапарбай шымалана жайданган алды.

– Анда ырыңды башта, иним! Ушундай башта,– Адашкан агай муштумун түйүп, сүрдүү айтты, – тимеле, ушул жерден Мундузга угула турган кылып ырда. Ал байкуш, көптөн бери кыргыз ырларын укпай, аябай сагынган болуу керек. Ошо сен ырдаган ырлардан биздин сагынып келе жатканыбызды туйсун. Булар кимдер эле деп бизден чочулабай, кайра кубанып, калпагын көккө ыргытып тосуп ала турган болсун! Түшүндүңбү, иним?! – деди агай тоонун таза абасынан кере жутуп.

– Түшүндүм, агай! Анда баштайын,– деп күттүрбөй Атайдын обонуна салды.

Жайдын бир гана толук аай, кезинде ай,
Адырлуу гана тоонун ай, бетинде,
Сан гүлдөн тандап бирди үзгөн ай,
Жайдары гана селки аа-ай, эсимде.

Өзүмдү гана сага берем деп, ай,
Өмүрдүн гана гүлүн ай, терем деп.
Сүйлөшкөн күндөр эсимде, ай,
Турмуштун гана сыры ай, тереңден.

Ушуга окшогон махабат ырларын созолонтуп жибергенде кыргыздын мукам обондору көкүрөк жарып, көккө кайып, капчыгай ичи бир өзгөчө шаңга бөлөнө түштү.

Бу Сапарбай үчүн көнүгүү гана болгон экен. Эртеси Муз-Төргө жетип барып, Мундуздун "Кан Ордо" деп аталган жатак-үңкүрүнө жакындай баштаган кезде жүрөк толкута ырдаган ырлары көк тиреген бийик тоолорду ансайын жаңыртып, көңүл кушун көкөлөтө-терметип, ааламга мээрим чачып тургандай болду. Бала Мундуз мынчалык жүрөгү жарыла кубанган эмес. Кыргыз обондору жүрөгүнүн толтосунан өтүп,

бүт ааламга тарагансып атты. Тоолор чакырыгынын маани-маңызы так ушул жерде өз шаанисине жетти, кайталангыс кереметине айланды.

Анын үнүн баары укту. Мундуз да укту. Кантип укпай койсун? Бүт дити батыштагы ичке жалгыз аяк жол аркылуу келчү жаман-жакшы жаңылыктарда болсо, кантип укпай кое алат. Укту. Укту да сактыкка кордук жок деп, ошол замат үңкүр-жатагынан атып чыкты. Боортоктоп жылып келип, урчуктуу таш артынан көз салды. Жолдон далайга дейре көзүн алган жок. Ошо саатта өз көзүнө ишенип да, ишенбей да турду. Бир ат жетелеген төрт атчан туура эле анын жатак-үңкүрүн көздөй келе жатканын көрүп жүрөгү "шуу" дей түштү. Не кылар айласын таппай, дендароо отура калды. Опколжуган жүрөгү мурда болуп көрбөгөндөй жаман-жакшы ойлорго кептелди.

"Бу кеч күздөгү төрт атчандын ыкчам кыймылы, тоолордун тынчтыгын алган шайдоот жүрүшү жакшылыккабы, же жамандыккабы?! Кандай максат менен келе жатышат? Эмне билгендери бар?" деген ойго чөмүлдү. Анан эчтемеден шек туудурбаган төрт атчандын катуу жүрүшүн ичинен жакшылыкка жоруп койду. Себеби биринчиден,- жамандык ойлогон жоо болсо, обон созуп тоо-ташты жарып ырдамак эмес, камынтпай капылеттен басмак да, каалаган максатына жетмек. Экинчиден, түз эле бул жакка багыт алганына караганда илгери-мурда келип-кетип жүргөн тааныштардан деп ойлоду. Үчүнчүдөн, ырдаган адам анын кара чечекей иниси Сапарбайдын үнү экендигин жазбай билди. Төртүнчүдөн, бу тоо-ташты жаңырткан атчандар жүрүшүнүн "Уксаң-көрсөң тез арада из жашыр, же бизден чочулаба!" дегендей белги болуп жүрбөсүн деген да ойдо болду. Ошондуктан эмнеси болсо да "Астейдил көз салайын, анан бирдеме болор? Жаңылууга акым жок, ага жол бербеш керек. Жаңылдың – өлдүң! – деген кыязда акыл токтотуп, шашпай көзү-башын ушалады. – Жакшылыкка болгой эле. Оо, жараткан, жакшылыкка жорусаң, көп белгиңдин бирөөсүн көргөз! Кана, биссмиллда!"– деп кайрадан көзүн ушалап, чоң-чоң ачты. Демин ичине тартып, бүт дитин келаткан атчандарга бурду.

Бул убакта атчандар тоо суусун кечип өтүп, кыя жолго жабышып калган. Балык жондонгон кырга чыкты дегиче жетип келээри анык. Күз айынын салкын, таза абасында жаңырган кыргыз обондору эмес, адамдардын өз ара сүйлөшкөн кобур үндөрү кулакка даана угулуп, ортодогу аралык жакындагандан жакындай берди. Сагызгандай сак Мундуз канчалык үңүлө караган сайын, ошончолук мууну бошошуп, каканактаган көздөрүнөн ачуу жаш сызылып акты. Ошондонбу бет алдындагы мейкин мунарык карекке илээшпей тунара түшкөнсүдү. Качан өз кулагы менен угуп, өз көзү менен көрүп, биротоло аныгына жеткенде чымырдагы бир кичине тоо чокусу пайда болгондой болду.

Көз алдына текирең таскак салып шайдоот келаткан төрт атчандын кебете-кешпири даана тартылды. Ал тургай аларга түкшүмөлдөй көз багып, бир убакта көргөн жылуу өндөрүн окшоштура тааный баштады. Алдыда Сапарбай иниси топ баштап келатты. Артынан өңү кубакай бейтааныш жигит, соңунан Адашкан теңтушун, анан ат жетеleген Мукан жылкычыны даана тааныды. Баарынын жүздөрүндө кубаныч жышааны. Калдайып көрүнгөн Мундуз сүйүнгөндөн кол булгалап ийди. Ошондо гана бет мандайдагы кичине чокуга көз кырын салган атчандар:

– Бул болду болбоду Мундуз! – дешти, кубангандан жүрөктөрү элеп-желеп болгон туугандар. Анан баары сүйлөшүп алгандай:

– Мун-дууз! Мун-дууз, биз жакшы санаалаштарың келе жатабыз! Бизден чочуба! Бизди тосуп ал! – деп кыйкыра чаап жөнөштү.

VI

Бир жарым күн жол жүрүп, көздөгөн жерине, ойлогон максаттарына жетишкен төрт атчан ашуунун белине чыгышты. Канча жылдан бери көрүшпөй, арзып келген адамы Мундуз менен учураша турган болуп кучак жайып келатканда өз үйүндө, өз уул-кыздары менен тууган-урукта-рынын алдында жатып, кийинки эки күндө колу-буту кичине жазылып, өңүнө кызыл жүгүрүп калган райондук КГБнын мурдагы начальниги Тултемировдун жаны үзүлүп кетти. Туугандары дүйнө аңтарылып түш-көндөй ызы-чуу түштү. Бирөө атасын таап так секире кубанса, экинчиси атасынан айрылып орду толгус кайгыга батты. Баары чогулуп сүйүктүү адамынын жанын сурап келген ажалдын жолун тосуп алалбаган сыңары, айрым кишилер бирөөнүн кадыр-баркына шек келтирип канчалык ага жамандык каалашпасын, кудай, жанын албады. Кайра чыдамдуу, жемиштүү кылды. Ушинтип, "Ар ким пешенеге жазганын көрөт" деген улуу жараткандын төлгөсү дагы төп келди. Ошол күнү тоолуктардын катары бир адамга суюлуп, аза күткөндөрдүн көңүлүн чөгөртсө, кайрадан бир нече адамдар менен толукталганы жатканы кубандырды.

Эртеси оо дүйнө кеткендин жаназасы окулуп, сөөгү жерге берилди. Тултемировдун тажиясына көп киши келди. Ошондо көпчүлүк:

– Жарыктык, жакшы киши эле,– дешти бир ооздон.

Айттырган кабарды укkан Турдубай да Сары-Камыш айылынын аксакалдары менен кошо бата кылганы келген. Жаназасы окулуп жатканда көптүн катарында күйүп турду.

Андан чыгып Турдубай карыя уулу Урмат менен Мундуз Элебесовдун атына келген телеграмма боюнча күндүзгү саат үчтө Москва шаары менен сүйлөшмөкчү болуп, дүпүйгөн бак ичиндеги сүйлөшүү түйүнүнө кирди.

Албетте капыстан келген телеграмма айылга дүңк тарады. Анын кайгы, же кубаныч алып келээри белгисиз болгон менен күтүлбөгөн кооптонууну жаратты. Себеби, уккан киши таң калды, ишенип-ишенбей "Жакшылыкка болсун!",– деп көзүнө сүрткөндөр да болду. Күтпөгөн жерден канча жылдан бери дайын-дарексиз жоголгон, айылда жашабаган кишинин атына телеграмма келсе, кандай адам таң калбай коё алат. Ансыз деле айылдаштары күмөн санап андай дешти, мындай дешти. Ортодон Абди почточу утуп кетти. Ак жолтой болуп, ошол киши телеграмманы райондун почта түйүнүнөн алып келип жатпайбы. Ошондо Абди почточу: "Кудай силерди унутпаптыр. Демек, телеграмма жакшылыкка, унчукпай бара бериңиз. Ким берсе, ошо киши менен сүйлөшөсүз. Ошондо баары дайын болот. Бирок, жакшылыктын сүйүнчүсүн алдын берип коёт",– деп торуганда Турдубай сүйүнчүсүн ошол замат почточунун колуна карматкан.

Ошондо ал: "Мундуздун атына келгенден кийин анын согушта бирге болгон майдандаш досторунан го?! Болбосо кайдан келмек эле? О, кудай, жакшылыкка болгой эле!" дегендей далай ойлорго кептелген. Кайран кишинин ойлогон ою ордунан чыкты, төп келди. Күттүргөн жок, аларды бат эле туташтырышты. Телефонду алганда эле:

– Алло, Мундуз Элебесович, саламатсызбы?! Бу мен, армиянын генералы Павел Радченко!– деди телефондун ары жагынан кубанычтуу бакылдаган бирөө. – Алло, эмне унчукпайсың?! Жолдош капитан, мен сага капысынан сүйүнчү айтайын дегем, ошон үчүн аты-жөнүмү жазбай телеграмма уруп жибербедимби. Алло, Мундуз, таарынып калдынбы? Бирдеме дечи... алло, алло... угулуп жатабы? Алло?

– Кечиресиз, жолдош генерал!– деди Турдубай бир саамдан кийин. – Бу мен, бир тууган агасы Турдубай деген болом,– деп айтып алып: "Оо, жараткан кудай, Мундузду да эстеген адам бар экен ээ!"– деген ойго чөмүлүп кетип, сөзүн кайра улады. – Сизге Мундуз керек беле? ... Алло, алло! Ал тоодо, тоодо жүрөт, буюрса, жакында келип калат... Айта турган сөздөрүңүз болсо мага айта бериңиз, мен ага сөзсүз жеткирип барам,– деди шашкалактай, сүйлөшпөй коёбу деген кыялда.

– Ким дейсиз?!

– Мундуздун агасы Турдубай деген болом.

– Аа, чабан агасы турбайсызбы? – деп кубанып кетти, генерал.

– Ооба, ооба, ошо чабан агасы болом,– деп Турдубай таң кала жооп берди. – Мени кайдан билесиз? Жолдош генерал, мени угуп жатасызбы? – деди ошондой эле тейде шашыла кобурап.

– Сиз тууралуу Мундуз: "Агам тоодо кой багат. Шишкебек жасаганды ошо чабан агамдан үйрөнгөм",– деп калчу. – Көрсө, сиз ошо агасы болот турбайсызбы?

– Ооба, ооба, ошо агасы болом, жолдош генерал. Так үстүнөн чыктыңыз. Шишкебек жасаганды, кекилик, кыргоол, улардын этин ташка корумдап бышырганды да үйрөткөм. Жеп көрдүңүз беле?

– Ташка корумдап бышырганын жеп көргөн эмесмин, бирок шишкебегинин даамы алигиче тандайымда турат. Мундуз шишкебек жасаганга уста болчу.

– Усталыгы азыр менден ашып түшөт. Бир көрсөңүз болор эле...

– А мен анын майдандагы командири Радченко Павел Маркович деген болом. Кечиресиз, ал тоодон качан келет? – деп тынчсыздана сурады.

– Буюрса, эки-үч күндө келип калат... Биз дагы чыдамсыздык менен күтүп жатабыз... Аны абдан сагындык... Баары күтүп жатат. Жакында Улуу Октябрь майрамы болот эмеспи. Ошого карата сизди иним Мундуздун атынан расмий түрдө конокко чакырайын. Биздин айылга келип сый конок болуп кетиңиз. Сизден башка дагы Елизабет Тейлор деген майдандаш таанышы: "Буюрса, кийинки жумада барып калам. Аэропорттон тосуп алгыла!" – деп телеграмма жөнөтүптүр. Майрамды чогуу-чаран майрамдасак жакшы болмок.

– Алло, кечиресиз?! Ким дедиңиз, кичи пейилдүүлүк кылып, кайталап коюңузчу?– деди чыдамы кеткен генерал, уккан кулагына ишенип-ишенбей.

– Елизабет деген айым Америкадан учуп келе турган болду.

– О, кудай ай, Елизабет Тейлор дедиңизби?

– Ооба, Елизабет Тейлор! Эмне, аны сиз дагы тааныйсызбы?

– Оо, жараткан! Елизабет айымды тааныбай анан, эң жакшы тааныйм! Демек, биз жашаган бу жалган дүйнөдө кудай бар экен да?! Кандай керемет күн!

Трубканын ары жагынан генерал өзүнчө күңкүлдөй, улутунуп алды.

– Бар эмей, жолдош генерал. Ансыз адамзаттын жашоосу көңүлсүз болуп калбайбы. Ишенимибиз ар түрдүү болгону менен кудайыбыз бир эмеспи.

– Аныңыз дагы туура, Турдубай Элебесович. Кудаадан улук эч-теме жок, сиз жакшы кабар айтып, мени абдан кубандырып койдуңуз. Аныңызга ыракмат. Эми сизден чоң сүйүнчү.

– Болсун, болсун! Ал кандай сүйүнчү экен? Айтыңыз, сураганыңызды берейин.

– Турдубай Элебесович, сиздин ининизге, менин майдандашыма СССР Жогорку Советинин Президиумунун Жарлыгы менен Советтер Союзунун Баатыры деген жогорку наам берилди. Жарлыкты кечээ радиодон окуду. Гезиттерди карап көрүңүз, Жарлыкты сөзсүз табасыз.

– Жолдош генерал, оозуңузга май! Сүйүнчүңүзгө бир күлүк тартуулайын!– деп уккан кулагына ишенбей жүрөгү жарылып кете жаздаган Турдубай сүйүнгөндөн кыйкырып ийди. – Алло, алло, дагы кайталап айтыңызчы?! Чын эле баатыр болдубу?

– Мундуз совет өлкөсүнүн баатыры болду! Бу кашкайган чындык. Турдубай Элебесович, мен кантип калп айтайын. Себеби Жарлыкты радиодон айтышты, гезит беттерине жарыялашты. Жогорку сыйлык кандайдыр бир себептерден улам тийбей калган. Мен ошо согуштун апат күндөрүндө да: "Сыйлык баары бир өз ээсин табат! Сен ага эч качан кейибе! Адамдын мээнети эртеби, кечби бир убакта бааланууга тийиш!" – деп айткам. Кудай бар экен, болбой калгандан көрө, кеч болсо да сыйлык өз ээсин тапты. Чалгындоо ротасынын командири, гвардиячы капитан Мундуз Элебесовдун эрдиги акыры жогору бааланды. Мен ошого кубанычтуумун! Ошол жогорку сыйлыкка бир убакта өзүм көрсөткөм. Тилекке каршы, өз учурунда бааланбай калып, канча жылдан бери өзүмү күнөөлүүдөй сезип жүргөм,– деп генерал бышактап жибергенсиди. – Эми минтип, тагдыр өз адилеттигин көрсөттү, кудайым канча жылдык мээнетимдин акыбетин кайтарды,– деди сүйүнүчү көкүрөгүнө батпай өпкөлөгөн генерал.

– Сиз ыйлап жатасызбы? Жолдош армиянын генералы, мен сиздей суранам, өзүңүздү кармаңыз? Менимче, кеч болсо да өз баасын алганы, унутулган нерсе өз ордуна келгени жакшы,– деп мурдун шуу тартып алды, Турдубай.

– Турдубай Элебесович, бу кубанычтын көз жашы. Сиз ага көңүл бурбай эле коюңуз,– деп бетаарчысы менен бырылдаган мурдун бирдей эки жанып алды генерал. – Сиз деле менден беш бетер ыйлап алгансыз го? Сизге эмне болду? – деп тынчсыздана сурады.

– Жолдош генерал, мен ыйлабай, анан ким ыйлайт?! Кудаанын бүгүнкү улуу күнүндө мага жер тепкилеп, өкүрүп ыйласам да жарашат, ага жараткан өзү жол берет. Бирок сиз мага тынчсызданбай эле коюңуз. Сиз туура баамдагандай бу кубанычтын, сагынуунун көз жашы! Оо, жараткан, Мундуз иним баатыр болуптур! Жараткандын ушунусуна шүгүр! Жакшы кабарыңыз үчүн сизге ыраазымын! Көп жашаңыз, өмүрүңүз узун, жемиштүү болсун! Колдогонду кудай колдойт, сиз дагы кудайдын оозунда болуңуз! Жолдош генерал, Кыргызстанга, конокко келе турган болдуңузбу? Келиңиз, туура эле Ошко учуңуз, биз сизди аэропорттон күтүп алабыз. Сиз болгону күнүңүз менен саатыңызды билдирип коюңуз. Мундуз үй-бүлөсү менен тосуп алат. Жолдош генерал, келбей койбоңуз. Сүйлөштүкбү?!

– Сүйлөштүк, бирок майдандаштарым менен барсам болобу?

– Болбой анан, кайра абдан жакшы болбойбу! Макул көрсө, жубайыңызды кошо ала келиңиз. Биз кыргыздар конок күткөндү жакшы көргөн элденбиз. Келбей койбогула, сөзсүз келгиле. Жолдош генерал, мени угуп жатасызбы?

– Мен сизди эң сонун угуп жатам. Чакыруунузду чын жүрөгүмдөн кабыл алдым. Турдубай Элебесович, анда көрүшкөнчө саламатта

турунуздар. Менден Мундузга, Елизабет айымга ысык салам. Биз сөзсүз барабыз. Күнөстүү кыргыз жеринен көрүшкөнчө саламатта болуңуздар! – деди армиянын генералы жайдары бакылдап.

– Абдан жакшы, биз сиздерди чыдамсыздык менен күтөбүз. Келсеңиздер тоого барабыз, боз үй тигип, ойдогудай эс алууну ошол жактан уюштурабыз. Андыктан, Мундуздун майдандаш досторуна биздин үй-бүлөдөн ысык салам. Сүйүнчүңүз болот, ал үчүн сизге чоң ыракмат! Эмесе, касиеттүү кыргыз жергесинде көрүшкөнчө аман бололу, жолдош генерал! – деп Турдубай кызуу коштошту.

– Жакшы калыңыз,– деп телефондун ары жагынан жагымдуу үн катты, генерал.

Ошентип, ошол күнү жаман-жакшы жаңылыктардын күбөсү болгон Турдубай карыя менен уулу Урмат сүйлөшүү түйүнүнөн беттери мантайып, көкүрөктөрү жакшылыктарга толуп чыкты. Бу ааламда экөөнөн башка эч ким жоктой көздөрү балбылдап, кубанычтары койнуна сыйбай, күзгү күндүн салкын табына куйкаланып кетчүдөй ысылап, жакаларын жакжайта ачып коюп, көчө менен бир болуп бакылдап келаткан ата-баланы сейил бактагы адамдар таң кала да, суктана да карашты. Анткени ата-баладан мээримин аябаган ошол аалам, ошол күнү аларга шумдуктуудай керемет күчтү, туугандыктын кымбат нуру жанган өзгөчө жылуулукту ыроолоп турду.

Ошо учурда катаал тагдырдын чиеленишкен сырдуу түйүнүнүн оң чечилишин туугандардын мандайына капкачан эле жазып койгон улуу жараткандын кудурет күчүнө таң калбай коюуга болбойт эле. Анткени чейрек кылым эли-журтунан, ага-тууганынан, курбу-курдашынан алыс тоо арасында жапайы өмүр кечирип жүргөн пендесин учкан тууруна кайра кондуруу – улуу жараткандын гана керемет касиети аркылуу ишке ашчу нерсе болчу. Ошентип, кудаанын кудурет-күчү көкүрөктө кайнап жүргөн акыйкат менен чындыкты, ак эмгек менен ырыс-кешикти, жоготкон кадыр-барк менен даңазалуу өмүрдү өз ордуна коюп, акыры ээсине кайтарып берди. Ата-бала мына ошого кубанышты. Чынында ошо саатта, ошо айланада экөөнөн өткөн бактылуу адам жок эле.

Ал тургай улуу жараткандын ошол күнү эсепсиз кылымдарды карыткан, алыстан чокусун ак кар, көк муз каптаган кыл чокулуу кыргыз тоолорун күзгү күндүн нуруна бир башкача чагылтып, жашоого кумары артылгандарды өзүнө чакырып жаткансыды.

Сары-Камыш – Бишкек
1994-2012-жылдар.

Жүрөк титиреткен жана кубанткан чындыктар

Калемгердин роман жанрындагы алгачкы табылгасы ушул – «Тоолор чакырыгы». Буга чейин бир далай аңгеме, повесть жана эсселердин авторунан болгон Жапарали Осмонкуловдун ысымы окурмандар да, адабиятчылар да арасында таанымал. Бул таанымалдык тек катардагылардын демейкисиндей эмес. Анткени анын чыгармаларында мезгилине ундөш, коомдун түбөлүктүү талабына жооп берерлик тематикалык, проблематикалык маселелерге байланыштуу изденүүлөр, көркөм чечилиштер бардыгынан улам таанылып келет.

Ал эми бул романынын биринчи барагынан эле автордун өзүнө таандык стилдик боёктору байкала баштайт да, акырындан буга чейин учураган жаңы ажар кошула баштагандыгы баамга сезилдей урунат. Бара-бара бул изденүүнүн жаңычыл деми, чыгармачылык фантазия вертикалдык да, горизонталдык да багыттарда чабыт керип, романдын пафосу мурдагы чыгармаларынан түп тамырынан айырмалуу экендигине окурманды ынанат. Бул оңой-олтоң боло калуучу өзгөрүүлөрдүн биринен эмес. Канча бир жылдардан бери маш болуп калган стилдик арымдан, чыгармачыл жолойдон чыгыш аябагандай зор чымырканууну, түйшүктөнүүнү талап кылат. Адегенде өзүнө таандык стилдик боёктор учурайт дегеним да мындан улам. Анткени «чү» дегенде эле калемгер башкы каарманы Мундузду аванс ценага алып чыгат. Алып чыкканда да табышмактуу жагдайда, агасынын баласы Сапарбай менен коштошуу сценасынан соң анын психологиялык жактан чыңалуунун жетиккен чегине жеткен, а тургай жабыркаган абалындагы туш келди башаламан иш аракеттеринин картинасын көз алдыга келтирүү менен окурманды күдүк абалда калтырат. Окурманды мындай чыдамсыздык менен катар сабыр күттүргөн коомайланган абалда кармоо жана акырында сюжеттеги бардык табышмактуу моменттердин чиелешкен түйүндөрүн сырданта четинен ачуу автордун мурдагы чыгармалары «Комиссардын «жез тумшугу» повестин эске сала өтүү зарыл. Эскерилген повестинде автор Таштан аттуу комиссардын тоо-ташка чыгып кеткен абалынан, себебинен бир үзүм келтирет. Анын мындай кадамга баруусунун негизги себеби - XX кылымдын отузунчу жылдарында совет өлкөсүндө болгон кайгысы али күнчө ооздон, ойдон кетпеген репрессиялык иштер. Ак дили менен жаңы бийликке кызмат кылган комиссар бирөөлөрдүн көрө албастыгы, кыянаттыгынын аркасында куугунтукка түшүп, камакка алынарда тоого чыга качып, жапайы адамдар арасына барып башпаана табат. А тургай чөйрөсүнө ылайык жубай күткөн болот. Повесттин баянчы каар-

маны эскергендей «Таштан комиссарга окшошкон» жез тумшуктун жаңы тукумдарынын пайда болушу жана уланышы менен сюжет бир чети мистикага, экинчи чети фантастикага жакындайт. Ошого карабастан повесть конкреттүү мезгилдин жана мейкиндиктин реалдуу маани-маңызын көркөм туюндура алганы менен өз учурундагы чыгармалардан айырмаланын тураалыгын дагы бир ирет белгилебей коюш мүмкүн эмес.

Жаңы романын баштаганда автор алгач мына ушул повестинде толук баяндалбай калгандай сезилген сюжеттик линияны «толуктоону» максат кылганбы деген ойго азгырылууга туура келет. Алтүүгө окурманда толук негиз бар. Анткени, романдын башкы каарманы да Таштан сыяктуу өкмөткө берилген адамдан. Бирок, анысына карабастан «айыптуу» эсептелип, адам караанынан безип, жалгыз жашоого мажбур жандан болуп калууда! Жалгыздык жана да жалгыздык, каармандардын башындагы жалгыздык. Бул жалгыздык коптун арасында болуу менен психологиялык абалдагы жалгыздык эмес. Ал ээн жердеги чыныгы жалгыздык. «Комиссардын «жез тумшугу» повестинде үңкүрдө табытта болбосо да, тегерегі тосмолонгон, бейчеки киши жете албагандай жерде адам баласы менен «жез тумшуктун сөөктөрү кол кармашкан» боюнча жатканы чагылган эпизод бар. Ал чыгарма менен таанып окурман эркизден комиссардын тоодо, жанайы пенделер арасындагы күн кечирүүсүн эми автор кеңейтээк тартууга чыгынганбы деген ойго азгырылышы ыктымал дегеним да ошондон. Окурман катары мен да, жашырганда не, ушундай ойго романдын алгачкы бактарын окугандан кийин кабылгам. Башкы каарманын эми Мундуз деп атаган менен окуянын орчундуу сюжеттик линиясы мурдагы онуктурулбой калган нукту кубалачудай сезилген. Өзгөчө райондук милициянын башыгы Анарбай Жээнбеков жана анын нөкөрлөрү Бексултан менен Осмондун Кадыйча аттуу кызды «уурдап» алышып жайлоонун ээн жерлеринде «эрмектеп» жүрүшкөн учурларында Мундуздун анын элдешкис душманынан болгон Анарбайлар менен печен ирет чыйырлары кайчылашкан учурлары болот. Мына ошондо Мундуз алардын сазайын берип жана кызды бошотуп алуу менен тоо койнунда болсо да үй-бүлөлүк турмушун кадыресе жүргүзүп, Таштан сыяктуу тагдырын бейкапар уланттуу менен мезгилдин жакшылыгын күтүп күн өткөрө берчүдөй ой азгырыгы пайда болгон. Аныгында автор каармандарына ушундай тагдыр, күндү ыйгаруу менен окуясынын финалын табат деп күтүнгөм. Бирок окуя күткөндөй болбоду, болжогондой өнүкпөдү. Бул, демекчи, автордун көркөм ойлоосунда логикалык синтездин жана анализдин жаңы кырларга ээ болгондугунун көрсөткүчү.

Жапарали Осмонкуловдун "Тоолор чакырыгы" романын алгач карааганда кыргыз адабиятында буга чейин далай иштелген темалардын бири – Улуу Ата Мекендик согуштагы кыргыз жигитинин эрдигин чагылтууга арналгандай таасирге чулгантат. Бирок бул таасир, белгиленгендей, алгачкы, демек үстүрт гана таасир. Романдын архитектоникасы жана

проблематикасы тереңде. Булар тууралуу сөз кезеги менен. Мундуз иниси Сапарбай менен коштошкон соң дээрлик депрессиялык акыбалга түшүгат. Оңойбу, ондогон жылдар тоо арасында жалгыз жүрүү, жаңоо. Бул мезгил ичинде ырас, бир жылда бир жолу болсо да, анын абалын сурап, кем-карчын толуктап, буулуккан ички бугун чыгарып, сүйлөшүп алар, карманган, күткөн адамы, эң жакыны бар болсо, эми анысы да ата-бабалары үчүн, Мекени үчүн кереги тиер-тийбеси беймаалым кайдагы бир Ооган согушуна барууга ыктыярдуу суранып жатканын кабарлайт. Өтүнүчү канааттандырылса, ал бир топ убакытка келбестигин, келсе тогузунчу класска келген иниси Урмат болордугу билинди. Ошондон соң согуш деген эмне экендигин керт башынын тажрыйбасы аркылуу жакшы билген Кызыл Армиянын мурдагы капитаны Мундуз иниси Кыргыздагы жооого аттанган адамдын көзүнчө кайрат-туу болгону менен, лук салтты сактап насаатын айтып узатканына карабастан, карарааны үзүлгөндөн кийин тиренген тирөөчү, таканчыктаган таманы бошогондой болуп, өзүн таштап жиберип отурат. Нечендеген жылдар жалгыздыкка эрксиз кабылып, жан дүйнөсү «кайсы күнөөм үчүн, ким үчүн, эмне үчүн?» деген жүрөгүн мыжыккан суроолордун тегерегинде түнкү отко айланган парванадай алдастап келген болсо, эми минтип жалгыздыктын арбайган карааны аны дагы бир ирет курчоого алып жатат. Албетте, согуш жылдарында мындай курчоолордун далайын көргөн, бирок ал жердеги абал таптакыр башка эле. Анда жооң ким, кайсы тарапта экендиги жана сырттан жардам өз учурунда келери же келбеси, же баатырларча өлүү альтернативасы дайын болчу. Мында деле абал таптакыр умутсуз эмес. Сапарбайдан кийинки Урматы аны менен жолугушуп, бул тымызын байланыштын эстафетасын улантары шексиз. Анын жаның алдастаткан маселе замандын жаңылыгы, бийлик алдына кечирим сурап баруу, мүмкүн, мунапыс болуусу тууралуу иниси сөз арасындагы бир ооз кеби. Мына ушул башкы каарманды түйшөлткөн жагдай Мундузду кайрадан тээ артка тартат. Кайрадан кантип, эмне үчүн, кандай нерселерден соң ушундай робинзондук тагдырга кептеген турмуштук кырдаалдарга окурманды кошо ээрчитет, ретроспекцияга орун берилет. Тактан айтканда каармандын «өткөн өмүрү, куу тагдыры» окурмандын да «көз алдына тартылып, биринин артынан бири чуурула берет».

Негизи ретроспекциянын чыгарманын фактурасында көркөм - идеялык ролу омоктуу. Мындай ыкма автор тарабынан окуянын түйүндүү жеринин кандайдыр бир жандырмагын берүү ниетинде же, тескерисинче, жайынча баяндалып жаткансыган окуялардын чыңалган атмосферасын сездирүү максатында, же образдын психологиялык өнүгүш линиясын «аңтара» ачып берүүгө келгенде колдонулушу мыйзамдуу процесстен. Кыскасы, ретроспекциянын колдонулуш орду көп функционалдуу. Калемгер романында айтылган ыкманы орундуу пайдаланат. Башкы каарманы Мундуздун

үңкүрүндө кайрадан жалгыз калуусу, бир нече күн сулк жатуусунан кийин тирдигин көрүүгө болгон камы логикалык түрдө мурдагы күнөөдөн түрмөгүнө алып бармак. Ошондой эле болду. Бирок, калемгер окурманды башкы каарманы эмне себептерден улам ушундай «куу тагдырга» туш болгонун жая салууга ашыкпайт. Ал алгач окурманды каарман жашаган мезгилдин атмосферасына башбактырат. Бул табигый талап.

Каармандын өмүр жолуна жана тагдырына күтүүсүз бурулуш берген окуялардын бири – Улуу Ата Мекендик согуштун капилет башталышы. Жигиттик курагы жаңы гана башталган Мундуз согуш чыкканда контуру бири катары Мекенди коргоого аттанууну парзындай көрөт жана аскерге чакырылуучу күнү чыдамсыздык менен күтөт. Ошол мезгилдин тактан айтканда согуш башталган учурдун кончулуктарынын никиринде уруш бир нече антанын, балким, айдын ичинде эле аяктап, эрдик көрсөтүүгө жеттише албай калуум мүмкүн деген коопсунуулар да болгон. Мындай маанайды ал учурдагы күчтүү пропагандалык маанидеги тасмалар, чыгармалар, «Бери завтра война» сыяктуу обондуу ырлар жаралгандыгы шексиз. Мундуз да массалык психоздук абалдан, экинчи жагынан жигит катары, учунчудан, мындай кыялдан алыс эмес. Согушка тез эле чакырылышын бир жагынан жаңы эле Сайкал менен болгон кыз-жигит мамилесинен улам анын тандаган жигити кандай экендигине ишенимсиздик пайда болуп, ниетин самайт. Ошол эле учурда Сайкал экөөнүн ортосунда бүчүр ала башталган түнүк сезимге канбагандыгына ичи ачышат, бирок келечектен үмүт үзбөйт. Экөөнүн таптуу мамилесин берүүдө автор айыл маданиятына таандык салттарды, аны алып жүрүшкөн кыз, жигиттердин уялчаактыгын, уялуу-кичүү алдында абийир сактаган мүнөз сапаттарын өз ордунда жана аркылуу туюндурганы кыз, жигиттин жолугушуу (азыркыча айтканда свидание) сценаларында айрыкча сабактуу чыккан. Бул бир. Экинчи, соңку мезгилдеги кыргыз адабиятында кыз-жигиттин мамилесин чагылтуу Батыштык адабияттын жолоюна ык салгандыгы менен орковюп турат. Тактан айтканда интимдик сценаларды порнографиялык баскычка дейре жеткизин, аларды жыш колдонуу менен окурманды өзүнө тартуу аракеттери күч кидей, башкача айтканда ошол учурдагы кыргыз менталитетине таандык ала баштады. Ал эми романда сүрөткердин эки жашоонун арзуусун демейөлчөмдө сүрөттөөсү канагаттануунуу гана жаратууда. Соз мезгилдин таалаа да, болжогус да, күжүрмөндүү да атмосферасына чулганган жашардын мамилеси «эртең эмне болуп кетер экен, а көрөк бүгүн кыналышын калалы» сыяктуу бир чети прагматикалык, экинчи чети жеңил ойлуу кадамдар, чечилмелер менен берилбегенинде. Демек, калемгер сүрөттөөгө алган окуянын, адамдардын хронотоптук рамкадагы өзүнчөлүгүн, маданий белгилерин гана так сактоого басым койбостон, биринчи планга кыргыз ба-

ласынын нравалык табиятындагы баалуулуктарды табууну жана жеткизүүнү койгондугу боюнча өзгөчөлөнүп тургандыгы анын жаңы романынын проблематикасын, идеялык сапатын аныктайт.

Белгилеп коюу керек, Мундуз менен Сайкалдын сүйүү линиясы сюжетте романтикалуу нотага ээ экендигине карабастан традициялуу түрдө идиллиялуу чечилбейт. Ага автор айыптуу эмес. Буга биринчи кезекте Мундузга тели-теңтуш саналып жүргөндүн пастыгы, ачыгын айтканда көрө албастыктан жаралган кастыгы, достукка болгон чыккынчылыгы себепкер. Анан соолугур согуш. Анткени согуш болбогондо Мундуздун досу атанып жүргөн Анарбай анын сүйлөшкөн кызын ала качып алууга ою жеткен менен эч качан дити бармак эмес, Мундуз турганда даамак да эмес. Алыста кан майданда жүргөн Мундуз ага жете албастыгын билип, кийин келсе да мунжу, жарымжан болуп колунан эч нерсе келбес, мүмкүн, ок жаңылып кайтпас деген арам ой менен Анарбай досунун сүйлөшкөн кызын ала качып үйлөнүп, ушундай бетпактыкка барып отурат. Барганда да органда чогуу иштеген кызматташтарынын жардамы менен. Коомдо тартипти, тазалыкты сактоого коюлган адамдардын андай ыплас иш аракеттерин автор чыгармасында панорамдуу чагылтууга азгырылбайт. Бул, менимче, туура. Анткени кийинки учурдагы кыргыз коомчулугунда орун алган псевдодемократиялык абалды масштабдуу жана тарыхый тактыкта берүүнү көздөгөн кээ бир жазмакерлер негативдүү нерселердин генезисин тактоо максатында өткөнгө «адабий» экскурс жасашып, жакынкы тарыхыбызга нигилисттик мамиле көрсөтүшүүдө. Канеткен менен мындай мамиле адабиятыбыздын бир тенденциясын түзөрүн кейиштүү түрдө констатациялышыбыз керек. Тилекке жараша Ж. Осмонкулов мындай «илдетке» чалынбастан жогоркудай бирин-экин эпизод аркылуу коомдун укуктук жана тартиптик кызматындагы жагдайдын жанбактылык, мителик атмосферасын элестүү түзүп, чыгармачылык максатын башка өңүттөн ишке ашырган.

Анарбайды мындай кадамга жетелеген дагы бир маанилүү жагдай: үй-бүлөлүк тарбия. Кыргызда айтылгандай «балапан уядан эмнени көрсө учканда ошону кылат» эмеспи. Мунун сыңары Анарбай атасынын жеке үлгүсүн, конформисттик позициясын, тарбиясын алган жана аларды жашоосунда айныбай тартты. Согуш башталганда уулун «эркек туулгансың» деп намыска бүлөштүн ордуна кантип болсо да оорукта алып калуунун айлаларын жасаган атасы аны алгач «аскерге жараксыз» дедирет. Бирок, бу согуштун бат эле аяктар түрү көрүнбөгөндөн кийин бир күнү болбосо бир күнү «жапма челегинин» капкагы ачылып каларынан шекшингендиктен, уулун акырында көңүлү тынар кызматка НКВДга алдырып жай алат. Уулу-на карьералык тынч кызмат орун таап берүүгө жетишкени менен башка да махинациялык кылыктары четинен булайын, анын алдына «же түрмө, же фронт» суроосу коюлганда, аргасыздан майданга жөнөп, ал жерден курман болот. Калемгер чыгармасында балдарына тарбия берүүнүн натыйжасын

Адашкан жана Анарбайдын атасы Жээнбектин жеке үлгүлөрү, үй-бүлөлүк тагдырлары аркылуу да көркөм чагылтат. Элдик педагогиканын салттуу гуманисттик принциптерин жана эгоцентристтик принциптерди туткан ата-энелердин, алардын уруктарынын келечеги кандай болордугу тууралуу дидактикалык идея прагматикалык аспектте чечмеленген. Албетте, окурман чыгармадагы Адашкан ысымдуу каарман менен автордун Адашканович экендигине конул бурушу ыктымал. Андай болгон күндө да калемгер эскерилген образга ото үйрүлө мамиле жасабагандыгына маани бербей койбойт. Мындайча айтканда автор атасын прототип сыңары алган менен романдын структурасын биографиялык фактыларга шыкабаган. А тургай мемуардык-документалдык же эсселик ой толгоолорго да орун берилбептир. Романда толук бойдон көркөм-эстетикалык платформа сакталган. Үй-бүлөлүк фактылар, жылуу элестер, арийне, кандайдыр бир сентиментализстик, ностальгиялык реминисценцияны жаратканы бышык, бирок алар чыгармачын көркөмдүк, идеялык табиятына көлөкөсүн тийгизишпейт.

Өзгөйлүк тарбия үй-бүлөлүк рамкадан чыгып чойрөдөгүлөргө да андай эле мындай кесепетин, таасирин тийгизери шексиз. Мындай нерсе биринчи кезекте Сайкалдын тагдырына балта болуп тийди. Сайкалдын тагдырына келген ушундай терс, күтүлбөгөн бурулуш анын жеке жашоо күнү менен гана чектелбеди. Ал терс бурулуш алыста жүргөн Мундузга да жетти. Алгач кат менен жетип, эсин эңгиреткен. Кандуу майданда нечен жарадар болуп, далай жолу ажал менен тике келишкен учурларында оодара албаган тагдыр ташын кийин оңбогондой аласалдырды. Согуштан миңдин бири болуп аман-эсен келген Мундуз башкармалык ишке киришкенден көп узабай «эл душмандыгы билинип» камакка алынат. Анын душмандыгы бетеги алдынан «бардык мезгилдин жана элдердин гениий» делип эсептелген Сталиндин сүрөтү чыккандыгында. Анын «кылмышы», тактап айтканда кечээ эле «Сталин үчүн, Мекен үчүн» деп фашисттердин жаадырган огунан карабай чабуулга тайсалдабай чыккан Мундуз, эми тынч күндөрдө «улуу жолбашчыны сыйлабаган, өлкө башчысын тепсөөгө батынган» кара ниет экендигинде. Камакка алыныш себеби азыркы муун үчүн күлкү келерлик нерсе. Анткени антип өлкө башчысынын сүрөтүн тепсемек тургай, сындан, пародиялан, ашмалтайын чыгара боёп, кааласа өртөп коюу бүгүнкү күндүн мууну үчүн жазага кириптер кылар кылмыштай саналбайт. А Мундуз жашаган мезгилдин мыйзамы, жосуну бөлөк. Тоталитардык жана демократиялык нарк-насилдерди айыра таанытуу максатында романда турмуштук көрүнүштөр, түшүнүктөр, тагдырлар атайын карама-каршы коюлат. Бул романдын тарыхый, социалдык подтексттик маанисин тереңдетет. Муну менен автор эмне үчүн кыска мөөнөттүн ичинде Кыргызстанда революциялык жол менен эки ирет бийлик алмашуунун зарылдыгы жаралгандыгын кыйыр тастыктоодо. Коомдун кечээги жана бүгүнкү өнүгүш абалдарына көркөм формада баа берүү, ошентип, романдын пафосун түзүүдө.

Айланадагыларга Мундуздун «кылмышкердик» жүзү кандай экендиги таасын эле көрүнүп турат. Кандуу майдандан качпаган мекенчил, фронтовик жетекчи, бирок канеткен менен факты өжөр нерсе го, батеги алдынан «тиги» чыгып калып жатпайбы! Калайык ишенчү да, ишенбөөчү да жорук. Адамдын көзүн ар кандай жолдор менен бат эле будамайлап салуунун амалдары мол эмеспи. Жолбашчынын сүрөтүн батек алдына салып коюп, «душманга» айлантуу тоталитардык заманда эң көп тараган ыкмалардын бири болучу. Сталин «менин сүрөтүмдү ким кандай алып жүрөт болду» деп эле күн сайын сурап турунтурбу? Аны бийликтин төмөнкү эшелонундагы бир көшөкөр жолундагы дагы бир байкуштун көзүн тазалоо максатында ойлоп тапкан да, анысы андан ары кеңири жайылып, «тазалоочулук мыкты ыкма» катары колдонууга алынган. Романда го, Мундуз башкарма, демек, анын кызмат ордуна көз арткандар, ага кошумча Сайкалды ала качып алган Анарбай «досунун» да «ич оорусу» бардыгынан анын кантип кылмышкерге айлануусу боюнча жоромол негиздүү. Менин жеке билишимде, биздин айылда эки койчу же тигилердей талашкан кызмат орду жок, же ала качышкан кыз жок туруп, бирине кошулуп кеткен коюн кайрыгысы келбегенден кер-мур айтыша кетишип, бергиси келбегени жогоркудай иш жасап, кызыл жакачандарга кайрылган. Согуштун кычап турган маалы. Алар көлөчтөгү батек алдынан айтылган сүрөттү табышып, «фашисттерди күтүп, жолбашчыбыз тебеленсин» деген кыязда жүргөн «эл душманын» табышкандыгы бар. Бул романдагы эпизодду бекемдөө үчүн ойдон чыгарылган жок, чын эле болгон окуя. Камалган адам апамдын бир туугандын жездеси. Андыктан романдагы Мундуздун «эл душманына» айлануусу автордун кыялый чындыгы, сюжетти чыңалтуу амалдарынын биринен эмес деп кепил боло алам. Ал турмуштан алынган типтүү окуя. Чыгармадагы негизги каармандардын тагдыр чиелеништери, татаалдыктары, жашоо күндөрү да типтүүлүккө ээ деп тыянак чыгарууга болот. Автор мезгилдин жана мейкиндиктин тарыхый белгилерин камтып гана тим болбостон, биринчи кезекте жалпыга таандык өзөктүү көрүнүштөрдү каармандын индивидуалдуу тагдыры аркылуу жеткизүүгө умтулгандыгы айгине.

«Тоолор чакырыгы» чыгармасында согуш, майдандагы жоокер турмушу абдан элестүү тартылган. Менин билишимче, кыргыз адабиятында майдандагы кыргыз жоокеринин жашоо шартын, психологиясын, кырдаалды ар тараптуу каттууга ат салышкан саналуу гана эпикалык жаралгалар бар. Ири алдыда, албетте, У.Абдукаимовдун «Майдан», А.Алдашевдин соңку үчилтиги жана бирин-экин. Романдын башкы каармандынан эпикалуулукту табуу кыйын. Согуштун алгачкы күндөрүнөн акыркы күнүнө чейин болгонуна карабастан аман калышын 40-70-жылдардагы кыргыз романистикасында кеңири тараган «ок тийбес, кылыч кеспес» штамптык чечилиште кароо бул жолу жарамсыз. Образдын мындай шөкөттөлүшү, дагы бир жолу белгилөө зарыл, типтүүлүгүндө.

Башкы образдын жан дүйнөсүндөгү патриоттук сапаттарды ачууда автор кыргыз элине таандык болгон байыртадан байырлаган түшүнүктөрдү орундуу келтирет. Буга биринчи кезекте Мундуз жана аны менен бирге жоого аттангандарды узатуу сценасы күбө. Калемгер кыргыз баласына таандык, аттиң, унутулуп бараткан, мүмкүн, унутулуп деле калган салтты «Манас» айтуу менен узатууну киргизген. «Манас» айтуу менен аскерге чакырылгандарды узатуу сценасы, менимче, кыргыз адабиятында биринчи колдонулду өңдөнөт. Абдан эмоционалдуу, максималисттик романтикага бай эпизод болуу менен катар согушка жөнөгөн кыргыз баласынын жүрүм-турумун экстремалдык ситуацияларда регулировкалап туруучу катарсистик санатка ээ сценаларга кирет. Анын таасири ар качан Мундузга оң жагынан тийип, элге кызмат кылуунун үлгүсүн, чакырыгын берген «Манастын» идеясы ар дайым анын көңүлүндө рефрен иретинде кайталанып, жаңырып турат.

Чыгармадагы согуштук картиналар географиялык гана масштабда алынбастан, тарыхый инсандардын камтылышы жана алардын мурдагы адабияттарда учурабаган жаңы мүнөз кырларынын чагылышы боюнча да айырмаланат. Мында айтылуу «жеңиш устасы» Г. Жуков да катардагы генералдар менен эпизоддук, бирок эсте калардык мүнөз санаты менен тартылып отот. Жуковдун аскердик тартиптеги так сактоого умтулган катаал мүнөздүү адам экендиги белгилүү. Бирок, кээде тартип дегенде адамдык факторлорду эске албаган солдафондук мамилеси кандай натыйжаларга башкаларды дуушар кылардыгы майор Воробьёвдун тагдырынын мисалында ачык чагылтылат. Майор Воробьёв Халкин-Голдогу согушта үстүлөрүнө ок жаадырын, далай жоокерди бейажалга тушуктурган дөңсоодогу ок атуучу точкага буйруксуз чабуулга өтүп, аны ээлеп алган болот. Жеке демилгеси, мүмкүн, командованиенин стратегиялык жалпы планына дал келбестир, анетсе да бул кичинекей жеңиш канчалаган жоокерлердин ажалына араалжы болду. Дал ушунусу үчүн Г.Жуков майор Воробьёвду лейтенант наамына дейре төмөндөтөт жана ал көптөгөн ийгиликтүү операцияларга катышпасын эч бир командир Жуковдун бир кездеги буйругунан корккондуктан Воробьёвдун наамын көтөрүүгө согуш бүткүчө даабай келишет. Мундуз гана чалгынчылык бөлүккө туш келгенде командири болгон Воробьёвду кийин кайра өзү анын командири болуп калганда үстөкө-босток рапорт жазып жүрүп, лейтенант Воробьёвдун аскердик чини калыбына келтирилишине жетишет.

Аскердик тартип, аскердик даярдык деген маселелерге бир жактуу кароонун кесепеттери бир гана даңазалуу Г.Жуковдун кол алдындагыларга жасаган мамилесинин мисалында ачылбайт. Мындай караганда аскердик тартип жана жеке гигиена адам көңүлү менен тике байланышы жокмой каралыш керек. Аскердик тартип деген устав, командирдин буйругу аны оюна туура келеби, жокпу аткаруун зарыл. Ал эми жеке гигие-

на деген бул өзүңдүн тазалыгың, тыкандыгың сыяктуу каралуучу иш. Ал эми иш жүзүндө булардын ортосунда тыгыз байланыш бар. Дал ушундай жөнөкөй, бирок адамдын адамдыгын баалоочу иш чараларды таназар албаган подполковник Березовский менен армиянын аскер кеңешинин мүчөсү генерал-майор Л. Соколовдун ортосундагы аскер деген зомби эмес экендигин далилдеген конфликтиси дүйнө жүзүн фашисттик чумадан сактап калган советтик аскер доктринасында да чекиликтер мол болгондугун жашырбайт. Жуковдун адамдык сапаттарындагы же Кызыл Армиядагы аскерди даярдоодогу кемчиликтерди көркөм чагылтуу менен калемгер «америка» ачып жаткан жок.Согуштун алгачкы айларында эки-үч адамга бир мылтык берилип, «өлгөндөн аласың» деп майданга айдаган учурлар болгондугун азыркы тарыхчылар ачык жазгандары качан! Автор жогоркудай окуяларды камтуу менен өткөн турмуш чындыгына азыркы айрым жазмакерлердей нигилисттик же мурдагы совет доорундагыдай дифирамбдык мамиле жасабастан реалисттик, айтса болот ***неореалисттик*** *чыгармачыл мамиленин үлгүсүнө, манерасына ээ болду деп.* ***Мындай чыгармачылык кубулуш азыркы кыргыз адабиятынын көркөм-эстетикалык, идеялык багытын аныктоочу процесске айланууда.***

Мундуздун аскерге чакырылуусу, даярдыктан өтүү сценалары жана чалгынчылар бөлүгүнө алынуусу логикалык жактан ишенимдүү. Каармандын кан майдандагы турмушу айрыкча чалгынчылык кызмат негизинен реалисттик ажарда баяндалганына карабастан айрым учурда детективдик элементтерге да ээ. Аскердик кызматтын ушул түрү арийне, күтүүсүздүктөргө мол оперативдик чечимдерди талап кылгандыктан каармандын кээ бир турмуштук жагдайлары автордон ошондой чечилишти талап кылгандыгы түшүнүктүү. Ошентсе да, кээ бир ситуациялардын сүрөттөлүшү, айталы, командованиенин тапшырмасы менен атайылап колго түшүү, ал жерде полицай мурдагы староста Николай Гунконун да болуп калуусу, анын жардамы. Ошондой эле али күнчө чуулганы да, табышмагы да чечиле элек Янтарь бөлмөсүнө байланыштуу окуялардын берилиши, ага Мундуздун кандайдыр бир даражада кыйыр катышы бар болушу бир чети кызыктуу, экинчи чети детективдик стилге ээ болуп турат. Айтылган кейипкер Гунко менен башкы каарман «тил кармоо» боюнча бир кырдаалда жолугушуп, анда аны фашисттерге кызмат кылган староста экендигине карабастан чиедей балдарын аягандыктан аман калтырып кетишкендиги бар. Кийин жанагинтип атайылап тапшырма менен колго түшүп барганда туткундар лагериндеги Гунко аларга айгак болмок турсун, жан тартып жардамын берип, тапшырманын ийгиликтүү аякташына көмөгүн аябайт. Эң акырында алар Берлинде да жолугушуп калышат. Бул учурда Гунко американдыктарга өтүп, алардын ишенимине ээ болгон кадрларынын бири катары сыпатталат. А тургай Янтарь бөлмөсүн активдүү издеген жана анын ың-жыңсыз жоголушуна катышы бар сыяктуу да каңкуу берилет.

Романдагы Гунконун сюжеттик линиясынын чиелениши муну менен эле аяктабайт. Ал кезегинде жеке аскердик демилгеси менен душмандардын коргонуу тилкесине чабуул салып, анысы согуштук жактан ийгиликтүү болгонуна карабастан командованиеден жеме угуп, аскердик чини төмөндөтүлгөн Воробьёв менен бир кыштактан болуп чыгат. Акырында Воробьёвдун эки уулу тең фашисттер тарабына өтүп кеткени, мында да Гунконун таасири болгондугу, Жеңиш келгенден кийин союздаштарга кызматка киргени лейтенантка дайын болот. Дал ушул учурда Воробьёвдун мурдагы аскердик наамы анын командири болуп калган капитан Мундуздун кайра-кайра тартынбастан жазган рапортунун, башка жогорку командирлердин колдоосунун аркасында калыбына келтирилип, эми майордун ички таарынычы жазылып, Мундузга карата майдандаш достугу адамдык ыраазычылыгы менен жуурулуша апогейине жетип калган эле. Каармандын ушул психологиялык платформасы анын эмне себептен Гунко менен балдарынын колуна машинанын минага жарылуусунан кийин контузия болуп түшүп калган Мундузду өлтүртпөстөн бошотуу шартын койгон адамдык мотивин түшүнүүгө алып келет. Ал балдарынын бирге болуу, союздаштарга өтүү талабына макулдугун Мундузду аман калтыруугa жетишкенден кийин гана берет. Ырас, Воробьёв Мундуз капитанынын немец элинен тапкан сүйүүсү Елизабет Тейлорду да куткаруу аракетин көрдү. Бирок анын бул максаты, аракети чет эл, чет жерде кара башын алакчылоодон башка чаралары калбагандардын жеке кызыкчылыктарына төп келбеди. Ошондуктан саткындар «өлдү, дайынсыз» делинген жарадар Мундузду калтырышып, Елизабетти өздөрү менен союздаштарга караган аймакка алып кетишет. А Воробьёв жеке таарынычына карабастан канын төккөн, жанын берүүгө даяр болгон Мекенин кыйбастан, ушунча мезгил бир казандан ботко жеп келген, далайлары курман болгон куралдаш досторунун тирүүлөрүнүн да, өлгөндөрүнүн да алдында чыккынчылык кыла албастыгына көзү жетет. Аныгында башыман эле ал мындай жүзүкаралык кадамга бара албастыгы мүнөз сапатынан белгилүү. Ошол эле учурда өз балдарын карап бере албастыгы да дайын. Мынчалык таатаалдыкка кабылган ал өзү туура деген жападан жалгыз жолду тандап алат. Ал - өз жанын өзү кыюу болчу. Натыйжада өзүн өзү атып өлтүрөт. Майор Воробьёвдун мындай трагедиялык өлүмү, болгондо да согуш бүткөн маалда, албетте, куралдаш достору үчүн эч качан жандырылбаган табышмак боюнча кала берет. Образдын мүнөз логикасы жасалмасыз. Мынчалык таатаал дилемманын Мекенин артык сүйгөн, дагы аскердик кесипти каалоосу боюнча тандаган адамдын алдына коюлушу эч башкача жол менен чечилиши мүмкүн эмес. Фронтто чыңалган достук – сыналган достук деп тегин жеринен айтылбаса, баалабаса керек. Согуш аяктаган соң ким да болсо тезинен туулуп өскөн эжерине кайткысы келиши табигый сезим го.

Романдагы Мундуздун майдандаш жолдошу сибирдик А. Бурковдун образы ары кызыктуу, ары ишенимдүү. Ал бир караган кишиге эмөө коргөн менен кысталыш жерде тамашакөй. Чалгында жүрөгү тоо, өзү жолдошчулукка бек, сүйүүгө туруктуу. Маселен, үйүнө жонон жаткан Бурков чыгармада демобилизацияланууга алган уруксатын токтоттурат. Себеби командири, куралдаш досу Мундуз жана анын Берлинден тапкан жары Елизабет менен чогуу кайтып, жеринен сыйын көргөзүүнү тилек кылган. Далай жылы болгон кыргында эчтеме болбогон Бурковдун советтик аскерлерге кыжынган кайдагы бир көрпенде улутчул чалдын аткан огунан каза табышы достук, эрдик, ааадандык сыяктуу түшүнүктөрдүн турмуштук элдешкис жүзүн чагылткан күчтүү эпизоддордун биринен. Воробьёвдун өлүмү да башкалар үчүн сырдуу, бирок ал да ушундай позитивдүү сапаттарга ээ жан экендиги аларга айкын болгондуктан сый, урмат менен жерге узатылды.

Мундуздун образын көркөм ачууда көп пландуулук пайдаланылган. Тактап айтканда образ конкреттүү хронотоптук белгилерге ээ рамкада жайгашканына карабастан анын тексттеги мазмундан да сыртқары окуялык-мааниилик жана мезгилдик-мейкиндик байланыштары кең экендиги ойго алынууда. Конкреттүүгө жалпыны камтуу жана андан кайталангыстыкты айырмалатууга жетишүү чыгармачылык процесстеги ой арымдын реалдуу чындык менен болгон синтезин аныктайт. Бул дегенибиз көркөм образдын табиятындагы объективдүү таанып-билдирүүчүлүк менен субъективдүү чыгармачылыктын катыштык пропорциясы так сакталганын белгилейт. Башкы каармандын сапаттары мүнөздөмө таризинде берилбестен алар жаңы турмуштук кырдаалдардын сыноосунда улам чыңалып, улам ачылып, улам толукталып жүрүп отурат. Мындай ырастоо автор тарабынан айтылган каарманды даяр, алдын ала жетилткен абалында «кармагандай» же ошондой авансценага алып чыккандай санагандык эмес. Тескерисинче, анын натурасындагы позитивдүү сапаттардын толук реализацияланышына улам жаңы жаралган турмуштук кырдаал, шарт, татаалдыктар, кыйынчылыктар өбөлгө гана болгондой сезилиши керек. Шарт жана кыйынчылыктар, каарман жана сапаттары. Бир караганда каламгерге ар качандан бир качан бул факторлордун шайкештиги образдын көркөм эстетикалык татымдуулугун тастыктоодо негизги критерийлерден болуп келгендей бааланышы керек. Ырасында ошондой, бирок бир жагдайды эске алганда гана. Тактап айтканда сүрөттөлүп жаткан турмуш чындыгы менен образдын ши аракеттеринин ортосундагы логикалык, мотивдик тутумдаштык сакталганда гана. Антпегенде кандай гана образ болбосун ал автордун идеялык рупоруна, иллюстрациясына айланып калуу коркунучу ар дайым бар. Мисал үчүн алыска барбай эле кыргыз адабиятынын, 40-50-жылдарын мындай коёлу, 60-жана кийинки жылдарындагы жарыяланган үлгүлөрүнүн басымдуу бөлүгүн алалы. Эмне үчүн ал мезгилде жамыраta мамлекеттик сыйлыктарга татыктуу делинген чыгармалар азыркы күн-

дөрдө өз окурмандарынан ажыран калды? Мына ушунун жообунда турат маселенин өзөгү. Ал жылдардагы калемгер каарманын сыпаттоодо канчалык турмуштук кыйынчылыкка кептелтип, андан ийгиликтүү өткөн болсо, ошончолук кейипкер үлгү болордук баскычка жетишет деп эсептөө менен сюжет курушкан. Натыйжада турмуштун өзүнөн алыс турган, дидактикалык, агитациялык фактурага ээ каармандар чыгармадан чыгармаларга оошуп келе берген. Албетте, мындай калыптагы каармандардын кээ бир идеалдык, максималисттик таасирлерин таптакыр жерип салууга болбос.

Мундуздун образы биринчи кезекте анын адамдык параметрлерине назар салуу менен көркөм чегеленет. Жаш кезинен алган турмуштук сабактары, мүнөзүнүн калыптанышына таасир берген окуялар, чөйрөсүнүн жана адамдардын үлгүлөрү штрихтер менен берилгенине карабастан каармандын тагдыр келечегине салган издери терең экендиги талашсыз белгиленет. Айталы, элдик аңыз, болмуштардын. Камбар тебиш ыкмаларынын үйрөнүү эле эмес, анын чыгыш тегин, жалпы керекке жарар зарылдыгын биле жүрүүнүн өзү Мундузду аскерге барган жеринен чалгынчылар бөлүгүнө алыныш себеби гана болбостон мыкты чалгынчы да катары армияда таанылуусун шарттайт. Майданга толуктоо үчүн баратқан алгачкы күндө эле далай жолу амалынын күчтүүлүгүнөн советтик контрчалгынчылардан аман-эсен кутулуп кетип жүргөн фашисттик диверсанттарды куралдаш досу Бурков экөө колго түшүрүп, сыйлыкка татыктуу болушат. Камбар тебиш ыкмаларын өздөштүрүү Мундуз үчүн бир чети ата-баба өнөрүн кабыл алуу болсо, экинчи чети ата намысын сактоо маселеси менен тыгыз байланыштуу нерсе. Ушундай жана башка маанилүү түшүнүктөр каны (гени) менен берилгендиктен Мундуз буларды табигый чакырык экендигин аңдабаса да, талашсыз кабыл алат.

Романда согуштун масштабын, анын кесепетин көрсөтүүдө эпистолярдык форманын функциясы шыкемдүү пайдаланылган. Кат формасы адабият тарыхына үңүлсөк, согуш жылдарында айрыкча байма-бай колдонулган болчу. Ал учурда ант берүү, наказ берүү мотивдери мындай чыгарманын мазмунун түзүп келген. Эпистолярдык форма романда бир гана ооруk менен майдандын ортосундагы байланыштын чыңдыгын, ата-эне менен фронтогу баласынын, кыз менен жигиттин, достордун ортосундагы мамилелердин палитрасын гана сомосунан чагылдырбастан, коом мүчөлөрүнүн арасындагы конкреттүү моралдык, социалдык, психологиялык климатты да көркөм аңдатууга бул учурда чегерилип отурат. Ооруктагы элдин абалы, жанбактылар менен патриоттордун маанайы жоокер менен жазышкан каттардын мазмунун түзүп, калемгер үчүн маанилүү болгон мезгилдин атмосферасын чагылтуу ыңгайы ачылган. Мезгил татаал да, катаал да эле. Бирок кимдин ким экендиги бат таанылган учур болучу. Мезгилге, шартка ыңгайлашып жашоого умтулган адамдардын тиби ар заманда болуп келген жана боло берет окшобойбу. Ыңгайлашуу менен жылуу орун тапкан адам-

дардын мүнөзү, пейили мезгил өзгөргөндө оңолуп кетет деп ишенүү озуңду өзүң алдагандык болмокчу. Андай адамдар хамелеондой күн көрүшөт жана өтүшөт. Буга толук айгак романдагы райондук мамлекеттик коопсуздук комитетинин башчысы Тултемировдун кылыгы, иштеген иштери. Ал жыйырма беш жыл бою «Мундуз Элебесовдун аракетинде эч кандай кылмыштын орду жок. Козголгон кылмыш иши токтотулат, озун актоого жол берилет» деген прокуратурадан берилген актоо кагазын катып жүргөн. Анан ыгы келсе да, келбесе да Мундуздун агасы Турдубайды опузалап, «салыгын» алып, өзү өлөр алдында мойнуна алгандай, Турдубайдын үй-бүлосүнө тийген ырыскы-насипти чейрек кылым бою талашын жеп, бирөөлөрдүн ырыскысына арам колун салып келген. Анысын катуу ооруп, кеселинен такыр айыкпай турган болгондо мойнуна алып, Турдубайга Мундузду актоо жөнүндогу жыйырма беш жыл мурдагы чечим кылынган саргайган кагазды сунат. Сюжеттин кульминациясын түзгөн ушул эпизоддон соң чыгарманын каармандарынын тагдырларында олуттуу жана позитивдүү бурулуш болордугунда бекем ишеним окурманда пайда болот.

Мурда белгилегендей, автор өткөн мезгилдин окуяларына бир гана тарыхый нокоттон назар салуу менен чектелбегендиги дагы бир ирет байкалууда. Эмне үчүн мамлекеттик коопсуздук комитетинин райондук төрагасы романдын структурасына кошулду? Ал деген кол тийгизмек тургай, сөз тийгизбеген зона эмес беле. Райондук милициянын башчысы Анарбайдын терс иштерин чагылтуу мурдагы бийлик системасындагы былыктарды көргөзүү боюнча жетиштүү эмеспи! Ооба, ошондой. Бирок автор мында «жоо кеткенден кийин...» дегендей ишти жазууну максат этпейт. Ал баарыдан мурда кыргыз коомунун өткөнү менен бүгүнкүнүн ортосундагы параллелдиктерди таап, эмне себептен өнүгүүнүн ордуна айланчыктоо жүрүп тургандыгын аныктагысы келген. Эгерде мурдагы тоталитардык деп саналган бийлик системасынын тушунда коррупциялык балакет туташ болбосо да, кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу фактылары айтылуу «үч тамгага» чейин орун алгандыгын көркөм туюнтуудан эми ал мурдагыдан айырмалуу коллективдүү формага өткөндүгү кыйыр мүнөздө окурманга жеткирилүүдө.

Жыйырма беш жыл не деген убакыт. Дээрлик бир мунга берилген тарыхый өлчөм. Ушунча жыл бейкүнөө Мундуз элден качууга, жалгыз жашоого мажбур болуп, жапа чегип келди. Психикалык жактан кубатсыз адам мынча убакыт ичинде өзүн жоготуп толук жапайыга айлануусу же жарык дүйнө менен кош айтууга камынышы турган иштерден. Бирок Мундуз андай да, мындай да тагдырга көнбөдү, кысымына моюн сунбады. Тоо арасында жалгыз жашоодо жинди болуп кетүүдөн аны эмне сактап келди? Эл менен чогуу жүрүп кээде адам баласы жалгыздыкты самаган учурлары болот. Бирок ал деле көпкө созулбас. Ал эми адам бойдон калуу үчүн жыйырма беш жыл бою аргасыздан болсо да жалгыз жашаган учурда

зор кайрат, жылуу умут, улуу максат болуусу зарылдай. Булардын баарынан Мундуз кемчил эмес. Анын биринчи эрмеги озү айткандай эмгеги болсо, экинчиси бакыт деген ар бир адамдын оз колунда экендигине арткан бекем ишеничи, жана кандай гана болбосун адал иштин, мээнеттин, токкон тердин эртеби-кечпи акыбети болордугуна ишенимдин бардыгы. Акырында анын актыгына, тазалыгына ишенген биринчи кезекте жакындарынын, айылдаштарынын ак пейили озүн бекем кармоого зор тирек болуп келди. Ага тугандары, айылдаштарынан санаалаштары деле Мундуздун акталар саатын күтүштү, аракет кылышты. Адашкандын райондук чоң кызматка бара тургандыгы билингенде Мундуздун ишин терштирип ала турган кез келерине умут байлашты. Бирок кызматка кызмат үчүн барбастан жеке максатты аткаруу үчүн бара тургандардын кыянаттыгынын аркасында Адашканга үй-бүлосү менен уланган аш берилип, жолдон өксүдү. Үй-бүлөсүнөн бала-бакыра чыгымга учурап, озү арак дегенде бери кайрылды, чоң кызматты аркалоого деп соолугу жол бербей калды. Конформист Тултемиров, Анарбай сыяктуу «номенклатуралык кадрлардын» күнү туудү.

Мундуз тоо арасына ыктыярдуу «сургунго айдалганына» карабастан мүңкүрөп күн кечирүүгө макул болбоду. Кайда болсо бир өмүрдү татыктуу өткөрүүгө анын натурасы, тарбиясы жол бермек эмес. Анын жалгыздыктан куткарар, сары санаадан арылтар негизги дарысы бар. Ал – эмгектенүү. Эң жакын адамдары көчкү алдында калганда да, Сайкалды Анарбайдын ала качын алгандыгы тууралуу кабарды алганда да Мундуз эс-учунан тангыча алектене иштеп, кара буусун чыгарып өзүн санаадан алаксытып, акылын пештөөгө арга тапкан. Башына жаңтери келген жагдайларда ал ар кандай жумуштан баш тартпаган. Ал өзүнө ылайыктап, «Кан ордо», «Ак үй», «Кароол чоку» аталыштарды ыйгарган үч үңкүрдү жасалгалады, тиричилигине ылайыкташтырды. Ал гана эмес жаратылыштын макулугу болсо да насиптеш Жалтанбас аттуу шерик күттү. Бул илбирс эле. Илбирстин образы чыгармада кокустук эмес, ошондой эле башка чыгармалардын сюжетине таасирленүүдөн улам алынып отурган жок. Бул жерде Чыңгыз Айтматовдун «Тоолор кулаганда же түбөлүк колукту» романындагы Жаа барс ойго алынууда. Ч.Айтматовдун романындагы илбирстин образы мезгилдин, бүтүндөй доордун алмашуу процессин идеялык жактан тастыктап, ар мүндүн салт-санаасы өз заман ырайына жараша болордугун бекемдеп келет. Ал эми Ж. Осмонкуловдун романында илбирс жана адам эзелтеден бири-бирине каршы тургансыганы менен шарт талап кылса, мажбурласа бирине-бири эш болуу ыктымалдыгы көрсөтүлөт. Демек, адам да башка бардык жаныбарлар сыяктуу эле курчап турган дүйнөнүн бир бөлүкчөсү экендигин, керегине жараша жаратылыштын берекесин пайдалануу гана

ошол берекени түгөнбөс, бардыгына жеткиликтүү кылардыгын түшүнө жүрүүгө чакырык берет. Демейде от чыгарып, ок бүркүгөн «таяктан » качкан Жалтанбас алдан, күүдөн тайыган маалында ал «таяк» ага тамак белендеп берүүгө жарамдуу экендигине көзү жетип, Мундуз ууга чыкканда ал аткан нерсеге адамдан мурда жетип, энчилеп ала турган болот. Алгач Мундуз аткандан кийин алып кете албай катып койгон кийикти бироолор жеп койгондугун көргөндө, анын сазайын бермекке камынат. Кайра ал ойнан айныл, бул эмне экендигин аныктоого аракеттенет. Илбирсти аңдын жүрүп тактагандан кийин, а тургай анын ач экендигин көргөндө атайын жапайы чочко атып берип компаньон катары күн көрүүгө өтөт. Бул жана тоо койнундагы бир колот же коктудагы бак, бадалды андайы жок жерге көчүрө берген Мундуздун аракети сыртынан караганда кеңкелестик иштей саналышы мүмкүн. А талдай келгенде адамды адам кылган - эмгек деген философиялык улуу ойду турмуштук ориентири сыңары туткан Мундуздун акылдан айныбай жашоосунун дарысы. Аттиң, бардык эле адам баласы жарыкчылыктагы жашоосунда ушул ойдун дарылык касиетин ойго ар качан алып жүрсө гана!

Романдын сюжеттик өнүгүшүндө күтүлбөгөн окуялардын бири Америкадан Елизабет Тейлордун боюна кеткен бала Мундуз Тейлордун атасын көргөнгө келиши саналат. Боюна кеткен балага энеси бир чети күйөөсүнүн аброюн сыйлап, экинчи чети Батыштык салт боюнча атасынын ысымын бергендиктен ал Мундуз Тейлор деп өзүн атап таанышат тугандары менен. Кыргыздар «ата жамандыгы балада анда-санда, эне жамандыгы баладан эч кетпейт» деп коюшат. Берлинден табышкан Елизабет менен Мундуздун сүйүүсү аларды «өлдү» кылып ажыратканга чейин аз убакыт ичинде романтикалуу, бири-бирине татыктуу экендиги далилденип калган. Бири-бирине бекем берилгендик, бири үчүн экинчиси эч нерседен кайра тартпагандык коштогон ал сезимдердин жаңырыгы энеден балага өттү. Атанын канындагы Мекенине, көк мелжиген тоолоруна болгон сагыныч да кошо берилди. Кыргыз баласы үчүн тоо алдейлеген бешик, тиричилигин өткөргөн азык, жоодон сактаган чеп. Деги койчу, дүйнөдөгү бардык улуу, бийик, сыймыктуу перселердин баарын кыргыз баласы тоого салыштырат, тоо менен өлчөйт, бирок тоосуна башка эч нерсени тең көрбөйт. Энесинин атасына деген сүйүүсүн, сагынычын эмчек сүтү менен, эс тарткаңы ич ысыткан маеги менен алган Мундуз Тейлор канындагы тоого болгон чакырыкты, көксөөнү эч тыя албагандыктан АТА Мекенине эр жеткени келип отурат. Келгенде да атасынын бар, жогун, өлүү, тирүүсүн аныктабастан келди. Анткени анын оюнда атасынын көзүн көрбөсө да, ал баскан-турган жерлерди, тоону көрүү тилеги, кан чакырыгы бекем эле.

Мезгил дегениң бирде сулуу тору аттай көрүнсө, бирде кутурган иттей көрүнүп, кыргыз баласын туш тарапка чачып турган чакта автор ата-баба чакырыгын туткан, аты эле кыргыз делинбесе тарбия,

жөнү, тили, дини кыргыз болбогон бала Мундузду жергесине келтириши символикалуу чечилиш. Анын капилет келиши кыргыздар айтмакчы жакшы төлгө болду оңдоно. Мундузду актаган эчаккы кагаз ээсине кеч болсо да кайтарылды. Фронтовик командири Радченко Москвадан Баатыр болушу менен куттуктап, майрамда бирге болуу ниетин билдирди. Дал ушундай окуялар менен бирге мурда эле эмне болсо да, Мундузду тоодон алып келүүгө катуу диттенип алган досторунун, туугандарынын ниети топ чыкты. Мурда ат минбеген бала Мундуздун да тоого атасын алып келүүгө чыгынганы пафостуу көрүнгөнүнө карабастан, тоо койнундагы, айрыкча жалама асканын боорундагы чыйыр кыядан өткөндөгү абалы образдын психологиялык жактан элестүү чыккандыгын күбөлөйт. Калемгер романынын соңку беттерин шаңдуу аяктоого шашылбаган. Мундуз менен ат жетелеген төрт атчандын жолугушуу моменти психологиялык жагынан караганда абдан ишенимдүү, ошол эле учурда сенименталисттик нотада берилет. Мундуз бул кезде эч кимди күтпөгөн болучу. Келаткандарды көрүп, аны туткундоого келгендер десе, ырдаган ырлары бар. Балким чыккан үндөн улам жашынууга жетишсин деген бирөө барбы деген коопсонууга кептелиши да кадыресе. Качан гана булгаланган кол, тааныш жүздөр байкалганда Мундуздун онколжуган жүрөгү ордуна келгени менен күттүргөн сүйүүч аны аптыктырып турду.

Роман коптогон окурмандарга тааныш мезгилди, каармандарды чагылткандай сезилгени менен анын фактурасында, идеялык чилишинде жаңылык бардыгы кадиксиз. Биринчи кезекте сюжеттик линияларында, каармандардын тагдырларында буга чейин кыргыз адабиятында учурабаган табылгалар орун алган. Экинчиден, өткөн мезгилге, адамдарга көркөм баа берүүдө бир жактуулукка жол берилбеген. Үчүнчүдөн, негизги образдардын мүнөз сапаттары ачылар турмуштук кырдаалдар ашыкча таттаалдантылбай, жасалмаланбай демейки турмуш агымында берилүүдө. Төртүнчүдөн, элибиздин мааниси терең макал-лакаптары, учкул сөздөрү орду менен пайдаланылган. Бу көрүнүш романды баяндоодо көркөм сөздүн ажарын байытып, керемет арттырат, чыгарманын жазылуу касиетин башка бийиктикте карооо мүмкүндүк берет. Ошондой эле автор биографиялык жолуна тиешеси бар окуяларга акцент койбостон, жазгысы келип турган прототип каармандарды окуялардын тизмегине кошуусу же алуусу сюжеттин өнүгүш зарылдыгына байланыштуу жүргүзүлгөн. Жыйынтыктап айтканда, жазуучу Жапарали Осмонкуловдун «Тоолор чакырыгы» романы соңку мезгилдеги кыргыз романистикасындагы жаңы идеялык багыттагы, автордук көрүнүштүн жаңы баскычын аныктаган чыгармага кирет деп тике айтууга болот.

Мырзабек Жумаев,

профессор, филология илимдеринин кандидаты

Көркөм адабий басылма

Жапарали Осмонкулов

Тоолор чакырыгы

Роман

Кыргыз тилинде

Бишкек ш., 2013-жыл

Н. Рерихтин жана Д. Адашкановanын сүрөттөрү пайдаланылды.

Редактору Ысмайыл Кадыров
Калыптоочу Кубанычбек Кабилов
Корректору Шербол Жапаралиев
Фотосу Ташполот Досалиевдики

Терүүгө 25.08.2012 берилди.
Басууга берилди. Форматы 84x108 $^{1}/_{16}$
Көлөмү 21,5 б.т. Нускасы 1000.

«Гүлчынар» басмасынан басылды.
Бишкек ш., Т.Фрунзе 91/1
Тел.: 41-77-67

80 сом.

КРнын Өкмөтүнүн Жаштар жана республикалык Тоголок Молдо атындагы адабий сыйлыктардын лауреаты **Осмонкулов Жапарали** 1958-жылы Кара-Кулжа районундагы Сары-Камыш айылында туулган.

1981-жылы Ош педагогикалык институтунун филология факультетин аяктаган. КРнын эл агартуусунун отличниги.

Анын “Күн кызарып батканда”, “Өмүрдүн көз ирмемдери”, “Төгө бер, жамгыр!”, “Көктөмдө келген кубаныч”, “Досчул бала”, “Манас”, “Манастын уулу Семетей” аттуу китептери окурман журт сүйүп окуган басылмалардан.

Орус тилинде “Подкова на счастье”, “Я и мой друг солнце”, “Снежная женщина комиссара” аттуу китептери жарык көргөн. Чыгармалары Москвадан чыгуучу “Наш современник” журналына жарыяланган.